Акматалиев Амантур
Сейтаалы уулу

# КЫРГЫЗДЫН КӨӨНӨРБӨС ДӨӨЛӨТТӨРҮ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ, ИЛИМ
ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ

АКМАТАЛИЕВ АМАНТУР СЕЙТААЛЫ УУЛУ

# КЫРГЫЗДЫН КӨӨНӨРБӨС ДӨӨЛӨТТӨРҮ

Жалпы редакциялаган жана баш сөзүн
жазган САБЫР ИПТАР уулу

БИШКЕК — 2000
«ШАМ» БАСМАСЫ

ББК — 63. 5
А — 40

*Басууга Кыргыз билим берүү институтунун редакциялык-басма кеңеши сунуш кылган.*

*Рецензиялагандар:*

педагогика илимдеринин доктору, проф. *Н. И. Ишекеев;*
филология илимдеринин доктору *Б. Ш. Усубалиев;*
педагогика илимдеринин кандидаты, доц. *А. Алимбеков.*

А — 40 **Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү.** — Б.: Шам, 2000 — 348 б.

ISBN 9767-10-030-3

Эмгекте кыргыз элинин жашоо турмушундагы көөнөрбөс каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары, адеп маданияты, адамдардын оң жана терс жүрүм-туруму, мүнөздөрү ж. б. тууралуу кеңири маалымат берилет.

Китеп мугалимдерге, тарбиячыларга, илимпоздорго, студенттерге, мектеп окуучуларына, ошондой эле элдик маданиятка кызыккан окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

А $\frac{0505000000}{М 455 (11) — 2000}$ 205—2000 ББК 63. 5

ISBN 9767-10-030-3

© А. Акматалиев, 2000

## АВТОРДОН

*Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү, т. а. каада-салт, үрп-адат, ырым-жырымдар — этнографиябыздын бир бутагы. Муну иликтеп-изилдеп эл-журтка сунуштоодо кутмандуу карыялардын, набаттуу байбичелердин, окумуштуулардын, санжырачылардын, жазуучулардын берген кеп-кеңештери, айткан накылдары — өзүнчө кенч. Алардын ичинен абалы ата-энемдин, чоң атам Арпачы уулу Токтонаалынын (молдо), окуткан агайым Хусеин Карасаевдин (профессор), Абдулхай Алдашевдин (профессор), Байдылда Сарногоевдин (эл акыны), Кален Жетимишбаевдин (санжырачы), Өзүбек Ажы Чотоновдун (публицист-журналист), Дүйшөн Ажы Абдылдаевдин (публицист-журналист), Жакып Меде-товдун (жазуучу-журналист), Тайлак Абдылдабековдун (философ-журналист), Ысмайыл Кадыровдун (энциклопедист-журналист), Батма Жукееванын (уз-насаатчы) ж. б. аты айтылбай калган ата уулдарынын, эне перзенттеринин алтындай акыл-насааттары айрыкча эске алынды. Алардын бардыгына чын пейилден ыраазылык билдирем.*

## АМАН ТУР, КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ!

Бүгүнкү турмуш чындыгы калайык-калктан мамлекеттик ырасмий мыйзам жоболорун так тутуп, аларды кынтыксыз аткарууну гана эмес, өзүнүн абалтан аздектеп урунуп келаткан рухий-ыймандык дөөлөттөрү менен адептик салттарын, жашоо эрежелери менен ишеним-түшүнүктөрүн да бекем сактоону, аларга таянып өрүш алууну талап кылууда. Муну өзгөчө өнүккөн, өткөнүн сыйлаган өлкөлөрдүн тажрыйбасы таасын тастыктап турат. Элибиздин сан кылымдык санжыргалуу тарыхында саресептелип иштелип чыгып, мезгил сынынан өткөн, «Адам уулунун канткенде Адам болушу жөнүндөгү» (Ч. Айтматов) анын турмуштук философиясы менен түп адеп түшүнүктөрү, таалимчилик тажрыйбасы менен устаттык чеберчилиги — мына ушундай көөнөрбөс дөөлөттөрдүн бири.

Бүгүнкүдөй адамдык алака-катыш арбып, эл менен элдин, өлкө менен өлкөнүн, маданият менен маданияттын мамилеси оожалып, ал көбүнесе окшошуу жагына ооп, аны коштой коомдук адеп-нарк менен жекече жүрүм-турум олутунан тайып, ыймандык нарк-дөөлөттөр кедеринен кетип, адамдар эски салттарды жерип жаңыга, эмгек түйшүгүн танып даярга, элет турмушун чанып калаага умтулуу дымагы шардана жүрүп турган шартта элдин, ата-бабалардын уңгулуу рухий-маданий байманасын, угуттуу адеп казынасын асырап сактап калуу, аны терең окуп-үйрөнүп кан-жанга сиңирүү, ар тараптуу илимий иликтөөгө алып ажарын ачуу, таалим-тарбия ишинин бардык чөйрөсүндө жана баскычында кеңири колдоно билүү — зарурат иштерден экени талашсыз. Чып-чынында бул иш мамлекеттин стратегиялык түпкү мүдөөсүн, улуттун руханий, интеллектуалдык жана маданий коопсуздугун камсыз кылуунун маанилүү аманаты катары ар убак көңүл борборунда болуп, тийиштүү көзөмөлдүккө жана камкордукка алынып турушу ылаазым. Тилекке каршы коомдо элдин, улуттун рухий маданиятын, ыйман көйгөйүн көбүрөөк ойлоонун ордуна кара курсактын, каржы капчыгынын камын ойлоо көнүмүшү дале күчүндө калууда.

Бир мисал. Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринин базалык окуу планына «Экономикага киришүү», «Прикладдык экономика», «Маркетингдин негиздери» деген сабактар эбак кирсе да, «Адеп билими», «Адам жана маданият таануу», «Үй-бүлө» сыяктуу заманбап сабактар али киргизиле элек.

Барып-келип өлкөнүн маданияттуулугунун мартабасы дал ушул маселеге жасаган мамиле менен ченелет. Эгер материалдык байманасы ашып-ташып, бирок адам парасатына залал келтирүү көбөйүп бараткан коом — өчүп бараткан коом. Тескерисинче, экономикалык абалы анча болбосо да, руханий парасаты өрүштүү коом, албетте, өрчүп бараткан коом. Ушул көз караштан алганда бүгүнкү кыргыз коомунун келечеги ойлондурбай койбойт. Себеби,

анын экономикалык да, руханий да негизи опурталдуу чекке жеткендей. Абалдан чыгуунун аргасы барбы? Албетте бар. Ал ашкере каржылык, материалдык чыгымдарды деле талап кылбайт. Өзгөчө уюштуруучулук чараларды деле керектебейт. Башкысы — коомдо адам парасатынын ардакталышы, анын бедели, өмүрү, көңүлү эң башкы дөөлөт, эң түпкү мүдөө деп табылышы. Бул үчүн атайын программа жазып, мамлекеттик жардык чыгаруу деле зарыл эмес. Болгону — ата салтыбыздагы адам наркына, анын ыйык ишенимдерине болгон кастарлуу мамилени калыбына келтирүү зарыл.

Кыргыз элинин адептик акыл ааламы менен таалимчилик тажрыйбасында адамдын бойтумар кезинен тартып төрөлүп, өсүп-жетилип, каруу-күчкө толуп, андан соң улгайып, акыры маркум болгонго чейинки өмүр белестерин ырааттуу, өз-өзүнчө таасын элестеткен, анын ар кандай турмуштук жагдайлардагы ал-абалын, аракет-кадамын, жүрүм-турумун жөндүү ыкка, жүйөлүү нукка салган үлгү-усулдар жетишээрлик. Тилекке каршы биринчиден, биз алардын көбүн өтө үстүртөн, тайкы билебиз, туура эмес колдонобуз. Себеби, алар жөнүндө үй-бүлөдө да, мектепте да, андан кийин да жарытылуу эч нерсе айтылбайт. Ал эми бул ишти атайын аркалоого тийиш болгон ар кандай маданий-агартуучулук багыттагы уюмдар менен мекемелер, маалымат каражаттары «пулу бардын кулу» болуп, салтта жок, кун-кудуреттен куржалак утурумдук, өтөр-кетер өнөктүктөрдү өткөрүү менен алек. Андан да опурталдуусу «чала молдо дин бузат» болуп, элдик салттардын көбү «биздегиси ушундай», «заманга жараша өзгөрдү» делип өзүнүн куттуу жердигинен, түпкү таза көрөңгөсүнөн ажырап, дөөлөт уюткусу ылайланып барат.

Экинчиден, маданият, өнөр, эл таануу жагындагы илимий-билимдердин чамасы чак. Алиге элдик билим, ишеним-ынаным, нарк-дөөлөт, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым, ырасым-жөрөлгө деген түшүнүктөрдүн мааниси такталбай, алар дагы эле «өткөндүн саркындысы», «диндин үгүтү», «карангылык менен түркөйлүктүн калдыгы» деп окутулат. Өз алдынча илимий нук издөө, жаңыча чыгармачыл ой калчоо жагына, ар тараптуу терең илимий иликтөөлөр аркылуу эне тилдин, элдик чыгармачылыктын бай мүмкүнчүлүктөрүн ачууга дале жетик маани берилбей келет.

Үчүнчүдөн, элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштүү жетик тажрыйбасын рухий-педагогикалык дөөлөттөрдү жаратуу, сактоо, жайылтуу жана керектөө системасы катары чулу карап, буларды келки-келки эмес, бирдиктүү курам, утурумдук эмес, түпкү талам катары жетекчиликке алган атайын уюм жок. Акыйкатта, бул ишти Элдик педагогиканын улуттук музейин түзүү аркылуу өрүштүү чечүүгө болор эле.

Төртүнчүдөн, жаңыча социалдык-экономикалык шартта эгемен мамлекеттүүлүктүн рухий-философиялык жана саясий-идеологиялык дөөлөттөр системасын иштеп чыгууда, аларга карата адеп-нарктуу мамилени калыптандырууда чынында белимчилик адаттан арылбай келүүдөбүз. Башкасын айтпаганда да, кыргызды кырк уруудан курап бир бүтүн эл кылган анын уникалдуу этногенеалогиялык идеологиясы менен социалдык турмушун сыдыргыга салгандай жөндөп келген урук-тууганддык педагогикасы бүгүн ар кандай жардык тагылып олтуруп, акыры «тап» катары жоюлуу чегине жетти.

Адатта биз өзүбүздү «жаңычыл элбиз» деп калабыз. А бирок, биз жаңы деп кабылдап жаткан дөөлөттөр менен жашоо эрежелеринин көбү ошол элдер үчүн өз тамыры, тарыхы бар, нукура салттуу, «эски» көрүнүштөр экени да анык. Демек, биз даяр нерсени кө-

чүрүп алууга кызыкпай, өз көрөңгөбүздөгү бар нерсени көрүп, ал гана эмес жалпы адамзаттык казнага эмне бердик жана дагы эмне бере алабыз деген суроолордун бийиктигинде туруп аларды баалай, барктай, сактай билүүнү ойлонгонубуз нйги. Ал үчүн жаңычыл таасирлерге карата куп-кудурети аларга барабар келген тамыры терең, таасири күчтүү өз жашоо эрежелерибизди, түшүнүк-ишенимдерибизди, салт-санаабызды чыкыйта чуктап, сакчыдай белендеп, беттеп коюшубуз керек. Ошондо гана салттардын, дөөлөттөрдүн, маданияттардын теңата алакасы ишке ашып, ар бири өзүнө зарурат, өзүнө керектүү көрүнүштөр менен байыйт. «Тең-теңи менен». Элдик акылмандыкта да, чыныгы турмушта да өз ара алака-катыштын атам замандан келаткан адилет философиясы, адептүү, адамгөй, акыйкат коомду куруунун алгылыктуу, ары кундуу усулу ушул.

Аалымдар келечектеги кылым күчтүү экономиканын гана эмес, бийик маданияттын да кылымы болоорун айтышууда. Арийне, бүгүн ага карата биздин даярдыгыбыз жайында дешке али эрте. Маданият бизде азырынча тар гана мааниде, коомдун көркөм ишмердик чөйрөсүн түзгөн система катары гана түшүнүлүп келүүдө. Насилинде маданият элдин рухий байманасын, анын улуттук — этникалык менталитетин иликтеп-үйрөнүүдө чечүүчү мааниге ээ. Анткени ал «адамдын өзүн өзү өркүндөтүүгө жана өзүн курчаган чөйрөнү иретке келтирүүгө умтулган аң-сезимдүү жаналекетинин аркасында жаралган» (А. Ф. Лосев). Кыргыз адеп маданияты дагы жалпы улуттук рухий-маданий айдындын зор өнүгү болуу менен мына ушундай адамдын адамдык насилине басым жасаган акактай тунук акыл берметтерин, таасирдүү таалим-тарбия усулдарын, жөндүү жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыккан. Бүгүнкүдөй базар мамилелери адам насили менен пейилин туташ аргамжылай баштаган шартта анын айкөл табияты менен адамгөйлүк наркына добулбас болуп кагылган ата-бабаларыбыздын адептик акыл-насааты менен турмуштук шарт-жөрөлгөлөрүн дээринде бар ар бир кыргыз баласы акчага да, алтынга да алмашпай, кастарлап, сактап калышы зарыл. Бул китеп дал мына ушундай ой мерчемин эш туткан, ар бир кыргыз үй-бүлөсүнүн үстөл үстүндө турчу, анын күндөлүк турмушунда акыл-кеңеш берчү шериги болуп калуучу баалуу рухий-маданий мүлк десек жаңылбас элек. Себеби, анда элибиздин тиричилик турмушу менен рухий-маданий байманасынан өнүп чыккан, кыргыз менталитетине таандык, келечекте демократиялуу, укуктук мамлекетти, атуулдук адилет коомду курууда калайыкка тирек болчу адептик, моралдык-этикалык асылнарктар тууралуу ары жетик, ары ширелүү, ары ынанымдуу кеп болот. Ар бир үй-бүлөдөн тартып, баардык окутуу-тарбиялоо мекемесинин ишмердигинин максаты мына ушул асылнарктарды ар бир жаш муунга билдирип, дилине сиңирип, аларга карата ыйман-ызаат, салт-нарктуу мамилени калыптоодо болушу шарт.

Алардын айрымдары баамыбызда булар. Кыргыздын: ыйыгы — Теңир (Жараткан), бийиги — Адам (ата-эне), байлыгы — Сөз (эне тил), башаты — Мекен (ата-журт), байрагы — кызыл туу, аздеги — Ат (ысым), улугу — Кан, урааны — «Манас», тиреги — намыс, тилеги — ыйман, батасы — «Өмүрлүү бол», алкоосу — «Кем болбо», кайраты — «Арбак колдо», каргышы — «Тукумуң соол», урматы — улуулук, ызааты — кичүүлүк, парзы — көз көрсөтүү, сырдашы — дос, сынчысы — эл, медери — бала, кумары — куш, эрмеги — комуз, канаты — жылкы, насиби — ак, балбаны — жер, баатыры — билим, тазасы — суу, табынганы — от, таттуусу — жан, ачуусу — өлүм, түнүгү — махабат, жумшагы — көңүл, катуусу — шерт, саламы — «Ар-

банкыз», алиги — «Бар бол», арманы — күү, акылы — макал, эси — дастан, санаты — санжыра, адеби — угармандык, пейили — меймандостук, руху — айкөлдүк, асылы — адамгерчилик, насили — нарктуулук, көздөгөнү — көркөмдүк, суктанганы — сулуулук, тоопжайы — мазар, таалими — насаат, тамгасы — чамгарак, турагы — боз үй, тумары — ак калпак, түгөйү — жар, күйөрү — тууган, мүнөзү — сабыр, мүдөөсү — ынтымак, мураты — эркиндик, кубаты — ишеним, сайраны — той, сөөлөтү — ой, күткөнү — дөөлөт, күрөшү — мээнет, туткасы — салт, калысы — калк, берметн — Ысык-Көл, бешиги — Ала-Тоо...

Мына ушул сыяктуу рухий жана материалдык дөөлөттөр кыргыз турмушунун өзөгүн түзүп, анын ары татаал, ары даңктуу өмүр жолунда өйдөдө өбөгү, ылдыйда жөлөгү болуп келген. Китепте булардын дарек-дасмиясы менен маңыз-мазмуну кеңири ачып көрсөтүлөт. Ошентсе да, биз мында кыргыз маданиятына таандык айрым бир урунт көрүнүштөргө учкай токтолуп, алардын рухий-адептик маңызы жана майнабы жөнүндө азыноолак сөз кылмакчыбыз. Эмесе кеп — Адам, анын адеп-абройю, ишеним-дөөлөттөрү тууралуу.

Илим чөйрөсүндө дөөлөттөр дүйнөсүн материалдык жана рухий деп бөлүү орун алса да, Адам жөнүнө келгенде бул суроонун жообу али ачык бойдон. Ал кандай дүйнө: рухийби, физикалыкпы, же космикалыкпы? Анын жашоосунун маңызын эмнелер аныктайт? Анын улуттук, маданий, диний, тилдик, расалык, жыныстык, куракчык, байлык абалынын таасири канчалык? Бул суроолорго жооп издеп сандаган окуулар, мектептер, системалар, теориялар, концепциялар, доктриналар ж. б. у. с. түзүлүп келет. Алардын бар даары адамдын өзүн дөөлөт катары таанышса, бир даары анын ар түрдүү маңызын артыкча баалашат.

Айтмакчы, дөөлөттөр дегенибиз адамдын өзү, анын турмушу үчүн оң же терс маани-маңызга ээ болгон көрүнүштөрдүн мүнөздөмөсү. Тигил же бул нерсеге дөөлөт катары мамиле жасоо аны адам өзүнүн иш аракетинин, кызыкчылыгынын алкагына алган учурда келип чыгат. Ошол сыяктуу адамды тарбиялап өстүрүү дагы тигил же бул дөөлөттөр системасын жана алардын даражасын өздөштүрүүнү талап кылат. Ар кайсы доорлордо кыргыз эли үчүн да ар түрдүү дөөлөттөр башкы орунду ээлеп келгени белгилүү. Бирок кыргыз маданияты үчүн көөнөрбөс дөөлөт, алмашкыс нарк болуп келе жаткан бир көрүнүш — бул Адамдын өзү, анын адамдык парасаты, ыйман наркы, адеп бедели. Кыргыз урпагын «Кыргыз бол» деп эмес, «Адам бол» деп тарбиялайт. Демек, Кыргыз адамы — кыргыз маданиятынын дөөлөтү. Кыргыз маданияты — кыргыз адамынын мээнети!

Бирок, мында дагы бир олуттуу жагдай бар. Алар «адамдагы терс сапаттар» деп аталып, элдин адеп маданиятынын өзүнчө бир өңүрүн ээлеп турат. Аларды эске албай коюу «ооруну жашырганга» барабар. Ошондой эле алардын тамырын түгөл соолутам, тасырантас адамдын өнө-боюнан айдап салам деп жээлигиш көктү карап түкүргөндөй эле кеп. Адам чиркин аларды да өзү жаратып, өзү өрчүтүп келет. Кеп мында алардын төркүнүн көрө билип, акырындап четтетип, улам кубатынан тайдырып, сары изине чөп салып, такымдап жүрүп олтурууда. Ылоожу жок, маданият анысын да, мунусун да айкөлдүк менен койнуна батырат, түтөт. Аласын да, куласын да көтөрөт. Акырындап жөндөп, абайлап теске салып, өр таянып олтурат. Демек, Адам — жакшы-жаманы, өйдө-төмөнү, башаягы бириккен чулу дүйнө. Ал — маданияттын уюган мөөрү, табияттын табышмактуу аян белгиси, тарыхтын баян-табериги.

Эгер биз кыргыз адеп маданиятынын аягы бүгүнкү бийик циви-

лизациялуу коомдо десек, анын башы — байыркы баё ишенимдерде. Демек, ал түз сызык эмес, айлана, бүтүндүк таризинде. Арийне, аны ар кандай руханий, диний, маданий окуулардын усулуна салып: батыш-чыгыш, европа-азия, көчмөн-оторчул, мусулман-капыр... алакасынан куралган деп чечмелесе да болот. Бирок, тоголок нерсенин батыш-чыгышы, жумуру нерсенин учу-түбү жуурулушуп кеткен сыңары кыргыз маданиятынын да «абалкы — азыркы», «көөнө-бүгүнкү», «келечек — кийинки» дасмия сапарын алаканга салып айта салыш өтө татаал иш. Аны тигил же бул рухий аймактын аңызынан өнүп чыкты, же тигил же бул маданий туурдан учуп чыкты, же болбосо тигил же бул динден көчүрүп, ооштуруп алды дештен мурда ал өзү кезинде дал ошолорго кубаттуу рухий көрөңгө, куңдуу тилдик кыртыш болуп бербесин дегендей суроонун тегерегинде да ой калчап көрүү ондуудай туюлат. Буга бизге дүйнөдө маданияттын «Манас» сындуу укмуштуу кебин жараткан, андагы жашоо жөнүн ар убак акыйкат жобо, негизги усул катары тутуп келген, атүгүл аны бүгүн да өз олутунда сактап, уланта берүүгө дилгир тоолук элдин дымагы негиз берет. Биз муну ошондой эле өтө байыркы көөнө түшүнүк, ишеним, ырым-жырым, ырасым-жөрөлгөлөрдүн купуя мүнөзүнөн, кубулушту жандуу, уюта жана муюта сыпаттаган кыргыз тилинин бөтөнчө бир сырдуу белгилеринен ж. б. улам таасын баамдайбыз. Айтмакчы, бүт дүйнөлүк диндердин төркүнү баба таанымыбыз теңирчиликтен тараган деген салабаттуу көз караш да бар. Ошентип, маданияттын башы байыртада болсо, аягы азыркыда. Демек, маданий мааниге алганда, бул — бүгүнкү күн менен ойлонсок аягыбыз менен, өткөн менен ойлонсок — башыбыз менен ойлонобуз деген сөз. Ошентип, ар бир нарктуу маданият өзүнүн дөөлөт даражасын, өрүш жолун, өнүгүү усулун өзү аныктайт.

Бала энесинин курсагында жатып алып, энесин толук аңдай албаган сыңары адам дагы коомдун койнунда туруп, аны толук аңдашы кыйын. Андыктан адам өзүн өзгөлөр, өткөн аркылуу таанып-билүүгө аракеттенет. Кыргыз адамын таанып билүү үчүн кыргыз салттарын, адаттарын, ишенимдерин, б. а. кыргыздын улуттук маданиятын таанып-билүү керек. Ошондой эле адамдын өзүн таанып билбей, анын маданиятын да таанып биле албайбыз. Демек, таанып-билүү адамдан башталып, адамдан бүтүш керек. Бул китептин тулку-туруму дал мына ушул талапка жооп берет. Бул жагынан ал илимпоздор, окутуучулар, мугалимдер, студенттер үчүн да баалуу таберик.

Биз жогоруда кыргыз адеп маданияты нечендеген кылымдар кыйырын басып келди дедик. Ал XXI кылымга жайдак келген жок. Астында аты, артынган бөктөрүнчөгү менен келди. Үстүндө үйү, тулгасында казаны, көкүрөгүндө сыры, көмөкөйүндө ыры менен келди. Бешигинде баласы, белесинде беш түлүгү менен келди. Кең пейил эли, кереметтүү жери менен бирге дилин, тилин, динин, салтын сактап келди. Ал басып өткөн доорлорду тарыхый-маданий таризде: 1. Илгерки — Сыр дүйнөсү; 2. Байыркы — Пир дүйнөсү; 3. Ортонку — Ыр дүйнөсү; 4. Кийинки — Чыр дүйнөсү; 5. Соңку — Ый дүйнөсү; 6. Азыркы — Сый дүйнөсү дегендей шарттуу аталыштагы кезеңдерге бөлсө болот. Булардын ар бири кыргыз элинин руханий-маданий жана социалдык-педагогикалык турмушунда өзүнүн ташка тамга баскандай таасын изин калтырып келген. Алардын тажрыйбасы акыры биригип келип «Кыргызчылык» деп аталган маңызы терең, наркы бийик, алкагы кең маданий-адептик ааламдын түрпатын жараткан. Тилекке каршы, ал дагы алиге илим тарабы-

кан жестик аңдалбай, аңдалса — жалаң терс жагынан гана сыпатталып келет.

Ар бир маданий салттын өзөгүндө адам турмушун, анын дүйнөгө болгон көз карашын, жүрүм-турум ыңгайын аныктап турган рухий, философиялык, диний туу дөөлөттөр болот. Ал адамдын ыймандык ишеними менен аныкталат. Ишеним түшүнүгү насилинде эки мааниге ээ: ишенүү жана ынануу. Адамдын баары эле бир нерсеге ишенет, бирок ынанганы аз. Адам бал китепке, көргөн түшкө, уккан кепке ишенет, ал эми өзүнүн өмүр башаты — Адам ата, Обо энени жараткан Теңир кудуретине ынануу керек. Ынанымдын мүнөзү адамдын турмуш-тиричилигинен тартып жүрүм-турумуну, тышкы кебете-кешпирине чейин өз изин калтырат. Тилекке каршы, адамдар көп нерсеге ишенсе да, ынанууга жөндөмдүү эмес. Ынаным — бул «аң-сезимдин жигерлүү дымагы, эрк менен жуурулушкан билим» (М. М. Бахтин).

Кыргыздар Теңирге ынанып, Теңирге табынган эл. Бул дагы кыргыз адеп маданиятынын бир айдыны. Албан айдыны. Адам ар убак бардык изги, асыл нерселерге: актыкка, тазалыкка, боордоштукка, кооздукка, чынчылдыкка умтулат. Өзү да башкалардан ушуну күтөт. Бирок, ал бардык нерсеге аздап үйрөнгөн сынары аларды таанып-билүүгө да бара-бара келет. Айталы, адам өзүнүн сырын чындыгын бирөө менен бөлүшкүсү келет. Анын колдоосун туйгусу келет. Адам качан ушинтет? Качан ал өзү ишенген, аны уга турган, эң башкысы — аны кечире турган жанды тапканда гана ушинтет. Тилекке каршы, турмушта андай адам бир гана ирет кезигет, же... түк кезикпейт. Ошондон кийин ал адамдардан көңүлү калат. Өзү менен өзү болгусу келет. Бирок адам бешенесине жазылган бир улуу мүмкүндүк бар, ал — Теңир менен баарлашуу мүмкүндүгү. Теңир менен баарлашканда гана адам бүт сырын, көңүл черин, көкүрөк күйүтүн ачык айта алат. Ага агынан жарылып, төгүлө алат. Теңир да арыз-муңунду, каалоо-тилегинди, суроо-датынды муюп угат. Ошентип, төгүлүп алып, толо түшөсүн. Айтып алып, агара түшөсүң, табынып жатып, тазарасын, түшүндүрүп жатып түшүнөсүн...

Демек. Теңир касиети адамга ыймандык жарык жол жандырар керемет. Ага таяныч, кубат берер кудурет. Ошон үчүн адам аны жүрөгүнүн толтосуна сактап аздектеп, ага сыйынып келет. Ошентип, Теңирге болгон ынаным башкадан мурда адамдын өзүнө керек. Ал адамга тазаланууга, татыктуу жолго түшүүгө, өзүн таанууга мүмкүндүк берет. Демек, Теңирсиз бирөөгө тең болом, Теңирсиз теңдик коом курам, Теңирсиз өзүмдү таанып-билем деш — өзүн алдоо менен барабар. Ошондон улам кыргыз баласы «тең» деген сөздү урматтап, «Теңирдин» өзүн аздектейт, «жар» деген сөздү ызааттап, «Жаратканды» өзүн сыйлайт, «кут» деген сөздү кадырлап, «Куттайдын» (Кудайдын) өзүн кастарлайт. Тилекке каршы, бүгүн адам Теңирин таанибай, анын жан дүйнөсүндө акылга сыйбас алааматтар жүрүп жатат. Ал арада жашоонун чыныгы жолун билебиз, көрсөтөбүз деген «көзү ачык» окуулар көбөйдү. Ошондуктан кыргыз урпагы өзүнүн ата-салтындагы акыйкат, аруу ишенимдери менен ыйык, бийик дөөлөттөрүн асырап сактап калуунун аргасын баса ойлонууга тийиш. Бул анын Теңирге, демек, өзүнө карай жолундагы өтө жоопту кадамы болмокчу.

Кыргыз адеп маданиятында адам наркын, Теңир кудуретин сыйлоодон башка да ич ара адамдык, тууганчык алака-катыштын, жекече, жамааттык, үй-бүлөлүк, уруулук, элдик таалим-тарбиянын, жаратылышка, жан-жаныбарга аяр мамиле жасоонун не бир набат-

нарктуу көрүнүштөрү болгон. Китепте булар тууралуу да кеңири маалымат берилет.

Биз жогоруда элдин адеп маданиятындагы адам темасына бекеринен кеңири токтолгон жокпуз. Себеби, бир улуу адам айткандай: «Кандай гана өндүрүш болбосун ал керектөөгө муктаж гана нерселерди жаратат. Өндүрүштүн мүнөзү кандай болсо, анын продуктысы да ошондой болот» (К. Маркс). Бул — коомдогу маданий адептик өндүрүштүн тиби инсандын белгилүү тибин калыптандырат деген сөз. Анын сыңарындай, ушул китептин авторун кыргыз адеп маданиятынын нукура, асыл таасирин алып, анын бардык өрнөктүү, өрүштүү, нарктуу, салттуу көрүнүштөрүн өнө-боюна толук сиңирип, өзүнүн бүткүл аң-сезимдүү жашоосун, билимин, кажар-күчүн эл тагдыры менен жуурулуштура түшүнүп, сөзү менен да, иши менен да калк кызматын моюбай аркалап келе жаткан ата уулу, эне перзенти десек болот. Кыргыз үчүн кымбат мүлк «Манасты» сактаган Саякбай, күүнү сактаган Карамолдо, күчтү сактаган Кожомкул, обонду сактаган Муса, сөздү сактаган Кусеин десек. элдик өнөрдү сактаган Амантур дебешке чара жок!

Амантур агайдын бейнеси чынында эле кыргыз маданиятынын кашкайган мөөр-тамгасы, анын таалим-тарбия усулунун нагыз таберик-тумарындай туюлат. Анын жөнөкөйлүгү, мээнеткечтиги, адамкерчилиги, калыстыгы, түздүгү, топуктуулугу, жапакечтиги, ак көңүлдүгү, сөзмөрлүгү, жайдарылыгы, шарлыгы, асылкечтиги, көтөрүмдүүлүгү, нарктуулугу, сыпаалыгы... абалкы кыргыз дөөлөтү менен сөөлөтүнүн азыркы күндөгү асыл аманаты сындуу сезилет. Тагдыр буйруп аны менен бир ирет жүздөшүп, баарлашкан адам сөзсүз андан нукура кыргыз мүнөзүн, кыргыз жүрөгүн, кыргыз дилин, кыргыз насилин, эң башкысы — кыргыз тилинин керемет кудурет-күчүн таасын туюп-сезбей койбойт. Ал улуу жазуучу айткандай, «тулкусунан бир нерсени алса алып, бирок бир нерсени кошуп коюуга болбогон» (М. Ф. Достоевский), төрт тарабы төп, тунук, айкөл адам.

Бул киши өмүр бою кыргыздын ак калпагын башынан түшүрбөй, элдик өнөрдүн дээрлик баардык салаасы жагында опол тоодой эмгек өтөдү. «Аттин, мен көбүрөөк кол өнөрчүлүккө ыктап койгон экемин. Кыргыз аймагын түгөл кыдырып «дербиштик» кылып жүргөндө элдик өнөрдүн баардык тарабын жаза берсем болмок экен»,— деп өкүнүп калат ал киши. Билгенге, бүткөнү эле не деген баалуу казына!

Ооба, Акматалиев Амантур Сейтаалы уулунун аты элибизге аттын кашкасындай таанымал. Бирок, моюн сунбашка мүмкүн болбогон дагы бир чындык бар. Себеби, аны биз тааныган менен аны бизге караганда келечек урпактар жакшы барктап-баалап, урматтап, эмгегин казып үйрөнүп, өзүн көкөлөтө далилдейт болуш керек. Себеби кылымдан кылым өтүп, жер бетинде кыргыз калкы сакталып турганча, элдик өнөрдүн мөлтүр булагына суусаган, анын чыныгы таза, тунук жердигине маашырланган урпактар анын жазган китептерине кайра-кайра кайрылып, андан өнөр үчүн гана эмес илим, искусство, маданият, тил үчүн да толгон-токой баалуу маалыматтарды таба беринде шек жок. Белгилүү бир илимпоз таамай жазгандай, «Амантур өнүткө салып» бу киши бүтүндөй бир институттун аткарар ишин жасап койду (Ч. Өмүралиев). Муну анын жарыкка чыккан 20дан ашык китебинин өзү эле айкын далилдеп турат. Бул эмгектердин саны, сапаты, тематикасы, көлөмү, илимий-практикалык актуалдуулугу жагынан мейли тарыхый-этнографиялык, мейли эл жана өнөр таануучулук жагынан

академиялык баасын алууга небак татыктуу болсо да, биз элдик салттын кадырына жетпеген сыяктуу, элдик залкар адамдын да кадыр-баркын жетик баалабай келебиз. Автордун бүтүргөн эмгектери эбак мамлекеттик чоң сыйлыкка татыктуу. Бирок, ал анысын эч качан, эч кимге милдет кылбайт, ал үчүн биреөгө догун артып, дооматын айтып, андан сыйлык да, сыймык да сурабайт. Ага булардын баарын куттуу эли, кутман жери, кунарлуу дээри берген. Бизден алчу сыйлыгы — элдик өнөрдү сүйүп, аны улантууга, изилдөөгө ынтызар, пейли менен жүрөгү эл деп соккон жаш муундардын бар экендиги, сыймыгы — жазгандарынын миңтип калың элге жетип жатышы.

Бул эмгек А. Акматалиевдин кийинки Кыргыз билим берүү институтунун Этнопедагогика бөлүмүндө иштеген жылдары бүткөрүлдү. Автордун элдик педагогика, өнөр жаатында мындан башка да эмгектери жарык көргөн: «Баба салты, эне адеби» (1993), «Кыргыздын кол өнөрчүлүгү» (1996), «Кыргыздын уз-усталары» (1997), «Кыргыз мүнүшкөрлүгү» (1999) ж. б. Алардын айрымдары элдик көркөм өнөрдү таанып-билүү жаатындагы уникалдуу эмгектер болуп саналат. Бул жолу автордун элдик таалим-тарбия жагында жазгандарын топтоп жарыкка чыгарып, калайыкка жеткирүү максат кылынды.

Этнопедагогика илиминин негиз салуучусу, чуваш илимпозу Г. Н. Волковдун: «Элдик педагогика — улуу педагогика, улуу педагогдордун баары элдик болушат»,— деген таасын сөзү Амантур агайга күп жарашат. Анын эмгектеринин дээрлик бардыгы «кыргыз» деген сөз менен башталып, «түнгуч», «алгачкы», «биринчи» деген сөздөр менен коштолуп келет. Бул китеп дагы кыргыз элдик адеп маданиятындагы көөнөрбөс дөөлөттөр ырааттуу топтолуп, алардын оң-терс көрүнүштөрү сыпатталып жазылган алгачкы бараандуу эмгек. Алардын илимий жактан талданып, кылданып, жиктелип, такталышы — келечектин иши. Андыктан эмгекте автордун тилин, стилин, баасын, көз карашын толук сактоого аракет жасалды.

Жамандыкты амандык женет. Бул кыргыз адеп маданиятындагы улуу ачылгалардын бири. Жаңы кылым астанасын жаңыдан аттап, эгемендүүлүк менен эркиндик жолуна түшүп, келечекте ата-бабалардын калтырган осуятына татыктуу коомду курууга багыт алып бара жаткан кыргыз элине: «Аман тур, улуу кыргыз дөөлөтү! Бар бол, ажайып кыргыз урпагы!» дейбиз.

**САБЫР ИПТАР уулу**

## КЫРГЫЗДЫН ТУУГАН-УРУГУ, ЖЕРГЕ-ЖЭЭГИ

Бул — элин, тегин таануу. Кыргызда «Жер тамырынан эл тамыры көп» — деп айтылат. «Ич ара сураштыра келсе, адамдар бири-бирине карын бөлө чыгат» — деген да сөз бар. Тууган-урук, жерге-жээкти сураш жакшы сапат болуп саналат. «Тууганлын азаары болсо да, безээри болбойт». Элибиз анын жол-жоболорун, каада-салттарын сары-саптай келишип, мындай асыл көрүнүштөр аркылуу калк ичинин ынтымагы, ымагы артылган. Илик-жарма күтүүнүн өзү башка улуттарга салыштырмалуу алганда бизде баалуулугу бийиктеп келген. Мындай касиеттерди мындан ары да улоо, кийинки муундарга тааныштыра баруу вазифасы унутулбоо керек. Атуулдук жүрүш-турушубузду кайрадан калыптандырууга зор көмөк көрсөтүү максатында тууган-уруктардын, жерге-жээктердин аталыш, ич ара байланышы кыскача мындайча маалымдалат.

Кыргыздар ич ара ата-аталарга бөлүнүп, андан урук, бир тобу биригип уруу, анан эл болуп, бара-бара улутту түзүшкөн. Мында тилинин, маданиятынын, экономикасынын жалпылыгы жана башка мамлекеттер менен чектештиги улуттун белгилери болуп саналат. Сүрүштүрө келгенде: Ата, андан чоң ата, андан ары: баба, буба, жете, жото, жонкон, кубары, куусөөк, тек болуп кетет.

Кырк уруу кыргыздар ушулардан жаралган, андан байыркы эл болуп минтип таралган: Атадан балам, неберем, чөбөрөм (чүрпөм), кибире, тыбыра, жыбыра... болуп кетет да, андан арылары бири-бири менен кыз алышкан тууган аталган. Мындан аркысын улай билүүнүн зарылчылыгы анча жок.

Башка уруулардан кыз алуу, кыз берүү, үйлөнүү асемдери — тукумдан-тукумду жакшыртуунун негизи. Кыргыздын салтында атанын арзып алыстан кыз тандоосу, жуучу түшүүсү, күйөөлөп баруусу, тегин жана теңин талдоосу, ошого карата жол-жоболорун шарттоолору, төө баштап тогуздап, калың мал айдатуулары, барктары жана нарктары боюнча тең-теңи менен болуулары, албетте, барлардын сөө-

лөтү, журт алдында кадыры-баркы, атак-даңкы, дүңү болгон. Кээде «Мата наркы менен бөз өткөн, Ата наркы менен кыз өткөн». «Жакшы атка жаман ат жалы менен теңелет, Жакшы кызга жаман кыз багы мене теңелет», «Вазир жакшы кан жакшы, аял жакшы эр жакшы». Арийне, «Баккан эри жарашса, кара катын ак болот, Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот». Бак карайт, Кызыр даарыйт. Байлык, мансап, кедейлик тирүүчүлүктө, пендечиликте, бу жалганда, жарыкчылыкта, оомалуу-төкмөлүү жүрө берээри — мыйзамченем.

## ЖЕРГЕ-ЖЭЭК, ТУУГАН-УРУКТАРДЫН ЭНЧИЛҮҮ АТАЛЫШТАРЫ

**Аксакал.** Бул — жашы улуураак, акылы жетик, адилеттүү жүрүш-турушу аркылуу алынып, кадыр-баркы башка элдерге да таанылып, сын-келбеттүүлүгү көрүнгөн, ичкисырткы касиети таасирдүү адам. Андай акылы тетик адамдарды бий-болуштар, бай-манаптар урматтап, алардан акыл сурашкан, айткандарындай болушкан («Манаста» Кошой, Бакай карыялар тууралуу так ушундай ойдобуз). Кээде «аксакал» деген ат мал-жанга, буюм-мүлккө карата да айтылат. Мисалы, аксакал ат (мыкты жылкы тууралуу), аксакал үй (мыкты салынган үй же тигилген өргөө үй) ж. б.

*«Ак сакалы сеңселип,*
*Ак күбө тонду белсенип,*
*Ак боз ат минип теңселип».*

(«Манаста» Кошой бабабыз мына ушундайча сүрөттөлөт).

Бугудан чыккан Кыдыр Аке, саяктан чыккан Садыр Аке, Сарт Аке, Моют Аке, Тилекмат Аке өңдүүлөр нускоочу аксакалдардын даана үлгүсү боло алат. «Аке — бул калктын урматтоосу, журт берген наамы. Аны «аксакал» деген сөз менен алмаштырууга гана болот. Айыл, урук, уруу ичиндеги чоң чиелешкен маселелерге азыр деле айыл аксакалдарыбыз катыша коюшат.

**Карыя.** *«Ак сакалдуу карыя,*
*Акылы терең дарыя».* *(Макал).*

Бул — мерчемдүү өмүрүн өтөп (орто жана пайгамбар жашын), карылык доорду нарктуу алып бара жаткан аталардын сылык атылышы. Карылык — нускоочулук. Жакшы каруу — парз, жаштарга үлгү. Мына ушул жагдайы аркылуу нарктуу карыя аталат.

Карыянын экинчи мааниси — абышка, чал. Кемпири, адатта, «абышка» деп чакырат. Өмүрдөшүн карыя дешине

караганда минтүүсү эптүүдөй сезилет. «Чал», «мойсопут» деп кайрылууга караганда карыя деп айтуу маданияттуулукту тартуулайт. Эркектерди курагына карай бала, тестиер улан, жигит, киши, жашап калган адам, кары деп аташат да, акырында карыяга өтөт.

**Байбиче.** *«Калк ичинде байбичелер эсенби.*
*Кант кошконсуп, бал кымызын чайкаган».*
*(А. Темиров).*

Бул — мерчемдүү аялдык, жашамык жаштарын өтөп, өзүн набаттуу кармап келе жаткан энелердин сылык аталышы. Нускалуу карыялыгы — келин-кезектерине, айыл ичиндеги ургаачыларга үлгү. Кийинкилер так ушундай карууга таасирленет. Илгери «байбиче аялы», «байбиче аялынын балдары» деген сөздөр айтылуучу. Байбиченин синоними «кемпир», «токол» деп айтылат. Токол — кийинки аялы, салбар аялы — эри чанган, анча көңүл койбогон аялы. Арийне, эрке токолдор да болгон. «Байбиче» деп айтуу маданияттуулукту билдирет. Ал эми кемпир деп кайрылуу адамга, төтөн, жаштарга катуу тийип калышы ыктымал. Ошондуктан минтип кайрылгандарга, «мендей кемирейип кал» деп нааразы болушат. Катарлаш карыялары аларга «байбиче» деп кайрылуулары сылыктык болот. Ургаачылар жашына карай секелек кыз (ойноок кыз), тестиер кыз (бой токтоткон кыз), беш көкүл (бойго жеткен кыз), жубан (күйөөгө тийген), колукту, келин, зайып, аял, катын, жашамык тарткан деп аталып жүрүп отурат да, анан бара-бара байбичелердин катарына кошулат.

**Ата.** *«Уулум» деп убайым жеп, баккан атам,*
*Алыска мен жол жүрүп бара жатсам,*
*Колтуктап, суулук кармап, камчы берип,*
*Аткарып аталыктын сөзүн айткан».* *(Мидин).*

Бул — уул-кыздын өз атасы. Чоң атасы — атасынын атасы. Аталаштар, урукташтар, атасы курактуулар тууган ичинде урмат-сый катары атабыз, аталарыбыз, чоң ата, чоң аталарыбыз болуп айтыла берет. «Атанын баласы», «Жакшы атанын уулу», «Ата сөзү — ар намыс», «Атаны көрүп, уул өсөт» өңдүү салмактуу сөздөр бар.

Ата — үй ээси, түтүн башчысы. Атанын айтканы — балдарына мыйзам, ар дайым накыл, үй-бүлөгө ыйыктай сезилет.

**Эне (апа).** *«Апа» деп оозго кирээр эң биринчи,*
*Балага чулдур-чулдур тили кирсе,*
*«Апа» деп оозго кирээр эң биринчи,*
*Жигитке душман огу жанып кетсе».* *(Мидин).*

Бул — уул-кыздарды төрөгөн энеси. Чоң эне — эненин кайын энеси. Аталаштардын, бир уруктун байбичелери эне, апа, чоң эне болуп айтылат. Деле ызаат, урмат катары улууларды — байбичелерди, карыяларды ата-эне, чоң ата, чоң эне, эже-байке, аба өңдүү атоо элибиздин эчактан келе жаткан наркы — салты болуп саналат.

«Ата — аскар тоо, эне — чалкыган көл» (макал).

Ага. Бул — улуусу, ини — кичүүсү. Ал эми аялдарга келсек, улуусун эже, кичүүсүн сиңди дейбиз. Ушундан улам «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп, сиңди өсөт» деген накыл бар.

Абысын. «Абысын аңдышкан жоо» (макал). Бул — бир туугандын келиндери, аялдары, байбичелери, токолдору. Алар да ич ара жакын-алыска, токол-байбичеге бөлүнүшөт. Бири-бирин күнүлөшкөн. Буларды ынтымакка акылдуу байбичелер, карыялар чакырып, атанын, уруктун намысына доо кетирбөөгө аракеттенишкен. Абысындар, анткени менен, жамандык-жакшылыкта тикеси менен тик туруп, башкалардан ар-намысын сактап калышат.

Жезде. «Кагылайын эжеке, картаң тура жездеке». Бул — кайнилеринин, балдыздарынын эжесинин эрин атоосу.

Тайжезде. Бул — кайын эжесинин эрин жээн-сиңдилеринин атоосу.

Куда. «Куданын (сөөктүн) жаманы суу кечирет» (эл сөзү).

Бул — бүлө алган, үйүнөн кыз чыгарган адам. Кыз алган, кыз берген тараптар бири-бирине куда-сөөк болушат. Куданын кудасы — куданын дагы башка тараптан күткөн адамы.

Өтмө куда ага-тууган ичиндеги кыздардын мурунку кудалардын туугандарына барышы, же мурунку кудалардын туугандарынан кыз алышы. Жээнине таежесин алып берүүсү.

Бел куда. *«Курсактагы кыздарын, кудалашып койгон бар»* (Э. Ибраев). Бул — төрөлө элек, боюнда бар учурда, кээде илгери үмүт менен «уул-кыздуу болсок кудалашаарбыз» — деген кыязда да балдарга куда түшүүлөр. Мында күн мурунтан жолдугун жасоолор, ак бата ыроолоолор болот.

Кайчы куда — кыз берген жерден кыз алуу, кыз алган жерге кыз берүү.

Кайчы куда болочокто боло турган асылкечтердин ич ара мамилелери, т. а. кудалар жамандык күндөрү жакшылыкка жараган, кыйынчылык учурда жардамга караган,

адамдардын бири-бирине билдирген зыйнаты. Асылкечтик учуру — түбөлүктүү бирге болуулары, «өлсөк бир көргө кирүүлөрү, тирүүчүлүктө бир дөңгө чыгуулары». Куда-сөөк болууга шерттешүүлөрү, теңирим жалгап, балалуу болушканда, биринин кызын биринин уулуна алып берүүгө антташуулары. Ал үчүн шилекей алышуулары, чыбык кыркышып, чыпалак соруулары, кыскасы, куда-сөөк күтүүгө даяр туруулары. Ушундай шартта бала төрөлөөрү менен сүйүнчү айттырат. Кудалыктын алгачкы саамалыгына мал берген. Минтип, шилекей алышкан, чырпык кыркышкан, антташкан эки куда эми көңүлдөрү жайма-жай катыштарын улай беришкен.

Мунун экинчи жагы да бар: эгер экөө балалуу болбой, бел кудалык тилектери ордунан чыкпай калса деле, досчулуктарын андан ары улашкан. Эл ичинде кудалардай үлгү катары алыш-беришке эгедер. Ичтерине доо кетпей, алар бири-биринен тукур атын, туу бээсин, атан-лөгүн, сүттүүдөн сүрөгүн, аксарбашыл коюн аяшпай калат. Албетте, бул жакшы жөрөлгөлөрдү сактоо зарыл.

**Бешик кудалар.** *«Эмчектеги кыздарын,*
*Эн салышып койгон бар»* (*Э. Ибраев*).

Бул — төрөлгөн уул-кызга куда түшүү. Кудаларды ич ара куда, чоң куда, кан куда дейт. Чоң куда — кан куда — куданын атасы, атасынын туугандары, кичине куда — куданын балдары, туугандары. «Куда болгуча жөн-жайыңды сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш» (макал). Кыз алуу, кыз берүү — чоң сыймык.

Мейман тосуу, мейман узатуунун бийик жери — куда тосуу, куда узатуу. Бул салттын мындан аркы тазалыгын сактоо зарыл.

**Кудагый.** Бул — куданын өмүрдөшү. Мында чоң кудагый — кудагыйдын кайын энеси. Кичи кудагый — куда-кудагыйдын балдарынын, туугандарынын (куда тараптын) келинчектери. Кээде кудагый тараптын келинчектери да кудагый деп айтыла берет.

**Кудача.** Бул — кудалардын кыздары (айрым убактарда кудагый тараптагы кыз-кыркындар да аталат).

*«Талды-Суулук кайындар*
*Күткөн чыгаар коногун,*
*Күрпүлдөбөй кечүү бер,*
*Күйөө балаң боломун».* (*Байдылда*).

**Кайын-журт.** Бул — күйөө баланын колукту алган тарабы. Күйөө баланын үч журту болот: Ата журт, тага (таяке) журт, кайын журт.

**Кайын ата.** *«Адилет киши кайын атам, куу казан эмес, май казан»* (*Байдылда*).

Бул — кызын аялдыкка алган баланын атасы. Кайын атанын агалары, бир атанын аксакалдары, улгайыңкылары кайын ата атала берет.

**Күйөө** (күйөө бала). *«Күйөөнү пайгамбарым сыйлаган»* (эл сөзү). *«Күйөө карыса, жээн болот»* (*эл сөзү*).

Бул — кызын аялдыкка алган баланын кайын журтуна аталышы. Аялынын таяке-тайына ал — жээн күйөө.

**Кайын эне.** *«Кайын энем жакшы жан экен,*
*Калама берип сыйлады.*
*Колуктум жаман жан экен.*
*Койнума жатпай ыйлады».* (*Эл ыры*).

Бул — күйөө баланын колуктусунун энеси, т. а. аялдын энеси. Чоң кайын эне — кайын энеңдин кайын энеси. Кайын атаңдын ага-тууганадарынын улгайгандары, кайын энеңдин жашы улук абысын-ажындары деле кайын эне атала берет.

**Кайын ага.** Бул — күйөө баланын аялынын агалары. Аялы жаатынын улуулары, ага аттуулары күйөө балага кайын ага атала берет. Кайын жеңе — кайын агасынын аялы, кыздын жеңеси, кайни — аялыңдын инилери. Мында да бир атанын, уруктун улууларынын аялы кайын жеңе, кичүү балдары кайни деп айтыла берет. Кайнинин аялы — кайын келин, кайын келин аны жезде деп айтат.

**Бөлө** — бир тууган кыздардын балдары. Бир атанын, бир уруктун кыздарынан төрөлгөн балдар-кыздар бирибирин «бөлөбүз» дешет. Бир ата-энеден туулган кыздардын балдары карын бөлө болуп эсептелет. 52168 ч

Бөлөлөр кыздардын — эже-сиңдилердин балдары болгондуктан бир-бирин колдон келишинче сый-урматташат. Булар да бир-бирине үйлөнүшкө болот. Себеби, алардын эли-журту башка. Баш кошууга генетикасы уруксат берет. Бөлөлөрдүн өз ата-апалары бири-бирине тайжезде, тайэже аталат. Чоң аталары тайата болот. Демек, кыздардын балдары тайатага небере аталат. Кыздардын балдары да ага-ининин балдарындай жакын сезилет. Ошондуктан «бөлөм, бөлөм үчүн өлөм» деген накыл кеп жаралган. Бөлөлөр эненин төркүндөрүнө жээн аталат.

**Бажа.** «Бажа бажаны көргөндө башы кычышат» (макал). Бул — бир тууган кыздардын күйөөлөрү. Бир атанын, бир уруктун кыздарынын күйөөлөрү да бирин-бири «бажа» дешет.

**Байке** (аке, ава). Улууларды кичүүлөрдүн сылык атоо-



Нарын облустук
китепканасы
№

лору. Айрым жерлерде көбүнчө «байке», «ава» (м: нарындык, көлдүк, чүйлүк кыргыздарда) колдонулса, кээ бир аймактарда «аке» (м: түштүк кыргыздарда) арбын арбын колдонулат.

«Аке» деп улуу кайнагаларын келиндери да тергеп айтышат.

**Түп куда** — куда күтүү менен кыргыздардын каада-салты артылат. Бири-бирине ымала санашууну, карым-катнаш жасоону, кыргыздын наркын дайыма сактоону жакшы көргөн элбиз. Мисалы,

— Кайсы элденсиң?

— Нарынданмын.

— Уругуңузду айтыңыз?

— Моңолдормун.

— Аа, а, нарындык моңолдор болсоң кудам турбайсыңбы. Аяктан биз келин алганбыз. Бир кызым Жумгалда, саяктар да менин кудам. Эки кызым таластык саруу-га кеткен. Жээним кушчудан келинчек алып келген. Кызымдын кызы солтого чыккан. Жангарач бийдин элинде. Өзүмдүн чоң тайаке-тайымдарым кочкордук сарбагыш. Сураша келсек эле, ушинтип куда-сөөк чыгабыз. Мына ошондой ызааттоолордон улам элибиздин ортолорунан жел өтпөөчү жылуу сезим пайда болот. Бул — ата-бабалардан калган адамгерчиликтүү сапат, санат, үлгү.

**Төркүн** — турмушка чыккан кыздын өз эли-журту. Киндик кан тамган, чоңойгон жери, ата-энелери, ага-туугандары, эже-сиңдилери.

Төркүлөтүү — кайын журту келинди ошол ата-энелерине, жерге-жээгине, тууган-уруктарына азык-түлүк даярдап, кийим-кечек камдап жөнөтүүсү. Төркүлөп келген кыздын төрдө отуруусу («Төркүлөтүү» ушундан улам айтылса керек).

**Тайата** — уул-кыздын энесинин атасы болгондуктан ал энеге төркүн болот. «Чыккан кыз чийден тышкары» жана кыз бала — биреөнүн бүлөсү. Аны төркүндөрү урматташат. Кызын сыйлоо-кадырлоо аркылуу андан туулган балдар да урматтоого эгедер. Тайата деп жээндери сүймөнчүлүктүү келет. Тайата, чоң ата үчүн уулдун, кыздын балдары бирдей эле сезилст. Экөө тең небере болот.

Уулдун баласы чоң ата үчүн өз тукумунун уландысы катары көрүнөт. Ал чоң ата, өз ата, чоң эне менен бирге жүрөт. Колдорунда чоңоет. Башка тайаке-тайындар, т. а. тайаке тайжеңе, тайжезде, тайэже тууралуу да ушундай маанай бар.

Кыргызда түп тайакелерим деген сөз айтылат. Тээ, чоң

энелеринен аркылар урук кууй, алсак, «Чоң энем көл башындагы көп бугулардан экен. Сен да мага тайаке болуп каласың» — деп, ыкташа түшүү — элибиздин меймандостугу, келберилиги.

Жээн. «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» (макал). Бул — кыздын баласы. Макалдын төркүнү «жээндин эли-жери башка, баары бир эли-жерин таап кетет» — деген түшүнүктү берет.

Тайэне — уул-кыздын апасынын энеси. Эненин төркүндөрүнүн улууларын, байбичелерин жээндери жалпысынан ызааттап, тайэне деп чакырышат.

Тайаке — уул-кыздын энесинин бир тууган инилери. Айткандай, эненин төркүндөрү тарапты жээн бүтүндөй тайаке (тага) деп чакырат.

Тайэже. «Тайэженики таттуу» (эл сөзү). Бул — уул-кыздын энесинин синдиси, эжеси. Мында да энесинин төркүндөрү тарапты жээни улуу-кичүүсүнө карабай «тайэже» деп айтат.

Өкүл ата (калыс ата). «Өкүл ата өз атам, өлүп кетсин кайнатам» (эл сөзү). Бул — колуктунун никеси кыйылгандан кийин ага калыс ич ара ылым санашкан адамдардан шайланган (дайындалган) адам. Ал колуктуну өз кызындай көрүп, катыш-бериштери улана берет. Өкүл атанын аялы анын өкүл энеси болот.

Дос. «Эсептешкен дос болбойт» (макал). «Дос айрылат, сөөк кайрылат» (макал). Бул алыш-бериште ынтымактуу катышкан эки курдаш. Алардын эң мыктыларын «акыреттик достор» деп коет. Демек, «тигил дүйнөдө да мына ушундай асылкеч жашашат» — деген сөз.

Ургаачылар да достошот. Жаш кезинде достошкон, ушу күнгө дейре урматташкан карыялар-байбичелер да бар. Достук — сыпаакерчилик. Жарык дүйнөдө бирин-бири урматтап өтүү. Бул кийинки муундарга мыкты таасир калтырат. Ушундан улам балдары да бул салтты улашат. Алар кийин бири-бирин классташтар, курсташтар катары сыйлашууда. Кээде алыш-бериштен достор ажырашып да кетишет.

Аяш ата — эки достун аталары бири-бирне аяш ата, энелери — апалары аяш эне, аяш апа аталышат.

Курдаш-теңтуш (курдаш күтүү, теңтуш күтүү). Бул — жаштары бирдейлери, бирин-бирине ылым санагандар. Эл: «Ысык тештуштар», «асылкеч теңтуштар», «бирин-бири кыйбаган теңтуштар» — дейт. Алар — ич ара санаалаштар. Достуктун бир түрү. Биз андайлардын жаштарын классташтар, курсташтар, улгайгандарын замандаштар,

санаалаштар — деп атап жүрөбүз. Ошон үчүн «Тең теңи менен, тезек кабы менен» — деп айтылат.

**Бала.** *«Жадырап ич ысыткан күлкүң менен,*
*Башкача кызыксыңго бала деген.*
*Гүл да гүл, сен да гүлсүң жаңы ачылган*
*Таалайың кагылайын кандай кенен».* *(Мидин).*

*«Балам, балалуу болгондо билээрсиң».* *(Эл сөзү).*

Адатта, балдар бир жашында басат, эки жашында тили чыгат. (Мөөнөтүнө жетпей басты, тили эрте чыкты, кеч чыкты — деп да айтылат). Алар чуркап жүргөн бала үч-төрт жаштагылар), бөбөктөр (5—7 жаштагылар), тестиер балдар, балакатка жеткен балдар (12 жаштагы), бир мүчөлүү балдар (13 жаштагы), мурдунан көпкөн учуру (14—15 жаш) ж. б. болуп аталып жүрөт.

**Улан.** *«Жийделүү-Булак Козу-Улан,*
*Жигиттин гүлү бозулан*
*Байгеден ашкан күлүктөй.*
*Баруyга мен да озунам».* *(С. Шатманов).*

Бул — балакат жана бир мүчөлүүдөн биротоло чыгып, өткөөл мезгилден өтүп, турмуштук, жыныстык ж. б. сезимдери ойгонуудан кийинки жигиттикке баш койгон учуру. Болжолдо 16—17 жаштар. Боз-улан — жаш жигит. Бой тартып, болукшуп турган чагы. Аны «жаш бойдок» — («Жаш бойдок жар күтсөм деп жүргөн кезиң, Болукшуп бой жетсе ким үйлөнбөсүн» (Байдылда) деп да аташат. Үйлөнүүгө мүмкүнчүлүгү болот.

**Жигит.** «Жыйырма беш жашка жык толгон, жигиттей болуп көрүнөт» (Байдылда). Бул — адамзаттын каруу күчү денесине чытырап батпай, бир ооматы келип турган доору. Адатта, эр ортонуна чейин жигит атала берет. Эр ортону 50— адамдык кайраттын, жигиттиктин туу бели. Андан ары жаштык кайраттын чегинүүсү. Алтымышты, жетимишти карылар «мыш» деп коюшат. Турмуштук эңкейиштер, карылыкка моюн сунуулар.

Кыз балага да бир нече мүнөздөмө берилет. «Секелек кыз» (турмуштук түйшүккө анча байыр ала элеги). Аларда да балакаттан кийинки өткөөл мезгили болот. Эркек балдарга караганда кыз балдардын эс-акылы, айлана-чөйрөгө көз карашы эртерээк ойгонот. Турмуш-тиричиликке эртерээк аралашып, үй ичин мурун маанектейт.

**Тестиер кыз.** Бул — тестиер баладай кол арага жара-

ган, үй оокатка айланчыктап, энесинин узчулук үндөктөөсүнө кирип, ага бет бурганы. Бара-бара эс акылы жетилип, өз боюн өзү түзөй баштоосу. «Эжени көрүп, сиңди өсөт». Улуулардын колун улоого дымактануусу. Мал саашуу, от жагышуу, тамак бышырышуу, кир жуушу ж. б. тиричиликти өз бетинче аткарууга көнүгүүсү.

Тестиер кыз — үкүсү бар, такыя топучан кыз.

**Беш көкүл.** *«Жылдар өттү, капыс жерден кабылдым,*
*Өңүң жылуу, тааныйм албай жаңылдым,*
*Беш көкүл кыз, бетиң башка болуптур,*
*Чач агарды, мен да жашка багындым».*

*(Мидин).*

Бул — 16-18 жаштардагы, турмушка аттанаар, арка чачы он өрүм, саамай чачы беш өрүм, кулпунуп турган, үкүлүү тебетей, кош этек көйнөк, чыптама кийген, көгүчкөн төштөнгөн, болукшуп бой керген кыз.

**Колукту.** *«Конушташ болуп, быйыл жай,*
*Колукту кылып алсам дейм».* *(Эл ыры).*

Бул — турмушка аттанган беш көкүл. Ал төрөгөнгө дейре, адатта, колукту аталат.

**Келин.** *«Келинге тарткан көшөгө,*
*Көгөрө бербейт өзү эле.*
*Алкышын алса элинин,*
*Ал көгөрөт дечү эле».* *(Райкан).*

Бул — колуктудан өткөн кез, т. а. төрөп-түшүп, алдын бала, артын мал басып турган учуру. «Баланча келин алды» (кээде колукту да ушундайча айтылат). «Түкүнчөнүн келинин ак этек басты» (Төрөгөн ургаачы, төрөп-түшүп турган учуру). Аларга карата: «Көшөгөсү көгөрсүн», «барган жерден бак айтсын», «ак этек бассын», «кайын журтуна ымаңы ысык болуп, алкышын алсын» деген өңдүү каалоо-тилектер айтылат.

**Зайып.** *«Карымшактын зайыбы,*
*Кай жеринде айыбы».* *(Эл ыры).*

Бул — ургаачылардын токтолуп калган учуру. Муну «аял» деген ат менен да алмаштырабыз. «Баланчанын зайыбы, түкүнчөнүн аялы» — деп, алмак-салмак кош маанide айтыла берет. Андан жашамык тарткан, жашап калган ургаачыны катын дейт. «Сарт байыса, там салат, кыргыз байыса, катын алат» (макал). Кыргыздын табиятында

«Аалыбайдын катыны» дегенден көрө, «Аалыбайдын зайыбы же аялы» деп айтыш, албетте, сылык угулат.

**Эмчектеш.** *«Эмчектештен экөө бар,*
*Эр жеткенден бирөө бар».* *(Эл сөзү).*

Бул — эне сүтүн өз баласынан башка бирөөлөргө эмизүү. Көбүнчө өз энесинин эмчегинен сүт чыкпаса, баласын тойгуза албаса, же энеси ооруп, ж. б. себептери болсо, бир туугандарынын энелери же кошуна-колондору эмчегин эмизип, наристени тирдентип алган. Ошондон балдар-кыздар «эмчектешпиз» дешет. Биздин салтыбызда эмчектештер, албетте, бири-бирин кыйышпайт, эмчек сүтүн берген энени сыйлашат.

Жер үстүндө эки зайып бар. Аларга алтын-күмүш тете эмес, эне сүтү эч нерсе менен төлөнбөйт.

Бири төрөгөн, бешикке салып бөлөгөн, (албетте, бешикке байбичелер аземдеп салат дечи) 1-терметкен, бешик ырын ырдап, эмчек сүтүн берген өзүмдүн кара чечекей энем. Эмчек сүтүн берген, ийип эмизген, демек, ак сүтү аркылуу жылуу өмүр жүгүрткөн, боюна тарткан энем, ал — 2-энем — эмчек энем.

*«Жатат мында кулуп, ойноп периште,*
*Бир сөз билбейт, болкулдатып эмгенин.*
*Бирок, мезгил келет айтып беришке,*
*Ким экенин, жарыкка не келгенин».* *(Р. Гамзатов).*

**Киндик эне.** Жер энеден турат. Ыңаалап, жарык дүйнөгө келген балакат «Жети энем бар» — деп, жерге түшөт. Өз эне (апа), аяш эне, чоң эне, тайэне, кайын эне, өкүл эне. Анан алардын эң эле алгачкысы киндик энеси бар. Бул — наристенин киндигин кесип, киндик канын жерге тамызган эне. Ошондуктан киндик кан тамган жер, анын абасы мисир жана ыйык. Ар дайым жанында сакталат. «Эл четинде, жоо бетинде» жүрсөң да, медер тутасың, демөөр аласың. Ушундан улам киндик энени бала киндигин кесип, кирин жууганы үчүн ыраазы кылат. Шартка жараша ага козу-улак өңөртчү, карындан май томурулчу, унталкан берүүчү, кездеме коюп, көйнөк кийгизип, чепкен жаап, ар ким колунда бар жолдугун жасаган. «Ал баланчанын киндик энеси», «Сенин киндик энең ошол» өңдүү сөздөр айтылат. «Менин киндик энем» — деп, дээринде барлар урматтап турат.

**Үй-бүлө** — эрди-зайып, ата-эне, балдар жана жакындардан турган топтун аталышы. Бул — коомдун өзөгү, эң кичинекей өрнөгү, үй-бүлө очогу болот. Коом үй-бүлөдөн ку-

рулат. Мында үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара милдеттери бар.

1. Жубайлардын өз ара милдеттери;
2. Ата-эненин балдарына, балдардын ата-энелерге карата милдеттери;
3. Бир туугандардын өз ара милдеттери;
4. Тууган-туушкандардын (аталаштардын, ага-инилердин балдарынын, кыйыр туугандардын) өз ара милдеттери болот.

Эми жубайлардын өз ара милдеттерине: учкай токтоло кетели. Жубайлар — үй-бүлө очогунун эң негизи. Бул үйлөнүү аркылуу ишке ашат. Ошондуктан адам муктаж бардык нерсени эненин кучагынан, атанын очогунан табат. Эркек тышкы иштерди, аял ички тиричиликти тейлөө аркылуу эриш-аркак жашайт.

Пайгамбар: «Аялдарга урмат-сый көрсөтпөгөндөр начар адамдар» — деген. Аялдар күйөөсүн үйдүн башчысы катары таанышы зарыл. Тапкандарын сарамжалдуу, ак-дилде жумшоосу тийиш. Күйөөсүнүн ар-намысын тышта да, ичте да коргоосу керек.

Балдарын жакшы багып, тарбиялап таалим берүүсү — коом алдында да, кудай алдында да жоопкерчилик.

Балдардын ата-энеге жакшылык кылышы — кудайдын кур болбошу...

«Улуу баланын укугу беркилердин алдында атанын укугу менен барабар». Бул — Пайгамбардын айтканы. Ошон үчүн «Тун бала туу болот» — дейт.

Үй-бүлө очогу тууган-уруктары менен кубаттанат. Пайгамбарыбыз: «Атасы жок бала үчүн тайакеси ата, тайэжеси, тайжеңеси эне ордуна жүрөт» — деген.

**Талгак болуу.** «Зайыпты — башынан, баланы — жашынан» — дейт. Ичтен түйүлдүк пайда болоору менен эненин тамакка табити тартпай, анын жытын искесе, кускусу келет, көңүлү айныйт. Бул — бойго бүтүү белгиси. 4—5 айлык болгондо, энеге ичтеги баланын кыймылдаганы билинет. Ошондо эне тамактардын бирөөсүн ашкере күзөйт. Ошого тойгусу келет, т. а. талгак болот.

Талгак — тамактардын ичинен бирдемеге ичтейн келип туруу. Аны бир нече курдай тоё жеш-ичиш. Улуу болумуштарда, мисалы, «Манаста» Манастын энеси Чыйырды жолборстун жүрөгүнө, бүркүттүн жүрөгүнө талгак болгону айтылат. Үй, жапайы жаныбарлардын ич эттерине, ойдо жок нерселерине, кээлери бир жытка ж. б. талгак болушат. Көпчүлүк зайыптар каадалуу ичилип жүргөн тамак-ашка көңүлү ченебей чаап турат. Демек, ошол чакта сүйгөн та-

магын сөзсүз жеп-ичиши аркылуу ал талгагы канды, ичте бала ойдогудай асырады болот.

Албетте, энеге тынчтык, үй-бүлөдөгү камкордук баарынан зарыл. Муну «ит талгак» дейт. Айрымдар бир нече жолу витаминдүү тамактарды күзөйт. Шартка жараша кийинки чактарда виного, пивого, аракка талгак болгондор чыкты. Андан төрөлгөндөр акыры жакшы адам болбойт. «Эгер талгагы канбаса, баланын бети-башы чуңкурайып калат» — деген ишеним да бар.

Ит талгак — көрүнгөндү самай берүү. Демек, шарты келсе, ошолорду орундатуу керек.

## Үй-бүлө, анда эркек менен аялдын алган орду.

*«Асманда булут барында,*
*Малым бар деп ишенбе.*
*Азирейил барында,*
*Жаным бар деп ишенбе.*
*Кары да бол, жаш да бол,*
*Катын да бол, эр да бол,*
*Кадырлашкын тирүүңдө».* *(Муратаалы бий).*

«Үй-бүлө — өзүнчө мамлекет» — дешет. Олуя чалыштар «Мамлекетти башкарууга караганда үй-бүлөнү тескеп салуу кыйын» — деп келген. Анткени менен адептүүлүктүн изи аркылуу бул чакан «мамлекет» жеринен жашоодо. Биздин баамыбызда, эркек (ата) үйдүн ээси аталуучу. Анын оозунан тамганы калгандары үчүн мыйзам болоор эле. Бала-чакасынын пири катары сезген ал өзүн үй-бүлөнүн камын көрүүгө жооптуу сезчү. Сезип, мүмкүн катар өз боюн өзү түзөп, көпчүлүктүн катарына кошулуучу. Муну балдары туюп туруучу. Энеси да эрин туу тутуучу. «Атаң айтты», «Атаң эмне» дейт, «Атаң урушат», «Кой дечи, атасы», «Атаң келгенде жейбиз». Алыс сапар кетсе, жол карап: «Э, ээ, кокуй, атаңар эмнеге кечикти», «Деле, соо болсо экен?» — деп чыйпычыктап туруучу. Бул, биринчиден, эне баланы тарбиялоодогу кылдаттыгын билдирет, экинчиден, атанын ролун ого бетер арттырат. Үчүнчүдөн, ата-эненин ич ара мамилесин балдарга билдирип, «Силер да ата-эне болосуңар, бири-бириңерге так ушундай мамиледе болгула?» — деген насаатты калтырат. Баарыдан мурда, ата башында турган үй-бүлөдө жашоо-тиричилик өз нугунда жүрөт. Мында балдардын туюмунда: «Атамды энем баштап абдан сыйлайт тура», «Атамдын жолун жолдогон», «Атамдын айтканы айткан», «Атаң келсин», «Атаң урук-

сат берсе», «Атаң эмне дээр экен», «Апа, атама өзүң айт», «Атам урушат го?» — деген ой уюп калат. ...Мына ушундай ой толгоолордун артында алтын-күмүштөй адеп, ыйман билинип турат. Ушундан улам: «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн», «Атамдай адам», «Атамдай көрөм» деген өңдүү накыл сөздөр жаралган.

Кыскасы, эркекти (зайып эрин) абалы, үй ичи көтөрмөлөгөн. Аял деле албетте, барктуу болгон. Шариятты бек тутуунун натыйжасында эринe акаарат сөз тийгизбөө аялдын жадында жүргөн. «Аял жакшы эр жакшы, вазир жакшы кан жакшы». Алмуздактан бери айтылып келе жаткан ушул накыл ар бир үй-бүлөнүн кулагындагы сырга болгон.

Ооба, үй ээси — эркек. Ал — үйдүн пири. Маселе ошол аркылуу чечилет. Жакшы аял — анын жардамчысы. Ал ага акыл кошот. Өзүнүн назиктиги, эр сыйлоосу, сөз тыңдоосу, жууп-чаюусу, бала-бакыранын ичинде, эл арасында, дасторкон үстүндө эрин сыпаттоосу, кир жугузбоосу, жүрүш-турушун оңдоп-түзөөсү, катарга кошуусу менен ургаачы заты көпчүлүктүн көз кырында турган. Ошондо бабалар баштап айткандай, начар эрин орто, орто эрин жакшы, жакшы эрин мыкты, аны мыктылардын мыктысы кылат. «Атаң көрү, чиркин, менин эле аялым болуп калсачы» — дегендер бар. Андайлар кир кийим кийгизбей, жаман тилин тийгизбей, жанга өлчөлүү жар болуп чыга калат. Ушундан улам: «Энесин көрүп, кызын ал; эшигин көрүп, төрүнө өт», «Жакшы эненин перзенти» — деп айтышкан. Ошондойлорго куда түшүүчү. «Өз башындагы төөнү көрбөй, киши башындагы чөптү көргөн» зайыптардын акмакчылыктары, албетте, өзүнө теменедей сезилгени менен, башкаларга төөдөй билинээрин алар баамдоолору зарыл.

Совет доорунда аялдардын таламын талашкан саясат ошондуктан кризиске чалдыккан. Бир гана эркек шордуулар күнөөлүү болуп келген. Арийне, аял да эркек сымал адам, демек, анын адам аты болгондон кийин адамга таандык адамкерчилиги, акмакчылыктары да болоорун биздин мыйзам ээлери анда сезген эмес. Арийне, андай жорук төркүндөрүн да жер каратып коёт.

Кыздын барган жеринен «ак этек» басып, «жабылуу кара иңген болушу» — төркүндөрүнүн намысы, желпинип чыгыштык кылып, бешик түртпөй, эшик түртүп, жел таманданып калышы — элинин намысы! Бир чактары «Немкалар назиктиги, француженкалар сырткы-ички сымбаты,

советтик зайыптар партиялык уюм аркылуу эрлерин башкарат» — деген эл аралык аңыздар келип чыкканын билебиз.

## БАЛАГА БАЙЛАНЫШТУУ КААДА-САЛТ, ЖӨРӨЛГӨЛӨР

**Азан чакыруу.** *«Атын коюп берсин» — деп*
*Атасы элден сурады*
*Кутмандуу элдик карыя*
*Күмүштөй сакал сылады.*
*«Аты Чолпон болсун» — деп*
*Ай нурун төккөн убагы»...*

Бул — жаңы көз жарган наристеге энчилүү ат коюу аземи. Ыңаалап бала көрүнөөрү менен карыялардын бирине үй ээси кайрылат. Атайын азан чакырып берүүсүн өтүнөт. Азанчы даарат алып, адалданып, эки колу менен кулак какты кылып, кыбыланы карап, теребел тегиз укчудай «Аллоо акбарды» үч кайталап, көтөрүңкү айтат. (Азан чакыруунун текстин киийрген жокпуз) Балага ат коюунун ар кандай шарттары бар: 1-ден, азанчы асан айтып жатканда ойлонуп отурбай, оюна келгенин, көзүнө көрүнгөнүн атап коюу адаты болгон. Мисалы: Туткуч, Койлубай, Малдыбай, Жылкычы, Уйлубай, Таштанбек, Чолпонай, Жылдызкан, Чанач, Отунчу ж. б.

2-ден, баланы кандай кырдаалда төрөлгөнүнө байланыштуу да аттар коюла берген. Мисалы: көчүп баратып төрөп салса, Көчкөнбай, Көчаалы; жаңы конушта көз жарса, Конушбай, Конушбек; тезек терип жүрүп төрөлсө, же тезекти карап туруп деле Тезекбай атоо ж. б.

3-дөн, ата-эненин сүйгөн аттары болот. Азанчы алардын өтүнүчүн аткарып, ошол аттарды коюп берет. Мисалы: Арстанбек, Алмазбек, Болотбек, Кундуз, Күмүшай, Турсунай, Айнур, Күннур, Нурайым ж. б.

4-дөн, өткөн бабаларын, энелерин эскерип, ант-арбактарды урматтап, ошолордун аттарын кайра коюу жөрөлгөлөрү да болгон. Мисалы: Ормон, Жантай, Балбай, Сыргак, Чубак, Бакай, Сүйүмкан, Апал, Сейтек, Үпөл, Зулайка, Айчүрөк ж. б.

5-ден, аптанын бир күнүндө төрөлсө, аны атап да коюшат. Мисалы: Жума, Дүйшөмбү, Ишенбай, Шаршембай, Бейшенаалы, Шейшенаалы ж. б.

6-дан, молдолор куран аттарына айрыкча назар таштаган: Аалы, Үрүстөм, Шаймерден, Жансуп, мында пай-

гамбар-Сабаалардын аттары да кошо айтылат. Ыйса, Мукамбет, Сулайман, Осмон ж. б.

7-ден, балдарынын аттарын уйкаш коюу салты сакталган. Мисалы: Кадыраалы, Кыдыраалы, Сабыраалы, Жапараалы, Капараалы... Бактыгүл, Ырыскүл, Таалайкүл, Нургул...

8-ден, балдары токтобой жүргөн учурларда Токтобүбү, Токтобек деген аттар коюлса, жалаң кыз төрөлүп, эркек баланы көксөгөн учурда Бурулсун, Жаңыл, Уулкелди ж. б. ысымдар берилген.

Албетте, адамга туулуу парз. Ал өсөт, картаят. Табият берген жашты өткөрөт. Бул жарык жана жалган дүйнөдөн көчөт. Ошондо маркумга жаназа окулат да, ал азан чакыргандагы атына багышталат.

**Балага ат коюу каадасы.** Жарык дүйнөгө ыңаалап келген балага ат ыроолоодо кыргыздарда жакшы каада болгон. Чоң аталардын жолу улук эмеспи, ошондуктан: «Ата, неберелүү болдуңуз, сүйүнчү, эркек экен, кыз экен» — деп ага атайы кабарлашып, карынын карт денесин балкыткан. Албетте, бул — улууну ызаттоо, урматтоо жолун сактоо, Ата пайгамбар сабааларга жалынып, эшикке чыгып, кыбыланы карап, жоошуп жаткан теребелди айланта көз чаптырып, азан чакыра турган. Баланын атын чоң атасы коюусу — ошол элдин салттуулугун сактоо. Андай сыйдын артында «Ушундай алпылдаган абышка болсун, көп жашасын, тукуму өссүн» — деген ак тилек, адил ой жатат.

## *АТ КОЮУ АЙТЫМДАРЫ*

*«Азан айтып атын коём,*
*Теңир берген затын коем.*
*Уул болсо жоодон сактаар,*
*Эне эмизген сүтүн актаар*
*Атаандашпай малын багаар,*
*Жерин айдап, данын табаар.*
*Атасынын мээнети кайтаар,*
*Алдына дулдул тартаар.*
*А кыз болсо кырк жылкы:*
*Кийиз жасап, үйүн жабаар.*
*Энесинин ишин ачаар,*
*Гүлдөй гүлдөп, сайма саяр,*
*Ким болду экен?*
*— Уул экен, уул экен, уул экен!*
*Отун алып баксын элди,*

*Аты болду Отунчу,*
*Калкына кошулчу».*

**Бала оозантуу.** Бул — жарык дүйнөгө ыңаалап келген перзенттин оозуна биринчи ырымдап, энелер карын бузуп, сары май салуу, таттыктыруу. Оозу ачылып томурулган сары майдын андан аркысы жентекке берилет. Бешик тоюна коюлат.

Азыр наристелер төрөт үйлөрүндө төрөлөт да, андай ырым-жырымдар колдонулбайт. Бала суу, ширелүү суюктук, эненин эмчек сүтү менен наар алат. Эненин эмчек сүтү — ууз сүтү баланын тоюнушу үчүн жана тирлениши үчүн кулазык болуп саналат. Ошондуктан: «Эне сүтүм — эмчек сүтүм. Апа сүтүм — ак сүтүм» — деп айтылат. Эне ордуна биреөлөр эмизсе — элик сүтүм деп коюшат. Бала ирбийиңки тартса, тотукпаса: «Эне сүтүнө тоюнбай калган» өңдүү сөз айтылган.

**Сүйүнчүлөө.** *«Колуктусу эркек төрөп агамдын,*
*Чоң атага билгизүүгө кабарын,*
*Жөнөп калдым, таманымдан чаң чыгып,*
*Эх, буюрса, сүйүнчүсүн аламын».*

*(Э. Ибраев).*

Бул — жарык дүйнөгө келген наристени жакындарына, жакшы санаалаштарына кубаныч катары кабарлоо, анын эркек же кыз экендигин билгизүү үчүн бала-бакыраны, кээде чоңдорду деле биреөлөргө чуркатуусу. «Сүйүнчү!» — деп эшиктен кирип, эркек-кызын айтканда эле элибиз эч нерселерин аячу эмес. Көгөндөгү козу-улактардан чечип берген. Кийин көбүнчө акча сунууга өткөн, кездеме берген. Эгер балалуу болбой жүрүп, балалуу болсо, же эркек балалуу болбой жүрүп, эркек балалуу болсо, ырымдап, абалы өз боюндагы топчусун үзүп-кесип, бетаарчысын сүйүнчүгө карматкан. Кийин сүйүнчүлөгөн адамды өзүнчө ыраазы кылган. Элибиздеги кенен-кесир жайылган бул салтты улуу «Манастан» көрөбүз. Манас төрөлөрдө Жакып хан куржун толо карк алтынды атайын артынып, талаага кетет. Аны сүйүнчүгө барган Акбалтага карматат. Мындай жакшы салтты мындан ары талаптагыдай жанданта берүүбүз керек.

**Көрүндүк.** Бул — жарык дүйнөгө жаңы келген наристени уккандар барып көрүүсү, мурдунан чымчып, бетинен өбүү үчүн көрүндүк берүүсү. Аны доолаган адамга акчатыйын, буюм-тайым, кийим-кечек сунуусу. Мындай ырасмы кыргыз элинде кенен жайытылган. Мында купулуна

толууччу көрүндүгү жок болсо, «көрүндүктү кийин берем» — деп да наристени көрүүгө мүмкүндүк болгон. Үмүттүү кишилерден тамаша иретинде көрүндүктү арбын доолашып алуу жөрөлгөлөрү да бар. Мындайда сүйүнчүдөн жакшы санаалаштары шар кетип, арбын көрүндүк карматып, баланын ата-энесинин соболосун көтөргөн. Көрүндүккө мал да берет.

Жентек. *«Жети карын май бузуп,*
*Жентек берди айылга».* *(Эл ыры).*

Бул — наристе төрөлөөрү менен кошуна-колондорго жетине албай, зор кубаныч менен даам сыздыруусу. Болгон тамак-ашын ортого коюп, «кел бери» болуп туруусу. Жентекке сары май томурулат. Боорсок төгүлөт. Токоч сындырылат. Эт тартылат. Татымал коюлат. Суусундук болот. Кийин арак-шарап көп бузулуп, ансыз жентектин «бир татым тузу» кемигендей. Албетте, ал элдик салтка коошпойт.

Мурун сары май бузулуп, алды наристеге оозантылып, үйдүн карысына ооз тийгизилип, нарктуулукту билгизген. Жентек үчүн атайын мурунтан козу карын, кой карын, торпок карын сары май бузулган. Аны бала көз жарууга карата сактаган. Анын уландысы бешик тойго коюлган.

Жентектөө. Бул — жаш наристенин жарык дүйнөгө келишин урматтоо. Ага атайын назар таштоо. Кийим-кечек, акча-тыйын, буюм-кече менен баруусу, мал-сал жетелеп, тамак-аш бышырып келүүсү, баланын ата-энесине сүйүнүч туудуруусу. Муну элибиз жеринен жогору баалаган. Жакындары балага тай-торпок, кой-козу ыроолошот. Туш кийиз, шырдак, ат жабдык өңдүү салттуу жана адеми буюмдар да жентектөөгө түшөт. Жентектеп барган жери да жскече сыйын аябайт. «Сыйга сый, сыр аякка бал». Ошого тете тосуп, талаптагыдай кылып узатышат. Ага-туугандадын, куда-сөөктөрдүн, кайын-журттардын, жакшы санаалаштардын мындай абалтан асыл салттарын мындан ары табынан тайдырбай улоолору зарыл.

**Бешик той — бешикке салуу.** *«Термеле бер, термеле бер,*
*Биз бөлөнгөн арча бешик»*
*(Б. Абакиров).*

Наристенин төрөлүшү — ошол үйдүн чектен ашкан кубанычы! Бешик той каадалуу той катары берилет. Колунда барлары мал союшат. «Илгери анын бешик тоюна ак кочкор союлган» — деген сөз бар. Тай соёт. Чакырылгандар бирдемелерин ыроолоп алпарат. Ага: көйнөк-кече, ороо-

чулгоо, акча-тыйын кирет. Адатта, тайке-тайындары бешигин, шимегин жасатып, анын төшөнчү-орунчусун жасалгалап барышат. Той желет. Бешиктин култугу, эки олпогу, төрт жаздыгы, чарчы ороосу, кыпчыгы, шимеги болот. Булар — наристенин төшөнчүсү. Мунун бир мисалы: Набаттуу байбичелерибиз дасторкондон кийин, оң-сол чүкөлөрдү бешиктин беш жагынан көтөрүп эңкейтип, «бар бол» «оң бол» — дегенде, ал чүкөлөр култугунө түшүп кетет. (Ага дейре бешик менен шимекти майлап, арча аркылуу «аластап» алат). Ага колдорун тийгизип, ич ара ырымдашкан байбиченин эки тарабында отурушуп, наристени жаткырышат. «Бешик апа, бек карма, Умай эне, уйку бер» — деп, баланы таңат. Жуурканы, куржуну, кабы, баштыгы болуп, жети нерсени бешикке жаап, төрөгөн энесине карматат. Ал көтөрүп алып, төрдөн эшикке, эшиктен төрдү көздөй жүгүнөт. Байбичелер алкашат. Баталарын беришет. «Алдей, алдей ак бөбөк. Ак бешикке жат бөбөк...» Эми бешик терметилет.

Кыйла жылдары өткөндүн саркындысы, артта калуучулук катары бешикти жериген кездери да болгон. Бешик — ыйык буюм. Себеби, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Бул — баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн тээ ата-бабалардан, касиеттүү Умай энеден калган табарик. Көчүп-конууга да ойдогудай шартташкан. Көчкөндө өз энеси өңөрөт. Жыгылып кетсе, баланын эти оорубайт. Анткени аны бешик сактайт. Ал ошондой оңтойлуу жасалган. Каада-салтыбызды, үрп-адатыбызды кайрадан жандандырууга жан-дилибиз менен аракеттенип жатканда Жунушбаев Мадис (Нарын шаары), Сабырдинов Айылчы (Балыкчы шаары) өңдүү ондогон усталардын жасаган бешиктерине кардарлар арбын түшүп турат.

Бешикке салуу аземи бала төрөлгөндөн 40 күндөн кийин башталат. Наристенин карын чачы так ошондо алынат. 40 кашык сууга кара тузду татытып, ага киринткенде баланын эти бышып, ырбаак болбойт.

**Наристенин кыркын чыгаруу.** Бул — көз жарган балага карата болгон ырым-жырым. Наристе төрөлүп, тупа-туура 40 күнгө толгондо айылдагы байбичелерди чакырат. Баланын энеси колунда бар дасторконун жайып, тамак-ашын коюп, наристени сууга киринтишет. Чачын алат. Кырк кашык сууну куюп, ага туз кошуп, баланын денесин чайкашат. Бул баланын денесинин чың болушуна өбөлгө түзөт.

Илгерки ырымда 40 түрдүү чүпүрөктөн (түрлөрү 40 болбосо да бир нече түстөгү чүпүрөк) көйнөк тигип, (кээде төрт-беш эле өңдөгү кездемелерден тигишип), ичин

сыртка каратып, балага кийгизет. Кырк курактан «Куракчылык өнөрү келип чыкты» — деген кеп бар. Баланын чачы жан баспай турган, жашыруун жайга коюлат. Байбичелер дасторконго бата тилешет. Ал бата өмүрү узун, бизден улуу жашты жашасын — өңдүү мазмунда берилет. Мына ошол учурда баланын тырмагы да алынат. Кийин наристенин кыркын чыгаруу өтө өзгөрүлдү. Антип көйнөк тигип, кутмандуу байбичелерге ырым-жырымдатпай, алардын батасын албай, дүкөндө даяр бөлөө-чулгоолорду сатып алып кийгизишет. Биз эски үрпүбүздү баалап, сактай жүрүүбүз оң.

**Бешик терметүү.** Адатта, бош турган бешикти терметүүгө болбойт. Наристе — Ата Мекендин болочок ээси. Албетте, бөбөк бөбөктүү болгондон тартып бешигин терметүү шыбагасы, бир чети түйшүгү пайда болот. Муну терметүү — аны уктатуу. Бешикке бөбөк жөн эле уктатуу үчүн бөлөнбөйт. Ошого карата назик терметүү аркылуу ар түрдүү жакшы ойлор, тилектер айтыла берет. Ал «Бешик ыры» деп аталат, мисалы:

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Элин багып, сыйлаган,*
*Эл менен бирге жыргаган,*
*Эмгекчил болгун, бөбөгүм!*

* * *

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Калкын багып сыйлаган,*
*Калк менен бирге жыргаган,*
*Камкор болгун бөбөгүм!*

* * *

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Короон толгон койлуу бол,*
*Өрүшүң толгон малдуу бол!*
*Кампаң толгон дандуу бол!*

* * *

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Куштар менен сүйлөшкөн,*

*Кушту таптап үйрөткөн,*
*Мүнүшкөр болгун, бөбөгүм!*

* * *

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Колунан көөрү төгүлгөн,*
*Өнөрү көзгө көрүнгөн,*
*Өнөрпоз болгун, бөбөгүм!*

* * *

*Алдей-алдей, бөбөгүм,*
*Алдей-алдей, бөбөгүм!*
*Бабаң айкөл Манастай,*
*Баатыр болгун, эр болгун,*
*Кабылан болгун, шер болгун!*

Бешиктеги наристе мукам ыр менен кошо термелет. Бешик ыры байыртан ырдалып келет. Мында үн менен ырдын ыргагы, күүсү бешиктин термелиши менен үндөшүп, бир калыпта солгун ырдалат.

Бешик ырында ата-эненин, ага-эженин балага болгон мээрими, сүйүүсү күчтүү сезилет.

*Алдей балам, ак балам,*
*Ак бешикке жат, балам,*
*Айланайын көзүңдөн,*
*Атасына нак балам.*
*Айланайын чырагым,*
*Колго бүткөн курагым.*
*Жакадагы күндүзүм,*
*Асмандагы жылдызым.*

Мындай ырлар — ошол мээримдин, сүйүүнүн мисалы. «Бешиктеги баланын бек болорун ким билет».

Кийин бешик ыры жаңы мазмун менен байыды. Буга Алыкул акындын төмөнкү ыр саптары күбө:

*«Күндөрү ойноо, тентек бала кезиңдин*
*Ачып кирер жаңы заман эшигиң.*
*Укта, бөбөк, бардыгына жетерсиң,*
*Ай менен Күн ортосунда бешигиң.*
*Укта бөбөк,*
*Уктай гой,*
*Убайымсыз*
*Жыргалга ашар сендеги ой».*

Ал эми кытайлык кыргыздардын бешик ырлары мындай башталат:

*Ообай, ообай, ообайым,*
*Оозума таттуу балдайым.*
*Как өзүңө ылайык,*
*Каймакка быштыы буламык.*

*Жуумп көзүң уктай тур,*
*Жуулбай турат көл кашык.*
*Алдей, алдей ак балам,*
*Апакеңде не жазык.*

*Сал, сал, сал билек,*
*Сары майга мал билек.*
*Кунан койду сой билек,*
*Куйругуна той билек.*

*Алдей, алдей, алдейим,*
*Артымда калар белегим.*
*Алдей балам не ыйлайт?*
*Аргымак минем деп ыйлайт.*
*Ага токуур ээри,*
*Ак күмүш болсун деп ыйлайт.*

*Козудан тандап сойсун дейт,*
*Куйругуна тоём дейт.*
*Апакем берсе мамасын,*
*Анан ыйым коём дейт.*

*Коргосоң эли-журтуңду,*
*Көтөргүн оң бутуңду.*
*Көзүндө калы бар бекен,*
*Көрөгөч болор неме экен.*

*Багар болсоң журтуңду,*
*Көтөргүн оң жак бутуңду.*
*Төбөдө турат уюлу,*
*Төрүбүздүн кутубу.*
*Төөлүү кылсаң үйүңдү,*
*Көтөргүн оң жак бутуңду.*

## АДАМЗАТ ПЕНДЕЛЕРДИН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Баланын аталыштары мындай:**

— Кызыл эт, чиедей, ымыркай бала,
— Көз ача элек бала,
— Наристе бала,
— Көз ачып калган бала,
— Ата-энесин таанып калган бала,
— Күлүп калган бала,
— Моюн токтотуп калган бала,
— Талпынып калган бала,
— Кыркы чыккан бала,
— Чүрпө
— Балтыр бешик бала,
— Отуруп калган бала,
— Балакай
— Эмгектеп калган бала,
— Каз туруп калган бала,
— Там-тум баскан бала,
— Тушоосу кесилген бала,
— Басып калган бала,
— Тили чыккан бала,
— Чуркап жүргөн бала,
— Ата-энесин ээрчип жүргөн бала.

Албетте, мындай атоодо бөбөк, кыз бала, эркек бала — деп айта берүүгө болот.

— Өңөрүп жүргөн бала,
— Айырмач минген бала,
— Учкашып калган бала,
— Бата тилеп калган бала,
— Колго суу куюп калган бала,
— Ат сугарууга жарап калган бала,
— Мал тосуп калган бала,
— Мал кайтарып калган бала.

**Эми эркек балдарды бөлүп айтууга болот:**

— Тестиер бала,
— Балакатка жеткен бала,
— Боз улан-бозой, жигиттик учур,
— Жаш жигит,
— Кыр мурут жигит, эр жигит.
— Берен
— Токтолгон курак,
— Эр ортону,

Улгайынкы курак

60 жаш — карылыктын алды, карылыктын башы
70 жаш — карылыктын жашы
75—80 жаш — кары (абышка)
85—90 жаш — карылыктын арты
90—100 жаш — бук түшүп куураган

Урпаачылардын:

— Секелек кыз
— Тестиер кыз, (топучан кыз)
— Беш көкүл кыз (бийкеч, тебетейчен кыз)
— Селки
— Колукту (шөкүлөчөн)
— Келинчек (элечекчен)
— Жубан-Зайып (аял) (каз элечекчен)
— Төрөп турган зайып — каз элечек
— Төрөттөн калган аял
— Улгайынкы зайып (аял)
— Байбиче (казанбак элечекчен, кемпир)

## БАЛАНЫН АКЫЛ-ЭСИ, ЭС ТАРТУУСУ

Бала 3—4 жаштарында улуулар айткан төмөнкүдөй жөнөкөй сөздөрдүн маанисин түшүнөт: «Отур», «тур», «байкени, эжени карачы». Мына «байке» деп айт, «эже» деп айт. Ошондой эле ата-апасын, «чоң ата», «чоң эне», «таята», «тайэне», «тайаке» сыяктуу аталыштарды билип калат. Тууган-уруктун ысымдарын билип алат. Сөздү, буюмду нерсени, кийимди, тамак-аштын айрым түрлөрүн так айтууга, көрсөтүп берүүгө дымактанат.

5—6 жашар балдар тууган-уруктарга салам берет. Боору тааныйт, эркелейт. Оюндун кызуусуна терең батып калат. Мына ошол оюндар аркылуу турмуштун бир жактарын туурай баштайт. Алар улуулардын кыймыл-аракеттерин туурайт. Бул накта балдардын кыялына мүнөздүү. Мында эркек бала менен кыз бала анча айырмаланбайт. Эркек балдар чүкө өкчөйт. Мындай көрүнүштөр 6—7 жаштарда кызыгууларын ого бетер арттырат. Кыз балдар куурчак жасап ойнойт. Алар апаларынын, эже-жеңелеринин кол өнөрчүлүгүнүн башталышын тууроо аркылуу үйрөнүүгө баруусу. Тууроодон бара-бара таасирленүү пайда кылат.

5—6 жаштарда балдар чүкө ойногусу келет. Кыз балдар эне-эже аркылуу, мисалы, жүн тытат, учук саптайт. Айырмачка минет. Сүйлөгөн сөз төркүнүн азда аңдайт. Экөө тең үй-музоо, бээ кулун, кой-козу, эчки-улак дегендерди билип калат. Жардам берүүгө дымактанат.

7—8 жашта атка мингизип койсо, мал тосууга, сөздү так түшүнүп, бирөөлөрдү чакырып келүүгө жарайт. Мектепте эреже-жоболорго моюн сунат. Окуучулук милдетти толук аткарат. Кыз балдар чай кайнатууга, чай коюуга жарайт. Сайма саюунун, түймө түйүүнүн, бирдемелерди жөрмөөнүн жөнөкөй аракеттерин кылат.

9—10 жаштарда тал-төөндөй боло баштайт. Мал-жанды жайлайт. Тай-кунанга өздөрү мине алат. Кыз балдар үй тирдөөгө жарайт. Төшөк салууга, төшөк жыйноого, казан-аякты ирээттөөгө катышат. Чыйрак балдар атка бирдеме өңөрүүгө, талаа-түздө мал кайтарууга, үй оокаттарына, тышкы чарба иштерине өзүн милдеттүүдөй сезет. «Орозонун баласы онго чыкканча жаш болобу?» — деп, ата-эне, ага-тууган аны колдон келээр иштерге чегет.

11—13 жаштар тестиер курак. Сезимдери ойгонот. Чоң адамдардын айрым мүнөздөрү келет. Балакатка жетүү. Анда эркек балдарды мурдунан көпкөн учур дешет. Бир аз желигүү пайда болот. Кыз балдар үчүн бул курак өткөөл мезгил, бойлорун түзөйт. Улуулардан уялуу, ийменүү, адептүүлүктүн, ыймандуулуктун көпчүлүк сапаттары кирет.

14—16 жашарда акыл-сезимдер, адамдык сапаттар андан ары тереңдейт. Уул уяты, кыз кылыгы баамдалат. Бул жаштарда кыз балдар беш көкүлдүк сапаттарга ээ. Балдарга караганда кыздардын турмушка көз карашы артылат.

17—18 жаш — бул боз улан чак, балдар жар күтүүгө дымактанат. Кыздар болсо бой жетип, болукшуп турган учуру.

## ЖАШ ТУУРАЛУУ

Атактуу окумуштуулардын илимий-социологиялык талдоолоруна, иликтөө-изилдөөлөрүнө караганда адамдардын жаш курактары болжол төмөнкүдөй бөлүнөт. Биз жаш-куракты жикке бөлүштүрүүдө доктор Л. Я. Рябчиктин пикирине таяндык.

1. Бала чак — 0—10 жаш.
2. Өспүрүм кез — 11—19 жаш.
3. Биринчи жаштык — 20—25 жаш.
4. Экинчи жаштык 36—45 жаш.
5. Үчүнчү жаштык — 46—55 жаш.

6. Жетилүү — 56—65 жаш.
7. Улгаюу — 66—85 жаш.
8. Карылык — 86—100 жаш.
9. Көкшүн — 100—120 жаш.

Албетте, мындай жиктештирүүдө жер шартын, абаырайын, адамдардын жашоо-тиричиликтерин, ден соолуктарын эске алуу керек. Кыргыздар 50 жаш — эр ортону, 60 жаш — карылыктын башы, 70 жаш — карылыктын жашы, 80 жаш — селейе түшүү (карылык толук келди), тамактан калуу, үнүтүү, момун тартуу, 90 жаш — тоголок, көп баспай, эрмеги уйку, күнү түн болуу, үйгө кирип-чыгуу, от маанектөө, жылуулукту сүйүү.

Кеп көп жашоодо, кылым кыйырын картайтууда эмес. Ошол улуу жаш эмнеге жарады, ага карылык нускасы кандай келди, ойдогудай карыдыбы? Же «жашында калжан болсоң, карыганда мылжың болосуңбу», карылык сыйы барбы? Артында кандай кеп-кечеч калды? — Кеп мына ушунда. «Момундун ишин теңирим колдойт» — дейт. Кийинки урпактарын уятка калтырбай, ажалга моюн сунуу — тирүүлөрдүн ыйманы, ыйык милдети.

Тушоо кесүү (тушоо тою). Бул — бала бир жашка чыкканда, б. а. жыл маалына төп келгенде өткөрүлө турган салттуу жөрөлгө. Ата-эне мал союп, айыл-апага той берет. Ага карата жайында кымызды көрөңгүлөтөт, кышында бозо кордолот. Той ичип-жегенден соң тойго катышуучулар балага ак баталарын беришет. Тойдогулар жапырт эшикке чыгышат. Демек, тушоо кесүү аземи башталат. Там-туң баскан баланын эки бутуна кара-актан чалынган (эшилген) жипти каршы-терши казыкбош чала байлашат. Топтолгон балдар бута атым аралыктан чуркоого коё берилет. Алар жарышып келишет. Озгон бала колдогу бычакты алып, баланын бутундагы ала жипти чарт кесет да, башкы байгени алат. Мында да кадимкидей баш байге (биринчи байге), экинчи байге (бирдин арты), үчүнчү байге (экинин арты) коюлуп, бир тобуна байге берилет. Байгеге тай, торпок, кой, козу, улак, акча ж. б. ылайыкташтырыла тартылат.

Кийинчерээк арак-шарап да ыйгарылууда. Бул — илгерки салттан сырткары көрүнүш. Тушоо кесүүдөгү биринчи күлүккө баланын бутундагы жипти кескен бычак кошо берилет.

Тушоо кесилгенден кийин баланы эки колунан «тайтай, тай» — деп, тайтайлашат. Мына ушундан кийин чалынбай-жыгылбай, зор ишенимде баланын шар басып кетүүсү башталат.

Тушоо кесүү — баланын бир жаштагы тоюу. Ошол үйдүн шартына байланыштуу эркек балдар өзүнчө, кыз балдар өзүнчө, улан-жигиттери өзүнчө, кыз-келиндери өзүнчө, улгайгандар, зайыптар өзүнчө чуркашып, тойдун дэмин шаңдандырып, жандандырып, мартабалуу кылып жиберишет. Ошого карата, албетте, байгелери коюлат. Кой союлат, тай союлат. «Алыбек алдына жараша» айрымдары жупуну эле тушоо кесүү ырымын жасашат. Ырым кармап, тушоо кесүүнүн салтын өткөрбөй койгондор да кездешет. Тушоо кесүү салтына байланыштуу «тушоосу ошондо кесилген» (анын ишинин оңоло баштаганы), «тушоосун оңо кескен» (көтөрмөлөп жүргөн адам), «тушоосу кесилбей калган» (ишинин уңгуйунда оңдой-берди болбой калышы) өңдүү өтмө маанидеги түшүнүктөр айтылат.

Бул ырымдын башатында ар бир аракеттин, нерсенин ээси бар, ошол жөнгө салып турат, демек, там-тун баскан баланын да ээси болушу ыктымал деген көз караш түшүнүк жатат жана буга байланыштуу баланын тушоосун кесүү ырымы пайда болгон. Кыскасы, мындай көз караш баланын тушоо кесүү ырымын жараткан.

*«Жашы бирге чыкканда,*
*Эмгек тише жартканда,*
*Тушап туруп тушоосун*
*Бычак менен кыркканда,*
*Жарыштырып балдарды,*
*Кадыр-кыйын карттарды,*
*Дасмаалап той берет,*
*Чыкканына кол берет».* *(А. Чорбаев).*

Чач алдыруу, кулак көзөтүү, чач өрдүрүү. Чач алдыруу — көбүнчө эркек бөбөктөргө байланыштуу ырым-жырым. Аны жасатуу — ата-эненин демилгеси. Бул ушул ырым санашкан же ниетин чапкан адамына кийим-кечек, буюм-тайым алып, тамак-аш куржуну менен келип түшүүү. Келүү максатын түшүндүрүүсү. Түшкөн үй ал коноктун кутунат. Баланын «чачын алды» кылып, кайчы, устара айкылуу ырымдайт. Негизи кыргызда ага бодо мал энчилеген.

Кыз баланын кулагын көзөтүүнү менен чачын өрдүрүү ырым-жырымы жогорудагы салттан анча айырмаланбайт. Ошондой жол-жоболор менен эле келип түшөт. Кулакты ургаачы көзөйт да, агам жибек жип өткөзөт. «(Ырбап кетпесин) үчүн ага иттин жүнүн ширатып өткөрүүчү). 4—5 жаштагы кыздардын кичине өрүүгө жарайын деген

чачын «чымчып коет», «өрдүрдү» кылып, мойнуна шуру, чачына көк мончок тагып берет да, колунда барын энчилейт.

Адатта, чач алдыруучулар, кулак көзөтүүчүлөр, чач өрдүрүүлөр колунда бар (мал чыкчу) жерди алдыртан көздөп келет. Мындай салттар элибиздин адамгерчилигин, мартабалуу сыйын, өз-ара биримдигин билдирген.

**Сөйкө салуу.** Бул — куда түшүүнүн башталышы. Сыр билги адамдардын сырдана мамилеси ич ара кадыр туткан каада-салттардан. Мал алып келүүсү (илгери тогуздап барып түшүүчү). Кыргызда абалтан күмүш сөйкө нарктуу болгон. Үй ээси урматтап тосуп, кайра кийит кийгизип узатуучу. (Бардарлар дейилде, лампук, манчытар, кымкап кийгизишкен). Айрымдары ушундан баштап, бологчок келини үчүн колунан келген уруктуктуу байлыктарынан алдыртан жылдырып берип турган.

Үйгө келгендер ошол үйдүн ички тиричиликтеринин тирденишине чейин көз салат: үйдүн тазалыгы, жүктүн жыйылышы, келди-кеттилерге илбиринкилиги, дасторкон жайып, чай куюшу, сунушу ж. б. Отуруп-турушу, көз карашы ички сындан өткөндөрдү кылтактап алган. Акырын кыздын башы ачык же ачык эмес экендигин билүүчү. Муну кыз тандоочулар айтып келип, баланы жолдош кошуп берип жиберүүчү. Аны бала жактырса, анан жуучу баруучу, кулдук уруучу. Эки тарап макулдашса, куда түшүп, сөйкө салуучу.

Кыздын жашы жете элек болсо, албетте, күтүшкөн. Ага дейре куда мал өткөрүп, калың себи даярдала берүүчү. Жигит бологчок колуктусун сыртынан акмалап, айла тапса, жеңелери аркылуу чанда көрө коюп жүрүүчү. Илгери жаштарда ээн баштык болбогон. «Кызга кырк үйдөн тыюу» ошондон калган. «Отко жакын шиш күйөт, энеге жакын кыз күйөт» — деп, кыз эс тарткандан баштап энеси ар бир кадамын, баскан-турганын баамдайт. Арыктан аттоонун, атка минүүнүн сыйда, сыпаа жолдорун үйрөтө берген. «Жакшы кыз кылыгы менен, жакшы ийне учугу менен» болуп, тамак ичүү, эл менен учурашуу, мейман тосуу ж. б. күндөлүк тиричиликтеги жол-жоболорду үйрөнүү боюнча ушул өңдүү күндөлүк тиричиликтеги жол-жоболорду үйрөнүү эже, жеңелери аркылуу турмуштук мектептен өткөн. «Уулду болсоң — узун сүйлөбө, кыздуу болсоң — кыя сүйлөбө», «Кыз жаманы — кыроо», «Кыз туудум, кылыгын кошо туубадым» — мына ушулар так ошондой тарбия-таалим аркылуу тапталган.

Мында куда болуучулар бири-бирине кулдук уруп, өз

ара ызааттташып, болочок жаш үй-бүлөлөргө түбөлүктүү камкордук көрүшкөн. Акырындык менен кыз-жигитте баш кошуу сезимдери пайда болгон.

Арийне, **«ала качуу»,** анын артында «соттошуу», артынан сая түшүп «кууп баруу», «ачуу басарлар», «чуу басарлар» өңдүү жан этти ташбыштыга салган доолашууларга караганда элдик даанышман бул салтты өз нугунда улап калуубуз керек.

**Сүннөткө отургузуу.** Бул — бөбөктү (3—5 жаштын ортосундагы уулду) мусулманчылыктын жышаанында ырымдатуу (чочогун кесүү). Абалы ага карата той берилет. Аны ар ким алына жараша жасайт. Сүннөт той — чоң той. Ал «баланы отургузуу тою» деп айтылат.

Илгери байлар, болуш-бийлер, манаптар, улуктар кыскасы, бардарлар сүннөт тоюн бир нече күндөргө создуктурган. Анда «улак тартылат», «ат чабылат», «эр эңиш», «балбан күрөш», «тыйын эңмей», «жамбы атмай», «ордо атмай» оюну болгон. Бир жерде кыз-жигит оюндары уланган. Карыялар дөңдө алдыларына суусундук койдуруп, санжыра чечишкен. Байбичелер келди-кетти, катыш-коюштардын жолдуктарын, жөрөлгөлөрүн жасашкан, келин-кесектер, улан-жигиттер шайдооттоно тойго кызмат кылышкан. Той аяктаган соң, жалпы элге бата тиленген. Милдеттүү коноктор аттанышкан.

Сүннөткө отуруучу баланын колуна кашка жиликтин устуканын карматып, кээлери токоч берген. Бул токчулуктун белгиси делген. Баланын колу жоолук менен таңылган. Чоң атасыбы, не чоң энесиби, айтор бирөөлөрү баланы алдына алып отурган. Ушул иштин чебери атайын колу жеңилдерден болгон. Ал баланын чочогун учкайраак кош чий менен «жанын өлтүрө» кыпчып туруп, белгилүү өлчөмүнөн «чырт» эткизип кесип койгон. Ырбап кетпеси үчүн илгери тезек-көңдүн күлү сыйпалган. Баланы жылуу жайга кармашкан.

Кыргызда баланы отургузуу ырымы азыр «сүннөт», «сүннөткө отургузуу», «колун адалдатуу», «колун адалдоо» деп аталат. Түштүк аймакта жашаган ичкилик, кыпчак тобунда «Хатна» деп да айтылып жүрөт.

Орто Азияда бул адат ислам дининин кирип келиши менен дагы да катуураак бекемделип, элдик эрежеге өттү. Хатна кылуу мусулмандык шарттын негизине айланды. «Улуу Хатна тою» — «перзенттин колун адалдоо», «отургузуу», «сүннөт тою» деп аталат.

Мусулманчылыкта 7 жашка чейин отургузуу белгиленген. Адатта, хатна так 1—3—5—7—9 жашта ишке ашырыл-

ган. Жаш баланы 2—4—6—8 жашында отургузбайт. Жуп жашында отургузган бала сезгенип калат. Тукум болбой калышы да мүмкүн. Кээде айрым балдар табияттан туба-са келгендей абалда түшөт. Мындай баланын атын мусулмандар «Сүннөт» деп коёт. Алар үчүн тою өткөрүлгөнү менен отургузулбайт.

Отургузуу үчүн даярдык чоң өткөрүлөт, Отургузууну айыл ичинде колунун усулу бар (жулукчу) уста, чач тарач гана жасаган. Бул учурда сүннөткө отургузулуп жаткан баланын үстүнө аял киргизилбейт. Атасы же айыл карысы кирип жаш баланын бутун кармап берген. Кескен учурда балага нан тиштетип, эки колун муздак сууга салдырып коёт. Кесилген жерге курмушу баскан. Кийиздин күйгөн көөсүндө кан тез токтогон.

Ушул күндөн баштап сүннөткө отургузулган уул наристеликтен балалык баскычына өткөн. Бир аптада бала түзөлүп, кадимкидей басып кеткен.

Мусулманчылыкта баланы өз учурунда сүннөткө отургузуу — атанын ыйык милдети. Дарыгерчиликте-табыпчылыкта мунун мааниси аябай зор. Кийинки чактары (айрыкча, аркалык кыргыздарда) врачтарды чакырып, жолдугун жасап, медициналык жактан «ырымдатып» коюшууда. Сүннөткө отургузуу зарыл түрдө керек.

**Ак кийизге көтөрүү.** Бул — балага ак бата алуунун бир түрү. Т. а. «балага бата берели» — деп, ал үйдүн баркын көтөрүп, золобосун чыгарып, баласын ак кийизге салып көтөрүү аркылуу мейман болуусу. Кой-козу сойдуруп жеш аземи. Улуу «Манаста» Манасты кичинекей чагында ак кийизге көтөрүүсү, Жакып ханды урматтоо вазийпасы жакшы сүрөттөлгөн. Ошондон бери салтка айланган. Мында ата-эне атайын тамак ичип, куштар санаалаштарынан эчтеке аябаган. Жарпы жазылып, жарык маанайда коноктоп коё алышкан.

**Мүчөлүү болуу (мүчө тою).** Бул — баланын балагатка жетүүдөгү алгачкы белгилүү учуру. Адатта, бала 13 жашка чыкканда бир мүчөлүү болот. Айрымдар ага арнап той берет. Ошого 12 жылды кошуп отурганда 25 жаш эки мүчөлүү, 37 жаш үч мүчөлүү, андан ары 49, 61, 73, 85, 97 ж. б. жаштар адамзаттын мүчөлүү жылдары болуп саналат. Мындан беш мүчөлүмүн, алты мүчөлүмүн деп айтылат. Ошол чактарын адам белгилеп, өзүнө да, малына да, дүнүйөсүнө да кудай алдында садага-секет берип, мал союп, кан чыгарып, кошуна-колоңдорго таратып, бата алып туруу парзы бар.

Атактуу маарекелер өтүп жатат. Күмүш тойлорун, ал-

тын тойлорун белгилөө демилгелери бар. Албетте, булар мүчөлүү болууга (мүчөлүү тоюна) ойдогудай шартташат.

Камбар Атанын тукуму жылкыны да асый, эки асый, үч асый дешибиз мүчөлүү болушун айкындайт. Илгерки карылар: «Өзүм да беш мүчөлүмүн, атым да беш мүчөлүү» — дешчү экен. Демек, ошондо өзү 73тө, аты беш асый (сегиз жашта) экенин баамдата турган.

Мүчөлүү болгондо өзүнүн ырым-жырымдарын милдеттүү түрдө жасоо шарттары бар.

Ал күнү байбичелер мүчөлүүнүн жаткан жайын, жууркан төшөгүн, бөлмөсүн жыт чыгарып, арча аркылуу аластап коюучу. Жети түрдөгү даамдан (суу, туз, дан, эт, май, мурч, жашылча) турган тамак-аш жасап, тегерек-четин чакырып ооз тийгизген, батасын алган. Көпчүлүк жерлерде ботко (көжө) кайнатылып, куйрук май, бөйрөк май катыктап койгон. Мүчөлүүгө, айрыкча, кыздарга кызыл көйнөк тигип да беришкен. Эски кийимдерин өрттөп коюшкан. Албетте, муну мааракe катары түшүнүшкөн.

Кээ бир адат-салттардын бири бирине карама-каршы келген жактары бар. Мисалы, кыргыз элинде баланын туулган күнүн эмес, анын ордуна туулган жылын белгилөө болгон. Бул мүчөлү дегенге жатат. Мүчөлүк белгилөө чыгыш элдеринин 12 жылдын жыл эсебине байланыштуу өткөрүлүп келген. Мисалы, чычкан жылында төрөлгөн бала кайта айланып дагы чычкан жылы келгенде 12 жашка чыгат. Мына ушул он эки жашы анын бир мүчөлү. Кийин он эки жашка (төрөлгөнгө чейинки деп) дагы бир жашты кошуп он үч мүчөлү (он жаштагы мүчөлү) деп белгилешкен. Ата-эне той тамагын даярдап, чогулуп жакшы тилектерин айтышкан, ырымдап баланын кийимдеринен башка бир балага (жармач) беришкен. Экинчи мүчөлү дагы он эки жылдан кийин 25 жашында болот. Ата-эне балдарынын мүчөлүнө карай быйыл мүчөлү, кудай кырсыктан сактасын деп тилек кылышкан. Ошентип, ар бир адамдын мүчөлү он эки жылда бир келет. Бирок улам улгайган сайын ал атайылап деле көңүлгө алынбай калат. Анткени менен ар бир Нооруз (жаңы жыл) келген сайын ушул жылы кимдин мүчөлү болсо, алар үчүн эки майрам бир келет — туулган жылы жана жаңы жыл майрамы.

Кийинки жаштар муну билбей, башка элдердин салты боюнча жыл сайын туулган күнүн белгилемей өнөкөтүн үйрөнүштү. Кээде мындай олтуруштарда көп арак-шарап ичилип, аягы кайгы менен бүтүүлөр кездешет.

## АТА-ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН ИНАРА МАМИЛЕСИ

**Бала төрөлгөндө ата-эненин күндөлүк камкордуктары.** Атанын камкордугу менен курсактагы бала бапестөө. Ал үчүн энесинин көңүлүнүн жай болушу, каалаган тамак-ашты ичүүсү, өз учурунда уктоосу, оор жумуш кылбоосу зарыл. Мындан кийин ата-энелер төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

- — баланын үйү (төнү) түшөөрү менен киндик кесүүсү,
- — балага энчилүүчү коюусу,
- — сары май менен баланы оозантышы,
- — эне сүтүн эмизүүсү,
- — **суйүнчү айтылуусу,**
- — **көрүндүк берүүсү,**
- — **жентек берүүсү,**
- — **кыркын чыгаруусу,**
- — **бешикке салуусу,**
- — **баланы алдейлөө (Бешик ыры)**
- — **бешикти термелүүсү,**
- — **көтөрүүсү,**
- — **бөпөлөөсү, кундумдук арлектөө-эркелетүүсү, аппеш-теесү,**
- — **торолтуусу — баланы бешик болуусу,**
- — **асыроо — асыроого берүү, асырап алуусу, отургу-зуусу,**
- — **ойнотуусу,**
- — **эмгектөөсү,**
- — **каз турууусу,**
- — **тушоосун кесүүсү,**
- — **тай тайлоосу,**
- — **атка өңөрүүсү,**
- — **жетелеп жүрүүсү,**
- — **сүннөткө отургузуусу,**
- — **бакчага алып баруусу,**
- — **айырмачка мингизүүсү,**
- — **ункаштыруусу,**
- — **тай кунан минип, айыл аралатуусу,**
- — **үйдөктөөсү — тарбиялоосу,**
- — **мектепке берүүсү,**
- — **үйрөтүүсү (окутуусу),**
- — **жумшоосу, жумушка чегүүсү,**
- — **мүчөлүн болуусун ырымдоосу,**
- — **үйлөнтүүсү,**
- — **үйлөнтүү тоюн берүүсү,**
- — **энчи бөлүүсү.**

— өзүнчө бөлүп чыгаруусу, түтүн булатуусу.
— түндүк калтыруусу.

Мына ушундан кийин ата-эне баланын карызынан кутулат. Ошондо бала ата-энеге арман кылбайт.

*«Баланы жоктон бар кылган,*
*Ата-эне да ушундай.*
*Күн болуп, нур берет,*
*Жер болуп, эмчек эмизет.*
*Суу болуп, кан жүргүзөт,*
*Аба болуп, жан киргизет».*

**Ата-эне тууралуу уул-кыздын мамилеси.** Ата-эне бала үчүн аскар тоо, кайнар булак. Эне сүтүн эмизүүсү, элик сүтүн берүүсү аркылуу ата-эне баланын эр жетип, үй-жай күтүү милдетин моюнга алат. Ата-энеге адал кызмат кылуу аракети боорун жерден көтөрөрү менен башталат жана бара-бара жанданат. Айтор, уул-кыздар ата-энелери үчүн төмөнкүдөй милдеттерди аткарышы зарыл: Мал тосуусу, отун алуусу, суу куюусу — баланын кол арага жарашы. Тил алчаак болушу, улууларга каяша айтпоосу, колдон келээр, алы-күчү жетээр жумушту тындырып коюусу, ага ата-эненин колун тийгизбөөсү. «Уулум жасап коёт» — деп, ата-энелердин көңүлүн тындырып коюусу, ага-туугандарына, жерге-жээктерине ата-энелериндей мамиле кылуусу. Үйлөнүүдө-жайлануударда ата-энелеринин обондору менен болуусу, аларды кападар таштап, өзүм билгендик, бейбаш иштерге барбоосу. Колуктусун, келинчегин ата-энесине моюн сундуруусу. Карыган ата-энесин айылга таштап, болбогон жорукту баштап, жалгыз уул-келини «бөлүнүп оокат кылабыз, шаардап кетебиз» — деген ой-пикирлерден алыстоосу. Бала жумшоо, келин жумшоо — ата-энелердин бактысы! Келини да: «Мен да ушундай үй-бүлөдөн чыккам» — деп, алардын жашоо-тиричилигине баш ийүүсү, ата-энелер үчүн «Келин келди, ырыс келди» — дегени, карып калганда ата-энени иштөөсүнөн бошотуп, ат мингизип, же машинесине түшүрүп, айыл аралатуусу, аш-тойлорго жиберүүсү, өлүктөргө топурак салдыруусу, куран окуусу. Кары адамдын тамак-ашын калтырбай таптап берүүсү, бапестеп жылуу багуусу. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат» көрүнүшү, «Уулу бардын мууну бар, уулу жоктун мууну жок». Ушундай макалды оң мааниде кабыл алуусу. Арак-шарап ичип, абакка түшүп, ыплас иштерге малынып, карыган ата-энесин азапка салбоосу. «Уулум бар дебе, топ ичинен көрүнбөсө» — демек, баласы

эл-журту менен байланышса, алышса-беришсе, ата-энесинин көөнү өсөт. Улуу акын Токтогулдун:

*«Жалындап-жайнап эр жигит,*
*Жалпыга үлгү бер жигит.*
*Элиңдин көөнүн калтырба,*
*Эл менен эрсиң эр жигит»,—*

деген накылы эске түшөт. Ушундан улам «Атанын баласы болгуча, адамдын баласы бол» — дешет. Адам аты улук. Мындан «жакшы атанын баласы» — деген аныктама келип чыгат.

Кыргызда, тескерисинче, «Жакшыдан мөөн, жамандан жаан» — дейт. Жакшы ата антип калбаса, алымдуу, беримдүү, кайрымдуу уул — ата-эне гана эмес, ага-туугандын, бир атанын, уруктун, урууну, жалпы элдин сыймыгы.

Кыргыз ата журтунун чыгаан уул-кыздары жүздөп саналат. Алардын бири өйдө, бири төмөн саналбайт. Тарыхка тамга баскандай булар аркылуу башка улуттар менен тең салмакташа алабыз.

Тирүүчүлүктүн мыйзамченеминде ата-эне карыйт. Бир жоголсо, табылгыстардын акыркы өмүр-сааты келет. «Тырс» этип үзүлгөн жиптей, ажалга арга жоктой. Ошентип, эне сүтүнөн да, элик сүтүнөн да балдарынын алдында кетүү алардан топурак буюруу тилеги орундалат. Көпчүлүк топурак салып калуусун ойлошот. Ак кепиндеп, аруу жууп коюшу — өлүктүн зыйнаты. Мына ушундай иштерди аркалоо менен тирүүчүлүктүн вазийпасы иш жүзүнө ашып, мындай жөрөлгө муундан-муунга өтүүсү — каада-салтка айланып келүүдө. Арийне, муну изден талбай улоо ата уулунун ыйык милдети болуп кала берүүсү керек.

«Кыз бала — бирөөнүн бүлөсү» — деген чындык бар. Деген менен «кыз бала боорукер, кыз баладай болбойт» — дейбиз. Уулду ата үндөктөсө, т. а. тарбияласа, кыздын таалим берүүчүсү эне болуп саналат. Барган жеринен кыз балага бак айтуу тагдыр, а бирок эне жөрөлгөлөрү — кыздын түбөлүктүү жашоолору үчүн чоң өбөлгө. Ошондуктан илгери кыз тандоодо, атайын баруууда, таанышууда, абалы энеси көрүнгөн, сөзгө урунган.

Биринчиден, эне акылы кыз үчүн өзөк, тамыр.

Экинчиден, эненин жумшаганы — кыз үчүн мыйзам. Кызы тестиер болоору менен жүк жыюудан, төшөк салуудан, мал сааштан, казан-аяк жууштан, үй шыпырыштан энесин бошотот. Ал каяша айтпайт, улууну кагып-силкпейт, эне баарына көз салат. Кызынын чачы кандай өрүлгөн, мудаалап кийген кийими кандай жарашат? Эл-журт

ага кандай карашат? — Мына ушунун баары эненин көңүл чордонунда турат. «Баланчанын кызындай» — дегенден ослак болгусу келет.

Үчүнчүдөн, ажал жетип, күн бүтсө, ата-эне көз жумса, кыз бала жоктоп, кошок кошуп отуруусу, өтө күйөрмандыгын жасоо зыйнаты — кыздын акыркы милдети!

**Балалык милдет.** Ата-эне карыганда бала күндөлүк багуудан тышкары, непада, ажал туура келип, мурун апасы өлүп калса, атасына «аял алып берүүгө милдеткер. Карыган адамдын этегин жаптыруу, күндөлүк тейлеп туруу үчүн сөзсүз камкордук кылуунун зарылчылыгы бар. Ошондуктан, баланын атасына жубай алып берген эстүү байбичелер да анын балдарына мээримин төгөт. Балдарын багышып, өз энесиндей болот. Ата - бала-бакыранын колунан узагандан соң кийинки энени да так ошондой барктап-бапестеп багып узатуу, зыйнатын кылуу — парзыбыз. Чынында, ал эне да «Абышканын этегин кармап, оокат кылайын, көзүм өтсө, балдары багат, көөмп коёт» — деген кыялда жүрөт. Албетте, ата-энени, карысын сыйлоо салты кыргызда укмуштай нарктуу болуп эсептелген. Ал эми эгер атасы энесинен мурун көз жумса, бала эне сүтүнөн кутулуунун бир шарты «Апа, эрге тий!», «Апа, эрге тий!» «Апа, эрге тий!» — деп, үч жолу айтуу, өтүнүп коюу шарты бар дейт шариятта. Андай кылбаган баланы эне көөнүнө алып: «Он уулум болгуча, оозурак чалым болсочу» — дептир.

*«Кулаалы таптап, куш кылдым,*
*Күүккан таптап, туш кылдым,*
*Тел куш таптап, куш кылдым.*
*Тентегин жыйып, журт кылдым,*
*Бирликтериң болбосо,*
*Кулаалы кетээр кошуна,*
*Күүккан кетээр журтуна,*
*Тел куш кетээр жерине,*
*Тентигеен кетээр элине».*

*(Чыңгызхандын балдарына айткан кеңеши)*

Атадан үч уул төрөлсө, бардыгынын кыял-жоругу бирдей сапатка ээ эместир. Аларды карыялар: «атадан кем бала», «атага тең бала», «атадан артык бала» — деп атай турган.

«Кем бала» атанын абийирин төгөт. «Жүпөнү жок атка» окшойт. Зээкүрлөнүп, эл караган бетин жер каратат. Жакшы атага наалат айттырат. Ата корунуп калат. «Жакшыдан мөөн туулду» болот.



«Атага тең бала» — «атанын баласы — тондун жакасы» катары бааланат. Жер караган ата эми эл карайт. Топко кошулат, катарда отурат. «Баланчанын баласындай болгула» — деген наркка-салтка татыйт.

«Атадан артык бала» — элдик бала. «Эл-жер» — деп согот анын жүрөгү. Көпчүлүктүн көңүлүн табат, баарына бирдей жагат. Ал атага алдыдан демөөр берет. Кээде андайды «жамандан жаан туулду» — дейбиз да, уулду журтчулук колдоого алат. Ага эли-журту сыймыктанат, медер тутушат. Бул бир элди, бир айылды бир адам багат дегенди туюндурат.

**Ата-энени урматтоо.** «Атам өлсө, өлсүн, атамды көргөндөр өлбөсүн» (макал). Демек, атасын билгендер өлбөсө, ал ата ордуна көрөт. Анын атасынын ардактуулугун туюнтат. Өлүм парз, өкүмүнө көнгөн пенде. Бул жарык жана жалган дүйнөдө ата-энесин кимдер түбөлүккө кармап жүрүптүр. Айыл ичинде атасынын асылкечтерин ата ордуна сыйлоодо алтын ой-максат жатат.

«Ата — аскар тоо, эне — соолбос булак», Ата уулун, эне перзентин: «Атанын баласы болгуча, адамдын баласы бол» дегенибиз — баарыдан мурда, адам бол дегенибиз. Адам болуу — абалы үйдө ата-энеге моюн сунуу, анан ата-бабаны, ага-тууганды, улуу-кичүүнү, айыл ичин, урук-урууну жамы кыргызды, бөлөк-бөтөндү сылык, сыпаа, сыйда, адам катары мамиле жасоо. Ооба, «Атадан жакшы туулса — элинин камын жээр; атадан жаман туулса — элинин малын жээр». Ата-энени урматтоо — адамзаттын тиричилигиндеги ардактуу жөрөлгө, урмат-сыйлоонун бийиктиги. Урматтоо — ошол даражага жеткирүү. Эмесе, баланын ата-энени сүйүү сезими мындайча башталат. Бала көз жарааары менен эненин эмчегин издейт. Апага, атага абалы көзү кабылат. Күлөт, башын токтотот. «Кыркын» чыгарааары менен аста-секин аларга талпынат. Балтыр бешик болот. Отурат. Эмгектенет. Ата-эненин көтөрүүсүн, атка өңөрүүсүн, чанага сүйрөөсүн билип калат. Адатта, мына ушунун баары — ата-эненин жыты, аларга жакындоо, сүйүү сезими. Бала кас турат, тушоосу кесилет. Ата-энени ээрчийт.

Эми ата-эне баланы үндөктөй баштайт. Баланын атаны «ата», энени «эне», «апа» деши — сыйлоонун башаты. Бирдеме десе аны дароо угуп, ошондой болгусу келе баштайт. Алына жараша жумшаса, дароо чымын-куюн жетип барып келет. Бейбаштык кылбоо, «эмнеге жумшайт» — деп туруу ата-энесинин үндөөсү. Ата-энени урматтоонун асыл белгилери: тил алчаактык, элпектик, каяша айтпоочулук,

ага кандай карашат? Мына ушунун баары эненин көңүл чордонунда турат. «Баланчанын кызындай» — дегенден ослак болгусу келет.

Үчүнчүдөн, ажал жетип, күн бүтсө, ата-эне көз жумса, кыз бала жоктоп, кошок кошуп отуруусу, өтө күйөрмандыгын жасоо зыйнаты — кыздын акыркы милдети!

**Балалык милдет.** Ата-эне карыганда бала күндөлүк багуудан тышкары, эгерде ажал туура келип, мурун атасы өлүп калса, атасына «аял алып берүүгө милдеткер». Карыган адамдын этегин жаптыруу, күндөлүк тейлеп туруу үчүн сөзсүз камкордук кылуунун зарылчылыгы бар. Ошондуктан, баланын атасына жубай алып берген эстүү байбичелер да анын балдарына мээримин төгөт. Балдарын багышы өз энесиндей болот. Ата бала-бакыранын колунан узагандан соң кийинки энени да так ошондой барктап-баптап багып узатуу зыйнатын кылуу — парзы. Чынында, ал эне да: «Абышкамын этегин кармап оокат кылайын, көзүм өтсө балдары багат, көмүп коёт» — деген кыялда жүрөт. Албетте, ата-энени, карыганда сыйлоо салты кыргызда укмуштай нарктуу болуп эсептелген. Ал эми эгер атасы энесинен мурун көз жумса, бала эне сүтүнөн кутулуунун бир шарты «Апа, эрге тий!», «Апа, эрге тий!», «Апа, эрге тий!» — деп үч жолу айтуу, өтүнүп коюу шарты бар дейт шариятта. Андай кылбаса, баланы эне көөнүнө алып: «Оң уулум болгуна, тоозурак чалым болсоңчу» — дептир.

*«Кулаалы таптап, куш кылдым,*
*Куюккан таптап, туш кылдым,*
*Тел куш таптап, куш кылдым,*
*Тентеген жыйып, журт кылдым.*
*Барыңыз териң болбосо,*
*Кулаалы кетээр коюнуна,*
*Куюккан кетээр журтуна,*
*Тел куш кетээр жерине,*
*Тентиген кетээр элине».*
*(Чыңгызхандын балдарына айткан кеңеши)*

Атадан үч уул төрөлсө, баардыгынын кыял-жоругу бирдей сапатка ээ эместир. Аларды карыялар «атадан кем бала», «атага тең бала», «атадан артык бала» — деп атай турган.

«Кем бала» атанын абийирин төгөт. «Жүлүнү жок, атака окшойт». Зээкүрлөнүп ал караган бетин жер карата. Жакшы атага наалат айттырат. Ата көрүнүп калат. «Жакшыдан мөөн туулдук» болот.

«Атага тең бала» — «атанын баласы — тондун жакасы» катары бааланат. Жер караган ата эми эл карайт. Топко кошулат, катарда отурат. «Баланчанын баласындай болгула» — деген наркка-салтка татыйт.

«Атадан артык бала» — элдик бала. «Эл-жер» — деп согот анын жүрөгү. Көпчүлүктүн көңүлүн табат, баарына бирдей жагат. Ал атага алдыдан демөөр берет. Кээде андайды «жамандан жаан туулду» — дейбиз да, уулду журтчулук колдоого алат. Ага эли-журту сыймыктанат, медер тутушат. Бул бир элди, бир айылды бир адам багат дегенди туюндурат.

**Ата-энени урматтоо.** «Атам өлсө, өлсүн, атамды көргөндөр өлбөсүн» (макал). Демек, атасын билгендер өлбөсө, ал ата ордуна көрөт. Анын атасынын ардактуулугун туюнтат. Өлүм парз, өкүмүнө көнгөн пенде. Бул жарык жана жалган дүйнөдө ата-энесин кимдер түбөлүккө кармап жүрүптүр. Айыл ичинде атасынын асылкечтерин ата ордуна сыйлоодо алтын ой-максат жатат.

«Ата — аскар тоо, эне — соолбос булак», Ата уулун, эне перзентин: «Атанын баласы болгуча, адамдын баласы бол» дегенибиз — баарыдан мурда, адам бол дегенибиз. Адам болуу — абалы үйдө ата-энеге моюн сунуу, анан атабабаны, ага-тууганды, улуу-кичүүнү, айыл ичин, урукурууну жамы кыргызды, бөлөк-бөтөндү сылык, сыпаа, сыйда, адам катары мамиле жасоо. Ооба, «Атадан жакшы туулса — элинин камын жээр; атадан жаман туулса — элинин малын жээр». Ата-энени урматтоо — адамзаттын тиричилигиндеги ардактуу жөрөлгө, урмат-сыйлоонун бийиктиги. Урматтоо — ошол даражага жеткирүү. Эмесе, баланын ата-энени сүйүү сезими мындайча башталат. Бала көз жарааары менен эненин эмчегин издейт. Апага, атага абалы көзү кабылат. Күлөт, башын токтотот. «Кыркын» чыгарааары менен аста-секин аларга талпынат. Балтыр бешик болот. Отурат. Эмгектенет. Ата-эненин көтөрүүсүн, атка өңөрүүсүн, чанага сүйрөөсүн билип калат. Адатта, мына ушунун баары — ата-эненин жыты, аларга жакындоо, сүйүү сезими. Бала кас турат, тушоосу кесилет. Ата-энени ээрчийт.

Эми ата-эне баланы үндөктөй баштайт. Баланын атаны «ата», энени «эне», «апа» деши — сыйлоонун башаты. Бирдеме десе аны дароо угуп, ошондой болгусу келе баштайт. Алына жараша жумшаса, дароо чымын-куюн жетип барып келет. Бейбаштык кылбоо, «эмнеге жумшайт» — деп туруу ата-энесинин үндөөсү. Ата-энени урматтоонун асыл белгилери: тил алчаактык, элпектик, каяша айтпоочулук,

кежирленбөө, сылыктык, сыйдалык, илбериңкилик, бооруkердик, табышкердик, жолдошчулук, жоомарттык, арийне, булардын баары — күндөлүк күйпүл турмуш-жашоодо сөз-сүз боло берүүчү нерсе. Бул — баланын мойнундагы парзы.

Урматтоонун эң негизгиси — ата-энени эл арасында кеп-сөзгө, уятка калтырбоо, беделин сындырбоо. «Шабдаалынын балдарындай», «Исактын балдарындай» — деген атка конбоо. Айлана-чөйрөсүндө, алыс-жакынга баласынын айдыңы аркылуу ата-эне элдин сын-сыпатына жетүүсү абзел. «Жакшы бала ата-энени төргө сүйрөйт. Жаман бала ата-энени көргө сүйрөйт», «Элге кызмат эткениң — улуу урматка жеткениң». — Булар ар бир баланын көңүл чордонунда туруугa тийиш.

Албетте, мындай сапаттардын белгилүү өлчөмү кыз балдарга таандык. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат». Алар энесин үндөктөөсүндө тарбия-таалим алат. Барган жеринен ак этек жалгоосу — жабылуу ак инген болуусу, чыгыштык кылбоосу, кайрадан келип, төркүнүн төрүндө отурбоосу, наалат келтирбөөсү. Бир жайдан орун-очок алуусу, дөөлөтүң — ата-энең, таалайың — уул-кызың. Бара-бара балпайган байбиче аталып, баркка жетүүсү. Мына ушул белгилер ата-эненин кадыр-баркын арттырат. «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт», «Эне көргөн кыз эмес, эндик көргөн бет эмес». Демек, бул — ата-эненин кейиши!

Ток этээр жери: *«Тогуз уулуң бар болсо,*
*Топто бирөө жок болсо.*
*Баары бирдей бок болсо,*
*«Уулум бар» — деп мактанба,*
*Убайыңа шаттанба!»*

Анда ата-эненин шору эмей, эмне!?

Улуулар, меймандар, урматтуулар шып кирип барса, тура калып салам айтат да, төрдөн жай берет. Адатта, үй ээси малдаш токунуп, желбегей жамынып (кээде отту көсөп) отурууга шарттaшкан. Дөөлөттүүлөр куш жаздыкты чыканактай отурган. Боз үйгө кирип, оңго бурула барып, эпчи тарапка төргө чыгат. Т. а. чыгдан (ашкана) жак менен барып, үйдүн байбичеси (энеси, тайэнеси) ошол тарапта желбегей жамынып, сыңар тизелей отурат. Ал ашкана тараптагы келин-кесектердин тамак-аш жасоо аракеттерине алдыртан тескейт. Эркек балдар чөгөлөйт, кыз балдардын энесин туурап, сыңар тизелей, колдорун бөйрөккө албай, тизеге таяп отуруштары — илгертен келе жаткан адеп. Кичүүлөрдүн улуулар көрсөткөн жайга отуруусу керек.

Аларсыз бейбаштана сөз-кепке кыпчылуусу адеп эмес.

**Убай көрүү.** Убай көрүү «убайын тартуу», «Убайын жеп», «азабын тартуу», «азабын жеп» — деген түшүнүктөрдү берет. Убай — жакшылыктын жышааны, жөрөлгөсү. Мисалы, «Анын убайын көрдү, демек, акы-бети кайтты», «Балдарынын сыйын көрүп отурат» — өңдүү түшүнүктөрдү тартуулайт. Ошондуктан муну оң мааниде алып кароо керек. Албетте, баланы ата-эне табат, анын ойдогудай төрөлүшү үчүн курсактагы чактан баштап ата-энеси шарттуу түрдө кам көрүшөт. Эне оор жук көтөрбөйт. Түйшүккө малынбайт, тынч, бейкапар жүрөт, кайгы-кападан алыс жүрөт. Каалаган тамагын кана, тоё ичет. Таза абадан дем алат. Бала ичтен жетилет. Көз жарат. Ата-эне дагы түйшүккө малынышат. Кыскасы, кызыл чиедей бала балтыр бешик болот, талпынат, бешикке бөлөнөт, отурат, эмгектейт, кас турат, тушоосу кесилет, басат, чуркайт, тили чыгат. Ата атка өңөрөт, айырмач мингизет, артына учкаштырат. Тайчан аны аш-тойго ээрчитет.

Эне кызынын чачын тарайт, өрөт. Үй тарбиясын берет. Окутат. Мына ушундай убайымдарды ата-эне тартат. Бир четн мунун баары — ата-эненин кубанычы. Деген менен убай көрүү — ошол тарткан мээнеттеринин кайтарымы, балдарынан маңдай жара ыракат көрүүсү. Баланы ата-эне кандай асыраса, анын так ошондой багуусу, ардактоосу, сыйлоосу, урматтоосу, кадырлоосу.

Убай көрүү — балага тарткан түйшүгүн чегерип алуусу. Дүйнөдө эң бир кечиримсиз нерсе — ата-эненин эмгегин баалабоо. Мына ушуга барган бала болбоо үчүн ата-эненин көзү менен тең айлануусу. Мындан ары алардын мындай түйшүккө малынбоосу.

Адатта, ата-эне алдан-күчтөн тайыганча баары бир балдары үчүн кам көрө берет. Алар карап турбай, үй тиричилигине катыша берет. Убайын көрсөтүү — алдан-күчтөн тайыганда, үй маанектеп калганда ата-эненин көңүлүн табуу да бар. Анан өз колу менен бул жарык — жалган дүйнөдөн узатуусу. Бул — баланын парзы. Убайын көрүү — бир тууганадарда да, бир атанын балдарында да, жалпы журтта да бар. Алар — «эл мыктысы», «эл жакшысы»...

**Кичине кездериндеги эркек бала менен кыз баланын өз ара мамилеси.** Бул мезгилде кичинелер арасында наристе сезим өкүм сүрөт. Кыз бала назик келет, аларды аяш керек. Эркек бала, адатта, бейбаш келет, өкүмүрөөк, эркерээк туюлат. Кыз балдардан да ойноок, тентегирээк, эрке, эркек балдар менен жулмалаша кетүүлөрү да чыгат. Мына

ушул учурда ата-энелердин, мугалимдин, тарбиячылардын асыл милдети, педагогдук чеберчилиги алардын ич ара мамилелери тууралуу жагымдуу жагдайды түзүүчү алгылыктуу сөздөрдү айтуусу тийиш: «Силер бир окуп, бир жүрүп жатасыңар, бири-бириңер менен бир туугансыңар. Ынтымактуу сезимдерде болушуңар керек. Эркек балдар бара-бара жигит болосуңар. Силер кыз балдарды сыйлооңор керек. Анткени элде: «Кыз баланын кырк чачы улуу» — деген кеп бар. Бул — «башкалар буларга тийбегиле, аларды ыйлатпагыла, кыздар таарынып калат» — деген сөз. Эркек балдар, силердин ушундай эжелериңер, карындаштарыңар бар. Ошолорду сыйлоого барабар. Демек, кичинекей жигиттик милдетиңер болушу керек. Кыздар, эркек балдарды, классташтарыңарды силер да сыйлагыла. Сый жерде калбайт. «Сыйга сый, сыр аякка бал» — дейт. Себеп дегенде, силердин да агаңар, иниңер бар. Аларды кадырлоого, урматтоого таандык сезилет. Кичинекейден бир окуп, бир жүргөндөр бара-бара бирин-бири кыйышпайт. Бир боор, бир туугандык сезим жаралат.

**Балдардын акча-тыйынга болгон мамилеси.** Мында тапкан акчаны кайда жумшоо зарыл деген суроону туура түшүндүрүү башкы орунда турууга тийиш. Азыр балабы, чоң болобу акча таап жатат. Алып сатарлык жолго түштүк. Албетте, баланы ал тарапка көндүрбөшүбүз керек. Алсак, кичинекейлер түрдүү гүл өстүрөт. Өзү тиккен жана айдаган жер-жемиштери, жашылча-жемиштери бар. Аларды сугарат, отойт, күн сайын карап турат. Үй айбандары бар. Коёнду, тоокту, казды, өрдөктү, көгүчкөндү, күрптү балдар да колдору менен өстүрүшөт. Аны өз колу менен сатууга болот, же ата-энелерине саттырууга, керектөөчү бирдемелерди алууга куштарланышат. Антип өндүрүштү өндүрүү — алардын таман акысы, маңдай тери. Кээде ата-энелери да, эжелери да, агалары да, тууган-туушкандары да тыйын-тыпыр бере коёт. Кыскасы, баланын чөнтөгүндө акча-тыйын бар дейли. Аны көзүнө көрүнгөндөргө эле чача бербейт. 1-кезекте окуу куралдарына жумшашы тийиш. Дептер, окуу китеп, адабий китеп, китеп тыш, карандаш, калемсап, калем уч, китеп баштык мына ушул сыяктууларды сатып алуу — сарамжалдуулук. Албетте, балмуздакка, күн карамага, момпосуйга, печенийге көбүрөөк акча коротуу адептүүлүккө анча жатпашын балдар өзүлөрү да түшүнүшөт. Кийим-кечекти, азык-түлүктү, үй оокатын сатып алууга өз эмгеги, эмгегинин үзүрү аркылуу катышса — бул андан бетер жагымдуу көрүнүш эмеспи.

**Тун баласы туу болот.** Бул — көз ачып көргөн перзенти. Беркилерине караганда ата-энелерге медер тутулат, жакын да, жакшы да сезилет. Кийинки төрөлгөн балдары үчүн ал үлгү катары өсөт. Беркилер ага баш ийишет. «Аганы көрүп, ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт» — деген накыл мына ушундан калган. Ал эми тун бала ата-энени көрүп өсөт. Үй-бүлөдөгү тарбия-таалим мына ошентип башталат да, муундан-муунга уланат. Демек, тун бала туу катары туюлат.

**Каркыралуу кыз** — бойго жетип, болукшуп турган кыз. Т. а. кундуз тебетейине, бөркүнө каркыранын канат-куйруктарынан тагынган кыз.

Тебетейчен кыз — турмушка чыга электин белгиси. Эпостордо: «Каркыралуу кыз алдым», б. а. «Беш көкүл кыз алдым» — деп айтылат.

Келеңгер чачпак — «Келеңгер чачпак кең соору, келини сонун кыргыздын», «Келбети Нурдун кызындай», Май сооруда жаркылдайт. Балдыркандай солкулдайт. Эки өрүм чачка тагылган эки үч канаттуу күмүш чолпу, чачуччук...

## АЙЫЛ ТАРБИЯСЫ

*«Акылы жок уулдан,*
*Апийим жеген мас жакшы,*
*Эпкини жок жаштардан,*
*Эски сөздүү карт жакшы».* *(Чечен Тилекмат).*

Баланы башынан тарбиялоодо абалы ата-энелердин алган орду эң чоң. Минтип айтканыбыз, бала мыкты өсөбү, жаман өсөбү, ата-энеге байланышат. «Жакшы атанын баласы, атасы ушундай эле, энеси мыкты, анын энеси өзүндөй неме болуучу» — деп ата-энеге чоң жоопкерчилик жүктөйт. Бабалардан берки наркты жана салтты сактоо үчүн балдарды көзөмөлгө алуу үйдөн башталат. Мурун мындай жөрөлгөлөргө жаш-кары дебей жапырт моюн сунуучу. Улуулардын нускоолору сыймык катары тутулуучу. Кыргыз Ата конушунун чет жакаларында баба салтын, эне адебин сактоо боюнча уюткулуу таалим-тартип бар. Муну Чоң-Алай тараптан көп байкоого болот. Салыштырмалуу башка чөйрөлөргө караганда аякта жагымдуу жагдайлар туюлуп турат. Эмне үчүн көчөлөрдө тамеки тарткандар, арак-шарап ичкендер, башка тартипти бузгандар, чийинден чыккандар жокко эсе? Мисалы, баласы арак ичкенин көргөн карыя акырын аны чакырып алат. Албетте,

аксакал алдында анын масы бир аз тарап, соолуга түшөт. «Тос, башыңды» — дейт. Ал аргасыздан башын тосуп берет. Карыя: «Атаңа наалат. Айбан!» — деп, башка бир салат. Салат да «Бар эми эс ал»,— дейт. Күнөөкөр бала үйүнө барат. Мечитке келип, намаз окулуп бүткөн соң, карыя баягы көргөнүн көпчүлүккө айтып, баланын атасына: «Уулуңду тый, же биз тыялы, биздин балдар да сенин балаңдай болуп калсынбы!» — деген маселе коёт. Анын айтканын карыялар жүйөлүү көрүшөт. Беркилер жаалап жиберишет. Күнөөгө жыгылган карыя үйүнө шылкыя келет. Келип, эми сөз түшүнүктүү, баласын какыс-кукус кылып, өз акылын айтат. Бир атанын балдары, тууган-уруктары да уятка калат. Сөзсүз ал мындан кийин терс көрүнүшкө баспайт. «Ата сөзү — ар намыс» мына ушундан калган.

**Баштык байланаар.** Кыргызда «Баштык байланаары барбы?» — деп калат. Бул — элдик салттын бири. Таамай айтканда, кыз турмушка чыкканда, барган жерине бир аз байырдай баштаганда, ата-энелери малдын төшүн баштап эт бышырып, боорсок жасап ж. б. азыктарды да кошуп, баштыкка, же чакан куржунга салып, тай, кунанга миңгизип, сагынган бөбөгүн кызына жөнөтөт. Баштык байланаары деп, адатта, эркек баланы аташат. Эркек бөбөгү болбосо, сиңдиси деле барат. Кээде экөө тең барган чактары да кездешет. Барып жатышат да, сагынычтарын жазып кайра келишет. Мындай көрүнүш андан ары дайым уланып барат. Мал сойсо, төркүнү кызына ар дайым төшүн сактайт.

**Ат токууру.** Бул — эркек бөбөктүү болуу тилеги. Ошол эр жеткенде улууларына иниси катары кызмат кылат. Жумшаган жагына барат. Кыргыздын шарты боюнча агаларынын минген атын отко коёт, сугарат, жем илет, суутат, токуйт, аттанууга даяр кылат. Бул инилик милдети болуп саналат. Улуу агалары үчүн «Ат токууру» — көздөй иниси. Т. а. «кичүү болгуча иттин күчүгү бол» — деген сөз мына ушундан калат. Кенже балдары төрөлсө, азан чакырып, ага «Аттокуур» деп, энчилүү ат да коёт. Максат-тилек — агаларынын так ошондой иштерине жарап жүрсүн дегени.

**Көкүрөк күчүгү.** Бул — ата-эненин балдарынын эң кенжеси. Адатта, улам кичүүсү сүйгүнчүктүү болоору бышык. Агалары-эжелери өздөрүнчө үй-жай күтүп, турмушка чыгышат. Ата-энелери алардын энчилерин бөлүп беришет. Кыздын себин берүүсүнөн, төркүлөп келүүсүнөн кутулат. Эми тапкан-ташкандары ошол кенже баласына арналат. Анткени ал — ата-эне менен бирге түтүн ээси, түндүк ээси.

Ата-эне ошл үйдөн көз жумса, ошол көкүрөк күчүгү өлүк ээси болуп саналат.

Анткени менен түндүк калтыруу, өзүнчө түтүн булатуу ыйык салты азыр анча этибарга алынбай келатат. Эмеректкечеге, үй-жайга эгедер болгон уул ата-энени тике багуучу. Мында мурунку үйлүү-жайлуу болгон балдары, кыздары жашоого өз алдынча чабыт алганы менен ата-энени унутта калтырбайт. Айланып келип, каралашып туруута милдеткер. Шариятта ата-энени Мекеге чейин жөө көтөрүп барып келүүбүз эненин эмчек сүтүнүн, атанын элик сүтүнүн үчтөн биринен араң кутулууга барабар. Бул салтта алардын түндүгү кимдерге келтирилген деген сөз бар. Ал бир атанын балдарына сыймыктуу айтылат. Демек, андан бабалардын, баатырлардын, эл билермандардын, журт, мыктылардын ошол үйдө жашап, көз жумганы кийинки муундарга даңазаланат. Бара-бара болумушка айланат. Ал үй — «ай табарик» деп, керездеп, мурастай туюлат. Кыргыздын аш-той берүүчү салтында да ошол уруктун, ата-бабанын урпактарына Уча тартуу салты бар. Төрдүн төбөсүнөн орун берүү, башкача урматтоолору беркилерге үлгү катары сакталып калган.

Азыр ата-энелер балдарынан ар кандай убай көрүүдө. Он баланы бир ата-эне багат, чоңойтот, чочойтот, окутатчокутат, үйлөнтөт, жайлантат. Энчилерин бөлүп берет. Он бала бир ата-энени бага албай жатканы өтө өкүнүчтүү. Кайсы баласы ыймандуу болоору, кимисинен убай көрөрү белгисиз. Үй-жайга карабай, ата-энем деп санабай, турак алып, дааналап бага албай талаалап жүрүшкөн балдардын саны азыр артылууда. Арийне, бул ата-бабалардын түндүк калтыруу салтынын, наркынын кайдыгер калышы менен түшүндүрүлөт.

**Бешик баласы 5 түлөк.** Адатта, жырткыч канаттуулардын жашы мындайча саналат: бир түлөк, эки түлөк, үч түлөк, төрт түлөк, беш түлөк. Ал бир асый, эки асый, үч асый... деп, жылкыны айткандай маани берет. Ушул сымал бешик баласы (наристе) чоңоюп, эресеге жеткиче беш баскычты басып өтөт. Т. а. «тушоосун кесүү» — бир түлөк, «сүннөткө отургузуу» — экинчи түлөк, мүчөлүү болуу (балагатка жетүүсү — үчүнчү түлөк, улан болуусу (кыз балдардын «беш көкүл» аталуусу) — төртүнчү түлөк, бешинчи түлөк үйлөнтүүлөрү өңдүү өмүр белестери бар. Мына ушул түшүнүктөрдөн улам «Бешиктеги баланын, бек болоорун ким билет» макалы чыкканы туюлат. Булар өмүр жазы болуп саналат. Демек, кенен мазмунда түлөк-түлөө канаттуулардын канат-куйруктарынын жыл сайын учурун-

да түшүп, жаңыланып туруу парзынан улам чыккан түшүнүк. Адамдарда да жаш өзгөчөлүктөрү бар. 50 жаш — эр ортону, 25—35 жаш — толуп турган учуру, 60 жаш, 70 жаш — кайрат-күчтөн тая баштоосу, булар — өмүр күзү. 80—90 жаштар — өмүр-жашоодогу эң кейиш, бул өмүр кышын билдирет.

**Үч каргыш жаза кетпейт:** *Ата-эненин каргышы,*
*Мусапырдын каргышы,*
*Жаны ачыган адамдын каргышы.*

**Ата-энеге баланын орду.** «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп кыз өсөт». Албетте, бул үй тарбиясы болуп эсептелет. Боорун жерден алары менен улууларды туурап, бала бирдемелерди жасагысы келет. 6—8 жаштагылар мал тосот. Атка учкашат, музоо, козу-улак кайтарууга жарайт. 9—10 жаштагылар тезек терүүгө, отун-суу алууга, чөмөлө тартууга, көң үйүүгө, бирөөлөрдү ат-унаа менен бир жакка жеткирип келүүгө идиректелет. Мындайды «кол-арага жарады» деп коёт. Кыздар алардан бөтөнчөлөнүп, жүк маанектейт, энесин, эжесин имерчиктейт, алардын жасагандарын кошо кармашат. Мындай шартта «тындырып койду», «жеңилди жерден, оорду колдон алды» — дешип ата-энелер, көргөндөр ыраазы болушат. 8—10 жаштардагы балдардын колунан жеңил-желпи жумуштар көп келет. Ат сугарууга, агаларына кошулуп кой-эчки кайтарууга, алыс-жакынга чейин барып, чакырып келүүгө жарап калышат. 11—13 жаштагы тестиерлер каадалуу иштерди аткарышат. Балагатка жеткени алардын турмушка көз караштары өзгөрүлөт, чоңдордой мамиле кылууга, ошолордун иштерин аткарууга дараметтенет. Кыз балдар бойлорун түзөйт. Секелек кыздардай болбой, сайма саюунун, өрмөк согуунун, килем токуунун, түймө түйүүнүн, шырдак шыруунун, чий чырмоонун, эркек балдар болсо ат жабдыктарын өрүп, кайыш жасоонун, темирди иштетүүнүн жеңил-желпи узануунун-уздануунун түйшүктөрүнө баш коёт. Сеп кармоо так ушул чактан башталат. Бул — турмушту үйрөнүү, колу менен кармап көрүү дегендик. Демек, үй-бүлөдө балдар-кыздар секелек тентек чактардан баштап алына карата ишке чегилет. Аны ата-эне нускалайт.

**Үй-бүлөчүлүк.** «Ата — өчпөс чырак, эне — соолбос булак» (макал). Кыз уландар болукшуп, бой тартканда жар күтүү, мал күтүү, катарга кошулуу, түтүн булатуу тууралуу ойлонот, толгонот.

Ага ата-эне да чечкиндүү кам көрөт. Ошентип, «Биз баш коштук, бала күттүк, үй күттүк, баары биздик үйү-

бүздө ырыстын» (Байдылда) болуп, үй-бүлө өз алдынча чакан мамлекет сыяктанат. Атам замандан бери эле: «Мамлекетти башкарууга караганда үй-бүлөнү тескөө кыйын» — дешет. Минтиштин өзү, арийне, ынтымакта, ырыс-кешикте жашап кетүү. Алдыдагы муратка жетүү, жашоо-тиричиликтеги, үй-бүлөчүлүктөгү тоскоолдуктарды тоготпой өтүү, бул — турмуштун чоң сыноосу. Мурункулар аяр басып өткөн адептүүлүктүн, ыймандуулуктун, зор тажрыйбалуу жолу менен ошол кичи мамлекет жашап келүүдө.

Эне — абалтадан эрдин оң колу. Алардын кезегинде бири-бирине жаштык сүйүүлөрү өтүшкөн ич ара таасирлеринен улам үйдөгү бала-бакыралар өзүлөрү эле тартип-тазалыкка келген. Ата көбүнчө сырт жумуштарды бүтүргөн. Өздүк чарбачылыкты жүргүзүп, эмгек өндүрүмдүүлүктү алга жылдырган. Аласа-бересени тактаган. Кара жумуштун чордонуна өзү катышып, боор көтөргөн эркек балдары атаны ээрчип, кол кабыш кыла баштаган. Тестиерлер, уландар оорун колдон, жеңилин жерден алган.

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны». Бала ат жалын тартып мингени ата-энени кубанткан, «Ии, и, эми уулум эл аралайт, кагылат, согулат» — өндүү кубанычтары келип чыккан. Деле эркек бала татырандатып тай, кунан минип, аш-тойлордо аталарын ээрчий жүрүшү, аңдагы каада-салтты, үрп-адатты көрүшү, кыскасы бала чакта көргөндөрү алар үчүн кийин да унутулгус элес калтырган. Жайган дасторкондор, тарткан табактар, жүргүзүлгөн улуттук оюн-зооктору, таң-тамашалары, мейман тоскон үйлөрдүн көркөм жасалгалары, чечкен санжыралары, эл шайырлардын өнөрлөрү кийинкилер үчүн таалим-тарбия берген, шыктарын ойготкон.

Ооба, «Эне — үйдүн соолбос булагы». Мал саайт, тамак даярдайт, узданат. Күндөлүк тиричиликтин ачкычы катары орунга эгедер. Кыз бала эне адебине баш иет. Үй тиричиликте энени мааныктейт. Ошондуктан эне үндөктөөсү менен куурчак ойногондон, эс тартып, тестиер болгондон кыз бала бурчтан орун алып, узданууга — бирдемелерди кармоого, мал сааганга, кир-кече жууганга, тамак-аш жасоого оңтойлошот. Бул үй-бүлөдө жашоо-тиричиликти жандантууга, «Атаны көрүп уул өсүүгө, энени көрүп кыз өсүүгө», «Эжеден синди, агадан ини үлгү алууга» шарт түзгөн.

Дегинкиси, эркеги бар үй ырыс-кешикке шерик, «эркеги бар үй» — дегендин өзү наркту-салттуу угулган. Анткени ага конок-аяк келет. Аттанып-түшүүлөр арбын болот. Демек, үйдө кут бардай сезилет.

Тилекке каршы, кийин бул салт-нарк өтө өзгөрүлгөн.

Аялдарга мурунку «Уруят», «Теңдик», «Эркиндик» аттуу доор бир топ карама-каршы мамилелерди койгон. «Эркектер менен аялдар укугубуз бир» — деп алган жарын теңсинбеген эси жоктору да чыккан. Жарыша арак-шарап ичүүлөр, жаакташуулар, кадимкидей кармашуулар, эркек аттууларды келекелөөлөр, аларга кол тийгизүүлөр адатка айланган. Анда үй-бүлөчүлүккө партуюмдар кийлигишкен. Адатта, шариятта эркек — бала-бакыранын ээси, үйдүн пири. Ал эр-бүлө — деп аталган. Ошол үчүн эркек жоопкер, бардык ишке милдеткер, атабашы катары үйдү башкарууга да, багууга да талапкер. Ал тоо көтөрүүгө да даяр.

Үйлөнүп жатканда аялына убада кылганын күйөө ак дилинен аткарууга милдеттүү.

Күйөөсү аялына зордук-зомбулук көрсөтпөй багып, үй-бүлө күтүүдө акыйкат жана намыстуу болушу парз.

Күйөөсү аялына өзүнчө үй бөлмө жасап берүүгө милдеттүү.

Ар бир мусулман эмгектениши, үй-бүлөсүн багышы — ыйык милдет.

Аялын зарыл кийим-кече, тамак-аш менен камсыз кылуу — ар бир мусулман эркектин милдети.

Балдары ата-энесин сыйлашы, алар ыраазы болгудай ак пейил мамиле жасашы, баш ийиши — милдет.

**Ата-уул мамилеси.** «Ата сөзү — ар намыс», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» (макал).

*«Уулум — деп, убайын жеп баккан атам,*
*Алыска мен жол жүрүп бара жатсам.*
*Колтуктап, суулук кармап, камчы берип,*
*Аткарып аталыктын сөзүн айткан...»* *(Мидин).*

Бул үй-бүлөчүлүктөгү ич ара ырыстын, атадан балага калуучу мурастын, санжыранын уланышынын калыптанып калуучу салттуу жүрүм-туруму. «Ата балага сынчы». Анын баскан-турганына багыт берүүчү үлгү. Ошондуктан, атаны көрүп, бала өзүнүн боюн түзөйт. Атанын айткандары ага накыл. Тил алчаак, элпек, коңур, жайдары, жөн билги, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, адептүү, ар-намыстуу өсүш ал атага байланышат. «Атанын баласы», «Жакшы атанын баласы», «Анын атасы ушундай», «Канында бар», «Катын албай, кайын ал» — сымал кептердин төркүнү ата-бала мамилесине тыгыз байланышат. Тирүүлүктө шек келтирбөө үчүн ата отуруп-турганда балдарына айтып барат, үндөктөй жүрөт. Муну уул урмат катары се-

зет. Дал өзүндөй аткарууга аракеттенет. Ата баласы аркылуу, уул атасы аркылуу сыймыктанат.

*«Кокустан коркок деген атка консоң,*
*Кокуй күн, кордугуңду өзүм тартам.*
*Калкыңа кагылайын, ишиң жакса,*
*Кайрадан жашартпайбы сенин аркаң».* (*Мидин*).

Мына ушул улуу жол бабалардан келе жатат. Муну ата-уул мамилеси менен йзден тайбай улайт. Мындан: «Уул мыктысы — урмат, кыз мыктысы — кымбат» — деген накыл чыккан.

Үй-бүлө тарыхы — бул, оозеки санжыра, ушул үй-бүлөдөгү, мисалы, 1-кезекте атасынын, ага-туугандарынын, жети атасынын уругунун, уруусунун баарыдан мурда айтылышы. Ал аныкталган соң, бала энесинин төркүндөрүн билүүсү зарыл.

Ата жагынан алганда, алсак, «Кыз бала бирөөнүн бүлөсү» — дейбиз. Бул «Барган жеринен бак айтсын, ак этек бассын, жабылуу ак инген болсун», «кыз бала төркүнүнө кайрылып барбасын», «таш түшкөн жеринде оор» — деген түшүнүктү камтыйт.

Мында, 1-ден, санжырада (оозеки таржымалда) адамдын эли-жери суралат. Эгер айткың келсе, мен өзүмдүн тууган-уруктарымдын санжыраларын мындайча чечмелей алаар элем... (Ар бир үй-бүлө өзүнүн санжыраларын айта билүүлөрү сөзсүз тийиш).

Мисалы, баарына белгилүү атактуу Ормон кан (1793—1855) болгон. Анын аталарына сереп салсак, Болот бий, анын уулу Эсенгул манап, анын улуу Анар байбичесинен Ниязбек, «Ниязбектен сегиз бек, телегейи тегиз бек» туулат: Бердикожо, Бердибек, Шатен, Рыскулбек, Ажы, Субан, Кожобек, анан эң кенжеси Ормон төрөлөт. Ормондон Үмөтаалы, Чаргын, Үмөтаалыдан Оттукташ (Ормон тукуму болгондуктан, кашкардагы Ак үйлүүгө кызмат кылат). Ал жактан Оттукташ темирчиликти, дарыкерчиликти, табыпчылыкты, зергерчиликти, зерчиликти үйрөнүп келет. Оттукташ устачылыктын мектебин уюштурат. Андан уулдары, неберелери: Санташ, Балташ, Шамшидин, Капар өндүүлөр зергер болуп чыгышат. Булардын тукумдары Кара-Кужурду, Кочкор ичин, Ысык-Көлдүн күнгөйүн, Чүйдүн башын жердешет. Демек, ар бирибиз өз санжырабызды ушундай үлгүдө жазып коюубуз керек.

Ал эми эненин төркүн-төстөрүн да билүү керек. Мени тууган энем Бүбү — Текечер кызы, Чоң-Кеминдеги Тегирменти айылындагы Токтоку — Ысмайыл уулунан болуп

саналат. Чоң уругун Жантай дейт. Ошондо Текечер тай-атам менен бир туугандар Калча, Жанболот. Калчадан Жапар, Капар, Абдыраман, Абдыракман. Жапардан Каналбек, Капардан Нураалы, беркилерден да тукум бар.

**Ата-эненин мээри.** «Ата-эненин мээри — кудайдын каары» (макал). Элдик үрп-адатта баланы башкача сүйүүнүн да чеги бар. Артыкча мээрмандык кылуу — көз тийдиликке барабар. Ошондуктан баланы андай көрүүнүн аягы баланын бактысыздыгына, же өзгөчө эрке, же эси жогураак болушуна жорушкан. Демек, баланы сүй, камкордук кыла бил, тарбия-таалим бер, адам болсун. Өтө эле жалжандатпа, тайрандатпа, элдердикинен ашыкча көрбө — деген асыл ой жатат. «Эркенин — аягы ый, шор, кор». «Эне-атанын көөнү балада, баланын көөнү — талаада».

**Элдик адептүүлүктүн маңызы.** Кутмандуу элибиз адам айыбын бетке тике айтпаган. Адам уятын чыгарбаган. Иш маанисин сыйда түшүндүрүүгө маш болгон. Эгер табарсыгы бош болсо, сийгелектеп турса, аны «шейшеби бош тура» — деп гана койгон. Аны сийгек, төшөккө сийип койду — деп, абийирин ачпаган, башкаларга жайбаган. Эгер күтүүсүз ичи өтүп кетсе, «шейшепке тийип калыптыр» — деп гана аны да жөнөкөй, жумшагыраак түшүндүргөн. «Ой, ал минтип салыптыр» — деп, шыбырап-күбүрөп, бирөөлөргө айтпайт, бул — ыймандуулук, кыргыздарда бирөөлөрдүн беш айибирин бек сактоо. Кемчилигине жараша ага акарат айтпоонун маданияты абдан сакталган. Аны жактырбоонун, тилдөөнүн ордуна: «Жолу болсун», «Түзүк адам эмес», «Жакшылыгы аз», «Кудай жаман көргүр», «Теңир соккур», «Кудайдын каары тийсин», «Кудайдын каргышына калгыр», «Абийири жок» деген өңдүү наалат сөздөр айтылган, же, тескерисинче: «Жакшылык көргүр», «Кудай жалгасын», «Кудайың колдосун», «Теңирим эш болсун» сымал алкоолор болгон.

Кыргыздар: «Кысасы кыяматка»,— дешет. Сөз мааниси: «Сени кор кармаса, ал өзү бир кезде кор болот», «Өчүндү кыяматта аласың», «Кудайың аны куткарбайт», «Акыретте көрүшөсүң, ошондо эсептешесиң» өңдүү туюнтманы берет.

**Көчүрүп алуу.** Мында сөз жаңы тууғандуу болуу тууралуу барат. Т. а. айрым элкин жүргөн адамдар атайын ылым санап көчүп барууга, аны айыл үстү көчүрүп алууга кылган аракет болгон. Ал көчүп барат. Аны айыл үстү тосуп, өрүлүктөп, жолдугун жасап, өз ыража-ынтымагына кошот Илгери эл билермандары көңүлүнө жаккан адамдарды, баатырларды, оюнчуларды, саяпкерлерди, мүнүшкөрлөрдү, усталарды, ж. б. атайын журт башкаргандардан кадыр

салып, көчүрүп кетүүлөрү да бар. Буга мисалдар көп. Солтонун Байтиги Таластын Көпүрө-Базарындагы кушчусунан кадимки Сүймөнкул Чокморовдун чоң аталарын алып келгени айтылат. Ал эр сайышка, эр эңишке түшкөн баатыр, балбан, улут оюндарынын ашкан чебери аталган. Ат-Башынын черик элинен чыккан уста Байбөрү Шайдылда уулу төрт дубан элге талашка түшөт. Абалы жумгалдык Мырзабек манап, андан суусамырдык Түркмөн манап көчүрүп алат. Андан соң тогуз-торолук манаптар Касымбек, Касымдар үндөп кетет. Акыры ошол тараптан каза табат.

Эл-жерге таарынып, же таяке-жээн иликтеп, атайын көчүп кетүүлөр да бар. Аны жергиликтүүлөр батырып, журтуна кошуп алат. «Эл ичинде эл жүрөт, жең ичинде бит жүрөт». Бөтөн уруктардын арасына көнүп, кыз алышып, кыз беришип, сөөк-тамыр күтүшүп, ошол жердин ырын ырдап, чоорун тартып, талабын талашып алынып кетет. Атактуу ырчы Калыктын атасы Акы Ажыбай уулу уста жаш жетим аталып, Кашкарга дейре тентийт, Жумгал, Тогуз-Торо, Ак-Талаа артып, Кетмен-Төбөнү ашып, Үч-Терекке маанектеп, үй жыгачын жасап, жыгач идиштерин кырып, тегирмен чуркатып калат. Калыктын атагы ошол жактан чыгат. Ошентип, чоң уруулардын арасындагы майда уруктардын сиңип кетишинин өзүнчө орчундуу себептери бар.

**Бычакты бирөөгө сунуу, аны кармоо.** Жаткан бычак сабынан кармалат. Бирөөлөргө берүүдө ал мизинен сунулбайт. Сабынан берилет. Мизинен кармоо, ошондой сунуу адепсиз болгон. Тиштеп жебей, бычак, маки ала жүрүү салт болгон.

**Тырмак алуу.** Ороктой кылып өстүрбөй, өз учурунда эстеп тырмакты алып туруубуз зарыл. Кол тамакты (нанды, этти ж. б. кургак аштарды) тартынбай кармоого оңтойлошкон. Алынган тырмакты адамдар баспай турган жерге таштashкан. Тырмакты отко күйгүзбөгөн, сууга ыргытпаган.

**Жоолук салынуу.** Бул — ургаачылардын адептүүлүк шарты. Адатта, мыкты ургаачыларды «Ак жоолугу башынан түшпөйт» — деген сөздүн төркүнү бир жерден ак этек басуучуларга карата айтылган. Т. а. адеп аттаган үйүнөн башкага чыкпоочуларга, ошол жерден көшөгөсү көгөрүүчүлөргө багытталат. Илгери кыздар жоолук салынбаган, топу, тебетей кийишкен. Кийинчерээк башкалардын жолунда жоолукту артына салынууга өтүшкөн. Качан күйөөгө чыкканда алдыга салынуу да ошол таасири күчтүү элдерден келген. Мурун жоолукту ара-чолодо, аракет-кыймылда

мал саашта, иш кылышта, узчулукта пайдаланып, элечек сый баш кийим катары куда-сөөктө, аш-тойдо, наркыралуу көчкөндө салынган.

Эри же жакыны өлгөндөр кара кийинүүдө жоолуктун ээгин бош таштаган. Ал аза күтүүнүн, каза жутуунун белгиси болгон. Качан ашы, жыты (мисалы, кырк ашы, чоң ашы) бүткөндө аркалыктарда ээгин жакындары алат. Жоолук салып, ээгин бүтөйт, бууйт. Анжыяндыктарда эмнегедир дайыма ээгин бош таштašат. Ал, мүмкүн, канатташ жашаган өзбек, тажик элдеринин таасири чыгаар. Кийинки чактары кыз-келиндер алдыга, артка деп ылгабай жоолук салына башташты.

**Ак алып чыгуу.** Бул — ата-бабадан келе жаткан асыл салттардын бири. Алыстан көч аттуу келе жатса, куда-сөөктөрдөн болсо, бурала басып, кыз-келиндер колдоруна ак толтурган (кымыз, айран, чалап ж. б.) аяк-чыны кармап, ошол жүргүнчүлөрдүн алдын тосо чыгуусу. Мында да адептүүлүктө колун карап, суусун сунулат. Даамга бармагын киргизбейт. Жүргүнчүлөр да идишти сыпайы алып, аттын ыйык жалына тийгизип, жутуп, суусундарын кандырышкан. Ыракматтарын айтып, баталарын берип, көч шарт жөнөй берген.

Кыз өз септерин өзүлөрү камдаган. Ага апасы үндөктөйт. Кызынын уз, иштүү аталып, күйөөгө барышы, бир жерден орун-очок табышы, ак этек басышы — бул ата-эненин бактысы. Болбосо, «Кызың жаман болсо жети атаңа жетээр. Аттиң ай,— деп өмүрүң өтөөр» — деген бабалар накылы бар.

**Жети кесеп.** Бул — улуулардан айтылып келе жаткан накыл сөз. Муну билип алуу зарыл. Мында «кесеп» деген сөздүн маанисин билели. Бул — жан-жаныбарлардын, табияттын ичинде болгон, болуп келген, боло берүүчү эч кимге, эч нерсеге моюн сунбаган көрүнүш. Аны «жеткирлер» деген «айла жоктор» өңдүү түшүнүктөр менен алмаштырууга тийиш. Ошондо жети кесеп жеткирлер кайсылар:
1. **Абалы** — адамды айтабыз, анткени, андан акыл да, айла да качып кутула албайт. Нечендерди жасап чыгарып, укмуштарды жаратып, колу, акылы дүйнөнү көрктөндүрүп жатат.
2. **Өрт** — өтө коркунучтуу. Өрт чыкса, аны өчүрүү максаты кыйынга турат. Ал эч нерсеге моюн сунбайт. Зор зыянга учуратат, сүрү катуу көрүнөт.
3. **Сел** — топон сууну элестетет. Жан-жаныбарлардын баарын агызат, шыпырып кетет. Мунун да сүрү күчтүү, тили жок жоо. Кудай мунун да бетин ары кылсын!

4. **Жар** — жети кесептин бири. Жардан жан-жаныбарлар абдан сестенет. Андан өтө катуу жыгылат.

5. **Буудайык** — куш төрөсү. Муну мүнүшкөрлөр бүркүттүн түрлөрүнөн чыгат дешет. Кыраан куштардын алпы. Желеде турган туу калган бээни түш ченде эңип кеткени туура-луу улуулардан калган уламыш бар. Анын жүрөктүүлүгү күүлдөп учуп бараткан самолеттун өзүндөй алп куш экен — деп тепкенинен баамдайбыз.

6. **Кыргый** (кыргыек) — бул кыраан куштардын кичинесинен. Бирок анын айлакердиги бөтөнчө. Т. а. ал өзүнөн чоң илбээсиндерди алат, кол салат. Сүйрөп баратса, дароо курч тумшугу менен мууздап жиберет.

7. **Мышык** — негизги жеми чычканды жаза кетирбейт. Кыраан мышыктар өңүтүндө чымчык алат, уулуу жыланга тап келет.

## КОНОКТУ УРМАТТОО

*«Коноктон тук бир жадабас,*
*Колунда барын аябас.*
*Тоолуктун тоодой пейили бар,*
*Толкуган көлгө чамалаш.*
*Атайлап көрбөй камылга,*
*Акчасыз барам айылга.*
*Ат менен ашым дапдаяр*
*Ак калпак кыргыз барында».* *(Байдылда).*

**Конок айттыруу** — кыргыздын ата-бабадан берки жоомарт сыймыгы. Мейман келип турган үй кут түшкөндөй сезилет. Жети адам келсе, бири Кызыралекисаламдай көрүнгөн эле. Конок айттыруу — ошол үйдүн тамагын эңсөөсү. Анын бардарчылыгын, кенен дасторкончулугун, кең пейилдүүлүгүн баамдаткан. Демек, конок-аякты ойдогудай тосо аларын, анын салттуулугун жана нарктуулугун, адамдын өзүнүн сыйы, суктанарлык касиети бар экенин көрсөткөн. Бул уяттуу меймандардын баркына жете алуучу, ошол айылды уят кылбоочу, дасторкон үстүнөн тап жылдырбоочу сапатын билдирген.

Бир мисал: Угушубузча кара Кочкор ичинде тогуз жүз кызыл койлуу Токсобай деген бай чыгыптыр. Үйүнө жүз адам менен учурунда болуш-бийлер келип түшүптүр. Болуш аттан түшпөй, байга карап:

— Мына, жүз адам келип отурабыз, ушунча элди коноктой алаар белең? — дептир.

— Жүзүң эмес, миңиң кел. Коноктоо биздин милдетибиз, парзыбыз. Туу калган бээ союп берсем жетеби?

Меймандар аттан түшүп, баса отуруп калышат. Батымдуу болууга бай эки боз үйдү катар көтөртө коюп, меймандарга эшик ачылат. Катар кемегелер казылат, казандар асылат. Айыл адамдары кызмат кылышат, тойдон тап жылдырышпай, санжыра айтылып, көп сандыктын оозу ачылып, ойдогудай конок болуп, анан аттанып кетишет.

Конок айттыруу, 1-ден, кээде ошонун дасторконун сыноо. Коноктой алабы, кабак-кашым дебейби? Муну сыноо.

Үстөккө-бостөк конок айттырса да, кыргыз эли сыр билдирбеген. Мейман күтүүдөн шырп алдырбаган. Азыр да конок айттыруу ырасмиси бар. Шек алдырбай, коноктоп коё алышат.

2-ден, басмырттап конок айттырган учурлар да болот. Кыргыз пейили өзүнүн намысына, ата-тегине, уругуна, уруусуна, элине-жерине сөз тийгизбей, ыйманын ичине сактай алган.

### Дасторкон үстүн сыйлоо.

*«Адамды алдап болбойт тамак менен,*
*Акылды өлчөп болбойт кадак менен.*
*«Казаның карк эмес» деп таарынбайбыз*
*Күтүп ал, жаркылдаган кабак менен».* (Аалы).

Жайыл дасторкон — ошол үйдүн сыймыгы, ырыс-кешиги, бактысы. «Дасторкону кандай экен?», «Жайыл дасторконбу?», «Кең дасторкон, келбери немеби?», «Дасторкону куушпу?» өңдүү баалар, анын, төтөн, кайнаткан казанына байланышкан. «Куу казан», «Май казан», «Казаны толо кайнабайт»... сымал сөздөр жеринен айтылат.

Даам татуу, даам таттыруу пейилди билдирет. Ошентип, бирөөнүн дасторкону сизди сыйлоонун аракетинде болот. Илгеркилер сыйдын да, сыйлоонун да кадырына жете турган, жарпын жазышып, жадырап-жайнап, дасторконго койгонун барктоочу. Азы-көбүнө ыраазы болуучу, үй ээси урматтоочу. «Бул дасторкон биз үчүн болуп жатпайбы? — деп, канием салуучу, топук тилөөчү.

Атайын жайылган дасторкондор, капыстан жайылган дасторкондор, албетте, бири-биринен айырмаланганы менен анын четинде отургандарга бирдей бааланган. Анткени анда үй ээсинин ак пейили, ниети астейдил ызааты чөгөрүлгөн. Азыр да ошондой мамиледе болобуз. Көңүл куунак, дүнүйө түгөл отурабыз.

Бирок кээде айрымдарыбызды кудай уруп коёт. Бирөөнүн жайыл дасторкон үстүндө талаш-тартышуулар, өз ара ич күптүүлүктү чыгаруучулар, ошол жерде бири-бирине кыйынсынуулар, эреркеп кетүүлөр да болот. Мырыйыптырыйып, не чакчандап, не жактырбай отургандар да бар. Үй-бүлөдөгү ички өкүнүч-күйүттөрдү так ошондой учурда кычашып айтышып чыгуулар бар. Ага көбүнчө ичкилик «баатыр» себепкер. Ошол «ала качтырып» кетет. Ошондо «Э-эй, бул сенин үйүң эмес, өз үйүңдө чечишип ал», «дасторкон үстүн сыйла», «түндүк кимдики?» — дейбиз. Үй

ээси да, дасторконду жасалгалагандар да оңтойсуз абалда калышат. Ушундай жоруктардан кыргыз Ата уул-кыздары эми алыс болуулары зарыл..

**«Кудай конок».** «Конок айттырып келбейт» (макал).

*«Конок келсе күтүнгөн,*
*Моңолдор, черик калкы бар.*
*Сарбагыш менен саяктын,*
*Сары алтындай баркы бар».* (*Жеңижок*).

Бул — бейтааныш адамдардын жол жүрүп келе жатып, күтүлбөгөн жерден айыл ичине, бир үйгө түшүүсү. Ал өзүнүн кудай конок экенин айтат, же азырынча айтпай да туруусу тийиш. Үй ээси аны дароо сурабайт. Бирин-бири алар ичтен билишет. Үй ээси болгон мүмкүнчүлүктөрүн аябай, аны сыйлоого аракеттенет. Кой соёт, козу соёт, же эчки-улак соёбу, жөн эле эт салабы,— ал ошол үйдүн эрки. Колунан келбесе, болгон тамагын берет, жакшылап жаткырат. Атын жайлайт, жем-чөбүн аябайт. Согум сойгон маалы болсо согум этин чүйлүүлөп салат, айтор сыйлап алат. «Ат коюу сүннөттөн, сөз сурашуу ызаттан» — деп, о-оо, бир кезде жайлашкандан кийин от ойноп, казан кайнап, кабак жайнап калган чакта ич ара чечиле башташат. Мындай конокту элибиз жогору баалашкан. Аны кудайым атайын өзү жибергендей, Кызыралекисалам келип отургандай сезишкен.

Ушундай шарттардан улам, ал турсун кудай конок келсе, соёрго эчтекеси жокбирөөлөр жалгыз атын мууздап салган имиш. Албетте, айланайын элибиздин сыйын, пейилин эч нерсе менен өлчөөгө болбойт эмеспи!

**Мейман (конок) тартиби.** «Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын» (макал). Адатта, адам чакырык же бир иш аркылуу бирөөлөрдүн үйүнө барууга туура келет. Ал үйдү аттаарың менен өзүңдү меймандай сезесиң. Мында барууга кам көрөсүң, үстү-башыңды карайсың. Ал — жеке керт башыңды жана чакырган адамды, анын дасторконун сыйлоо. Чакырыкка өз учурунда барып түшүүн, өзүңдү да, мейман күтүүчүнү да сыйлоо маданиятың. Шартка жараша, непада кечигип кала турган болсоң, кечигип калсаң, албетте, кечирим суроо парз. Дасторкондо отурууда сөзсүз кол жуулат. (Анжияндыктардын бир жакшы сапаты — короосуна кирери менен суу белендейт.) Салам айтып кирүү менен өз ордуңду таап отурасың. Адам дасторконго колду адептүү сунат. Тамакка кароо, абалы, нанды ооз тийүүдөн башталат. Алдыдагы насипти ашыкпай, сыйда алып жеп-ичилет. Оозуңду тамакка толтуруп алып, ка-

коочудай аптыгып, сөз сүйлөбөйт, тиешесиз кепти баштоочу эмес, сөздү тындоо адеп. Адегенде сага кызыксыз болсо, шек алдырбагын, обу жок күлбөгүн, дасторкондон шашып, тура качпагын. Үй ээсине ыраазычылыгын билдирчү да, анан жайынча аттанып кетүүчү.

**Колун салып отуруу.** Дасторкон үстү өтө улук. Кыргыздар меймандос болгондуктан бар тамагын бала-чакасына да бербей, кудай конок келүүчү адамдарга сактаган. «Коноктун алдына эмне коёбуз», «Уяттуу мейман келип түшсө, жер карап калабыз»... Албетте, минтүүсү элдин сыйлуулугун, адептүүлүгүн, ыймандуулугун, ашкере берешендигин аныктайт, даана далилдейт. Мейманды коноктоонун башкысы — мал союу, ардактуу табак тартуу. «Коноктун алдына аш кой, эки колун бош кой» — деп, эч нерседен капарсыз. Ал эркин жеши үчүн, ага чүйлүү жеринен кесип берип отурган. Конокту талаптагыдай тойгузмайын, колду аарчуурга, «тойдум» — деп өзү чыга берүүгө болбойт. «Толук тойсун» — деп, табакка кол салып, ичтен демөөр берип, жегизип отурган. Бул алгылыктуу салттардан болуп саналат.

**Меймандын атында наристенин атын коюу.** Мейман кудай конокпу, же милдеттүү (чакырылган) конокпу, түшкөн үйүнө ал ыйыктай сезилген. Кудай конок — ал кудайым айдап келген, пейили чаап, буйруктуу конок. Демек, ардактуу конок экени өзү эле айтып турат. Эгер ошол күнү, ошол үйдөн бирөө көз жарса, ак тилекте ошол кудай коноктун атын койдурууга азан чакыртса, анын кадыр-баркы ого бетер артылган. «Бир кудай сүйгөн мейман түнөгөндө төрөлгөн бала. Ошонун атын атап койгонбуз» — өңдүү ниет, арийне, адамдарга жакшы сезилээри белгилүү.

«Жакшыны кыдыр жылоолойт» — деген сөз маанисине бул төптөшүп турат. Албетте, мындай салттардан кол үзбөөбүз керек.

**Койдун башын тартуу.** Адатта, урматтуу мейманга атайын арнап кой соёт. Анын ичинде куйруктуу кара козу же кой союу наркы алдыда турат. Мында башы кимдерге тартылат? — деген суроо туулат. Топ адамдар келип түшсө, анын ичинен бирөө өтө кадырлуу көрүнөт. Аксакал табак беттей коюлат да, баш жото жилиги же жамбашы менен ошого сунулат. Эгер ал кары адам койдун башын мүлжүүгө мүмкүнчүлүгү болбосо, баштын ууртунан кесип, ооз тийет, кулактарын кесип, бирөөлөргө берет. Башты бузуп, көпчүлүккө берүү үчүн отургандардын бирөөнө ыйгарат. Баш алган адам беркиустуканын жейт. Нарын, Ысык-Көл тараптагылар башты кичүүлөргө алдырууну адатка айлан-

дырышкан. Ал негизи туура эмес. Бул кастарлап сойгон малдын кадырына жетпесе, салтты-наркты сактабоо. «Шыйрактан бөйрөк чыгаруу» делинет.

Негизи кой союуда отургандар үч даамды сөзсүз татуу зарыл. 1-баштын этинен, анткени ал куйкум, май этинен, анан ич этинен (мында куйрук боор эске түшөт). Непада, козу союлса, мээси тууураган эттин мазасын чыгарат.

**Алыс сапар тартуу салты.** Кыргыздар — ат жалын женил сезген эл. Алыска кажардуу жүрүүчү ат даярдайт. Тон дайындайт. Жолдош ээрчитет. Атты өрүү кылат. Белин эс алдырат, такалайт. Азык-түлүк камдайт. Сапар тартууга түн ооп аттануу шарият жүзүндө нарктуу келет. Ошондо периштелер, кызыралеки саламдар да жолго атайын чыгат. Алар жолоочулардын колдоочулары болуп саналат. Демек, жер арбыйт. Атка, адамга ичтен дем берет.

**Устукан жеш адеби.** Эт жеш маданияты элибизде мыкты сакталган. Бычаксыз жеп жаткан устуканга тиш матырып, этти жулкуп-булкуп сугунуунун өзү өтө олдоксондук. Ар бир адам чөнтөгүнө макисин ала жүрүүсү керек. Карыялар кындуу бычакты бел куруна байлана жүрүшчү. Мындай сапаттар түштүк элине жапырт таандык. Конок тоскон үй азыр тартылган устуканга бычакты кошо берүү адатка айланууда. Т. а. этти кыя кесип жеште, сөөктү таза мүлжүштө бир гана бычакты пайдалануу шартын-салтын сактоолору зарыл.

**Таяк майлоо.** «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» (макал). Бул — кийинчерээк чыккан жөрөлгө. Таяк — койчумандын мал айдоочу куралы. Чабандар ортодон көроо кой өткөзүп алганда, таягы ак жолтой, малынын төлү эгиз, жүнү тегиз келип, эл-журт арасында жүзү жарык болушу үчүн тегерегине кой союп, кенен дасторкон жайып бата алуу.

**Майлап берүү.** Бул кийинки салттардан болуп саналат. Бирөөлөр бир олжого, ийгиликке, пайдага батуудагы элге көрсөткөн сыйы. Мисалы, кийим-кече кийүүдө, ат минүүдө, балдарынын бир жакшылыгын көрүүдө, жаңы үйгө кирүүдө ж. б. жагдайларына карата «майлап берүү тууралуу» анын кыймыл-аракети. Т. а. мүмкүнчүлүгү менен ачык маанайда мал союусу, дасторкон жаюусу. Муну менен катар майлап берүүнүн терс жагы да бар. Анда ичкилик алып берүүсү, элдин мас болуусу 1-планга чыгат. Ал эми жууп берүү, тескерисинче, майлап берүүчүгө жооп кайтаруусу, ал да ошондой сыйды көрсөтүүсү.

**Конок каадасы.** Коноксуз тура албаган кыргыздар илгери жапырт боз үйдө жашаган. Бир үйдө көшөгөдө уул

келиНи, ыпча тарапта үй ээси, мындай сырткары бала-бакырлары, карыя-картаңдары ошол эле үйдөн эптеп сыйлыгышып жата турган. Алар кысталбай-кыйналбай чечинип жатуулары үчүн сыпаакерчиликте коногу акырын эшикке чыгып кеткен. Ары-бери басып, эс алып туруп, бой жазып, даарат ушатуу болгондо үй ээси жатуудан кабар берген. Мына ошол конок каадасы аталып калган.

*«Улуу Алай чыга жайлаган,*
*Анжиянга кыштаган.*
*Кайыр дигер мейманды,*
*Кан уулундай сыйлаган».* (*Эл ыры*).

«Кайыр дигер мейман» — белгисиз, тааныш эмес, бөлөк тараптан келген конок. Мына ошол чыныгы кудай конок болуп саналат.

«Конок бардык жагынан сүйкүмдүү, бирок эң сүйкүмдүү жери — далысы» — дешет а варлар. Анткени аттанаары, үйдөн чыгаары менен шарт жүрүп кетүүсү.

Мейман тосуу. Бул — келүүчү меймандын алдын-ала күтүүсү. Аларга эмне сый көрсөтүлөрүн түгөл дайындап коюусу. Милдеттүү конокторду тап жылдырбай, шек билдирбей урматтоосу. Ага журт билермандарын тосуу, куда-сөөктөрүн тосуу, өз ара тамак ичүүлөрдү, конок айттыргандарды ж. б. тосуулар кирет.

Улуу акын Тоголок Молдонун айтымында куудул Куйручуктун атасы Өмүрзак улан кезинде Ормон баатырдын айылына барып калат. Баатыр баштап эле чабылып, мейман күтүү менен алек. «Бу ак калпактуулардын баатыры, ханы өзү баштап, бүлүк түшүп, жумалап күтүп жаткан коногу ким болду экен?» — деп ойлойт. Ал да күтүп жатып калат. Көрсө, Калыгул олуя тура! Ак кементайчан, этеги саймаланган кандагай шым кийип, Калыгул кара сур атын минип (ал адамды башка ат көтөрө алчу эмес экен, олуя жамбаштап жатканда артынан орто бойлуу адам көрүнбөгөн өтө зор адам болгон), жан-жөкөрлөрү менен келе жатканда, Ормон баатыр барып, окчундан тосуп алат. Атайын көтөрүлгөн ак өргөөлөрдүн бирине түшүрөт (Болжолдо Ормондун уулу Үмөтаалыныкы болсо керек дейт). Койдун сүтүнүн курутунан эзилип, сары май сапырылган суюк суусунду кырма аяктарга куюшуп, меймандарга сунушат. (Болжолдо, Ормон хандын байбичеси сунса керек дейт). Баары бирден ичишет. Байбиче идиштерин жыйнап алат. Анан отургандар Калыгул олуяга бүгүн, эртең, келечек

тууралуу суроолорду сунушат. Эки ийинин алмак-салмак карап, так эмики турмушту баяндап бериптир.

**Меймандын атын алуу.** Адамды урматтоонун эң эле эски нарктуу-салттуу жолунун бири — меймандардын алдынан тосо чыгуу, салам айтуу, алик алышуу, аттан таптак түшүрүү. Т. а. мейман келе жатканда алдынан окчунураак жерге чейин барып, учурашып, шаан-шөкөттүү түрдө аттан алуу. Ал үчүн чылбырын тизгин менен суулуктай сол колтугунан кармаганда мейман оң бутун үзөңгүдөн бошотот. Ат алуучуну карай сол, оң буту жерге такалаары менен, сол буту үзөңгүдөн чыгып, жеңил түшөт.

Эл өзү ардактуу коноктордун — «эл мыктысын», «иш башчысын», «журт карысынын» мартабасын көтөргөн. (Бизде нан, туз алып чыгып мейман тосуу мурун болбосо керек). Анын жан-жөкөрлөрүнүн аттарын ошол эле мезгилде ар бирин өз-өзүнчө кишилер алган.

Арбын коноктордун аттары кермеге күрмөй байланган, не мамыларга казык бош чалынган. (Бийик түркүккө керилген кыл арканды «керме» деп аташкан).

*«Күлүктү байлап кермеге,*
*Күрпөңдү союп шернеге.*
*Күрдөөлдүү жайлоо Ак-Сайым,*
*Гүлдөбөй турган жер беле».* (*Казыбек*).

Аттарды «сарт боштоп байлоо» (эки атты каршы-терши коюп, куюшкандарына чылбырды «казык бош» чалуу) кылып койгон.

Албетте, меймандын-коноктун чоң-кичинеси болбогон. Өтө эле кичүү болсо, ал да кадырман. Ошондуктан аны эң улуу даражалуу үй ээсинен да жогору коёт. Өйдө төрдө отурат. Айыл ичинде атын алыстан аласың, босогодон тососуң. Төрдү көрсөтөсүң. Кайдан келгени суралбайт. Суроону өзү бериш керек. Эгер ал өзүнүн жөн-жайын айтпаса, анда аттанаар алдында суроо коюуга акың бар. Мына ушундай жагдай меймандын кадыр-баркын арттырат.

Азыр аң-сезим тарып, жүрүм-турумдун нормаларына дейре бирөөлөрдү туурап, таасирине түп көтөрө ооп кеткен «цивилизацияланган» шартта, тилекке каршы, өзүбүздүн элдик баалуулугубузду жогото баштадык.

Эгер мейман — «кудай конок» баш бакса, көчүк баса электе эле ичмектеп, аябай «тергөөгө алып» киребиз да, анан барып гана: «Тааныштыгыбыз жок экенө», не «Ааа, а, жакын куда-сөөк турбайбызбы, отуруңуз, төргө чыгы-

ңыз. Қокуй, чай койгула!» — дейбиз. Мына ушундайдын айынан азыр биринин үйүнө бири башбакпай баратат. Бүлө кагып чакырмайын эрди-зайып конокко барбайт.

**Конок (мейман) насиби.** Бул — сыйлуу тамакты меймандга сактоосу. Уяттуу адамдар келип калса, алдына коюусу. Кыргыздар конок келгенде дасторкон үстүнүн өтө жупуну болушуна өзүлөрү аябай уялышкан. Үкөккө катып, аны кулпулап, балдарына да берүүчү эмес. «Уяттуу адам келип калса, алдына эмне коёбуз» — деген ниет ар биринин жадында жүргөн. Карын май ошондой учурда бузулган. «Бисмилда, кудай берекесин берсин» — деп, карынды энелер, байбичелер бузуп, ачаар замат абалы өзү ооз тийип, же андан мурда үйдүн карысына — чоң энеге, чоң атага, үй ээсине томуруп, «культ» эткизе сугунтуп, анан мейман дасторконго сала турган. Катылуу турган набат, мейиз, кантмомпосуй сымал татымалдар, индус чайы ошондо «жарыкка» чыккан. Ал күнү меймандын аркасы менен бапырап, дасторкон үстү карк болуп, кел бери бала-бакыранын оозу майланып, үй ичине береке кире түшкөн. Анан жандык союшуп, мунун баарын «конок өз ырыскысы менен келет» деген ниетти ичтен тартуулап турушкан...

**Мейман атын жайлоо.** Бул — меймандын атына камкордук көрүү, коноктун так өзүндөй мамиле кылуу. «Ээсин сыйласаң итине сөөк сал» (макал). Ат сууру менен ээртокумун алуу, отко коюу.

Адатта, меймандар «конок каадасын кылган» шартта аттар жайланат. Кышында акырга коюлат. Эртеси эртең менен сугарылып, жем илинет. (Дегиңкиси, жем илип, анан сугарса, жем аттын «бутуна түшүп» кетет, ат аксап, аягынан басынат). Жайында көбүнчө аттарды оттуу жерге алып барып тушайт, же аркандап коёт. («Ат жайла десе бир зөөкүр — Кемчонтой меймандын атын мууздап салып, «атты жайлап койдум» — деп эшиктен шымалана кирип-тир» деген лакап бар).

Алган устуканынын жарым-жартылайын сыйда кесип жеп, устукандын калганын анча жылаңачтап жибербей, бирөөлөргө (адатта, кичүүлөргө, келин-кесектерге) берүүсү. Устуканды (жилик, кабырга, омуртка, куймулчак, жамбаш ж. б.) сунаары менен, алар илбериңки алат. Ал ыраазычылыгын ичтен-сырттан билдирет. Ооз тийет. «Ме, балам, мендей алпылдаган абышка бол», «Ме, келиним, мендей байбиче бол», «Бул устуканды уулуңа, кызыңа ала бар» сымал сөздөр айтылат.

Атайын устукан жеш үчүн балдар улууларды ээрчип да алат. Ал устуканын жеп, калгандарын үйүнө көтөрө

келет. «Устукан алып келет» — деп, үйдө үмүтөтүүчүлөр да болот. «Ач өзөк неме устукан берүүгө жарабады», «Баламдын шаабайын суутуп...» — дечүлөр да бар. Кийинки учурда бала-бакыраларга устукан сунсаң, «шык» этип албай коюулар кездешет. Жейсиңби, жебейсиңби, сунган колду суутпай алууну улуулар үйрөтүүлөрү керек.

Конок табагынын касиети бар. «Жетөөнүн бирөө — Кыдыр» — дегендей, алар сунган устуканы менен кошо батасын берип жатпайбы?!

**Меймандын колуна суу куюу.** Мунун да ата салты, эне адеби бар. Адатта, көбүнчө тестиер эркек бала колго суу куюшу шарт. Суулукту сол ийинге илип, чылапчынды четинен кармап, жылымык (тумшугу сынган) суусу бар кумганды, не чайнекти оң колго кармап, ал (эт жээрде) солдон оңду көздөй карай колго сууну бөлүп-бөлүп, чачыратпай сыйда куят. Ошондо колду куюп жаткан адамдар: «Тилегиңди берсин!», «Бар бол!», «Өмүрлүү бол!», «Ойлогон оюңа, тилеген-максатыңа жет!», «Чоң аталарыңдын жолун жолдо»!, «Пайгамбар-сабаалар колдо!» — өңдүү түркүн баталарын беришет. Эт желип, бата тиленип бүткөндөн соң ыкчамдатылган (кол күйбөгөндөй) суу оңдон солго (аяк өйдө) куюлат. Анда да бата ыроолошот.

Азыр, төтөн, шаардыктарда суу куюш, бата алыш негизинен унутулду. «Ой, тим койгула, туалеттен эле жууп келебиз»,— дешет.

Балага антип суу куйдуруу — абалкы салт. Анда конокту сыйлоо адеби жатат. Мында бала-бакыра таалим-тарбия алат. Мындай элибиздин жөрөлгөсү биз үчүн күңүрттөлсө, кийинки муундарга караңгы гана түндөй көрүнөрү шексиз.

**Мейманды аткарууга даярдык жана узатуу.** Бул — мейман кайсы учурда аттанаарын белгилеп, ошого карата, айталы, эртең менен аттанмак болсо, дасторкон жыйыла электе эле аттарын токуусу. Басмайылын бош тартып, аттанаар алдында чың тартуу. Баары токунаары менен, жүгөн катылат.

«Кел» демек бар, «кет» демек жок» — дегендей, коноктордон бата сурагандан соң, алар «күчүнөн кайта» башташат. Орундарынан козголот. Бала-бакыра эшик ачышат. Урматтуу мейманды үй ээси коштой чыгат. Атын суулуктан кармап, конокту сол колтуктан алат. Ал сол бутун үзөңгүгө илет. Этек-жеңин кымтылап, үзөңгүнү чирене теминет. Эми тизгин, чылбырын карматат. Кош-пош айтышып, мейман шарт жөнөп кетет.

**Үлүш берүү (кире ичүү).** «Бир айылдын ашы бир айылга таңсык» (макал).

Бул — «жайлоо майрамы». Жайдын толук кезинде, мал семирген мезгилде жанаша айылдар бирин-бири чакырышып, ызаатташа тамак-аш ичүү салты. Меймандостукта, минтип, бирин-бири сыйлоо, урматтоо кыргыз Атада мурун укмуштай өнүккөн. Уруу, урук элдерди жакындаткан, сый-урматка бөлөгөн. Ал үлүш берүү же «үлүш ичүү» деп аталган. Мында кутмандуу карыялар өз айылынын адамдарын ээрчитип, калдая барып түшкөн. Шымаланган улан-жигиттер аларды окчундан тосуп, аттарын алган. Аттар каңтарылып, мейман күтүүчү үйдүн эшиги ачылуучу. Куттуу төрдөн меймандар орун алуучу.

Абалы сары самоор шуулдап, андан чай ичилүүчү. Көрөңгүлөнгөн кымыз куюлуучу. Күн ачыкта көк шиберде шырдакта отурушкан. Эт бышкыча санжыра сөздөр айтылган. Комузчулар, чоорчулар, ырчылар ошол жерде болгон. Меймандос элдин мындай каада-салттары айыл ичин ынтымак-ырыска, тааныш-тамырга, даамдаш-кешиктеш болууга, куда-сөөк күтүүгө ойдогудай өбөлгө түзгөн.

Алар бири-бирин чакырышып, кире-үлүш ичүүдө айыл урук-уруу дасторкон үстүндөгү сыйдан кенедей да өөн чыгарышпай, тап жылдырышпай, ички ар-намыстарын дайыма бийик тутушкан. Бул ата-баба салтынын изден тайбас жолу эле.

«Үлүш» аттуу ырды жеке да, топ-тобу менен да ырдашкан. Жылкычылардын шырылдаңы Камбар Атанын ыры катары ырдалган.

*«Үлүш болот жайында,*
*Кой, жылкылуу айылда*
*Тайларын минип жарышат,*
*Үлүшкө балдар барышат.*
*Кан жайлоонун үлүшү*
*Жандын баары кубанып,*
*Жадырап-жайнап күлүшү.*
*Тунук булак шаркырайт,*
*Тоолор болсо жаркырайт...»*

Мына ушул сымал ыр саптары боло турган.

**Дасторкон адеби.** Кыргыздар — жеринен меймандос калк. Мейман тосууну ырыска шериктеши катары баалайт. Дасторконду жаюу — бар тамагын аябоо. Шартка жараша бул талаа-түздөрдө ар кандай кырдаалга карата болот. Тамак ичүүдө дасторкондун (мисалы, чүпүрөк дасторкондун) туюк учу төрдү карайт. Аны которуп жаюуга эч кан-

дай болбойт, жылдырып жаят. Абалы, ага нан коюлат. Аны сындыруу аркылуу алдыдагы ашка колдор сунулат. Эгер төрдөн аталар, агалар, энелер орун алса, эркек балдар ата тараптан, кыз балдар эне тараптан сол ыптасында улуулата катар отурушат (эне — эпче тарапта, үй ээси ыпча тараптан орун алганда, эркек, эненин оң тарабында болуп калат). Бул — ата-бабалардан бери келе жаткан жөрөлгө.

**Тамак-ашка мамиле.** Тамак бар жерде дымак бар. Кыргыз тамак-аштары дандан, сүттөн, эттен жана ушул үчөөнүн ич ара катыштарынан турат. Дандан кандай тамак-аштар даярдалат? Сүттөн кандай тамак-аштар даярдалат? Эттен кандай тамак-аштар даярдалат? Муну жатка билүүбүз тийиш. Албетте, булар толук көчмөндүү турмушка шартташкан. Аш болумдуу, даамдуу, ширелүү келген азыктар жердин чөбүнө, аба ырайына, бийиктикке жараша болот. Тамакты даярдоо, аны урматтоо адептүүлүктү, чеберчиликти талап кылат.

**Тамак-аш ичип-жеш тартиби** — бул адептүүлүктүн бир түрү. Ата салтында, эне адебинде улуулардагы жол-жобонун сактоо вазийфасы. Мусулманчылыктын шартында талаа-түздө болобу, азбы-көппү дасторкон жаюу. Андыктан, тамак алдыга келгенде, турбай отуруу (сыңар тизелөө, бүйрө отуруу, чөк түшүү, малдаш токунуу) шарттуу болот. Адатта, дасторкондогу тамакка улуулата кол сунуу. Илгертен эле баш кийимчен тамак ичишкен. Кээде карыялар тебетей, калпактарын, байбичелер элечектерин алат. Ичмек топу, же тепчиме топу (карыялар ак кездемеден тигилген топуну чөнтөгүнө сала жүрүп, уяттуу жерлерде баш кийимин алып муну кийип отуруусу сөөлөттүүлүктү билдирген) менен отурган. Байбичелер жоолук салына коёт. «Көчүк басып ич, жалпак отуруп жегин» — өңдүү тескөөлөр мурункулардын нускоолору болуп саналат. Ал эми азыркы жаштарыбыз кез келген жерде, оозуна тийгенин кардыга сугунуп, ач өзөктүк тамак жештин өзү, албетте, мусулманчылыктын салтына өтө жат, өөн.

**Токочту (нан) урматтоо.** Албетте, токчулук токочтон башталат. Ал туурасында чечендей бербейли. Эгер курандары биз «ыйык» деп, дааратсыз кармоого ылаажы болбогон сымал, нан андан ыйык экендиги шариятта апачык айтылат. Анда «Жетпей турганда куранды бутуна коюп, нанды ал» — дейт. Демек, бул нандын баа жеткис, өлчөөгө эч мүмкүн эмес улуктугун билдирет.

Карыялар, байбичелер куурулган данды кайда жатса да алып-терип жешчү, балдарга тердирүүчү. Эмне дегенде,

чийки дан өсүп, урук алып келет. Куурулган данга убал тура. «Тиги дүйнөгө барганда Кудай-Таала төөгө мингизип тердирет». Кыскасы, кыйнайт окшобойбу! Адамзаттын жүрүш-туруму үчүн мусулман дининин тарбиялык-таалим берүүчүлүк бөтөнчөлүктөрү укмуштай болгон. Ушундай жагдайларды биз атайын чыгарылган мыйзамдар аркылуу да жөнгө коё албай, оңго бура албай отурабыз.

Токочтун (токчулуктун бир аты токоч), жалпы эле дандын кадыр-баркына бабалар эч кандай жек келтирген эмес. Адам баарынан танат, дандан танбайт. Ансыз кылган тамактарга канааттанбайт. «Ошентип, дүйнөдө нан улук» — деген далилсиз чындыктар жашап келген. Демек, нансыз берки тамактар менен көпкө жашай албайсың. Алар дан азыктарына кошумчаланат. Кыргыз дасторкону бай. Ага коюлган тамактар ар кыл. Даамдарды ооз тиебиз. Ошондо да нандын (дандын, буудай, арпа, таруу, конок жүгөрү, буурчак өндүүлөрдүн) улуулугу баамдалат. Ошон үчүн нандын күкүмүн да жерге таштабайт. Терип алат. Жок дегенде үй айбандарына берип коёт. Алардан да жеп салышы сооп чулук болот.

Сүт азыктарын (сүт, айран, сүзмө, курут, чөбөгө, сары май, эжигей) жерге төкпөйт. Аларды «ак» деп атайт. Төгүлгөн акты кол менен эки ийинге тийгизип, ырымдап, кудайдан кечирим сурайт. Иче турган ашты ачытпоо, кычытпоо, сасытып жибербөө керек. Эт тамак аштарды сактоону да ата-бабалар мыкты билишкен. Туздап, мелүүн жайга илип, курттатпай, жыттантпай, сердектей кургатып, сүр эт кылып алышкан. Капка сактоо үчүн ундун ичине жыл маатутам каралат.

**Тамактануу** (оокат ичүү) **маданияты.**

Бул — мусулманчылыктын шартында алдыда жайылган дасторкондон адептүүлүктө даам татуу, анын жол-жоболорун нукура сактоо. Тамакты алчактап чайнабайт. Оозунан майды, чайды чууртпайт. Сакал, муруттардан мурун-ээктерге тамактарды тийгизип, булганч кылып жибербейт. Мында тазалык, сыйдалык сакталат. Чоң сугунуп, апылдата чайнап, кулк эте жутуп, ач өзөктүгүн билдирбейт. Ызаттыкта аз-аздан сугунуп, майдалап чайнап жутуу зарыл. Басып баратып тамак жеп-ичүүчү эмес.

Талаа-түздө тамактанууга туура келсе, дасторкон үчүн жүз аарчы, же куржун, баштыктан ж. б. жаюу керек. Ат үстүндөгү адамдарга суусундук сунса, идишти ат жалына тийгизип, анан иче-жута турган.

**Согум союу.** Бул — мал союу салты. Төтөн, бодо союуну туюндурат.

Согум союлуучу малды даярдоо. Анын бир түрү — кышта желүүчү эт-согум. Анан атайын согум союу — бирөөлөргө берилүүчү эт. Адатта, суук түшкөндө, эт-аш жакшы сакталган чакта (ноябрь-декабрь), кой жону, уй кому, жылкы жалы, төө өркөчү менен турганда согум союу башталган. Батага аксакалдарды, байбичелерди чакырышкан. Абалы чай ичилген. Айрымдары согум сойдурууга бозо салып күтүнгөн. Үй ээси малга бата сурайт. Жигиттери шымаланып малды соё баштайт. Албетте, согум союу салты айрым аймактарда азыр да ушундай. Согум союп жаткан жерге келүүчүлөр: «согумуң чүйгүмдүү болсун!» — дешкен. «Айтканың келсин!» — деп, жооп беришкен. Келин-кесектер болсо ичеги-карынын артышат.

Согум союш биргелешип, аракет кылуунун мыкты үлгүлөрүнөн болуп саналат.

Илгери союлуучу жылкыны атайын, тээ ала жазда, куйрук-жалын кыркып (отоп), эркин семирүү үчүн өзүнчө чымын каккыс, шар суусу бар бетегелүү төрлөргө чыгарышкан. Жакага казысы эшилип, кызыл май кылбаш үчүн аны акырын айдап, же жетелеп түшө турган. Согумдук уйлар болсо мал өлөңдүү аралга чыгарылган. Деги согум малы ордунан козголбогон, өйдө-төмөн айдалуучу эмес.

Мурунтан кыргыздар үй-бүлөчүлүктө улууларды аябай урматтоочу. «Карыларыбызды кантип кышта томсортуп коёбуз, экөөнүн бирин соёлучу, эл катары казаныбыз кайнасын» — өңдүү адаттар болгон. Ошентип, согум союуда элибиз жоомарт эле. Кээлери ич ара: «Капырай, ушул туушта чычкан мурунун канатпай отурушат...»,— дешип наааразы болушчу. Албетте, кышкы суукта жаш-карыяларга согум эти дем берген. Ошондой жайытта семирген жылкылар таман казы чыкчу, ичегиси жетпей калуучу. «Баланчанын согуму кандай экен?» — дешип, айыл ичинен ичеги иликтөөчү.

Согум союп бергендерге куурдак берилет. Касапчылар кечки конокко чакыртылган. «Жылкы сойсоң — баса жаткын, уй сойсоң үч күнү үйдөн качкының»,— дешкен. Кыдырып согум этин жешүү ошол жылкы сойгон күндөн башталган. Уйдун этине туз жалатылат. Ал үч күндөн кийин чыйралат.

Камдуулар жылкынын этин элге таратып, коюнун, төөсүнүн, топозунун, уюнун этин жазга сүрсүтүп, эттин даамын арттырган. Бул — адам кызыгып жегендей абалга келтирилип, жегиликтүү кылуу. Сойгондо эле уйдун, топоздун, койдун өз карынына сулп эттерин туздап, шыкап салып толтуруп коюу. Ал бышканда кызыл тарткан, шире-

си артылган. «Узун сарыга» — чын куранга (апрелге) чейин сакталган. Мыкты ургаачылар казы-карта, жаялдарды унга бөлөп, жайдын толугуна чейин саргектей сактаган. Согум убагында кыштата бозо салып, айылдаштар ич ара күтүнүп чакырышкан. Тамактын нашаасын чыгарган. Азыр да сырт жерлеринде ушундай согумдар союлат. Айрым аймактарда согум союшат, бирок бири-бирин чакырышып, кастарлап, ыракат көрүүчүлүк, албетте, басаңдап баратат.

**Чара табак** — кадырлуу табак. Мында сөз эт жасаган чоң табак тууралуу болуп жатат. Урматтуу конокторго кой, тай бодо өндүүлөрдү сойгондо жез чараларга казы, карта, карын, жал карчыганын кабыргасы, омуртка жая сымалдарды үймөлөтүү, чүйгүндөп эт тартуу. Алар чоң чараларга (буурул чара деп аталат) этти дөбөлөтө тартышкан. Илгери тайпак табакка эт тартылуучу эмес.

**Ооз тийгизүү** (кешик ооз тийгизүү, кешик берүү).

Бул — бир жактан (аш-тойлордон, же төркүн-төстөн, конок-аяктардан, куда-сөөктөрдөн ж. б.) келген тамак-ашты айыл-апага чакырып берүү. Ага тамак берүүчү дилгир. Кээде анын артында «ошончо кешиктен ооз тийгизгенге жарабады» — деген сөз да айтылат.

**Казан-аштуу.** *«Адөөлөт киши кайнатам,*
*Куу казан эмес, май казан.*
*Айылына барктуу башкарма,*
*Акыйкат издейт ар качан».* (*Байдылда*).

Бул — кең пейил, тапкан-ташыгандарын казанына салгандар. Казан-аягы майланышып, келди-кеттилерге меймандос, жайган дасторкону берекелүүлөр. Кел-бери адамдар. Аны, экинчиден, жайыл дасторкон деп атайбыз. Май казандын тескери мааниси — куу казан, казаны толо кайнабагандар...

**Даам сыздыруу.** «Бир даам таткан жериңе, миң курдай салам бер» (Накыл).

Бул — тамак-аш ооз тийгиздирүү, колдо барын алдына коюу. Кыргыздар көчмөндүү калк эле. Алар ат жалын ыйык сезишкен. Үйгө кирсе, үйдүн жанында ат үстүндө турса, «даам ооз тийгиле, нан ооз тийгиле» дешибиз парз. Аттан түшүрбөй, даам, айран, сүт, жарма алып чыгып, ага сунуубуз. Ал идишти ат жалына тийгизип, ооз тийүүчү, ичүүчү.

Айыл аралай каркыралуу көч өтүүчү. Айыл адамдары алдын тосо даамдарын белендеп туруучу. «Суусап келе жатышат»,— дешчү. Демек, алар суусундук менен узатуучу. Азыр деле мындай ырасми бар. «Даам таткыла, ша-

шылбасаңар тамак ичип кеткиле», «Чай-чуй ичкиле», «Жок дегенде нан ооз тийгиле» — дейбиз. Шартка байланыштуу «шашып турабыз, шашпай келээрбиз», «Нан ооз тийүүгө убакыт жок» — деп коюшат. Арийне, мындай мамилелерден улам бара-бара эл ичинде даам ооз тийгизүү солгундап баруудa. «Ой, алар шашып жүрүшөт, убара болбогула» — дейбиз.

**Табак түп.** Бул — нарын (майда тууралган чыктуу эт) желип бүткөндөн кийин, адатта, чыгын (тууралган эттин ширеси) кесеге куюп, улуулата ирээти менен уурташат да, түбүнө чокчойтуп, табак түп коюшат. Аны эт тарткандар, казан-аяк кармагандар жешкен.

Табак түбүн жеш — кешик ичүүнүн бир түрү. Табак түп менен кошо улуулар батасын берет. Кээде табакты эт жегичтер жалагандай кылган. Ал эт жеш маданиятына коошпойт. Табакты тегеретип жиберген учурлар да болот. Албетте, бул — олдоксондук. Эт желбей, табак титиреп келип, титиреп кеткен кездери да бар. Мында табак түп тууралуу ойго эчтеке келбейт.

Табак түп калтыруу — салтыбыз. Улуулардын түбүн кичүүлөрү сонун көрүп ичкилери келишет. Муну эстей жүрүшүбүз керек.

**Уюшма** (олтуруш) — адамдардын ич ара каражат чыгарып, дасторкондош болуп, тамак-аш ичүүлөрү, көңүл ачуулары. Уюшма ынтымакты чыңайт. Майрамдарда ж. б. эс алуу күндөрүндө мындай отуруштар көп болуп, сырлар чечилип, шайырлар чыгып, маданияттуу эс алууга шарттар түзүлгөн. Кийинки чактары ичкилик аралашып. уюшманын баркын-наркын, ыркын кетирүүлөр көп болуп жүрөт. Биз мунун нукуралыгын сактообуз керек. Уюшма «шерине», «деңгене», «жоро» өндүүлөрдү алмаштырат.

**Шыралга.** *«Кайраным, Калы мергеним,*
*Тоодон теке тергеним.*
*«Шыралга» — деп келгенге,*
*Шыйрагын кеспей бергеним».*
*(Калы мергендин аялынын кошогу).*

Бул — кайберендердин (бугу-марал, эчки-теке, аркар-кулжа, элик-телки) этин айыл ичине таратып берүү. Мерген кийик атып келгенде, ага айыл ичи «шыралга» деп барышат. Аларга этти жиликтеп карматат. Ошон үчүн «кайберендин эти шор келет» — дешет. Себеби, ал согум катары эсептелбей, көпчүлүктүн ырыскысы болуп, талакейге түшүп кеткен.

Сентябрь, октябрь, ноябрь айларында кайберендердин семирип турган учуру болот. Ошол тапта көккарчыга болуп, майынын даамы артылат. Негизи кийиктин жилик эттери кара кесек көрүнөт. Анын баасы-наркы майга чекмелей куурдак куурулуп жегенде баамдалат.

Бүгүн кайберендер абдан суюлуп кеткен. Ага өзүбүз күнөөлүүбүз. Биз аларды учурунда байкоосуздан аябай кырып таштаганбыз.

**Кол кесер.** Бул — бодо мал (төө, жылкы, уй, топоз) сойгон касапчыга (малды мыкты сойгон, бат сойгон, таза сойгон адам), ичеги-карын арткан аялдарга мал ээсинин ошол сойгон малдын этинен чөп башылап бергени. Адатта, мисалы, бодону төрт адам соёт, төрт аял ичеги-карынды артат. Эркектердин кол кесери жетим, арка моюн, боор эттен болот. Аялдарга, төтөн, жылкынын тазкарды, көтөн картасы, уйдун чөйчөк карды, тогуз каты, карыны мүнөздүү келет. Көтөн картаны айрым касапчылар өтө кыска чыгарып коюп, арткан келин-кесектерге «колу кууш» аталган үй ээси уят болот. «Көтөн картаны узун чыгаргыла» — деп турган. Азыркы жаштар муну шашып сойгондо түбүнөн кесип да ташташат. Көтөн кол кесер алган келиндердин кичүүсүнө ыйгарылат. («Көтөн» деген тамак бар, көөмп коюп өзү жейт, «жумур» деген тамак бар, жууп коюп өзү жейт, мына кызындын көзү» — деп, күйөөсү кайын энесине айткан имиш).

**Шорпо-шилең ичүү.** *«Түрдүү көчөт гүлү бар,*
*Килеми сонун кыргыздын.*
*Элге берген дасторкон,*
*Шилэңи сонун кыргыздын».*

*(Эл ыры).*

«Сорпо» бизче сорпо, «шилең» калмакча шорпо.

Кыргыз Ата дасторкону эттүү тамактары аркылуу көрктөнөт. «Сорпо-шилээн ичип кеткиле» деген — бул «тамак-аш татып кеткиле» — дегени. Бышыкчылыктуу аймактарда, баамдоолорго жана улуулардан уккандарга караганда (М: Кара-Буура, Аксы, Чаткал, Ала-Бука, Кетмен-Төбө ж. б.), биреөлөр коногуна жандык сойсо, кошуна-колондун бала-бакыралары коюндарына токочун ката барышып, сорпо куйдуруп, токочун туурап жеп, «сорпо-шилээн ичип келдик» — деп, кадимкидей эт жегендей канаат алып кайта турган. Албетте, аны менен кошо кичине кесим эт да берилет дечи.

**Жер шартына карата азык-түлүк аныкталат.** Илгерикийин деле карылар жердин, суунун, андагы беш түлүктүн (төө, жылкы, уй, топоз, кой-эчки) бөтөнчөлүктөрүн даана баамдай келишкен. Ар аймактын оту-чөбү, карагай-чери аба ырайына шартташкан. Ошого карата азык-түлүктөрү айкындалат.

Албетте, сырт жерлери бетеге-туландуу келип, климаты өзгөрүлмөлүү болот. Кышы узак, жайы, жазы, күзү кыска болгондуктан, ошого карата малы-жаны ысыкка чыдамсыз, ал эми ысык жердин малы-жаны суукка чыдамсыз. Демек, адамдардын жашоо-тиричиликтери ошого оңтойлошуп, ар кимдин жери өзүнө мисир делет. Мисалы, ар кайсы жердин жер жемиши, мөмөсү, кыскасы, эккен эгини, семирген малы ич ара тергелип турат. Муну жер шарты деп коёбуз. Бул жагынан ошол аймактын каада-салтын, үрп-адатын акыйкаттап, ырым-жырымдарын аныктайт. Айырмачылыктарын билдирет. Негизги элдик дөөлөттөрүбүз жалпысынан бирдиктүүлүктү сактайт. Кайсы жердин малынын эти, кымызы, наны, бозосу өңдүү суроолор коюлат. Ал турсун, бир айылдагы адамдардын тамактары да эске калат. Мисалы, кымызды көрөңгүлөткөн, бозону кордогон элдер таанымал болот. Анткени ал тамактар — элдик тамактар. Көпчүлүктүн көңүлүндө. Ага эңсөөлөр, суусоолор пайда болот. Мындай суусундуктар ата-бабадан калган даам катары бааланып, байбичелерден бери эске түшөт. Бркталып, «Апал кармаган сабаа», «Айбарчын ачыткан бозо», «Акмат семирткен мал» сымал атоолор келип чыгат. Карылар кайсы жайлоолордо жайылган малы, кымызы, кай жердин бозосу экендигин таанып коёт.

**Кымыз ичүү шарты.** — «Тоолу жерде токой бар. Токойлуу жерде кыргыз бар, кыргыз бар жерде кымыз бар. Эти — жанга, кымыз — канга» — деп айтылат.

Кымыз — атадан калган тамак.

Кыргыз, кымыз, ак калпак — үч эм айтылат, т. а. бир тутам каралат.

Адатта, чын куранда (апрель айы) чыңыртып бээ байлаган. Учурунда мезгил ошого шартташкан. Кулун эненин ууз сүтүнө тоюнуп, оюн салып топуккан учурда казык кагылат. Эшме нокто катылат. Тогоосу менен желедеги илмекке кыстарылат. Көнө элек кулун туйлайт. Демек, кулун чыңырат. Энеси баласына каралап кишенейт. Анан көнөт.

**Ууз кымыз** — он, он беш күндөгү ачытылган сүт. Ал көрөңгөлөйт. Анан эл чакырып, ал кымызды берет. Бул «Саба бузуу» деп аталат.

Кыргыздар үркөр чыкканга дейре ачытылган кымызды жагымдуу, ар адамга дабакер катары көрөт. Үркөр чыккандагы кымызды айрым жанга анча жагымсыз, «сөөктөтөт» дешет. Жердин шартына карата кымыздын аш болумдуулугу артылат. Чөп бышканда кымыз кызгылт тартып, күчтүү келип, 5—7° адамдын денесине таасир этет. Илгери кымыздын тунмасынан ичимдик тарткан. Ал адабиятта «архат» деп аталган. Муну илгерки ири байлар, бийлер, өкүлзарлар, «журт жакшылары» элден бөтөнчө болуп, жашоо рахатын-урматын билдирүү үчүн ичишкен.

Кымыз — жайлоо тамагы. Кадимкидей көрөңгө уулашып, топтошуп салт атчан бастырып, улуулар жол баштап, желелүү жерге түшүшүп... Жаштары аттан алышып.. Үйгө кирүүгө эшик ачышып... Уй мүйүз тарта отурушуп... Улуулата чыны сунулуп... Абалы ууртап, даамын татып... Эшикке шырдак, ала кийиз, төшөк, көлдөлөң салып... Таза абада кымызды көөкөр, кол чаначтан куйдуруп коюшуп, санжыра чечүүлөрү болгон.

*«Карападай сабага,*
*Калкылдап кымыз ачытып.*
*Таамай тартып ийбестен,*
*Тамшанып даамын татышып...»* (*Казыбек*).

Мыкты ачыган кымызды адамдар шак жутуп жиберип, чала ачыса, чыныны кайра сунуп...

*«Көөкөрдөн ичип кымызды,*
*Көк бөрү тартып жаткан эл».* (*«Манас»*).

Кымыз сабадан көнөккө куюлат. Андан чорголуу көөкөргө куюлат. Чакан көөкөргө чака кымыз сыят. Талаатүстөрдө, сапарда кол чаначтын оозунан да ичүүчү. Албетте, анда идиштерин ала жүрүүчү.

Кымыз кырма аяктарга (кесе, жыгачтан чабылган чоң кер аяк) куюлат. Балдар үчүн кырма чөйчөктөр чабылган. Кымыз — батымдуу, сиңимдүү суусундук. Адам ичкен сайын сиңимдүүлүгү артылат. Дене уламдан улам демеп турат. Кан тамыр чыңалып чыгат. Кымызды мелдешип ичүүлөр бар. Кымызкорлор (кымызга тойбогондор) болот.

Кымыз ысылык тилетет. Эттүү тамакты талап кылат. Бейкут заманда «кымыз ысылык тилеткенде, кийиктин этинен чөлмөктөлгөн куурдакка тоюп бир уктасаң, бир эли казы байлайсың» — дешчү экен.

Кымыз — жердин чөбү. Суусун элдики, желе турган жерден кыя өтпөй түшүп, суусуну канганча ичип, кол чаначына куйдуруп кетүүгө эрээн-төрөөн эмес. Меймандос

кыргыздар ак аябаган. Сүттү, т. а. акты сатууга ниети барбаган.

Кымыз — жай тамагы. Сөөлөтү бар элибиз кымыз менен козунун этин бир бүтүм караган. Козу бышкан чакта кымыз күчүнө кирет. Козунун эти бышканча, кымыз ичип ичтейди чакырып отуруу шарт.

Шерине жеш — жай ыракаты. Мында козу союлат, кымыз ичилет. Чөп катып, жердин дыңы сууйт. Сүт муздап, бээ байый баштайт. Акыркы кымызды чогултат да, идишке куюп, чаптап коёт. Ал «шириге жыяр» деп аталат. Аны кыш мезгилинде ачып ичишет. Кичинекей кеп учугу — үй кымыз тууралуу. Бул, адатта, арча челекте, карагай челекте ачытылат.. Үйдүн каймакталган сүтүн жылытып, ага ачыткы кошот. Ал бууракандап көбүрүп-жабырып ачыйт. Буга талкан чалып ичиш шарт. Аш болумдуу тамак жана суусундук катары бааланат.

**Бозо ичүү шарты.** Бул — кыргыздардын элдик суусундугу. (Бозо кандай даярдалат — ал тууралуу өзүнчө сөз). Үгүттүү болгондуктан күчтүү бозодо 7—9 градус болот да, денеге таасир этет. Бозону өз өзүнчө салып ичишет.

Бозо — кыш тамагы. Эгин-тегин жыйылып, эл арасы өнөктүктөн кутулган чакта, күн сууктай баштаганда, бозо салуу учуру келет.

Бозо, согум — экөө бир бүтүмдү түзөт. Согум эти менен кыштата чакырышып, бозо ичүү элдин башынан өтүп келген нарк болуп саналат.

Бозо — көпчүлүктүн тамагы. Меймандос элибиз бозосун эч кимден аяган эмес. Чакырып берүү — көпчүлүктүн көңүлүн алуу. Кийин «жапма челек» чыкты. Ал — көпчүлүк адамдарга көрсөтпөй бозосун өзүнчө жакшы санаалаштары менен жабык ичүүсү, катып ичүүлөрү.

Бозо — жоро тамагы. Демек, «жоро ичүү» — бозону ичүү. Кордоп, күчүнө келтирип, топтошуп алып ичүү — абалтан элдик нарк. Албетте, мында сөзсүз согум эти салынат.

Бозо — ичтейди келтирүүчү, ысылык суроочу тамак. Сорпо-шилээн ичүүнү талап этет. «Жүрөктү күйгүзөт». Бозону кырма аяктарга, чыныларга ичүүчү.

Бозо — ардактуу тамак. Той берүүдө, маараке белгилөөдө, куда тосууда, көпчүлүккө сый тамак берүүдө сөзсүз бозо салуу — ата-баба жөрөлгөсүн улантуу.

## ТАМАКТЫН НУКУРАЛЫГЫ

Тоолуктар тамактын нукуралыгы үчүн төмөнкүдөй даамдарды куттуу дасторконго коюуну анча барк алышчу эмес. Аларга: пияз, калемпир, мурч, канаттуулардын эттери жана жумурткалары, картошка, капуста, сабиз, шалгам, кызылча ж. б. жашылча өсүмдүктөр, балыктар кирет.

Тоолуктарда тамакты бышырууда жердин шартына, чөптүн от майына, отундун табына жараша чийки азыктар ар кандай мөөнөттө бышкан. Т. а. пахта, кызылча, тамеки, апийим эгилүүчү аймактардын климаты бирдей эмес. Мисалы, Нарын бөксөлөрүнүн, Чоң-Алай, Ак-Сай, Арпа, Чоң-Кошой, Ак-Шыйрак, Көк-Торпок, Солтон-Сары сымал сырт жерлеринин б. а. чымын каккыс жайлоолорунун семирген кой, бодо малдарынын эттери 3—4 сааттарда бышат. Ал эми Чүй, Талас өрөөнүндө жарым саат, бир саат эрте, түштүктө андан да бат бышары белгилүү. Жаш малдын эти улам кайнаган сайын эзилет, картаң малдыкы, тескерисинче, катуулайт, каргыштанат. Суюктукка азык салганда, так өлчөм колдонулбайт. «Уучтап», «кочуштап», «табактап», «чыныдап», «аяктап», «чөйчөктөп», «кашыктап» ж. б. өңдүү өлчөмдөр гана болгон. Мында болжолдоо бар. Тамактын бышышын даамынан аныктаган. Суунун жылышы, кайнашы, суюк тамактардын бышышы бирдей эмес.

Тоолуктарда дасторкон, албетте, жерге жайылган. Четине малдаш токунуп отурган. Ургаачылар көбүнчө сыңар тизелеген. Бир бутту тизелеп, бир бутту тамандап отуруу эркектерге мүнөздүү. Тамак-ашты тике туруп, бөйрөктү таянып, баш кийимди алып (тебетей, калпакты алса, топучан), ургаачылар жоолукчан (элечегин алса, ички такыячан), жеп-ичиш салттуулукту сактоо болуп саналат.

Суюк аштарды кашык аркылуу, адатта, кырма идиштерде (аяк, табак, чөйчөк ж. б.), чыны, чай чыны өңдүү идиштерде ичишкен. Эт чара, табактарда тартылган. Ал жыгачтан жасалган. Бышырууда, аны жасап коюуда, устуканды улуулата берүүдө, кыскасы, тамак-аш ичип-жеште укмуштай адептүүлүк сакталган. Этти тиштеп-булкуп жебеген, чалчактап чайнабаган, ууртунан майын шорголотпогон. Устуканды чала мүлжүбөгөн, эт (нарын) майда, куш тилиндей тууралган. Чыктап, улуулардын алдына коюлган. Меймандан мурун колун аарчып, чыга бербеген, сакал-мурутту майлабай, эт сыйда желген. Сыйлоо катары улуулар коноктор ойдогудай тоюушу үчүн, беркилер табакка колун салып, алдыртан демөөр берип отурган.

бош таштап, каркыралуу көч таш тап, Кан жайлоо көчкө жарашкан» (Жеңижок). (Көчтү кыргыздар кантип жүктөгөн, боз үйгө байланыштуу ал өзүнчө өнөр болуп саналат).

Көчүүдө үй чечилет. (Кантип чечилет — ал өзүнчө айтылат.)

**Боз үйдөн орун алуу тартиби.** Кыргыздар түндүгү да тегерек боз үйдө жашаган. Ал турмуштук талаптан келип чыккан. Анын да символикалык мааниси камтылууда: ай тегерек, күн тегерек, чыны-аяк тегерек. Мына ушундай окшош нерселердин бири-бирине философиялык шарттaшуусу аркылуу бир түшүнүккө келебиз. Алсак, боз үйдүн ичин экиге тепетең бөлсөк, эркек-аялдардын жашоо-тиричиликтерин аткара турган жагдайлары өзүнөн-өзү келип чыгат. Боз үйдүн эшиги күн чыгыш тарапты карагандыктан кирип барганда сол тарабы «ыпча», оң тарабы «эпче» деп аталып, эркектер төр тарапка «ыпча» тараптан, ургаачылар «эпче» тараптан өтүү салттуу болгон. Төрдүн чок ортосунда аксакалдар, карыялар отурушкан. Негизи үй ээси өзүнүн төрүнөн өзү орун албайт. Демек, ушундай вазийпалардан улам эр-аялдын ич ара мамилелери пайда болот. Төрдүн чок ортосунда эркек отуруу, жатууаркылуу деле үй-бүлөдө эркек үй ээси экени билинип турат. Байбичелер эпче тараптын төрүн ээлешкен. Адамзат бул жарык жана жалган дүйнөдөн көчкөндө үй ээсинин сөөгү ыпчадан — өзү жатып жүргөн жактан, ургаачылардын сөөгү эпче тараптан чыккан.

**Боор матырыш** (боор батырыш) — бул бир туугандык сезимди билдирүү. Көрүшпөй жүрүп жолугушкан жакындарынын ич ара мамилелери, сыйлоо-урматтоо тартиби, жакшы маанайда кабыл алып, колдо бар сый-вазийпасын көрсөтүү. Кыргыз Атада ал үчүн мал соёт, казан асат, ичтеги сагынычтарын кенен-кесири чыгарат. Жата конок болот. Сырдашат, тууганчылыктагы кеп-кеңештер жүрөт.

Боор — бир боор, бул — тууганчылыкка келүү. Таш боор (боору таш) тууганчылыгы, кайрымы жок, имерилип жан тартпаган, кайдыгер адамдай жан дегенди туюндурат. «Ташка өскөндүн туягы катуу, башка өскөндүн боору таш» (макал). «Тууганды өзү таарынса да, боору таарынбайт» (макал).

**Конгон журт.** *«Сары журт болгон конуштай, санааны көпкө саласың»* (Мидин). Бул — боз үйлөрдүн тигилген орду. Кыргыздарда эски журт, жаңы журт, эски конуш, жаңы конуш деп оңдуу, солдуу айтыла берүүсү түпкүлүгү көчмөндүүлүктү кабардап турат. Алар куттуу журтка кон-

гондо, эски журттан көчкөндө ал жерди баалай, барктай билүүчү. Эски журтту тазалап кеткен. Жаңы журтка келгенде көбүнчө май жыттанган тамак жасап, ага конуу сыйын көрсөткөн. «Жаман зайып менен жакшы зайып эски журтта сыналган» — дейт элибизде. Албетте, бул көчкөн жана конгон журтту кадырлоо болуп саналат. Ушундан улам журтта калгыр», «журтта калды» сымал кайманакардаша маанидеги кептер айтылчу.

**Жүз чаюу (жуунуу).** *«Жайдары малчы кыздары,*
*Жашоонун жаштык көркү окшойт.*
*Жүз чайып, суу да отурса,*
*Суу ичип жаткан телки окшойт».*
*(Байдылда).*

Бул — эртең менен тура калып, тамакка отурар алдында адалдануу. Колду, бетти-башты, оозду, мурунду ж. б. суу менен тазалоо, чаюу-жуунуу, кириңүү бүт денени тазартуу. Бисмылданы айтып, колго суу куюп, эки колду тазалоо, анан суу ууртап оозду чайкоо, тишти сүртүү. Мурунга суу жүгүртүп чимкирүү, үч курдай жүздү чаюу, т. а. бетти жуу, сүлгү менен бети-башты кургактоо.

Абалтан кыргыздар көбүнчө аккан шар сууга жуунушкан. Үй ичинде жууна турган кумган, чайнек өңдүүлөрдө дайыма суу болгон. Тамак-аш ичээр алдында ар дайым колду жууш — мусулманчылыктын парзы.

**Жүздөшүү.** Бул — арзыган адамы менен жакшы ниетте, терең урматта көрүшүүсү. Ак дилде бири-бири менен пикир алуусу. Пикирдеш болуулары. Алардын белгилүү бир жерден күтүшүп, же күтүүсүз жолугуулары. Ошол маанилүү окуяларга ортоктош болуулары. Сыртынан бири-бирине азадар болуп, билип-туюп жүрүшүп, атайын бир максатта издеп баруулары, ой-тилеги ордунан чыгуулары.

Мисалы, Тоголок Молдо акындын Токтогул ырчыга баруусу, Калык ырчыны окуучусу Сарыкунандын издеши, Барпы ырчынын Токтогулга аттанып чыгуусу. Алымкул ырчынын Таласта Жанкороз бийдин ашында Токтогулга кезигишүүсү — алардын өз ара урматтап жүздөшүүнүн талаптагыдай далили. Ырчылар, акындар бири-бирине ыр менен салам айтуулары, ичтен сын берүүлөрү, бир тилекте болуп калуулары.

Жүздөшүү — унутулгус таасир-тарбия алуулары. Бул жагымдуу салт ойдогудай улануулары зарыл.

**Той.** *Бүгүн калдайта тартат казыны,*
*Кулдуйта тартат куйрукту,*
*Куйруктан куру калгандар,*
*Кудайдан көргүн буйрукту».* (*Сагымбай*).

Бул — ак тилектер үчүн көпчүлүккө берилген сый тамагы. Той ээсинин элден бата алуусу, «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» болуусу. Чоң тойлор айлап кетүүчү. Аш-той эгиз айтылат. Экөөндө тең милдеттүү коноктор алынат. Чара табактар тартылат, улуттук оюндар түгөл болот, ат чабылат, көк бөрү артылат, ордо оюну ойнолот, жамбы атышат, балбандар күрөшөт. Эрлер эңишет. Оюн-тамашалар бүт өткөрүлөт.

Тойдун «үйлөнүү тою» (кыз узатуу, келин тою), «бешик тою», «сүннөткө отургузуу тою» (чоң той) ж. б. жылдыктарды белгилеген мааракe түрлөрү бар. «Ашка барсаң ачка бар, тойго барсаң тоюп бар» (макал).

**Жубайлардын торколуу тойлору**

1-жыл — чыт той (чыт жоолук салышат).
5-жыл — жыгач той (жыгач кашык беришет)
10-жыл — «роза гүл» (үйлөнүү тоюна катышкан коноктор чакырылат, бири-биринин жакасына роза гүлүн тагышат). Албетте, мындай жөрөлгөлөр Кыргыз Атада болбосо керек.
20-жыл — фарфор той (фарфор идиштерге тамак-аш коюлат) Бул да тоолук кыргыздарга этибарга алынбаган. Кырма идиштери болбосо, андай идиштерди, мисалы, чыны, чоң чыны, чай чыны, чайнек сыяктуу фарфор идиштери болгон. Бирок андай идиштерге антип каада-салт күтүү ырымы билинбеген.
25-жыл — күмүш той (күмүш шакек беришет). Азыр бул шан-шарапат жакшы жайылып баратат.
30-жыл — бермет той (бермет шуру тагышат).
35-жыл — зыгыр той (зыгыр буюмдары берилет).
40-жыл — рубин той (рубин таш чөгөрүлгөн шакек берилет).
50-жыл — алтын той (алтын шакектер берилет). Колунда жетиштүүлөр, байлар барктап, дүңгүрөтүп, өтө даңазасын чыгарышат.

60, 65, 70 жаштардагы тойлор — «бриллиант», «темир», «таажы» тойлору деп аталып, айрым улуттар муну нашаасын келтире берип жатышат.

Мындай тойлорду өткөрүү кыргыздардын түшүнө да кирбеген. «Жентек берүү» «бешик той», «тушоо той», «сүннөт той» (отургузуу тою) «кыз узатуу», «келин той» өңдүүлөр бизге мүнөздүү көрүнөт.

Арийне, мындай үлпөттөр, шаан-шөкөттөр бизге орус калкы аркылуу, батыштагы цивилизациялуу өлкөлөрдөн келгени — шарттуу көрүнүш. Улам жаңы маданиятка умтулган элдер үчүн бул — сонун жышана. Муну оң көрүнүш катары сиңирип алуубуз зарыл. Деген менен «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» — деп, мындай жагдайлар баарына бирдей эмес. Ар ким алына жараша өткөрүү, көңүл көтөрүү, үй-бүлөсүн көңүлгө алуу — бул жалган-жарыкчылыкта тирүүчүлүктүн вазийпасы.

Аш. *«Сагызгандын аласы,*
*Агынан көптүр карасы.*
*Ат чаптырып, аш берген,*
*Сартпай кимдин баласы».* *(Эл ыры).*

Бул — Кыргыз Атанын маркумун сыйлоосу, урматтоо зыйнаты. Көп мисалдардын бири элибизде маркум өлгөн түнү «коногуна» деп кой соёт. Союлган малдар «кара ашы» деп аталат. Анда журт башчыларынын, билермандарынын, байларынын аштары өтө торколуу өтө турган. Аштын кемегеси оюлганда, кеп-кеңеши коюлганда өзүнчө мал мууздалган, куран окулган. Ага карата ат чабылган, кунан чабылган. Ал тууралуу эчен-эчен тарыхый маалыматтар бар. Улуу «Манаста» Көтөтөйдүн ашы Каркырада берилген жана ал даңазалуу окуяларга бай. «Ашы мыкты берилди», «Ашы берилбей калды», «Ашы-жыты болбой калды» өңдүү кептер атуулдардын; уруктардын, уруулардын намысына катуу тийген.

Эчак көз жумгандарга мааракe демиш болуп, элдин эсин оодарып, аш-той берип, Ала-Тоодой эт тартып, Ала-Көлдөй чык куйду өңдүү даңазалардын азыркы шартта пайда-матасы жоктой.

Аш — Ата-бабадан бери маркумдун арбагына сыйынып, ага багыштап тамак берүү салты. Өлүктү коюу, арбакты сыйлоо жана эскерүү зыйнаты. Бул арбактардын тиякта тирүүлөрдү колдоп жүрүүсү сымал ишенимге барып такалат. Демек, аш — анын урматы. Аштын түрлөрү:

*Кара аш* өлүктү коёрдогу союлган малдар жана дас-

торкон үстү кирет. Буга карата «Өлүк бардын байлыгын чачат, жоктун этегин ачат» — деген макал бар.

*Кырк аш* — 40 күндөн кийинки жана союлган мал, жайылган дасторкон. Туура, ошол 40 күнгө жеткирбей деле, акыркы жумага тогоп берилип да калат. Мында бейшембиде арбакка арнап, мал мууздалат, жума күнү тартылат, куран окулат. Албетте, аш берүү ар адамдын чама-чаркын карайт. «Кырк ашы» дебей, «маркумдун кыркы» деп, эптеп мал мууздап деле коёт. Аш берүүдө да ар адамдын мансабы, байлыгы билинип, биринен бири өтүп, ички белгилүү чекке тээп, көкүрөк таптык ар-намысы тутанып кетет. Кара ашта 40 ашы качан берилээри кеңешке алынат. Кырк ашында да маркумдун мартабасын ого бетер арттырууга ат чаптыруу салты илгери болуптур. Ага «Манастагы» Көкөтөйдүн ашын мисалга тартышат. Ошол 40 ашында жакындарына:

*«Өткүр бала Бокмурун,*
*Өз журтуна сөз салды,*
*Бакардын сүтү колдосун,*
*Малдын баары төлдөсүн.*
*Быйылдан бөлөк эки жыл,*
*Үчүнчү жылда аш берсек,*
*Ага-ини, журтум кел»* —

деп, акыл-кеңешке чакырат.

Чоң аш берүүдө:

1-ден, аш берүүчүнүн байлыгы чечет. Мисалы, ошол Көкөтөйдүн ашында аш каражатын Көкөтөйдүн уулу өзү көтөрөт;

2-ден, мансаптуулардын аш берүүсүндө же мансаптууга аш берүүдө ыгым-чыгымын эли-журтуна оодарат;

3-дөн, эли-журту жүрөгүндө терең кадырлаган элдик адамдар өлсө, жону жукараак болсо, ортодон ынтымак чыгара коюп, ашын өткөрөт. Шартка жараша ашы-жыты берилбей да калат. Аш берүү кеп-кеңешинде кайда берүү, кантип берүү, аны башкаруучу тандалат. Анан, канча үй тигилет, кимдер тигет, канча мал союлат — бул чечилет. Жердин шарты эске алынат. Ашка келүүчүлөрдү милдеттүү конок катары кабыл алууда, аттарынын жеми, чөбү, оттоочу жайыты эске келет; отун-суусу, мал жана кемегесин коюуга шарттуу жайы керек; улуттук таң-тамашаларын өткөрүүчү, меймандардын баары тегиз көрүп туруучу ойдогудай орун зарыл. Алсак, аш башкаруучу Кошойдун акылы менен Көкөтөйдүн ашын Каркырага бе-

рүүгө бүтүм чыгарышат. Албетте, чыгарылуучу байгеси чектелет; ашка чакырууда калпыс болуп калбоо үчүн кабарчылары шайланат. Албетте, маркумду коюуда бул өтө жооптуу иш болуп саналат; ашта элди ирээттөөдө ким жар чакырары, демек ырчысы-жарчысы тандалат.

**Ынтымак** кылуунун мындай шарттары бар:

1. Атактуулар каза болгондо, жана анын ашын бергенде, ынтымак чогултулган. Анын азабын жалпы журт тарткан. Кадимкидей чыгым чыккан. Андайда кедейдин минип жүргөн жалгыз аты, балдарына саап берип турган ую, айдаган анча-мынча теше жеринен алынуучу түшүмү ошол манап, болуш, бийдин ашына кетүүчү. Ошентип, ыгым-чыгымды «Ынтымак» деген ат менен эл көтөрүүчү. Мындай шартта өлүк ээси байып да кеткен. Бул зыяндуу ынтымак экенин айтуучулардын оозу кыска болгон.

2. Жөнөкөй адамдардын ынтымагы. Бул — өлүк ээсине жардам берүүчү, колдоого алуучу пайдалуу ынтымак. Азыр ушул ынтымак кенен таралган. «Көп түкүрсө, көл болот»,— деп жакыр тургандарды көтөрмөлөп коёт. Албетте, ража чыгаруу ич ара макулдашуу, бир чечимге келүү аркылуу бекемделет.

3. Азыркы кезде чоңбуз дегендердин ынтымагы бар. Мындайда өз ара мансаптын амири аркылуу «мындан чыгаргыла» — деп эле ичтен акырын буйрук кылат.

**Жар чакыруу салты.** *«Жар чакырат»,— деп турсам,*
*Жабышканы келипсиң.*
*Жамандык менен Эшмамбет,*
*Таанышканы келипсиң.*
*Чарчаганча тил менен,*
*Чабышканы келипсиң».*

*(Калык).*

Бул — атактуу аш-тойлордо келген элди ырчылардын ирээттөөсү, аш-той ээсинин мартабасын жогору көтөрүүсү ж. б. аркылуу жыйынды шаңдандырып-жандандырып жиберүү салты. Аш-тойлордо ырчы аттуулар арбын чогулушат. Алым-сабак мактоолор болот. Алардын ичинен биреөсү жар чакырууга аттанат. Ким жар чакырат? Аш-той ээсинин эркинде болот. Көңүлүнө жаккан ырчыны атайын алдырышат. Мартабасына карата өзүлөрү да ылайыкташтырат. Мисалы, Ниязбектин сегизбегинин бири Ажынын небереси Карачтын ашы Соң-Көлдө берилмей болду. Ашка чакырык Чүй өрөөнүнө, Көл бетине, Нарын бөксөлөрүнө жапырт жетти. Эр сайыш, ат чабыш, улак тартыш, эр

эңиш, балбан күрөш өңдүү элдик оюндардын түрлөрү түгөлү менен болоору да жарыяланды. Ажы эли күн мурунтан желелерин агытып, союштарын айдап, кымыздарын көрөңгөлөтүп... Үй ичин тирдеп, милдеттүү конок алууга дапдаяр. Кыскасы, ашка сыналган кырк бир ак өргөө тигилди. Аш эмнегедир бир күн алгач кабарланып калат. Топ-тобу менен окчунураак жыйналган эл жуп конок алаар учурун күтүп калганда, Ажынын балдары ич-ара кеңешип отурушуп, сакалы жибектей келептелген, тегерек тарткан манасчы Сагынбайды сур жоргого мингизишет. Суусар бөрүктү, кызыл кымкап кемселди кийгизишет. Күмүш кемер курчантып, күндөй бетин нур чалып, өтө эле шаңдуу көрүнгөн аны топ аралатат Сагынбай:

*«Касымаалы, Казы жок,*
*Көбөгөн ажы калпа жок.*
*Ирээттеп конок бөлүүчү,*
*Ногойбай болуш дагы жок».*

(Анда Касымаалысы Куланактын, Казысы Ат-Башынын, Көбөгөн ажысы Кочкордун билерманы болуучу).

*«Кемегеси оюлбайт,*
*Кеп-кеңеши коюлбайт.*
*Аты бүгүн чабылбайт,*
*Коногу бүгүн алынбайт.*
*Таанышың болсо таап кон,*
*Кудаң болсо кууп кон.*
*Илигиң болсо издеп кон,*
*«Сен кимсиң» десе, «биз» — деп кон»,—*

деп жарыялап, сур жоргосун салдырган бойдон кетет. Ал түнү үй тапканы үйгө, үй таппаганы талаага, кол чаначтагы азыгын ичип жатып калышат. Эртеси ырчынын суусар тебетейине кызыл тасма кыйгачтата тагылып, кечээкиден да жагалданып, сур жоргону бөжүтүп, топ элге кайрадан жар чакырууга өтөт:

*Бердикожо, Бердибек,*
*Шатен менен Рыскулбек,*
*Ажы, Субан Алты бек,*
*Ормон менен Кожобек,*
*Ниязбектин сегиз бек,*
*Телегейи тегиз бек»,—*

деп, Ажынын ата тегин даңазалай баштап, эми кечээки айткандарын кайра жандандырып, кайрадан жар чакырууга өтөт:

*«Касымаалы, Казы айтат,*
*Көбөгөн ажы калпа айтат.*
*Ирээттеп конок бөлүүчү,*
*Ногойбай болуш башчы айтат».*

(Атактуу адамдар бүт түнү менен келишет. Келишип, эми ашты кандай өткөрүүнү акылдашат).

*Акылбек менен Ысакан,*
*Баласы экен Мамбетжан*
*Кемегеси оюлду,*
*Кеп-кеңеши коюлду.*
*Кантип айтпай коёлу,*
*Карач ажы оёнду,*
*Жалпы эл атка минсин — дейт,*
*Көл-Кечүү көздөй жүрсүн,— дейт.*

Калың элге таң-тамашалар башталаары да кабарланат.

*«Аты бүгүн чабылат,*
*Коногу бүгүн алынат...*
*Калдайта тартат казыны,*
*Кулдуйта тартат куйрукту,*
*Куйруктан куру калгандар,*
*Кудайдан көргүн буйрукту.*
*Он экиңе төрт табак,*
*Бу да болсо бир санат»...*

Ошол ашта үч адамга бирден жез чара эт тартылат.

Жар чакырган ырчыга алдына ат тартат, үстүнө чепкен жабат.

**Аш-тойлордогу милдеттүү конок.**

*«Аш бышырып бере албай,*
*Алайдан отун караса,*
*Кызматчынын баарысын*
*Милдеттүү конок санаса*
*Бул эмне болуучу?»* («*Манас*»).

Бул — атактуулардын аш-тойлорунда атайын алынуучу чоң конок. Эгер милдеттүү конок жайсыз, ойдогудай жатып-турбаса, аттары талаптагыдай тейленбесе, кыскасы, таарынып аттанса, албетте, ал даражалуу адамдардан болсо, анда үй ээси уят болот жана айып тартат. Аркасында сөз ээрчип калат. «Баланчанын ашындагыдай» — деген лакапка айланган. Милдеттүү конокту кынтык таппагандай тейлөөгө конок күтүүчүлөр тарабынан аракет зор болгон.

Мындай шарттарда алыстан ат тердетип келүүчүлөр өз ырчыларына кордотуп кеткендер да болот. Ал экинчи ошондой аш-тойлорго барганда да, андай болбосо экен — деген мааниде айтылган. Ага айрым болуш-бийлердин ичтен кыбаларын кандырган. Ат-Башыдан бери айттырылган бир чоң ашта коногу жайсыз болуп калат. Нарындык ырчы Бекбото Итике уулу:

*«Солтого келип, кеп уктум,*
*Сооронбай бийдин ашында,*
*Зоот бука сойду деп уктум.*
*Тынайга келип, кеп уктум,*
*Сооронбай байдын ашында,*
*Теке сойду деп уктум» —*

дептир. Болжолдоолорго караганда, уй, эркеч өндүүлөр да кошо ашта мууздалган го?..

Ушундан улам түшүндүрө турган сөз кырдаалы мындай: Кыргыздарда аш-берүүнүн үч түрү бар: 1-чоң аш, жамы журтту бүлүнтүп, жан башына чыгым салат. Ал адамдын атак-даңкын дүңгүрөтүп берүү. Эми куда-сөөктөрү, жакын санаалаштары, дос-тамырлары желесин агытып, ошол жерден кымыз ачытып берет. Союштарын айдап, боз үйлөрүн тигишет. Т. а. эли тосот, башкалары куру кол эмес, элинен чыгым чогултуп, ашка кошумчалары менен билермандары келишет. Анда улуттук оюн, таң-тамашалары өткөрүлөт. Ашка чыкырылгандар күлүктөрү, балбандары, найзакерлери, ырчы-чоорчулары ж. б. менен келип түшүшөт. Көп үйлөр тигилип, милдеттүү конок алынат. Аш бир нече күнгө созулат. Улуттук тамашалар үчүн байгелери чоң сайылат (мисалы, солто Байтик баатырдын ашында ат чабышта 1-атка 100 төө сайылган).

2-аш, мында да боз үйлөр тигилип, мал көп союлат. Алыс- жакындан ашка келүүчүлөр арбын болот. Аш үчүн атайын салык салынбайт, улуттук таң-тамашалары да болбойт. Ырчылар элди ирээттөө үчүн жар чакырып турбайт. Эл этке жык тоёт, кайра-кайра табак тартылат. Тынчтыкта аттанып кетишет. Бул *Май аш* деп аталат.

3-аш. Боз үй тигилет же тигилбейт, шартка жараша союлат. Чакырылган эл ашка келет. Табактын тартылышы анда кеп-сөзгө алынбайт. «Кур койбой куран окутту» болот. Буга азыркы берилип жаткан аштар күбө болот.

**Уча тартуу.** Бул — аш-тойлордо айыл карыяларынын жана куда-сөөктөрдүн, урматтуу меймандардын алдына тартыла турган салттуу сый устуканы. Бодо устукандардын эң улуусу. Уча — жылкынын жаясынын ортосундагы чычаң

омурткасынын түбү. Ал өзүнчө этият чыгарылат да, бышырууда казандын түбүнө салынат. Уча эки эт бышым кайнатылат. Аны бишкектеп бышырууга болбойт. Анда анын чыктуулугу кетип, купкургак көрүнүп калат. Уча өзүнчө табакка салынып тартылат. Эки табак элдин ортосуна да, өзүнчө бир табактап да тартууга болот. Эң улуу карыя учанын четинен кесип, ооз тиет. Тегерек чөттериндегилерге бөлүнүп берилет. Алар учанын этин жапырт жешет, ооз тийишет. Учанын устуканы устукан тартканга берилет. Аны байланып кетүүлөр да бар, же уча тартылган табакка жолдугун жасоочулар да чыгат. Уча айрым аймактарда, мисалы, Нарында, Көлдө ж. б. жерлерде жөрөлгөлүү салт катары сакталып келүүдө.

Карасын алуу — бул ашы-жытын берип бүткөн соң жесирдин үстүндөгү кийген кийимдерин алуусу. Мусулманчылыкта жесирди боштондукка чыгаруу. Эркин басып туруусуна жол ачуу. Карасын, адаттагыдай, кара кийгизген төркүн-төстөрү чечтирет. Анын ордуна мурунтан кийип жүргөндөй кийимдерди жабат. Негизи башына ак жоолук салат. Кара эмес, башка түстө чепкен, чапан (пальто) жабат. Көйнөк кийгизет да, колу-жолун бош кылат...

Илгери кара кийген өлгөн эрин элестеткен кебете жасап, ага анын чепкенин жаап, баш кийимин үстүнө коюп, кошогунун сыртынан кошок кошуп отуруусун «тул» болуп отуруу — деп атаган. Айкөл «Манаста»:

*«Айкөлгө тулду тарттырып,*
*Кыз Сайкал келип түштү — дейт.*
*Аземиң журттан арттырып,*
*Кара кийип, кан жутуп,*
*Кабыланга аза күттү — дейт.*
*Ошондо кайран катын Каныкей,*
*Кандуу бети жыртылуу,*
*Кара чачы жайылуу,*
*Калдайган кара башында...»* — деп айтылат.

Башын ачуу — бул эрди-аялдын никесин ажыратуу, эриш-аркак жашоолорун бөлүү. Илгери бул бийлер аркылуу жүзөгө ашуучу. Т. а. аялы менен ажырашуу үчүн атайын бийге кайрылуучу. Ал иштин чоо-жайын, анык-төгүнүн тактап, жедеп ынтымак-ырысы качып калгандардын гана башын ачуучу... Балалуу аялды ажыраштыруу өтө кыйын болгон. Башын ачкандыгы үчүн да алдыртан бирдеме берүүчүлөр бар эле. «Үч талак» айтуу аркылуу (түштүк кыргыздарда) ажырашуулар бар.

**Кара жабуу** — эри өлгөн аялды кара кийинтип, аза күттүрүү. Башына кара жоолук салуу, аны элечек өңдөнтүп, ээгин буу, өрүлгөн чачын жайып жиберүү, бүткүл кийим-кечектеринин карадан болушу. Муну ашына чейин үстүнөн түшүрбөй отуруусу. (Илгери атактуулардын эри өлгөндө кара кийгизип, алдына аркан ж. б. катуу бирдемелерди төшөп койгон, бул — такай кыймылсыз отурганда семирип кетпеши үчүн кылган далалат эле. Демек, антип эри өлгөндө майболпоч тартуусу — эрине күйбөөсү. Элинин, ошол бир атанын, уруктун намысына тийүүсү. Аза күткөн аял эринин ашына дейре чыпалактай болуп калуусу абзел эле. Бул күйгөндүктүн, аза күтүүнүн белгиси, далили катары.) Казак кыргыздарда карасын төркүн-төстөрү жапкан.

**Байге коюу** (байге саюу).

Бул — аш-тойлордо өткөрүлүүчү таң-тамашаларда жеңүүчүлөргө ыйгарылуучу байлык. Кыргыздар мындай шаан-шөкөттөрдү абдан даңазалуу кылган. Андайда төрт дубан элге алда мурунтан берилип, ал аш-тойго, оюнга даярдык менен келген. Демек, ар тараптан балбандарын таптап, эр сайышка түшүүчүлөрүн, ордо атуучуларын, көкбөрү (улак) тартуучуларын, чоорчуларын, ырчыларын — жар чакыруучуларын жана башкаларын түгөл камдаган. Чоор, сурнай тарттырып, кернейчилерин үйлөтүп, добулбасын урдуруп, кайсы тараптан келатканы белгилүү болуп, ашка-тойго барып түшкөн. Даңазалуулар аш-тойлордогу оюн-зоокторго сайган, койгон байгелери менен кадыр-баркы артылган. «Төө баштаган бир тогуз» байге биздин күнгө чейин жеткен. Мисалы, «Манаста» Көкөтөйдүн ашында сайылган түмөндөгөн малдар, карк алтын-күмүштөр айтылат. Ал эми тарыхта белгилүү инсандардын берилген аштарына сайылган байгелер тууралуу далилдүү маалыматтар бар.

*«Баш байгеге сайганы,*
*Сексен миң жылкы, миң атан*
*Жана жүз миң көп болду,*
*Эсебин малдын ала албай,*
*Эл жакшысы буй болду.*
*Жабык башы кундуз деп,*
*Жана токсон үй болду».* *(«Манас»).*

1992-жылы эле атактуу манасчы Сагымбайдын 125 жылдык салтанатында (Кочкор району, Кара-Күңгөй айылы) аттар 40 чакырымга айланта чабылып (жер оор), баш

байгеге төө баштаган бир тогуз (төө, кулундуу бээ, улактуу эчки, мамалактуу топоз, козулуу кой) ыйгарылды. Көбүнчө кийинки чактары шартка жараша байгеге техника (машина, мотоцикл, муздаткыч, телевизор, электр меши ж. б.) сайып да жүрүшөт.

Абалтан элибиздин эзелки улуттук бөтөнчөлүктөрүн азыр кайрадан эске алууда. Байге чыгымын көбүнчө аштой берген тараптар көтөргөн. Т. а. эли-журту көтөргөн. Азыр да алдыртан салык салып, «таранчы жеген таруунун бөдөнө тартты азабын», «Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска» болууда. Антип даңазалуу байге саюуда элди анча тонобой, улуттук татымдан сырткары бүгүнкү шартты, мезгилдин талабын, калктын жашоо-тиричиликтерин да көңүлгө тогоп туруу керек.

Азыр өнөрдүн ж. б. өндүрүштүн түрлөрү боюнча карообсыноолор ардайым өткөрүлөт. Анда байгелер (сыйлыктар) жеңүүчүлөргө орун-оруну менен коюлат. Көбүнчө акча, техникалык буюм-тайымдар арбын ыйгарылууда. Канткени менен «аш көп, каада көп» болбой, ал даңазалардан калктын калың катмарын жалкоотой кылбай, жабырткатпай, астейдил мамиле кылуубуз тийиш.

**Даек карматуу.** Бул — оюн-тамашаларда коюлган байгелерди калыс адамдардын колуна өткөрүп берүүсү. Алардын байгелерди уткандарга төп бөлүштүрүүлөрү. Албетте, илгери байгелерге бөлүнгөн, даекке карматылган, эсепке түшкөн малдар жайылып не көгөндөлүп, мамыга байланып, жамбы, аң терилери, буюм-тайымдар илинип, дилде, акча көкүрөк каттоодон өтүп турган. Демек, даек — байгеге берилүүчү мал-мүлктөр. Даекчи — ошолорду өткөрүп алып, жеңүүчүлөргө үлүштүрүүчү калыс адам. Даекти бөлгөн чакта даекчилерди биринчи ыраазы кылышкан.

**Соогат.** *Калпа атамдын кара аты,*
*Кара аты эмес канаты.*
*Сарбагышка зарлантпай*
*Солтодон соогат суратпай,*
*Чыгып келди карачы».* (Калык).

Бул — кыргыздын элдик таң-тамашаларында мөрөй алгандардын (утушка ээ болгондордун) олжолорунан сурап алуу, ага тең орток болуу. Маселен, аш-тойлордо ат чабыш, көкбөрү тартыш, ордо атыш, балбан күрөш, эр сайыш, эр эңиш ж. б. дубанды бузган оюндар өткөрүлүп, алардын байгелери өтө чоң коюлуучу, «төө баштаган бир тогуз», короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкы, котологон топоз, жүздөгөн-ондогон аң терилери, уютулган алтын-күмүш

жамбылар ж. б., кийин акча байге коюлчу. Жеңген тарап, олжого тунган тарап, байгесин алаары менен көпчүлүк алардан соогат сураган. «Ат байгесинен келсин» — дешкен. Ошондо олжого баткандар ылайыкташа бөлүп берген. Айрым ардактуу адамдарга, айыл аксакалдарына соогат сураптпай, алар өзүлөрү эле билип-туюп, мерчемдүү олжону урмат-сый катары жетелеткен, ыйгарган. Мындай нарк-салт элибизди ынтымак-ырыска чакырган. Мисалы, бугу феодалы Муратаалынын ашында чиркей уруусунан Кенжебайдын Арчаторусу миң жылкыга чыкканда күлүк ээси жүзүн алып калып, тогуз жүзүн бугу менен саякка соогатка тараткан.

Тескерисинче, уруяттан кийин 20-жылдары бугу элинин арык тукуму Кененбайдын ашы болот. Карыя Аралбаев Сулаймандын айтуусунда (Кара-Кужур кыштоосу Жер-Көчкү айылы. Ал чечен, эски салт-санааны мыкты билген адам эле). Кененбайдын ашы ошол Чоң-Кара-Кужурда берилет. Баш байгесине 1000 кой, 300 тай туяк күмүш тамбы, 100 калтардын, 75 суусардын, 50 карышкырдын, 25 кашкулактын териси сайылат. Куланактык шатен элинен Касымаалынын Кара аты чыгат. Сарбагыштар байгени бирден санап алып, миң койдун бир да туягын соогатка бербей, Лахолдогу Ажынын коргонуна айдап келип камайт. Үч күндөн кийин Бекчоро деген бир аттуу-баштуу адамынын ашын берип, ошонун баш байгесине саят.

**Ат чабыш** — ар кандай кубанычтуу учурларды белгилөөнүн мерчемдүү түрү. Мелдеш, тарапкерлердин өтүнүчтөрү боюнча да болгон. Ат чабыштын «Аламан байге», «Чоң байге», «Кара байге» «Манастан» баштап белгилүү өлчөмдө өткөрүлүп келүүдө. «Көр байге» («мүрзө» байге) ж. б. түрлөрү бар. Күлүктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө чек кылбай, ар бир саяпкер өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө карабай байгеге кошулууга дилгир болот. Мындай шартта аттар орточо аралыкка чабылат. Кийинки тирүү мисал: Балбай баатырдын маарекесинде чоң аттарга кошулуп, саяпкер Мамытов Оболбектин Кенебес аттуу кунаны (Нарын району, Эмгекчил айылы) чабылып, ири алдыда келет.

Чоң байгеде (бул коно жатып түнөтүп чабылуучу байге аттар түпкө түнөп барып, эртеси коё берилет). Буга да тирүү мисал: Жантай уулу Шабдан баатырдын ашында аттар Токмоктун тушуна келип түнөйт да, эртеси коё берилет. Чоң-Кеминден тосуп алынат. Демек, ат алыс аралыкка айдалат. Ошончолук байгеси зор болот. Албетте, андайда күлүктөрдүн күлүктөрү катышат. Жинигип өлүүчү аттар көп чыгат. Ага мисал: куланактык Шатен элинин

манабы Касымалынын ашында Ак-Тал-Чаттан коё беришип, аттарды Куланактан тосуп алышат. Көп күлүктөр жолдо тезектерин терип калышат. Бир тобу жолдо жинигет. Касымаалынын Кара аты марага жетип жан берет.

Кара жарыш — бул аттардын аягын сыноо, Чоң чабышка кошууга боло, же болбой тургандыгын аныктоо. Таптоосун билүү. «Уят болуп калбайын» дегендей мамиле кылуу.

Көр байге — маркумду коюп келген соң, кара ашы берилип, куран окулуп, бата кылынып, эл тараарда маркумдун урматына карата чабыш. Т. а. күлүктөрдүн дүбүртүн маркумдун сезүүсү, тирүүлөрдүн ызааттоолоору, узун сөздүн кыскасы, Кара ашындагы чабыш. Байгеге — маркумдун өздүк буюмдары, дүнүйөсү сайылат.

Мүрзө байге — маркумдун 40 ашына карата да чабылат. Бул кемегесин казганда, т. а. аш өткөрүүчү жай белгилегенде чабылат.

## ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮ

Жуучу түшүү каадасы. Кудалашуунун шарттары ар кандай кырдаалдарга туш болот. Кыргыздар муну өтө каадалуу салттардын катарында карашат. Анын аймактык бөтөнчөлүктөрү, ич ара айырмачылыктары баамдалганы менен, жалпылыгында анча шек жок. Боордош элдердин кошуна катыштарынын таасирлери билинет.

1-ден, мурунку заманда үйлөнүүнү каалагандар айылынан, башка айылдардан, чандалары түрк тилинде сүйлөгөндөрдөн колукту алууга туура келген. Алардан сөөк күтүүгө аргасыз да болушкан. Кыргыздар өз ара жакын турушкан соң кимдер менен кимдер куда болууга ылайыктуу экенин, уул-кыз бири-бирине (колукту-күйөө) жараша түшөөрүн баалап, ошого шарттай-шайлай алышат. Мындай учурда жуучу жиберсе, ичтен илгиртпей, макул болгону менен, каада күтүү, «бар» же «жок» деп жиберүүгө шар кете албаган учур да болот.

2-ден, эки куда экинчи курдай (кайчылаш) куда болушса, анда алар бири-бирине күн мурунтан максаттанып жүрүшсө, калың тууралуу сөз жүрбөйт. Ортолоруна бөлөк адамдар да түшпөйт. Албетте, мындай кудалар, адатта, өтө чанда чыгат. Көбүнчө жээн-таяке, бөлөлөр ж. б. жакындардын ичинен пайда болот.

Памирдик, оогандык, алайлык кыргыздарда азыр деле үйлөнүү тууралуу буйрукту уулуна атасы айтат. Илгери кыргыздарда «ата сөзү — ар-намыс» делип айтканы айткан, уулу «лам» дебей угат, сөзүн мыйзам туят. Ата уулунун үйлөнүү тууралуу оюн сезимтал жүрөгү билет. Атасын кагып, журт алдында уят кылуучулар мына эми чыкты. «Мен сени катын алып бер деп жатамбы?» — дечүлөр кийинкилер. Мына ошол ата оюнан кийин куда түшүүчү жерге жуучу жиберүү аракети пайда болот. Аркалык кыргыздарда, чынында, эстүү-баштуу бир эле адамды атказып жиберсе, Памир, Ооган, Алай тарапта илгери-кийин деле эки-үчөө — атасынын тууганлдарынан, куда-сөөктөрүнөн же дос-тамырларынан шайланып жиберилет. Мурунку заманда уулдун атасы, аял заты жуучуга аттанып баруучу эмес.

Бул салт кийин өзгөрүлүп кетти. Жуучулар барып түшүшөт. Барган жердин даамын татышат. Кыздын ата-энесине кимдин атынан жуучулукка келгенин баяндашат. Куданын атынан калың маселесин чечүү алардын негизги милдети болуп саналат.

Албетте, кедейлер каадалуу калың төлөй алышпайт, орто чарбасы барлар орто байлар үчүн калыңды бычуу көбүнчө жуучу аркылуу жүзөгө ашат. Жуучуга аттанаар алдында бул туурасында сөзсүз учкай сөз болбой койбойт.

Калың берүү салты байларда башкараак көрүнөт. Мында калыңсыз кудалашуу расми да бар. Т. а. ич ара бирибирине атаандашууларына баамдалат. Чиренишип, себи боюнча кудалашууну уятыраак көрүшөт. Бирок, калыңын өзүнчө, себин өзүнчө берип узатууда, өз ара байлыгына салып басынтуулар, бир чети бааланнуулар бар. Мисалы, Сейдене Алымбай кызын (Ысык-Көл району) Курдашбай аттуу бай иниси Тыныбайга алып бермекчи болуп, 12 жоро-жолдошу менен тескейге жөнөйт. Тыныбайга кыз жагат. Бул окуя Улуу Үркүндүн алдында болот. Калыңы миң тенге (миң кой) турат. Кыскасы, миң кой айдап барып, байлыктын күчү менен мурунку кудалашкан жеринен тартып келишет. Аны он жылдан кийин араң төркүлөтөт. Кайкач бармак уздун көөкөр ж. б. шири, көн буюмдиштерин биз көрүп, сүрөткө түшүрүп калдык.

Байлар, демек, чыгымды көп тартышат. Кызды ала электен мурун эле калың деп өткөрүп коюшат. Кыздын атасы да андан да ашып түшүүгө аракеттенет. Мындагы сөөлөт — алар эл алдында өздөрүнүн мартабаларын, артыкчылыктарын, берешендигин билгизүү.

Жуучулар калың бычууда, арийне, бүлө ала турган болуп.аткандан соң намыстарына келип, эр көкүрөктүк жагдайларында болушат. Калың берүү-алуунун жеринен бери жалпы өлчөм-ченеми болгон. «Аксактын амирине карап», өйдө-ылдый соодалашуулар да жүрөт. Кыз тарап «муну аткаргыла» — деп шарт койгон учурлар да кездешет. Мындайлар 5—7 кой, байлары төө баштаган тогуз, 9—11 кара айдатуу наркы бар. Каралардын — бодо малдардын саны 11, 13, 15 — деп так көрүнөт. «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» эмеспи, кедейлер кой-эчки берет. Аштыгын айдап, башка кызматтарын кылуу аркылуу калыңын, ченемин чегерет. Байлардын күйөөсүнө өргөө көтөрүлөт. Уулдун атасы өргөө тигип берсе, кыздын атасы ички-сырткы жасалгаларын септин ата-башы катары даярдайт. Мындай асем Ооган, Памир, Алай кыргыздарында азыр да жолугат.

Түшүнүктүү, социалдык шарттар менен кудалар бири-бири менен бычышат. Макулдугун бербей жаткан тарапка жуучулар үч курдай барууга туура келет. («Үй бүлөгө кеңешейин», «Ага-туугандарга акылдашайын» деген өңдүү алгылыктуу сөз айтуулары, жуучуларды жубатып узатуулары болот. Кээ бир кежирленүүлөр, терсаяктар, маалкатуулар, өзүм билемдиктер да эл арасынан чыгат). Адатта, жуучулардын үчүнчү барышында белги билинет. Конок камы күтүнөт. Сый тамак берилет. Дасторкон үстүндө сөздөр бышырылат. Жайдары жүздө тамак ичилери менен жуучуларга, адатта, чепкен жабышат. Башка белектер берилет. Ошондо эки тарап алакан жайышат. Кызга атасы бата берет. Демек, жуучулар өз максаттарына жетти дегендик болот. 1. Үйлөнүү тою качан, кайсы конушта болот өңдүү камылгалуу кептердин уландысы жүрөт. «Жакшыга жуучу барат, жаманга куучу барат», деп айтабыз. Айыл ичи эртели-кеч кабардар. «Баланчанын уулу баланчанын кызына үйлөнөт экен, жуучулар барып келди», «Түкүнчө кызынын калыңын күн мурунтан алып коюптур», «Кызын баланчанын кайсар уулуна бергени жатыптыр» сыяктуу кептер угулат. Көпчүлүк аймактарда эки тараптын кеп-кеңеши коюлары менен, баланын атасы-энеси кызды «келинибиз», кыздын ата-энеси баланы «күйөө балабыз» — деп ичтен атай башташат.

Кыздын 14—16 жашы беш көкүл аталат да, 18—20 жаштардагы жаш улан жигиттерге колуктуга баруу мурун кыргыздарда салттуу болгон.

«Жакшыга жуучу келет. Жаманга куучу келет» (макал).

Мунун ар кандай жагдайы бар. Баланчанын уулу кыз тандап жүрүп, ошол кызды жактырып калса, ал адептүүлүк менен үй-бүлөсүнө билдирет (Ата-эне көбүнчө сырдана жеңелери, теңтуштары аркылуу билет). Кээде балага кызды ата-энеси, ага-туугандары тандайт. Ошентип, арадан жуучу шайлашат. Айыл ичинде алымдуу, оозунда сөзү бар, эски салт-санааны билген аксакалдар аттуу-тондуу болуп барып, жуучуга түшөт.

Ал барары менен эле жуучуга келдим деп жар салып ийбейт. Чай ичилет. Жайланат. Жылуучулук мезгилде болсо кыздын атасы экөө үйдөн мындай обочорook чыгышат. Анан жуучу келүү максатын аста билдирет. Андан аркы ойлор түшүнүктүү боло баштайт. Мында кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер — деген сөз жеңет.

**Калың.** «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт» (макал).

Бул — кыз алуучунун кыз тарапка берүүчү нарктуу ма-

лы, акчасы, байлыгы. «Төө баштаган бир тогуз...» (төө, музоолуу уй же мамалактуу топоз, кулундуу бээ, козулуу кой, улактуу эчки — бир тогуз деп аталат).

Ар бири кээде тогуздап да кетет. Суу чайпалбас жорголор, аркалуу аттар берилген. «Алыбек алына жараша» мал айдаткан. Кыз балага кенедей кезден куда түшүүлөр болгон. Кудасы калынды акырын жылдырып берип турган.

Бүлө алууда кыргыз ата эч нерсесин аябаган, саап ичип отурган жалгыз уюн, минип турган атын жетелеткен учурлар да биздин ата-баба салтыбызга, элдик наркыбызга күбө.

Кийин-кийин акча аралашты. Мында калың берүү экиге бөлүнүп кетти. (Мисалы, Нарын тарапта «ачуу басары», андан кийин «чуу басары», (чоң басары) биротоло барган калыңы) деп, тергеле баштады). Калың берүүдө айрым аймактарда доолашуу, калыңга кадимкидей чек коюучулар бар. Калыңга таарынып, кызынын башын ачып кетүүчүлөр чыккан.

Антип кара жемсөөлөнө берүүнүн анча кажаты жоктур. Негизи бүгүнкү шартка жараша эки жаштын ынтымакырысын эки тарап бирдей ойлонуу — абзелдик.

«Калың берүү — феодализмдин калдыгы» — деп, ага тыюу да салынып келинген. Ак тилек менен биреөнүн алмончоктой кызын түбөлүккө бүлө кылып алып, андан небере-чөбөрө көрүү асыл максаттарын көздөп жаткандан кийин кыздын ата-энесинин ыраазылыгын алуусу, албетте, парз. Деле эшиктен бир аттап кеткен кыздын ак этек басып барган жерине, очор-бачар болуп отуруп калуусу — ата-энелердин, ага-туугандардын сыймыгы.

Калың берүүсү, калың алуусу — абалтан келе жаткан нарктуу салт. Көрүнгөн тарапка бура бербей анын тазалыгын, таалимдүүлүгүн колдообуз зарыл.

**Кыз узатуу үлпөтү.** Бул — кыздын биринчи жолу төркүнүнөн аттанаар алдындагы берилүүчү үлпөт. Кудалардын шарттары боюнча (ич ара тойго жумшалуучу байлыктар макулдашылат) той башталуучу күн болжолдолот. Илгери «отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып» — деп, үлпөт тою бир нече күнгө, адатта, жайлоодо мал семирген чакта өткөрүлгөн. Кудалар тобу менен союштарын айдап келүүчү дейт. Күйөө бала күйөө жолдоштору менен келип түшкөн. Алар үчүн өз өзүнчө ак өргөөлөр тигилген, милдеттүү коноктор алынган. Алты бакан селкинчек, жоолук таштамай, шакек катмай, эл чабар, ак чөлмөк, токту сурамай сымал кыз оюндары күндүр-түндүр боло турган. Эки тараптын жаштары буга бирдей катышкан. Албетте, күйөө

жолдоштор колдон суурулган азаматтардан шайланып, кыз берүүчү айылга оюн-зоокту андан ары жандандырып жиберген. Бардык шарттарын аткарып, айлакердиги менен кутулуп кеткен.

Кызды аткараар күн келет. Камдалган кыз себи даяр болот. Жакшы көргөн жеңелери кара далы кыздын чачын экиге тепетең бөлө өрөт. Зер жасалгаларын (сөйкө, желбирөөч, бой тумар, шакек, билерик, төөнөгүч, чолпу (үчтүк күбөк), чач кап, чач кеп тагат. Шөкүлөсүн кийгизет, жасалгалуу жабдыктары бар атка мингизет. Кыз оюндарындагы үлпөт ырлары ырдалат. Андайда чечендер, куудулдар, комузчулар, ырчылар ж. б. таланттар жатпайт. Энелери, жеңелери «Жар-жар ай» айтышат, тойдун өтүшү тууралуу ырчылар ырдайт, кошок кошот. Адатта, кызды кечте аткарат. Барган жеринде келин тою башталат, кыз шөкүлөсү кайра төркүнүнө кайтарылат. Ал кийинки сиңдилерине ыроолонот.

Үйлөнүү тою бара-бара өз жөрөлгөлөрүнөн аябай эле тарып барууда. (Албетте, бир нече күнү той берүү, байлыкка, калыңга шартташат.) Анткени менен түштүк кыргыздарда илгерки үлпөт тойлорунун жышаандары белгилүү өлчөмдө сакталганын биз көрүп жүрөбүз.

Арийне, азыр үйлөнүү тойлору бар. Ал көбүнчө ресторандарда өтөт. Европалык типте даярдалат. Кулактын кужурун алган музыкалар — ач кыйкырыктар, жаштардын сороктоп-сырактап, моңкүп, денени бузуп, бүлкүлдөп бийлөөрү өкүм сүрөт. «Жар-жар» айттыруу жок. Кыз-күйөө элдик кийим кийишпейт. (Аны көбүнчө өзүлөрү да, ата-энелери да чанышат.) Тойго катышкан кары-картаңдардын көңүлүн көтөрүүчү талабын эске алуучу ыр, шаан-шөкөт жок. Мындайда көпчүлүгү чөгөөт абалда кайтышат. Ал эми арак ичкендер шайдоот, көңүлдөрү көтөрүңкү болуп кайтат. Ичкиликке басым жасалат. Менимче, кыргыздын каада-салтына, үрп-адатына шайкештелген жөрөлгөнү сактоосу зарыл. Демек, бул, айтор, той берүү эмес. Кыз узатуу шаан-шөкөтүндө улуттук татым болсун. Арийне, кол менен кыз узатуу тиги «ала качуу», «куучу баруу», «ачуу басуу», «чуусун чыгаруу» өңдүүлөргө караганда опурталдуулугу болбойт. Муну эске алуубуз тийиш.

Бул жерде тарыхый бир мисалды кыстара кетели. Маматбай кызы Курманжан Ош шаарына жакын Орок (Жапалак) кыштагында бардар үй-бүлөдө төрөлөт. Айт күн болгондуктан, атын Курманжан коюшат. Маматбай кызына элдик каадада жакшы тарбия берет. Курманжандын шамдагай, күчтүүлүгүн билген атасы улут оюндарына ка-

тыштырып койчу экен. Алтыга араң толгондо жайлоодо коншу болушкан Төрөкул бий өзүнүн уулу Кулсейитке кудалайт. Салт боюнча кулагына сөйкө салат. Жайлоого чыкканда бирге ойноп чоңоюшат. Курманжан эс тартканда Кулсейитке беришет. Ал бул күйөөсү менен эч качан бактылуу болбосун жыл өтпөй туят. Туюп, туугаң жерин сагынып, кусага чөккөндө:

*Көтөрүлүп күн чыкса,*
*Көлөкөлөөр талы жок.*
*Жаз жадырап келгенде,*
*Гүлдөй турган багы жок.*
*Асмандагы жетиген,*
*Мени менен сегизби?*
*Тагдыры шордуу Курманжан,*
*Тийгениң сенин теңиңби?* — деп ырдайт.

Алымбек датка Маматбайдын жакын туугандары менен жакшы санаалаш болот. Курманжанды көрүүнү самап калат. Көргөндө эле ажарына акылы шайкештигин байкайт. Сөз салса, макулдугун берет. «Ак-Бууранын жээгине кырк ак боз үй тигилип, той кырк күнгө созулса, кырк кыз мени коштоп барсын»,— дейт. Алымбек датка айткандай кылат. Курманжандын себине Акбакайдын укмуш күлүгүн, көз тайгылткан килем жабылган төө, тогуздап түркүн мал, күмүш, жезден жасалган кооз буюм-тайым беришет.

**Кыз оюн** — байыркы элдик оюндардын бири. Ал атайын өзүнчө тигилген ак өргөөнүн ичинде кызга жигит күйөөлөп келгенде өткөрүлгөн. Ага ырчы, шайыр жаш жигиттер, боз уландар менен кыздар,жаш келиндер чогулушат. Жигиттер боз үйдүн ыпча тарабынан, бойго жеткен кыздар, келиндер эпчи жагынан орун алышат. Адатта, оюнду шакылдаган шайыр келин башкарат.

Күйөө жолдош (ал жалпы адат боюнча ырчы, шайыр жигит болуш керек) белине курчалган курун токмок кылып эшет да, аны оюн башкарган келиндин колуна тапшырат. Келин ал токмокту топтошуп отурган кыз-келиндердин арасына таштайт. Алардын ичинен бирөө токмокту катып алат. Ошондогу мисалдардын бири катары күйөө жолдош ордунан туруп:

*Кыз оюну бар десе,*
*Кызыгын көрсөк экен деп.*
*Азуусун айга жаныган*
*Мында акындар келген турбайбы?*
*Ай он бештен толголду,*
*Айкашып ойноп жатканда,*

*Менин токмогум кайда жоголду.*
*Ак жамгыр жаабай ным болду.*
*Айкашып ойноп жатканда,*
*Токмогумду алган ким болду?*
*Токмогум башы тоголок,*
*Айткылачы курдаштар,*
*Токмогум кайда жоголот?*
*Токмогума куйуучу*
*Токмогум алган келинге*
*Тогуз жоолук сүйүнчү,—*

деп күйөө жолдош безеленип ырдап, эңкейип далысын тосот. Токмокту катып алган кыз, же келин ордунан туруп келип, күйөө жолдошту 9 жолу далыга чаап, анан ага токмокту берет. Алгачкы жолу кыз менен күйөөнү, андан кийин дагы ырдап, каалаган кыз-келиндерди жар көрүштүрөт. Токмокту оюнду башкаруучу алып, аны кыз-келиндерге берет. Кыз-келиндер кезек менен улам бири токмокту алып, жигиттерге токмок салат. Ким токмок салса, ошол жигит туруп ырдайт да, токмок салган кыз, же келин менен жар көрүшөт. Оюн ушул тартипте улантыла берет. Бул оюн боз улан колуктусуна күйөөлөп, же алып кеткени барган учурда кыздын төркүнүндө өткөрүлгөн. Кыз оюну сармерден, шакек салмай, бут басмай, жоолук таштамай, жолдош сурамай ж. б. оюндар, ыр-күү менен коштолгон.

**Күйөө жолдош.** Бул — колуктуну алуучу жигиттин жан курбусу. Анын болочок кайын журтуна ээрчитип барган жигити. Ал адатта, кыз оюндарында туурадан сөз тапкан, туюктан жол чапкан, кыздын элине мыктап жаккан, жеңе-жеңилерине жүйөлөшүүдөн эч нерседен алдырбаган, бирок, ары уяттуу, ызааттуу, адилеттүүлүктөн тайбаган азаматтардан тандалышы шарттуу. Илгери күйөө жолдоштор барган жеринде отургандардын жарпын жазуучу, шайыр, бирде күйөө баланын таламын талашуучу намыскөй, баарыга бирдей жагуучу кулк-мүнөзү, жигиттик сүйкүмдүүлүгү аркылуу отуз күндүк оюн-тамашаны шаңдандырып, жандандырып жиберүүчү мырзалардан болгон.

Күйөө жолдош мурунтан кудалашкан жерге күйөөнү ээрчитип барып турган.

2-ден, күйөө атайын күйөөлөп барган чакта сөзсүз жанында болгон.

3-дөн, «отуз күн ойнотуп», «кырк күнү кыңшылаткан тойдо күйөө жолдош болуп, түнкү, күндүзгү оюндарды жандандырган.

4-дөн күйөө жолдош кызды кайын журтуна кошо алып келишкен.

**Күйөө каадасы.** Бул — күйөө баланын колуктусун алууга келгендеги кайын-журтуна жасаган сыпаагерчилиги. Бабалардан калган шарт боюнча күйөө бала тике эле кайын атасынын, чоң кайын атасынын үйүнө келип түшүп, мамыга атын байлаган эмес. Айылга жакындаганда жолдоштору менен аттан түшүп, акырын басып келип, кайын атасына, кайын энесине, чоң кайын атасына, чоң кайын энесине баш урат. Т. а. үндү чыгарбай, башты жерге сала, таазим кылып турган.

Күйөө үйлөнүп-жайлангаңда да, очор-бачар бала-бакыра күткөн күндө да кайындарына, төтөн, улууларга сыпайы мамиле кылуучу. Өйдө карап, үндү жогору чыгаруучу эмес. Адептүүлүктү сактай жүрүүчү. Мына ушулар «күйөө каадасы» деп аталат. Күйөөнү ушундан улам кайын-журту сыйлаган.

Адамдардын абийирдүүлүгүн, кой майректигин, коңур жүргөндүгүн «жаңы келген күйөөгө» салыштырган. «Күйөөнү пайгамбарым сыйлаган», «Күйөө карыса, жээн болот» деген. (Алар тууралуу өзүнчө айтылат).

Үйлөнүү үлпөтүндө келинди өмүрдөшү менен жашоочу жайына алып барууда да өзүнчө өлчөөсүз шаан-шөкөттөр өткөрүлө турган. Т. а. келин алуучу тарабын көз тиге карап, чыдамсыздыкта күтүнгөн. Жайында жаңы журтка көчүп-ташынып, желе байланып, өрүштө беш түлүк ыңкып, таң-тамашаларды жүргүзүүгө даярдыктар көрүлгөн. Колукту келе жатканда, добулбас урулуп, сурнай үйлөнүп, керней тартылып, айлана бейкуттуктан шаңга бөлөнүп, жашоо-тиричилик дагы бир мертебе жанданып, ооматына келе түшкөн. Келин келе жатканда, жер чие улак (көк бөрү) тарта, ырчылар-чоорчулар мансаптуулардын ата-бабадан берки атак-даңктарын, мартабасын даңазалай келген. Буга кеминдик кан Жантайдын Соң-Көлдөн Акмөөрдү, Алымбек датканын Курманжан датканы алып келе жаткандыгы тарыхый маалыматтар ачык күбөгө өтөт.

*«Ак шумкар бердим, таптап ал,*
*Ак учук бердим, саптап ал».* (*Эл сөзү*).

Ошентип, кыз узатып жатканда, кыздын энеси тарабынан кудагыйына мына ушундай накыл сөз айтылган. Албетте, кыз жат жерге барат. Аны барган жери бапестеп алсын, ар ишке үйрөтүп, салтка, наркка, ошол жердин

турмуштук жагдайына аралаштырып алсын дегени. «Келин жаман эмес, келген жери жаман». Макал ушундан улам айтылып калган. Т. а. эне: «Ак шумкар бердим, таптап ал, ак учук бердим, саптап ал» — өзүң үйрөтүп, үндөктөп ал, элиң менен эл кыл, жериң менен жер кыл»,— «Чыккан кыз чийден сырткары» — дегени... Бул — эненин аманат сөзү!

Демек, илгеркилер адамзаттын да, айбанаттын да көзү ачык сынчысы эле. «Ак көрпө жайыл ургаачы» — аял затынын эң бир ак пейил, жаркын жайдарысы,

*Ак көрпө жайыл ургаачы,*
*Аты эле дайын сындачы,*
*Жабылуу катар кара инген,*
*Жакшысы элге билинген».* *«Манас».*

«Жабылуу кара инген» — үй турмушунда кабак-кашым дебей болгон оорчулукту моюнуна илген, көтөрүмдүү келген, эл сыйлаган, эл да аны баалаган зайып.

**Күйөөлөтүү шарты.** Буга байланыштуу мындай бир окуяны айыл кыдырып жүрүп, Көл тараптан уктук элек. Илгери кудалашкан колуктусуна күйөөлөп баруу алдында кыздын жеңеси минтет: «Күйөө болуучу бала, сен тай союп, кыз-келиндерге, бозой-жигиттерге таң-тамаша куруп бересиң. Ошондо эл алдында алуучу колуктуңду «Кыз куумайга» түшүрөбүз. Кызга жетсең — мөрөйүңдү алганың, жете албасаң куру кол калганың. Анда жыгылыштуусуң, мага жибектен кош этек, тукаба бешмант, атыр самынын кошо алып келесиң»,— дептир. Андай коюлган шарттарга күйөө, албетте, куп болот. Болжошкон күнү оюн-тамаша башталат. Түнү бою сармерден ырдалат, башка оюн-зооктор жүрөт. Эртеси кыз куумайда кызга жыландай сойлоп, ойноктоп турган жоргону мингизишет. Жигиттин колуна бир жорток ат тийип калат. Аттардын оозун коё бергенде эле кызга күйөө шап жетет. Буга кыздын төркүндөрү ченебей намыстанышат. «Оюндан от чыгып», ал тамашанын аягы эки куданын арасын ачуу менен бүтөт. Ошондо жигит:

*«Бургутуп жорго жөнөдү,*
*Бууданым жетти чап этип,*
*Бейпайы күчтүү сулуунун,*
*Бетинен өптүм «чоп» этип» —*

десе, анда кыз:

*«Жоргону тандап миңгиче,*
*Жортокту минбей не болдум.*

*Жоболоңдуу жигитке.*
*Жолобой койбой не болдум»,— дейт.*

Өкүттө калган эки жаш акыры баш кошушкан экен. Ага жүйөлүү накылдар себепкер болуптур. Албетте, оюндун шартында жетпей калган жигит экинчи кыз куумайга түшпөгөн. Бирок, «ал кызга жетпей калды» — деп, бел куда кызынан жигит куру калбаган. Экөөнүн кыз куумайга чыгышы — салт, элдин тамашасы, оюндун кызыкчылыгы.

**30 күн кыз оюну.** Бул — кыз үлпөтүндө өткөрүлүүчү каада-салт. Кызды турмушка аткараарда төркүнү тараптан жасалуучу шаан-шөкөт. Адатта, кыздын болочок күйөөсү жолдош-жоролору менен күйөөлөп келет (күйөөлөтүү өзүнчө жазылат). Алар өзүнүн жолдугун жасайт. Ага карата кыз оюндары түнү-күндүзү уюштурулат: алты бакан селкинчек, жоолук таштамай, шакек жашырмай, токту сурамай ж. б. Күйөө тараптын жоро-жолдошторy, айыл жаштары, кыздын жеңе-желпилери бул оюндун көркүн ачат. Кыз-күйөөнү көрүштүрүү асеми болот. (Ал өзүнчө жазылат.) Албетте, мында күн сайын той-тамашалар артыла берет. Чечендер, санжырачылар, ырчылар, чоорчулар, комузчулар ж. б. эл ичинен чыккан шайырлар ушундай жерде чогулушуп, атайын алдырышып, той берүүнүн, кыз узатуучунун мартабасын арттырып жиберишет.

Кыз-күйөөгө төркүнү ак өргөө көтөрүшөт. Ага эки жашты жаткырышат. Төшөк салуу, маасы тартуу, жеңелердин аткара турган милдеттери өзүнчө айтылат. Кыз-күйөө ошол өргөөдө болушат. Мына ушул 30 күн ойнотуу, 40 күн кыңшылатуу шартында кыз оюндары менен катар кыздын эмнеге жөндөмдүүлүгү, жекече сапаты баамдала барат. Аларга төмөнкүдөй сапаттар кирет: кыздын үй оокатты тейлөөсү, үйдү ирээттөөсү, төшөк салуусу, жүк жыюусу, эшик-төрдү шыпыруусу, казан-аякты кармоосу, кир жуушу, тамак-аш бышыруусу, келим-кетимди кабыл алуусу, отуруп-туруусу, дасторкон жаюусу, чай куюусу, элге сунуусу, эшик-үйгө кирип чыгуусу, көч жүктөөсү, атка минүүсү, үй тигип-чечүүсү, мал саашы. Ошондой эле анын узчулугу да сыдыргыдай сындан өтөт. Ошондуктан, кыздын эч нерсеге эби жок өсүшү эне-атага сөз тийгизип коёт. «Эне көргөн кыз эмес, эндик көргөн бет эмес»,— дейт. Үйдүн эркеги кыздын энесин: «Элге-журтка кеп болбойлу, кызыңды тарбияла, үйрөт, көндүр» — деп, астыртан секип турган. Мындай турмуштук сыноодо мыктылары эне-атанын жүзүн жарык кылып койгон. «Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы

кымбат». Ушундай таалим-тарбиядан, үйрөтүүдөн накылга айланган.

**Кызды күйөөгө аткаруу асеми.** Отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып, кызды күйөөгө узатуу каада-салттарды өткөрүү асеминен кийин эми аны аткаруу камылгасы көрүлөт. Мында шаан-шөкөттүн көркү мына ушул узатуу оюнунда бөтөнчө сезилет. Кудалар камылгасы бүтүп, кулдуктарын уруп, калдайып түшүшөт. Күйөө бала өзүнүн жоро-жолдоштору менен кийинчерээк келет. Колдон суурулган жигиттер, ырчысы да, чоорчусу да кошо болот. Үйгө жеңелеринин коштоосу аркылуу кыздар кирет. Жигиттер жапырт турушуп, өзүлөрүнүн адептүүлүгүн билгизип, аларды кабыл алышат. Кыздын теңтуштары көшөгө жакка өтөт. Так ошол көшөгөдө отуруп алышып, кыздар көшөгө тигишинен карап, күйөө баланы сындан өткөрүшөт. Албетте, салт боюнча колуктуну жеңеси алып барып, күйөө баланын жанынан орун берет. Мында экөө тең бири-биринен уялышып сүйлөшө, жүз караша албайт. Адатта, оюнзооктор болот. Тил безеген жигиттер отурушту көркүнө чыгарып, ай чыкканча, кашка таң атканча таң-тамашалар өтө берет. Ошондой шарттарда жеңелеринин уруксаты, оюндун шарданы менен кыз-жигит жүздөшүүлөрү ыктымал. Жаштар оюндары көп болот. Ак чөлмөк, алты бакан селкинчек, дүмпүлдөк, шакек жашырмай, жоолук таштамай ж. б. оюндары ыр-бий менен шөкөттөлөт.

Аттанаар учур келет. Кыз менен коштошуу башталат. Кыздын кара далы чачы экиге өрүлөт. Ага чолпу (чач учтук), айрым аймактарда күбөк тагылат. Шөкүлө ата-энеси аркылуу кийгизилет. Күмүш ат жабдыгы суу чайпалбас жоргого токулат. Аттын төрт аягы, эки кулагы, оздук-таноосу гана көрүнгөндөй күмүштөлөт. Тууган-уруктары коштошо баштайт. Акыл-насаат айтат. Жакшы кыз төркүндөрүн кеп-сөзгө калтырбайт. Жеңеси, энеси, чоң энеси, тайэнеси, тай жеңеси, эжеси, тай эжеси кошок кошот. Теңтуштары адат боюнча кыңшылашат. Т. а. алар да жоолук ичинде коштошот, ыйлашат. Кыздын кийим-кечектери сандыкка, же жагданга салынат. Кийип жүргөн тебетейин синдисине кийгизет. Урунуп жүргөн буюмдарынан көбү калат. («Эжем эрге тийсе, эски тарагы мага артат» — деген сөз бар). Ошентип, кыз кайын-журтка шөкүлөчөн барат. Шөкүлө кайра үч күндөн кийин үйүнө келет. Аны кийинки синдилери кийип чыгат. Эми такыя элечек, жоолук салына баштайт.

**40 күн кыз кыңшылатуу.** «Отуз күнү ойнотуп, кырк күнү кыңшылатып»... (Эл сөзү).

«Кыңшылатып узатса, кыздын көркү тоюнда» (эл ыры).

Бул илгерки салттардын катарына кирет, кызды күйөөгө узатуудагы чоң салтанаттардын бири. Узатылуучу бийкечтин башына кымкап же чапан жаап, санаалаштары, акылдаштары (алардын башында да ошондой чүмкөмөлөр болушу мүмкүн) тиги кызга барып, кымкапка башын катып, чекелерин тийгизип, үн чыгара кыңшылап ыйлоолору — өз ара коштошуулары. Андан кийин ирээти менен чоң энеси, өз энеси, жеңелери, эжелери кошок айтып коштошкон.

30 күн ойнотууда, 40 күн кыңшылатууда жуучулардын түшүүсүн, аларды кабыл алуу, коноктоо, узатуун жана анда атайын ырчылардын келишин, ошол жуучулардын кайдан келгендигин, кимдер экендигин, кандай каада-салттары бардыгын, анын бөтөнчөлүктөрүн, ал тукумдан чыккан эле билермандарын, журт мыктыларын, баатырларын, ырчы-чоорчуларын, ордочуларын, балбандарын, мүнүшкөрлөрүн, саяпкерлерин, санжырачыларын, койчу, элге-журтка белгилүүлөрүн ыр аркылуу баяндап берүү жөрөлгөлөрү болгон. Т. а. «Тоюңар тойго улансын, той берген айыл кубансын!» — ошол ырчылардын жардыгы болуп саналат. Бул кийин той берген үйгө кирүүдө айтылуучу болду. Бара-бара бул бай-манаптарды, болуш-бийлерди гана мактоо жосундарына өтүп кеткенин билебиз.

Отуз күндүк ойнотууга калыс элдин кароосунда кыз куумай өткөрүлөт. Буга абалы ала турган колуктусу менен жигит өзү чыгат. Мындан кыздын чабандестиги, ат үстүндө чыйрактыгы бааланат. Көчмөндүү турмушта атка жүрүшү, сындуу отурушу, минген аты тууралуу баалоолор болот. Кыз куумай, кайра жигитти кыздын куумайы ошол чакта бир нече курдай кайталанат. Мындан да кыз-жигиттер өзүнүн өмүрдөш жуптарын таап алууга, оюндун кызыгын ошолор өткөрүүгө ылаажылар түзүлөт. «Баланчанын тоюнда таанышканбыз», «Кыз куумайга түшүп...», «Алты бакан селкинчек тээп жатып...» өңдүү элестер калат.

**Алты бакан**, бул — өзүнчө түшүнүк, селкинчектин алгачкы түшүнүгү. Мында алты бакан орнотулат. Анын экөөндө жигит, экөөндө кыз колтуктап кериле турушат. Эки бакан кыз-жигиттин буттары үчүн тургузулат. Ошондо алар селкилдете, бирин-бири ителгидей тебишкенде, көкөлөй түшүп, кайра бирин тепкенде, ал да асмандап, ителги, ылаачын кейиптенишет. Мында тебишүү, албетте, бир четинчтен эрегишүү, тамашага чалуу, мөрөйлөшүү, оюнду шаңдантуу, чыйрактыгын, өз күчтөрүн байкашуу, демек, селкинчек — бара-бара селкилдете тебишүү. Ошол көкөлөтүп тебишип жатканда кыз-жигиттердин кыял-жоруктары, оюн-

ға жасаган мамилелери билинет. Бул колукту тандоого өбөлгө түзөт. Мына ушундан улам кийин-соң алты бакан селкинчек аталып кетет. Ал эми азыркы селкинчектер мурункуларга окшошпойт. Буттардын алдындагы аркан жок. Тактай үстүнө буттарын коюп, ич ара терметүү болуп саналат. Салттуу оюн анча шаңына чыга албайт.

Үйлөнүү үлпөтүндө 30 күн ойнотуп, 40 күн кыңшылатып, ошол ак кийизи төшөлгөн баяндостун мааниси зор. Себеп дегенде, жигиттер бир жагында, кыздар бир жагында катар тизилген. Күйөө болуучу бала биринчи баштап ыр ырдап, алуучу колуктусун карай кадам шилтеген. Анын ырынын канчалык демдүүлүгү көрүүчүлөр, ич ара калыстар тарабынан бааланган. Алуучу колуктусун акырын келип, сыпайы жүз көрүшкөн, колун мойнуна арта сала алат. Ага жеңеси себепкер болот. Ушундан улам берки жигиттер менен кыздар да өзүлөрүнө ылайыктуу жарды табууга, таанышууга шарттар түзүлгөн.

**Күйөөлөп келүүнүн жана бир шарты.** Үйлөнүүдөн мурда күйөөлөп баруу каадасы аткарылыш мүмкүн. Күйөөлөп келүү каадасы жеринен эле белгиленген. Ал бычылган калың төлөнүп бүткөндөн кийин башталат. Күйөөлөп баруу каадасы көбүнчө болочок жарлар бири-бирин жакшы билишпесе, мурун жолугушуп, баарлашпаса аткарылган. Бардарлар атайлап кызга арналган ак өргөө тиктирип, кыз болочок күйөөсү менен мына ушул өргөөдө, же кыздын өзү чоңойгон бөлмөсүндө болот. Ортосун бөлүштүрүп, алажип чоюп, «ала жипти аттабагыла»,— деп баш коштурган. Ала жип атталбайт, тек жигит кызды, кыз жигитти көбүрөөк билип, даана таанышышы керек. Ошол тапта күйөө балага кыз жакпай калса, же колуктуга жигит жакпаса, өмүр бою бирге жашай албай турган болсо, анда ажырашышат. Демилге күйөө тараптан болсо, калың мал кайтарылып берилбейт. Демилге болочок колуктудан чыкса, калың толугу менен кайтарылып берилет. Эгер түбөлүккө өмүр сүрүүгө эки жаш чын ниетинен бел байлашса, ортодогу ала жипти же кызкемерин аттап коюшат.

**Төшөк талашуу.** Бул — кудалар салты. Той бүтүп, кыз узатаар күнү, узаар алдында айылдагы зайыптардын кудадан ырым-жырым алуу үчүн жасаган тамашалуу аракеттери. Кыл арканды узун эшип, бир учун борчук ташка, же терекке, же мамыга бекем байлашат. Куда тараптан келген эркектер ошол арканды тартып, жулуп кетиши керек. Жулуп кетишсе, аялдар ырымдан куру кол калат, жула албаса, ырымын алат. Б. а. аларга куда тараптан бээ береби, өгүз береби, ат береби, төө береби, кой береби, айтор, алы-

на карата мал энчилейт. Ошол арканды тартып жатканда аялдар беттерине күл чачып, калың эл көрүп, кыраан каткы күлкүгө бөлөнөт. Мындай мыскылдан тим эле кутулуу үчүн аркан тартпай деле мал берүү жолдугу бар.

Азыр деле тойлордо тамаша ирээтинде бирдеме өндүрүү үчүн (арак, сом эле дейли) ошондой сымал тамашалар жасала бериши ыктымал. Төшөк талашуу — этнографиялык маани-жайы сакталып кала турган жөрөлгө. Аркан тартыш демекчи, ал тууралуу мына бул ич ара мелдешти баяндай кетсек, ашыкчылык кылбайт, кайра мыкты түшүнүккө ээ болобуз.

**Мүчөл** — бул эски салттардын бири. Көпчүлүк аймактарда жоюлуп кеткен. Муну жаш муундар эмес орто муундагылар да анча аңдаша албайт. Таластын Кара-Буура, Бакай-Ата, Манас (Покровка) райондору жайлашкан тарапта кээ кездери мүчөл берүү, мүчөл алуу шарттары боло калышы айтыла, жазыла да коюп жүрөт.

Эмесе, мүчөлдүн чоо-жайы мындай: Келин алган тарап кудасынын алдына түшүп барганда, кыз берүүчү тарап атасына, агасына, таякесине мүчөл (жылкы, уй, кой, тай, торпок, топоз) берүүдө салык салынат. Бүлө алуучу тарап муну жыл ичинде өткөрүп берүүгө макул болот. Мындан тышкары калыңы бычылат. Т. а. мүчөл калыңдын бир түрү.

**«Тоюңар тойго улансын».** Бул — үйлөнүү тоюнда отуз күн ойнотуп, кырк күнү кыңшылатууда өткөрүлүүчү үлпөттүн бир түрү. Айкөл «Манаста» да айдан ачык айтылат. Оюн мындай башталган:

Ортого баяндос (кымбат баалуу ак кездеме) салынган. Анын ордуна кийинчерээк ак кийиз да жайылган. Албетте, ал актыкты, дилдин тазалыгын билдирген. Баяндос акыреттик достошуучуларга, ак баталуу куда-сөөктөргө да салынган. Ошол жерден маңдай-тескей жигиттер менен кыздар кырк бир кадам катар кетенчиктешет. Биринчи кезек күйөө балага келет. Ал күн мурунтан ак таңдай акындар айтып берген, же өзү чыгарган ырды созуп, алдыга кадамдайт. Ал ырдын мазмуну: ушул жердин тоосунун коздугун, абасынын, суусунун тазалыгын, ташын, токоюн, жайлоосун, жакасын, айтор, эчтеке койбой баарын мактап-жактап ырдайт.

Ушундай жайда төрөлгөн, ушундай жерде көгөргөн перизаттын өзүнө жар болууга буюрулуп жатышына миң мертебе ыраазычылыгын билдирген. Тең кадамда келе жаткан кыз-күйөө баяндоско жетип токтошкон. Ошол жерден актык үчүн жүздөшүүгө, түбөлүккө жар болууга макулдугу бардыгы белгилүү болгон.

Бул үлпөткө катышуучулар өзүнүн сүйгөндөрү менен көрүшүүгө, сырдашууга, ак тилектерин айтышууга, шерттешүүгө жана оюнду жандантууга шарттары келе түшкөн.

«Тоюң тойго улансын, Той берген адам кубансын» деген саптары ушинтип, той боло берсин, той артынан той кетсин деген өңдүү каалоолорду ичине камтыган.

**Кыз белгиси тууралуу сүйүнчү.** Ошентип, үйлөнүү үлпөтүндө отуз күн ойнотуп, кырк күнү кыңшылатып, күндө таң-тамаша, оюн-зооктор болуп, акыры алар аяктап, кыз-күйөөнү өргөөгө жаткызуудан кийин күнүгө эртең менен эрте аңдууга алып жүргөн жеңелери алдыңкы ак шейшепти сыйрып жөнөшөт. Эгер колуктуда кыз белгиси болсо анын атасынан барып сүйүнчү алышат. Албетте, бул бир туугандары, бир ата-эненин балдары үчүн да жүзү жарык көрүнүп, ар-намысы, абийири болуп саналат. Эл-журт да алдыртан баамдашат. Эгер кыз белгиси жок көрүнсө, анда күйөө бала сынат. Эртелеп үйүнө, айылына аттанып кетет. Уятына чыдабай, алган калыңды кыздын ата-энеси кайтарып берет.

Турмуштун жолу ар кандай. А мүмкүн, күйөө бала аны анча этибарга албашы да тийиш. Анда өмүр сүрүүгө бел байлашат. Мындайда нике-тоюн өткөрбөй койсо да болот. Туюмда, жаратылышында кыз белгиси билинбеши да ыктымал. Негизи, бул турмушта сейрек кездешет. Кыз белгиси бузулбай жүрүп эле, бойго бүтүү учурлары да бар имиш.

**Келиндин келип түшүүсү.**

*«Бул дүйнөдө оордун оору — жокчулук,*
*Жеңилдин жеңили — мамиле,*
*Жакындын жакыны — жар болот».* (*Накыл*).

Адатта, кыз узатуу күүгүм-талаш болот. Түн катып келин келип, түшүү салты бар. Келиндин келе жатышы тууралуу айыл ичи кабардаш болуп турат. Нускалуу байбичелер баштап, босогодон аттаганда келин үйдөгүлөргө жүгүнөт. Нандан, боорсоктон, татымалдан, куруттан чачыла чачат. Оозуна май салат. Майлуу, сүттүү болууга ырым кылат. Келинге карата алкоо сөздөр, ак баталар негизинен мындай айтылат:

«Тилегиңди берсин»,
«Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын»,
«Жабылуу кара инген бол».
«Кайын журтуңа ыманың ысык болсун»,
«Көшөгөң көгөрсүн»,
«Алганың менен тең кары». Бул өңдүү сөздөрдү байбичелер,

карыялар, кайын эне, кайын ата, кирди-чыктылар жана башкалар айтат. Ак жоолукту кайын энеси салат, анан кайын сиңдилери менен көшөгөдө каадалуу олтурат.

**Келин көрүү.** Бул — өзүнчө салтанат. «Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» (макал). Көргөнү келгендерге жаш келин эшилдеп жүгүнүп турат. Кээ бир аймактарда келин көрүүчүлөр ага бирдеме ыроолойт. (Сөйкө тагат, шакек берет, билерик салат ж. б.) Тескерисинче, айрым жерлерде ата-энелеринин кызга камдаган зер асемдери ылайыгына карата таркатылат

**Куш боо бек болсун.** Бул — алган жарың аттуу-баштуу болсун, муну менен түбөлүк өмүр сүргүнүң... сымал түшүнүктү берет. Адатта, куттуктоонун түпкү мааниси алгыр, куштарга барып такалат. Т. а. жапайы кушту кармап келүү менен аны үндөктөгөн. Ал кайра учуп кетпегендей, ээсин имерчиктеп жүргүдөй, түлөккө отуруп, таптоого көнгүдөй, анан таптап, уузуна салгандай колуктуну — зайыпты да таптаган куштардай ардактоо сезимин туюнтат.

Ар бир адам үйлөнүүдө ошондой жакшы тилектерди алдына коёт. «Аялды башынан үйрөтүү керек, баланы жашынан үйрөтүү керек» — деген. Куштардын кара мүртөзү болот. Ал үндөккө кирбей, ээсин эчен алакетке түшүрөт. Чалпоо, ичи тар, ит кыял чыганаак аялдар да ошондой болот. Мында куштардын мүнөздөрү аркылуу аял затынын мүнөздөрү берилет.

**Келин тою.** Бул — бүлө алган тараптын айлынан, элден-журттан бата алуусу, кыз тоюнун уландысы. Тою өткөнчө, колукту көшөгөдө болот. Кайын сиңдилери жанында шыңаарлап отурушат. (Нике кыюу, өкүл ата шайлоо ошондо бир болот.) Келин көрүү, көрүндүк берүү, жар-жар айтышуулар, эл шайырлары мында да эл кумарын бир жазышат.

Азыр үйлөнүү тою келин тоюна өтүп кеткени баамдалат. Жакын кудалар чоң той берүүдө бири-биринин ички мүмкүнчүлүктөрүнө карашат. (Той каражаттарын тең чыгарган учурлары да бар.) Келин тою ак бата алуу менен аяктайт.

**Чачыла (чачыла чачуу).** Бул — тойлордо (үйлөнүү тоюнда), өлүк узатууда ак тилектен жана аягы майлуусүттүү болсун өңдүү максатта көпчүлүккө татымал (момпосуй, кант, мейиз, өрүк, жаңгак, жийде, мисте...) аралашкан боорсокту ооз тийгизүү. Чачыланы (албетте, боорсоктон башкасын) эшик-төрдү биринчи аттоочу келиндин башынан ылдый чачып да жиберет. Аны балдар, келин-кесектер, кыз-кыркындар жакшылыктын белгиси катары

Бул үлпөткө катышуучулар өзүнүн сүйгөндөрү менен көрүшүүгө, сырдашууга, ак тилектерин айтышууга, шерттешүүгө жана оюнду жандантууга шарттары келе түшкөн.

«Тоюң тойго улансын, Той берген адам кубансын» деген саптары ушинтип, той боло берсин, той артынан той кетсин деген өңдүү каалоолорду ичине камтыган.

**Кыз белгиси тууралуу сүйүнчү.** Ошентип, үйлөнүү үлпөтүндө отуз күн ойнотуп, кырк күнү кыңшылатып, күндө таң-тамаша, оюн-зооктор болуп, акыры алар аяктап, кыз-күйөөнү өргөөгө жаткызуудан кийин күнүгө эртең менен эрте аңдууга алып жүргөн жеңелери алдыңкы ак шейшепти сыйрып жөнөшөт. Эгер колуктуда кыз белгиси болсо анын атасынан барып сүйүнчү алышат. Албетте, бул бир туугандары, бир ата-эненин балдары үчүн да жүзү жарык көрүнүп, ар-намысы, абийири болуп саналат. Эл-журт да алдыртан баамдашат. Эгер кыз белгиси жок көрүнсө, анда күйөө бала сынат. Эртелеп үйүнө, айылына аттанып кетет. Уятына чыдабай, алган калыңды кыздын ата-энеси кайтарып берет.

Турмуштун жолу ар кандай. А мүмкүн, күйөө бала аны анча этибарга албашы да тийиш. Анда өмүр сүрүүгө бел байлашат. Мындайда нике-тоюн өткөрбөй койсо да болот. Туюмда, жаратылышында кыз белгиси билинбеши да ыктымал. Негизи, бул турмушта сейрек кездешет. Кыз белгиси бузулбай жүрүп эле, бойго бүтүү учурлары да бар имиш.

**Келиндин келип түшүүсү.**

*«Бул дүйнөдө оордун оору — жокчулук,*
*Жеңилдин жеңили — мамиле,*
*Жакындын жакыны — жар болот».* *(Накыл).*

Адатта, кыз узатуу күүгүм-талаш болот. Түн катып келин келип, түшүү салты бар. Келиндин келе жатышы тууралуу айыл ичи кабардаш болуп турат. Нускалуу байбичелер баштап, босогодон аттаганда келин үйдөгүлөргө жүгүнөт. Нандан, боорсоктон, татымалдан, куруттан чачыла чачат. Оозуна май салат. Майлуу, сүттүү болууга ырым кылат. Келинге карата алкоо сөздөр, ак баталар негизинен мындай айтылат:

«Тилегиңди берсин»,
«Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын»,
«Жабылуу кара инген бол».
«Кайын журтуңа ыманың ысык болсун»,
«Көшөгөң көгөрсүн»,
«Алганың менен тең кары». Бул өңдүү сөздөрдү байбичелер,

карыялар, кайын эне, кайын ата, кирди-чыктылар жана башкалар айтат. Ак жоолукту кайын энеси салат, анан кайын сиңдилери менен көшөгөдө каадалуу олтурат.

**Келин көрүү.** Бул — өзүнчө салтанат. «Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» (макал). Көргөнү келгендерге жаш келин эпилдеп жүгүнүп турат. Кээ бир аймактарда келин көрүүчүлөр ага бирдеме ыроолойт. (Сөйкө тагат, шакек берет, билерик салат ж. б.) Тескерисинче, айрым жерлерде ата-энелеринин кызга камдаган зер асемдери ылайыгына карата таркатылат

**Куш боо бек болсун.** Бул — алган жарың аттуу-баштуу болсун, муну менен түбөлүк өмүр сүргүнүң... сымал түшүнүктү берет. Адатта, куттуктоонун түпкү мааниси алгыр куштарга барып такалат. Т. а. жапайы кушту кармап келүү менен аны үндөктөгөн. Ал кайра учуп кетпегендей, ээсин имерчиктеп жүргүдөй, түлөккө отуруп, таптоого көнгүдөй, анан таптап, уузуна салгандай колуктуну — зайыпты да таптаган куштардай ардактоо сезимин туюнтат.

Ар бир адам үйлөнүүдө ошондой жакшы тилектерди алдына коёт. «Аялды башынан үйрөтүү керек, баланы жашынан үйрөтүү керек» — деген. Куштардын кара мүртөзү болот. Ал үндөккө кирбей, ээсин эчен алакетке түшүрөт. Чалпоо, ичи тар, ит кыял чыганаак аялдар да ошондой болот. Мында куштардын мүнөздөрү аркылуу аял затынын мүнөздөрү берилет.

**Келин тою.** Бул — бүлө алган тараптын айлынан, элден-журттан бата алуусу, кыз тоюнун уландысы. Тою өткөнчө, колукту көшөгөдө болот. Кайын сиңдилери жанында шынаарлап отурушат. (Нике кыюу, өкүл ата шайлоо ошондо бир болот.) Келин көрүү, көрүндүк берүү, жар-жар айтышуулар, эл шайырлары мында да эл кумарын бир жазышат.

Азыр үйлөнүү тою келин тоюна өтүп кеткени баамдалат. Жакын кудалар чоң той берүүдө бири-биринин ички мүмкүнчүлүктөрүнө карашат. (Той каражаттарын тең чыгарган учурлары да бар.) Келин тою ак бата алуу менен аяктайт.

**Чачыла (чачыла чачуу).** Бул — тойлордо (үйлөнүү тоюнда), өлүк узатууда ак тилектен жана аягы майлуусуттүү болсун өңдүү максатта көпчүлүккө татымал (момпосуй, кант, мейиз, өрүк, жаңгак, жийде, мисте...) аралашкан боорсокту ооз тийгизүү. Чачыланы (албетте, боорсоктон башкасын) эшик-төрдү биринчи аттоочу келиндин башынан ылдый чачып да жиберет. Аны балдар, келинкесектер, кыз-кыркындар жакшылыктын белгиси катары

талаша терип жешет. Ар бир аймакта чачыла чачууда айырмачылыктары, бөтөнчөлүктөрү болушу ыктымал (Кээ жерлерде тыйын чачып келген. Бул ырым-жырым кийин чыккан түрү бар).

**Жар-жар айтуу.** Бул — үйлөнүү тоюндагы жаштардын шайыр-шаңдуу ыры, т. а. тойдун гимни. Жар-жар айтуу — жар көрүү. «Бүгүн күйөө той берет, Жар көрөбүз (колукту көрөбүз) жар-жар, ай». Демек, жигит-кыздар жалпы ырдап, үйлөнүү тоюнун шаанисин чыгаруусу. Мунун кийинки мыкты үлгүлөрүнүн бири катары Алыкул Осмоновдун «Жар-жар ай» ырын мисалга алсак болот.

Жигиттер: *Баркыттан кийген балдар ай,*
*Башайы көйнөк кыздар ай.*
*Эртең күйөө той берет,*
*Жар көрөлү —*
*Жар, жар ай.*

Кыздар: *Күйөө берсе той берер.*
*Биз бербейбиз кыздар ай,*
*Күйөөнүн жөнүн сурабай,*
*Кыз бербейбиз —*
*Жар, жар ай.*

Жигиттер: *Ат үстүнөн баратып,*
*Тыйын эңет кыздар ай,*
*Оодарышса он эрди*
*Жалгыз жеңет —*
*Жар, жар ай.*

Кыздар: *Андай өнөр кимде жок.*
*Эмгегин айт, балдар ай,*
*Оодармактан оодарсын*
*Өнөрү кимге*
*Жар, жар ай.*

Жигиттер: *Баланы айтсак ушундай,*
*Кызыңар кандай, кыздар ай.*
*Сүрөө салып көрөлү*
*Айткылачы*
*Жар, жар ай.*

Кыздар: *Кеп жүйөсүн билбейсиң,*
*Койкоңдогон, балдар ай.*
*Ушундай жигит жактырган*
*Жөн кыз бекен*
*Жар, жар ай.*

Акыйкатта, минтип жар-жар айтуу кыргыз чөлкөмүндө калып баратат. Мындай шартта кыз-күйөө улуттук кийимдерди да кийишпейт. Бул — элдик маданиятты, өзүнөзү жерүүчүлүк. Казактарда гимн катары ырдалууда. Так-тап айтканда, муну тасмага жазып алышып, үлпөт учурунда ырдатып турушат. Той андан соң башталат. Албетте, бул асемдүү салтты барктоо жана пайдалануубуз зарыл.

**Нике кыюу.** Бул — шарияттын жолу менен жаңы үйлөнгөндөрдү (мейли жашына карабай) бири-бири менен түбөлүккө табыштыруу күбөдүрлүгү. («Күбө, күбө күбөдүр, күбөлүккө жүрөдүр»). Адатта, молдо чай кесеге сууну алып, өз ичинен ага дуба түшүрөт. (Ал кандай дубалайт, ал жазылган жок). Молдо баш кошкондордун ортосундагы күбөгө өтүүсү аркылуу алардын бири-бири менен баш кошууга макулдугу бардыгын суратат. «Туттуңбу?» — деп айттырат. Эри абалы «туттум» дейт. Анан колуктусу, аялы, зайыбы «туттум» дейт. Бир аз жашоо-тиричиликтин ар кандай жолдору тууралуу акыл-насаат сөздөр айтылат да, дубаланган сууну аларга ууртатат. Албетте, субай-салтаң барып, мекемесине кирип, никелешүү каттоосунан өтүп келүүгө караганда ак дилде жашоо үчүн мусулманча нике кыйдыруу, тунук суу ууртатуу ант алганга барабар. Ушул жолубузду улообуз зарыл.

**Каада-салт ырлары** — үйлөнүү үлпөтүндө, үй-бүлөчүлүктө ырдалаар ырлар бар. Аларга:

1. Тойду баштоодогу жар көрүштүрүү, жар-жар айтуу, колуктунун бетин ачуу, отко киргизүү, бешик ыры кирет.
2. Үрп-адат ырлары бар. Буларга: жарамазан, ырымжырым (эм-дом), бата-каргыш, алкоо, нооруз, шырылдаң... айтуубуз кирет.
3. Жоктоо ырлары бар: кошок, угузуу, керез, көңүл айтуу өңдүүлөр буга далил. Ат үстүндө аш-тойлордо жар чакыруу, саламдашуу, коштошуу сыяктуу алым сабак ырлары дубанда угулат.

*Алтын айдар чок белбоо,*
*Алмамбет достум ала жат,*
*Колоттогу карагат,*
*Кол кармашып кеткенге,*
*Кокуй күн, Алман, ала жат.*

(Манастын Алмамбетти жоктоосу).

*Долоно саптуу Ай балта,*
*Толгондурбай ким аштайт.*
*Тосок келсе, Кытайдан,*

*Береги толкуп жаткан журтумду,*
*Тополоң кылбай ким баштайт».*

(Манасты Кошойдун жоктоосу).

Салттуу саламдашуу ырларында ал-жайды суроо ырасмиси болгон.

*«Урааның ким, дайның ким?*
*Уругуң ким, айлың ким?*
*Тукумуң ким, дайның ким?*
*Балам, туура чыккан айлың ким?*
*Балам, киндигиң кескен жериң ким?*
*Балам, өнүп өскөн элиң ким?»* (*«Семетей»*).

**Очок күтүү,** бул — түтүн чыгарып, өзүнчө түйшүк тартууга, күндөлүк жашоо-турмушка моюн сунуу. Очок үч-төрт түшүнүктү берет. 1. Очок — үй күтүү, ар бир кыргыз баласынын түтүн чыгараары, өзүнчө казан асаары, минээрге аты, жыярга жүгү, отураарга төрү, кирип-чыккандар эшигин көрүп, кызын алуу;

2-ден, очор-бачар болуу, ал үйдөн ак этек, алдын бала, артын мал басуу;

3-дөн, очок-казан асылуучу, тамак бышуучу орун;

4-дөн, ал коломто — анда тулга турат. Демек, коломтодо от жагылат, тулгага очоктой казан асылат. Бар болгон максаттуу тилек — «Очогуң куттуу болсун!», «Коломтоңдун оту өчпөсүн, оту өчпөгөн коломтого айлансын!». Ошол жайда ынтымактуу, ырыс-кешиктүү жашоо, бу жалган жана жарык дүйнөнүн өмүрүн, ырахатын көрүү.

Бирок, турмуштун жолу ар кандай... Бирде бетин, бирде аркасын көрсөтүүчү шартта очок тууралуу бүгүн ар кандай тагдырлар болуп жатат. «Очогуң бузулгур», «очогуң өчкүр» өңдүү каргыштарга байланыштуу көрүнүштөр көп кездешүүдө.

Эмне үчүн минтип нокто үзүлүп баратат? Ата-бабадан келе жаткан үй күтүү, түтүн чыгаруу, жар күтүү, бала күтүү, мал күтүү, жан күтүү асыл жагдайлар бузулду? Мунун мындай-тигиндей оңду-солду себептери бар. Ал адамзаттын жашоодогу эң маанилүү талаптары ташка чабылууда. Азыр жаштардын жүрүм-турумдары мурун болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Албетте, бул өсүшкө, өнүгүүгө жатпайт.

Себеп дегенде, 1-ден, мурунку каада-салттын, насилнарктын, жүрүм-турумдун элдик баа-баркы уюткулуу уңгусу, керегесү жактарынан кол жууду.

2-ден, үйлөнүүгө, андан ары ойдогудай турмуш курууга талапкер жаштарыбыз ой-тилектери жеңил ойлуулукка баш

бурду. Эки жаш көчөдөн, же коомдук оруңдардан таанышат. Сүйлөшүп, үйлөнүүгө шерттешип, бат эле баш кошуп алышат.

Очок күтүүнү, күндөлүк күйпүл турмушка моюн сунуууну, жашоо-тиричиликти эл катары өткөрүүнү кол жоолук катары көрүп-баалашат. Мындай ары-бери болуулар, түбү көңдөй сүйүүлөр, айылына ала качып баруулар, тополоң түшүп той берүүлөр, «ачуу басарлар», «чуу басарлар» ж. б. у.с. ыйык очок күтүүгө байланыштуу аракеттердин аягы келиндин бат эле басып кетүүлөрүнө барып такалууда. Мында биздин каада-салтыбызга жуучу түшүү, демек, «жакшы жерге жуучу барат, жаман жерге куучу барат» — деген ата-баба сөөлөтүбүз ара жолдо калууда. Андай болсо, азыркылардын «Кайын эне каршы чыкты», «Кайын журтум көңүлүмө толбой койду», «Күйөөм ичип кетти», «Башкага бурулуп кетти», «Төркүнүмө жоопко келбеди» — сымал кур дооматтар болбос беле?! Эки тарап алыс-жакынбы, бири-бирин билишсе, ич ара сырдаш жүрүшсө, балдарды баш коштуруу талаптары ата-энелер аркылуу бир максатта болушса, арийне, алардын сөз-обонунан чыккан жаштар кайда бармак?

Тилекке каршы, 3-дөн, келген жерине бир аз байырлап, эптеп туруп, өзүбүзчө оокат кылабыз — деп бөлүнүп кетип жатпайбы?! Мейли, өздөрүнчө жашап көрсүнчү? — деп, бечара ата-энелер энчисин берет, бөлүп коёт. Көпчүлүктүн түтүнү коюу чыкпай, очогу тамбай, баягы жеңил ойлуулук менен сүйүүсү жанбай, жаштар аразат калууда. Демек, дароо өзүнчө очок күтүп, турмуш арабасын айдап кетүү оңой-олтоң иш эмес.

Калктын каада-салтында ата-энелер уулдарын бир баштан үйлөнтөт. Ошол көшөгөсү көгөрүүчү жайды байырдайт, кайын журтунун тиричилик-жашоосуна аралашат. Кийинки уул үйлөнөт. Ошондон кийин ансыз деле аларды бөлүп чыгарат. Ата-эне ыраазычылыкта камсыз кылат. Ал өзүнчө салтанат катары болот. Үй көтөрүп берет. Мына ушул — очок күтүү. «Очогу кут болсун!» — деп элдер кирип-чыгат. Алар да бирдемелерди ыроолойт. Баталарын беришет. Так ушундай сапаттарыбыз тербигип-тепселип баратпайбы?.. Ата-энелер баарын үйлөнтөт, жайлантат, эң кенжесине ошол үйдүн түндүгү калат. Ата-энени багуу, үй-мүлккө, мал-башка эгедер болуу жоопкерчилиги ошого жүктөлөт. Бул элдик дөөлөттөрдүн мерчемдүүсү болуп саналат.

**Күйөө-баланын отко кириши.** Бул кайын журту үйлөнгөндөн соң күйөө балага эшик-төрүн көрсөтүүсү. Кайын ата, кайын ага өңдүүлөр атайын ардактап чакырып алуусу.

Мында күйөө бала күйөө жолдошу менен барат. Күйөө балага биринчи кайын атасынын эшик-төрүн көрүүсү сүрдүү сезилет. Андыктан ал адептүүлүктү, өзүнүн ызаатын сактайт. Отко киргизүүдө ар кимдин сыйы билинет. Ат мингизеби, тон кийгизеби, жорго токуйбу, бардардыкка барып такалат. Отко киргизүү — күйөө бала мындан ары тартынбай катышып туруусу. От ыйык, демек, эшик-төрдү көрүү оттун символикасын билдирет. Күйөө баланын отко киргизүүдө кызы кошо барат. Ал да сый көрөт. Кийит кият. Күйөө жолдоштун да жакасын агартат, күйөө бала күйөөлөп барганда, анын урматына карата оюн-шоок, шаан-шөкөттөр да болот.

«Күйөө карыса, жээн болот» (макал). Ал да бала-бакыралуу болот. Анда анча деле кысынып-кыйналбай калат.

**Кыз-келиндин асем жасалгасы.** Бул — зергер буюмдарынын жалпы бир бүтүмү. Ага: желбиреөч, сөйкө (сырга), билерик, шакек, бойтумар, чач учтук (күбөк, чолпу), чачкап, чач кеп, ат жабдыктары, ала бакан, жагдан өңдүүлөр кирет. Кыз турмушка аттанаарда кара далы чачын жандырып, эки өрүм кылат да, учуна чолпу тагат. Шөкүлөсүн кийгизет. Зер жасалгаларын келин болгондо да пайдалана алат. Тактап айтканда, аш-тойлордо, шаан-шөкөттүү маарекелерде, көчкөндө, айттарда, куда-сөөктөргө барууда, тосууда ж. б. уруйтуктуу учурда салынып чыгуу шарттуу көрүнүш болгон. Ал өздүк буюм катары сакталат. Кийин кыз-кыркындарына, небере-чөбөрөлөрүнө таберик (эстелик, нуска, үлгү, керээз) катары сакталып калган.

## КУДА-СӨӨК КҮТҮҮ САЛТЫ

**Куда-сөөк тосуу.** *«Эки жакшы жайлоого чыкса,*
*Кудалашып түшөт,*
*Эки жаман жайлоого чыкса,*
*Кубалашып түшөт».* *(Макал).*

Куда — баш кошушкан кыз-жигиттин төркүн жана агатууган тарабынан жалпы атоолору. Куда-сөөк күтүү — кыз-жигиттин ата-энелеринин жана тууган-уруктарынын, жакшы санаалаштарынын, дос-тамырларынын ич ара илик алуусу, кадыр-барк тутуусу, сый-сыпаттарга ээ болуусу. Экинчи мааниси — бир тарабынан эшик-төрүн көрүүсү, куда-сөөк каада-салт боюнча алардын бири-бирин коноктоп, кийит кийгизүүсү, мал жетелетүүсү, ырым-жырымдарды өткөрүүсү.

Куда күткөндөн кийин куда тосуу шаан-шөкөтү башталат. Мунун мындай түрлөрү бар:

Биринчиси, ачуу басарга келген кудаларды кутуусу, тосуусу. Албетте, бул салт кийин чыккан, мында сүйлөшүп жүргөндөр, кээде сүйлөшпөй эле кызды зорлоп, колу-буттарын карыштыра кармап, оозун басып, ыйлап-сыктаганына, сүйлөшкөн жигитинин бардыгына карабай капыстан «сүйүп калып», күчкө салуу жолу.

Экинчиси, убадалары бүтүшкөндөн соң жигит жак алдыртан билип, «ала качып келе бер» — деген ишаарат менен келип алуусу. Алар даярдык көрүп коюшат. Мында кыз кайда кеткенин ата-энелерине кабардар кылат. Куучу (көбүнчө ага-жеңесин) жиберет. Ал барат. Аларга келин алган тарап кулдук урат. Конок кылат. Жолдугун жасайт. «Арадан сүйлөшүп келдиң беле?», «Айтып кетпейсиңби?», «Энең-атаң көчүгүн ташка койгулап отурат», «Бул эмне кылганың», «Кызыбызга сүйлөшкөн жерибиз бар» ушул сымал опурулуу-жапыруулар болот. Акыры жоошуп, коногу болот. Кийитин киет, акча берсе ылам дебей алат. Куучулар жолуна түшөт. Негизи, мында жасалмалуулук, кара өзгөйлүк бар.

Үчүнчүсү, кудалашуу аркылуу кыз чыгарууда, келин алууда, анын үлпөтү, албетте, бөтөнчөрөөк даярдалат. Куда тосууда дасторкон даярдалат, кой, тай союу парктуу болуп, жайында кымыз көрөңгөлөнөт. Кышында бозо кордолот. Тилекке каршы, көпчүлүк жерлерде куда тосуунун бир күчүн жалаң ичкиликтен чыгарышат.

**Мурунку куда тосуу каадасы.**

Куда-сөөк күтүү салтынын элдик эрежелери азыркы аны өткөрүү аземинен таптакыр бөлөкчө болоор эле. Кудалашкан эки жак өздөрүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, бирин-бири тосуучу мезгилди чектөөчү. Адатта, жайлоодо, чөп бышып, мал жуук семирген, кымыз күчүнө кирген, кызгылт тартып, көрөңгүлөтүүгө шарттешкан чакта куда-сөөк тосушкан. Мында келип-кетүүчүлөр жай ыракатын көрүүгө, т. а. көбүргөндүү көк конушта боз үй, ак өргөө, тартылган желе, ыңкып жаткан теребел, төштө жылкы, короодо кой-эчки, кермеде уй, күмүш түстүү өзөн, тоо баштарындагы ак булут чалган асман ошол кудаларга ысык маанай алып келген. Куда тосууга кошуна-колоңдор жалпы даярдык көрүшкөн. Алар да кымыздарын көрөңгөлөтүп, жакындары, ылым санаштары кудаларды түштөндүргөн.

Түштөнүү — 1-ирээтте кудалар түшкөн күндүн эртеси, адатта, түш ченде козу союп, кудалар тобун чакырып, сый тамак берүүсү. 2-ден, күндүз коноктorго казан асуусу. Төрт-беш адам келип түшүп калса да, үй козу-кой жандык

соёт, же даяр этти салуусу. Бул жыл мезгилин тандабайт, көбүнчө ак жайда, козу-улак бышкан маалда, же кышта согум айында арбын болгон.

Адатта, кудалар түш оой келип түшөт. Аларды тосуу үчүн шымаланган жигиттер алдын-ала алдынан тосо чыгышат, окчун жерден аттан түшүрөт. Үйдү жөөлөй келүүчүдөй келип, аттан алуу, нарктуу-салттуу көрүнүш эмес.

Куда тосуунун эң атактуусу — келин алган тараптын калың алып келүүсү. «Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт»,— дейт кыргыздар.

Калың —кыз алуучунун нарктуу малы, азыркы шартты эске алганда, айдатуучу малы менен кошо акчасы. «Башатынын жалына ак кебез байлап, жылкы баштап жетелеп, мал айдап келүүсү.

Ошентип, аттар кермеде же сарпооз байланат, кудалар жайланат.

Кудаларга арналып даярдалган сый дасторкон жайылат. Кайнап турган самоор келет. Дасторкон үстүндө боорсок, татымал, момпосуй, каймак, май салынат. Бышыкчылыктуу жерлерде мөмө-жемиштер төгүлөт. Меймандар жапырт дасторконго карашат. Бул «чайлануу» деп айтылат. Алар куда-сөөк даамын такаат кылбай, ичип-жешет. Чайга бата тиленет. Дасторкон жыйылат. Меймандар буттарын созот. Мына ушундан кийин келген кудалар тоскон кудаларга келүү жайын айтат.

Жай айтуу — калыңга алып келгендерин өткөрүү. Аз-көппү дебөө, «барга назар, жокко кайыл болуу». Сөз чордону эки жаштын ынтымак-ырыста болушуна барып такалат. Эстүү кудалардын жөн-жайы башкараак көрүнөт. «Алып алтоо болбойт, берип бешөө болбойт» өңдүү сөз төркүнү салттуу-нарктуу тарапка өтөт. Айрым куда-сөөктөр кадимкидей доолашат, калыңды бычып, өздөрүнүн дөөлөтүнө, байлыгына чирене кеп козгошот. Мындай сөздөр ооздорунан чыгат: «Кызыбыздын түшкөн жери оор, Майлыбайдын кызынча жокпу? Төө баштаган тогуз менен келди, түбарын өзүнчө жайып келип түштү. Жеңкетайы, жылкычылыгы аз. Аркан тосорубуз ушубу? Бул кудабыздын өрүшү малга, өндүрү үйгөтолгон деп угуучу элек». Жана башка ушул өңдүү наараэылыктар айтылган. Аны айрымдар ичтен шыкактап да айттыра турган. Акыры анын баасы айыл ичиндеги акылдуу адамдар аркылуу бычылып калган. Жүйөөлүү сөздөр кудалардын моюнуна түшөт. Калыңдын үстүнө калың кошуп берүүлөр да болгон. Кээ кездери болоор-болбос наараэылыктардын арты кызың чыгартып алуу менен бүткөн.

Бата тиленип, чайлануу дасторкону жыйылаары менен, меймандарга чети кетилбеген чыныда кымыз сунулат. Мейман адамдар сынчы-тамырчы келет. Чайды, суусунду шорулдатпай куюу, чайды чамасыз, кымызды үрпүн чыгарбай куюу, чыныны колду карап, илберилки сунуу, мейманды тик карабоо, далысын салып, арты аркылуу кирди-чыкты, суюктукту төгүп алуу, идишти шарактатып колдон түшүрүп жиберүү, улуулардын сөзүн тозоттоо, маңызсыз сөз сүйлөө, дайыны жок ыржаңдоо, улуулардын көзүнчө бирибирине тийишүү өңдүү белгилер мейман күтүү адебинин касиетин учуруп коёт.

Кудага союлуучу мал дайын турат. Адатта, чай дасторкону жыйылаары менен малга бата тиленет.

Кудаларды сыйлоочу дасторкондо айыл аксакалдары, кадырлуу адамдар, куда-сөөктүн куда тосууга чакырылган куданын куда-сөөктөрү кошо отурушу да шарттуу келет. Улуулар, сөз билгилер, санжырачылар отурган жерде сөз айтуу кандай өнөр болсо, сөз тыңдоо, сөзгө конок берүү — кулак төшөө ошончолук өнөр катары бааланат. Куйма кулак бал тилдүү адамдар андай жерде өзү келет. Кастарлап ат токуп, чакырып алышат. Куйма кулак чечен адам — бул айткан ширин сөздөрүн угуучуларга ошол бойдон кабыл алдыруу, отургандардын кулагына бир сөзүн калтырбай, жадыбалдай жат куюп коюусу. Кутмандуу кыргыз калкында андай таланттуулар көп чыккан. «Меймандар бакубат отурсун» — деп, атайын эл шайырлары чакырылган. Ошол куда күткөн конушта улуттук таң-тамашалар да өткөрүлүп, эки куданын баасы-баачасы артылып, айлана шаң-шарапатка бөлөнөт. Куда тосуу, куда күтүү, куда жөнөтүү айыл үстүнүн тою жана таң-тамашасы болуп саналат.

Кымыз ичишип, кызыктуу аңгеме сандыгын ачкан, кеп куржунун чечкен куда төрүндө кечки тамак ичилген. Т. а. багылан козунун, койдун же тайдын эти желген. Желип бүткөн соң суусундукка көбүнчө чай ордуна кымыз, кышында бозо ичилген. Ушундан улам:

1-ден, куда тосуунун, аны коноктоонун элдик мүнөзү пайда болгон.

2-ден, куда дасторконунда элдик тамак-аштар (боорсок, токоч, каймак, май, татымал, кымыз, бозо, нарын жана жер-жемиштер) нукуралыкты көрсөткөн. Айыл ичине той болот, бала-бакыралардын оозу майланат. Эт жешет, сорпосун ичишет, устукандарын үйлөрүнө ала кетишет.

3-дөн, «тамак бар жерде дымак бар» делип, дасторкондун күчү менен ич ара ынтымак-ырыс ширелише түшкөн.

Отургандар куда дасторконун сыйлап, буруу-тери сөздөр айтылуучу эмес.

Адатта, эртең менен жүз чайылары менен тамакка кайра отуруу чайлануу болот.

Түшкү тамак — акыркы табак тартуу. «Кел демек бар, кет демек жок» — дегендей, мейман сапары карыйт, коноктор күчүнөн тайыйт. Аларга кийит кийгизилет. Илгери кийит ордуна мал жетелетип, буюмдар ыроолонгон. Ал эми кыздын себин алып келүүдөгү ырым-жырымдарда конок күтүү асеми ушундай сый-урматты аркалоо менен катар жүк жыюу (жыйган женесине ырым), жүк көрүү (ага көрүндүк), женкетай, жылкычылык, аркан тосмой, дасторконго ырым ж. б. өндүүлөр тамаша ирээтинде ата-бабадан берки салт-нарк катары шарттуу түрдө дооланат.

Мында да сөзсүз кийит берилет. Мал жетеленет. Эненин «сүт акысы» үчүн өзүнчө кара (жылкы, уй) ж. б. айтылат. Кудалар аттанаары менен бурулбастан шарт жөнөп кетүүлөрү салттуу болуп саналат.

**Азыркы куда тосуу каадасы.** Мейман тосуу, кудага баруу, куданы кабыл алуу аземи азыр ченебей өзгөрүлүп баратат. Алсак, куда күтүүдө эки милдети: ачуу басар, чуу басары бар. Бүгүн үйлөнүүгө сүйлөшүп жүргөн жаштар өзүнүн ошол болочок жарын «ала качты» кылып үйүнө алып барууда. Бул кол менен (ата-энелери сүйлөшүп, ичтен макулдашып, салтын жасап, аткаруу) берүүгө караганда ыры да, чыры да арбын болууда. Келин келээри менен, уулдун ата-энелери карбаластап калышат. Ачуу басар, бул — адатта, келин алган тараптан үч-төрт адамдын кыздын төркүнүнө дароо барып, акча, кой, арак менен жай айтышы. Келген келиндин колунан «Мен өз каалоом менен келдим, баргандарды жакшылап узаткыла» — деген тилкат ала баргандардын эшиктөрүн кулдук уруп көрүүсү, кудаларды кабыл алуусу менен эки жашка каалоо-тилектер кабаттай айтылуусу. Жаңы куданын ага-туугандары менен таанышуусу. Ар бири өз алдынча тост айтышат. Тамак желет, арак суудай агат, эки тарап эки жаштын урматына мас болушат. Жаңы куда баргандарга кийит кийгизет. Ошол тарапта булар, минтип, алакүү тартып тойлоп жаткан чакта келиндин ага-жеңеси, жерге-жээги куучу катары барат. Тигил тарапта ич ара тост көтөрүшүп отурган болот. Аларга да мал союлат, кийит коюлат.

Куучу баруу — ачуу басарга баруу, акыйкатта — бул обу жоктук, салттан сырткары адат. Анын пайда болушуна

арак-шарап, бардарлык бирден-бир себепкер. «Ачуу басарлардын» жана «куучулардын» өз айылына оолжуп, өтө мас, адатта тили булдурактап, оозу көбүктөнүп келип түшүүлөрү кудалардын өтө мыкты кабыл алгандыгын, мыкты куда-сөөк күткөндүгүн билдирет. Дасторкон үстүндө тамак, арак даяр турат. Даамга бата кылынып, нан ооз тиери менен чыны чай, стакан арак бир келет. Кудада жайында кымыз көрөңгөлөнөт, кышында, күзүндө бозо кордолот. Бирок, ага көп көңүл бурулбайт. Чынында, аш-тойлорго салыштырганда кудага баруудагы ичкилик ичүүлөр эстен кетпейт. Эшиктен келип ага-жеңеси, таякеси, бөлөсү, жээни, кошунасы, айыл аксакалы болуп олтуруп, биринчи түнү 30 курдай тост көтөрүшөт. Мында меймандардын, албетте, көп ичкени бар, аз ичкени бар, арак ичпеген бозо, кымыз ичкендер да чыгат. Негизи арак ичирүү парз. Түн оой эт келет, ушундай темпте отурган меймандар таңкы уйкуну самайт, кыйшайып куш уйкудан кийин эле кайра ойгонушат. Баш жазуу жүз чайуудан мурун болот. Эртең мененки отуруш кызуу улантылат. Мындайда төтөн зайыптар, анан каруу-күчү толуп турган жигиттер түтөт. Адатта, үч жигит кудада бир жашик арактын ичип коюшуптур — деген чындык бар. Туура, тамак күчтүү болсо ичип коёбуз,— дешет.

Абалы эки-үч курдай таза арактан куюп, анан самопалга өтүү бар. Ооба, куданын деле, аш-тойдун деле нашаасын бизде ургаачылар чыгарып жүрүшөт. Алар ырдашат, бийлешет. Өтө шайырлана отурушат. Өзүлөрү айткандай «тартып жиберишет», «бир тамчысын калтырбай» шыкап коюшат. Ошондо ачык эле: «Түндүк Кыргызстандын аялдарында арман жок, булар олтуруушту нашаасына келтирет» — дейбиз.

Акыйкатта, улуу-кичүүлөрдүн алдында өзүлөрүнүн аксакалдуулугуна доо кетиришет. Эч жерде, эч качан мурун болуп көрбөгөндөй көрүнүштөр бүгүн Чүйдө, Көлдө, Нарында, Таласта укмуштай болуп жатат.

Кудада акыркы табак аттанаар алдында тартылат. Ал эми ага аралаш «Аттануу алдында турасыздар?» — деп, кайрадан шыкай берүү башталат. Эми ылжып мас болуп калуу, айрымдар биреөлөргө тийишүү, ичкиликтин күүсү аркылуу өпкөлөө, өзүнчө ырдоо, бирдемелерди келжиреп отуруп алуу, өктөө сөздөрдү айтып калуу өндүүлөр болуп, айрым убактарда кудалардын сый-урматы ойдогудай болбой аяктайт.

Эт желип бүтөт. Кийит алып кирет. Кийгизгендер үчүн ар кимиси жолдугуна бирдеме таштайт. Аттанаар аяк,

адатта, эшикте, аттанаар жерде болот, узатуулардын акыры атка, машинеге мингизип, жүр нары узатып жиберүү, көздөн кайым кылуу менен аяктайт. Ал эми куданы тосуу, отуруштун шарты, дасторкону, кийити, эне сүтү сымал шарттары тууралуу ара жолдо, же айылга келгенде сөз жүрөт.

Азыркы куда-сөөктөрдүн бирине-бири мамиле кылуу шарттары жөнүндө эмне деген ой-пикирлерди айтаар элек:

Куда-сөөктөрдүн сыйы баарыдан алдыда турат. «Сөөктүн эң жаманы суу кечирет»,— дейт. Бүлөгө бүлө кошуп жатат. Алмончоктой баласын бирөөлөргө кармата берүүсү, аны бүлө кылып, андан бала көрүп, тукумун өстүрүүсү — келин алган тараптын ырысы. Кызынын жайлуу жерге барып, ак этек басып, орун-очок алып, отуруп калуусу — төркүн-төсүнүн бактысы. Ортодон жел өтпөгөн куда-сөөктөр бата жаңыртып, куда болуу, өтмө куда болуу, тактап айтканда чиеленип калуу жакшы жөрөлгө. Өтмө куда болуу — бирин-бири кадыркеч, асылкеч көрүү, албетте, мындай жагдайлар Кыргыз Атада болуп келген, болуп жатат, боло да бермекчи. Бирок, айрым убакта куда-сөөктөр душмандай мамиледе болушат. Себеп дегенде ич ара теңсинбөөчүлүк, кербезденип кетүүчүлүк бар. Мындай жорук сүйүшүп баш кошкон эки жаштын жашоодогу илебин суутуп коёт. Бири-бирин материалдык зыянга өзүлөру түртүп турат. Аёо сезимдери болбой, алдыртан сөөкчүлүккө доо кетирип алышат. Мында чыгымдын теңме-теңин ичкилик түзөт. Ал төгүлүп да, чачылып да, ичилип да, адамдын өмүрүнө сабын болууда, Кыргыз Атанын биринчи душманына айланып барууда.

**Баш аты** — кыздын калыңын берүүдөгү жетелеп баруучу жылкы. Камбар Ата тукуму. М. а. аттын жалына же көкүлүнө кебез байлап, ошол күнү ноктоосу менен атайын жетелеп барып, кудасынын мамысына байлоо. (Бээ береби, асый береби, бышты, аркалуу ат, жорго береби, ал куда-сөөктүн алына, шартына жараша болот. Буга эрөөн-төрөөн кылууга жарабайт. «Жалы болсо ат, жакасы болсо тон» — дейт).

Негизи башкы калыңы ат жетелеп бараткандан чыккан. А мүмкүн, кырдаалга жараша, жагдайына карата баш ат баштапкы түшүнүк. Ал башкалар менен да алмашышы ыктымал. Мисалы, кудасына төө жетелейби, өгүз айдап барабы, же акча-тыйын сунабы, мындан эрөөн-төрөөн чыкпайт. Ыраазы кылуу, ыраазы болуу — баарынан артык көрүнүш. Эки жаштын ынтымагы жеңет.

Баш аты, ошентип, куданын мамысына байланды. Баш аты — калыңдын ата башы. Эми муну кимге жетелетүү керек. Кыздын эже-жезделерине берүү мүнөздүү келет. Таяке-тайындарына да ылайыкташтырат. Баш аты кимдерге шартташа түшөөрү ошол кудаларды тосуу, аткаруу учурунда эле белгилүү болот. Анткени кошкон кошумчалар да эске алынат. «Таш койгон ташын алат, кыш койгон кышын алат»...

Мында ошол аттардын жалына же көкүлүнө ак кебез байланган. Муну бирөөнүк кызына куда түшүүдө да алдын-ала жетелеп барган. Бул ырымды атам замандан бери колдонгон кыргыздар ар нерсени кирсиз тазалыкка, жүрөктүн, пейилдин түздүгүнө жорушкан.

Үйүргө айгырды агытаарда да көкүлүнө кебез байлоо жакшылыктын болочок жышааны болуп саналган.

**Сеп (кыз себи)**. Бул — кыздын төркүнүнөн кайын журтуна барган буюм-кечелери. Элдик көркөм буюмдардын жалпы жыйнагы. Ага чеберчиликтин сырдуу учугу аркылуу бүткөн: шырдак, туш кийиз, шалча, ала кийиз, килем, асем нускалар (сөйкө, желбирөөч, күбөк, чолпу, чачкеп, чачкап, кептакыя, билерик, шакек, оймок, бойтумар, төөнөгүч ж. б.), ат жабдыктары, жууркан-төшөктөрү, кийим-кечелери өңдүүлөр кирген. Кыз-күйөөгө атайын көтөрүлгөн ак өргөө — кыз себинин ата башы. Демек, кыз тестиер чагынан тартып эне менен эженин, айылдаш чеберлердин нускоолорунун аркасында узчулуктун учугун саптап, узданууга максаттанган. Ошентип, өзүнө таандык себин өзү баса отуруп, аруу колдон даярдап чыккан.

Кыздын асем жасалгаларына, ат жабдыктарына усталар узанышкан. Ага атайын үй көтөрүп, көмүрүн өчүрүүгө, көрүгүн басууга, кужусун күйгүзүүгө адам шайланган. Устанын узануу акысы күн мурунтан бычылган. Өрмөк согууда, килем токууда, шырдак шырууда, кийиз уютууда, чий чырмоодо, кийим-кечектерин бычып-тигүүдө биргелешип уздануунун салттары болгон. Албетте, аларды үй ээси мыктылап күтүнүп алган. Бул элдик өнөрдүн жагымдуу жагдайлары кийинкиге дейре Ошто, Жалал-Абадда, Тажикстандын Жерге-Тал, Мургаб, Ооган, афган кыргыздарына азыр да үймө-үй өнүгүп келүүдө. Мында азыр тестиер кыздар өзү өрмөк согуунун, килем токуунун, сайма саюунун, курак куроонун, шырдак шыруунун, түймө түйүүнүн, чий чырмоонун түйшүктөрүнө адистешкен. Албетте, андай аракеттер менен сеп даярдоо аркылуу узчулуктун мектеби түзүлгөн.

**Аркан тосуу**. Бул — кыз себин алып, кудага баргандагы

рөөлөр иш кылдырса, же биреөлөр аркылуу иш бүтүрсө, ортодон чыккан акча-тыйын, кийим-кече, мал-сал, кездеме ж. б. ортодон өндүрүп алган нерселер.

**Куда-сөөк** — деп эгиз айтылат. Булар бир маанини берет. «Сөөк» деп айтуунун сыры терең. Себеп дегенде, кыз берген жана кыз алган тарапта бул жарык-жалган дүйнөдөн көчкөндө маркумду ак кепиндеп аруу жууда сөөгүнө, кудасына карматат. Адатта, жууда ага-туугандары, жакындары сөөктү кармабайт. Куда-сөөк маркумга аянбайт. Кыргыздын шартында мал жетелеп келет, сөөк жуугандарга адими кийим-кечектери ыйгарылат. «Куданын жаманы суу кечирет», «Дос айрылат, сөөк кайрылат», «Сөөктүн жаманы болбойт», «Куда болгуча ал жайыңды сураш, куда болгондон кийин кулда болсо сыйлаш» — деген асыл акылнасааттар айтылып келүүдө.

**Кийим-кечекти барктоо.** «Адам көркү — чүпүрөк, жыгач көркү — жапырак» (макал).

Кыргыздардын улуттук маданияты боз үй тигүүдөн, кийим кийүүдөн, атты жасалгалап минүүдөн билинет. Жаш өзгөчөлүктөрүнө карата кынаптала кийим бычып тигүүдө («Бычмачылардын кадырын тикмечи арттырат» (макал) уздан уз тандалган. Муну «иштүү» деп да аташкан. Улуулардын көзү өткөнү, жаштардын модага түшкөнү элдик кийимдер унутта калууда. Мындай өкүнүчтүү абал тууралуу авардын атактуу акыны Расул Гамзатов мындай дейт:

«Ушул тапта, улуттук кийимди бир гана ыр-бий ансамблинин артисттери кийип калды. Эскиче кийинген адамды көрсөк, тойдон көрөбүз. Айрым учурда кимдир бирөө дагестандыктарча кийингиси келсе, досторунан, тааныштарынан сурайт, болбосо прокаттан алат. Өзүнүкү небактан жок. Иши кылып, улуттук кийим жоголуп баратат. Бирок, кеп башкада — улуттук форма кээ бир акындардын ырларында да жоголуп баратат. Алар болсо ошонусуна сыймыктанып жүрүшөт.

Мен деле европалыктарча кийинем, мен деле атамдын кементайы менен жүргөн жерим жок. Бирок, ырларыма адрес — аты жок кийим кийгизүү капарыма да кире элек. Мен ырларымдын өзүбүздүн дагестандык улуттук формада болуусун көздөйм». (Расул Гамзатов — «Менин Дагестаным», «Ата журт» гезити 22—30 январь, 1997-ж.).

Кийим-кечекти барктоо: 1-ден, аны аздектеп кийип жүрүү; 2-ден, карыя-байбичелердин, наристелердин кийимдерин тепсебөө; 3-дөн, кийимиңди, төтөн, баш кийимиңди бирөөлөргө кийгизбөө; кандай гана кийим болбосун, өйдө

алып коюу аркылуу элдик салт, абийир, адеп жүзүнө чыгат. 4-дөн, мыкты үлгүлөрдү, улуулардын белеги, таберик катары сактообуз зарыл. 5-ден, элдик кийим-кечектерди салттуу көрүнүш катары жалпы ата уулдары, эне перзенттери колго алуулары, кийүүлөрү, даңазалоо иштерин жүргүзүүлөрү керек.

## КЫРГЫЗДАРДЫН АЯЛ АЛУУ ЖӨРӨЛГӨСҮ

Ар бир үй-бүлө — чакан мамлекет. Анткени, анын кириш-чыгышы, алыш-бериши, өзүнчө таалим-тарбиясы, экономикасы, өз алдынча үй-бүлөлүк мыйзам ченеми болот. Ынтымак, байкерчилик сапаттары сакталат.

*«Көп билбес кесир аялдан,*
*Келте ооруган дарт жакшы.*
*«Келе» — деп барсаң зарылып.*
*Бере койгон март жакшы».* (*Тилекмат чечен*).

Мисалы, ар бир эркектин үйлөнүүсү колукту тандоодон башталат. Ал, албетте, «Теңтеңи менен, тезек кабы менен» — дегендей, этикалык, социалдык жана тууганчык кырдаалдарга байланышат. Илгери кыргыздар абалы өз улутунан, анан түрк элдеринен, мусулмандардан үйлөнүүгө назар таштаган. Мында да колукту тандоонун өзүнчө өзгөчөлүктөрү билинет. Тилинин, дининин, аймактык жакындыктары эске алынган. Ошондо кыргыздар үчүн казактарга, өзбектерге, уйгурларга, түркмөндөргө, түрктөргө үйлөнүүгө ылаажы болгон. Мындан сырткары, кавказ элдеринин дили, тили, дини, бар жагдайлары да боордоштук сезимдерди пайда кылган. Ал эми Каныкей энебиздин тажик кызы болушу (Кан Манаска нике кыйылгандыктан Каныкей аталышы) динибиздин жана дилибиздин биримдиги болуп саналат. Акун хандын кызы Айчүрөктүн да башка улуттан келип, Семетейге жар болушу — элибиздин этникалык шарты. Арийне, бул шартты бузуу, башка дини каапырлардан колукту алуу урук, уруу, элдик намыска өтө катуу тийген. Ар кандай иштерге жигиттер малынып калса, эл-жерин таштап, башка тарапка ооп кетүүгө, же жашырынып жүрүшкө аргасыз болушкан. Элде да аны «Үйдөгү бар бала, талаадагы кор бала» катары көрүшкөн. Кыргыздардын тарыхында баамдалат. Ал эми 25 жаштарга дейре кыздын күйөөгө чыкпай калыштын да жекече сапаттары бар.

**Жеңе-зайып алуу** же **кайнагасына баш байлоо** кыргыздардын салттуу жөрөлгөлөрү болгон. Илгери төрөп-тү-

шүп турган аялдын эри өлсө, анын ашы-жыты берилгенден кийин төркүндөрү кызынын келечеги тууралуу ойлонгон. Айрымдар «кызыбыздын башын ачып бергиле?» — дегенге дейре барышкан. Адатта, маркумдун балдарынын башка жерде чоңоюшу, анын тентиген атка конушу кыргыздар үчүн чоң намыс болгон. Ошондуктан, ички шартка карата көбүнчө кайнисине, кээде кайнагасына баш байлоо кылган. Андан бала көрүп, тигил балдар менен бирге өсүп, бир тууғандык сезимдери артылган... «Анын жеңе зайыбы», «жеңе зайыптан төрөлгөн», «келин зайыбы», «келин зайыптан төрөлгөн» балдар бири-бирин уялашпыз деп айтуу мына ошондон калган. «Аталаштан алтоо болгуча (атасы бир, энеси башка) энелештен экөө болсун» — дешет.

Колуктунун сулуу болушуна ар бир жигит ынтызар дечи. Адатта, кыргыздар «ак жуумалдын сулуусу», «кара торунун сулуусу», «кызыл торунун сулуусу», «ак саргылдын сулуусу» деп бөлүшөт. Ушул өңдөрдүн кайсынысы дебейли, жалпысынан алганда калтардай кара чачы төгүлүп туруусу, тал чыбыктай бели денесине шайкештеши да эске алынат. Албетте, бул үйлөнүүнүн негизги деңгээлине жата бербейт. Акыл-ою, ички дүйнөсү, жашоо-турмушка кылган мамилеси, көз карашы, көңүл ыргактары, адамкерчилиги, ата-энелеринин алымдуу жагдайлары өңдүүлөр абалы эске келет.

Кийин колукту тандоонун жол-жосундары, каада-салттары кескин өзгөрүлдү. Этникалык, социалдык жагдайлары бузулду.

Ал — турулуу чындык. Бул да өз учурундагы бир агым катары каралат. Ал эми казак-кыргыздардын жеринен төшүндө малы бирге, төшөгүндө жары бирге болуп келгени — эрөөн-төрөөнсүз көрүнүш. Ага мисалдар толуп жатат.

Этникалык шарттар аябай өзгөрүлдү. Мындан кийин орус, еврей, армян, якут, немец, украин, белорус ж. б. элдердин кыздарына баш кошуу — өзүнчө доор. Мунун цивилизацияга умтулуу, тил-дил үйрөнүү, саясатка коошуу, интернационалдык дух өңдүү себептери бар. Туура, мурун бирин-серин оруска үйлөндү десек, кийин мындайлар ондогон санга жетти. Элге дайын Министрлер Советинин төрагасы болгон Болот Мамбетовдун, премьер-министр Апаз Жумагуловдун, Борбордук Комитеттин катчысы болгон Бейшенбай Мураталиевдин, финансы министри болгон Рыскелди Алиевдин, академик Болот Юнусалиевдин ж. б. зайыптары «тили буруулар» болушкан. Ошолордон бала-бакыра күтүп, эркөнү өсүп, элдин ишине

жараган уул-кыздары чыкты. Бул аркылуу этникалык шарттары айкалышууда. Салыштырмалуу алганда, «тили буруларга» үйлөнүү түрк элдеринин ичинен кыргыз-казакта арбын экенин маалыматсыз эле билүүгө болот.

Этникалык шарттарда үйлөнүүгө караганда социалдык шарттар кыйын, анчалык орунда эмес. Чоңдун балдарынын ичи ара үйлөнүү сөөлөттөрү, албетте, башкаларга сезилет. Алардын чөйрөлөрүнүн үйлөнүү тойлору, жаштарга белекбечкек берүүлөрү, ич ара мамиле жасоолору, ой-пикири жактарынан өзгөчөлүк көрүнүштөрүнө эгедер.

Бул байдын, болуш, бийдин атадан келе жаткан элди тескөө мурастык бөтөнчөлүктөрүнө караганда кандайдыр түбөлүгү түз эмес көрүнүштөй сезилип турат. «Ал кызматтан түшүп калыптыр», «Мансапкордуктан кетти» өңдүү кептин артында «Кайын журтуңдун чоңдугуна ишенбе, эки жаштын түбөлүктүү ынтымагына ишен» сымал чындык туюлат. Арийне, «күнүмдүк өмүрүңдүн түштүгүнө жорго мин» — дегендей, эчен шылуундар «катын албай, кайын ал» болуп, ойлогон оюна, тилеген максаттарына жетет. Ич ара кожодой колдоолор болушат. Бул да — далилсиз чындык.

Жигиттер колукту тандоодогу эң негизги ыңгай — окуя жүрүшүп, сүйүшүү, сырдашуу, бирин-бири жактыруу. Окуудагы ылам саноо аркылуу үйлөнүү. Классташтык, курсташтык жүрүм-турум, боордоштук сезим үйлөнүүгө шарт түзөт. Ата-энелердин жактырууларына караганда өзүнүн «сүйлөшүп жүрүшүп», «бирге окушуп», сыяктуу жагдайдын басымдуу болушу. Т. а. кийинки чактары кеңеш берүүдөн качыңкы тартып, ата-энелердин: «Тим кой, токанаалатына калбайлы, өзүлөрү билсин» — деп, үйлөнүүчү, эрге чыгуучу уул-кыздарын өз жайына коюшу. Азыркы жаштардын «сүйүп тийгем», «сүйбөй тийгем», «сүйүп алгам», «сүйбөй алгам» деп кесе айтып салуулары бар. Анан эраялдын тең укуктуулугу үй-бүлөлүүлүккө көп жактарынан оң-тескери таасир-таалимдерин берет.

Колуктуну кайдан алат, кантип үйлөнүшөт, ата-энелерге, ага-туугандарга ыманы кандай көпчүлүк жаштардын аны менен иши болбойт. Жаштар аны өзүлөрү билишет. Кайын ата, кайын эне жакпай калса, келини бөлүнүп жашоого, «Мейли, өз оокаттарын кылып кетсе экен!» — деген ге ата-энелер ак эткенден так этишет.

Ошондуктан, кыргызда генофонд анча сакталбай баратат. Бүгүн ата-энелердин тагдырын ойлоочу муундар кыргыздардын жарымын түзө албайт.

Мурун айткандай, туугандык парз менен үйлөнүү ка-

шүп турган аялдын эри өлсө, анын ашы-жыты берилгенден кийин төркүндөрү кызынын келечеги тууралуу ойлонгон. Айрымдар «кызыбыздын башын ачып бергиле?» — дегенге дейре барышкан. Адатта, маркумдун балдарынын башка жерде чоңоюшу, анын тентиген атка конушу кыргыздар үчүн чоң намыс болгон. Ошондуктан, ички шартка карата көбүнчө кайнисине, кээде кайнагасына баш байлоо кылган. Андан бала көрүп, тигил балдар менен бирге өсүп, бир туугандык сезимдери артылган... «Анын жеңе зайыбы», «жеңе зайыптан төрөлгөн», «келин зайыбы», «келин зайыптан төрөлгөн» балдар бири-бирин уялашпыз деп айтуу мына ошондон калган. «Аталаштан алтоо болгуча (атасы бир, энеси башка) энелештен экөө болсун» — дешет.

Колуктунун сулуу болушуна ар бир жигит ынтызар дечи. Адатта, кыргыздар «ак жуумалдын сулуусу», «кара торунун сулуусу», «кызыл торунун сулуусу», «ак саргылдын сулуусу» деп бөлүшөт. Ушул өңдөрдүн кайсынысы дебейли, жалпысынан алганда калтардай кара чачы төгүлүп туруусу, тал чыбыктай бели деңесине шайкештеши да эске алынат. Албетте, бул үйлөнүүнүн негизги деңгээлине жата бербейт. Акыл-оюу, ички дүйнөсү, жашоо-турмушка кылган мамилеси, көз карашы, көңүл ыргактары, адамкерчилиги, ата-энелеринин алымдуу жагдайлары өңдүүлөр абалы эске келет.

Кийин колукту тандоонун жол-жосундары, каада-салттары кескин өзгөрүлдү. Этникалык, социалдык жагдайлары бузулду.

Ал — турулуу чындык. Бул да өз учурундагы бир агым катары каралат. Ал эми казак-кыргыздардын жеринен төшүндө малы бирге, төшөгүндө жары бирге болуп келгени — эрөөн-төрөөнсүз көрүнүш. Ага мисалдар толуп жатат.

Этникалык шарттар аябай өзгөрүлдү. Мындан кийин орус, еврей, армян, якут, немец, украин, белорус ж. б. элдердин кыздарына баш кошуу — өзүнчө доор. Мунун цивилизацияга умтулуу, тил-дил үйрөнүү, саясатка коошуу, интернационалдык дух өңдүү себептери бар. Туура, мурун бирин-серин оруска үйлөндү десек, кийин мындайлар ондогон санга жетти. Элге дайын Министрлер Советинин төрагасы болгон Болот Мамбетовдун, премьер-министр Апаз Жумагуловдун, Борбордук Комитеттин катчысы болгон Бейшенбай Мураталиевдин, финансы министри болгон Рыскелди Алиевдин, академик Болот Юнусалиевдин ж. б. зайыптары «тили буруулар» болушкан. Ошолордон бала-бакыра күтүп, өркөнү өсүп, элдин ишине

жараган уул-кыздары чыкты. Бул аркылуу этникалык шарттары айкалышууда. Салыштырмалуу алганда, «тили бурууларга» үйлөнүү түрк элдеринин ичинен кыргыз-казакта арбын экенин маалыматсыз эле билүүгө болот.

Этникалык шарттарда үйлөнүүгө караганда социалдык шарттар кыйын, анчалык орунда эмес. Чоңдун балдарынын ичи ара үйлөнүү сөөлөттөрү, албетте, башкаларга сезилет. Алардын чөйрөлөрүнүн үйлөнүү тойлору, жаштарга белек-бечкек берүүлөрү, ич ара мамиле жасоолору, ой-пикири жактарынан өзгөчөлүк көрүнүштөрүнө эгедер.

Бул байдын, болуш, бийдин атадан келе жаткан элди тескөө мурастык бөтөнчөлүктөрүнө караганда кандайдыр түбөлүгү түз эмес көрүнүштөй сезилип турат. «Ал кызматтан түшүп калыптыр», «Мансапкордуктан кетти» өңдүү кептин артында «Кайын журтуңдун чоңдугуна ишенбе, эки жаштын түбөлүктүү ынтымагына ишен» сымал чындык туюлат. Арийне, «күнүмдүк өмүрүндүн түштүгүнө жорго мин» — дегендей, эчен шылуундар «катын албай, кайын ал» болуп, ойлогон оюна, тилеген максаттарына жетет. Ич ара кожодой колдоолор болушат. Бул да — далилсиз чындык.

Жигиттер колукту тандоодогу эң негизги ыңгай — окуя жүрүшүп, сүйүшүү, сырдашуу, бирин-бири жактыруу. Окуудагы ылам саноо аркылуу үйлөнүү. Классташтык, курсташтык жүрүм-турум, боордоштук сезим үйлөнүүгө шарт түзөт. Ата-энелердин жактырууларына караганда өзүнүн «сүйлөшүп жүрүшүп», «бирге окушуп», сыяктуу жагдайдын басымдуу болушу. Т. а. кийинки чактары кеңеш берүүдөн качыңкы тартып, ата-энелердин: «Тим кой, токанаалатына калбайлы, өзүлөрү билсин» — деп, үйлөнүүчү, эрге чыгуучу уул-кыздарын өз жайына коюшу. Азыркы жаштардын «сүйүп тийгем», «сүйбөй тийгем», «сүйүп алгам», «сүйбөй алгам» деп кесе айтып салуулары бар. Анак эр-аялдын тең укуктуулугу үй-бүлөлүүлүккө көп жактарынан оң-тескери таасир-таалимдерин берет.

Колуктуну кайдан алат, кантип үйлөнүшөт, ата-энелерге, ага-туугандарга ыманы кандай көпчүлүк жаштардын аны менен иши болбойт. Жаштар аны өзүлөрү билишет. Кайын ата, кайын эне жакпай калса, келини бөлүнүп жашоого, «Мейли, өз ооkаттарын кылып кетсе экен!» — дегенге ата-энелер ак эткенден так этишет.

Ошондуктан, кыргызда генофонд анча сакталбай бар-тат. Бүгүн ата-энелердин тагдырын ойлоочу муундар кыргыздардын жарымын түзө албайт.

Мурун айткандай, туугандык парз менен үйлөнүү ка-

лып баратат. Жуучу жиберуу, жеңе-зайыпты алуу, жеңелери аркылуу кыргыздын түпкү кыз оюндарын уюштуруу менен кыз-жигиттер таанышуу ж. б. у. с. шарттуу мүмкүнчүлүктөр тыптыйпыл жоюлууда.

**Токол алуу.** *«Тоо токой болоор,*
*Токол байбиче болоор,*
*Тегиз жерден тегирмен чуркаар,*
*Тексиз жерден бий чыгаар».* *(Калыгул).*

Токол — зайыптын үстүнө алынган зайып. Байбиче аялэрдин биринчи аялы. Токол алуу эзелтен салттуу көрүнүш болуп эсептелет. Бул — Нук пайгамбарлардан келе жаткан шарт. («Пайгамбар кылган иш экен» — макал). Мунун да ички себептери бар:

1-ден, байбиче-зайып өз каалоосу аркылуу жубайына токол алып берүү мүмкүнчүлүгү болгон. Мында ал өзүнүн алдан-күчтөн тайгандыгын, эркек менен бирге жатууга, интимдик катыштан ж. б. калгандыгын билдирет. Ыраазылыгын берет.

2-ден, байбичеден балалуу болбосо (канча жылдан бери анын согончогу канабаса), эр бүлө баланын үнүн укпаса, токол алуу — аял алуу (б. а. төшөк жаңыртууга) туура келген. Мында да байбиче зайыптын ыраазылыгы берилет. «Туяксыз өтпө»,— дейт.

3-дөн, байбиче аялы жөнсүз чыкса, алды-койдуну анча аңдабаса, жолдош-жоролордун ичинде кеп-сөзгө калып, башка ургаачылардын алдында сынып турса, кээде эркектик кылып, бирөөлөргө азгырылып, аны чанса, салбар кылса, албетте, токол алат. (Салбар катын — кеп-сөзгө кемтик катын.)

4-дөн, токол алуу байлыкка, бардардыкка да байланышкан. Мал багууда, мал саашта, кийиз басышта, өрмөк согушта, килем токушта, конок-аякты тейлеште, көчүп-конушта, үй тигиште, ички-сырткы иштерди тирдеште, аш-тойлорду өткөрүштө, демек, өз үй-бүлөчүлүктүн кызматы укмуштай зор келет.

5-ден, токол алуу мансапка, бийликке, ак сөөктүккө да шарттташат, бирөөлөр ошондой жерден куда-сөөк күткүсү келишет. Мыкты боло турган ургаачыларды мыкты жерге бергиси, эки тарап тең салмакта болгусу, тукумдарын жакшыртып калгысы, а айрым ургаачылар ошондой сөөлөттүү жайга баргысы келишет. Мисалы, Мухамбет пайгамбардын 12 никелүү аялы болгондугу андан сырткарылары да айтылат.

Токол — эр бүлөнүн кийинки зайыбы. А, бирок, алардын

өз-өз өргөөлөрү, кирип турган үйлөрү болгон. Баарына бирдей камкордуктар көрүлгөн. Эр кезектешип барып жатып турган. Төрөлгөн балдар бир атанын тукуму аталып, башкаларга ар-намыстарын жедирбеген. Өз чоң аталарынын ураанын чакырышкан.

«Үй пул болоор, кул бий болоор, күң байбиче болоор» (Калыгул). Күң — кунга сайылып келген ургаачы. Экөөнүн эгиз айтылышы — бирөөлөрдүн эшигинде кызмат кылуучу малайлар. Күң болуп келгенди үй ээси аялдыкка да алган. Ал берки аялдары менен «күндөш» деп аталат. «Байбичеден төрөлгөн балдар», «токолдон төрөлгөн балдар», «күндөштөн төрөлгөн балдар»... Арийне, ич ара айырмаланат. Анткени менен Кыргыз-казак жергесинин тукум-урук, уруулары мына ушундай жолдор аркылуу көбөйгөнү белгилүү...

**«Аталаштан алтоо болгуча, энелештен экөө болсун».** Мында: «кайсы аялынын балдары?» — деген суроо туулат. Ич ара биригүүлөр энелештерге карата болгон. Ар кандай жашоо-тиричиликтерди баштарынан кечирген кыргыздар аталарга бөлүнүп, андан өз-өзүнчө атасы биргелер иргелип чыккан. «Энеси бирге атка мин, атасы бирге аттан түш» — деп, конушта отуруубу, жайлоого чыгуубу, жоокерчиликке аттануубу, ураан талашуубу, олжо бөлүштүрүүбү, айтор, эмне болсо да энеге карата жымдашкан-ымдашкан. Ынтымак (ража) болгондо, ичтен бирдеме чыгарууда энелештер бири-бирине өтүмдүү болушкан.

Мисалы, Нарын районунда тынымсейит эли жашашат. Анын Токтогул, Жаманак деген эгиз баласы болот. Жаманактын балдары: Аян, Тотуя, Торгой, Сырымбет, Ырыс...— деп жикке бөлүнүп, энелеринин атын чакырышып, алар Оттукта, Эчки-Башыда, Миң-Булакта турушат.

**Жесирин алуу.** Жесир — бир атанын, кыз алышпаган туугандардын эринен ажыраган зайыбы. Адатта, эри өлгөн аял жыл маалына дейре кара кийип, эртели-кеч эрин жоктоп отурган. Ашы-жыты берилген соң, аялдын «ээги» (кара кийими) биротоло алынган. Эми ал жесирдин келечеги тууралуу маасылатташат. Шарт боюнча, ички мүмкүнчүлүгүнө карата ургаачы жакшыбы, жаманбы, анын балдары турганда башын ачып жиберүүчү эмес.

Бөлөк-бөтөн элге, таяке-тайындарында чоңойгон баланы «тентиген кул, сен жээнсиң, элиңди тап» сыяктуу кепкесөзгө калтырбаган. Бул жөнүндө улуу эпосто Манас өлгөндө Абыке, Көбөш Каныкейди жесирдикке алып, күнү-

лөштөрү Семетейди өлтүрмөк болгондо Каныкей кайын энеси Чыйырдыны кошо төркүнү Букарга качып барып, ал жакта эр Семетей 12 жашка дейре чоңоюп, акыры Тазмайматтан угуп, эли-жери Таласты таап келгени айтылат.

2-ден, баласы жок жакшы ургаачынын башын ачуучу эмес. Андан тукум алып калууну каалашкан. Ал эми жөнү жогураак аял болсо, башын ачып, энчисин бөлүп, төркүндөрүнө кошуп, аткарып жиберүүчү. Жесирди эң жакын кайниси же кайын агасы алган. Анын балдары беркн балдар менен бир чоңойгон. Боордоштук сезимдери артылган. Ата жагынан айырмалары анча болбогон. Аталык-энелик камкордуктар бирдей көрүлгөн. Жесирден төрөлгөн балдар беркилерге аталаш, ага-ининин балдары ич ара уялаш болуп эсептелет. Алар бир атанын ураанын чакырышкан.

1917-жылы Уруят чыкканы аял-эркектер тең укуктуулук мыйзамы жарыяланганы, минтип жесирин алуу басаңдап, бара-бара жоюлуп да кеткен. Натыйжада, андай зайыптар айыл ичине анча бата албай, шаардап кетүүлөрү, төркүнүн маанектөөлөрү көп болгон. Туугандар, ал балдар бири-бирин анча тааныша алышпай калган. Өкмөттүк мыйзамдардан улам үй-бүлөчүлүктөн кайнисинин, кайын агасынын жесирин алуудан, тигилерди балдары менен тең багышуудан айбыккан. Аял теңдиги буга жол бербеген.

«Кимдин дилине Кудай аялзатка тиешелүү карапайым жана кайрымдуулук тартуу кылбаган болсо, ал эң зыянкеч пенде» (Муканбет пайгамбардын осуяттарынан).

**Тизе жылытуу** (шейшеп жаңыртуу). Ата-бабалардан келе жаткан жосундарда аял алуунун ар кандай кырдаалдары болуп келген.

1. Дүр-дүнүйөсүнө, мал-жанына карата, кадыр-баркына, дөөлөтүнө-сөөлөтүнө чиренгендер арбын зайып күткөн. Алардын үй-тирилигинде аткара турган орду, милдеттери бар.

2. Аялы төрөбөсө (т. а. согончогу канабаса), эри балалуу болуусу тийиш. Албетте, ич ара ыраазычылыкта үстүнө зайып алууга (ал кийинки аялы же токолу деп айтылат) туура келет. Же тиги аялды төрөбөй калганын билип, туюп башкаларга берүүгө, а мүмкүн андан төрөөр деген үмүттө төркүндөрү башын ачып кетүүлөрү болгон. Арийне, бул жүйөлүү себепке жатат.

3. Байбиче зайыптын макулдугу аркылуу эрдин төшөк жаңыртуусу бар. Ал байбиче алдан-күчтөн тайган учуру болот. Бардык иштерди өзү жасай албай калат. Ар дайым жасап келген айрым иштерден тажап да бүтөт. Түтүнү башка келин-кесектерди бул үй-тиричиликке такай жум-

шай албайт дечи. Демек, байбиче токол жумшайт. «Күн жумшап жатат» деген түшүнүгү да бар.

4. «Тизе жылытуу» деген сөз мааниси — төшөк жаңыртуу. Карып бара жаткан чакта эркектердин тизеси муздайт имиш. Алган жаш зайып анын тизесин жылытат имиш. Бул — көп аял алган адамдын дагы бир шылтоосу, шыноосу.

**Өкүл ата күтүү.** Бул — никелешкен күнү жаңы үйлөнгөндөрдүн өкүлчүлүгү үчүн экинчи ата шайлоосу. Аны келиндин кайын журту өз билгендериндей, көңүлү жакындардан бирөөнү дайындап алат. Өкүл ата мыкты болсо, аны өз кызындай көрөт. Отко кийирет, кадимкидей төркүлөтөт. Ич ара чакырышып турат. Сепке келген адимн буюмдардын бирөө өкүл атага ыйгарылат. Жакшылык-жамандыктарга алды-берди жардам кылып турушат. «Өкүл атам өз атам, өлүп кетсин кайын атам» — дептир илгери бир келин. Албетте, мунун мааниси терең.

**Келинди отко кийирүү** — кыргыз ата-баба наркында алгылыктуу салттардын бири. Тактап айтканда, ага-туугандардын, эже-карындаштардын, жерге-жээктердин, айрым ымала санаалаштардын... жаңы келген келинге биринчи курдай эшик-төрүн, очок ордун, ашканасын, дасторконун көргөзүүсү. Ага дейре өз ызаатын кармап, ал үйгө келин баш бакпайт. Улуулар мындай жолду өтө шарттуу сакташкан. Отко кирүүчү келинди кайын энеси, же жеңеси, же абысындардын бири ырым-жырымдарын көтөрүп, башкача айтканда, куржун-кечелерин (кээде күйөөсү менен) алып, келинди жүгүндүрүп, киргизген. Өзүлөрү да кошо жүгүнүп... Үй ээси алкап, жарык маанайда тосуп, сый дасторконун жайган. Келин салт боюнча ал үйдүн төрүнө өтүп кетпей, эпчи тараптан орун алган. Чай куюп, ал үйдүн келини катары ийменип (кысынып, кымтыланып), өзүнүн адептүүлүгүн көрсөткөн. Тамак ичилет, бата тиленет, дасторкон жыйылат. Отко киргизген үй ээси келин балага каалоо-тилектерин айтат. «Мындан ары тартынбай келип-кетип тур»,— дейт. Ага атайын кой-козу, музоо, тай энчилеген. Арнап, идиш-аяк, кийит берген. Адептүү келиндер кирди-чыкты ал үйдүн да кызматын кылышып, өз бүлөсү катары сезилип калган.

Бул жаш жубайлардын ынтымактуу жашоо-тиричиликтерине, ага-туугандарга алынуусуларына, наркты, сыйды, адепти сактоого багыт берген. Келиндин баркын көтөргөн. Барган жеринин ынтымактуулугун билдирген. Отко кийирүү салты азыр да жашоодо. Ал солгун тартып бараткандай. Шарты барлар да отко кийирүүгө ылайыктуу келин-

кесектерди чакырып ала албай калышат. Аны келин да көкүрөккө түйүп, андайларды барк албай, ызааттап жүрзип, куштардаган сыйларын унутуп коюшат. Отко киргизүү — жакшы салт, келиндин ошол үйдөгү жарым ырысы, анын кадыр-баркына жетүү керек.

**Кайын эне менен келин.** Адатта, кыз баланы бирөөнүн бүлөсү дешет. Анткен менен ата-эне үчүн балдарынын баары бирдей. Бирөөнү ала, бирөөнү кула көрбөгөн ата-энелер кимден маңдай жараарын, кимисинен топурак буюрарын кайдан билет. Кыз бала бойго жетип болукшуп, болмуштун буйругу менен бирөөлөрдүн бүлөсүнө кошулат. Абалы эшик аттаары менен жоолукту кайын эне салат. Ак батасын берет. Сүйүнүчүнө чыдабай көз жашы да кылып жиберет. Жашоо-тиричиликтерин бирге улантат. Эми кыз бала келин болгону өз энесинин колунан кайын-энесинин үндөктөөсүнө, тескөөсүнө өтөт. Кеп ошо тескөөдөн, үндөктөөдөн, какыс-кукус кылуудан чыгат. Ага айрымдары чыдайт, кээ келиндер чыдай албайт. Кайын эне тескери деле эч нерсе айтпайт: «Эрте тур, төшөктү мындай сал, тигиндей сал, үйду мындай саа, отту андай жак, улууларга тигиндей мамиле жаса, жүгүн, үйгө алдың менен кир, артың менен чык, чайды мындай куй, чамасын төк, корулдатып ууртаба...» Айтор, төркүнүндө кичине адеп көрбөгөндөрдү үйрөткүсү, үндөктөөгө алгысы, акыл-кеңеш айткысы келет. Албетте, «азоо чалыштарга» мындай мамиле жаман угулат, каяша айта баштайт. Мурунун чүйүрөт. Улууларга тик карайт, ушундан улам сыйлагысы келбейт. Арийне, кайнеге бул көрүнүш бычактай тиет.

...Илгери кыргыздар жуучу, атайын сынакөй өкүлдөрдү жиберип, кыздын өңү-түсүн, отуруп-турушун, баскантурганын, кеп-сөзүн, кирди-чыктыларга мамилесин, чыны сунушун, атка отурушун, үй тигишин, жүк жыйышын, иш кылышын, малды тейлешин... Мына ушулар сыдыргыга салгандай сындан өтүүчү, көз таразасында туруучу.

Айыл отурушкандар кыздын суу алганын, мал сааганын көрүшчү. Бой жетип турган жигиттерге кыз тандоо аракети жүрүүчү. Мындайда баласына эстүү кыздарды алып берүүгө ата-эне өзүлөрү дилгир. «Андан балалуу болсок» дешчү. Ал тигиге акыл киргизет. өзүнүн абийирдүү жүрүмтурумдарын жугузат — дешчү. Ошондон мал-жанын аябай, куда түшүүчү. Андай максаттарга бала да имерилип, атаэнесинин обонунан чыгуучу эмес. Ошентип, алган келин сырдана, эки тарап шайкеш, өөдүк-сөөдүгү жок, жашоотурмуш шар кетүүчү.

Ал эми кыз жигит ич ара сүйлөшүп, кеп-сөзүн бышырып, жеңелери аркылуу ата-эне, ага-туугандарына билдирип, атайын күйөөлөп барып, той берип, айыл-апаны шаңга бөлөп, оюн-зоок өткөрүп, көпчүлүктүн кырында кызды жөнөткөн. Анда алкоо ырлары ырдалат, салттуу кошоктор кошулат... Ушинтип узатууга не жетсин! Мында кайнене менен келиндин ортосунда кыргый кабак болбойт.

Оо-оо, чейрек кылымдар мурун ушуга тете жакшы жөрөлгөлөр бар эле. Кудалардын күн мурунтан убадалашкан күнү келгенде келин алуучу тарап кечкурун бир койду өңөрүп, күйөө баланы кошуп, үч-төртөө кудасыныкына барып түшүүчү. Кой союлат, кошуна-колондор чакырылат. Эт желет, кымыз ичилет, сакалдуулар ак баталарын берет. Түн жамынып, кызды аткарчу. Кайнене менен келиндин бгыышып калышына бул жол чапкан.

Кайнене — билгендерге үйдүн куту. Кайнатага караганда бири-бирине тыгыз байланышкан. Андан келин акыл үйрөнгөн, жол-жоболорду билген. Анын үндөгү жаман тарапка бурбай, эми түбөлүктүү энеси болуп калат. Келиндер карылардын кагып-силкkенин эстерине албайт. «Мындай менин энем деле бар эмеспи. Карынын көңүлүн калтырбайлы» — деп башкаларга да өрнөк көрсөтүшөт. «Өзүбүз да кайнене болобуз...».

«Келиндин боюна бүтсө, кемпирдин моюнуна бүтөт». Келинди кайын эне төрөтөт. Кары адам сүйрөлүп жүрсө да, баарына кайыл, небересин багат. Баласынын баласы ага ого бетер ысык. Ата төрүндө тарбия көргөндөр тамактын алдын кайненесине ооз тийгизет. Бир жакка бараарда, бирдеме алаарда ага кеңешет. Өз убагында кир-когун жууп, кириитет. Шейшебин алмаштырат, төшөгүн калың салат, кемпирдин карт денеси ийийт. Ушинтип, ичтен чыккан уулунан артык көрөт.

Кичине «казан аяк кагышса», эне келинине жан тартып турат. Уулун алдыртан тескейт. Кайненеси бир жакка кетсе, келини коңултуктайт, жол карайт. Томпойтуп небересин жетелеп, байбиче аш-тойлордо жүрөт. Кайнене келинине ой-пикирлерин айтат. Керез калтырат. Кошок үйрөтүп коёт. Келин кайненесин жоктойт. Ага эл ыраазы болот.

Оюбузча, ички кагылыштар «ала качып» алынган келиндерде көбүрөөк болоорун баамдайбыз. Анан калса «ала качуу» — салтты бузгандык. Ал — кандайынан алганда да ойдо жок жорук. Жаштар сүйлөшүп жүрүшүп, убадалары бекип эле, анан «ала качып келди» болушат. Ачуу басары, кийин чоң чуу басаары бар. Айрым учурда колуна тийген кыздарды олжолоп, ала качып келишет. Тигинтип жү-

рүп, «ала качып» келүүдө бул өтө опурталдуу сезилүүдө. Анын тагдыры көбүнчө сот аркылуу чечилүүдө. Мына ушул жердс да кайнене катыш жасайт. Ага да жоолук салат. Чачыла чачат. Алкайт, сүйүнгөнүнө чыдабай ыйлап да жиберет. Кыраандын кара мүртөзү үндөккө кеч киргендей кыз беймаза кылат. Артынан кумсарып кууччулар келет. Атаэненин, ага-тууғандын ыйманын кырк кез кылат. Ушундай келиндер нап береби? Аста-секин өчөшүү пайда болот. Өздөрүнчө оокат кылгысы келет. Ага да ата-эне макул. Кайнене, кайната катышы болбой калат. Буга да макул. Тапкан-ташыгандары жетишпейт. Жардам берүүгө абышкакемпир жана макул, неберелерин карматпайт. «Аман болушсун, мейли» дешет. Үйүнө келишсе, сүйүнкүрөбөйт. «Мейли балдары аман болсун», «Кайнене өч чыгып...», «Жакшы эле жашоочу элек»,— дейт «шордуу» келин.

Эмнегедир илгери ата-эне эрге чыккан кыздарын да тескөөчү. Кыздын жүз ачып, чыгыштык кылып, төркүндөрүнө жылмаңдап келиши бир атаны, урукту уят кылуучу. Азыр «Мен сени ага кармап бердим беле, өзүң жылаңаяк качкансың, күйөө жакшы, энеси мокочобу? Келбе, оокатыңды жөндөп кыл» — дечүлөр аздай.

Кайненеде да бардыр... Канткен менен элибиз улууларын сыйлайт. Карыларга күнөө коюу — табиятыбызга жат. «Сен да карырсың, кемпир ээк болоорсуң, келин күткөндө билээрсиң»... Байбичелер башка эмне сөз айтмакчы!..

**Жүгүнүү — ызаттоонун чындыгы.** Кез айылга бара калганда эски сөздөр: «Тур балам, жүгүнүп кой, чай кой» — деп, жаш келиндерин айтканда ал бала эпилдеп жүгүнүп калса, ичиң абдан жылый түшүп: «Тилегиңди берсин!» — дейсиң. Жүгүнүп, салам берүүнүн сырларын өзүбүз да чала-моңол түшүнгөндүктөн бата берүүнүн ордуна: «Болуптур анда!» — деген күндөр да болгон. Ойлоп отурсак, адепыйманыбызды, жүрүш-турушубузду, кулк-мүнөзүбүздү адал сактаган ар бир пенденин жадында, жүрөк тушунда турган жадыбал тура!

Жүгүнүү — ийилип салам берүү, улууларга жаштардын ызааты, жаш келиндердин кайнагаларына, кайын аталарына, деле сакалдууларга кашкайып барып, кол бериш, колун бекем кысууга караганда эки колун боорунa алып, ийилип коюу — эмне деген сылыктык, назиктик! Ушинтип, адептүүлүктө салам айтып, жүгүнүүнү эл өзү шайлаган, кабыл алган. Эл ойлоп тапкан. Уяң, жаш колуктулар, келиндер үчүн ушунун өзү эле даана, так, төп жобо болуп, улам кийинкилерге өткөн.

Мурун үйдө келин-кесектер эрте туруучу. Мал-салды

ирээттеген, уюп сааган. Күл чыгарган, отун жаккан, суу алып келген. Анан кайын эне, кайын ата турганда жүгүнүп койгон.

Жүгүнүү — улуулардан ачкарын бата алуу. Улуулардын баталары өзүнчө керемет болгон. «Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Ак этек жайыл бол». Мына ушундай баталар «кызыралаким салам даарыгандай» туюлган. Келин келген жеринен орун-очок алып кала турган. Ошол үчүн «келин-кесектер кайын эне, кайын аталарын пир тутуп, бийик көрүп сыйласа, аларды кудай сыйлайт» — дейт карылар.

Дегиңкиси, ыймандуу ургаачыларда эмне айып! Жаңы бүлө, албетте, көпчүлүктүн көз кырында турган. «Келиниң кандай чыкты?» — деп абысындар сурашат, жакшы санаалаштар баамдашат. «Кудай буйуркулук кылсын, көз жарып берсе, ошолордун балдарын эрмек кылсак»... Карачы, карыларга жаккан келин жаманбы? Эси жоктору бар. Эми деле элин, жерин, урук-туугандарын, ата-энелерин, кепсөзгө калтырып жатышпайбы? «Ал силерге чай кайнатып бере алуучу түрү жок, алма сабагынан алыс түшпөйт. Энеси ким эле, энесин тартып, жел таман болгон окшобойбу!» «Каапырдын көзү жаман, жүгүнмөк турсун, кишини тик карайт».

«Оо-о, кокуй, азыркы келиндер жүгүнмөк кайда? Өзү кайын эне болоор, ошондо көрөр». Келген келинди эл өзүлөрү эле иргеп койгон. Азыр деле: «Ал да бирөөнүн баласы, бара-бара үйрөнүп кетээр. Экөө табышып калган соң, кантебиз. Болоору болду, чыдоо керек» — деген карылар бар. Албетте, алар да учуп келип конгон куш сыяктуу айрымдары жоошуйт, үндөккө келет, тапка кирет, ошол үйдүн шартына көнөт. Тепилдеп, улууларга жүгүнүп, кичүүлөрүн эркелетип, шайыр жаштарынын арасында болуп, турмуштук талаптарды өткөзөт. Кыраан түлөктө отургансып, ал келинди кудай жалгайт, ак этек басат. Барган жеринин уругун өстүрөт. «Айланайын, деле жүгүнгөнүнөн жазбайт. Кол бала да, башка чунак немелерге ырас болду...». Ушинтип бир айыл эл ала жалынып турушат.

Жүгүнүү — орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек басуу өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн маңдайын жаруусу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуусу. «Иши оңолоор үйдүн ити чөп жейт, иши чалыштаар үйдүн келини ууру кылат» — дейт эмеспи.

...Мындан бир топ жылдары илгери Жети-Өгүз чендерге барып калдык. Негизи «Тилекматтын эли экен» — «Мүйүздүү байбичеденбиз» — дешип, салтты-наркты жакшы эле

рүп, «ала качып» келүүдө бул өтө опурталдуу сезилүүдө. Анын тагдыры көбүнчө сот аркылуу чечилүүдө. Мына ушул жердс да кайнене катыш жасайт. Ага да жоолук салат. Чачыла чачат. Алкайт, сүйүнгөнүнө чыдабай ыйлап да жиберет. Кыраандын кара мүртөзү үндөккө кеч киргендей кыз беймаза кылат. Артынан кумсарып куучулар келет. Ата-эненин, ага-туугандын ыйманын кырк кез кылат. Ушундай келиндер нап берееби? Аста-секин өчөшүү пайда болот. Өздөрүнчө оокат кылгысы келет. Ага да ата-эне макул. Кайнене, кайната катышы болбой калат. Буга да макул. Тапкан-ташыгандары жетишпейт. Жардам берүүгө абышка-кемпир жана макул, неберелерин карматпайт. «Аман болушсун, мейли» дешет. Үйүнө келишсе, сүйүнкүрөбөйт. «Мейли балдары аман болсун», «Кайнене өч чыгып...», «Жакшы эле жашоочу элек»,— дейт «шордуу» келин.

Эмнегедир илгери ата-эне эрге чыккан кыздарын да тескөөчү. Кыздын жүз ачып, чыгыштык кылып, төркүндөрүнө жылмаңдап келиши бир атаны, урукту уят кылуучу. Азыр «Мен сени ага кармап бердим беле, өзүң жылаңаяк качкансың, күйөө жакшы, энеси мокочобу? Келбе, оокатыңды жөндөп кыл» — дечүлөр аздай.

Кайненеде да бардыр...\Канткен менен элибиз улууларын сыйлайт. Карыларга күнөө коюу — табиятыбызга жат. «Сен да карырсың, кемпир ээк болоорсуң, келин күткөндө билээрсиң»... Байбичелер башка эмне сөз айтмакчы!..

**Жүгүнүү — ызаттоонун чындыгы.** Кез айылга бара калганда эски сөздөр: «Тур балам, жүгүнүп кой, чай кой» — деп, жаш келиндерин айтканда ал бала эпилдеп жүгүнүп калса, ичиң абдан жылый түшүп: «Тилегинди берсин!» — дейсиң. Жүгүнүп, салам берүүнүн сырларын өзүбүз да чадейсиң. Жүгүнүп, салам берүүнүн сырларын өзүбүз да чала-моңол түшүнгөндүктөн бата берүүнүн ордуна: «Болупла-моңол түшүнгөндүктөн бата берүүнүн ордуна: «Болуптур анда!» — деген күндөр да болгон. Ойлоп отурсак, адептур анда!» — деген күндөр да болгон. Ойлоп отурсак, адепыйманыбызды, жүрүш-турушубузду, кулк-мүнөзүбүздү адал сактаган ар бир пенденин жадында, жүрөк тушунда турган жадыбал тура!

Жүгүнүү — ийилип салам берүү, улууларга жаштардын ызааты, жаш келиндердин кайнагаларына, кайын аталарына, деле сакалдууларга кашкайып барып, кол бериш, колун бекем кысууга караганда эки колун боорунa алып, ийилип коюу — эмне деген сылыктык, назиктик! Ушинтип, адептүүлүктө салам айтып, жүгүнүүнү эл өзү шайлаган, кабыл алган. Эл ойлоп тапкан. Уяң, жаш колуктулар, келиндер үчүн ушунун өзү эле даана, так, төп жобо болуп, улам кийинкилерге өткөн.

Мурун үйдө келин-кесектер эрте туруучу. Мал-салды

ирээттеген, уюп сааган. Күл чыгарган, отун жаккан, суу алып келген. Анан кайын эне, кайын ата турганда жүгүнүп койгон.

Жүгүнүү — улуулардан ачкарын бата алуу. Улуулардын баталары өзүнчө керемет болгон. «Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Ак этек жайыл бол». Мына ушундай баталар «кызыралаким салам даарыгандай» туюлган. Келин келген жеринен орун-очок алып кала турган. Ошол үчүн «келин-кесектер кайын эне, кайын аталарын пир тутуп, бийик көрүп сыйласа, аларды кудай сыйлайт» — дейт карылар.

Дегиңкиси, ыймандуу ургаачыларда эмне айып! Жаңы бүлө, албетте, көпчүлүктүн көз кырында турган. «Келиниң кандай чыкты?» — деп абысындар сурашат, жакшы санаалаштар баамдашат. «Кудай буйуркулук кылсын, көз жарып берсе, ошолордун балдарын эрмек кылсак»... Карачы, карыларга жаккан келин жаманбы? Эси жоктору бар. Эми деле элин, жерин, урук-туугандарын, ата-энелерин, кеп-сөзгө калтырып жатышпайбы? «Ал силерге чай кайнатып бере алуучу түрү жок, алма сабагынан алыс түшпөйт. Энеси ким эле, энесин тартып, жел таман болгон окшобойбу!» «Каапырдын көзү жаман, жүгүнмөк турсун, кишини тик карайт».

«Оо-о, кокуй, азыркы келиндер жүгүнмөк кайда? Өзү кайын эне болоор, ошондо көрөр». Келген келинди эл өзүлөрү эле иргеп койгон. Азыр деле: «Ал да бирөөнүн баласы, бара-бара үйрөнүп кетээр. Экөө табышып калган соң, кантебиз. Болоору болду, чыдоо керек» — деген карылар бар. Албетте, алар да учуп келип конгон куш сыяктуу айрымдары жоошуйт, үндөккө келет, тапка кирет, ошол үйдүн шартына көнөт. Тепилдеп, улууларга жүгүнүп, кичүүлөрүн эркелетип, шайыр жаштарынын арасында болуп, турмуштук талаптарды өткөзөт. Кыраан түлөктө отургансып, ал келинди кудай жалгайт, ак этек басат. Барган жеринин уругун өстүрөт. «Айланайын, деле жүгүнгөнүнөн жазбайт. Кол бала да, башка чунак немелерге ырас болду...». Ушинтип бир айыл эл ала жалынып турушат.

Жүгүнүү — орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек басуу өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн мандайын жаруусу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуусу. «Иши оңолоор үйдүн ити чөп жейт, иши чалыштаар үйдүн келини ууру кылат» — дейт эмеспи.

...Мындан бир топ жылдары илгери Жети-Өгүз чендерге барып калдык. Негизи «Тилекматтын эли экен» — «Мүйүздүү байбичеденбиз» — дешип, салтты-наркты жакшы эле

сакташат. Урмат-сыйды да жакшы жасашат. Чынында жүгүнүү салтын ошол тарап азыр жандуу улап келүүдө. Бала эмизип, тура албай отурган келин-кесектери да кирген байбичелерге шап тура албай калганда: «Апа, мен жүгүнүп жатам» — деп, ордунан козголо түшөт. Аягы тыйылып калган жүгүнүүнү мен ошол тараптан көрүп, аябай суктангам.

Илгерирээк келиндер: «Кокуй, кой, кайсы бетим менен акемдин көзүнчө ыстыкан көтөрөм» — дешчү. Жүгүнүп ыймандуулукту чексиз кармаган келиндер эми деле улуулардын көзүнчө мандайлаш отурбайт. Тик карабайт, үнүн көтөрүңкү чыгарбайт. Тамакты адептүү сунат. Мына ушулар жүгүнүүнүн, ызаттоонун чыныгы белгилери болуп саналат.

Эркектер да улууларына эки колун бооруна алып, ийилип салам айтуусу — ошол жүгүнүүнүн бир түрү. Мындай ызаат Ош, Жалал-Абад тарапта мыкты жолго коюлган.

Эмне үчүн касиеттүү калкыбыз жүгүнүүнү ойлоп чыгарган: Арийне, улуулардын жолу, алган орду башка. Жаштар андай жерде болбоолору зарыл. Жүгүнүп, аларды урматтоону жандырбай, табынан тайдырбай, мындан ары түбөлүккө мураска айланышына биз тилектешпиз.

**Ат тергөө.** Бул — ата-бабабыздан берки адепти, ыймандуу тутуунун бир асыл түрү. Мында да улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы, салты ченебей сакталган. Небереси менен тең неме «Кошой Коңгарбаевич» — деп отурса, биз биякта туруп эле коомайлана түшөбүз.

Азыр колдон келсе «евич», «евна» деген кошумча ярлыктарды таштап эле Турсунаалы уулу Нурлан, Эсенаалы кызы Айгүл, Кубат келини Зарыл, Жумагазы небереси Махабат — деп айтканыбыз ондой-берди сезилет.

Илгери ат тергөөдө «акем», «мерген акем», «молдо акем», «аттескери акем», «капканчы акем», «бүркүтчү акем», «койчу акем»... «уул», «жылкычы уул», «ырчы уул», «тегирменчи уул», экинчиден, тигилердин кесибин баяндоосу жатат. «Апакай апам», «Умай энем», «Койчумандын апасы», «Турсунайдын атасы», «Уланбектин энеси», «Баатыр атам», «депутат кайним»... Мунун артында жылуу сөздөр бар. Аларды урматтоо, алар аркылуу, албетте, сыймыктануу жагдайлар да бар.

Чыны, ат тергөөнү динге да байланыштырып келген элек. Туура, «абысындар аңдышкан жоо» — деп да коюшат. Анткени менен эр-бүлөлөрдүн таасири, эзелтен келе жаткан эркектик касиеттери аркылуу тууган-уруктардын ургаачылары бир ооздо, бир пикирде болушуп, аттарын тергешкен. Абийирдин жалпы жазмышын сакташкан. Ошентсе

да, пендечиликтин узун-кыска чектери, жолдон тая түшкөн чактары болбой койбойт эмеспи...

Ат тергөөдө да ошого мүнөздүү жерин, сырткы кебетелерин куп, ошол «талуу жерин» таап койгон учуру да болгон. Кой оозунан чөп ала албаган адамдарды «жоош аке», сырты даалдап, ичинде кири жокторду «калдырак аке», шуртулдап жүргөндөрдү «суу жукпас аке», узун бойлууларды «куркут аке»... «көк чаар акем», «жыртак акем», «чоң акем».

Биздин айталы дегенибиз, 1-ден, азыр жаштарыбыз уяттуу адамдардын теке маңдайына кашкайып отуруп алып, анын атын да, атасынын атын да таптак айтып отурса, муну уккан улууларга өтө олдоксон. 2-ден, жашы да, жолу да улуу бир тууган кайнилерин жеңеси тергеп койбой атынан чакырса, ал андан бетер копол угулат. Бир-эки көйнөктү мурун жырткан немелерди чолок акылында үстөмөндөп айтышат. Адептүүлөрү аны аяп турушат. «Балам, өз абийириң, бир чети ызаат жолу, кичик болсо да, жашы улуу уялаш жакын кайниң аттууну атынан чакырба» — деп, байкуш кайнене, кайын жеңе тарбия-таалим бергиси эле келип турат. Замандын киргил шарданына карата ага келиндери моюн сунбайт. Төркүнүнүн төрүндө түзүк нарктуулукту, салттуулукту көрбөгөн немелер мындайда ашынып да кетет эмеспи. «Азыр кимдер эле ат тергеп отуруптур, карыганда какчаңдап, барга да, жокко да киришпей, тек отурбайсыңбы!» — деген келиндер да бар.

Адебин бийик туткан келиндерди да билебиз. «Биздин бала», «биздин уул», «биздин кыз», «чоң кыз», «эрке кыз», «кызыке» — деп жүргөндөрдү көрүп-билип, ошол келинге ичибиз ченебей жылый түшөт.

Ат тергөө — ата-энелердин ар-намысы, барган жериндеги өз жүзүң. Кыял-жоругуң менен элге жаксаң, анда сенин орун-очок алганың... Бул салтты да жерге таштабайлы?!

**Олоң чач — ургаачылардын көркү.**

*«Тал-талдап өргөн чачыңар,*
*Таалайлуу кыздар багыңар.*
*Таңдагы булбул өңдөнүп,*
*Таңшып турган чагыңар».* (*Эл ыры*).

Чач өрүүнүн өз маанайы бар. Тескериси чачын жаюу. Албетте, ал жакшы жорук эмес.

Бул — өлүккө аза күтүүнүн шарты. Илгери элдин салтында (салтты эми деле билүүчүлөр) эри өлгөн зайыптын

өрүлгөн чачын жандырып, жаактарга, далыга самсаалатып коёт. Бул — ырыс-салттын сырткы көрүнүшү — эрине катуу кайгыруу белгиси. Диндик салтта чачты анча көрсөтүп жүрүү одоночулук болгон. Ал эми мындай шартта, чачты жайып жиберүү — өзүндөгү бактысыздыктын, ошондой эле эрине өтө катуу күйүүнүн жосуну.

Ургаачы өлгөндө да чачтарын дароо жандырып, тепетең бөлүп, эки колтугуна кыстарган.

Азыр кыргыз кыздары европалыктардай кинофильмди көрүп, ошолордой болгусу келип, чачтарын бош кое беришет. Эң кубанаарлык коздук, сулуулук, улуттук татым эмес. Өкүнүчтүүлүк — жайып таштоо, бул — одоночулук, моюн толгоочулук, улуттук касиетти жерүүчүлүк, бирөөлөрдү дайыны жок тууроочулук. Тоо нуруна тотуккан кызыл бет, кара көз кыздарга бул оң аброй алып келбейт. (Чач асыроо, чач өрүү тууралуу өзүнчө баяндалат.)

Ата-энелер, деле коомчулук, мектептин педагогикалык жамааты мындай салтта жок көрүнүштөргө жапа тырмак назар таштоолору зарыл. Ар ким көргөнүн кылбай, ата салтын, эне эрежелерин жасоого моюн сундуруу керек.

*«Узун чач уздай ирецин,*
*Укмуштай курдаш сүйөмүн.*
*Сулуусу жардын жакшы го,*
*Дегенин уктум бирөөнүн»* — деген
кандай жагымдуу угулат.

Ургаачы аттуулардын узун чачы бардык элдердин аялдарынын сулуулук наркы жана көркү болгон. Көпчүлүк өлкөлөрдө азыр да муну аздектешет. Айрыкча чыгыш элдери Ислам динге байланыштырып, узун асырап, кадимкидей өрүп, артка таштап жүрүү салты бар. Чач кыркуу, ырасын айтканда, ырысын кыркуу дешет. Эгер андайлар болгондо ал аялды кордоп, салбар, эчтекеге тең кылбай, чоң күнөөлүү катары карашкан. Анда зайыптын чачын кыркуу жазалоо болгон. Ал эми мусулман калкта, айрыкча, кыргыздарда кыз баланын карын чачын алаары менен «чач өрдүрүү» каадасынан тартып, ага назар ташталган, камкордукка алынган. Чачы коюу жана бат өсүшү үчүн устара менен кырдырган. Үч-төрт жаштарында эле төбөсүнө чач коюп, тегерегин алып, ал узун чач болуп өсүшүнүн өбөлгөсүн түзгөн. Чач өрдүрүү беш-алты жаштардан башталган. Саамай чачы алты өрүмдөн, арка чачы сегиз өрүм болгон. Кыз тестиер чагынан чачты кандай асыроону билген. Энелери, эжелери, жеңелери арка чачтарын майдалап өрүүгө жардам берген. Беш көкүл-чачы далысын жапканы — кара да-

лы кыз. Ť. а. болукшуп, бойго жетип, жуучу түшүп, бүгүн-эртең эрге аттануучу кыз.

Тестнер чагындагы үкүлүү топунун ордуна тебетей кийген кыз. Ал кундузбу, суусарбы, иши кылып аң-терилеринин ылайыктууларынан тигилген. Кыз-келиндеринин чачынын асыралышы аркылуу көз кырында турган. «Чачы жер чнет», «Чачы согончогуна жетет», «Көмүрдөй кара чачы бар»... сымал сыпаттоолор, ага карата поэзия саптары, даңазалоолор учурунда укмуштай болуп келгенин билебиз.

*«Көзүмдү ачып карасам,*
*Көрүнбөйт сенин айланаң*
*Көмүрдөй кара чачыңа,*
*Көңүлүм менен байланам.*
*Көпөлөк менмин, сен чырак,*
*Көкөлөп учуп айланам».* (Аалы).

Бул ыр саптарында канчалык лиризм жатат.

Кыз жубан болгону чачты кара далы өрүү тык токтойт. Эки тепетең өрүм кылган. Тебетей кийүү калат. Анын ордуна элечек салынат. Ортодо кийүүчү шөкүлө аттуу баш кийимди үйлөнүү үлпөтү учурунда гана кийип чыккан. Ал салт боюнча кийинки сиңдилерине оошкон. Ушундан улам бирөөнүн үч кызы болсо, суроо сунулган:

— Кайсы кызы? — Элечекчен кызы.
— Кайсы кызы? — Тебетейчен кызы.
— Кайсы кызы? — Такыя топучан кызы.

Демек, чач асыроо, баш кийимди барктоодогу жаш өзгөчөлүктөрдү аныктаган мындай көрүнүштөрдү тактоонун этнографиялык маани-маңызы өтө зор.

Дилибиз жана динибиз кайра имериле баштаганы улут-улут бойдон аталуулары, башкалардан бөтөнчөлөнүү үмүтүбүз барбы? Шектенүү менен айтканда, биринчиден, улуттук нарк-насилди түшүнүү кыйын. Мында дин боюнча алганда чачты кырктыруу өтө өөн. Бул ага моюн сунбоону, барк албоону туюндурат. М. а. башкалардын «цивилизациялык» эпкини тийүүдө. Атактуу, аттуу-баштуу кыз-келиндерибиздин, ачык айткан интеллигенттерибиздин, жазуучу-акындарыбыздын, артисттерибиздин ж. б. маданий инсандарыбыздын таасирлери, бөлөктөрдү көрүп дүүлүгүлөрдү жапырт чач кыркууга алып келүүдө. Ага, арийне, күндөлүк басма сөз, маалымат каражаттары, башкалардын жүрүм-турумдары кошумча себепкер.

Экинчиден, бул көз көрүнөө улуттук жүрүм-турумду жерүү, м. а. чануу. Албетте, ал ата-энесин, ага-тууганын чанууга барабар. Узун чач — улуттук сулуулук, түпкү чоң

энелерден, тай энелерден келе жаткан салттуу-нарктуулук экенин түшүнбөөчүлүк. Жеңил ойлуулуктун шарданы менен кунарсыз жашоонун эпкини тийүүчүлүк.

Үчүнчүдөн, батыш өлкөлөрүнүн бир кунарсыз «маданиятын» өзүнүн түпкүлүктүү насилинен жогору коюучулук. Бул шордуу жаштардын тандап алган, мунсуз жашоо-тиричиликтин татымы жоктой сезүүсү, жан кашайта айткан-да, өзүнүн баба салтын, эне адебин башкаларга төө басты кылуусу. Өзүнүн, кайран кыргыз элинин дөөлөттөрүн чала-жан кылышы. Улуттук ар-намыстын жерге көмүлүшү.

Төртүнчүдөн, мындай ээнбаштык дайым үзөңгүлөш жүргөн динге, дилге, тилге, өнөргө доо кетирүүчүлүк. Анда кантип дин дилге жугат. Өнөрдү асырай албайт. Селсаяк турмушта аздектеп, эне тилин сүйлөбөйт. Бардык күч-кубаттарын, сырткы кебете-кешпирди өзгөртүү адепсиз, абийири кеткен жаштар ата уулу, эне перзенти болуп, өчкөн отту тамыза, өткөн турмушту жангыза алышпайт.

Бешинчиден, бул да — өтө өкүнүчтүү, кейиштүү жорук. Ичтен чыккан балдарына ата-энелеринин, ага-туугандарынын осуят сөзүнүн, акыл-оюнун, тарбия-таалим берүү ырасминин эми-деми, куту-курчу кетип баратуусу. Белгилүү бычгаар, мындайда бүгүнкү муундар өзүлөрүн өзүлөрү билип, өтүгүн төргө илет болушу. Азыр шаар менен айыл-кыштактарда айырма анча эмес. Элет жерлеринен сагаалап келгендер шаар жыттаары менен эле чачтарын кырктырып, чолок шым, чолок көйнөк кийип, бети-баштарын боёп, уят-сыйыттын бет көшөгөлөрүн сыйрып, кыскасы, бул жаштардан эмне үмүт!

Алтынчыдан, канчалык европалыкчан жүрбөйлү, ошолордун турмушун сүйбөйлү, ырдайлы, бийлейли, жанып күйбөйлү, сүйлөйлү, деле алардай боло албайбыз. Окшошо албайбыз. Биздин табиятыбыз башка, өңү-түсүбүз, кыял-жоругубуз бөлөк-бөтөн. Аларды тууроо — олдоксондук. Эгер сен өзүңдүн маданиятыңды туу тутуп жүрсөң, сыймыктанып даңктасаң, алар так ошону көрүүгө-билүүгө куштарланышат. Ордо калааны кыдырып чыксаңыз, ошондо кайда баратасыңар, улуттук маанай барбы? — деген суроо туулуп, жүрөгүң тыз этет. Т. а. ар-намыстан ажыраган эл бирөөлөрдү сагалап калат...

Тебетей, элечек узун чачтууларга гана жарашат. Анткени саамай, арка чачтын тал-тал өрүмдөрү бар кыздардын өздөрү эле беш көкүлдүктүн сынын көрсөтүп турат. Биз көп көрүп-билип жүрөбүз, алар сахналарга, телеэкрандарда көп чыгып калышат. Орто жаштан оогондордун, байбичелик куракка баргандардын чачтары кыркылган.

Аны тармалдаштырып алган. Анан тебетей кийип, ошол тармалдашкан чачтары тебетейдин кырбуусунан чыгып, өзү болсо сүйгөн, күйгөн секстбай, махабат ырларын «сызгырылта» созуп турган көрүнүштөрү элдик каада-салттарга деле коошпойт Өтө өөн учурайт эмеспи. Ошол эле көрүнүштө тебетей ордуна элечек кийсе, жаш өзгөчөлүгү бир аз алымдуурак көрүнөөрү бышык! Анткени менен тебетейчендер, элечекчендер өзүнүн табигый чачын жерип кырктырып таштап, аттын туу куйругун, же топоздун кылтагын өрүп улаштырып алуулары, аларды төбөгө түйүүчүлөр өзүнө татына көрүнүшкөнү менен башкаларга аябай серт сезилет. Ата-бабалардын салтында, же адебинде тебетейчен кыздарга кош этек, чыптама, элечекчен келиндерге кең этек бешмант, байбичелерге кыюулуу көйнөк кемсел куюп койгондой сонун жарашкан. Биз бир белгилүү артистканын сахнадан, теле экрандан элдик кийим кийип, тебетейчен, элечекчен чыгып ырдаганын көп көрөбүз. А, бирок, ошол ырчы азыр бир көрсөтүүнү алып барууда. Атын айтпай эле коёлу. Эткээл, элүүлөрдөн эчак өткөн нерсенин тармал чачы желкеден өйдө кыркылган. Көрсө, аны чырайлуу кылдырган боёк, улуттук кийим-кечектер турбайбы?!

**Төркүлөтүү — төркүлөө.**

*«Төркүндөн келген күнаажын,*
*Үй болгонун көрсөңчү,*
*Атаңдан калган алачык*
*Үй болгондо көрсөңчү».* (Эл сөзү).

Бул — турмушка чыккан кыздын ата-энесине, агатуугандарына бүлө кагып, кийит алып, тамак-аш бышырып, атайын келип түшүүсү. Төркүнүнүн төрүндө бир нече күндөп, апталап, айлап жатуусу, сагынычтарын таратуусу. Адатта, көбүнчө төркүлөгөн кыз өз балдары, кайын энеси, же абысыны, күйөөсү менен келип түшөт. Нарктуу мейман болушуп, беркилер кайра кайтышат. Күйөө баласы бир нече күндөп калуусу тийиш. Ал үчүн бардарлар илгери өзүнчө атайын өргөө көтөргөн. Ага-туугандары чыкырып коноктошкон, жол-жоболорун көрсөтүшкөн.

Демек, төркүлөө — кызынын атанын төрүндө болуусу өтмө мааниде. «Төрдө отуруп көнбөңүз, төркүлөгөн келиндей» (Мидин).

Төркүлөтүү — элдик салтты кармоо. Кыздын эл-жеринин сыйын көрүүсү. Тереңинде кайын-журтунан бирдеме үмүтөтүү. М. а. кээде күйөө баланын кайын-журтунан көзү түшкөн нерсесин (мал, дүнүйө) алдыртан суратып алуусу.

Төркүлөгөн кыздар кайтаар алдында анын боор толгоосу эмнеде экени билинет. «Төркүнүнөн жорго минип келди», «Төркүнүнөн бээ жетелеп келди», «Төркүлөтүп, аркалуу ат миниптир», «Саан уй алыптыр», «Килем алып келиптир, «Ат жабдык бериптир», «Төркүнүнөн келген төө», «Төркүлөп барганда алган» өңдүү артында даңазалуу сөздөр айтылган. «Атайын төркүлөп барса, жай айтпай коюптур». «Келини эки колун мурдуна катып келиптир». Арийне, тирүүчүлүктө ар кандай кептер бар эмеспи...

**Башын ачуу** (зайыптын башын ачуу). Бул — үй-бүлөчүлүктө ырк-ынтымагы качкан, же эри өлгөн зайыпты жекече эркин колуна берүү. 1. Тирүүлүктө эрди-катындын никесин бузуу, төркүн-төсүнөн, айыл үстүнөн калыс адамдар катышып, башы ачылган зайыптын энчисин, буюм-кечесин, жууркан-төшөгүн, кийим-кечесин, мал-мүлкүн... берүү.

2. Эри өлгөн аялдын башын ачуу башкараак чечилет. Анда эринин ашы-жыты берилип, «ээгин алгандан» соң төркүндөрү анын кийинки тагдыры тууралуу кеп башташы ыктымал. «Кызыбыз жаш, башын ачып бергиле», «Башкаларга беребиз», «Барган жеринен бак айтсын» өңдүү пикирлер айтылат. Эстүү, балалуу зайыптын башы ачылган эмес. Тууган-уруктардын бирөөлөрүнө жашына карабай, баш байлоо кылган. Андан бала-чака күтүп, тукум улантылып кала берген.

Кийин шарт өзгөрүлдү. «Жеңе зайып», «келин зайып» дегендер жоюлуп, бири-бирине ылым саноо жоголуп, нечен эстүү, төрөп-түшүп турган ургаачылардын багы байлана баштады. Ушундан улам жер которулуп, ар кими өз билгендерин кылып, балдар «суук боор өсүп», ага-туугандардын ыркы кетүүдө.

## КҮНДӨЛҮК КААДА-САЛТТАР

**Шерне.** *«Күлүк байлап кермеге,*
*Күрпөңдү союп шеринеге*
*Күрдөөлдүү жайлоо Ак-Сайым*
*Гүлдөбөй турган жер беле».* *(Казыбек).*

Шерне — биргелешип отуруп сыйлуу тамак ичүү. Мунун үч түрүн билебиз.

Биринчиси, мисалы, малды кезек менен союп, чыпчыргасын калтырбай бышырып, табактарды тартып, жакшынакай нашасына келтире чогуу отуруп, жеп кетүү. Бул мырза шерне деп аталат.

Экинчиси, малдын этин түгөлү менен бышырып усту-

кандап бөлүп, табак-табактарга салып, сорпо-шилеңдерин куюп, ар бири өз үйлөрүнө барып, бала-бакыралары, конок-кечелери менен отуруп, өз алдынча даам сызуу. Бул жасап кеткен шерне деп аталат.

Үчүнчү, төрт-алты адам кезектешип көбүнчө соолук койлордон союп, мүчөлөрүн чийкилей бөлүп кетүү.

Шерне — ынтымакташып даам татуунун жолу. Береке-бейпилдиктин жөрөлгөсү.

Азыркы шернеге көбүнчө арак аралашат. Ал жакшы жышаан эмес. Айрым жерлерде шеринелерди ылымсанап өткөрүү жоюлуп баратат. Достуктун мындай салтын улантуу зарыл.

**Деңгене жешүү.** *Иште десе ишти таштап коюшат,*
*Ичкиликти абдан ичип тоюшат.*
*Жайлай сааган бир эчкилүү кедейдин,*
*Бир улагын деңгенеге союшат».*

*(Осмонкул).*

Бул — жандыкты белгилүү баага (эгингеби, акчагабы, кездемеби) көтөрмөлөп алып, аны бир жерге союп, бышырып, биргелешип отуруп тамактануу. Мында деңгенеге киргендер чектелген бааны тең чыгарышат. Кыргыздар муну козу бышканда, улак жаа бөйрөк болгон чакта, көбүнчө күздө жеше турган. Эрмен оттогон эчкинин, кыркылбаган улактын этинин дарылык касиетин элибиз баалап келген. Минтип, уюшуп даамдаш болуу элибиздин ынтымагын, салтты сактоосун баамдаткан.

**Жоро ичүү.** *«Күнүгө ичем жорону,*
*Айтпасам жөнү болобу.*
*Айтып ырдап бербесем,*
*Агалар көөнүң толобу».* *(Калык).*

Бул — кезмектешип, биргелешип кыдырып, кыштата бозо ичип, кышты ынтымакта өткөрүү. Ага катышкандарды жорокечтер дейт. Абалы угуту ойдогудай өндүрүлүп, шак тартылат. Ал ачыткы аркылуу челекке чыланат. Аны кайнатат, ачыганда кичине сүзүп алып, кайра кайнатылган шакты челектеги мурунку ачып жаткан бозонун үстүнө дембе-дем куюп турат. Кайнатуу алдында казан майланат. Ушинтип, үч-төрт курдай кайнатылып, үстү-үстүнө кошулуп ачытылганы «кордолгон бозо» деп аталат. Ичимдүү жана сиңимдүү келгендиктен жорокечтер муну ичкенде ысылык (ысык эттүү тамак) талап кылышат.

Жорону көңүлдүү өткөрүү үчүн жоро бийи, жоро эрке

баласы, жоро эшик агасы шайланат. (Мындай вазийпа мырза шерне жеште да болот).

Жоро бийи жоронун жүрүшүн төрдө отуруп башкарат. Акыл-кеңешин айтып турат.

Жоронун эрке баласы элдин эрмеги катары милдет аткарат. Ал кадимкидей эркелейт. Анын айткандарын беркилери сөзсүз аткарат. «Мага коён, кекилик, чил, түлкү кармап келип бергиле», «Менин алдымда куйкаланган керчөө турсун» сыяктуу тамашалуу шарттарды коёт. Албетте, анын көпчүлүгү сөзсүз аткарылат. Негизи, отуруштун көркүн ачууга багытталган талаптардан анча четке чыгып кетпей жоронун демин ого бетер жандандырат. Жоронун эрке баласы жоро бийдин оң катарында отурат. Алардын алдыларында чүйлүү тамактар болот.

Кийинчерээк жоро бийи, жоро эрке баласы өзүнүн жоросун тигилерден айырмалуу, тактап айтканда, эң мыктылап берүүгө аракеттенишет.

Эшик ага эшикке кирип-чыгуучуларды тейлейт. Ал жоро бийдин айткандарын так аткарат. Саламчыларды жоро бийсиз жоро үстүнө киргизбейт.

Албетте, жоро ичүүгө уяттуу адамдардан ээрчитип барууга болот. Аны урматтуу мейман катары жорочулар кабыл алышат. Кышында узун түндү кыскартууга, корооджайга көз салууга, деле көңүл ачууга илгери бул оңтойлуу учур болгон.

Жородо сармерден башталат. Ал «жоро сармердени» деп айтылат. Отургандар ирээти-катары менен ырдашат. Мындай салт мырза шернеде да болот. Айтыштар болот, эркек-аялдар айтышат, ырчылар, комузчулар, чоорчулар эрмек болуп берүүлөрү үчүн атайын чакыртылышы ыктымал. Жоронун күүсү менен сүрөөнгө алынат. Жоро ичүү, шерне жеш элдик таланттарды табат. Жаштардын сыр ачуулары ошондо болот. Элибиздин пейилин билдирет. Дасторкондун ынтымагын баамдатат.

Азыр мурдагыдай жоро ичүүлөр аз. Болсо да ичкиликтер аралашкандыктан жүйөөлүү сөздөр айтылбай, алабармандап кетет. Адатта, ошол үчүн ынтымактуулуктун ыркы ыдырап калганын көрүп-билип жүрөбүз.

**Түлөө.** «Түлөөсү түштөн, толгосу үчтөн» (макал). Мунун 2-түшүнүгү кудайга, арбактарга, жер-суунун ээсине арнап мал союу. Түлөө — тилөө, тилек кылуу. Жараткандан, арбактардан жардам суроо. Мисалы, кургакчылыкка арнап түлөө берүү, күн өтө жаанчыл болсо, ага карата да түлөө берүү. Т. а. кудайдан жалбарып тиленүү азыр да аткарылып жатат. Ага аксарбашыл кой, уй, бир тобу бири-

гип, бир чоң бодо союшкан. Демек, мында суусу шар аккан жер тандалаат. Дөңсөө жер буга шарттуу көрүнөт. Ошентип, ошол жайга көпчүлүк малын жетелеп барышат. Кемегелер оюлат. Ич ара өнөктөшөт. Малды кыбыланы баштатып, жапырт алла-таалага жалбарып, акыйкаттык тилеп, алакан жайып, бата кылышат. Мал мууздалат. Казан асылат, эти кемегеде кайнайт. Эт желет. Кайрадан туруп, чурулдап, кайрадан бата тилешет. «Сыйынуу милдетинен кутулду» — болуп, жай-жайына тарап кетишет.

Түлөөгө бодо малды, жандыктарды, адал канаттууларды чалууга жарай берет. Албетте, мындай жагдай адамзат менен жаратылыштын ич-ара байланышы, сезүү таасирлери болуп саналат.

**Дос күтүү — достошуу** — «Кудай кошкон куда болот. Пайгамбар кошкон дос болот» (Макал).

Бул — көңүлү жакындардын бара-бара теңтуштуктан ашып, бири-бирине катыш жасоолору. Мындай шартта ой-пикирлеринин орток болуулары, жашоо-тиричиликте ортодон жел өткөрбөөлөрү. Алды-бердилерде абалдарын алдыдан баамдашып, жардамдашууга даяр туруулары. Достошуунун шартында алдыларына ат тартылат, үстүлөрүнө чепкен жабылат. Достошууда жорго, күлүк, аркалуу ат мингизсе, кайра анын чылбыр-боосуна — кыл куйрук (жылкы малы) жетелетилген. Дос болууга арзып жүргөндөр өзүнүн жолдугун жасоого атайын аттанып түшүүлөрү. Ал өзүнүн жол-жоболору менен узатуулары. Достордун эң мыктысы «Анттуу дос» делет. Т. а. бул үчүн шилекей алышат, чыбык кыркышат, чыпалактын канын сорушат. (Мындай жанбоого айрым аймактарда туз жалап, нан тиштеп да турушат). Болмушта мындай досторго мисалдар көп. «Курманбек» кенже эпосунда кыргыз Курманбек менен калмак Аккандын досчулугу — кийинкилер үчүн үлгү. Ушундан улам эң эле ынтымагы таш жарган досторду «Аккан достор» деп коюшат. Булар «Акыреттик достор» болуп саналат. «Досуңдун бергенинин тишин ачпа?» — дейт. Жакшы адамдар кол кармашса, алды-бердиге анча көңүл бурушпайт. Ошентип достошсо, баарына кайыл болушса, андай тыкыр болушпайт. «Дос» деп айтпоо керек. Айтса, анда куйүмдүү болуубуз тийиш.

Достуктун экинчи тарабы бар. «Дос айрылат, сөөк кайрылат». Жашоо-тиричиликте болоор-болбостон таарынышкан дос-тамырлар жолугат. Дос бергенин кайра алат. Б. а. бул достуктан жануу, доолашуу, бирин-бири калыс аркылуу доого жыгуу. Алыш-бериштерин эл алдында айтуу. Бетине чыгуулары. Азыр бөтөлкөлөш достор көбөйдү. Алар

да бирин-бири дос көрүшөт. Бирдеме ичүүдө кыйышпастар катары өтө ыйык саналышат. Бирок:

*Жан жолдош болом — деп бирөө,*
*Жармашты шарап ичкенде,*
*Бөлүнүп кетти карабай,*
*Бөтөлкө колдон түшкөндө.* (*Байдылда*).

Арийне, адамдар бири-бирине байлыкка, бийликке карап достошпоо керек. Андайлардын түбөлүгү анча түз эмес. Достордон ынак теңтуштар жолугат. Ошондуктан акын Байдылданын дагы мына бул накылы:

*«Инженер сымал аскадан,*
*Издеген өңдүү алтынды.*
*Издеп жүрүп, дос күткүн,*
*Билгендей сенин баркыңды».*

Дос-тамыр күтүүнүн шарты ушундай.

**«Баяндос салып, дос күтүү».** («Манас»). Бул — жолго төшөлө турган кымбат баалуу кездемеден жасалган буюм. Дос — акыреттик жан жолдош. Илгеркилер «дос» деген сөздү жана достошууну ыйык сезүүчү. Азыркы биз дос дечүүлөрдү «тамыр» дешчү. Ошентип, баяндос эки тарабы 7 кулачтан (кадамдан) келип, ортодо ак кийиз жайылып турган. Достошуучулар эки тараптан ошол баяндос аркылуу ак кийизге дейре келип кучак жайып көрүшкөн. Бул — кыямат-кайында ажырашпай, тирүүчүлүктө бир дөңдө, өлсө бир чуңкурга болуунун анты. Азыр килем жайып, аны менен бастырып жүрүшпөйбү.

«Жакшы дос ошол опурталына карабай жаткан жол менен болсо да бизге келет. А жаман достун кереги жок» (Расул Гамзатов — авар акыны).

«Кимден чочулоо керек? — Жооп: «Сага суктанган достон» (Абу-Али-Ибн-Сина).

**Баяндос менен Жекендос.** *«Жекендос жерден алдырып,*
*Баяндос мамык салдырып.*
*Алтындуу күрсү койдуруп,*
*Ак боз бээни сойдуруп».*
(*«Манас»*).

Бул — жерге төшөлүүчү жолдомо, сокмо таар же килемче. Анын үстү менен урматтуулар шаан-шөкөттүү жайларда, салтанаттуу тосуп алуу учурунда басуучу, басып туруучу.

Ал эми жекендос астыга салынуучу, башка жаздалуучу кабып жасаган балыш сымал төшөкчө.

«Алтындуу күрсү койдуруп» — дегенде күрсү — кандар, падышалар отуруучу орундук. Демек, үйдүн салттуу буюмдары баяндос, жекендос, күрсү — үчөө биригип келип, бир бүтүмдү түзөт.

*Татыксыз достон кантип кутулам?*
*1-ден, ага басып барба;*
*2-ден, ишин сураба;*
*3-дөн, жардамга чакырба.* (*Макал*).

**Үзөңгү жолдош.** *Ар кимдин өмүрлүк досу — Сабыр,*
*Ар кимдин өмүрлүк душманы — Ачуу.*

Бул — жоого барса, бир барган, жоонун сырын бир чалган, тирүү болсо бир дөндө, өлүү болсо бир чуңкурда болуп, жоокерчилик турмушту тең өтчөргөн айбаттуу ата уулдары.

Үзөңгү жолдош тең бастырганда үзөңгүлөрү кагышуудан пайда болот. Алсак, «Манаста» Алмамбет-Манас, Чубак-Сыргак, Қанчоро-Күлчоро — үзөңгүлөштөр. Азыр асылкеч жолдошторду, курдаштарды, классташтарды, курсташтарды, досторду ат үстүндө үзөңгүлөштөр — деп жаңы маани берсе болот.

**Түкүрүк берип достошуу** (түкүрүк алышып достошуу).

Бул — балдарга таандык адат. Төтөн, канаттуулардын балапандарын же өзүн кармап алса, албетте, аны асыроо кыйын. Көпчүлүк куштар тапка келбейт. Адамга моюн сунбайт. Адамда боорукердик сезимдер болот. Анын тумшугуна шилекейин тийгизип, багытын, чабытын берип учуруп жиберет. Мына ушул — «түкүрүк алышып достошуу». Албетте, бул экологияны коргоодо баланын дымагы болуп саналат.

**Чыпалак алып достошуу.**

«Чыпалак чын» — дейт. Ал — шерттешүүнүн бир түрү. Балдар деле, кээде улуулар деле достошуу салттарын жасоого ар кандай аракеттерди кылышат. Ич ара бул каадаңы өткөрүү вазийпаларын жасагандан соң: мал берип, кийит берип, экөө тең оң колдорунун чыпалактарын чычайта келип, айкалыштырат. Калыс бирөөлөр «кесип» коёт. Ошентип, достошуп калышат. Чыпалак бирөөлөр үчүн күбөгө да өтөт.

**Сырдашуу.** *Сыр-Дарыя береке,*
*Сырыңды айтпа бөлөккө.*
*Сыр алышып, сыр берген,*
*Сырдашың жарайт керекке».* (*Эл ыры*).

Бул — көңүлү сүйгөн адамына ой-пикирин тартынбай айтуу. Анын экинчи мааниси — баардашуу. Ичтеги бук-черди чыгаруу. Илгертен келе жаткан ырасмиде ал сырдашы — кыйбашы. «Анын сырын ошол билет», «Сырын андан бөлөккө айтпайт» — өңдүү сөздөр бар. «Кыздын жакын жеңеси», «Сырдаш жеңеси»... Мында ак дилдеги сөздөрдүн төркүнү — ар бир адамды адамгерчиликке үндөө.

Сыр — жашыруун ой-пикир. Бирок, элибиз жалпы элдик сырга бекем болгон. Душмандарына бел алдырган, тап жылдырган эмес. Жолдун, көпүрөнүн, кечмеликтердин, жайлоо, капчыгай, заңги, зоолордун, тоолордун чоо-жайын билдирүүчү эмес. Сыр ар адамдын өзүнүн өнө боюнда катылып, жакындарына да айтылчу эмес. Сыр ачылып калбаска назар ташталган. Көпчүлүк сырлар өз учурунда ачыкка чыга албай, өзү менен кошо көмүскөдө кеткен. «Ал сырга бек», «Сырын айтып коёт», же «Сырдаша келсең — билесиң», «сырды уурдап алгансып». Демек, сырдашуу — ошондой адамдарды табуу. Аны менен түбөлүк баардашуу. Жакшы салтта түйүндүү сырды, катуу жөрөлгөлөрүн сактап калуубуз керек.

**Ажат ачуу.** Бул — зарылып турган адамдын керегине жароосу, анын башына түшкөн кыйынчылыктан куткара туруусу. Ажат ачуу — адамдын карызын төлөө, ажатчыл береселерин көздөө. Же аласасын ал адам кечип жиберүү, карыз бирдеме берүү, кириптер адамдын башын бошотууга жардамдашуу сымалдар мисал боло алат. Андайлар тууралуу «ажатчыл адам», «ал жок дебейт», «ал ажатка жок» өңдүү жөрөлгөлүү сөздөр айтылат. Ажат ачкандар — элдик адамдар. Айыл ичи мындайлар менен сыймыктанат.

**Антташуу. Ант** — бүтүм. Сөзсүз аткарылууга тийиш болгон чечим.

Ант берүүчү менен алуучунун ортосундагы кол коюлбай, мөөр басылбай түздөн-түз дароо кабыл алынган мыйзам.

Ант берүүчүнүн дилине, ниетине карата ант үч түрдүү болот:

1. Чыныгы ниети менен берилген ант.

2. Белгилүү максатка жетиш үчүн же кандайдыр бир абалдан чыгыш үчүн берилген катуу убада «алдоо анты» деп аталат.

3. Аткарыларына анчалык ишенбеген, бирок кырдаал талап кылган ант.

Тирүү болсок бир дөбөдө, өлүү болсок бир чуңкурда бололу!.. Эгерде ушул анттан тайсак:

*Төшү түктүү жер урсун!*
*Төбөсү ачык көр урсун!*
*Аккелтенин чогу урсун!*
*Ак Барандын огу урсун!* (*«Манас»*)

**Ата-бабаң кеңеш айтат.** Оорулуу адамдарга өз атаңдай жардам көрсөт: кокус өзүң ооруп калсаң, алар сага өз баласындай жардамын көрсөтөт.

Чагым сөзгө ишенип, өзүңдүн жакын көргөн кишиңди жектебе. Себебя, сага жеткен ушак кыска болсо узарып, түз болсо ийрейип кете турганын унутпа.

Душманымдан кегимди алчумун деп, анын досторуна жамандык кылба. Болбосо, уй сүздү эле деп музоону өлтүргөн наадандан бетер болуп каласың.

Кол куушуруп, алдыңа түшүп келген душмандан сак бол. Балыкты кармаш үчүн кайырмактын учуна жем илинерин унутпа.

Кемчилигиңди айткан адамды жаман көрбө. Ал сенин бетиңе жуккан көөнү сүрткөн күзгү болот.

Өзүңдүн татынакай кийимиңди чанып, башка улуттун кийимине качырба. Болбосо, же жатка окшошпой, же өзгө окшошпой эки ортодо же аялга, же эркекке кошулбаган кызтекедей болуп каласың.

Өзүң жогоруласаң, өзүңдөн төмөнкү жолдошторуңду таштаба. Кокус ооруп калсаң жогоркулардан мурда төмөнкү жолдошторуң каралашат.

**Арасы ачылуу.** Бул — жакшы санаалаштардын, бара-бара бири-биринен окчундалып, кабарсыз-кабарсыз калуулары. Көңүл-кадырлары сууп, байланыштарынын үзүлүшү. Мисалы, дос-тамырлар ич-ара таарынышат, катыштары солгундайт. Айрымдары бергендерин доолашат. Араларынын ачылуулары көбүнчө аласа-береседен, ортодо «от жагуудан», алардын мамилелерин ичи тар көрө албастардан да болот...

**Атаар саамын өткөрүп.** Бул — абалы чүкө оюндарынан улам чыккан сөз. Эгер чүкөнү сака же абалак, томпой менен ата турган болуп ыкыс берген чакта бирөөлөр жолтоо кылса, же өзү ошол оюнду жүргүзө албай калса, ушундай сөз айтылчу. Учурунда аткарылбай калды, эми атаар саамы өттү — дейбиз. Муну башкача туюнтсак, бир мерчемдүү ишти саамалыктатуу, кезегинде бүтүрө албоочулук. «Темирди кызуу кезинде сого билбөөчүлүк», «Жоо кеткен соң кылычыңды ташка чабуучулук». Максат, ой-тилекти өз шарданынан калтыруучулук. Аны жүзөгө ашыруу татаалдап кетүүчүлүк.

**Аттан жыгып алуу** — эски салттардын катарына кирет. Бирөөлөрдүн бербей жүргөн аласасы өнбөй, ал тайсалдап качып, колуна тийгизбей келсе, калыс элдин көзүнчө болобу, моюнуна коюп, минип жүргөн атын ээр-токумун алып коюп, жайдактап жетелеп кетүүсү. Ал эми береселүү адам жөө-жалаңдап, токулгасын көтөрүп калуусу.

**Олок-булак меники** (мыйтыкей меники, таянакей-сулакей меники). Булар — бир маанидеги түшүнүктөр. Мисалы, упай оюнунда шыйкы чүкөнү кыймылдатпай атууда алдынала айтыла турган ырым сөз. Ошол эле упай оюнунда чүкөнү атууда чүкөгө колу чала тийсе, айтылуучу «Мыйтыкей меники» — дейт. «Таянакей-сулакей меники» — мында, маселен, «өлдү», «үч тапан» оюндарында чүкөгө сака жетпей турган аралыкта оюнчу көмкөрөсүнөн жата калып, саканы жетип алуусунда жыдыбоо үчүн айтылуучу ырым сөз.

**Тырмак алды.** Бул — аткарылып жаткан максаттын, эмгектин алгачкы үзүрүн көрүү. Маңдай тер, таман акы аркылуу баштаган олжонубу, майнаптуу натыйжаныбы элдин жапырт пайдалануусу. Мисалы, көпчүлүктүн көз алдында турган Көл-Төрдө алтын кен казылууда. Мына ошол байлыктын чекесинен алып, элге үлүштөрүн тарата коюу менен элдин көңүлүн алуу. Андай кымбат баалуу табылгалардын бардыгына көпчүлүктүн лаписин суутуу, назарын буруу. Аны калк байлыгы катары кароо. М. а. «ооз тие, эл ишенимине ээ боло туруу», келечекке умтулуу...

**Ооз басырык.** Жашоо-тиричиликте баштан эмнелер гана өтпөйт. Бирөөлөргө зарыла ишиң түшүп калат. Аны ырбатпай, дал өзүндөй аткарып калуу үчүн ага мамилени өз учурунда алдын-ала түзө туруусу. Анын токонаалатын баса туруусу...

**Ичтен тынышуу.** Турмушта араздашуулар бар, элдешүүлөр бар, жоолашуулар бар, ынтымакташуулар бар. Оңтескери жагдайлар жашоо-тиричиликте тең тизгинде жүрөт. Эгер ошондой учурлар кездешсе, аны ырбатпай, чоң чууга айлантпай, соттошпой-оттошпой, айыл ичиндеги калыстар аркылуу бир пикирге келип алуу. Ичтеги кусаматтарды оң жагына буруу. Мурункудай ынтымакты өз нугунда коюу.

**Чыгым салуу.** Жогорку улуктардын элге салган акчатыйын мал ж. б. чачымы. Көпчүлүктөн чогултуучу өлүүтирүү байлык дүр-дүнүйө. «Чыгым салып, эл жердин...
Чыркыратып жардынын,
Жалгыз атын сен жедиң» (Токтогул). Демек, азыркыча айтканда, салык. Ал ар кимдин алына жараша салынат.

## КЫРГЫЗДЫН КАСИЕТТЕРИ

**Аксакалдар бүтүмү** — адатта, бир атанын, айыл арасынын, бир өрөөндүн, урук-уруулардын сыймыктанаар кутман карылары, набаттуу байбичелери, элдик адамдары бар. Акылга шерик, баскан-тургандары зирек, сөөк күлүк, чеге адамдар жалпы жонунан калыс аталат. Дөңгө чыгып, курган маслаттары адилеттүү чечилген. Кара кылды как жарган калыстардын айткандары — оозеки мыйзам. Аны эч пенде буза албаган. «Иш ушундай болуп бүтсүн» — деп, сөз аягын бата тилөө менен бүткөрүп, аттанып кетишкен. Чечим бардыгы үчүн кулактагы сыргадай туюлган. «Манастагы» Бакайдын, Кошойдун, Көлдөгү кийинкилер Кыдыр Аке, Садыр Аке, Мойут Аке, Сарт Аке, Тилекмат Аке, Ат-Башы, Нарындагы Чоко баатыр, Карач Ажы, Канаткан, Сартбай Чечен, Чүйдөгү Шабдан Баатыр, Жангарач Бий, Таластагы Жанкороз Бий өңдүүлөрдүн чечкен маселелери, курган маслаттары дубандарга, бүткүл кыргыз атага маалим болуп саналат.

**Карыялык нарк** — бул көп жашоодогу, тирүүчүлүктөгү келген бир маанилүү, ооматтуу учурду нарктуу, салттуу өткөрүү. Кутмандуу карыялык — өкүнүч эмес, кубаныч! «Мендей алпылдаган абышка бол» — деп, бир чактагы берилген ак батанын үзүрү!

### Карыялык акыл-насааттар

— Калкыңдын кадырын бил,
Калкың менен катар жүр.
— Калыс адамга каяша айтпа.
— Калкыңа карап таш ыргытпа.
— Кейпи жаман деп адамды айыптаба.
— Көзү өткөндү жамандаба.
— Адамды каратып коюп тамак жебе.
— Колуңду силкпей сүйлө.
— Эл көзүнчө какырынба-түкүрүнбө.

Айрымдар карылык «Мыш» (алтымыш, жетимиш) дешет. «Карысы бардын, ырысы бар» — дешет. Узун жашка чыгууну бактылуулук, сөөлөт катары кароо керек. Ал эми адам кандай карыйт? Арийне, бул — табышмактуу суроо. Айткандай,

*«Ак боз ат минип теңселип,*
*Ак күбө тонду белсенип,*
*Ак сакалы сеңселип».*

(Улуу эпосто Кошой бабабыз ушундай сүрөттөлөт). Бул — карылыктын көркү, дөөлөтү. Бизге жеткен үлгүсү. Карылардын кемселге кемер курчанып, карышкыр, кашкулак ичик, илбирс ичик жамынып, ыпча тарапта малдаш токунуп отурушу, меймандай төргө олтурушу — бул дөөлөт.

*«Төшүн сакал ээлеген,*
*Төрдө отуруп сүйлөгөн.*
*Боорун сакал ээлеген,*
*Болумдуу сөздү сүйлөгөн»* (*Эл сөзү*).

Бул — карылыктагы чечендик, көптү көргөндүк, көңүлгө көптү түйгөндүк, санжыра чечүүчүлүк.

«Ак сакалдуу карыя, Акылы терең дарыя». Бул — карыялыктагы акылмандык, салттуулуктан тайбоочулук, көрөгөчтүк, сергектик, сезгичтик, олуялык.

Сакал койдуруучулук — нарктуулук. Сакалын сыйлоо өздөн башталат. Анан андан улам эл урматтайт. Карыялар өз жашоо турмушуна өзүлөрү «тоб-боо» келтирет. Ичинен ыраазы болуп, кудайга жалбаруу менен карашат. Бул карылыктын бала-бакырамдын алдында кетсем, алардын жамандыгын көрбөйүн, ушулардан топурак буюрсун дегени, кайраттуулуктун белгилери.

Ак сакалдардын оозунан, оюнан ак тилек чыгат, батаны жаштар сурайт. Ага карата карыялар жооп берет. Анын түрлөрү көп. Алсак, проф. Хусаин Карасаевдин мына минтип ак тилек айтканын мисалга ала кетели: «Мал болсун, баш болсун, берекелүү аш болсун, келе деген доочу болбосун, жапкан жалаа болбосун, жаткан балээ болбосун, калкыбыз ордунда болсун, каракчынын дооматынан сактасын, калктын азабынан сактасын, кандын касабынан сактасын, ашуусу бийик тоодон сактасын, айкырып келген жоодон сактасын, агымы катуу суудан сактасын, адам өлгөн чуудан сактасын, эл ичи тынч болсун, эмгек кайнап турсун, береке жайнап урсун!»

«Жашында калжаң болсоң, карыганда мылжың боло-

суң» — дейт. Карыялардын, куу сакалдардын, күмүш сакалдуулардын кадыр-баркын өз жүрүш-турушу кетирет.

1-ден, улуу-кичүүлөрдүн көзүнчө өйдө-төмөн, уят-сыйыты жок сөздөрдү сүйлөп, кичине-чоңду, теңтуш-тели кылып отурса, кайран карылык мында бир сынат.

2-ден, арак-шарап ичип, оозуна келгенди «оттоп» отурса, кайран дөөлөт баштан учат. Бул — карылардын чоң оорусу.

3-дөн, өзүнө ылайыктуу кийим-кечек кийип, сыпаа отуруп-туруп, көпчүлүктүн ичинде адептүү отурбаса, кууЧуңдап, купшуңдап турса, ал карыядан дөөлөт качат. Карыялар айткандай, анда эле алжып карыганың, кара жердей болгонуң...

*Карыларга кандай нарк керек?*
*Жооп: Билим менен токтоолук.* (*Накыл*).

**Байбичелик нарк.** Бул — көп жашоодогу бир маанилүү учурду нарктуулукка, салттуулукта өткөрүү. Карыяларды «кутмандуу», байбичелерди «набаттуу» дейбиз. Минткенибиз, «үлгүлүү» карылык — ата-бабалардан келе жаткан сөөлөт. Дөөлөттүү карыялар менен байбичелер — эл көркү, айыл көркү. «Калк ичинде байбичелер эсенби? Кант кошконсуп, бал кымызын чайкаган» (А. Темирова). Бул набаты төгүлгөн байбиченин жайыл дасторконун баамдатат. Байбиченин эпче тарапта кенен этек көйнөк, топчулуу кемсел кийип, түлкү ичик, чепкен жамынып, кирди-чыкты келин-кыздарын кыймыл-аракеттерине накыл берип, сыңар тизелей, кыраакы көз салып отурушу, бул — карылыктын нускасы. «Неберемди көрдүм, чөбөрөмдү көрдүм, кудайга миң мертебе ыраазымын» дешн — бул жашоосуна топук тилөөсү, ыраазы болушу.

Тамактын алдын байбичеге ооз тийгизүү келин-кыздардын сыйы, урматы. Байбичелердин жакшылык-жамандыктарга тике катышуулары, алардын билермандыгы — нарктуулукту сактоолору. Андай шарттардын ойдогудай өтүшү, анын элге алынышы, байкоолордун алдыртан жүргүзүп, жеме-жукага катышпай, какчаңдабай, аз сүйлөп, кеп тыңдап отурушу, момурап калышы — куттуу карылыктын белгилери.

Байбичелерге да арак-шарап бере коюш, анын карт денесин жибитүү эмес, карылыкты сыйлабоо. Мунун баары пейилге барып тутумдашат.

**Пейил.** (Ак пейилдүүлүк) «Кудай, баарын алсаң ал, а пейилимди калтыр» (эл накылы).

Бул — адамзаттын табиятында жаралган маданий сапат. Алардын ич ара мамилелериндеги оң таасир берүүчү

көрүнүш. Пейилдин оңолушу — пейилдин тарышы, мындай айтуулар шартка жараша болушу ыктымал. Пейилдин оңолушу — жакшылыктын жышааны, пейилдин тарышы — жамандыкка жорулушу. Пейилди ондоо касиетинди качырба, адамдык сапаттан танба дегенди туюндурат. Бүгүнкү шартта «пейил бузулду» дейбиз. А, чынында, пейил кеңендикке, байлыкка, бийликке байланышпайт. Бул туура, бирок, элдин ичи бардар. Себеп дегенде, салып койгон тамы, электрден шамы, тигип койгон боз үйү менен багы, там аркасында жер-жемиши, даны, короодо малы, кыскасы, дайыма камы барлар. Анан эле кирип-чыгууда анын пейилин, дилин, ниетин туя алабыз: «Пейили тарыптыр», «пейили курусун», «ал пейилинен табат»...

Арийне, бул, 1-ден, келечекке кең карабоо, элди тең санабоо, күнүмдүк бар-жокко туйтунуу, а бирок, чабалдык кылуу, өзүнчө байлыгын корунуу.

2-ден, айлана-чөйрөнү тең карабоо, шартты баалабоо. «Өзүмдө гана болсо, өзгөлөр эмне болсо, ошол болсун» дегендик. Пейилдин оңолушу — ак көңүлдүк, бардардык, келберилик. Пейилдин тарышы — оозду куу чөп менен аарчуу, «жоктон» башканы айтпоо.

Кыргыз журтчулугу бу жашоодо эмнелерди гана көрбөдү. Алсак, улуу Ата Мекендик согуш эске түшөт. Боз үйдө кыштадык. Талкан, сүт, айран бардыкты билгизди. Ошондо да элдер бири-бирине пейили кенен болуп, ынтымактары таш жарып турган. Кайрымдуулук бир чөйчөк талканды тең бөлүшүүдө, үйгө конок кондурууда, алдыда дасторкон жаюууда, балдарынан каткан тамагын берүүдө көрүндү. «Уяттуу бирөөлөр келсе, алдына эмне коёбуз?» Бул — кыргыз атанын төл пейили. Эмесе, кудай-таала мына ушундай салттан айрыбасын...

**Жүйөлөшүү.** Бул — ата-бабадан келе жаткан алымдуу салт. Экинчи түшүнүгү — кепке-сөзгө келишүү. Эки тараптын сөзгө-кепке түшүнүүсү. Ажымулуктук кылбай, ортодогу чыр-чатакты ырбатпай, жайынча мамиле жасап, жалпак олтуруп, күнөөнүн көбү кимде экенин акыйкаттыкта чечишип алуусу. Мында калыстардын катышууларынын анча кажети жок. Жүйөлөшүүдө күнөөсү бирөөсүнүн мойнуна түшөт. Демек, мындай шартта күнөөгө жыгылган адам жолдугун жасайт. Ошол жүйөлөшүүнүн арты мындан ары ынтымактуулукка чакырат. Мунун экинчи жагы кепке-сөзгө жыгуу, кеп-сөздөн алдыруу болуп саналат.

**Сөз кунары.** «Сыялап жазган жазуу балталасаң да өчпөйт» (макал). Бул — баарыга таандык, мындай учкул сөздөр адамга укмуштай таасир берет. «Ал сөзгө сынды», «ал

кеп-сөздөн калды», «анын түбүнө тили жетти», «анын айткандарынын кунары качты», «сөзгө сөлтүк, кепке кемтик неме», «убададан тайды» өндүүлөрдүн төркүнү сөз кунуна барып такалат. Сөз кунары — бул айтыла турган пикир, ойдун таамайлыгы. Бирөөлөргө жеткире түшүндүрүү, сөз кунун туюнтууда шарттуу жерде адам аттан түшүп берүүсү. Сөз кунары (куну) — өз тилин барктап, баалап багуу. Аны асемдеп алмаздай курч кылып асыроо. Жашоо-турмушта катнаш катары пайдалануу. Бир мисал: Суусамырдын Муз-Төрүндө кетмен-төбөлүк айтылуу манап Керимбай айлап той берет. Тойго меркелик жан досу Тургунбай келип түшөт. Ошондо Керимбай: «Башта Токо?» — деп, көздү кысат. Токтогул ат үстүндө туруп, тойго келген казактарды ыр нөшөрү менен мактоого алат. Кара кашка аргымак минген, жалаң сөөлөттүүлүгү билинген казак төрө ырдын кунуна чыдай албайт. Атынан шарт түшөт да, чылбырды «Меңиз!» — деп Токомду көздөй ыргытат. Эл уудууга алып кетет. Атты, жабдыктарын көрүнгөнү олжолойт. Сөз кунун түшүнүү илгери мына ушундай болгон.

1992-жылы февраль айында чыккан «Ак бата» аттуу журналга берген маегинде атактуу акын Байдылда «Үй тууралуу шааркомго кирдим» — деп, мындан кырк жыл мурунку бир сүртүм окуясын эскерет: «Эл көп, айрыкча жумушчулардан кезек тийчүдөй эмес. Баарынын жазган арыздарынын мазмуну коёндой окшош. Ии, и, элдин баары прозаик турбайбы. Мен акын болгон соң ыр менен жазайын — деп, ошол жерден эле шилтеп калдым:

Мал айдап тоого көчкөн миң,
Баласы менмин көчмөндүн,
Баш маанек берээр бекенсиз,
Байырдайм шаарга деп келдим.
Калаанын ичин жаңылап,
Катар жыл көп үй салынат.
Качантан күткөн кезегим,
Арылап барат, арылап.
Үй-үй деп жүрүп агайын,
Өткөрдүм күндүн далайын.
Болбосо шаардан конуш бер,
Боз үйдү тигип алайын» —

этегине «Байдылда Сарногоев» деп, колду коюп, дарегимди жазып салдым». Бул ыр Министрлер Советине дейре жетип, Байдылда ошентип, бат эле үйлүү болот. Мына, сөз куну так ушундай!

**Ырыс кыркаар.** Бул — терс адат. Кесир кылуунун бир көрүнүшү. Т. а. алдына келүүчү, келген ырыс-кешикти качыруу, ыргыштап, текебердик менен алдын-ала түртүп туруучулук. Мисалы, биринчиден, бирөөнүн ак дасторконун сыйлабоо, кайнап жаткан казанды таштап кетүү, чакырган жерге барбоо, сый тамактын үстүндө кер-мур айтуу, үй ээсин баалабоо, отурушту аттоо ж. б. адептүүлүккө сыйбаган жагдайларды жасоочу адам. Элибиз аларды «ырыс кыркаар», «кешик жукпагандар», «ырысын тепкендер» — дейт. Тескерисинче, ага абийирдүү мамиле кылуучуларды «ырыска шерик» «ырыс-кешиктүү» — дей турган. Экинчиден, кийим кийүү, ат минүү, жаңы үйгө кирүү өңдүү жашоо-тиричиликте да өз ырысын өзү кыркуулар, оң жол турса, башка жакка басуулар, тескерленип, келген дөөлөттү качыруучулар да «ырысын жээчүлөр» — деп аталат. Алар — жекече буюрган олжосуна балта чабуучулар.

Сөз кадырын бийик тут. «Сөзү өлгүчө, өзү өлсүн». «Сөзүң менен ишиң айкалышсын» — сымал накылдардын чыгышы курч сөз темирди көзөгөндөй, мээге таш тийгендей, кулакка шиш киргендей абалга келтиререрин тастыктап турат.

**«Азамат эрге 61 өнөр аз» — дешет.**

*«Өнөрүң болсо өргө чап,*
*Кор кылбай асыл жанды бак».*
*«Эрдин күчү сом темир*
*Эритүүгө дем керек».* *(Токтогул).*

Бул — адамдын тирүүчүлүктөгү бийик сапаты. «Өнөрдүү өлбөйт» — дейт. Анткени анын алтын колунан баары келет. Эмне иш аткарса, төп жасайт. Кыргыз Ата тукуму боорун жерден алаары менен мал чарбачылыкка байланыштуу эмгекке арбын чегилген. Мал тосуу, мал кайтаруу сымал жөнөкөй аракеттен улам кой кыркуу, малга тоют камдоо өңдүү түйшүктөрдөн улам чөп чапса, «чалгычы», кой кыркса «кыркмачы» аталат. Күнүнө 150дөн кой кырккан кыркмачылар, күнүнө гектар чөптү чапкан чалгычылар, ошончо аянттагы эгинди оргон орокчулар чыккан. Бул бир чети кесип, анан өнөр, чабактай туйлатып, азоо кулактап үйрөтүү — эр-азаматтын милдети. Кыргыз жигиттери аттын кулагы менен тең ойногон, чыйрактыкты, шайдооттукту, ыкчамдыкты элибиз жогору баалаган. Бул касиеттер өнөр-кесипти күчтөндүрүп турган. Намысы үчүн балбанга түшсө, найза сайышса, улак тартышса, эңишке чыкса — азамат-эрдин кайраты. Ал бул жерден «балбан», «найзакер», «улакчы», аталат. «Ордочу», «обончу» өңдүү атоолордун өзү эле ал адамдын аброюн көтөрөт.

Кээде, кыргыздын жигиттерине 41 өнөр же кесип керек дейбиз. Ал да туура. Элибиз ат жандуу келет. Атты асырап, минүүнү сүйөт. Аттан тер алууну, атты суутууну, атты таң ашырууну билет. Мунун өзү — билим. Ат таптоо, атты чабууга даярдоо — өзүнчө өнөр. Мындан саяпкердик (саяпкер) пайда болот. Ошол эле адам кыраан куштарды үндөктөйт. Андан мүнүшкөрдүк (мүнүшкөр) келип чыгат. «Ордочу», «упайчы», «тогуз кумалакчы», «тогуз коргоолчу» — минтип атоолордун баары эр-жигиттин дараметинен кабар берет. Атактуу кыргыз акыны Байдылда Сарногоев: «Мидин өзү укмуш адам эле,— деп эскерет устатын,— шахмат ойносо да, бильярд ойносо да, карта ойносо да, адабиятты талкууласа да алдына адам чыгаруучу эмес». Арийне, мунун өзү Мидиндин жекече касиетин, табият тартуулаган бөтөнчөлүктөрүн билдирет. Биз бирөөнү уста адам дейбиз. Бул — жалпы жонунан айтылышы. Ошонун устачылыктын бүтүндөй түрүн кармай билүүсү — анын өнөрүнүн, кесибинин өзгөчөлүгү. «Зергер», «мүйүзчү», «жыгаччы», «өрүмчү», «кайыкчы», «темирчи», «көнчү» — деп берүүбүз да бир эле жигиттин айлакерлигин билдирип турат. Т. а. тирүүчүлүктө адамдын башына эмнелер түшпөйт. Кор болбой жашоодо мындай өнөргө ээ болуу сөзсүз керек.

**Чечендик өнөрүн үйрөтүү.** Мында балдардын сөздү айтууга тили жатыгат, ойлонууга, чечмелөөгө жардам берет. Тарбиялык, таанып-билүүчүлүк мааниси артылат. Макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, таамай ыр саптарын балдарга үйрөтүүдө дагы маанилүү көрүнүш — сөз өздөштүрүүгө жана тил байлыгын арттырууга чоң өбөлгө түзөт. Акындардын мыкты ыр саптарынан, акылмандардын учкул сөздөрүнөн, дидактикалык (тарбия-таалим берүүчү, оң жолго буруучу) чыгармалар пайда болот.

Класстагы окуучуларга төмөндөгү накыл сөздөрдү сунуш кылабыз. Буларды эл жараткан:

«Аары чакса ачууланба, айда-күндө бал жейсиң», «Адал эмгек абийир таптырат, Арам эмгек азабын тарттырат»,

«Адал эмгек нурдантат, Арам эмгек кырдантат»,

«Адал эмгек элге жеткизет, Арамдык, куулук элден безгизет»,

«Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат»,

«Адам эмгеги менен даңктуу»,

«Адамды кийимден таанывайт, ишинен таанийт»,

«Адамды сөзүнөн таанибайт, ишинен таанийт»,

«Адамдын акысын жер кайтарат».

Мында жалаң эмгекке байланыштуу асыл сөздөр сунуш кылынды. Анткени «эмгек адамды көрктөндүрөт».

Жашоо-тиричиликтин булагы болуп эсептелет. Ал эми мындан тышкары өзүнчөлөнүп үйрөнүп алган балдардын макалдарын, учкул сөздөрүн да айттыруу зарыл. Себеби, «ааламдын көркүн көз ачат, адамдын көркүн сөз ачат» эмеспи. Кыргыздар адам аласынан сөз аласы жаман, от чыласынан сөз чыласы жаман, адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат» — дейт.

Демек, тил байланыштын, катнаштын каражаты болгондуктан, сөз айтуу, сөз тыңдоо, сөзгө конок берүү, сөздү кадырлоо, сөздү аздектөө кичинекей чактан калыптанышы керек.

**Чечендикке шартташкан накылдар**

**Жаз деген эмне?**
— жаз аракет.
**Жай деген эмне?**
— жай берекет.
**Күз деген эмне?**
— күз киреше.
**Кыш деген эмне?**
— кыш чыгаша.

**Эмне улук?**

— Адам улук, жан улук,
Жашоо улук, күн улук,
Жан-жаныбар бүт улук.
Жарык улук, от улук,
Ордо күткөн журт улук.
Төшү түктүү жер улук,
Төбөсү ачык көк улук.
Ай-ааламды кыдырып,
Кезип турган жел улук.
Сөөгүндү ысытып,
Эзип турган бала улук.
Топондоп баарын агызып,
Тазалап турган сел улук.
Төбөнду көккө жеткизген,
Туу чокулуу бел улук.

**Эмне ток?**

— Жамгыр жааса — жер ток,
Эгин эксе — эл ток.
Булак акса — көл ток,
Эмгек этсе — эл ток.

**Эмне жок?**

— Эмне жок?
Өгүздө сүт жок.
Мүйүздө кыт жок.
Мөңгүдө жыт жок.
Жыланда бут жок.
Жылкыда өт жок.
Ташта тамыр жок.
Ташбакада арык жок.
Куланда жал жок.
Кууда кал жок.
Аюуда кашка жок.
Токто ачка жок.
Желде түр жок.
Жумурткада кыр жок.
Балыкта үн жок.
Үкүдө күн жок.

**Туугандык.** (Тууган күтүү салты).

«Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат». «Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт». «Тууган жок болсо көрө албайт, бар болсо асырай албайт». (Макал)

Бул — кандаш, жандаш, уялаш, аталаш, урукташ адамдардын жалпы аталышы. Кыргыздар тууган-урук санжырасын жеринен айтып келишкен. Ич ара ынтымактары ширелишип, куйүмдүүлүк кылышкан. Ушундан улам: «Айылдаштардын аты чыкканча, аталаштардын тайы чыксын» — деп, бири-биринин ар-намысын бийик тутушкан, сүрөөнгө алып турушкан. Эки ата өткөн туугандар, үч ата өткөндөр, бара-бара жети ата өткөн туугандар... Мындай жакын-алыстыкты тааный жүрүүнү карыялар санжыра катары айтып отурушкан. Бул ынтымак-ырыска, башкаларга адептүү мамиле кылышка, үйлөнүп-жайланууга, жамандык-жакшылыкта куйүмдүү болушка зор таасир-таалим берген.

Аталаш тууган — эки бир туугандын балдары. Жакын тууган эки-үч ата өткөн тууган. Кыйыр туугандар — төрт-беш ата өткөн туугандар. Ага-инилердин балдарын «уулдун уулу — улактын шыйрагы» — деп да коюшат. Кыз алышпаган туугандар — негизи бир атанын балдары болушат да, алардын небере, чөбөрө, чүбүрө, кибирелери... белгилүү болуп турат. Кыз алышкан туугандар — жети ата өткөн туугандар. Мында шарият. салт, тукум куучулук

боюнча куда-сөөк боло беришке ыктымал туугандар, жыты туугандар, урук, уруулуу бир туугандар.

*«Берери жок туугандан,*
*Бек токуган бөз жакшы,*
*Медери жок туугандан,*
*Бек сүйлөгөн жат жакшы».*

*(Такабай Кара Султан).*

Тууганчылык — зарыл түрдө сакталуучу салт. Мында уруктук, уруулук урушттар, наразычылыктары жаралбайт. Кайра абийирдүү элде, ар-намыстуулугу бар жерде туугандыкты, элчилдикти сыймык катары көрүү керектиги келип чыгат. Ошондуктан, «карыш-карыш, сөөм-сөөм» — дейт. Ал туугандын алыс-жакын аралыгын өлчөп турат. Тууган ичинде: «Карыш бөлүнгөн карыгыча көрүшпөйт» — деген сөз бар.

**Эл өз аттары аркылуу сыймыктануусу.** — Адам аттары да улуттук бөтөнчүлүктөрдү аныктайт. Мусулман элдин абалтан келе жаткан азан чакырып, ат коюуда жекече ой-тилектери бар. Мисалы, кыргыздар үчүн «Аалы» (жогору, улуу) — Акматаалы, Токтонаалы, Сейтаалы, Жумаалы, Турсунаалы, Эсенаалы, Ишенаалы; казактар үчүн — «Бай» (берешен, бай) — Сарсенбай, Дүйсөнбай, Куланбай, Бейсебай; уйгур эли үчүн «Ахун» (төрө) — Хуннахун, Суннахун, Токтахун, Сабитахун; башкыр-ногойлор үчүн «Лин» (улук) — Сайфуллин, Рахматуллин, Хабибуллин өңдүүлөр түпкүлүктүү аттарды түшүндүрөт. Албетте, ар бир улуттун ич ара мүдөө-талаптары бар. Өздөрүнүн мурастык аттарды сактап калуу ар-намысы илгери күчтүү көрүнгөн.

Кыргыздар ат коюуда азанчанын айткандарына макул болушкан. Ал азан чакырып жатканда көзүнө эмне көрүнсө, оюна ким түшсө ошону энчилей коюушу перзенттин азан чакыргандагы энчилүү аты болуп калган. (Ал «Азан чакыруу» макаласында айтылды.)

Кыргыздарда адам аттары союздун доорунда өлчөөсү кургандай, өкчөөсү чөккөндөй өзгөрдү. Совет — Советбек, Октябрь, Саясат, Кеңеш, Закон сымал аттар жайнап кеткен.

1930-жылдардын аягында грузин адабиятынын классиги Шота Руставелининин «Жолборс терисин жамынган баатырын» акын Алыкул Осмонов кыргызчалатты. Эркин да, элпек да которулган чыгарма эл ичине бат тарады. Ошондо Тинатин, Тариэл, Автандил, Авсамат сымал аттар жаңы төрөлгөн балдарга коюла баштады. Ушундан улам

эмне деген ойлорду айтаар элек. Арийне, кыргыздар жаңылыккан бат умтулат. Салттуу жөрөлгөлөрдү тез танат. Бирөөлөрдүн таасирине бат алданат. Жүрүш-туруш сапатын, сырткы кебете-кешпирин тез өзгөртөт. Улут сыймыктанаар дөөлөттөрдү бат жерийт — деген учкул ой-пикирлер тегин жерден эместир.

Кыргыздын жалпак философтору «балдардын аттарын жаңыча мына мындай койгула» — деген жарлык-көрсөтмөлөрдү берген учурлар да болгон. Ошондуктан, кийин Тамара, Мира, Клара, Венера, Роза, Минара, Света, Лира, Замира, Дамира, Замирбек, Юрислан, Юрисланбек ж. б. ысымдар коюлган.

Ооба, мындайлар пайда болгон соң мурунку аттар өзү ошондой угулду. Самар — Самара, Тумар — Тумара, же эркелетүү маанайы орусчага көчүп кетти. Бурулду — Бурулка, Жылдызды — Жылдызка, Чолпонду — Чолпонка, Султанды — Султанчик, Дубанды — Дубанчик, Аалыны — Алеша, Аманды — Андрей, Качкынды — Коля... Ал турсун азыр «мырза», «айым» деген кайрылуу болсо да, Аскар Асанович, Апас Жумабаевич, Шалтак Шакирович... Роза Сабыровна, Мария Базарбаевна — деп чакыруудан кала элекпиз. Албетте, шарият боюнча «уулу», «кызы», «келини» өндүүлөр айтылбай, жазылбай келе жатышы — же орус эмес, же мусулман эмес аразат жолдо калуубуз. Айтса, грузиндер Руставели, Джугашвили, Жапаридзе, Мванидзе, азербайжандар — Мамед оглу, Али оглу, Назим оглу... дешет. Улуту элдир-селдир ара жолдо турган кыргыздардын ат тандоо абалы кайсы болоор экен?

**Жети күндүн символикалык мааниси.** Жума, ишемби, жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, албетте, булар — күн аттары. Буга карата балдардын аттары коюлат.

Кайсы күнү төрөлгөнүнө карай: Жумабек, Жума, Жумабүбү, Жумагүл, Жумаалы, Жумабай, Жумакан... Ишенбек, Ишенгазы, Ишенгүл, Ишенбүбү... болуп кете берет.

«Жети токоч баабедин» дегени — ошол жети күндүн белгиси, Жети сан (көп колду туюндурат.) Жетиген. «Асмандагы жетиген, Ал эмне үчүн жетиден». Демек, наристе жети күндүн биринде төрөлөт. Аны Аначысы төрөтөт, набаттуу байбиче оозантат. Сүйүнчү айттырат, ал үй ээсинин эркинде болот.

Табышмактар, месел түшүнүктөр

7 бир тууган — бир жумада 7 күн бар.
7 дос — 7 өлчөп, бир кес.
7 ууру — жетим акысы 7 дүйнөңдү тарытат.
7 элчи — жетинин бири Кызыр. (Кыдыр)
7 муун — 7 атанды биле жүр.
7 сооп — маркумга «жетилик» берүү.
365 амир кылган (жылдын ичиндеги күн).
38 кызы бар баары жубан, 12 уулу бар, баары кыраан, 9 уулунун пейили жакшы, 9 уулунун пейили жаман.

**Куш келипсиздер!** Бул — адам тагдырынын белгиси катары туюнтулат. Келе жаткан мейманга карата жадырайжайнай айтылат. Мунун бир нече мааниси бар:
1. Таалай, бакыт, тагдырдын белгиси, символу.
2. Келинчек, колукту, үй куту катары да билинет. Мисалы: «Куш боон бек болсун!» Жубан, зайып, келин ж. б. белгиси, м. а. көңүл кушун кошуусу, ага арзуусу болуп эсептелет. Пейил, ниет маанисин билдирет. «Сенин аруу ниетине кушум түштү». Мында энсөөнү айтып турат.

**Элдик убакыт.** Таң каракчы, таң дүмпөйүү, таң кулаңөөк, таң кылаюу, таң аппак атуу — бул бешөө таң тууралуу ич ара бөлүнүшөт.

Анан күн чыккан, күн тоо баштарына тие баштаган, күн көтөрүлгөн, күн жакшы тийген кез. Бул төртөө экинчи көргөн убакыт. Шашке (күн көтөрмө бою көтөрүлгөнү), улуу шашке (күн аркан бою көтөрүлгөнү) жалган түш, анан чак түш (күн төбөдө турганы), түш кыя (күн төбөдөн бир аз кыңкайганы), түш оой баштаган, сарт бешим (күн чак түштөн көтөрмө бою кыңкайганы), кыргыз бешим (күн батаарга аркан бою калганы), ала көлөкө (тоо баштарына көлөкө түшө баштаганы) намаз дигер (тоо баштарындагы көлөкөлөрдүн узара баштаганы) күн батаар (күндүн нуру тоо башына илинишин), күн батканда намаз шам, бүрүл (таанылар-таанылбас, көз байланган чак), эл аягы басылган (эл орунга отурган учур), намаз куптан, тамак ичээр, тамакты текши ичкен эл жатаар, эл текши жатканда, уйкуга кирээрде, эл текши уктаганда, оор уйкунун ортосуна жакын.

Жылдыз толгон учур, үркөр чыккан учур, үркөр көтөрүлгөн учур, үркөр баткан учур. «Тараза жылдыз батканда, таң агарып атканда» Таң заары (зоору).

Таңга жакын зоор деп аталат. Калган убакыт бирдиги насыбай атым, бээ саам, чай кайнам, жарма бышым, эт бышым, түш жарым, жарым күн, бир күн, күнү-түн деп аталат. Мындан башка ачып көздү-жумганча, жарма ичкенче, отуруп-турганча, кийим кийгенче, кирип-чыкканча өңдүү салыштырмалуу убакыт өлчөмү болгон.

**Элдик өлчөм.** Кар жаагандагы кыргыз элинин өзүнчө чен-бирдиктери айтылат. «Кыламык каар жаады», «сагызган изи», «карга изи» кар жаады дегендик. (Бул куштардын изин ачык көрсөтүп турат.) «Койдун туягынан», «аттын чачысынан», «аттын туягынан», «тушардан кар түштү». «Омуроодон кар түштү». Аттын омуроосу айтылып жатат.

Кыргыздар суу кечкенде да бирдемелерге салыштырып айтуу аркылуу ойлорун ачык түшүндүрүшөт. «Суу тизеден экен». «Аттын кара капталын жаап», «Ат агызган суу», «тайыздыгы кызыл ашыктан», «кечкенде кекиртектен келди», «жоон санга чыга түштү» өңдүү болжолдуу салыштырмалар менен ойду даана түшүндүрө алабыз.

Тамак-аштарда, идиш-аяктарда элдик өлчөмдөр бар. «Карындын соргок бурчунан сары май», «Аяк капырталай айран», «Бир чөйчөк талкан», «Бир аяк сүт», «Чымчып буума буудай», «Кол чанач кымыз», «Беш кочуш жем», «Бир кайнатым чай», «Бир татым туз», «Бир атым насыбай», «Бир ууч бадырак»... Мындай өлчөмдөр тилибиздин көркөмдүгүн да элестетет.

Элдик аралык өлчөмдөрү да бар: «бир эли», «үч эли»... Адатта, мал союу да «бир эли казы», «үч эли казы, «таман казы», «кабырганын тышы үч эли» деген өңдүү чен-өлчөмдөр айтылат. Ал эми кийим бычып-тигүүдө эки эли өөн, нукум, сөөм, кере карыш көбөө, милте (Бою бир карыш, сакалы миң карыш — табышмак) деп айтылат. Мындан сырткары, «бир чакырым» (км.), «бутатым», «тайчабым», «атчабым» ж. б. чен-өлчөмдөрү да колдонулат.

**Мына буларды билип ал.** Григорий календары боюнча биз колдонуп жүргөн числолор эч качан өзгөрүлбөйт. «Токсон» 13-декабрда түшөт. Жылдын эң кыска күнү 22-декабрда болот. «Кыш чилдеси» 18-январдан 18-февралга дейре өкүм сүрөт.

«Токсон» 13-мартта чыгат. 21-март «Нооруз» майрамы аталат. Анын түнүндө күн менен түн теңелет. 22-июнь — эң кыска түн. 8-июлдан 18-августка дейре «жай чилдеси» аталат. 23-сентябрда күн менен түн кайра теңелет. Бир жылда 365 күн бар.

## Бир күндүн убакты-саатка бөлүнүшү

1. **Сопу-садык** — түн жарымынан ооп, жылдыз суюла баштаган кез
2. **Таң атар** — жарыктын жышааны келе жаткан учур
3. **Акшам (заар)** — жарык түшүп, бирок күндүн шооласы көрүнө элек кез
4. **Күн жайылган** — Күндүн нуру жер бетине тегиз түшкөн кез
5. **Шашке** — Күн аркан бою көтөрүлгөн кез же саат 10.30. болгон учур
6. **Улуу шашке** — саат 11.30га туура келет
7. **Жалган түш** — саат 12—12.30га туура келет
8. **Чак түш** — Күн так төбөгө келген кез же саат 13—13.30.
9. **Түш ооган** — Күн оң капталга жылган кез же саат 14—14.30.
10. **Бешим** — Күн батаарга аркан бою калган кез же саат 16. 30.—17.00.
11. **Дигер** — Күн тегиз баткан мезгил
12. **Шам** — Күүгүм кире баштаган учур
13. **Куптан** — Көз байланган чак
14. **Эки куптан** — Караңгылык толук түшкөн чак
15. **Түн** — Жандуунун баары уйкуга кирген кез
16. **Түн бышкан кез** — Түн ортосу, жылдыз толгон учур же саат 24.00.

## Беш кол (беш салаа) тууралуу түшүнүк

**Баш бармак** мактап-жактап көрсөтүүдө «эң жакшы», «эң мыкты» — деп айтуунун ордуна калган манжаларды жуумп туруп, баш бармакты өзүнчө кайкалай алып көрсөтүү, 2-ден, илгери баш бармакты сыяга жугузуп, кагазга мөөр басчу. Ал-чындыктын далили, дарек-документтерди күбөлөндүрүү. 3-дөн, бир нерсени бир нерсеге салыштырууну, өлчөөнү билдирет.

**Сөөмөй** — бир нерсени айтууда көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө каратуу үчүн өзүнчө соройтуп, сөз сүйлөө, 2-ден, айрым өкүнүчтүүлүк көрүнүштү сөөмөйдү өтө чычайта, көзгө такай айтуу. «Ал сөөмөйүн кесеп» — деп коёт. 3-дөн, салыштырмалуу өлчөмдү, 4-дөн, «сөөм-сөөм, карыш-карыш» — деген аралыкты билдирет.

**Ортон** — 1-ден, салыштырууну туюндурат. Мисалы, «ортон колдой мал», «ортон колдой там», «ортон колдой ат», ж. б. 2-ден, өлчөмдү билдирет:

*«Биз, акындар, колдун болсок оң-солу,*
*Анда Алыкул ошол колдун ортону.*
*Биз, акындар, жылдыз болсок ободо,*
*Анда Алыкул жылдыздардын чолпону».* (Байдылда).

**Аты жок.** Баш бармак, сөөмөй, ортон колдой буга сапаттоолор болбойт. Ал сөөмөйдөй көрүнөт. Калыңдыкты билдирүүдө сөөмөй ортон менен аты жок кошо айтылат. Мисалы, үч эли, төрт эли (мында чыпалак кошулат). Таман казы (үч эли «таман» чыкты болот).

**Чыпалак** — төрт манжанын эң кенжеси. Ал кичине нерселерге салыштырылат. Т. а. чыпалактын өзүн чычайта көрсөтүүнүн өзү өтө кичинекейди туюндурат.

Калыңдыкты билдирүүдө, мисалы, жылкы союуда анын казысына көпчүлүктүн көңүлү бурулат да, арык-семизин өлчөнөт, чыпалактай дейбиз. Бир эли (сөөмөй көрсөтүлөт) эки эли (ортон кошо), үч эли (аты жок кошо) деп өлчөнөт. «Чыпалак эли» — деп да айтабыз. Бул семиз эмес, «булут», «бычак сырты» — арык дегенди туюндурат.

Балдар: «Баш бармак, бадалекей сүйрү баш (сөөмөй), ортонакей чекилик (ортон), ой баласы Солтоной (атыжок) Кичинекей бөйтөнөй (чыпалак)» — деп, чечмелеп ойношот.

**Жаңы жылдын майрамы.** Бул — эл аралык майрам. Дүйнө жүзүндөгү календарь боюнча ар жылы декабрдын (үчтүн айы) 31-күнү жумурай журт жаңы жылды тосот. Ага карата Балаты коздолот. Аяз ата небереси менен Балатыга келет. Жаңы жылды тосуп алууга журтчулукка кайрылат, куттуктайт, эл менен болот.

*«Кел, жаңы жыл үмүтүм,*
*Кеңешели күнү-түн.*
*Саат 12 болгуча,*
*Зарыкканым ким үчүн».* (Байдылда).

Түнкү саат 12де жаңы жыл келет. Жумурай журт чыдамсыздыкта күтүп алат. Мамлекет башчысы жалпы элди жаңы жылы менен куттуктайт. Жаңы жылда эсен-аманчылыкта болуп, жакшы ийгиликтерге жетишүүлөрүн каалайт. Элде айтылат: «Январда «туулмак бир, өлмөк бир». Адам дүйнөгө бир келет. Артында из калбаса ошол арман. Жалгызды жараткан өзү колдойт. Бирдики-бирдикке, экиники-элге»,— дейт. Бул «кудай — теңирим өзүң жардык бол, жардам бер» — дегени.

**Нооруз (ноорузами) майрамы.** Жаз жакындаганда кар алдынан шаша, жамырап чыга келген Ноорузгүлдүн өңү көк сыя сыяктанат. Бул — жаз майрамынын белгиси. Т. а.

кыргыз, кыпчак, түрк Атанын, м. а., Гузайтанын балдарынын күн-түн теңелгендеги майрамы болуп эсептелет. Тээ, мурунку заманда да кечинде от улуу жагылып, ага баары чогулушуп, «Алас, алас, ар балээден калас!» — деп, оттон аттай, тегерете айланган. Секиришкен. Кыдыр Ата, Умай Эне үймө-үй кыдырып, бардарлар балдарга, кембагалдарга ыйык, улук белек берген. Арийне, бул уламышка өттү. От улуу күйө баштаганда, аксакалдар да кол кармашып, отту айланышкан. Бул — жаңы жылдын оту. Арча, адырашман түтөтүшкөн. Отко май салышып, жыт чыгара ызырыкташкан. Ушинтип, үйдүн, короо-жайдын айланасына «Алас, алас, ар балээден калысты» айтып чыгышкан. Үйдүн ичи тазаланган. Албетте, майрам болгондуктан оюнзооктор уюшулат, шайырлар топтолгон. «Манас» айтуулар болгон. Сүмөлөк жасашкан. Ал — дан түшүмү.

*«Ар дасторкон түрлөнөт,*
*Айтыш көркү — сүмөлөк.*
*Жашыл майга жарашкан,*
*Жаздын көркү — сүмөлөк».*

Демек, сүмөлөк — ыйык тамак. Кайнап жаткан казан түбүнө тартып кетпеси үчүн 42 таш салынган. Ал — Манас атанын чоролорунун касиеттүү сүмөлөгү. Б. а. согушкан чоролордун арбагына арналган. 61 же 63 чакмак таш салынган. Ал Муканбет пайгамбардын жашы үчүн арналган. Мында балдарыбыз пайгамбар жашына чыксын — деген ырымы жатат. Сүмөлөккө мал мууздалбайт. Башка тамактар жайнайт.

*«Кайнап борк-борк сүмөлөк,*
*Казан тынбай көөлөнөт.*
*Алтымыш бир таш шыгырайт,*
*Аллах нурун үбөлөп»...*

Сүмөлөк (өсмөлөк) кайнап баштагандан тартып, «Сүмөлөк ыры» ушинтип ырдалып барат. Улуу майрамда:

*«Кыз куумай», «Эңиш», «Көк бөрү»,*
*Кыргыз салты сүмөлөк.*
*«Жорго салыш», «Эр сайыш»,*
*Жарык жаар, жаар көздөлөт» — деп,*

элдик таң-тамашалардын бардык түрлөрү көрсөтүлгөн.

Жылдар жыла берди. «Элүү жылда эл жаңырат, жүз жылда — казан» — дейт. Заман, доор өзгөрүлдү. Ага карата талап, максаттар да келип чыкты.

Ошентип, «Алас-алас» айтуунун жаңы түрүнө муну кошууга болот:

*Калктын дени сак болсун,*
*Иштеген иши так болсун.*
*Козулары эгиз болсун,*
*Согумдары семиз болсун,*
*Чириген бай, тентиген кедейи*
*жок,*
*Элдин баары тегиз болсун.*
*Кызыл кырманга батпасын,*

*Калкымдын карды ачпасын.*
*Жер титиреп, көчкөндөн сакта,*
*Жаш өмүр жалп этип*
*өчкөндөн сакта,*
*Кыргызды кыргыз кылган салты*
*болсун,*
*Салтын сактоо жаштардын*
*акты болсун.*
*Ичтен-сырттан утуш алып,*
*Элимдин чүкөсү дайыма алчы*
*консун.*
*Эгиндерди, жемиштерди*
*үшүктөн сакта,*

*Кайра сээп кан какшаткан*
*түйшүктөн сакта.*
*Короо-короо кой айдайлы,*
*Желе-желе бээ байлайлы,*
*Карды сүрүп, улам көктөп*
*жогорулап,*
*Төрдү ашып, жылдызга*
*жакын жайлайлы.*

*(Жекшен Асанкожоев).*

**Тең туугандык.** Бир атанын балдары, айталык, жети атабызга дейре кыз алышпаган тууган болгондуктан, андан тарагандардын, ага-инилеринин тукумдары бирдей тууган катары саналат. Т. а. экөөбүздүн атабыз бир тууган, менин чоң атам менен анын чоң атасы бир, бабабыз менен бабасы, бубабыз менен бубасы бир туугандар — бул тең туугандар болуп саналат. Мисалы, менин баба атам менен анын чоң атасы эле бир тууган болсо, ал менден алда канча жаш дейли, ал менин чоң атам менен укугу тең келет. Мени «уулдун уулу, улактын шыйрагы» деп коюшат. «Туугандын топурагы — алтын». Ич ара ража — «Ынтымак» мамилелерин чечүүдө тең туугандардын кеп-кеңештери зор.

**Учурашып чыгуу.** Бул — байыркы ата-баба салттарынын биринен. Бир жакка барып, арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин кайра аманчылыкта үйгө келгенде улууларга, айыл кадырмандарга аттанып, атайын барып учурашып, кол берүүсү. Албетте, мында ызааттоо, ал адамды арка-бел — тутуу, ар бир уруктун сыймыктуусу катары көрүү сезими пайда болгон. Ушундай шарттар аркылуу кичүүлөр өсөт, адептүүлүк жагына баш коёт. Ички ынтымактуулук артылат. Ал адамдын басып өткөн өмүр изи кийинкилер үчүн үлгүгө, нускага айланган.

«Салам айтып чык», бул — улуулардын таарынып калбоосу, жаштардын мурунку жол-жобону сактай жүрүүсү. Кийинки муундардын таалим-тарбиясы менен өсүүсү. Улуулар, минтип, ар дайым айтып, теске салып, өзүнүн өрнөктүү жолдорун көрсөтүп туруусу аркылуу каада-салтыбыз өз нугу менен бармакчы.

**Уяттуулук.** Адатта, кыргызда мырза — айым, улан — бийкеч, же жаш жигит — колукту, эрди — зайып, абышка — кемпир, карыя — байбиче, т. а. «тең теңи менен, тезек кабы менен» дейбиз. Эми булардын ич ара мамилелери кандай болуучу.

Ооба, мырзаны мыкты кылыш айымдан, ургаачыдан, «Аял жакшы — эр жакшы, Увазир жакшы — хан жакшы» — деген накыл жеринен айтылууда. Ата-бабалар баскан чыйырда кыргыздарда ички турмуш-тиричиликтин күндөлүк колдонуучу мыйзамында мырза — эри, айымы — зайыбы, же жары дейли, эл көзүнчө ырсакташып көрүшүү, бир жак сапардан келишсе, чопулдашып өбүшүү, андай жорук ички маданиятка жатпаган. Ар нерсенин, уяттуулуктун терең эрежелерин кармаган, канчалык сагынычтуу көрүшсө да, ошол эрежелерди абийир, адеп, пир, туруктуу туткан сапат болуулары тийиш. Арийне, сагынычтары көмүскө сыр, жашыруун шартта алар бири-биринин кусалыктарын жазып алуучу. Ал эми көпчүлүк көзүнчө көрө койгонсуп, өз ара «жалашып», тургандарды көзгө илбөө элибиздин тарыхый жана таалимдүү маданиятына коошпогон. Бул үлгүнү эрди-зайыптар бирдей сактагандыгы үчүн ушул күнгө жетип отурат.

Турмуштун тигил-бул тарабын таттыгып келген мырза-айымдарга караганда улан-бийкечтер үчүн уят-сыйытты сактоо өтө назик, уяң, ортодон жел өтпөгөн даражада болгон. Алар бири-бирине сүрдөнчөөк, наристе сезиминдеги махабатын айта албай аптыгып, ортомчул данакерлер аркылуу кепке келүүгө, ооз ачууга араң барышкан.

Бийкеч — беш кекүл кыз, кыргыз ата-баба салтында «кыздын сүрү күчтүү» — дешкен.

Ал мурункулардын ыйманына, жүрүш-туруштарына, келтирген салттарына байланышат. Ошон үчүн жеңелерисиз кыз айыл аралабаган. Дайыма үй маанек, эне адаты, жеңе жолу менен күндөлүк тиричиликке багыт алган. Кирди-чыктылардан ийменүү, дабыш алдырбоо, бир нерсени ирээттүү тейлөө — улуулардын нускасы. Бир сөз менен айтканда, «кыз бар үйдө кыл жатпайт». Бул баарына таандык акылман макал болуп саналган.

Кыргызда бийкеч, бешкөкүл, колукту, келинчек, келин, зайып, андан ары жашына карата айтылып барат. Булар бекеринен минтип бөлүнбөйт. Уяттуулугу, билимдүүлүгү, ызааттуулугу, нарктуулугу, таалим-тарбиясы артыла берет.

«Түкүнчөнүн колуктусу (адатта, төрөгөнгө чейинкиси) ыймандуу, жоош», «Баланчанын келинчеги шайдоот, элпек, баскан-турганы илбериңки», «Картаңбай карыянын келини билгиликтүү», «Кармыштын зайыбы, кудай ургур, тастак, улуу-кичүү отурганын билбейт». Узун сөздүн кыскасы, баары бул түгөл дүйнөдө сыдыргыдан өтүп турган. Мына ушундай жагдайлар аркылуу турмуш — жашоо мелт-калт чайпалып да, дымып да, пендечилик өз күнүн көрө берет.

Азыр айлана-чөйрөбүз өлчөөсүз өзгөрдү. Ат, эшек, өгүз, төө минүүчү доору машиналашты. Шаарларда автобус, троллейбустар жүрүп, жүргүнчүлөрдү дембе-дем ташуу менен алек. Шартка жараша мында да адептүүлүк-ыймандуулук өкүм сүрөт. Мунун аялын, айымдарды, колуктуларды, бийкечтерди, зайыптарды колун кармап, эркектер өбүү озуйпасы жок эле. Ырас, өбүшүү тууралуу сөз чыгып кетти. Анда мындай кыргыздарда карыялары, байбичелери, эр-зайыбы, тайаке-жээндер, бөлөлөр, мырза-айымдар, куда-сөөктөр бири-бири менен ооздон өбүшүүчү эмес. Кичинекейлерди өөп коюу жеринен бар эле. «Капырай, көрүп-билип туруп баланы өөп коюуга жарабайт», «колуна алып койбойбу...» өңдүү сөздөр жеринен айтылат. Туура, колунан өөп коюш, төтөн, бөбөктөргө таандык болуучу. Өбүшүү аземи кийин чыкты. Жаш-карыга карабай ооздон өбүшүү жапырт тарады. Адамдардын саламдашуулары, бири-бирине учурашуулары, таанышуулары обу жок өбүшүүгө айланды.

Учурашуу, кол беришүү, шабдандуу колдон алып, бирини жүзүн бири карап, ал жайын кошо сурашуучу; өтө асылкечтер, жакындар, жакшы санаалаштар кучакташа көрүшүүчү, жаактарына жаактарын тийгизүүчү. Келин-ке-

зектери жүгүнүүчү, ургаачылар жең учтарынан кармашуучу.

Мурунтан келе жаткан таалим-тарбия — түпкү булак. Автобуска, троллейбуска мурун карылар, зайыптар, кыз-келиндер, анан жигиттер, уландар, тестиерлер кирип орун алат. Коомдук орундар ар дайым адамга сын берет. Коомдук унаада эл көп болсо да, айрымдар шашып жатса да, башкаларды түртүп түшпөй, мырзалардын астыга өтүшүнө мүмкүндүк берет. Айымды колдон алып, түшүүгө жардамдашам деп, кемпирди ары түртүп, баланы бери түртүү жигитчиликке жатпайт.

Сиз шеригиңиз экөөңүз бараар жериңизге жеткенде машинеден атырылып түшүп, эшикти катуураак жаба салууга шашпоо керек. Түшүнүктүү айымдар антпейт. Сабыр кыла турсаңыз, жигитчилик кылып, мырзалар түшүп, Сиз тараптын эшигин ачып, колуңуздан алып, түшүүгө жардамдашат.

Түшүнүктүү айым шериги менен баратып, кайсы эшик болсо да, аны биринчи ачууга ашыкпайт, кичине токтоп калып, жигиттерге ачууга жана айымды алдыга өткөрүүгө мүмкүндүк берет.

Акчага байланышкан учурларда (ресторан, дүкөндөрдө) сумкаңызды аңтарып, капчыгыңызды издеп калбаңыз. Мүмкүнчүлүктү жигит алат. Эгер мырзаңыз өзү төлөөрүн билдирсе, талашып-тартышпаңыз. Бересеңизди мүмкүнчүлүк таап, кийин деле берип койсоңуз болот.

Түшүнүктүү айым мырзанын көзүнчө бир нерсесин түшүрүп ийген болсо, аны шашылып алууга ашыкпай, мырзаларга мүмкүндүк берет. Шашкалактоо жигитчиликке деле коошпойт. Анча-мынча пауза боло калса, эчтеке эмес, бул айымдын аялзаттык арүүлугун, эркектин эр көкүрөк жигиттик касиетин көтөрөт.

Эгер жан шеригиңиз этикет жагынан кичине аксап турган болсо, өзүңүз жардамга келип туруңуз.

Мырзалар жана айымдар жакшы тарбиялуулуктун белгиси — жасанып-түзөнүп жүрүүдө, же сүйүү таржымалында эмес, ал жашоо образы, аял менен эркектин ортосунда өз ара сыйлашуу мамилеси экенин унутпаңыздар. Эгер Сизге мырзалар жигитчилигин көрсөтпөгөн болсо, кемчилик өзүңүздөн кеткен жок бекен таразалап да көрүңүз?!

**Болушаары барбы?** Бул — тууганчылыктагы айтылаар сөз. Т. а. уруша, тартыша, талаша түшкөн учурларда бирөөлөргө ич ара жан тартуусу. Ошонун ар-намысын сактоосу. Мисалы, эр-аялдардын чатактарында төркүндөрүнөн

болушуп, кызын чыгарып алууга чейин калп да болсо карпа-күрп урук-ураан талашуусу.

**Уяткарбоо.** Бул — бирөөнүн айыбын чукубоо, эл көзүнчө билдирип, адамды ичтен кыжалат кылбоо. Маселен, конокто, коомдук орундарда отургандардын кемчилиги билинип калса, кыргыздар аны ошол замат чуулгандатып, түндүктү көтөрүп жибербеген. Анын абийирин өз абийириндей сактаган. Тамактын тузу кемби, эт жеп жатсаң анда жыт барбы, же курттап кеткенби, какап-чакап калабы — муну шек алдырбаган. Болумушта айрымдар тууураган этке койдун, тайдын томугун кошо, сөөк аралаштырып эт жуткурган. Ошондо да ичтен кусаматтарды — «тамашаларды» билген. Билип туруп, байкамаксан болгон, тишке сайылган сөөктү аттанып мындай чыгаары менен кан-сөлүндө бүркүп, түкүрүп салган. Бул дасторкон жайган үйдү сыйлоо, урматтоого жатат.

**Кыйытуу.** Адатта, сөздү тике айтпай, адамды туура эмес абалда калтырбай, акырын маанисине карап, түшүндүрүү — туюндуруу адеби кыргыздардагы мыкты сапаттардан. Мисалы, бирөөлөргө салыштыруу аркылуу ага айта турган акыл-оюн билдирип койгон. Бул «керегем сага айтам, келиним, сен ук» — дегенге барабар. Мында сөз маданияты жана сөз чеберчилиги сакталган. Балдарынын көзүнчө «Алыбайдын уулдары эстүү», «Кудай ургур десе, Ашымдын балдары эси жок өсүптүр», «Ата-энесин көзгө илбейт, тилин албайт, шаардап, көчө таптап жүрөт, ичет тура», «Жаман жүрүү да, жаман туруу да ар адамдын өзүнөн» ж. б. кыйытуу сөздөр адамга алдыртан тарбия — таалим берет.

**Адамдардын ич ара ызааттоолору.** Кыргыздар тууган-уруктарга, жерге-жээктерге, айыл ичине бөлүнүүдөгү бөтөнчөлүктөрдүн бири улуу-кичүүлөргө мамиле кылууда сылыктык, кичипейилдүүлүк, эркелетүүчүлүк укмуштай нарктуу, салттуу болгон. Бул — улууну урматтоонун, кичүүнү ызааттоонун накта белгилери. Мисалы, Токтонаалы карыяны улуу-кичүүлөр жапырт «Токо», «Током» дешчү, атам Акматаалыны «Акым», «Акы», «Акай», Сейтаалыны «Секе», «Секем», «Сейтеке», Султангазыны «Сукай», «Сукайым», Өтөгөндү «Өтөм» же улууларды туурат кичүүлөрдүн «байым», Жумабекти — Жумакем, Боообекти — Бокем, Абдымамбетти — Абыкем, арткы мүчөсүн буруп коюлар — бири-бирин ызаттоолору. Уулбегим, Амантайым, Уланбегим Урматым ушул сыяктуулар өзүнө таандык сылыктыктан келип чыккан.

Тентимиш ажы, Жусуп молдо, Көбөгөн калпа, Боога-

чы болуш, Чоко баатыр, Өтөгөн чечен, Акмат санжырачы, Саргалдай ордочу, Бекбосун бакшы, Төлөгөн табыпчы, Осмонаалы мерген, Турабай бүркүтчү, Бешкүрөң мүнүшкөр, Бекбото ырчы, Эшимбек саяпкер, Капар уста, Оттукташ зергер, Турумбек балбан, Ыдырыс улакчы ж. б. у. с. өнөр-кесиби менен кошо айтуулары — аларды эли-журту сүймөнчүлүктө көрүүлөрү.

Мындай оң таасир берүүчү жагдайлар менен кошо терс атоолор алардын мүнөздөрүнө байланышкан жүрүш-туруштарында да арбын учурайт. Алсак, Мамыт куукаптал, Мамбет куружалак, Бейшенбай чулдур, Тентибек кекеч, Тыныбай калдырак, Алдаяр куу чирен ж. б. адам аттарынын алды-артынан сокур Төлөбай, көккөз Баркалбас, чекир Сарыбай, талма Кылычбек, жинди Ысакбек т. а. ага мүнөздүү сапаттары кошо айтылган чактары да болот.

Айрым учурларда уйкаш аттагы адамдарды бири-биринен айырмалоо, анын жекече касиетин мындай чыгаруу үчүн, жакшы маанайда атоолор да бар. Мисалы, «кайсы Сулайман?» Акжүрөк Сулайман, Айтмамбеттин Сулайманы, Тезекбайдын Сулайманы, Кайсы Сабыр? — Бешкүрөң Сабыр. Кайсы Казы? Арыкбайдын Казысы, Чоконун Казысы, Аштыкчынын Калыгы, Найманбайдын Мукашы, Орозаалынын Кадыры. Уругун кошо айтууларда бар: Чагалдак Кадыр, бердибек Алжан, моңолдор Кожо ж. б. ушундай сыпаттоолор аркылуу биз адамдардын даректерин билип алабыз. Мында алардын ата-теги, чыккан уруусу да эске келе түшүүдө.

Кыз-келиндерге, зайыптарга, байбичелерге карата сыпаттоолору, таанып-билүү сапаттары бар. Мында да жылуу сезимдер ыроолонот. Ал Тезекбай байдын кызын алган, Тилебалдынын кызы Батманы кудалашкан, Элебестин Акыясы, Манастын Каныкейи, Эр Төштүктүн Кенжекеси, Семетейдин Айчүрөгү, Алмамбеттин Аруукеси, Курманбектин Айганышы, Малабектин Ак Зыйнаты, Байтиктин Апары, Актандын зайыбы Ажар ж. б., албетте, мындай атоолор адамдык сапатты билдирет. Үлгү болуучу мааниге эгедер кыргыздар колукту, келинчек, жубан, зайып, байбиче деген өңдүү сөздөрдү арбын колдонушкан. Буга күйөөсүн кошо айтуу нарктуу сезилет. «Калыгулдун катыны» дегенге караганда «Калыгулдун зайыбы» — деп айтыштын өзүндө канчалык сылыктык баамдалып турат.

Коомдук турмушта ата салтын жандандыруу башынан эле адам мамилелерин жөнгө салууга багытталгандыгы талашсыз чындык. Жөнөкөй элден тартып мамлекет башчысына чейин бардыгына бирдей, бардыгына жагымдуу шарт-

тар түзүлүшү үчүн коомдун ар бир мүчөсүнүн керт башынан тазалык, адамкерчилик, ар-намыс талап кылынган. Т. а. мамлекет башчысына да, калкка да каада-салт жолу бирдей болгон. Аны аткарууга милдеттүү.

Салтты бузууга ар ким эле даай албаган. Аны бузгандар «эл бузар», «журт бузар» деп жектелип, элден да, журттан да чыгып калышкан. Адамдык жазанын эң оору да, эң ырайымсыздыгы да ушул десек болот. Элден чыгып калган адам жек көрүмчү болуп, башка элдерге да бата алган эмес. Ар бир адам өзүн жана үй-бүлөсүн шерменде кылбоо, сөзгө жыкпоо, жер каратпоо үчүн салтты бузууга барбаган.

Кыргыздарда аялдын үй-бүлөдөгү орду да өзгөчө баакамсыз кылууда алардын эмгеги эбегейсиз экендиги чындык. «Жакшы зайып жаман эрди эр кылат, жаман зайып жакшы эрди жер кылат».

*«Жакшы болсо алганың,*
*Табыла берет акылың,*
*Жаман болсо алганың,*
*Жалынсаң келбейт жакының»,*

ж. б. накыл сөздөр бекеринен чыкпаса керек. Зайып — үй-бүлөнүн куту, кыймылдаткыч күчү.

Кыргыз философиясы кары адамдын коомдогу ордун бийик кастарлаганы, аруу тутканы, алардын айтканы кийинкилер үчүн сөзсүз үлгү гана эмес, ыйык экендигин күбөлөп турат. «Карысын сыйлабагандын карды тойбойт», «Атанын каргышы — ок», «Атанын каргышы кайтпайт» ж. б. накыл сөздөрдү жадыда сактоо зарыл.

Кыргыздар тарбияга чоң маани беришкен. Баланын жакшы жана жаманын тарбиядан көрүшкөн. «Жаман адам жок, адамдын баары эле бирдей, тарбиясы ар башка» — дешкен. Мунун өзү — адамдын табияты бир, кийин аны тарбия же жакшы, же жаман кылат дегени. Бул «уяда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» дегенди билдирет.

Адамды тарбиялап, оң жолго салууга, анын табигый сапатына табылга сапаттарды кошууга боло тургандыгына ишенишкен.

Ата-бабаларыбыздын адеп-ахлактык нормаларын калыбына келтирүү, аларды кайрадан жандандыруу — тарыхый зарылчылык. Урматтоолору, ар намыстуу болуулары, адамкерчилиги, боорукерчилиги, айкөлдүгү, жоомарттыгы, сарамжалдуулугу, ак пейилдиги, тазалыгы ж. б. касиеттери үй-бүлөдө гана эмес, бүтүндөй коомдук мамилелердин дымактуулугуна жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет...

## Жөнөкөй адептер

Чайнап жаткан тамакты толук жутмайын бата тиленбейт. Өз алдынча бата кылбайт. Туруп кетпейт. Батадан кийин алчактатып чайнообуз, чайнап жатып сүйлөөбүз адеп эмес.

Көпчүлүктө, эл алдында бирөөлөрдү карап шыбырашуу да маданиятка жатпайт. Алар суунун өйүз-бүйүзүндө турса да, же бир отурса да ачык сүйлөшөт. Адептүүлүк, ачыктык жагынан Кыргыз Ата тукуму айкөл келет. Бирөөлөр уктап жатса, беркилер ич ара сүйлөшүүгө, катуу үн чыгарууга болбойт. Аны ойготуп коюу — уят. Улуулата сөзгө конок берүү керек. Сөзгө конок берүү — анын сөзүн кунт коюп угуусу, адамдын айтып жаткан сөзүн бөлбөөсү, астейдил отуруусу. Кеп алдын торобоо. Үйдө же уй мүйүз тартып отурган адамдардагы бирөө кызуу, кызыктуу окуяны айтып, же санжыра чечип, көпчүлүктү өзүнө буруп жатканда эшиктен кирген, келген адам жалпыга жарылдап салам бербейт. Баары менен кол алышып, үндү катуу чыгарып, ошол тынчтыкты бузбайт, четине келип тып отурат. Сөз угат. Жуп бүтөөрү менен өйдө туруп, улуулата салам берет. Ал-жай ошондон кийин суралат.

Көпчүлүктүн көңүлүн буруп, аңгеме учугун саптап, сөзмөр айтып бүтмөйүн угуучулардан туруп кетүү уят. Сөз тыңдоочулар бар. Алар угууга куштарлар. Ушундан улам куйма кулак (айтылган сөздү илип алуучулар) акма кулак (бир жагынан айтса, бир жагынан унутуп калуучулар, көкүрөккө түйбөөчүлөр) чыгат.

**Түндүк көтөрүү.** Адатта, кыргыздарда боз үй көтөрүү — салтанаттуулук. Керегe жайылат, түндүктү көтөрүүдө ошол үйдүн ичине арча түтөтүп, улуулар аластайт. Майдан жыт чыгарат. Бул үй майлуу-сүттүү болушуна символдолот. Келин-кезектер ак элечек байбичелердин көз алдында жүгүнүп кирүүсү шарт. Ал ынтымак-ырыска таазим кылуу.

Мына ушундай көөнөйдө байбичелер аларды алкашат, баталарын беришет. Көтөрүлгөн түндүккө ууктар туш-туштан сайылат.

**Устун көтөрүү.** Бул түндүк көтөрүүдөн кийин чыккан. Жер үй салуудан улам пайда болгон. Т. а. тамдын дубалы тургузулган соң, түндүк көтөргөндө мал союп, учуна кездеме байлап, ырымдап, устундук жыгачты дубалдын үстүнө чыгарып, жатак алдыруусу. Кол кабыш кылгандар малдын этин жеп, баталарын берүүчү. Кирүүчү үй майлуу-сүттүү, ак жолтой, бала-бакыра, небере-чөбөрөлүү болушун каалоо.

**Төлүү (малды телитүү)** — көчмөндүү кыргыздарда бул мал чарбачылыкка карата аткарылуучу. Беш түлүк малдын төлдөрүн (кулун, музоо, мамалак, бото, козу, улак) бирөөлөрүнө жагызып эмизүү. Муну минтүү үчүн айрым ырымчылардын өзүнчө ыкмалары боло турган. Торолуу учурларында башка төлдүн куйруктарына эритилген тузду сүйкөгөн. Эмизүүчү мал аны жыттап, жалап, ошондон соң, саалып жаткан малдын ийип кетүүлөрү болгон. Өлгөн төлдүн терисин кеп, тулуп кылып да, аны малга телитип алган.

### Кыргыздын сын-сыпаттоолору

Кыргыздар адамдардын сын-сыпаттарын, өңү-түсүн, төмөндөгүдөй түрдө бере алышкан:

Кара тору (кара торунун сулуусу), кызыл тору (кызыл торунун сулуусу), ак жуумал (ак жуумал сулуу), ындыкара, сары чийкил, сары (эзилиңки сары, эжигейдей эзилген сары), ак саргыл, кубакай, куба жүздүү, кырдач мурун, кыйгач каш, ак маңдай, сурма каш. Турна моюн, алма баш, каркыра моюн, бото көз, чап жаак (шап жаак), чырымталдуу, кырчоолуу, боорсок бет, бүркүт кабак, кыргый кабак, күйкө кабак, куш тумшук, бөдөнө тумшук, кузгун көз.

Кээде терс сүрөттөөлөр да боло калат. Ал элик мурун, калак мурун, кем ээк, соку баш, чекир көз, шалпык эрин, керки баш, бүтүк көз, кайкы мурун, үтүрөкөй... өңдүү сыпатталат.

Тараз бойлуу, шыңга бойлуу, жапалдаш бойлуу, узун бойлуу, кең далылуу, тегерек тарткан, эки ийнине эки бүркүт отургандай, толмоч, арыкчырай, экчелген сымал сырткы сыпаттоолор бар. Албетте, муну азыркы муундардын арбыны айра тааный алышпайт.

Кыргызда мырза жигит, улан деген туюнтмалар бар. Адатта, булар жаштыкты билдирет. Тааный келгенде мырза деш кол тийгис, жеңил-желпи айта коюучу сөз эмес. Мырзаны жигиттерден тандай билүү керек. Келбети келишкен, акыл-ою ордунда, мансабы бар, басканы-турганы орундуу, жигиттик доорду ойдогудай өткөргөн, чоң-кичинеге алынган күлгүн курак. Мунун элүүдөн ашып, эр ортону болгондорго, алтымыштан ашып, абышка атка конгондорго карата айтылышы ылайыксыз. Бул бүгүн мурунку Союздун убагындагы жолдош (товарищ) дегендин ордуна колдонулуп калды. Ошондо жолдош тең укуктуулукту, улуу-кичүүгө бирдей мамилени билдирүүчү. А мырза, мырза чыкма болсо жаш өзгөчөлүктү түшүндүрөт. Эгер мырза

Апас Жумагулов, мырза Турдакун Усубалиев, буга «евичти», «овичти» кошо айтууда, демек, алтымышты ашып, жетимишти желкелеп, сексенди серпем деп тургандар үчүн, албетте, кулакка анча жылуу угула бербейт. Булар куттмандуу карыялар, калк билермандары, «карыя» деп эле айтса жарашат.

Азыр турмуштагы жаш колуктулар, жаш келин, андан ары зайыптар болуп айтылат. Буларды айым десе жарашат. Элүүнү эңиштеген ургаачылар, негизинен пенсия сапарын улоодо. Анда эмесе, буларды «айым» деп айтуунун зарылчылыгы барбы? Пенсия карылыкты билдирет. Эми эс алсын дегендик. Организм чарчады-чаалыкты, эмгектенүү жөндөмдүүлүгү солгундады дегендик. Эт менен челдин ортосунда мурунтан эле баары бир мырза ат алып иштемиш болуп жүргөндөр бар. Мында эркекпи-ургаачыбы эс алуу сапарындагыларды карыя, байбиче деп айтуу — ата салты, эне адеби.

Турмуштана элек кыздар бар. Алар да коомдук иштерге жандуу катышууда. Өз кесибинин адистери болуп эсептелет. «Бийкеч» деген төл атоо бар. Аны «Айым» деп айтуунун өзү олдоксон угулаары белгилүү. Бизде айым Анар Садыровна, айым Тамара Медеровна, демек мында айымды айтып, анан «евна», «овна» дештин кажети жоктур. «Дарыкананын башчысы бийкеч Турсунай Эмилбек кызы, журналист — бийкеч Токтобүбү Кадырбай кызы» — деп чакыруунун өзү жөндүү го? Анткени, турмушка чыга электер бийкеч деп аталат.

Кыскасы, кыргыздардын сын-сыпаттоолору да этнографиялык тактыкты, төптүктү, адептүүлүктү, сылыктыкты талап кылат.

**Жаштык.** Бул — өзү эле кол тийгис сулуулук. Бул — абалтан айтылган кеп. Тирүүчүлүктөгү алгачкы ооматы келген бир учур. Кыздарыбыз кирди кол менен кармагыс асылзаада, акак таш чөгөрүлгөн буюмдардай. Ошого тете уландардын да сын-сыпаттары бар. «Кыздай сылык», «уяң» (бул өтө назик деген түшүнүктү берет). «Жибектей созулган кыз мүнөздүү» — деп баалайбыз. Ошондо кызулан — жаңы ачылган жанаша чыккан эгиз гүл. Алар жыпар желге бой ыргап турушкандай туюлат.

Мына ушундай баага татып келишкен жаштар — кызуландар адепти, абийирди, салтты, үрп-адатты сыдыргыга салгандай саптап, сактап келишкен. Жаштардын салтта, наркта жок адепсиз жүрүш-турушари ата-энени, агатууганды, бир айылды, элди, кала берсе, жерди жер каратып коюшкан. Өз учурунун «нокто-жүгөндөрүн үзүүчүлө-

рүн» журт өзүлөрү эле жазалап таштаган. Уяттуулуктун күчү жогорку чекке жеткен. Ал «абийир» деп аталат.

Кыз-жигит жеңелери аркылуу кыз оюндарында гана сүйлөшүүгө, жүздөшүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Күйөөлөп баруу, кыз көрүп келүү — өзүнчө сөөлөт, кыз менен сүйлөшүү — жаштык дымак. Айлуу түндөрдөгү жаштардын оюн-тамашаларына катышуу аркылуу алар мүдөө-мураттарына жетишкен. Калыс сынчы — эл, уюткулуу журтчулук. Кимдин баласы, кимдин кызы кандай өсүп жатканын, эмне иш колунан келээрин, узбу, устабы, эпкиндүүбү, күжүрмөнбү, шайырбы, шамдагайбы, балбанбы, өткүрбү, же жоошпу, теңизби, айкөлбү, жалкообу — муну эл тааныйт. Ошолор баалайт.

Улан ат жалын тартып мингени — анын эрезеге жеткени.

Беш көкүл кыз бой тартканы — бийкеч болгону.

Эми турмуштун өз тизгинин өзү кармоого камылгасы. Албетте, колдон суурулган эчен бир азаматтар бул учурда үйдүн-жайдын, элдин-жердин камын ойлоп калышат. Топко кошулуучу жаштардын өз оюн-зоокторунда эле көзгө көрүнүүсү, мында ошондой шаң-шарапаттуу жайларда жылдыздары табышкан. Жаштардын махабаты жылт-жулт этип, үй-бүлөчүлүк, келечек жашоо тууралуу үмүттөрү, умтулуулары өзүнөн-өзү пайда болгон.

Эмне үчүн эми жаштар туура эмес жактарга келишүүдө?

1-ден, нарктуулардын көзү жумулду. Алар адамдык касиеттерди өзү менен кошо ала кетишти. Кийинки муундар муну тутууга өзүлөрүнүн чама-чаркы жок. Кайдан алар беркилерге өрнөк көрсөтүүчү даражага эгедер болушат.

2-ден, деле улууларда, ата-энелерде, ага-туугандарда тескөө жок, кайра кенебестик бар. «Заман ушундай», «Ар ким өз туштугун көрүүсү тийиш»,— деп бүлөп коюшат. «Заманың бөрү болсо, бөрү бол, жору болсо, жору бол, түлкү болсо, түлкү бол»... Бул — элдик ар-намысты ыргытып таштоо; энөө элде кайдыгерлик башка чыгып отурат.

Ушундан улам, уяттуулуктун бет пардасы сыйрылды. Мындайда коомдук орундар, көчө, баскан-турган жерлер, автобус, троллейбус ичи ж. б. куттуу жайлар сындан абдан өткөрүүдө. Баамдоодо, уландар-кыздар андай шарттарды сыйлабайт, кичипейилдиги, сылыктыгы жок — дейбиз. А айтымдарында, кыздар балдарды теңине албайт, башкаларды, акчалууларды ээрчип кетет имиш. Беш көкүлдөрдүн жүрүш-туруштары уландарга одонороок сези-

лет. Улуулар кыздын кыздай өсүшүн, өз басыгы аркылуу барышын, жосундуу турмуш куруусун самашат. Ага айрымдары моюн сунушпайт. Акыры тажаган ата-энелери: «Мейличи эми, аман эле болсунчу, жеке эле биздин балдар бекен, билгенин кылсын»,— дешет.

Сөздүн ток этээр жери, ооба, кыз бала назик. Ал баары бир биреөнүн бүлөсү. Ата-эне да ушинтип бөпөлөп, турмушка аткарышат. Уландарда эркектик ар-намыс тутанып турат. Булар — келечектеги түгөйлөштөр. Экөө тең бири-бирин уяндыгы, сылыктыгы, сыйдалыгы, назиктиги менен жалпы мамиледе боло албай жатышын айтып жатпайбызбы?!

*«Жаман болчу жаштарда,*
*Одоно жаман ат болот*
*Оройлонуп ал жаман,*
*Ага-иниден жат болот».* (Сарт Аке).

Аманат. Бул — адамдардын тактыктагы жана төптүктөгү ич ара мамилелери. Оозеки түрүндө аны өзүндөй кылып аткарууга сөзсүз тийиш болгон салам-дубайлары:

1-ден, тапшырган ишти жасап коюу;

2-ден, берген нерсени дал өзүндөй алып барып берүү. Ал өтүнүчтөрдү аткарбаса мойнуна карыз болуп калуу;

3-дөн, айттырган кеп-келечти өзгөрүүсүз айтып баруу; Мына ушулардан улам «аманат айттырган», «аманатка берип жиберген», «ал аманат айттырыптыр», «анын аманатын аткаруу керек», «аманатты аткарбаса уят» сымал ой-пикирлердин таалим-тарбиялык мааниси өтө зор.

«Аманат калтыруу», «аманат берүү», «аманат айттыруу» — булар кат-кабарсыз эле Кыргыз Атанын ар мамилеге калыстыгын, алымдуу-беримдүүлүгүн айкындап турат.

Аманат — ата-бабалардан келе жаткан эски каадалуу салттардан. Баалуу буюмдарын-тайымдарын биреөлөрдүн колуна калтыруу. Башкаларга мал кошуу, жайытка мал чыгаруу, мингичке мал берүү, бирдемелерди биреөлөргө ишеним менен тапшыруу, шашылыш салам-дубай айттыруу, жекече өмүрдө кызыктуу окуяларды эскере, баяндай жүрүү өндүүлөр да а м а н а т деп аталат.

**Кесир кылуу** — «Зордук түбү кор болот, байдын түбү ач болот» (макал).

*«Жарма чайды жаман — деп,*
*Этти кайдан табасың,*
*Сары саманды жаман — деп,*
*Чөптү кайдан табасың...»* (Токтогул).

Сан жылкылуу Сарыбайдын уулу Ысмайыл жаакта жок ырчы аталган. Аракты абдан ичип, Караколдон ат үстүндө малдаш токунуп, эки жигитке жөлөтүп оолжуп келатса, алдынан көл башына атагы чыккан Ырыскелди бий: «Ысмайыл, кудай ургур, мунуң жеткен чоң кесир, акыры Сарыбайдын түбүнө сен чыгаар бекенсиң» — десе, анда акын ошол замат:

*«Кайнатам бай, дагы да өз атам бай,*
*Кантип жарды кыласың, кудайым ай.*
*Алаар болсоң талаадагы малды алаарсың.*
*Казынамда акчамды не кылаарсың»,* — дейт.

Көп өтпөй, 1916-жылкы үркүндө Сарыбайдын жылкылары таланат. Болуш иниси Букар ара жерлерде ачтан өлөт. Ошондо Ысмайыл акын: «Дүнүйөнүн тардыгы ай, Букардын Кара-Дөндө калганы ай!» — дептир. Казынадагы акчасы Николай падышанын сандыгында калыптыр.

**Насыя** — бирөөлөргө бересе болуу, карыз алуу, кайра кайтарып бере албай, көпкө жүрүү, кайра-кайра карыз алуу аркылуу карызга белчесинен батуу. Насыядан башы арылбоо. Арийне, «эр жигиттики элде жүрсүн, эрккенде колго тийсин», бул — эл багуу, жакшылык кылуу, пайдасын тийгизүү. Адамдык сапаты мына ушундай болуусу керек.

**Кек (кек сактоо).** Кекти капырга жараткан» (Макал).

Бул — ичте кара санатайлык калуу, жүрүп-жүрүп каршылаш адамынан өч алуу. Кара ниеттик кылуу. Жамандыкты сактоо. Ушундан улам «кектеп жүрөт», «кеги бар», «өч алат», «кекчил адам» өңдүү сөздөр айтылат. Мунун карама-каршысы, оң мааниси «ак көңүлдүк», «ичинин тазалыгы». «Өзөктөгү өрт», «сөөк өчтү» сыяктуу туюнтмалар кектөөдөн чыгат. Бул бир чактары андан запкы көрүүдөн пайда болот.

Жашоо-тиричиликте кек сактоо — зыян көрүнүш. Ич ара жүйөлөшүү аркылуу элдешүү, наразычылыкты, кусаматчылыкты коюп, таза денеге таза ой-пикир, ар дайым жакшы тилекти кармоо мусулманчылыкта адамкерчиликтин асыл касиетин билдирет...

**Түтүн булатуу** — эресеге жетип, үйлөнүп, үй-жай, бала-бакыра күтүп калган уул ата-энелеринен бөлүнүп чыгып, өзүнчө оокат кылуусу. Жашоо-тиричилигине жекече чабыт алуусу. Мында, биринчиден, өз-өзүнчө турмушун жасоочулар, экинчиден, ата-энелер уулдарын улам улуулата үйлөнтүп, атайын үй көтөрүп, там салып, мал бөлүп, бала энчисин өз колуна карматуусу.

**Чоң үй, чоң аш.** Бул — бир атанын балдарынын сыймыктанаар, конок-аяк көп аттанып-түшүп, казан-аяктуу (тамак-аштуу), кирди-чыктыларга кел-бери үйү. Ушундан улам «чоң үй — чоң аш» — деп айтылат. Илгери чоң үйгө байдын үйү, бир туугандардын улууларынын, бардарынын үйү кирген. Чоң үйдүн берки мааниси — кичи үй. Ал — бир туугандардын кенжелеринин үйү. Чоң үй «чоң түндүк» деп да айтылат. Чынында, үйдүн өзү бараандуу тигилип, «чоң түндүк» деген салыштырмалуу маанини түшүндүрөт. Келиндери тарабынан «чоң үйдөгү акем», «чоң үйдөгү энем», «кичи үйдөгү уул» өңдүү ызааттоолор, тергөөлөр айтылып келген.

**Төр** — «Дөөлөс төрүн бербейт, Өлсө көрүн бербейт» (эл сөзү). Бул — үйдүн жүгүнүн тушу. Меймандардын отура турган куттуу орду. Боз үйдүн «эпче» тарабы менен «ыпча» тарабынын ортосу. Адатта, үй ээси өз орунун бербейт. Кичүүбү, улуубу, төрдө отуруу наркы бар. Негизи үй ээси эл барда өз төрүндө өзү отурбайт, келин-кесектери улууларынын, уяттууларынын төрүнө өтүшпөйт. Бул — ызаат, сыйлоо, эски адепти сактоо. Ал турсун улуулар үйдө отурса, кичүүлөр алардын үстүнө кирбөө ыйманы мындан мурун бар болгон.

**Үйдү шыпыруу.**

*«Кирин жуушуп, шыпырыштым үйүңдү,*
*Төшөк салып, тең жыйыштым жүгүңдү».*

*(Байдылда).*

Адатта, тазалыкты сактоо, таза тутуу короодон башталат. Айлана-чөйрө мизилдеп турса, ошого карата кадам жакшы маанайда шилтенет да, үй ичине кирет. Тазалыкта кармалган бөлмө адамга маданияттуулукту тартуулайт. Салтта үй шыпыруу, туруп, жууркан-төшөктү жыйноодон, жуунуудан, эртең мененки тамакка отуруудан мурун башталат. Таза үй тамакты көңүлдүү ичүүгө, маңдайды жарып, ойдогудай отурууга шарт түзөт. Эл отурганда, эл жатканда, кирди-чыктылар учурунда үй шыпыруу, шыпырынып отуруу, шыпыргы менен чаң ызгытуу үйдөгү меймандарга аброй алып келбейт. Адептүүлүктүн чегине жатпайт. Үй ичин тирдөөчү учур коноктордун эшикте сейилдеп турушунда, үй ээсинин, бала-бакыранын мал-салды жайлоо учурунда чакталат. Үй ичин желдетүү ошондо болот. Чаңды ж. б. ыплас нерселерди шыпырууну да аяр аткарып, адептүүлүк, ыймандуулук, этияттыкты сактоо зарыл.

**Сейилге чыгуу.** Бейкутчулук учурдагы кыргыздардын жайында жайлоодо, эл-жер аралоодо ырахаттанып бастырып жүрүүлөрү. Аңчылык учурундагы жорго минип, торко кийип, ит агытып, куш салуучуларды ээрчип, таңтамашаларга батуулары.

Сейил — эс алуу, сейилдөө — аттанып чыгуу, маданияттуу жүрүш-туруш.

Тилекке каршы, кийинчерээк жылдын кайсы мезгили болбосун, минтип эс алуу эске алынбай, жаш-карылар арак-шарап ичүү, көбүнчө карта ойноо, кумар саюу өңдүүлөр менен күндү батырууга, таңды атырууга ык коюп баратышкансыйт. Албетте, мындай шартта сөзсүз талаштартыштар, уруш-сөгүштөр, жаатташуулар, араздашуулар болбой койбойт. Албетте, бул салттуу-нарктуу жөрөлгөнү этибарга албоо болуп саналат.

**Камчысын берүү** — бирөөлөргө бирдеме айттыруу, ишенимин билдирүү. Айтып баруучу адам анын актыгы үчүн камчысын көрсөтүү аркылуу ишенимге ээ болуу. Илгери кат ордуна мындай салам-дубай жиберүүсү менен адамдар бири-бирине күбөлүккө өтүшкөн. Бул көбүнчө конок айтырууда, буюм-кече сурашууда көп пайдаланылып, кадырлуулардын баркын-наркын билдирген. Баш кийимин кийип баруусу аркылуу да ушундай иштерге жарап турушкан.

Улут оюндарында, мисалы, устачылыкта, узчулукта, ат үстүндөгү тан-тамашаларда, эр эңиште, балбан күрөштө камчысын, уста көмүркөйүн, уз камчы, кестигин, упайчы чүкөсүн, ордочу абалагын өзүнүн ишенимдүү шакирттерине бериптир деген чындык айтылган. Ал анын өнөрүн улоосу болуп саналат.

**Түндүк калтыруу.** Кыргызда мындай бир сөз бар: «Түндүк кимдики?». Ал ар кандай шартта айтылат. Эгер ошол үйдө отуруп, адамдар өйдө-төмөн тартыша түшсө: «Тек отур, түндүк сеники эмес. Өз үйүңдө чечишип ал, өз чамгарагыңды ойлой отур» — дейбиз. Түндүк, т. а. отурган үй сеники же меники эмес, ал — атадан балага, бабалардан калуучу мурас. Ошол мурасты сактагандар түндүккө эгедеор. Алсак, кыргызда эркек балдары беш-алтоо болсо, бир баштан улуулата үйлөнтөт. Үйлөнтүп, бир аз байыр алаар менен ата-энеси аны бөлүп чыгарат. Өзүнчө түтүн булатууга куштар болот. Анын энчисин берет. (Энчи берүү атайын өзүнчө айтылат). Үйлөнгөнү бир баштан ушинтип бөлүнүп кете берет. Акыры кенже уулу колунда калат. Демек, ал — үй ээси, түндүк ошонуку, каада-салт боюнча

ата-эненин сөөгү ошондон чыгат. Бул — чоң аталардан келе жаткан бүтүм. Анын боз үйдү күтүүсү, аны кийинки муундарына дал өзүндөй өткөрүп берүүсү. Түндүк калган үй барктуу, касиеттүү, чоң үй, чоң аш көрүнүп, той-аштарда урматталат. Учалар ошол түндүк калган үйдүн тукумуна тартылат.

**Жакасын агартуу.** Бул — абалтан келе жаткан каада-салты. Кыргыздар катышка мыкты болот. Тууган-уруктуу, жерге-жээктүү, дос-тамырлуу келет. Келди-кеттилер көп болгондуктан ар нерсенин шартына карата жолдугун жасоодон, эрес алуудан тап жылдыруучу эмес. Эгер жакын санаалаштардан күтүүсүз келип түшсө, маанектеп турса, ырымын жасап, көйнөк кийгизет. Мындан жакасын агартып чыгарды деген сөз калат.

**Олжо (Олжо-буйлалуу болуу).** Бул — күтүүсүздөн табылган табылга, бирөөлөрдүн бергени. Талаа-түздөн тапкан буюм-кечелери, акча-тыйындары, таң-тамашалардагы мелдештерде, ууга чыкканда ж. б. жерлерде жолдуу кайтуусу. Муну кыргыздар «канжыгалуу кайтуу» дейт. Тескерисинче, кээде олжосуз жүргөндөрдү «куру канжыга» деп коюшат. Олжосуз келгендерди «куру кол» дешкен. Канжыгасы кабат, бул — олжо-буйлалуу келүү.

**Ширигe жыяр** — кулундун тумшугуна байланган шишти алып салуу. Желени агытуу учуру. Айрым сүттүү бээлерди күз ортосуна дейре саап ичүүгө туура келген. Желени агытып, кулундар такай энелери менен жайытка жүргөндө тиги тумшугунда эчкинин мүйүзүнө окшогон эки шиши бар кулун желинди сайып эме албаган. Учур келгенде ширге (шиш) алынат да, акыркы ачытылган кымызды элге чакырып берет. Кышта ичүү үчүн кымыздан шири идишке куюп, сактап коёт.

Мына ошол кымызды «шириге жыяр» деп койгон. Музоо, улак эмбес үчүн уй, эчкилерге желин кап жасалган. Кышкы сүр этти жазга-жайга жеткиргенде да «шириге жыяр», же «карала каптын кагынчык» дей турган. Желени агытуудагы акыркы кымызды да «шири жыяр» кымыз деп коюшкан.

**Томук жашырмай.** Бул — кыргыз элинин салттуулукка эгедер оюндарынын бири. Кыз-келиндер, жигит-уландар үчүнчү бирөөлөрдүн калыстыгы менен ич ара аткара алат. Т. а. абалы кой-козунун, эчки-улактын томугун тазалап, аны бирөөсү жашырган. Анын жашырганы — томук бир колунда, адатта, сол колдун баш бармагынын алдында кыпчылып жүрүшү тийиш. Табуу мөөнөтү, жеңүүчү байгеси калыс адамдар тарабынан бычылат. Ал күндөп, апта-

лап, айлап, жылдап да кетет. Алдыртан андып жүрүп, кычаш мезгилдерде учурун таап, «кана томук» — деп сураганда, ошол жашырган колдон гана дароо «мына» — деп, көрсөтө коюшу керек. Антип көрсөтө албаса, томук жашырган адам уттурду болот. Бир жактары мындай салттуу көрүнүштү феодалдык калдык катары карап жүрүшкөн да, тыюу салышкан.

**Ыр кесе (ыр аяк).** Бул — абалтан бери кыргыз элинин жакшылык тамашаларында көңүлдү ачуучу салттарынын бири. Төтөн, уюшмаларда, шернеде, жоро ичүүдө, кирեүлүш берүүдө шайыр отурууга багытталган максат-аракет болуп саналган. Арийне, кыргыз-казак элдери көркөмдүктү сүйүшөт, ыр жандуу, бал тилдүү келишет. Бир түрмөк поэзия жаратпагандары жокко эсе болушат. Ошондуктан, төкмөлүк, жамакчылык, шайырдык — ушул боордош эки элде бөтөнчө сакталып келе жатышы буга ачык күбө. Айрыкча жаштык оттору жалындап турган чактарда андай акындык шыкка сезимди махабат түрүндө туюндурууда бул калктар жөндөмдүү экени орус ж. б. элдердин окумуштуулары аркылуу баса белгиленген. Ак кагазсыз айкөл «Манастын» ооздон-оозго сакталып калышы — кыргыздардын зор таланттуулугунун белгиси. Жогоруда айткан жагдайларда өткөрүлүүчү ыр кесе (ыр аяк) талантарды, шайырларды таап чыккан. Жаштарга таандык бул отурушта оюндун бийи (башчысы) шайланган. Ага ары чечен, ары куудул, отурушту жандандырып турууучу жигиттер суурулуп чыккан. Айрым аймактарда ыр кесени даярдаган кыз-уланды «кесе гүл» деп койгон. Ал да өнөрү артылган кыз, жигиттерден болгон. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» — дегендей, ыр кесе көңүл ачуусунда, албетте, жаштар бир кылка болсо, бири-биринен уялышпай отурууга, тартынбай ырдап, бийлеп, бир окуя айтып берүүгө оңтойлуу болууга тийиш. Шерине жеште ыр кесе (ыр аяк) уюштурулса, кесеге, аякка кымыз, жоро ичүүдө болсо бозо куюлат. Кесегүл ырды баштап берет. Кесени бирөөлөргө сунат. Ал шарт турат да, ырдайт же бийлейт. Бир жубата турган кызыктуу окуялардан айтат. Шартты таптакыр аткара албаса, кесе аяк толтура кымызды, же бозону бүт ичүүгө буйрукталат.

Кийинки убактарда андай көңүл ачуучу дасторкондорунда арак-шараптар үстөмдүк кылып, ыр кесеге аракшарап куюлуп, ага туз, калемпир, мурч өндүүлөр салынып сунулууда. Арийне, андай жосундар элдик таң-тамашаларга доо кетирет. (Бул тууралуу «Жоро ичүү» аттуу макалада айтылат.)

Акыйнек айтышуу — негизинен тестиерлер бирин-бири сындоо, бир чети кордоо, биринин айыбын бири чукуу жагдайын айрыкча көздөгөн ыр. Т. а. эки айылдын кыздары суунун өйүз-бүйүзүнө туруп алышып, мындай кордошуу учурунда алардын сөз тапкычтыгы, мазмундуу ыр жаратуулары баарынан жогору турган.

Акыйнек айтышуу — бетин сөөмөйү менен тырмап, же бетин чоюп, өзүнүн оюн ыр түрүндө берүү. Бул «эликтөө» деп да айтылат. Бири:

*«Улуу тоонун боорунан,*
*Улар аткан менин атам.*
*Улуу кызын ыйлатып,*
*Үйдө жаткан сенин атаң.*
*Акый, акый, акый-а» —*

десе, экинчиси:

*«Чериктердин кыздары,*
*Чепкен бычат турбайбы?*
*Челек-челек жарманы,*
*Кептеп ичет турбайбы?*
*Акый, акый, акый-а!» —*

деп, бетин тырмай жооп берет.

*«Сени болсо теңтуштар,*
*Жалкоо кыз экен — деп жүрөт,*
*Ийри колго иш албас,*
*Келечек жолун байкабас,*
*Аңкоо кыз экен — деп жүрөт.*
*Акый, акый, акый-а!» —*

деп бетин тырмай жооп берет. Дагы бири:

*«Сени болсо көп кыздар,*
*Уйкучу кыз деп жүрөт.*
*Уй саганда үргүлөп,*
*Сүтүн төгөт деп жүрөт.*
*Акый, акый, акый-а!» —*

деп жооп кайтарат.

Арийне, улуулардын, уяттуулардын, эркек балдардын, эне-аталардын көзүнчө минтип эликтөө, басмырлоо, мазактоо, кордоо, кемчиликтерин көзүнчө айтуулар болбогон. Мунун чыгышында атайын акыйнек айтышы эмес, күтүүсүздөн сөз табуу зарыл болгондой туюлат. Мындан да жеңилүүлөр, жеңүүлөр болот. Курч, өткүр, таамай, таасын айтуулар эске алынган. Алар муну өзүлөрү да моюнга алышат. Бирөөсү жеңилди болуп басып кетет. Акыйнек —

кордоо ырларынын бир түрү. Кыздардын жекеме-жеке чыккан кемчиликтерин бетине айтуусу экени билинет.

**Сармерден.** *«Ырдын башы сармерден,*
*Ырдашуу үчүн бир келген».* *(Эл сөзү).*

Бул — отуруш куруп отургандардын (шерне, деңгене, жоро, майрам ж. б. оюн-зооктордо) ирээти (катарын бузбай) менен ырдоолору, тамаша куруулары. Сармерденчилердин баарынан эле ырчылыкты, шайырлыкты талап кыла бербеши бышык. Мында отурушту жандандыруу, бири-биринин назарын ала, көпчүлүккө бөлө, анын ички сырын көрө отуруу. Сармерден аркылуу шайырлар тарбияланган. Көнүлдөрүн өстүрүүгө шарттар түзүлгөн. Ынтымакташуу-ырасташуу жаралган. Жаштардын таанышуулары, жар күтүүлөрү пайда болгон. Албетте, сармерден отурушунда кыргыз жаштары арак-шарапка алданбай, жөрөлгөлөрдүн нугун сактап, андан ары өнүктүрүү вазийпалары жаткан. Мында ырдай албай калгандарды тамаша ирээтинде тамак ичирет ж. б. жазаларды беришет. Анда эч кандай таарынуу болбогон.

Сармерден ырдоонун үлгүсү көп. Анын бир мисалы мындай: Отургандардын бирөө:

*«Ышкын түп менен көк буурчак,*
*Ылайык Сизди сагынсак.*
*Ырас эле болбойбу,*
*Ыйлашпай бир күн табышсак» —*

деп баштаса, андан аркысы улап: . . .

*«Ышкын түп менен сарымсак,*
*Ыгы жок бизге, таарынсак,*
*Ышкырып коюп келе бер,*
*Ырчы бир кайним, чоң курсак» —*

деп, ыр кесени ары узатат.

*«Сагындым, сени, сагындым,*
*Каяктан сага кабылдым.*
*Кайда да болсоң эсен жүр,*
*Караанындан кагылдым...»*

Ошентип, сармерден кызуу улантылат:

*«Сагындым, сени сагындым,*
*Сарсанаага малындым.*
*Сагынычы күчтүү келинге,*
*Бар бекен сенин табылгың...»*

Кыргыз-казак эгиз элиндеги бир бөтөнчөлүк — жамак курамын өзүнүн учурунда чукуй таба билген. Ич ара эргүүлөр ошондо пайда болот. Албетте, андай бөтөнчөлүктөр алмадай башка айкөл «Манас» бүт баткан, кийинки кенже эпосторду да жатка айткан элибиз үчүн анча деле таң калуучу, тамшана берүүчү көрүнүш эместир.

Сөзмөр карыя адамдарга чөйчөк сунуп, кызыктуу санжыра, накыл, насыят, «Манас» ж. б. жомок өңдүүлөрдү айттырып алууга болот. Негизи, сармерден айтуу, ырдоо жаштарга таандык. Арийне, кыз-келиндердин, улан-жигиттердин, м. а. бозой-селкилердин андай отурушгарында убакытты көңүлдүү өткөрүшкө айла-амалдарды ойлоп табышкан. Мисалы, отурушгун милдетин өткөрө албаса, же эрежелерин бузса, отуруштун жасоолу «билектен шап алышуу», «укуй алышуу», «төө мантек алышуу», «чекеге чертишүү», «кара казан куюу» (көмүрдү эзип, ошону чекеден ылдый куят) ж. б. тамаша оюндарын жүргүзөт. Албетте, мындайда жаштар терикпейт. Анын ар кандайын көтөрөт. Мындан арасынан элдик таланттууларды табууга, аларга назар таштоого мүмкүнчүлүк болот. Улуу муундагылардан ырчылардын, жомокчулардын, комузчу-чоорчулардын, санжырачылардын ж. б. эл шайырларынын талант асыроо мектеби мына ушундай орундардан чыккан.

**Булчук алуу** — жаштардын тамашалуу оюну. Мисалы, сармерден айтууда, жоро ичүүдө, шерне жеште, шайыр отурууда бирөөлөр айткандарын аткара албаса, бүтүм чыгарып, «булчук» алдырат. Күнөөкөр бир жак жаагын булчуйтуп берет. Аткаруучу аны эки колунун эки элиси менен баса урганда, бурчуйган жери «булч» эте түшөт. Отургандар күлүп, тамашалуу оюнга эч ким терикпейт. Отуруш жандана берет.

**Чур кармоо («чур» айтуу)** — бул чүкө оюнуна таандык салт. Т. а. чүкө ойноп жаткандардын жанына барып, үнчүкпай туруу. Балдар чүкөлөрүн тигип, мындай чыгаары менен «чурум» деп айтып, тигилген чүкөлөрдү шыпырып алат. Балдар ал адамдын бул аракетине макул болот. Алиги адам чүкөнү өкчөшү тийиш. Айтуулары боюнча бирөө «чик консо, өзүмдүкү», бирөө «бек консо, меники» өңдүү шарттарды коюшат. Эгер чүкөлөр алардын айткандарындай болсо, өз чүкөсүн алат. Болбосо, куру кол калат. Ошентип, «чур» кармаган адам оюнга аралашат.

**Чокон атуу** — ордо атуу оюнунда чүкөсү артык тарап тургандардын бирөөлөрүнө арнап, кан ордого бир чүкө салып, бир оюн аттыруу. Ал чүкөнү канча болсо, атып чыгара берүүгө акылуу. Ал эми ичке түшсө, үч чүкөдөн

ашык черттирбейт. Чокон атуучуга (чокончуга) «жемек» кадатпайт, «тоорумак» тоорутпайт. Чокон атуучу ошол оюн бүткүчө катардагы оюнчулардай оюндун жол-жобосун сактайт.

Чокондоп калуу — бир тараптын уттуруп баратышы.

**Каргыш** — «Каргыш тийгир». Бул — бирөөлөргө карата айтылган суук сөз. Каргышка калуу — жашоодогу терс сапат.

«Ал каргышка калыптыр», «Ага каргыш тийиптир» деген сөздөрдү көп эле эшитип жүрөбүз. Бирөөнүн отунун алса, «Сөөгүңдү жагып кал!», Бирөөнүн тамак-ашын уурдаса, «Таш же, бала-бакырандын боорун жеп кал!», Бирөөгө колу тийсе, «Мунжу болуп кал!» — деп каргашат. Айтор, каргыштын каары катуу. «Тынымсейиттин арбагы турбайбы», «Манастын» арбагы урсун», «Бугу-сарбагыштын арбагына койдум» ж. б. «Арбак ургур»,— бул ата-бабалар менен байланышкан каргыш. Теңирдин, жердин кудуретине карата айтылуучу каргыштар да бар: «Теңир урсун!» Бул — көк урсун, асман урсун дегендик. Айрым эл-жерге бүлүк салгандарды «сазайыңды көр берсин», же «көрүңдө өкүр» — деп коёт.

Дүйнөгө байланыштуу каргыштар да жолугат:

*«Кара оозуңа кан толгур,*
*Кайрымсыз күн болгур,*
*Кул оозуңа кум толгур,*
*Кубанычсыз күн болгур»*

Жолой менен кармашууда кан Кошой ушундай каргышты ичинен кайрыйт.

Күндөлүк жашоо-тиричиликке байланыштуу чыккан каргыштар ар дайым айтылбай койбойт: «Аял албай апаңды ал, катын албай какшап кал».

*«Байге жебей, малың же,*
*Медериңдин канын же,*
*Жеткен байге доорун же,*
*Жети атаңдын боорун же».* (*«Манас»*).

Демек, каргышка калуу — катуу сөз. «Улуулардын, урматтуулардын, касиеттүүлөрдүн, кайын энелердин, кайын аталардын каргышыката кетпейт» — деген ишеним бар.

Каргыштын жандырмагы кечирим суроо, бирөөлөргө

катуу, эстè калаар ыпылас сөз айтпоо, ак жүрүү, алланын амирин тутуу болуп саналат.

**Алкыш.** *«Азамат элдин бактысы,*
*Алкышын алса элинин».* (*Эл сөзү*).

Бул — элдик ишенимге жарашыктуу иш жасоо, калк талабын канааттандыруу. Каргыштын карама-каршысы. Азамат эрдин эл үчүн күйүп-жанып жашоодо алган сыйы. Элдик адамдарга карата айтылган ийги сөзү. Так-тап айтканда, элдин ага арнаган батасы.

Сыйлык алкыштын бир түрү. Биринин түшүнүгүн бири кайталайт. Ич ара маани-жайын толуктап турат.

**Кун (кун алуу, кун доолоо).**

«Атанды өлтүргөнгө эненди алып бер» (Эл сөзү).

Бул — киши колдуу өлгөн адамдын эл-журтунун өлтүргөн адам тарапты доого жыгуусу. Эр өлтүрсө, эр куну дооланган. Ансыз алардын көксөөлөрү суубай, бири-бири менен жоолашууга, чабышууга дейре барышкан. Эр куну төлөө ыгым-чыгымдын эң жогорку чеги болуп, буга урук, уруу бүтүндөй айыпка жыгылган. Аны ортодогу калыстар (бийлер) бычып, ыраазычылыктарын алышкан. (Тарыхта бугу-сарбагыштардын чабышында сарбагыштар Төрөгелдинин кунун алыш үчүн Көлдү үч айланып чабууга аракеттенгени айтылат). «Эр өлтүргөн, эриш бузган» — деген сөздүн мааниси — эрди эр өлтүрсө, эришти аялдар бузган дегендик. «Эриш бузду» дегени — аялдын эринен чыгыштык кылганы. «Эрдин куну жүз жылкы. Андан ары — миң жылкы».

Бул — айып тартуу, адам колдуу шейит болгон үчүн мал төлөө. Кыргыздар малга кошуп, кыз да берген. Ошондо эки уруу даана элдешкен, ансыз алар «Кандуу моюн» атка кондуруп, ичте кектери сактала берген.

Мунун дагы бир түшүнүгү — «кун тартуу», «кункор болуу». Мындан сырткары, чоң кылмыш — никелүү аялды бузуп алуу, кайындуу кызды ала качуу, бул эриш бузуу болуп саналат. «Кулдары өлсө кунсуз, сатса пулсуз» — деп коюшкан.

**Араздашуу.** Бул — кандайдыр ынтымак-ырыста жүрүшкөн пенделердин ич ара таарынуу-урунууларынан акырындык менен араларынын ачылып кетүүсү. Бара-бара бири-биринен кол үзүүлөрү. Алардын ортолоруна башка бирөөлөрдүн себепкер болуулары. Жашоо-тиричиликтин мыйзамында тең салмакта тап жылдырбай жүрүүлөрү бар. Ошондой эле наааразылыктар да, кусаматтыктар да, элдешүүлөр да, биротоло кол үзүп кетүүлөр да боло берет.

**Алдына түшүү.**

*«Алдыңа түшсө, атаңдын кунунан кеч»* (*Эл сөзү*).

Бул — кетирген күнөөсүн моюнуна алуусу, «Жаңылдым, жаздым, күнөөмдү кечир» — деп жипти, камчысын, кемерин ж. б. моюнуна илип, жапа чеккендин маңдайына тизелей-чөгөлөй, колун бооруна алуусу. Өзү менен кошо калыс, сөз билги, таасирдүү адамдарды ээрчите келүүсү. Алдыга түшүүдөгү тарткан айыбын жетелей, айдай баруусу. Мындан сырткары, үстүнө чепкен жабууга, акчатыйын сунууга болот. «Алыбек алына жараша», «Алын көрүп, канын сор» — деп, ыдык көргөн адам анын ал-ахыбалын билет. Билип, аксактын амирине карайт. Эл алдында кечирет. Алдына түшкөнүнө ал өзү ак дилден ыраазы болот. Эл кечирет. Отургандар арам ой ичтеринде калбоолору үчүн кол алыштырат. Даам сыздырат, бата беришет. Албетте, ичте кек калбоо үчүн алдына түшүү керек. Бул адилдикти, ынтымакты бекемдейт.

**Куну жок.** Бул — бардар туруп, берекеси качкандар, дасторкону тар, казаны толо кайнабаган (куу казан), кирди-чыктылардын оозун майлай албагандар. Колунан анча бирдеме чыкпаган сараңдыктын бир түрү. Анын үйүнө баратканда «куну жок кудай аткыр эле», андан чыгып баратканда «ушундай куну жок ургур» — деп, канааттанбаган кептер да айтылган. Адатта, «куну жок» наркты анча түшүнбөгөндөргө, колунда бар, бирок, пейили куушду туура үлүштүрүүбүз керек.

**Сооп тилөө.** Бул — адамгерчиликтин бир түрү. Бирөөлөрдүн керегине жароо. Бей-бечараларга колдон келишинче каралашуу. Аны нарк билгендик кылып, мүмкүн качарга ала жүрүү. «Элдүү түлкү ачка өлбөйт». Айыл маатаргa ала жүрүү. «Элдүү түлкү ачка өлбөйт». Айыл маанектеген жону жукаларга тамак-аш, эгин-тегин берүү. Кийим-кечектеринин эски-ускуларынан чечип кийгизүү. «Кедейлик кемтик эмес» — деп, аны эрен-төрөөн көрбөй алуусу, ичүүсү, кийүүсү.

*«Куур тондун ичинде.*
*Куурасын жигит өлбөсүн,*
*Тери тондун ичинде,*
*Тердесин жигит өлбөсүн»* (*Макал*).

Ушундай ич ара жардамдаш — соопко калуу түшүнүгүн пайда кылган.

Кийин: «Бирөөнүн тамагын андыйт деген эмне?», «Бирөөнүн эски-ускуларын киет деген эмне?» — өңдүү текеберчилик да болду. Бул тилемчиликтен айырмаланат. Биз

чар, отун-суу) жай айтат. Берешен элибиз ортодон белгилүү бир өлчөмдө акча-тыйын чыгарат, же биригишип, мал соёт. Ал шарттуу түрдө болот. Бул «ража» деп да айтылат. Айыл арасында, же тууган ичинде жону жукалардын (кедей-кембагалдардын) башына жаманчылык түшсө (көбүнчө өлүм-житим), бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, ага өмөчөктөп, жардам берүү, жеңилин жерден, оорун колдон алуу касиеттүү биздин элде кездешет. Колунда бар жакын тууган-уруктары, куда-сөөктөрү тартынышпайт. «Кокуй, бала-бакыралуу байкуш эле, жалгыз үйү турат. Бала-бакырасы сүтсүз калбайбы? Ортодон мал чыгаралы» — дечүлөр да бизден чыгат.

**Түп тутуу.** *«Жамантайдын Бошкойсуң,*
*Жардылыктан козгойсуң.*
*Түп тутканга аз гана,*
*Кутуруп калган окшойсуң»*
*(Тоголок Молдо).*

Ич ара мансап күтүүсү. Төрөпейилдик тарапка бет буруусу. Мурунку мүнөзүн өзгөртө баштоосу. Бирөөлөрдүн аркасы аркылуу чамгарактай түшүүсү. Бул туруктуулугу жок пенделерге карата айтылат. «Ал, түгөнгүр, түп кутуп калды, жоопко келбейт», «Ал баягы эмес» өңдүү анын артынан сөздөр жүрөт.

**Бирөөнүн этегин кармоо** — бул каймана мааниде айтылуучу сөз. Т. а. бирөөлөрдүн аркасы менен күн көрүп, колдоого эгедер адам. Анысы жылмышса, ал да жүдөйт. Кызматынан, мансабынан кетет. Өзүнчө багыт-чабыт алып кете албайт. Бирөөнүн этегин кармоосу — ага пара берүүсү, анысы тигинисин канатына калкалап, ар дайым сактап, мактап жүрүүсү.

**Элдик мелдештер.** Уюткулуу кыргызда мелдеш — тубаса өзүнчө ар-намыс. Ат чабуу, балбан күрөшүү, ордо атуу, эр эңиш, бута (жамбы) атуу, аркан тартуу, тогуз кумалак, упай, жөө жарыш... Мындан башка биз айтпай кеткен сонун-сонун оюн-зооктор элибиздин дөөлөтүн, сөөлөтүн укмуштай арттырат. Андай мелдештерге (жарыштарга) айыл-айыл, урук-урук, уруу-уруу, ортосунда мелдештер кирет. Кийинки чактары район-район, областобласт ж. б. республика-мамлекеттер менен ич ара мелдешке чыгуубуз бар. Бул боюнча заманында да таң-тамаша мыкты өткөрүлгөн. Ошол салттар азыр да жандануууда. Бул эл-журтубузду, келечек муундарды патриоттукка үндөйт.

Мелдеште байгелер коюлган. Аларга төө баштаган бир тогуз, жылкы, уй, топоз, кой-эчки, жамбы (күмүш, алтын) аң терилери, ат жабдыктары, акча, боз үй ж. б. нак турган. Буларды калыс даекчилер кармап тараткан.

**Элдешүү (жарашуу).** «Атаңды өлтүргөнгө эneңди алып бер» (эл сөзү).

Бул — чыр-чатакты ырбатпай, ынтымак менен бүтүрүү. Эл ичинде, айыл арасында кек калтырбоо. Илгери-кийин муундарга, эл-журтта, тууган ичине доо кетирбөө. Адатта, аттуу-баштуу, оозунда сөзү бар, эл тагдырына куйөрмандар элдештирүүдө жол-жоболорун кошо ала барып, уй мүйүз тартып отурушкан. Күнөөнү акыйкатта териштирген, ар бири өз айыбын моюнуна алган. Ортодо арамдык кыл өтпөгөндөй болгон чакта ырасми боюнча кек калбоого даам сыздырып, туз жалатып, нан тиштетип, бири-бирин өбүштүргөн. Жолдугун жасоодо күнөөнү моюнга алган тарап мал, кийит, акча алып барган.

Чоң чатактарды элдештирүүдө таанымал жорголорду, аркалуу аттарды коштоп, кыз берип, куда-сөөк болуп, уруу арасындагы чыр-чатактар андан ары ырбабай тыйылган.

**Батасын алуу.** *«Бата менен эл көгөрөт,*
*Жамгыр менен жер көгөрөт»* (*Макал*).

*«Катагандын кан Кошой,*
*Батасы элди байыткан,*
*Пейили жанды жыргаткан»* (*«Манас»*).

Бул — эл ичинде кадыр-барктуу, отуруп-турганы нарктуу, айткандары эм, улуу-кичүүлөргө дем, урмат-сыйы бирдей, жекече касиет жылоологон карыя-байбичелерге атайын жолдук менен баруу. Алардын батасын кабыл алуусу, балалуу болууда (уулдуу болууда), алыс сапарга аттанууда, сапардан аман-эсен кайтууда ойлогон оюна, тилеген максатына ийгиликтүү жетүүсү.

Деле улууларды кыргыздар укмуштай кастарлаган. Чүйлүү тамактар менен даам сыздыруучу. Мында үйүнө чакырып урматтоочу. Мал союп, төрдөн орун берип, кийит кийгизүү аракеттери да жүзөгө ашкан. Андай бата ырaaзычылыкта даам таткандан ж. б. жол-жоболорун алдынала кылгандан кийин берилет.

Бата тилеген келин-кесектер абалы жүгүнүп, уул-жигиттер улууларга баш ийип, таазим кылышкан. Бата алаарда турушуп, эки колдорун бооруна алышкан. Мисалы, келин-кесектерге: «Оо-мийин, алдыңды бала, артыңды мал

бассын. Алганың менен тең кары. Кудай менин жашымды берсин. Пайгамбар-сабаалар колдосун!» — деген мазмундагы баталар берилген.

Артында «Анын батасы тийген», «Тегин кишиден бата албаган», «Батадан жаралган бала»... өңдүү адил сөздөр бара-бара уламышка айланган. Ушундан улам «кан Кошойдун, кан Бакайлардын жайган алакандары, алкаган сөздөрү тегин чыккан эмес» — деп айтып келүүдөбүз.

Эл багуу. *«Бир айыл элди бир адам багат». (Эл сөзү).*

Мында сөз өз элинен чыккан мыктылар-жакшылар тууралуу болуп отурат. Албетте, ал — өзүнүн айылында башкөз адам. Башка элдерде да баркы бар. Бардар, ага коноккаяк, аттанып-түшүүлөр арбын. Илгери көбүнчө бир урук, бир атанын балдары бир конуучу, кыштоолору жакын, бир болуучу, аймакташ жашоочу. Күтүүсүз коноктор да анын түрпүн, үйдүн сырткы турпатын, конуш-короолорун баамдап барып түшүүчү. Түшкөн үйү конок камын көрүүчү. Мисалы, кой сойсо, айыл ичиндеги уландары, келин-кесектери жапырт кам көрүүчү. Бирөөсү койду алып келип, мейман алдына тартып, бата тилөөчү, экинчиси конок атын жайлачу, отунун бирөө жагып, күлүн бирөөсү чыгарып, иче-карынды дагы бирөөсү артып, самоорун жана кимиси кайнатып, казан башында дагы бирөөсү туруп, ошол үйдүн тегерегинде кызуу кыймыл өкүм сүргөн. Айтор, ага-тууган, кошуна-колоңдору төрт тарабын шай кылып, бардыгын тындырып койчу.

Айыл аксакалдарын үй ээси чакырып алып, мейман жанына отургузуп... Санжыра сөзгө киришип... Алдыдагы даамга карашып... Бала-бакыралары меймандарды өзүлөрү эле ойдогудай тейлешкен.

Мында ардактуу табак — конок табагы. Аны чүйлүүлөп, алдына тартышкан. Ага айыл аксакалдары да кошулган. Калган этин айыл ичи жеген. Сорпо-шилеңдерин ичишкен. Бала-бакыралар арткан устукандарын көтөрүп, үйлөрүнө кетишкен. Эртеси дагы мейман келсе, ушул аракет кайрадан башталган. Ынтымак-ырысы бир мындай салт илгери аябай күчтүү өнүккөн. Айыл ичи өзүлөрү эле келип, эрөөн-төрөөнсүз кызмат кылышкан. Мурун кымыз, бозо, самоор чайы, май токоч, боорсок, каймак, май (а мүмкүн татымал болоор) дасторкон үстүн ээлеген. Эми көбүнчө бөтөлкө коюлат. Үй ээси ичкиликти, шам-шум этүүчүлөрдү өзгөчө мааниге алат. Аны белгилүү гана жандар тейлешет. Кошуна-колоңдордун, ага-туугандардын аны менен анча иши жок. Мейманга жандыктын бир тоёр эти

салынат, калганы муздаткычка урулат. Ага-туугандар ага анча аралаша албай калышат. Чакырмайын бири-бирине катташпайт. Бир туугандары да эмне мал союлгандыгын кирди-чыктылар аркылуу кийин билип калышат. Албетте, бул — пейилдин тарышы. Муну колдоого алуунун кажаты жок.

**Кешик түп ичүү.**

*«Жумгалдык Мидин сен элең,*
*Таластык иниң мен элем.*
*Керемет акын сен элең.*
*Кешигиң ичкен мен элем»* (*Байдылда*)

Бул — карылардын ичкен тамак-аштарынын түбү. Илгери кичүүлөрү «Кешик түбүн ичебиз» — деп, үмүткөр болуп турушкан. Төтөн, балдар чоң эне, чоң аталарынын кешик түптөрүн ичишкен. Ичүүгө куштар эле. Чайга, сүткө, куурма чайга тууралган тамак-даамдын түбүн карылар: «Ме, айланайын, мендей карып жүр», «ме, балам, менин жашымды берсин» «ичип кой балам, ырыс-кешигим сенде калсын» — деп, бирдемеге үмүткөр келин-кесектерине да алкоо аркылуу беришкен. Аттуу-баштуу карыялардын, байбичелердин түбүн ичүү жаштарга сыймык көрүнгөн: «Баланчанын кешигин ичтим эле», «Ал мага кешигин берген», «Кешигин ичип, батасы тийди...» Албетте, атайын отуруп, дөөлөттүү, сөөлөттүү, атактуу адамдардын түбүн ичүү — бир чети ал инсанды урматтоо-ызаттоо.

Кийин антип кешик түптү ырыс-даам катары ичүү калган. Айрымдар андан жийиркенишет. Тамак-аштын калдыгын кайра жылытып ичип-жешпей (идиш-аякты мизилдете жалабай), кешикти төгүп салуулар көп.

Ушундан да адамдын ырыс-кешиги кыркылат — деген ишеним айтылат.

**Энчилөө, энчи берүү.** Бул — бала-бакыраларга, кыз-кыркындарга, жээн-жергеге, бөлө-бөтөндөргө, катышы барлардын бала-чакаларына мал берүү, ал малдарга өз энин салдыруу, менчигине айландыруу. Ага тайлак, кулун, тай, торпок-тана, музоо, кой-козу, эчки-улак өңдүүлөрдү ыроолоо мүнөздүү. Кыргыздар мындай сыпайы алдыбердилерди көбүнчө бала-бакыра ошол үйгө барганда берет. Анын келишин бир чети куттуктоосун, жетине албоосун, эркелетүү маанайын билдирген. Ал аркылуу ата-энесинин кадыр-баркы ого бетер артылган.

Энчи берүү — энчи бөлүү — бул уул үйлөнүп, өзүнчө түндүк көтөрүп, түтүн чыгарууда ата-эненин, ага-тууган-

дын бөлүп берген мал-мүлкү. Мисалы, комдолуу төө, музоолуу уй, кулундуу бээ, он-он беш козулуу кой, улактуу эчки, мингич ат өндүүлөр берилип келген. «Алыбек алына жараша» — дегендей, энчилөө, энчи бөлүү ар бирибиздин байлыгыбызга байланышкан. Азыр жеңил машинасы менен дүр-дүнүйөнү түгөлү жүктөп берүүчүлөр да чыкты.

Энчилөө — үйлөнгөн уул-келин өз алдынча турмуштук чабыт алып тирденип кетүүгө карата көрүлгөн чоң өбөлгө.

**Калыска түшүү.**

*«Эки киши күнөөкөр, бир киши данакер»* *(макал).*

Бул — ата-бабадан келе жаткан чыр-чатакты басуу салты. Калыс — данакер адам, калыска түшүү — ошол адамдын сөзүн мийзам катары кабыл алуу. Ошого карата бүтүм чыгаруу, сөз кунун сыйлоо. Калыс — акыйкат, калыстык — акыйкаттык кылуу, калыс адам — кара кылды как жарган пенде. Калыска түшүрүү — эки адамдан тартып, урук-уруу араларындагы ири талаш-тартыштарды чыгаргандарды топтордо жөнгө салуу. Албетте, кыргыздар адилеттүү сөзгө бат жыгылган. Андайда ажыр-жооптор болуучу эмес. Калыстыкка үчүнчү тараптан өкүл чакырылган.

Анын айтканы эм болгондон кийин: «Иш бүттү, оо-о мийин!» — деп, бата тилеп, аттанып кетишкен.

**Жолдугун жасоо.** Бул — бир маанилүү нерсенин бүткөндүгү үчүн ажат ачкан бирөөлөрдү ыраазы кылуу сыми. Мында бир керектүү ишке жараган, жоголгон малын тапкан, же катуу коркунучтардан алып калган, алтын башка куйүттүү иш түшсө, андан куткарган... Ушул өндүү мерчемдүү окуяларга дуушарданган адамдын керегине жараганга ошол жакшылыгы үчүн өз ыраазычылыгы менен гана кийит кийгизүү, акча сунуу, мал берүү, коноктоо зыйнаты. Акыры аны ыраазы кылуу. Ыракматын айтуу. Мында элибиздин сыйын, салтты бекем кармаганын, бир нерсенин түшүнө билүүсүн баамдаткан. «Жолдугу болот», «жолдугун ал», «жолдугун бер» деп, андайда алдын-ала ишеним көрсөтүп турушкан.

**Бычак айыбын тартуу.** Бул — ажат ачкан адамдын ыраазылыгын алуу. Жолдугун жасоого үндөшөт. Мисалы алсак, өлүм-житимде же башка бир орчундуу иш түшкөндө бирөөнүн семиз малы керек болуп жатканда, бирөө ошол зарылчылыкка жарап, малын берип, ордуна ошондой мал алган. Семиз мал бергендиги үчүн берки тарап ыраазычылыгын билдирип, акча сунган, жандык койгон. Ал «бычак айбын тартты» болуп эсептелген. Бул жагынан

каснеттүү элибиздин турмуштук жакшынакай жөрөлгөлөрү жеринен болуп келген. Боло бермекчи.

**Улак алып келип таштоо.** Бул — элдик оюндарга байланышкан каада-салттардын бир түрү. Мисалы, мында улак тартуучулар (көк бөрү тартуучулар) улакты марага таштоочу эмес. Мында улакчылар беттешип тартуу оюнду токтотуп, эми жайма (аламан) тартууга өткөндө бирөөсү ала качып жөнөйт. Калгандары артынан сүрдүгө кубалашкан. Ич ара мурунтан макулдашуу менен улакты бир үйгө (ал, албетте, бардар адамдардан) алып келип таштаган. Мында «улакты улакчылар баланчанын үйүнө алып келип ташташыптыр» — деген айыл ичинде дүнү калган. Үй ээси жетине албаган. Улакчылар жайланып, жалпак отуруп калышса, кадимкидей жандык сойгон. Бул салтты дагы улантабыз дешсе, ал үйдөн жолдугун алышат да, улакты алып чыгып, башка үйлөргө таштоолору да бар. Негизи тартылган улак бир жерде союлат. Көпчүлүктүн колу тийгендиктен «ырымдары катары» көпчүлүккө ооз тийдирүү парзы бар.

**Бертик суроо.** Бул — бели ноокастап (мертинип) калган адамды элдик табыпчылыкта эмдөө аракети. Илгери кыргыз эли жайдыр-кыштыр көбүнчө боз үйдө тургандыктан, келин-кесектер, бала-бакыралар өзү көрүнбөй туруп, сузгуну (чөмүчтү) эшиктен үйгө сунган. Үйдүн адамдары аны дароо түшүнүшкөн. Өзүлөрүнө көргөзбөй сузгуга колунда барын салуучу. Көбүнчө ага ун, май, эгин, туз, эт, сүт өндүүлөр түшкөн. Бели мертингенге аны ошол турушу боюнча бышырып ичирген, жедирген. Албетте, ал ишеним боюнча мындан ооруган дартка даба болгон. Азыр деле айрымдары тигинден-мындан бирдеме суроочуларды «Бертик сурагансып» деген өтмө мааниде сөз айтылат.

**Асыранды.**

*«Асыранды баланы, айылчы катын чыгарат»* (*макал*).

Бул — бирөөлөрдүн баласын бирөөлөр багып алуусу. Адатта, өздү өзөгүм, өзгөнү жатым дебей, баарыга бирдей, тегиз кыргыз эли пейилин таштап, бала асырап алуунy абалтан салтка айлантышкан. Ага-инилер, эже-карындаштар, кыйыр туугандар багып алабыз дешсе, бири-бирин ызааттап, андан баласын талашуучу-аяшуучу эмес. Наристесин бербей койгондон ич ара таарынычтар да пайда болгон. Этек алдынан багып алган бала ысык сезилет. Албетте, наристелүү болбогондорбу, эркек бала көрбөгөндөрбү, эркек-кызы жалгыздарбы, жаш аялметтердин балдарынанбы, жалгыздатпай бири-бирине ага-ини, эже-ка-

рындаш болуп өсүп-чоноюп, өзүнчө боордоштук жардамдашуу үчүн асырап алуунун элдик мааниси зор. Бир туугандыктын жакшы далили болгон мындай салт боордоштордун жашоо-тиричиликтерин ого бетер данакерлеген. Ошентип, уул асырап алгандар андан нап көргөн. Ал асыраган ата-энесин багат. «Ушундан топурак буюрсун»,— деген ниетте жүргөн ата-эненин колуна кол, бутуна бут болгон бала өз колу менен узатат да, кийин үйдүн ээси болуп, баккан ата-эненин негизги тилеги орундалган.

Деле улуулардын атын чакыруу, «ошонун баласымын», «кызымын» деш, антип катталуу — адептүүлүк, ыймандуулук. Аларды ыраазы кылуу — кичүүлөрдүн вазийпасы. Мисалы, атам үч ага-ини эле: Токтонаалы, Акматаалы, Сейтаалы. Токтонаалы атабыздан эки кыз (Турсунбүбү, Алмабүбү), мен Сейтаалынын уулумун, анан дагы бир кыз (Шакан) бар. Мен үчөөнүн тең колунда болдум. Акматаалы атабыз баланын үнүн укпай, Улуу Ата Мекендик согушта жумушчу дивизиясынан кайтпай калган. «Байкуштун көзү «ачык» кетти, арбагы ыраазы болсун деп, берки аталарым Акматаалы атама мени каттатып койгон. Кудая тоббо, менин балдарым да ушул атта.

1991-жылы Нарын шаарындагы атактуу уста Мадис Жунушбаев өмүрдөшү Калыйча экөө Бишкек шаарындагы балдар үйүнөн эки-төрт жаштардагы беш эркек, беш кыз асырап алышты. Мадис устанын өзүнүн үч уулу, эки кызы бар. Багып алышкан балдары: Аман, Адилет, Рыспек, Бакыт, Самат, Айжамал, Салтанат, Динара, Айгүл, Саламат бактылуу, азыр талаптагыдай асыралып жатышат.

*«Бөбөктүн сылап башынан,*
*Жентекке жентек улайлы.*
*Бейкутта болсун Ата-Журт,*
*Теңирден бата сурайлы» —*

деп, жер-жерлерге «Чакыруу» жиберилип, эркек балдарын Мадис уста сүннөткө отургузду.

Шартка жараша таанылбас тараптан бала багып алуулар болуп жатат. Мында андай адамдардын боорукердик сезимин баалообуз зарыл.

**Ашар.** Бул — биргелешип, бир жумуштун аягына чыгуу. Мисалы, үй салууда, дубалын көтөрүүдө, кышын куюуда, аны кыноодо, кош айдоодо, чөп чабууда, эгин оруп жыюуда. Үйдүн үстүн жабууда, шыбоодо, актоодо, сырдоодо, мал кыркууда элибиздин жапа тырмак жардамга келүүсү Ал эми элдик көркөм өнөрчүлүктө: килем токууда, чий

чырмоодо, өрмөк согууда, кереге көктөөдө ж. б. чебер адамдардын биргелешип, бир асыл буюмду, эмеректи бүтүрүү салты. Ал мүмкүнчүлүгүнө карата бардык убакта чакырылат да, бул биргелешип узданууну — узануунун, жардам берүүнүн сонун үлгүлөрүнөн болгон. Алар иштин арымын аябай тездеткен. Мында устаттар, нускоочу байбичелер, куттуу карыялар үйрөнгүчтөргө жол, таалим-тарбия көрсөтүп турушат. Ашарга келгендерди үй ээси мал союп, жайыл дасторкон менен жакшынакай күтүнүп алат. Мындан ары мындай асыл салттарды өнүктүрүүбүз зарыл.

**Саба бузуу.** *Сабасына кут түшкөн,*
*Сары кашка кулун жуп түшкөн.*
*Көөкөрүнө кут түшкөн,*
*Көк кашка кулун жуп түшкөн»* (*Жеңижок*).

*«Челекке айран, жуурат батпай ташып,*
*Шарпылдап сары саамал-саба жарсын».* (*Мидин*)

*«Чын куранда чыңыртып кулун байлачу»* (*Эл сөзү*).

Бул — желе жаңы байлангандан кийинки эл-журтту түгөл чакырып, ууз кымыз берүү салты. Адатта, ага дейре сабадагы кымызды көрөңгөлөтөт. Көрөңгөлөтүү — кымызды жыйноо, ойдогудай ачытуу, ачыган арбын кымыздын үстүнө сүт куюп бышып туруу. Ашыгын чанач, көөкөр өңдүүлөргө куюп чогултуу. Үй ээси саба бузууда кымыздын ысылыгына деп, мал союлган. Санжыра чечилген. Ырчы-чоорчулар болуп, тамашалар өткөрүлгөн. Албетте, мындай жайыл дасторкон меймандостукту билдирген жөрөлгөлөр Кыргыз Ата тукумунда гана сакталып келишине өзүбүз күбөбүз. Бул нарктуу салтты таштабоо зарыл.

**Баш таң.** **Бул** — ата-энелери бир жакка кеткен кездерде айыл ичиндеги кыз-келиндердин, бала-бакыралардын жакшы көргөн тамак-ашын жасап ичиши, жеши. Мында, адатта, бирөөсү унун, экинчиси этин, башкасы майын, тузун, айтор, эмне жасамакчы болушса, ар кими алына жараша чыгарып, самаганын жасоолору.

Баш таңып жатканда кирген адамды «саламчы» деп, ага тамак беришет. Бул жөрөлгө «Байдын жалгыз кызысың, баш таң, байдын эрке келинисиң, баш таңбайсыңбы» — өңдүү оюн-чынынан ушундай айтылганда, аларга үлүш көбүрөөк ыйгарылган. Бардарлары алардын илебин суутпай, кымызы менен козу-улак союп, бозосу менен согум этин салып, коноктой турган.

**Кыя өтпөө (алдынан кыя өтпөө).** Бул — адептүүлүк.

Жолдон чыккан адамынын улуулугун, кадыр-баркын сыйлоо, өзүнүн маданияттуу жүрүш-турушун өзгөлөрдүн арасында сыйлоо, ким экенин туюндуруу. Албетте, илгери мындай адепке көпчүлүк көз салып, отурган жерде: «Ээ, балдарым, улуулардын, урматтуулардын алдынан кыя өтпөгүлө, салам бергиле, өтүп кетмейин токтоп тургула» — деп, бала-бакыраларга айта, үйрөтө отурчу. Ал адам да астыртан баалап, ичи жылып туруучу. «Жакшы атанын баласы», «жакшы эненин таалими» деген сыпаттоолор мына ушундан эле.

Азыр жаштар жолду бууй басат. Эки адамдын ортосунан өтөт. Ал өзүбүздүн берген үлгүбүзгө, тарбия кунарынын жоктугуна байланышат. Илгери сыртта, айыл ичинде эр кишилер жүрсө, ошолордун көзүнчө үйдөн чыгып, ийменбей кашкая басып, кабакка барып, заара ушатуучу эмес. «Апий, эшикте эл жүрөт» — деп, кайра үйүнө кире качуучу. Мына, адеп, абийир.

Бүгүн бул адат тыптыйпыл жоюлду. Айыл ичинде деле капарыбызга, улуу-кичүүлөрдү элес албайбыз. Эстерине да салбайбыз...

**Далысын салбоо (далысын тоспоо).**

*«Таштадың мага сооруңду,*
*Үшкүрсөң боорум ооруду»* (*«Секетпайдан»*).

Бул — адептүүлүктүн бир түрү. Улуу-кичүүлөргө, же урматтуу адамдарга өз жүзү аркылуу сый көрсөтүү жөрелгөсү. Далысын салуу, далысын тосуу — жактырбоонун, теңсинбөөнүн белгиси катары каралып, ал адам өзүнүн маданиятсыздыгын баамдатат. «Ал далысын салып отурду», «Түгөнгүр, далысын көрсөтүп отурду», «Далысын тоскон бойдон аттанды» өңдүү сөздөр айтыла турган.

Далысын салбоо — кыя өтпөөнүн бир түрү.

Азыркы жаштарыбыз мындай адептүүлүктөн арабөк калышты. Аны билип туруп, кээде: «Иним, кызым, далыңды салбай отурчу» — деп, мүмкүн катары ара-чолодо мунун чоо-жайын алдыртан түшүндүрө коёбуз. Көбүбүз өзүбүз да буга оңгулуктуу түшүнбөйбүз. «Бүгүнкү шарт ушундай» деп, ошого тогоп, «айтса не, айтпаса не» деп, капарга албайбыз.

**Динге моюн сунуу — карылыкка баш коюу.** Бул — көбүнчө жашап калган адамдардын алла-тааланын амирине баш буруп, ниетине чаап, ыклас-ыйманын бек тутууга карата аракети. Беш парзды: келме келтирүүнү, орозо тутууну, намаз окууну, садага-секет (битир) берүүнү, ажыга барууну аткарууга далалаттануусу. Жүрүш-туру-

шун эми такыба сезүүсү. Үлгү көрсөтүүчү жагдайларга жетишүүсү. Ыплас, ырыс кыркаар иштерден өзүн оолак кармоосу. Диндин өкүлү катары сезүүсү. Мында чачы алынат, мурут-сакал койдурат. Аларды апсайтып өстүрбөй, өз учурунда тескеп турат. Мүмкүн катар чепкен, кемсел, бешмант, кепич-маасы кнет. Абалы намаз үйрөнөт, жол-жоболору боюнча беш убак намазга жыгылат. Жайнамазы, кумганы сөзсүз болушу зарыл. Намаз жумага барат. Өзүн таза тутат. Ичкилик, уурулук, ушак-айың жана башка шайкелең тараптан кол үзөт. Басса-турса келме келтирет. Кийинкилерин оң жолго үндөйт. «Ал беш убак намазын үзбөйт», «Орозо кармайт», «Азан чакырат», «Балдарды сүннөткө отургузат», «Өйдө-төмөн жүрчү эле, эми минтип»... өңдүү сөздөргө эгедер болот. «Оо, кудай төбөнөн тийгир. Пайгамбар жашына барды, калжактабай, карылыкка моюн сунса боло». Албетте, мындай сөздөр да айыл ичинде арбын угулат.

«Жаттым тынч,
Жаздыгым кенч,
Тилим куран,
Тилегеним ыйман» —

деп турат. Аны бала-бакырасына үйрөтөт.

**Ата конушту сагынуу.** *«Элин сагынбас эр болбойт,*
*Үйрүн сагынбас ат болбойт».*

*(Макал)*

Бул — элди-жерди эңсөө. Алыста, айталык, армиялык милдетти аткарып жатканда, же Улуу Ата Мекендик согушта, же башы бир ишке кириптер болуп, окчунда жүргөндө сөзсүз ата-журту эске келет. «Алыскы суусу тунук, абасы таза ала-тоолук жериме, ак калпакчан элиме арнап» деп кат жазуудан эле кусалык менен сагыныч көөдөндү тээп, кээде жаныбыз жай албай кетиши ушундан... «Элден да мурун жерди сагынат экен» — дешет кыргыз баласы. Себеп дегенде киндик кан тамган жер, албетте, мисир.

*«Тектир-Саз менен Кайыңды,*
*Текелер оттоп жайылды.*
*Дегеле жаман сагындым,*
*Теңтуштар өскөн айылды»* (Эл ыры).

*«Шаркырап аккан Кашка-Суу,*
*Сагындым сага барсамчы.*
*Шарпылдап аккан жээгиңден*

*Чаңкадым жута кансамчы.*
*Агының менен бир учкан,*
*Акчардак болуп калсамчы»* *(Мидин).*

Арийне, жылкы малы да жер түшөп, оттоп жүргөн жерине качып келет. Демек, ата конушун сагынуу — эл-журтун эңсөө. Ал биздин ыйык милдетибиз. Элибиз-жерибиз ар дайым ысык сүйүүбүз болуп калуусу тийиш.

**Дөңгө чыгуу.** *«Кеп кылып кеткен жаш чагын,*
*Күүлөнүп күлүк чапканын.*
*Отурат дөңдө карылар*
*Оозуна камдапназвайын».* *(Байдылда).*

Бул — чакан жыйын куруу, эки жакты чалуу, мал-жанга көз салуу. Мындай шарттарда эркектер чогулуп, эл-жеринин камын көрүү үчүн маслат куруу, алым-беримдерди бүтүрүү, күнөөнүүнү доого жыгуу, көчүп-конууну, конуш чалууну белгилөө ж. б. чечүүчү орун. Дөбөгө ургаачылардын чыгуусу — эрөөн-төрөөн. «Эркектен бетер дөңгө чыгып» — дей турган. Өтмө маанide «дөңгө чыгып калуусу» анын ишинин оңунан чыгуусу, жекече максатта утушка ээ болуусу.

**Бата жаңыртуу.** Бул — кудалардын кайрадан куда болуу жөрөлгөсү. Сыр билги куда-сөөктөрдүн аксакалдары жолдугун жасап, болочок колуктуга батасын берүүсү. Демек, жаңыртып бата кылууда «мурун мындай элек, эскилердин көзү өтүүдө, араларыбыз ачылбасын, жөрөлгө кийинкилерге сакталсын. Кайрадан кудалашалы» сыяктуу ой-максаттарды аркалайт. Ушундан улам жээн-таякелери, карын бөлөлөрү, ата-бабаларынан бери салт-санааны бек сактаган асылкечтери бири-бирине кыз беришип, кыз алышып, андай аракеттер ырыс-ынтымагын өөрчүткөн.

**Башын куттуктоо.** Бул — алыс сапардан (эл четинен, жоо бетинен) аткөл аман келгенде, кокустук кырсыктардан аман калганда, оорудан айыкканда, айтор, алтын башы сак-саламат көрүшкөндө ага-туугандары, эже-карындаштары, дос-тамырлары, куда-сөөктөрүнүн ага акча-тыйын сунуусу. Мал энчилөө, кийит кийгизүү өңдүү жай айтуу. Жетине албай сыйлап тосуп алуу салты. Ар адам алына жараша, айрымдар кадыр-баркына карата жакалуу кийит кийгизет. Жоргону, аркалуу атты ээр-токуму менен минип кеткендей алдына тарткан.

**Тик карабоо — ийменүү.** Бул — улууларды, урматтууларды кичүүлөрдүн ызаттоосунун бир белгиси. Алардын көзүнчө ийменип туруусу. Албетте, мындай касиет улуу-

лардын, уяттуу адамдардын жылуу сезиминде калууларына арзыйт. «Ал анын алдында тик карабайт», «уят-сыйытын катып отурат» сымал сын-сыпаттоолор илгери боло турган. Улуулар кичүүлөрдү алдыртан баамдоочу, баалоочу. Же «Каапырдын көзүндө огу бар», «Кысыр калган бээдей чакчаңдап», «Кандан-бектен кайра тартпайт», «Ийменип койбойт» дегенди да көп угабыз. Тик карабоо — далысын тоспоо, кыя өтпөө өңдүү салттын бир түрү.

Адеп-ыйманды эл жаратат. Муундар алмашып, замандар тогошкон сайын, мындай касиеттер, тилекке каршы кыргыз Атадан качып баратат. Максат, буга да көңүл бөлүүбүз абзел.

**Уят-сыйытты сактоо.** *«Уят өлүмдөн катуу».* (*Макал*)

*«Уяты болот жаштын да,*
*Учурашпай качтың да.*
*Уялгандан пайда жок,*
*Узатпай ордум баскын да»* (*Токтогул*).

Уялуу — уят-сыйытты сактоо, ыйман, адеп. Уяңдык табигый сапат. Ал — жаштардын, т. а. улан-кыздардын сылыктыгын көрсөтүү. «Кыздай жигит», «Жибектей созулган жигит» — мындай сыпаттоолор адамга жакшы ниет калтырат. Мунун тик карабоо, ийменүү өңдүү сапаттардан айырмасы да, окшош жагдайы да бар. Экөө тең улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо белгилерин билдирет. «Капыр, тайманбайт шыпты кашка», «Уулдан уят, кыздан кылык кетти», «Ичке үндүү эркектин кубаты жок, жоон үндүү аялдын уяты жок» (Калыгул). «Бети кызарып койбойт», «Талтаңдап турат», «Уулду тууйт, уятын туубайт, кызды тууйт, кылыгын туубайт» (Макал).

Албетте, сынакөй журтчулук өзүлөрү эле ушинтип калыс бааларын берет. Сын элегинен өткөрүп коюшат.

**Барымта** — бирөөдөн өнбөй жүргөн аласасын тындыруунун бир түрү. Чоң барымта үчүн урук, урууларды аксакалдары кийлигишкен. Барымтада элдик калыстык болуп, бирөөнүн бирдемесине сугулбай, ак жолдо, ак эмгек менен күн көрүүнү элибиз сүйгөн... Калк ичинде «Ал барымтага келген мал», «Барымтадан жыгып алган жорго», «Барымтага түшкөн чыгдан» ж. б. сөздөр айтылып калган...

**Тартуу.** *«Темене тартып, төө алат».* (*Макал*)

Бул — уздардын, усталардын асем, аруу, нуска буюмтайымдарын, айылдагы мыкты ат, жорго, же көпчүлүктүн көз кырында турганды калк кадырмандарына алып баруу.

Атайын кастарлап берүү. Мындай асылзааданы ошол урунууга, ошого ылайыктуу шарттуу экенин билдирүү. Андан бирдеме алууга үмүткөр экенин айтпай туюндуруу. Албетте, ыроолоп баруу — кабыл алган адам ага ыраазы экенин билдирүү. Тартуулаган адамга байлыгын, бардардыгын, жоомарттыгын, жөн билгилигин көрсөтүү. Мисалы, тартууга сынпос ээр-токум, жигит камчысы, эр кемери, чачпак, желбирөөч өндүүлөр атка, тайга, торпокко, тайлакка, ирикке, кунан койго өтүшөт. Чоң байлар короосуна кой алып, өрүшүнө мал айдап беришчү. Мындай салтта адамдар биринин сырын бири билүүгө, ич ара жок нерсесине жардам алууга, ар нерсени пайдалануунун ылайыгы бардыгына көмөк көрсөтөт.

**Доого жыгуу.** Бул — бирөөнүн аласасын калыстык менен кайрып берүү. Бербей жүргөнүн калк ичине салып өндүрүү. Айрым чийинден чыга ашынып кеткенди, эр бузган, эриш тосконду орой көз чарай, уй мүйүз отуруп, адамдын кемчилигин моюнуна так коюп, жабыр тарткан адамга ыйгаруу. Т. а. ууруларды, келе бакан, куу союлдарды, ич ара чабышууларды, бирөөнүн мүлкүн алып бербегендерди, айыл ынтымагын бузуучуларды аксакалдар (бийлер) теске салып, акыйкаттыкта бүтүм чыгарып коюусу.

Азыр кенедей бирдеме болсо, ортодон жел өтсө эле сотко чабабыз. Кур намыска дүүлүгүп кетебиз. Кийин-соң жүз карашпоочудай болобуз.

«Доо өнбөйт»,— дейт. Ал мындай: бирөөгө бир кой бересе келсе, айрымдар ошондон берки төлүн, жүнүн доолап туруп алышы ыктымал. Мындайда койдун коколой башын араң өндүрүп алуучуларды билебиз.

Доо коюу — айыпка жыгуу, калыска түшүү.

Илгери өтө чоң доолор төрт дубан чогулган топтордо чечилген.

**Кепил.** *«Кепилдин кепини күйөт».* *(Макал)*

Бул — башы кириптер турган адамды ажат ачып, анын керт башын ишенимдүү кишиси катары убактылуу куткарып туруу. Абактан-сурактан качып кетпөө үчүн баш чарасын эркиндикке чыгаруу.

Пендечиликте ар кандай шарттар ажат ачып, ага карата жасалган жакшылыктарга түкүргөндөр бар, же ага ишенбей кепил чыкпаган учурлар да болот. Ишенип, бирибирин сыйлоо менен жашоо баарынан артык.

**Кызыл козу.** Бул — көбүнчө бодо малды чийкилей бир нече бөлүккө тепетең бөлүп алып, кийин козу (улак деле болот) берүү. «Кызыл козу» — курсактагы козу, кийин берсе — жандык. Адатта, жазда, күздө уй, жылкы, топоз

өндүүлөрдү кеңешип, баасын бычып (көбүнчө 12ге бөлүп), же жазда, согум эт түгөнгөн шартта бирөөнүн семиз малын атайын ошол учурга болжоп, көтөрмөлөп союу. Бала-бакырага жаш сорпо ичирүү. Этсиретпөө. Албетте, абалтан жакшы, эл ичинин ынтымагын арттырган мындай салттардын эмне залакасы бар. Муну улообуз зарыл.

Кызыл козуга эт алган адам үч курдай тердейт. Биринчи — жаш сорпо ичкен күнү, экинчи — кызыл козуну доолоп келген күнү, үчүнчү — төрт азгы бар күрпөң козуну маарагып берген күнү деген чындык айтылат.

Өрүлүк.

*Жаман туугандан жакшы кошуна артык»* (*Макал*).

Бул — жакын көчүп келген үй-бүлөнүн жакын-алысына карабай, куржун-кечеге тамак-аш (бышкан эт, каймак, май, боорсок, кымыз, бозо ж. б.), айрымдарына кездеме, мал, буюм-тайым (шырдак, туш кийиз, төшөк, кийит ж. б.) алып барып, жаңы конуштагы эшик-төрүн көрүү. Ал үй да жетишсе албай, бар оокатын аябай, кабыл алуусу. Жандык союп да коёт.

Айрым учурда өрүлүктөп барганга кайра кийим кийгизет. Эшик-төрүн көргөзөт. Сыр билги немелер бири-бирин сыйлап турат. Кошуналар ырыстуу тамактарына тең орток. Конок келген үйдүн кадырлуу меймандарынын катарында отурат. Өрүлүктөн таарыныч да, мактаныч да пайда болот. «Жанаша көчүп барсам, беш токоч өрүлүгү болбоду», «Эшик-төрүн көрө элекмиз», «Кошуна-колонго жок немелер» ж. б. сөздөр айтылат. «Бир чөгүн чайын бизсиз ичпейт»... Ушундайда алыс-жакындардын аралары ачылып кетүүлөр, же куда күтүүлөр пайда болуп жатат.

*«Кой жетелеп келди эле,*
*Өзү союп бышырып,*
*Өрүлүктөп берди эле»* (*Эл ыры*).

Мурда конуш алгандар кийин көчүп келүүчүлөргө, жаңы эл-журт, тууган болгондорго мал жетелеп келүүсү, аны союп коноктоосу же башка колунан келген сыйын көрсөтүүсү, чакырып мал союп, дасторкон беленлеп урматтоосу, конок кылуусу. Тоолуктар көчүп-конуудагы, үйлөрүн тигип, малдарын жайлап алуудагы машакаттарда, жаан-чачындарда мурун орун алгандар ошол түйшүктөргө ортоктош кол кабыш кылышкан. Тамактантып, жайлантып, сыйлуу кошуна болоорун көрсөткөн. Өрүлүк азыр да ко-

роо-жайлуу жана көп кабат үйгө киргенде да көрүлүп жаткан элибиздин мыкты салттарынан болуп саналат.

**Ажыраш аяк.** Бул — башка жерге көчүп кетүү алдында айылга тамак-аш берип, эл-журттан бата алуу. Ал ар кимдин алына жараша болот. Мында козу союп деле ажыраш аяк берет. «Коюу чайы» да жарай берет. Айрымдар жылкыны баш кылып соёт. Бозо кордолот, кымыз көрөңгөлөнөт. (Бозо, кымыз ала келүүчүлөр да бар). «Аш көп болсо, каада көп» — деп, шам-шум этүүчү, ардактуу тамактар үстөл үстүн ийилтет. Ал бир нече күнгө созулат. Айрым ажыраш аяк даңазага ээ болот. Жүгүн салышат. Кыйышпастар аны жерине жеткирет. Же баланча жерден «коштошту» болду менен кайтышат.

Мындан ынтымак куралат. Дос-тамыр күтүлөт. Илгерикийин бири-бирине салам беришет. Дайыма айтып жүрүшөт. Келген эли-жерине ыраазычылыктарын билдиришет. Ажыраш аяк бергендерде бир уруntуктуу белги калат. «Беш киши чакырып, бата алганга жарабады», «Түн жамынып көчүп кетти», «Эл-жердин сыйын көрдү, бала-бакыралуу болду эле» өңдүү наараазылыктар да болот. Мунун себептери бар. Бирөөлөр «чоң» кезде жең ичинен бирдеме берген кошоматчы-жойпулар ал кетээрде ошол бергенин доолап, барымтага бирдемесин кармап, көчүн жылдырбай жатпайбы!.. Арийне, бул өтө уяттуу жорук деп баалайбыз.

**Чөп берүү, баткак берүү.** Бул — там салып жаткандар бирөөлөрдүн балдарына ыроолоп, «там салып алгын» — деп баткак берүүсү; чөп чаап, үйүп жаткандар «тайыңа бер» — деп баласына кичине тутам чөп берүүсү, ырымдоо-ыроолоо салты. Аны канжыгасына байлап коюу. Демек, баланын ата-энеси алардан кыя өтпөй, ысык үй салуучуларды, чөпчүлөрдү ыраазы кылуу. Айрымдары козусун, улагын союп, кымыз, бозосун же ошого тете башкаларын алып келип, аларга сый көрсөтүү, ыраазы кылуу же ошол замат акча-тыйын сунуп кутулуу.

Кээде чоңдорго деле ушул ырым-жырымды колдонгон. Азыр бул өңдүүлөр жоголуп баратат. Жаштарыбыз билбейтуйбай калды. Мындай элдик жөрөлгөлөрдү унутпай, андан ары колдоно жүрүүбүз элибиздин сыйкордугун арттырат. Эл салтынын биримдигин сактайт.

**Ата тарыхын чечүү.** Санжыра — ата тарыхы. Муну жатка билүү — турмуштук зарылчылык. Иликтеп-изилдеп калуу. Өткөн зирек санжырачылардын жараткан аракеттерин кубаттоо. Мурунку доордо аны андан ары улоо максаттары кан буугандай токтогон. Буту-кол байланган шарттарды

эми эстесек, уюткулуу кыргыз эли кош кабат торго чалдыкканы, аны үзүүгө чама-чаркы чак болуп калганы даана билинди. Элибиз мураска, нускага, табарикке баа бербей, ал кийинки муундарга тартууланбай, архивдерде желелеп, чаң басып жаткан эле. Алардын үзүлүп бараткан таалайын, ырысын азыркы атуулдары, эне перзенттери ачуулары керек. Азыр санжырачылар бар. Мисалы, мен элдик көркөм кол өнөрчүлүк тууралуу бирдеме жазсам эле: «Уругу жок бекен, жери макталбасын. Сага уругунун, улутунун эмне кереги бар? Бир кыргыз баласы болсун...» — деп тергөөгө алып киришчү. «Көл башындагы көп бугудан чыккан уста», «Нарын бөксөлөрүнө таанымал зергер», «Таластык уз», «Моңолдордун сынпосу», «Калмак өрүм», «Чоролук саяктардын ээри», «Алай килеми»... Албетте, мындай атоолордун эмнеси жаман?! Айтор, китеп чыгарууда, гезит-журналга макала кетирүүдө, аны редакциялоодо, иштеп чыгаруу учурунда «кол лупалары» аркылуу карап, анан жөнөтүп калганбыз. Себеп дегенде, жогор жактан, ак үйдөн көрсөтмөлөр катуу берилүүчү. Совет бийлиги орногондон берки айрым эл ичинен суурулуп чыккан адамдардын жекече тагдырынан улам журтчулук өзүнүн башын ала качып, суу жүрөк болуп калганы белгилүү. Өйдөлөгөн сайын жетекчилер: «Кокуй, «үү-үү» дебеген киши үйдөй балакеттен кутулуптур» деп, өзүнүн кара жанын ала качып калышкан. Мындан «көрдүм деген миң сөз, көрбөдүм деген бир сөз». «Балээге башыңды катпа». Албетте, андайда сагызгандан сак болушчу.

Санжыра сандыгынын оозун эми ачуубуз тийиш. Санжыраны жаштар үйрөнүүлөрү зарыл. Эмне дегенде, ал тукум куучулукка шарттташат. Тукумдун «кансиңирме» мийзамченемине ылайык келет. Бир атанын балдары эле «кыз алышкан тууган» чыгып, үйлөнүүгө караганда башка урууларын бүлөсү оңтойлуу, генетикалык сапаттуу касиеттерге ээ болот. «Ак бата жаңыртабыз, кызыбызды алыс жибербейбиз» — деген максатта эмчектеш эмес агаининин балдарын өз ара үйлөнтүп жатышы, албетте, тукум куучулуктун жакшырышына өбөлгө эмес. Мындай көрүнүштөр Түштүк кыргыздарда арбын учурайт. Демек, жаштарыбыз ата санжыралрын билип-туюп, алыс-жакынды иргей алып үйлөнүшсө, уруктар, уруулар арасындагы ич ара байланыштар мындан да жакшырат. «Ал сарбагыштарга жээн», «Тиги сарбагыштарга күйөө», «Булар моңолдордон кыз алган», «Анын кызы саяктарда ак этек басып отурат»... өңдүү жагымдуу сыпаттоолор бизди иритпейт, кайра эл-жерди данакердей бириктирет.

Санжыра — элибиздин оозеки тарыхы. М. а. элдин өзү, анын башчылары, баатырлары, айлакерлери, таланттары тууралуу таржымал. Ал эми жазма тарых өзүнчө жашайт. Ошол жазмага ээ болгону биздин санжырабыздын боосу тырс үзүлгөн. Аны айтуучуларды «эскини көксөөчүлөр» деп, саясатка жат көрүнүш катары айыптаган. Оозеки тарыхты кетмендеп, уруктан уруу, уруудан эл жараларын биз көмүскөдө гана билгенбиз. Ооз ачуудан айбыгып, «улутчул», «космополит» деп айыпталып, бирибиздин абалыбызды бирибиз алдыртан туюп, «суу жүрөк» аталып туруучубуз. Эми ошол туткундан чыктык. Оозеки тарыхыбызды калыбына келтирип, андан ары улоого, келечек муундарга мурас-табарик катары калтырууга карата аракетибизде дурус жана буруш жактарыбыз бар.

Санжыра — чоң түшүнүк. Ага аздек мамиле керектелет. Биз талант, төкмө, акын, философ, чечен деген түшүнүктөрдү айтууда, аларга баа берүүдө алешем ойдон арыла элекпиз. Бирдеме болсо ар ыр жазды, сүрөт тартты, талanttуу дейбиз. «Төкмө» деген сөздүн өзү кол жоолуктан жеңил. Акындар, бизде кудая-тоббо, философтор, чечендер бар. Алар акылмандыкты, чынчылдыкты анча сүйбөсө да, документи бар, окуунун күчү менен ошондой аттары бар.

Ал эми санжыра — эч шек келтирбес нерсе. Ал чындыкты сүйлөйт. Санжырачылар менен санжыра айтуучулардын айырмаларын биз бөлбөй эле, төрт сапты чала бучук чүргөп койгондорду «төкмө ырчы» деп, далыга таптагандай санжырачылар дейбиз. Жок. Санжырачылар айтып жаткан чакта анын бөтөнчүлүктөрү болот.

Биринчиден, элди өзүнө тарта алат. Анткени аларда бал тил билинет. Ал аркылуу көпчүлүктү муютат. Кара сөздүн чебери — куйма кулак. Т. а. өзүндөй эле сенин кулагыңа да куюп коёт.

Экинчиден, алар уруntuктуу жерлерин — окуяларын чыгармачылыкта байытат. Ошого өзү күбөдөр болуп жүргөндөй, тасмага тарткандай баяндайт. Санжырачылар жазуусу жок элдердин романисттери, прозаиктери болушканы — айныксыз чындык. Азыркы мыкты жазуучулар, тарыхчылар мурун төрөлсө, так ошолор чыныгы санжырачылар аталмак.

Демек, бизде чыгаан санжырачылар анча байкалбайт. Бүгүнкүлөр — санжыра жыйноочулар, ошол жыйнагантергендерин үзүндүлөп айтуучулар десек жаңылбайбыз. Кыргыздын Тагай бийге чейинки 21 ата өткөн жерине чейин гана айтып, ошонун алкагынан чыга албагандар. Биз

көтөрө чалган санжырачылардын кыйындары — кароолордун жеңүүчүлөрүнүн бири да ошол Тагай бийден 1916-жылкы азаптуу Үркүнгө чейин айтышып, андан беркисин чөп башылап болсо да айта алышпайт. Кыргыз кыргыз болуп калышына саны белгисиз 27 уруу себепкер. Демек, кийинки 200 жыл — бизде санжыранын чаташтырма жылы. Мурунку санжырачылар, санжыра чогултуучулар: Осмонаалы Сыдык уулунун (молдо), Осмон ажы, тарыхчы Белек Солтоной уулунун, Абрамзондун, Бартольддун жазып кеткен, орчундуу ойлору бар. Ооба, бир эле адам адам ата, обо энеден баштап сайрап, бизге билгизип-туйгузуп жаткандай. Ага бир чети аябай кубанабыз. Алмадай башына санжыраны түгөл сыйдырып айтуунун өзүндө алашем, кесегирээк кеткен жерлери болбой коёбу? Төтөн, кийинки небере-чөбөрөлөр айтылбай калып отурат. Ошол үчүн ар бир уруунун, уруктун өз санжырачылары болушу зарыл. Эгер санжыраны кадимкидей кызыл том чыгара турган болсок, анда айрым перзенттерди автоматтан чыккан октой санабай, ар бирине аяр мамиле пайда болот. (Мисалы, 1916-жылдан берки санжыра белгисиз.)

Мисалы, өз тукумубузду өзүбүз иликтесек, ошондо бизден чыккан өнөрпоздор, саяпкерлер, мүнүшкөрлөр, балбандар, улакчылар, ордочулар, ырчылар, бабадыйкандар, билермандар, көрөрмандар, дарыгерлер, табыпчылар... тууралуу жонунан аларга кыскача маалымат берүүбүз керек. Биз санжырачы эмеспиз. Анын бир гана күйөрманыбыз. Көптөгөн уруктар, уруулар тууралуу укканыбыз бар. Деген менен түпкүлүктүү эмгек түзүлгөнү жаткандан кийин анын авторлору арбын болуулары тийиш. Анда көп санжырачыларды сөзсүз авторлукка тартуубуз максатка ылайыкташат.

Ырасында, биздин санжырачылар архивдик материалдарды казып жатышат. Үчүнчүдөн, ушундан улам жапан санжырачыларыбыз арбын. Ага далдалчылар каражат берип, жол көрсөтүп, олжо-буйлаларына тең ортоктош болуп отурат. Кеңешчилери ким, мыктылары тартылдыбы, же... эптеп эле чыгарып жиберүү тийишпи? Так айтып атабы, же тууралан качырып калдыбы? Аларды көзөмөлдөөбүз зарыл. Жакшы делген андай таасын жапан күлүктөрдү тайманбай сүрөөнгө алуу — коомчулуктун иши. Эбак чечилген санжыраларын таап алышып, ошону булак тутуп, ошолордун тегерегинен чыга албайбыз. Албетте, алардын да бири-биринен айырмалары, анан ич ара карама-каршылыктары да болуп отурат.

Ошентип, санжыра сандыгынын оозу эми ачылайын

деди. Санжыра жыйноочуларга, аны айтууга далалаты барларга эмне айтаар элек:

Биринчиден, бир эле теманы, тема дегеним, атаны, урууну, урукту бардыгы эле кайталап жатышат. Ал тай-талашты мыктыраак билген, чогулткан бирөөнө ыйгаруу керек. Же болбосо, баары кол жазмаларын коомго тапшырса. Аны калыстар тобу ылгайт.

Экинчиден, санжыра айтуучулардын ар бири өз уругун көтөрө чалып, айрымдарын кемсинткенсийт. Өз ара кордошуп, «биринин жоорун бири» чукушууда. Санжыра негизи маданияттуулукта чечилишти сүйөт. Кийинки муундарыбызга таалим-тарбиясы таасирдүү икая калсын. Бирин-бири басмырттоо, акыйнек айтышуу, доо коюлар санжыранын табиятына коошпойт.

Үчүнчүдөн, «Эл ичинде эл жүрөт» — дейт, ири уруунун санжыра айтуучулары, ошол уруулардын ичинде майда уруктар бар, бир атанын балдары бар. Алардан да элдик адамдар чыккан. Алар унутта калып отурушу жакшы жорук эмес. Мына ошолордун тагдырына да көз кырды салуу зарыл. «Баланча айтты, биз жок экенбиз», «Түкүнчө айтты бизди айтпай кетиптир». «Алката айтты» сымал токонаалат сөздөр болбошу үчүн мында калыстыкты, чынчылдыкты ыйык милдет кылып коюубуз санжыранын талабы!

Совет доорундагы таржымалды чечкенде «кыргызмын» деп жазылган башка улуттар да билинет. Буга көз салуу зарыл.

**Кара көтөн кармоо** — калыстыктын дагы бир түрү. Көп адамдар бирдемелерди бөлүштүрүүдө ар биринин аттары жазылат да, бөлүнгөн нерселердин (азык-түлүк, кийим-кечек, отун-суу ж. б.) үстүнө коюлат. Ар бирин окуп, ошол буюрганын алат.

Экинчи түрү — таяк, чыбык кармоо. Ошондой калыстыкта: «Таяк кармашалы»,— дешет. Таякты сунбай окчунураак туруп, тик кармай бири-бирине ыргытат. Ал болжолдуу жеринен тосуп алат. Ошондон өйдө биринин колуна бири тутамдай кармап, кылда учуна кимиси жетип, беркиси кармай албай калса, ошол уткан болот. (Кээде таяк учу эптеп чымчып калма болуп калат, беркиси башка таяк менен уруп кетет. Чымчылган таяк түшүп кетсе, таяк кармоо кайрадан башталат.) Мында кол кудайдын мөөрү деген ички мийзам сакталып турат.

Үчүнчү түрү — бир топ адам бирдемелерди тең үлүштүрсө (бөлүштүрсө), ичинен бирөөнү (же калысты) тескери каратып, экинчи бирөө: «Бул кимге?» — деп сурайт. Ал

Асанга, үлүштү ошол алат. Бул кимге?.. Сапайга, анысы алат. Үлүш бүткөнчө сурайт. Тескери турган адам баарын ушинтип нааразылыксыз «бөлүп» таштайт.

Чөп жашыруу, таяк кармоо, үлүш бөлүштүрүү талаа жеринде балдар ышкынга, балыкка, карагатка чыкканда, анан мергенчиликте, мал союп, эгин бөлүп алууда ж. б. жайларда арбын болоор эле. Албетте, андай калыстык элибиздин төптүгүн, тактыгын, чынчылдыгын баамдатат.

**Чүчү кулак.** Бул — ара бөк, элкин, ашыкча турганда кара көтөн кармап бөлүп алуу. Адатта, оюн эки топко бөлүнүп ойнолот. Ошондо бирөөсү оюнчулардан ашып калат. Оюн башчылары мындай чыгып, бармактарын оозго салып, шилекейлеп алиги ара бөк балага сунган. Бала кайсы бармакты кармаса, ошондон бирдеме чыкса, ошол топко өнөккө кошулган. Өнөк — бир максатта жаат туруп, ойногон тарап. Өнөктөшү бир. Утуш үчүн бир намысты көздөп ойноо. Мына ушул чүчү кулак карматуу» деп аталат.

2. «Чөп жашыруу» аркылуу да чүчү кулакты ыйгарып алса болот.

**Кулдугум бар.** Бул — ызаат-адеп мамилелердин бири. Адилеттүүлүктү моюнга алуусу. «Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч» — дегенди туюндурат. Адатта, бирдемеге жыгылууга, же күнөөлүүлөрдүн ордуна өкүл катары келгендерге мүнөздүү сөз. Мындай наркtуулукту эки элдин ич ара чатактарынан, күнөө кетирген тараптан угууга болот. Мисалы, эки жаш турмуш куруудa, келин алган тараптын ыраазылыгын алууда атайы жол-жобосу менен барып түшүп: «кулдугум бар» — деп, эки колун бооруна алып, эшиктен кечирим сурап, кириши салт. Минткенде наркtуулукту кармап, төрдөн орун берет. Сурашкандан соң «куда болгуча, ал-жайыңды сураш, куда болгон соң кул да болсо сыйлаш»... «Кулдугум бар» — деген сөздүн тыянагы мына ушундайча чечилет.

**Касам ичүү** — убададан тайбоо, ич ара антташуу. Касам — даам, демек, аны татуу аркылуу (жарма, айран, сүт, бозо ж. б.) ооз тийүү же жутуп жиберүүсү менен шерттешүүгө моюн сунуусу. Айрым аймактарда касам бир нече даамдардын кошундусу. Ошону ичүү менен айтылган сөзгө, берген убадасынын аягына чейин туруусу. «Касам ичкен — ал айныбас, бурулбас болуп калган» — деген адилеттүүлүктү түшүндүрөт. Адамдардын туруктуулугун кармоодо актык үчүн туз жалаткан, нан тиштеткен, кара койдун канына колдорун матырган, кылычты өптүргөн, мүрзө тегеретккен, суу жуткурган, маркумдардын арбагын айтып каргандырган, сыйынткан. Ак боз бээ союп

антташкан, колун кесип кандарын бири-бирине жалаткан. Эл алдына чөгөлөткөн.

**Кыз кыялы.** «*Кыз кыялдуу кылтыңдап,*
*Жакшы ат камчы салдырбайт.*
*Жакшы аялдын белгиси,*
*Көңүлүңдү калтырбайт».* (*Токтогул*).

Бул — жекече мүнөздөгү кирдүү кол менен кармагыс назиктик. Каада-салттагы ургаачылардын жүрүш-туруш эрежелери. Жакшы ата-энелердин нускоосу аркылуу калыптанган таалим-тарбиянын натыйжасы. Адатка айланган муундан-муунга өтүүчү касиеттерден.

Анын шарттуу белгилери: отуруп-туруудан, бирөөнү алдыртан уяң, уяттуу кароодон, дасторкон жаюудагы мейман күтүүдөн, сүйлөөдөн, кийим-кечек кийүүдөн, тамак-аш ичүүдөн, күлүүдөн, жылмаюудан, үй тигүүдөн, мал саагандан, төшөккө жатуудан, жуунуудан, уктоодон ж. б. биз айтпай кеткен кыймыл-аракеттен баамдалат да, адамдарга аруу, жылуу сезимдерди калтырат. Кыз кыялдууга уландардын, жигиттердин сылык-сыпаалуулугу да кирет. Мындай кирдүү кол менен кармагыс асылзаада көрүнүштөр кыз кыялына салыштырылат. Жайдары, ак жаркын ургаачылар, набаттуу байбичелер, жайыл дасторкон, жакшы эне перзенти — ак көрпө жайыл, жабуулуу кара инген, ак этек баскандар өндүүлөрдүн түпкү чыгышы ушундай кереметтерге барып такалат.

**Милдеттүү тамак.** Уюшуп тамак ичүүнүн бир түрү, т. а. ал бересе тамак. Бирөөдөн сый көрсөң, Атайын кадырлап чакырып, тамак берет. Шарты келгенде ага жооп кылып, ошондой дасторкон жайып, колунан келген сыйынды жасайсың. Мына ушундай мамилелери менен тамак-аш ичишкен жоро-жолдоштор жакшы санаалаштар болуп калышат. Дасторкон адамдарды жакындаштырат. Мындай сапатка ээлер, кадыр тутуулар, куда-сөөк күтүүлөр, алды беркилердин тирүү болсок бир дөңдө, өлүү болсок бир чуңкурда бололу» сымал касиеттери артылат. Албетте, тамак ичүүлөрдө кыял-жоруктары шайкеш, асылкеч, бирдей мүнөздөгү адамдар тандалат.

Кийин бөтөлкөлөш достор чыкты. Алар да бири-бирин кыйышпастар катары карашканы менен түбөлүгү түз боло албайт. Ал тууралуу мындай мисал бар:

«*Чын жолдош болом — деп бирөө,*
*Чырмалды чылым чеккенде,*
*Чыштайып кетти карабай,*
*Чылымдын оту өчкөндө...*

*Жан жолдош болом — деп бирөө,*
*Жармашты шарап ичкенде.*
*Бөлүнүп кетти карабай,*
*Бөтөлкө колдон түшкөндө».* (*Байдылда*).

**Жайыл дасторкон.** *«Пайдаңызга кызыгып,*
*Бакыл болбо өзүңүз.*
*Конок келсе аянба!*
*Келип турса күчүңүз».* (*Насыят*).

Бул — тамак-ашым кенен, куу казан эмес, май казан, дайыма эл келип, ичип-жеп турса, келди-кеттибиз көп болсо дегендик. Мунун баары үй ургаачысына байланышат. Илгертен эле колунан иш келген узга, үй оокатын мыкты тирдеген, келгендерге кабагы-кашы жарык, аш-тамагын койгон аял затына да арналат.

**Сүйлөө маданияты.** Баамдоолордо сөздү алгылыктуу, уккулуктуу айтуусу менен угуучунун адеби төп келмейинче сүйлөө маданияты эч качан ойдогудай боло албайт. Ошон үчүн ургаалдуу кеп сүйлөнүп жатканда бирөөлөр ич ара же бирөөлөрдү карап шыбырашуусу, күбүр-шыбырга айланып кетүүсү, күлүп калуусу, албетте, адептүүлүк, ыймандуулук эмес.

**Адамлардын сүйлөө, ырдоо, бири-бирине мамиле кылуу адеби.** Ата-бабалардан келе жаткан салтында-наркында бирөөлөр сөз сүйлөйт. Кайра ага сөзүнө карата сыйда жооп кайтарат. Бул — чоң маданият. Сүйлөө манерасында жалжактоо, ырсактоо, сөзгө конок бербей калжактоо, улуу-кичүүнү барктабоо — бул ыймансыз абалда калуучулук.

Илгери көпчүлүк алдында ырдап жатканда, төтөн, улуттук кийим-кечектерди кийип алып, мисалы, үкүлүү тебетейчендер, каз элечекчендер, чыптама, кош этекчендер, бешмантчандардын кыйшалактоо, оңго-солго обу жок бурулуу, мимикасын өзгөртүү, азыркыдай туйлап, мөңкүп кетүүсү ургаачы заты үчүн өтө эле копол, уятсыз, осол сезилчү. Ургаачылык назиктик менен имериле басып, ийменицки тартып кетүү, шандуу да, көркөм да көрүнүүчү.

**Жашоо-тиричиликте сүйүү сезими.** Акыйкатта сүйүү акындардын сүйүүсүндөй (абстрактуу нерсе, болбоо керек. Тирүүчүлүктө адамзат пендеси алланы (жаратканды, теңирди, кудайымды, сүйүүнү алгач эске алат. Анан энени, атаны сүйүү сезими өзүнөн-өзү пайда болот. Бир туугандарды сүйүүгө, көз ачып көргөнү, эс тартканы эске келет. Кийин киндик кан тамган жер, ата-конуш, тууган-урукту, бара-бара улутун сүйүүгө өтөт.

Кыргызда: «Бала табылат, ата-эне табылбайт. Бир тууган табылбайт» — деген сөз бар. Чынында, демек, кудайдын кудурети менен ата-эне балалуу болот. Бул мусулмандык ишенимге кирет.

**Аяк алып ичээр** — бул жашка карата айтылат. Мисалы, теңтуштардын бири экинчисинен бир ай, эки айбы, улуураак болсо, дасторкон үстүндө отурган чакта ал беркисинен мурунураак даамды алып ооз тийүүсү тийиш. Аяк — даам куюлган идиш. Аны мурун алып ичүү — улуулукту билдирүү. Муну сактоо — элдик адеп. «Сенден мурун төрөлгөн, ошондуктан биринчи бул ичсин» — деп, балдарды атаэнелер, улуулар тескеп турушкан. Кыргызда: «Бир көйнөк мурун жырткан» — деп да айтылат.. Бул да улуулукту билдирет. «Бирин-бири сыйласын» деген адеп, ыйман.

**Жүз көрүшүү — учурашуу.** Бул — саламдашуунун, кол берүүнүн бир түрү. Адатта, мусулманчылыкта эки колду кичүүсү улуусуна биринчи алакан жая сунуусу. Шабдандуу кол алышуусу. Кучакташып көрүшүүсү. Колунан, бетинен, оозунан өбүшүүсү, чыканактан кармашуусу. «Атсалоом алейкум», «Алейкума атсалам», «арбаңыз», «бар болуңуз», «эсен-аман жүрөсүзбү», «бала-бакыраңыз, малбашыңыз эсенби», «калайык-калк тынчпы...» сыяктуу сөздөр суроо-жооп катары айтылат. Бул адат «кол берүүгө» окшош болгону менен, мында өбүшүүлөрдө, ал-жайды сурашууларда бир аз айырмачылыктары билинет.

Жүз көрүшүү — жакын, асылкеч адамдардын зыйнаты. Бир колун чөнтөккө коюп, бир колун сунуу, баланын, атакыздын ооздон өбүшүүлөрү, деле дайыны жок өбүшүүлөр адамга аброй алып келбеген. Мындай жышаандар кийин чыккандай туюлат. Мындай серт салттан качуу керек.

**Сөзгө жыгуу.** *«Күрөштөн жыгылса турат, сөздөн жыгылса турбайт», «Эр жигиттин сөзү өлгүчө, өзү өлсүн»* (макал). Бул — адептүүлүктүн, ички маданияттуулуктун бир белгиси, кеп-сөз кунун адамча баалай билүүсү. Акыйкаттуулуктун эр-даңазасын айра таанып, ага адилет мамиле кылуусу. Ал сөзгө жыгылып калуу парзыбыз. Мунун «сөзгө сынуунун» окшоштугу менен бирге аны таптакыр айырбаштай албайбыз. Анткени менен тереңинде кеп-сөз кунун баалоо бар.

Сөзгө сынуу — болгон чындык окуяны моюнга ала билүүсү. Албетте, булар бирин-бири толуктайт. Мындай сапаттар илгеркилерге бөтөнчө таандык эле. Кийин сөзгө моюн бербей, жажалашып айтышуу, көп ызаатын, сөз кунун баалабай, маңызсыз талаш-тартыш өнөкөтүнө айла-

нуулар арбындай... Андайлар «кеп жебестер» деп аталат. Аларга айткан кайран сөз.

**Чачпагын көтөрүү.** Бул — эзелтен келе жаткан жакшы салт. Аттуу-баштуу адамдардын кадыр-баркын көтөрүүсү, (чачпак зайыптардын чачка тагуучу асем жасалгасы) өтмө мааниде «чачпагын көтөрүп келдим», «чачпагын көтөрүп...» өңдүү айтылган. Жөнөкөйрөөк түшүндүргөндө, ошол урматтуу адамды ээрчий келгендер ал көргөн урмат-сыйын кошо көрүшүүсү. Анын мартабасын ого бетер арттыруусу. «Мен тим эле өзүнчө ээрчип келдим»,— деп тике айталбай, «Кадырмандын чачпагын көтөрүп келдим» — деген сөздүн өзүндө зор туюнтма бар. Мында ынтымак-ырыстын, баш кошкондуктун ырааттуу белгилери айтпасак деле баамдалып турат.

**Кадыр тутуу.** *«Кантсе да кадыр-көңүл калышкан жок*
*Алдыртан карап жүрчү көңүл улап...»*
*(Мидин).*

Бул — адамдардын өз ара баркын көтөрүшүүсү. Бири-бирин сыйлашуу дымагы. Кадыр-барк койгон адамдын айткандарын ылам дебей аткаруу сапаттары. Ошондой эле, төтөн, кичүүлөрдүн таасирдүү адамды арка-бел байлоосу, аны менен кеп-кеңешип, айткандарын эп көрүүсү.

Мунун экинчи түшүнүгү — кадыр салуу. Ичтен өзүнүн баркын баалоо. «Ал аны кадырлайт», «Айтканын эки кылбайт», «Кадырын салып атып алган», «Менин кадыр туткан кишим», «Атайын кадырын салып барды эле», «Ошол кадыр-баркты билип коюптурбу», «Жакшылар жакынды өзүм, алысты жатым дебейт». «Өз баркын билгендер баарыга бирдей болот». Ушундай түшүнүктөр аркылуу элибиздин баркка-наркка жете жүрүүдөгү даанышмандыгын туябыз.

**Коңшу (кошуна, конушташ отуруу).**

*«Бир конушташ болбосо да айылым,*
*«Сары алтын» — деп санаам менен байыдым.*
*Кайда болсоң караанына теңеймин,*
*Капчыгайдын суу бойлогон кайыңын».* (Мидин).

Бул — үймө-үй жакын отуруу. Ойдо, тоодо, жакада, кай жерде болбо, кыргыздар бири-бирине ыкташып, бир конушташ, журтташ, короолош отурууну сүйүшкөн. Чакырышып, даам татышып, бирин-бири эш тутушкан. Мындан «жакшы кошуналар, жарым ырыс», ич ара сыр билгилик келип чыккан. Ушундан улам кийин карым-катташ пайда

болгон. Кошуналар түшкөн меймандарга, аш-тойлордо, өлүм-житимдерде, жеңилин жерден, оорун колдон алышып, кубаныч-кайгыларына ортоктош, буюрган насип түгөнгүчө ырыскылаш болушкан.

Коншу акысынын мааниси: 1-чакырса, баруу керек; 2 — ооруса, көңүлүн суроо керек; 3-коңшу коңшудан бир нерсе сураса, берүүсү керек; 4-коңшу үйүндө болбосоо, үй-жайына баш-көз болуп туруусу керек. Ал эми коңшуда үч түрдүү жагдай бар. 1-коңшулук акы, 2-мусулмандык акы, 3-коңшу тууганга эсеп (эгер коңшу капыр болсо, анда да коңшулук акы бар).

Мисалы, бир конушта эки адам отурса, бирөөнүн үйүнө он жолу конок келсе, онду соёт, берки кошунасы бешти сост, же сойбосо да ошол онуна ортоктош, образдуу айтканда, кошунасынын ала бакандагы этин көрүп турат. «Эки жакшы жайлоого чыкса, кудалашып түшөт. Эки жаман жайлоого чыкса, кубалашып түшөт» — деген сөз мына ушундан калган. Бул жакшы салтты сактообуз зарыл.

**Саан берүү (саан ичүү).** Бул — колунда барлардын адатта, илгерки байлардын жардыларга, жатакчыларга, көп балалууларга саап ичүүгө музоолуу уй, козу-улактуу кой-эчки, кулундуу бээ бөлүп берүүлөрү. Аз береби, көп береби, ал адамдын байлыгына, марттыгына байланышкан. Саан ичүүчүлөр байларды, бардарларды жайлоодо, жакада тегеректей отурушкан. Анын малын багып, саанын саап, отун-суусун алышып, чөбүн чаап, эгинин оруп ж. б. кызматтарын кылып, ич ара эриш-аркактанышкан. Мындайраактар да сурап барышса, байлар илебин суутпай, саан айдаткан. Алар саан малдарды этинен түшүрбөй багып беришкен. Саанды кактай сааган катын-калачтарды «жез тырмак» деп да айтышкан.

Саан берүү — саан алып ичүү бири-бирине кайрымдуулук, ынтымак-ырысты билдирген. «О, кудай урган, битир, ошончо малы туруп, саан ичирбей коюптур»... «Бей-бечараларды ачка» деп, бөлөк айылдарга, урук-урпактарга кепсөзгө калып, намысын ойготкон. Саан ичүүдө «Кедейлик кемтик эмес» — дегендей, мунун эрөөн-төрөөнү анча билинбеген.

Албетте, байдын байы чыккан. Чоң байларда ошончолук марттык касиеттери да болгон. Алар «ата-бабаларынан бери уюткулуу бай». Айткандарында, бул солтодон чыккан Өзбек бай өзүнчө жыргап өтөт. Токмоктогу Калый байдын (Калый бай — ногой байы дешчү) пейили аябай кенен экен. Анын жылкылары эле Нарындын Кара-Кужур,

Кара-Сазын, Арчалуусун, Жылаңачын, Оорук-Тамын, Коңур-Өлөңүн; Чүйдүн Боролдоюн, Кара-Балтасын ээлеген. Ошол бай: «Саап ичкиле, семиз баккыла, мингич мингиле, жоор кылбагыла, эт жегиле, оокатыңарды тың кылгыла — бул мал «Калыйбайдын маңдайына, силердин таңдайыңарга бүткөн» — дечү экен.

Ал эми сараң байлардан, сасык байлардан, мерез байлардан ажат ачуучу, бей-бечараларын багуу сапаттары байкалбаган.

Саан берүүнүн 2-жолунун бири — байлар кедейлерге чөбүн, көңүн чаптырат, эгинин ордурат. Көчкөндө жүгүн жүктөшкөн, малын айдашкан. Атын токуган, желесин байлап, кулунун салып беришкен. Кедей, кедейдин зайыбы малын союшкан, ичеги-кардын артышкан, суусун ташыган, тезегин терген. Оту менен кирип, күлү менен чыгышкан. Мингич минүүдө да ушундай кырдаал түзүлгөн.

**Мингич берүү**. Бул — бардарлардан, байлардан жылкы сурап минүүлөрү. Ал кунан береби, бышты береби, асый береби... айтор, бергенин минип кетип, белгилүү мөөнөтүндө алып келип, жылкыларына кошуп коюу. Атты семиз минсе, бергени ыраазы болгон. Арык, жоор кылып минүүсү эске алынган. Андайларга ичтен нааразы болуп, ал экинчи ирет мингич бербей да койгон. Бул тууралуу «ошол үчүн «томаяк», «куу токум», «томаякка мал жукпайт» — өңдүү басмырт кептер айтылган.

Кыскасы, «Жакшылык унутулбайт, жамандык жерге жатпайт», «Кан коё бербейт», «Кыңыр иш кырк жылда билинет». (Накыл)

## Байлардын кулк-мүнөздүү белгилери

1-бай — чыктуу байлар. Келим-кетимдери бар. Согумга жылкы, уй, топоз, төө соёт. Согум учурунда жылкынын этине, кыштата эл катары бодонун этине, жазда сүрүнө чакырат. Элине үч курдай тамак берет. Аттанып-түшкөндөргө козу-кой, айрым урматтууларына тай союп, эл көңүлүн ала жүргөн байлар.

2-бай — куржалак, жалаң жүз байлар. Келим-кетимдерине кымыз, айран куят, чай коёт, согумга эл катары тамак берет. Бул — себеп-шылтоолору көп байлар. Конок алууга отун-суусу, шарты болбогон бай.

3-бай — шерине жебес, кире — үлүш ичпес, согумуна адам чакырбас байлар. Өзү менен өзү болгон, өзүнө бар, башкаларга жок, тымызын бай. «Кызыл музоо», «кызыл

кулун», «кызыл козу, кызыл улак» менен мамиле кылган байлар.

**«Чийин чийип берүү.** *«Чийин чийип жер бүтсө,*
*Куйрук кесип кун бүтсө,*
*Чыбык кыркып доо бүтсө».*

*(Эл сөзү).*

Бул — эки жак бири-бири менен жоолашса, ич ара чабышса, элдешүүнүн илгерки салты. Т. а. бирдеменин бетине түз, же тегерек жылчыгы жок, бүтүн чийин чийип беришкен. Эгер ал чийиндин четинен кичине эле кемтиги, ачык жери болсо, анда эки жактын биринин ичинде кек калгандыгын билдирген.

**Чыбык кыркышуу.** *«Чийиниңди чийип бер,*
*Чыбыгыңды кыркып бер».*

*(Эл сөзү)*

Бул — араздашкан эки элди элдештирүүнүн дагы бир салты. Баатырлар, журт башчылары биригүүдө шарт коюшуп, бири-бирине элчи жиберишип, бир нерсенин бетине чийинин чийишип, жарашып, непада, бул шартты бузсак, «чыбыктай кыркылып калалы» — деп, чыбыкты тепетең кыркып, бир жагын элчиге берип, бир жагын өзүнө калтырган.

**Жылуу канга кол матыруу.** Бул — ич ара антташуунун мерчемдүү бир түрү. «Кимде-ким айтылган анттан кайтса, ушул кара койдой мууздалып калалы» — өңдүү каргышты оозго кармоо, ошол жаңы союлган малдын жылуу канына кош колдорун матыруусу. «Өлсөк бир чуңкурдабыз, тирүүлүктө бир дөңдөбүз» — деп бата кылуулары.

Негизи мында тээ илгертеден баштап Дөөтүнүн ишенимдүү шекирттери бүгүнкүгө чейинки кан усталар кара койду союп (адатта, кара койдун эти таттуу дегендей анын канында бир өзгөчөлүк болушу ыктымал), канына жылуулай аспап-куралдарын матырып, сугарып ала турган. Ал аябай курчуган, эч качан ийрейип, майышып, морттолгон эмес. Сыягы, ушундай жагдайлардан улам, ай туяк бээ, ак боз бээ союп, убадалашуулар, антташуулар жөн-жайынан чыкпасы тийиш.

**Буудай майлап берүү.** Бул — абалтан келе жаткан салт. Ар бир уруу өз намысын алуу үчүн чоң аш-тойлордо чыгуучу оюндар: эр эңишке, эр сайышка, улак тартышка, аркан тартышка, жөө күрөшкө түшүүчү балбандарын таптоонун бир түрү. Аксакалдардын айтууларында, андай

балбандарды өзүнчө багып, муундуу кылган. Т. а. ага чөкмөк берген. Демек, буудайды тазалап, табында кууруп, аны сары майга, кээде куйрук майга чөкмөлдөтүп, чайнап жешке шартташтырган. Талканды теңме-тең май аралаш шорпого көөлөп берүү да күч берген. Тай, жабагы эти да күч киргизген.

**Ээлик болуу.** Элдик салтта жакындары жок болсо, алардын буюм-тайымдары, дүр-дүнүйөсү, мал-салы, тамтарактары, тамаркалары, т. а. анын жекече байлыктары талаага чачылып, талоонго учурап калган эмес. Эли-журту өзүлөрү эле ал байлыктары кимге таандык болоорун калыстыкта чечип, шартына карата жакындарына бөлүп беришкен. Эгер кары-картаң болуп, оокат кылууга мүмкүнчүлүгү келбесе, жакындарынын бирөөлөрү аны мал-мүлкү менен көчүрүп алган. Дүйнөдөн кайтса, өлүк зыйнатын ойдогудай жасаган.

**Айры төштүн алдына жатпаган** — бул балбандардын бир да жыгылып көрбөгөн, алышта алдырбаган, чалышта чалдырбаган, т. а. күчү теңдешсиз алпты айтуу салтыбыз.

Илгерки каадада балбандар дөө болмоюн, мүчөсү, туруш-турпаты өзүнчө зор көрүнүп турмайын, анын балбандык кудурети табигый көрүнмөйүн аны алып чыкпаган. Бир дубан элде өзүнүн сынынан өткөн өлчөлүү гана адамдары боло турган. Минтип, айры төштүн алдына жатпаган, «буту айрыдан», «жумуру баштан» сымал сүрөттөөлөр менен берилген сөз тутумдары, ой түрмөктөрү, албетте, элестүү, күчтүү сезилет. «Төш тирешип», эки адамдын ич ара чатакташа түшүүлөрүн да ушундайча түшүнтүшкөн.

Кечээки эле биз көргөн Кожомкул балбан, Бөлтүрүк балбан, Шейшенаалы балбан, Турумбек балбан, Алмуканбет балбан, Көөрүк балбан, андан мурунку Кыдык балбан, Алчыкен балбан, Каба сыяктуу атактуу балбандар кыргыздардын намысына татып келишкен.

Булар — балбандын дөөлөрү, алптары. Араларында жүктүү төө көтөргөндөрү чыккан.

**Балбан көтөр.** Бул — жигиттер жүгүрүп келип, жыккан балбанын жыгылган балбан үстүнөн кыйкырык, сүрөөн менен көтөрүп кетүүлөрү. Тегеректеп туруп алышып, балбанын жерге тийгизбей көккө ыргытып-тосуп алуулары... Ар бир атанын, уруктун, уруунун эли баланы жаш чагынан ат минүүгө, аттын кулагы менен тең ойноого, ат чабууга, ат үстүнөн алышууга, тыйын эңүүгө, жөө күрөшүүгө машыгууга үндөшкөн. Андай шартта ошол элдин сыймыктанаар оюнчусунун атын атап, бата беришкен.

Улуу «Манаста» калмактын алпы Жолойду көтөрүп

чапкан эр Кошойду балбандардын пири катары көрөбүз. Андан бери «Кошой колдосун» — деп алакан жаябыз...

### Журт бузарларга элдик жазалар

Азыр эң жогорку жаза — атуу. Бул Совет бийлигинин учурундагы мыйзам. Атуусуз 25 жыл эркинен ажыратуу мыйзамы да чыккан. Атууга же 25 жылга кетүү кылган күнөөлөрүнүн ич ара мүнөздөрүнүн негизинде аныкталат. Кыргыздарда да башка элдердей эле жазанын элдик формалары бар болгон. Алар — төмөнкүлөр: «Атка тескери мингизүү», «жонунан таяк алуу», «башка жактарга көчүрүп жиберүү», «жалгыз үй отургузуу», куйрук-жалы кыркылган жайдак атка же төөгө мингизүү, «журтка калтыруу». Зайыптарга «көчкөндө жаргылчак теңдөө», «байталга мингизүү», «чачын кыркуу», же «такырайта кыркуу». Өлүм жазасы үчүн «дарга асуу», «таш баранга алуу» сыяктуулар болгон.

**Сыйынуу.** Бул — негизи динге байланыштуу түшүнүк. Кудайга, аллага, теңирге, ааламга, жерге, сууга, тоого, ташка ж. б. жалбаруу, алардан жакшылыктарды күтүү, жандуу ыйык катары кабыл алуу. Касиеттүү күч ошолордо экенин билип-сезүү. Ар бир журтчулуктун өз-өзүнчө сыйына турган «сырттан туюучу» кереметтери бар. Ал тууралуу узун сабак мисалдарды айтаар элек. Ал эми бул макалада мусулманчылыкка моюн сунган Кыргыз Ата тукуму кудайымды, теңиримди, алланы бийик тутуу үчүн ислам динине моюн сунуу, Мухаммед пайгамбардын осуяттарын аткаруу, бу жарык жана жалган дүйнөдө шарияттын кан жолунда жүрүү ж. б. сыйынууну гана белгилеп кеттик. Мындан тышкары, элдик адамдар, кутмандуу карыялар, набаттуу байбичелер, баатырлар, шайырлардын үлгүлүү баскан жолдору, таалим-тарбиясы да сыйынууга татыктуу боло алат. Журт мыктылары менен журт жакшыларына таазим кылуунун, алардын жолун улук тутуп, алдыларынан кыя өтпөөнүн өзү да сыйынууга барабар. Биз үчүн Манас ыйыктардын ыйыгы экендигин түшүнөбүз. Демек, ага сыйынуубуз парз.

**Убадага туруу.** Бул — адамгерчилик сапаттын алгылыктуу түрү. Тирүүчүлүктө бирөөлөр менен алды-бердилер болот. Айрымдардын ортолоруна калыстыкта жүрүүлөр бар. Сөз берүү — чындыктын күбөсү. Сөздү сыйлоо — адамгерчилик, кадыр тартуучулук, туруктуулук. Айткандарынан тайсалдоо — жалакайлык. Убада бердинби — аны

аткар. Мунун тескери түшүнүгү — алдамчылык, убарачылык, убада сөздү карытуу. Ишенчиликтен кетүүчүлүк.

**Текеберчилик кылбоо** — бул болуп жаткан кыймыл-аракетке, турмуш-тиричиликке, байлыкка, мансапка өкүм мамиле кылбоо. Алды-артты ойлонуу, тобо келтирүү, кудай, эл-журт алдында акарат кылбоо, жакшына жашоосун жактыруу. Көөдөндү өйдө көтөрбөө. Алдындагы ырыс-кешигин өзү көкүрөккө теппөө, ырыскыга жаба түкүрбөө. Текеберчилик — мунун тескерисинче иштөө.

**Мактанбоо.** *«Мактаныч эмес, сактаныч керек»* *(Макал).*

Бул — пендечиликте ырысты, сөөлөттү, бардарлыкты көтөрө билүү. Барга кайыл, жокко назар. Мактанчаактык — көйрөңдүүлүктүн бир түрү. Өзүнүн жекелигин башкалардан жогору коюучулук. Оор басырыктуулук, бой көтөрбөөчүлүк — мактануунун оң таасирлери. Биреөлөр мактоо — аны көтөрө билүчүлүк. Сен өзүң жөнүндө айтпа, биреөлөр айтсын деген кеп бар.

**Күлүү адеби.** *«Күлкү — өмүрдүн мүлкү».* *(Макал).*

*«Кыя жолдо бараткан*
*Кыз күлкүсү үгулат».* *(Жоомарт).*

Кыргыздар күлүүчү орунду билишкен. Ырсактап, улуу-кичүүлөрдүн ортосунда дайыны жок күлүүнү жек көрүшкөн. Кызыктуу аңгеменин учугу уланып, улуулардын сөзүнө көпчүлүк уюп отурган чакта биреөлөр обу жоктонуп күлсө: «Тур, эшикке чыгып, күлүп келчи?» — дей турган. Окуяга байланыштуу биреөлөр күтүүсүз күлсө, же күлкү чакырган учур болсо, жапырт күлүүлөр айтылып жаткан окуяны шаңына чыгарат, жандандырып жиберет. Күлбөс нерселерди айтып, өзү карсылдап күлүп калуусу абдан одоно көрүнөт. Биреөлөрдүн айыбын көрүп, аны чукуп күлсө, ал андан бетер одоночулук. Биреөлөрдү кемсинтип күлсө, м. а. «бооpу эзилсе» жага бербей, кайра-кайра каткырып күлсө, бул да өөн.

Улан-кыздардын карыялардын көзүнчө ырсалактап, үндү түрдүүчө чыгарып экиленип туруусу — андан беш бетер уят көрүнүш. Күл, күлө бил. Кандай жерде кантип күлүүнү бил. Күлбөс жерде күлбө Күлкү — алтын өмүрдө асыл көрүнүш, аны сарысаптай бил...

## Тамашалоо — тамашалашуу

«Илгертен эле тамашакөй, тамашаны жакшы көтөрөт», «Тамашага чычалап жиберет», «Тамашалашып отурушат» өңдүү чыгыш элдеринин ичинен өтмө, каймана маанидеги кеп-келечтерди кыргыз эли мыкты түшүнүшөт. Баркына жете баалашкан.

Эл шайырлардын коюп берген оюн-күлкүлөрү тамашага кирет. Теңтуш-телилердин бир-бирине азил-шакабалары, алдыдан бирин-бири «чымчылап», кеп баштап, аны жолдошунун толук түшүнө-түйүнө билүүлөрү, кеп маанисинен доо кетирбөөчүлөрү тамаша болуп саналат. «Тарс эткендин баары тамаша» дейт. Өйдө-ылдый айтылган сөздөр болсо кечиримдүү болсун дегени. «Тамашадан от чыгат» дейт. Эби-сынына келтире отургандардын бирине тийбөөчүдөй чебер тамашакөйлөр бар. Атактуу Мидин туурасында мындай деп айтылат:

*«Оозунан ыргып чыкчу эле,*
*Шакаба, мыскыл, тамаша.*
*Сөз менен сүрөт тартуучу*
*Кас менен доско жараша».* (*Аалы*).

Адамдын ички дүйнөсү аңтарылгандай, күлкү чакыруучулар, аны элге таратуучулар ошол Көкөтай, Жоошбай, Куйручук, Бекназар, Мидин сымалдар өткөн. «Мидин бир түн түнөп кеткен кокту-колоттордо толо күлкү, шакаба, тамаша кала турган» (К. Укаев, адабий сынчы). Оюн, күлкү, шакаба, тамаша, азил, мыскыл — көңүл ачуунун куралдары. Булар ич ара бирине-бири өтүп, биринин сыпатын, курчтугун, өткүрдүгүн бири толуктап турат. Буларды табы менен жүзөгө ашырууга чечендердин, куудулдардын кылдаттыгы, чеберчилиги артылып отурган.

**Көгөн түп.** Көгөн — кой-эчкилер, козу-улактар байлануучу орун. Бирөөлөр бирөөлөрдүн аманат кой-эчкисин багып, төлдөрүн ойдогудай торолтуп бергенде анын көгөнүн кур койбой, ошол козуларынан, улактарынан өзү билгендей, багуучу ыраазы болгондой санда таштап кетүүсү. Албетте, мындан аркы ич ара мамилелердин түз жүрүшү үчүн бул салт колдонула бермекчи...

**Желе түп.** Желе — кулун байлануучу орун. Айрым учурда желени тегеректей турган үйүрдү да желе деп коёт. Мында, бирөөлөр жылкыларын багып, талаптагыдай төлдөтүп, торолтуп айдатканы жатканда, желесин кур койбой, өз ыраазычылыгы менен жылкылардан бирди-жарымды таштап кетүүсү. Көгөн түп, желе түп, анан үй-топоздорду

асырап берүүдөгү казыктүп, желеге бирөөнүн айгырын салууда, короого кочкорун, текесин, букасын кошууда да ушундай алгылыктуу жөрөлгөлөр болот.

**Салыкка (кан салык)** асемдүү дүнүйө, ага карк алтын-күмүш, салттуу көркөм буюм-тайымдар, алардан жаралган нускалар, зер жасалгалар кирет. Муну пайдалануунун ар кандай жолдору бар. Салык бирдемелерди жерге салуудан, сактап коюудан келип чыккан. Кан салык — кандардын, бектердин, байлардын, болуш-бийлердин, көпөстөрдүн, ири соодагерлердин ж. б. баалуу дүнүйөлөрү.

1-ден, жоокерчилик замандарда шашкалактап буюм-тайымдарды бир жерди белгилеп, таштап качууга аргасыз болгон.

2-ден, көчүп-ташынууда чакан эмеректерди гана алып, калгандарын кыштоолоруна коюуга туура келген. Мисалы, карылардын айтымдарында 1916-жылкы алааматта салыктар белгилүү жерлерге ташталып, кайра келгендердин таап алгандары; жер көчүп, өзгөрүлүп, таба албай калгандары да болуптур. Айрым аймактарда азыр деле жайлоого чыгууда «жайлоо үйү», «жайлоо килеми», «жайлоо эмеректери» сымал чакандала жүктөлүүчү буюм-тайымдар менен чыгат. Жакада калгандары салык деп аталат.

**Түндүк тартуу.** Көчмөндүүлүктө кыргыздар жайдыр-кыштыр боз үйдү маанектеген. Адатта, эрди-аял үйдүн ыпча бөйрөгүндө жаткан. Үйдүн эшиги күн чыгышты караганда эркек кереге тараптан орун алат. Аял коломтону өчүрөт. Уктаарда түндүктү жабууну алга тартат да, эр бүлөнүн сол ыптасында болот. Бул аялдын эрте турушка, түндүктү артка тартууга, уй саашка, от жагышка оңтойлуу келет.

**Түймөч кылуу.** 1. Күз башынан ойдогудай семиртилген малды союп, этин чыпчыргасын коротпой, кардына шыкай салып, (кичине туз кошуп), муздак жайга тоңдуруп коюп, жазда, үзүмчүлүктө (узун сарыда) ачып, тамак кылып оокаттануу. Ошондо койбу, эчкиби, уйбу, сөөгүн шылып алганда сулп эти өзүнүн карынына баткан. Жазда кызыл болуп, өтө сонун сүрсүп, жешке ширелүү болуп калган.

2. Түймөч кылуу — этти майдалап туурап, тузду өткөрө татытып, кууруп алуу;

3. Түймөч кылуу — куурулган майда этти кесме аралаштыра чала кууруп, карынга ж. б. идиштерге салып алуу. (Бул ичкилик, анжияндык кыргыздарга мүнөздүү болгон). Булар «аш катык» деп аталат. Албетте, мындай

эт азыктары талаа-түздө жүргөн, жоокерчилик кылган кыргыздар үчүн жарым кулазыктык милдет аткарган.

**Чөп жашыруу.** Бул — жөнөкөй калыстык мамиле жасоонун бир түрү. Эгер эки адамдын ортосунда чакан маселе болуп, ал чечилбей жатса, оюн-чындан «анда чөп жашырышалы» — дешет. Чөптөн сындырып (кээде тал ширеңке, жыгачтын сыныгы ж. б. заттар деле жарай берет), эки колду аркасына алып, чөптү колдун бирөөнө калтырып, эки колду жуумп сунуп, чөп жашырышканына «таап ал» дегендей ишаратты берет. Ал «чөп мында» — деп, эки колдун бирөөн көрсөтөт. Колун ачат. Тапса — жеңди, таппаса — жеңилди... Албетте, андай арзан жолдогу калыстыкка элибиз дароо моюн сунчу.

**Мурут-сакал койдуруу.** *«Мурундарын карасаң,*
*Айбалтанын сабындай,*
*Муруттарын карасаң,*
*Устаранын кабындай».*
*(«Манас»).*

Жигиттердин мурут койдуруусу, ал — көрк. Төтөн, чап жаактарга коюу мурут шаптай көрүнөт. Ал шыңга бойго ого бетер жарашык берет. Ошон үчүн жаштардын мурут койдуруп, аны өз учурунда тегиздеп алып туруулары жалпы келбетти ого бетер шаңдуу, кайратуу көрсөтүп, эр-жигиттердин касиеттүү белгилери болуп саналат. Жаш келгенде мурут-сакал койдурбай жүрсөк, айрымдар: «Ушу күнгө чейин, мурут, сакалы жок боз кемпир болуп жүрөт»,— дешет. Ал да туура, өтө суйдаң мурутчандар, сакалчандар бар. Андайларды көсөө дейт. Алардын койдурган мурут-сакалдары анча жарашык бербейт. Көпчүлүгүбүз эр ортонунан ашканда каада-салттап абалы муруттуу болсок, аны чыйралтып турсак, алтымыштан ашканда сакалыбызды сыласак, кепич-маасы кийип, ыктымал болсо намазга жыгылып, кийинкилерге үлгү берсек — дейбиз. Анын баары эле ойдогудай эмес. Сырткы көрүнүшүнө карап, мурут-сакалдарды бир нечелерге бөлүп айтышат: «Шиш мурут», «шаа мурут», «мышык мурут», «калкан мурут», «теке сакал», «керегe сакал», «батек сакал», «көкүрөк сакал», «суйдаң сакал», «чокчо сакал» өңдүү түрлөрүн оюн-чыны уга коюп жүрөбүз. Анткени менен андайга эч ким терикпейт. Ар ким өз абийирибизди сактообуз зарыл. Колдо бар мүмкүнчүлүктү аркалап, «пайгамбар барга назыр» деп, арткылардан айырмаланып, куучуңдабай, карылыкка моюн сунуу парзыбыз бар. Мезгилиң келгенде «Сенин мурут-сакалдарың өтө суйдаң тура, жарашыгы жок, койдурбай эле кой-

гун» — деп, эч ким деле бири-бирибизге кине койбосо керек.

Негизи, «ата сакал ээгине бүткөнү», «өз сакалымды өзүм сыйлайын», «ак сакалды урматта», «сакалдуу жоого түшөбү», «табакты сакалдуулап тарт», «сакалдуулап чакыр», «сакалдуу кишини», «сакалын сүйрөп келсе», «ошондой сакалдуу адамдар» сымал ичине накылды да, адепти да, абийирди да данекердеп турган туюнтмалар кыргыз атанын беделине доо кетирип көргөн эмес...

**Керээз (керээз айтуу).** Бул — адамзат жарык-жалган дүйнөдөн биротоло көчөөр алдында эл-журтуна, бала-бакыраларына калтырган сөзү, акылы, кеңеши, акыркы айткан сөзүнүн ток этээри. Керээз айтууда элибиздин табигый маданиятын билебиз. Мурунтан баштап эле: «Кийин көзүм өтсө, муну мындай кылгыла, тигини тигиндей жасагыла, сөөгүмдү ошол жерге койгула, жайымды тигиндей ойдургула» — деп айтылып келген. Албетте, мында «өлбөстү кудай жаратпайт, сынбасты уста жаратпайт». Жанжаныбар туулат, өсөт, өнөт, өлөт. Жаратылыштын мындай мыйзамченемин четтей өтө албагандан соң болочок иштерди күн мурунтан боолголоп коюу парзыбыз бар. Муну бала-чака түшүнсүн.

Экинчиден, адатта, адам «боюн түзөп», таазим берээр алдында, болгон күчүн жыйып туруп, оюндагысын айтат. Ал сөзү калгандары үчүн ыйыктай сезилет. «Мурун эле айтып жүрүүчү», «өлөөр алдында айтып калды», «ушуну айтууга араң жарады»... Арийне, керээз угуп калуунун өзү маани-жай. Мында маркумдардын кадыр-баркы, алардын айткандары бизге ыйыктыгы аркылуу бааланат.

Үчүнчүдөн, керээз — ага-туугандарын, бала-бакыраларын, кадыр-кечтерин чогултуп туруп, атайын мал сойдуруп, эт желип, бата тиленип бүткөндөн кийин бала-бакыра жай-жайына тарап, улуулар калганда, жарыктык оорулуу баарын тегерете карап, сыдырата санап, кимдер бар, кимдер жоктугун билип, орой көз чарай отургандарга айтыла турган сөз. Арийне, анда төмөнкүдөй суроолор камтылат: мал-жан кимдерде калат, кара ашка канча союлат. Кимдер топурак салат, сөөктү кимдер кармайт. Эмнелер коюлат: жаназасына, дооранына, мүчөсүнө, жыртышына, мүрзөсүнө ж. б.

### Ыраазылыгын алуу, ыраазычылыгын берүү

Бул — адамзат жарык-жалган дүйнөдөн өтөөрдө, кетээрде айтылып калаар адат. Эски адамдар алдын-ала: «Мен силерге ыраазымын, өлсөм сөөгүм ыраазы. Армансыз жашадым. Силердин алдыңарга кетейин. Ак кепиндеп,

аруу жууп, көөмп койгула,— деп, эртели-кеч айта, кулак кагыш кыла жүрүшөт. Албетте, мындай карылык нуска бала-бакыра үчүн салттуу-нарктуу көрүнүштөй туюлат.

Мунун экинчи тарабы бала-бакыра, үй-бүлө жүрөк токтоор алдында андан ыраазычылыгын суроо. «Кеткен күнөөм болсо, кечир» — деп өтүнүү.

Адатта, ата-энелер, ага-туугандар алдын-ала эне сүтүн, элик сүтүн кечет. Бул баарын кечкенге барабар. Андан аркы сөз, мүмкүн катар, мындан аркы ынтымак-ырыс тууралуу болушу ыктымал. (Ал «Керээз айтуу» макалада айтылган). Зыйнатына кандай вазийпалар көрүлөт. Ийри отургандарды ичтен тындырып, ал кабардар кылат. Адам көз жумгандан кийин, ушул өтүнүчтөр, албетте, сөзсүз аткарылат. Оо, жалган-жарык дүйнөдө тирүүлөр үчүн мындан артык буйрук жок. Муну урматтайлы, муун-жүүндү бошотсок да, ал шертти изден тайбай аткаралы...

Керээз айтууга шайы келбей кетти, баарынан ушул өкүнүчтүү — деп калат.

**Кошок (кошок кошуу).**

*«Күйгөн катын кошокчу».* *(Макал).*
*«Башайы курак кураармын,*
*Баргандардан сураармын,*
*Баргандар «жакшы» деп келсе,*
*Белек берип тураармын.*
*Баргандар «жаман» — деп келсе,*
*Сууткан аттай буралдым».*

Бул — кыз узатууда, адам өлгөндө ыр менен үн чыгара айтыла турган салт. Кыз узатуудагы кошокто энелери, женелери, эжелери кыз бара турган жериндеги жүрүм-туруму, «Таш түшкөн жеринде оор» дегендей, ошол үй-бүлөнүн тартип-жөрөлгөсүнө моюн сунуу керектиги, анын эли-жери башкалыгы, мунун мыйзамченемдүү көрүнүш экендиги жөнүндө баяндаган. Анда адеби, ыйманы айрыкча айтылган. Эжеси:

*«Кызыл чапан жең учу,*
*Кыяны шамал кагуучу.*
*Жакшы атанын баласы,*
*Кылыгы менен жагуучу.*
*Кара чапан жең учу,*
*Капталды шамал кагуучу,*
*Жакшы атанын баласы*
*Кадыры менен жагуучу»* — десе,

жеңеси:

*«Түндүк бою от жакса,*
*Түтүн кылбай өчүрчү.*
*Жаман-жакшы кеп айтса,*
*Күлкүң менен кечирчи,*— дейт.

Кыз бергендеги кошок кызды аткараар алдында муңкана, экинчи ал кайра кайрылбастай, «өлүк» катарында кадимкидей жаш алып, кошо турган. Кошуп жаткан шартта куда-сөөктөрдүн ал-абалдары кошо даңазаланган. Анда да бий-бийге, кедей-кедейге жиктелип, мансап, байлыгы, бирок «кедейлик кемтик эместиги», ар биринин туштук турмушу да сүрөттөлө кеткен.

*«Алтын ооздук жез така,*
*Өз атаңдын жоргосу,*
*Алтын ооз дарбаза,*
*Кайын атанын ордосу».*

Демек, мында байдын кызы байга кеткени айтылды.

*«Күндүн көзү миң буурчак,*
*Күмүштөн чачпак бир кучак.*
*Ал чачпакты салууга,*
*Кайнатаңдын малы чак.*
*Айдын көзү миң буурчак*
*Алтындан чачпак бир кучак,*
*Ал чачпакты салууга*
*Өз атаңдын малы чак».*

Мында, албетте, катардагы жупуну турмуш баяндалды.

Адам өлгөндөгү кошокторду муңу-күйүтү бөлөкчө келет. Кайрылгыс сапарга кетип жаткандыктан анда анын эли-жери, уругу, ата-бабасы, мансабы, кесиби, үй-бүлөсү, балдары, алган жары жана башкалардан бери даңазасы артыла айтылган. Убайым ажалдын огу ушундай экени билинет. Буга «Калы мергендин аялынын кошогу», («Шыралга» деп келгенге, шыйрагын кеспей бергеним») «Устанын аялынын кошогу» («Балкасы менен зер чапкан, Бармагы менен мал тапкан»), «Баба дыйкандын аялынын кошогу» өңдүүлөр мисал боло алат. Төндөгү саяк Алакөз-Кабанын билерманы Баатыркан болуш «Мен өлгөндө кандай кошоор экен» деп, боз үй тиктирип, зайыптарына кара кийгизип, тирүүсүндө кошок айттырат. Улуу байбичеси:

*«Ой, Баатыркан ойронум,*
*Алакөз менен Кабаны*
*Айдап жүрүп соргонум»* — десе,

дагы бирөөсү — кошо албай турган күнүлөшү тууралуу:

*«Бакачыдан мени алдың,*
*Баркымды билет деп алдың.*
*Барк билбеген дөдөйдү,*
*Мал коротуп не алдың»* — деген экен.

(Бакачы көлдүн күнгөйүндөгү саяктардан).

Кезегинде Баатыркандын мындай аракети эл ичине дуу-дуу дей түшөт. Аны тууран бир кембагал жигит чийдин түбүнө жатып алып, шайыр келинчегин: «Мени кош» — дептир. Келинчеги:

*«Төркүндөн келген кунаажын,*
*Үй болгондо өлсөңчү,*
*Атаңдан калган алачык,*
*Үй болгондо өлсөңчү.*
*Кантейин эми жаш кырчын,*
*Кудайды карап өлсөңчү»* — дегенде,

«Ок, атаңдын оозун урайын катын, ушинтип да кошот бекен?!» — деп тура качыптыр.

Кошок — ырдын (поэзиянын) бир түрү. Кошокчу акын аялдардын илгерки сабатсыз кездеги ички муңун сыртка чыгаруусу. Кошок кошуу, негизинен, ургаачыларга таандык көрүнүш.

Ал эми акындардын-ырчылардын сөөк көмөөрдөгү атайын коштошуу ыры, өлгөн адамды кийин жоктоп келип түшүү салты да кошоктун катарына кирет. Ал өлүк зыйнаты болуп саналат. Илгери атактуу адамдар дүйнөдөн кайтканда айтылуу кошокчуларды ат менен алдырган. Белгилүү акындарга кошок жаздырган. Кээ бир кошокчуларды зайып ордуна кара кийгизип олтургузуп, ал адамдын сөөлөтүн, дөөлөтүн, мартабасын, кадыр-баркын арттыра айттырган. Мисалы, Тоголок Молдого (Байымбет Абдрахмановго) кошок жаздырып турган. Көл башындагы Чоң Чыныбай Тилекмат уулу өлгөндө аны жеткире даңазалоо үчүн тынымсейиттик Кенебай бала ырчыга кара тул кийгизип коштурган.

Ниязбектин сегизбегинин бири Ажы болуп саналат. Билерманы Карач Бабакан уулу Жерге-Талдагы сарбагыштарды ичиндеги майда уруктары менен бийлеген. Ал аймакты «Ажы эли» дешчү. Карач Ажы аталат. Сөөгү Тектир-Сазга коюлганда, атактуу Сагымбай манасчы аттан эт бышымча түшпөй, мындайча кошот:

*«Кыйылды чынар багыңар,*
*Кыйрады алтын тагыңар.*

*Кесилди чынар багыңар,*
*Кетти го алтын тагыңар.*
*Мөмөлүү жыгач кыйылды,*
*Мөмөлөрү жыйылды.*
*Казак-кыргыз мусулман,*
*Кайдан издеп табасың,*
*Ажы атамдай кыйынды»...*

Менин чоң атам Токтонаалы Арпачы уулу: «Анда уулу Ногойбай — болуш. Бир курдай топ болду. Болуш: «Жогортон чыгым келди» — деп, аны айыл-айыл арасына чачып жаткан чакта, ак боз ат минип, катарлаш карыялар менен ортодо Ажым бастырып келип: «Бул эмне топ?» — деп сурады. Уулу Ногойбай: «Кичине чыгым чыкты эле»,— деди. «Менин көзүмдүн тирүү чагында мындай ишке барба, балам»,— деди да, Ажым бастырып кетти. Ошентип, чыгым чыкпай, топ тараган» — деп айтып берген эле.

Кошок — кадырлууну жоктоо салтынын бир түрү. Анда маркумдарды терең урматтоо, «акыры биз да ушундай болобуз, ушундай зыйнат калтырсак» — өңдүү тереңдик жажат. Азыр бул салттуулук сакталбоодо. Кошок коштуруу жоюлууда. Өлүктө «бышандап ыйлоо», бул арак сеп этип алса, кой-айга келбей өкүрүп-бакырууларга алмашууда. Кайран салтты унутуп баратабыз. Аны кайрадан улообуз зарыл. Мындан таланттар өсүп чыгат.

**Кут (кут түшүү).** *«Сабаасына кут түшкөн,*
*Сары кашка кулун жуп түшкөн»*
*«Көөкөрүнө кут түшкөн,*
*Көк кашка кулун, жуп түшкөн».*

*(Жеңижок).*

Бул — алла-тааланын амири менен асмандан ырыс-таалай катары жорула турган, көзгө көрүнгөн сырдуу түшкөн жышана. Ал тоголоктошкон курттай, же уюган жуураттай, же жуурулган камырдай агыш түстө келип, айрым адамдарга гана көрүнгөн. Анын кут экенин билбей, ордунан козгоп, же күбүп, силкип жууп, тепсеп коюу аркылуу ал жерден «кут качты» болгон. Урматтуу карыялардын айтымында, Чоң-Кара-Кужурда Беш күрөң уруусу жашайт. Т. а. анын Чаканбайынан Саки, Ажыбек, Саза аттуу үч бала төрөлөт. Сакинин да, Сазанын да ажысы кабыл болот. Күндөрдүн биринде Чаканбай ата түш көрөт. Түшүндө бир аксакал жолугуп: «Бир белги берилет. Ошондо катын-калачтар эшикке чыкпасын, чыдап жаткыла» — дептир. Аңгыча алай-дүлөй бороон аралаш шамал

болуп, үйдү алып кетчүдөй алаамат башталат. Короодо кой-эчкилер маарап, кермеде уйлар мөөрөп, төштөгү жылкылар кишенеп, замана куурула түшөт. «Эх, кокуй, үйдү алып кетмей болду, тур бачым»,— деп Чаканбайдын байбичесинин чыйпыйы чыгып, эшикке атып чыгат. Чыкса, таңга жуук асмандан арбайган-тарбайган кой келе жаткан болот. Зайып чочуп бакырып жиберет, элдер эшикке түрүлөт. Ошондо биринчи кырк буттуу кой түшөт. Калганы кайра көтөрүлүп, көздөн кайым жоголот. Жан-жаныбар ордунан козголот. Аксакал Чаканбай түндө жатып көргөн түшүн айтат. Айылы жоруйт. Түлөө кылышат, түлөөгө ошол асмандан түшкөн кырк буттуу койду мууздашат. Анын жото жилиги чагылбайт. Ал жилик ырым-жырым үчүн кенже уулу Саки ажынын үйүндө калат. Андан уулу Абакирге өтүп, андан анын уулу Сабыр карыяда калат. Ошол түлөөгө союлган жото жилик майланышып, өңүн өзгөртпөй, керегенин башында илинип турганын көрүүчүбүз. Кийин Сабыр карыянын байбичеси Күлсүн аны ак кездемеге ороп, сандыктын түбүнө сактоодо.

Кут түшүү ошол үйдөгү ырыс-кешиктин туптүүлүгүн даңазалайт. Умай эне колдосун деген маанайда (ал баланын пири) илгери үйлөргө коргошундан кут куюп, аны ак чүпүрөккө орой тигип, бетине жети бермет бастырган. Байлап, малдын башын да кут кылып, мал төлдөө учурунда койгон. Үй ичинде ар кандай кырсык болуп калбасын деп, кутту көрүнөө койгон. Үй ээсинин меймандостугун, казан-аштуулугун, тарткан табагынын берекесин ошол түшкөн кутка тогошкон.

Натыйжада небереси-чөбөрөсү Сабыр Абакиров — «Октябрь революциясы», «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендеринин ээси, «Тянь-Шань жарым уяң жүндүү коюнун» автору, Илим жана техника жагынан Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, чебереси Ажыбеков Асанбек Сармаша уулу — айыл чарба илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын мал чарба институтунун генералдык директору.

Айтымдарында, атактуу ырчы Калыктын чоң атасынын үйүнө да кут түшүрүптүр. Ал кут акындын чоң энесине уюткан набаттай көрүнүптүр. Кыраакы байбиче аны чочутпай, акырын бирдемеге сордуруп алган имиш. Калыктын кара жаак ырчы аталышын эскилер мына ошого жорушкан.

Кут — табияттын бир табышмактуу белгиси. Кудай-тааланын шыбагасы. Ошондуктан, мыкты нерселерди ошого символдоштурабыз. Мисалы, «Ал — ошол үйдүн куту», «Ал

жерден кут качты», «Кутмандуу кыргыз журтубуз», «Кутмандуу карыя», «Куттуу байбиче» өңдүү салыштырууларда адамзат баласы андай касиет-кереметтер менен тутумдаш, аралаш, ырыскылаш жашоолорун туйгузат.

**Куту** качты — куту учту. Кут — бакыт, таалай. Демек куту качты (куту учту) — бул бакты-таалайды колдон учуруу дегенди түшүндүрөт. Адатта, кыргыздар «ырысын тепти», «ырыскысын качырды» дегенди ушуга маанилеш колдонушат. Бул — кут түшүүнүн тескери көрүнүшү. Өзү келген кутту өздөрү кубалады дегендик...

**Чечкор.** *«Жаз-аракет, жай-берекет,*
*Күз-киреше, кыш-чыгаша».* (*Накыл*).

Бул — баба-дыйкан ырымы. Эгилген эгин бышып, ага орок салынаарда, кызыл кырманды сузаарда кырман үстүндө жандыктын канын күрөккө тосуп муздоо. Этин бышырып, кырманчыларга берүү. Албетте, бул кызылга кырман толсун, мол түшүмдү күрөп алалы — деген тилек кылуу ырымы-жырымы болуп саналат. Ал төмөнкүдөй учурларда жасалган.

**Үрөн сепкенде:** *«Бу — жетим-жесирге,*
*Мунусу — карып-мискинге.*
*Бу — ач-арыкка,*
*Мунусу — алсыз-карыпка,*
*Булар — курт-кумурскаларга,*
*Мунусу — сурамчыга,*
*А бул — тилемчиге,*
*Булар — саламчыга*
*Калгандары — бизге, сизге, мага»*

Кыскасы, уучтап сээп жатканда, мына ушундай энчилөөлөр болгон. Бул — баба дыйкандардын ырым-жырымы.

Ал эми **эгин бышканда:**

*«Береке бер эгинге,*
*Белсенип кызмат биз кылсак,*
*Эмгек кетпес тегинге,*
*Байчечекей, шиберлер*
*Бажырайып бүрдөсүн,*
*Бачым эмгек кылгандар,*
*Карыны тоюп гүлдөсүн»,—*

десе, **эгин оргондо:**

*«Бол, жигиттер болгула,*
*Ор, жигиттер, оргула.*
*Чал, орогум, чалгынын,*

*Арпа, буудай таштабай*
*Боого байлап салганың» — деп айтса,*

**темин басуу учурунда:**

*«Майда-майда, мапмайда,*
*Майдалансын атты айда.*
*Оп майда, оп майда,*
*Тилек кылдык Кудайга,*
*Береке бер буудайга,*
*Далым күйдү бу жайда,*
*Баба дыйкан бар болсо*
*Бир карашаар ал жайга»,— дешкен.*

**Андан ары эгин сапыраарда минтип айтышкан:**

*«Орток, орток, кел орток,*
*Айдар кел, Айдар кел, эй, айдай кел*
*Талкан жеген баланы*
*Байлай кел, ээй, байлай кел».*

Албетте, баба дыйкандардын Чечкор майрамын кайрадан калыбына келтирүүбүз зарыл.

**Алгоочулук** — бул мал чарбачылыгын бел тутуп, оокат тиричиликтерин өткөргөн тоолуктардын өндүрүштүк өнөктөштүк учуру. Жазда жандыктардын жүнүн кырккан, тыбытын тараган, топоз, жылкылардын куйрук-жалдары, кылтагы отолгон, төөнүн жүнү тонолгон. Булардан айылапалар чогулуп, жүн сабашкан, кийиз баскан, жип-шуу, аркан-чылбырын эшишкен, жүн түйдөктөшкөн, ийик ийришкен, өрмөк согушкан, чий чырмашкан, килем токушкан. Аны жасатып жаткан үй жайыл дасторкон менен күтүп алышкан.

Алгоочу — кол-кабыш кылуу, алгоочулук — айыл ичи колмо-колдоп бирөөлөрдүн иштерине жардам берүүчүлүк. Мындай көрүнүштөр көбүнчө бардарларга, байларга, болуш-бийлерге мүнөздүү, шарттуу болуп саналат. Бул ашарга чакырууга окшошуп да кетет. Ал болсо көбүнчө жер үй куруу аракетинде керектелет. Мына ушундай шарттардан улам узчулукту үйрөтөт, ынтымактуулукка чакырган.
Бир жакадан баш, бир женден кол чыгаруу — тоолуктардын мүнөздүү көрүнүштөрү. Ал аракеттери үчүн жүн, кыл, тыбыт берилген. Аны алар буюм кылып алган.

**Үч кесим.** — Кылмыштуу деп айткан адамга тартыла турган айыптын бир түрү, өлчөмү. Ага илгери мал уурдоолор, жылкы чабуулар, ноокас кылуучулар, эриш бузуучулар, улуктарга сөз тийгизүүчүлөр, ага моюн толгоочулар,

камчы чабуулар, урук-урууларды бөлүп жаруучулар, куйтулук кылуучулар ж. б. ушул өңдүүлөр кирген.

Мисалы, аткарыла турган айыптар: Төө баштаган үч ошондо бир төө калганы үч кулундуу бээ, үч козулуу кой, үч улактуу эчки «Ү ч к е с и м» деп аталган.

**Төрт кесим.** Бул — кедейлердин байларга доого жыгылуусунун бир түрү. Муну мындайча түшүнүүгө болот. Адатта, кедей-байга, негизинен, жалчылык кылат. «Отун-суусун алам, көңүн, чөбүн чабам, малын багам» өңдүү өнөктүктөрү менен кедей байдан, айталык, улактуу эчки алды дейли. Убада боюнча айткандарын өз убагында аткара албай калышы ыктымал. Бай бийге арызданып барса, ал үстүнө дагы мал кесип, жумуштун көлөмүн чоңойтуп коёт. Аны да кедей жасабаса, эчкилүү улак тайга айланат. Анан кунанга, андан быштыга, быштыдан асыйга айланып, бат эле төрт тай, төрт кунан, төрт бышты, төрт асыйга чаап кетет. Ошону «Төрт кесим» деп аташкан.

**Кыргыздардын талаа-түздөгү төшөгү.** Элибиз ат жалын жеңил көрөт. Алыс жол сапарда жадабай ат үстүндө жүрө билишет. Жылкы тийүүлөр көп болгондуктан, түн жамынып, мал четинде болушкан. Жоокерчилик заманда талаатүздө өзүлөрүн кыраакы да, бейкапар да сезишкен. Ошондой эле эр жүрөк, кайраткер да келишет. Мисалы, ара жолдо калса, ал жалгыз жарымбы, же топ атчанбы, ээртокумду алып, атты жайдактап, тизгинди жалга какыйта байлаган. Тердикти, ичмекти жерге төшөп, ээрди желдикти башка жаздап, үстүнө көрпөчөнү жайган. Чепкенди айкарасынан жамынып, бейкапар уйкуга кирген. Убагында атты отко койгон. Муну кыргыздардын талаа-түздөгү эс алуусу дейбиз.

**Боорукердик.** Гумандуулук — бул кыргызча боорукердик. Демек, адамдын мыкты сапаттарынын бири. Аны кайрымдуулук деген туюнтма менен алмаштырабыз. Кара мүртөздүк, ыймансыздык, таш боордук, сараңдык, көралбастык сыяктуулар — боорукерликтин тескери түшүнүгү. Начар өлкөлөрдүн элдеринде көрсөтүлүп турган бай өлкөлөрдүн гуманитардык жардамы — боорукердиктин чоң үлгүсү. Кыргыз мамлекети жаш. Кичине мамлекет. Ага ар тараптан азык-түлүктөр, дары-дармектер, кийим-кечектер такай түшүүдө. Бул өңдүү көптөгөн түрдөгү жардамдардын негизги себеби биздин өлкөнү бат телчигип кетсе дегени. Гуманитардык жардамдын башка жагдайлары бар. Алсак, жер титирөөлөр, суу ташкындар болуп жатат. Булар кадимки зилзаланы жана топон сууну элестетет. Ата Мекендик согуштун ардагерлерине, майып-

тарына, көп балалууларга, өтө кары-картаңдарга, багаары-көрөөрү жокторго, сөзсүз, турмуш-тиричиликтик жардамдарды беребиз. Мына ушундай шарттарда балдардын да аёо сезими жаралат. Ооруларга, кары-картаңдарга суу алып барып берет, бул да — гуманитардык жардам. Там аркасындагы ото чөптөрдү жулуп, сугарып берсе, ал да — жардам. Дүкөндөргө чуркап барып, жумшагандарын алып келип турса, ошол да боорукер мамиле эмеспи. Бирдемени жасай албай турса, колунан ала коюп жасай койсо, бечара адам кубанат. Ыракматын айтат. Карылар тун батасын берет. Анткени «бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт». Жолдошторуңдун абалын көрүп-туюп туруп, аёо сезимиң келсе, эмнеден кемчилик — ошону бере кой. Ал да сага бир чактары сыйга-сый, сыр аякка бал куят.

Жыйынтыктап айтканда, боорукердик, карыларды сыйлоо, урматтоо, айкөлдүк, өз ара мамилелер баары биригип келип, адептүүлүккө үндөшөт. Ошонун ар кыл бутактары биринин сапатын, ички касиеттерин бири толуктап, түшүнүктөрүн кеңейтип турат. Ыймандуу балдар буларды аткарууда. Ич ара айырмачылыктарын айра таанып, бирок, бир бүтүм нерсе катары карап, мындай мамиледен тап калтырышпайт.

**Топукчулук. (Топук тилөө).** Бул — барга назир, жокко кайыл болуучулук. Мандайдагы буюрган нерсеге ыраазы болуу, ошого ток пейил тартуу, кудая тобо кылуучулук, жараткандын, барбардигердин ушунусуна шүгүрчүлүктө жүрүү. Нан болобу, жарма болобу, чайбы ж. б. тамакпы, анын азыбы, көбүбү, ошого ырыскылаш экендигине ыраазычылыгын билдирүү, күндөлүк турмуш-тиричиликтеги бардарчылыктан да мурун кем-карчтыкка моюн сунуу.

Мунун терс туюнтмасы — сугалактык, азга эмес, көпкө сугулуу. Дүнүйө, мал-мүлккө тоюнбастык. Ач көздүк, шүгүрчүлүк кылбай, улам байысам, башкалардан ашыкча алсам-жутсам деп, ач көздүктө жашоо. Бирөөлөрдүн байлыгына көз артуу.

Кыргыздар ач да, ток да болушкан. Токто бапырап, жадырап бардар. Ачта-жокто да кайрымдуу. Бала-бакыраларын топукчулукка үйрөткөн. Ошентип, топук аркылуу бышыкчылык күзгө, жазда акка жеткен.

Топук тилөө — пендечиликте, бу жашоодо баарына кайылчылыкта аста-секин өмүр өткөрүү, ыйман. Мунун түпкү мааниси адепке барып такалат.

**Жарамазан.** Кыргыз элинде жарамазан айтууда жаш жигиттер түн ортолоорунда чогулуп алышып, барды-

гы өгүз, эшек, ат минишип, бир ырчы-акынды ээрчишип, айылды, түндү түрө кыдырышып, көбүнчө зоор маалында, айрыкча, малдуу, оокат-кечелүү үйлөрдүн эшигине тура калышып, уулун, кызын, небере-чөбөрөлөрүн тиешелүү жагымдуу сөздөр аркылуу мактошкан. Башка улуттардын жарамазан ырдоолоруна караганда кыргыздардыкы динге анча аралашпай, өтө угумдуу келип, уйку-соодогу адамдарды көшүлтүп, антип мактоонун күчтүүлүгүнөн көгөндөгү козу-улактардан чечип берүүлөр чыккан. Тай жетелетип, торпок айдаткан. Айрым саран байларды ошол замат кордоп кетүүлөрү болгон.

Жарамазанды орозонун он бешинен кийин айтат. Илгери аны акындар-жамакчылар ар кимиси өз деңгээлине жараша айткандыктан, жарамазан ар кайсы жерде ар түрдүүчө сакталып калган. Жарамазан айтуу — бул диний осуяттарга кирбейт. Андыктан аны элибиздин улуттук өзгөчөлүгү катары кастарлаганыбыз жөн.

*«Ушул үйдүн түндүгү кайың бекен?*
*Бизге берерр жоолугу дайын бекен?*
*Ушул үйдүн түндүгү арча бекен?*
*Бизге берер жоолугу парча бекен?*
*Үйүң-үйүң үй экен,*
*Үйдүн көркү чий экен.*
*Саба көркү бээ экен,*
*Сандык көркү жүк экен.*
*Жарамазан айткандын жайы бардыр,*
*Жайып алган куруттун майы бардыр.*
*Орозобуз кудайга жооп болор,*
*Жарамазан айтканың сооп болор.*
*Курут берсең туруп бер,*
*Бети-колуң жууп бер,*
*Бычак берсең кындап бер,*
*Кындап берсең чындап бер.*
*Улак берсең албайбыз,*
*Убалына калбайбыз.*
*Козу берсең чанбайбыз,*
*Койго кошуп айдайбыз.*
*Бука берсең айдап бер,*
*Булкулдатпай байлап бер.*
*Калабаны салбасын,*
*Ларынымды жарбасын...» —*

деп, тамашага чаап ырдайт. Ал эми жарамазан айткандарга ырымдап бирдеме берсе, алар бата беришет:

*«Балдар ай, балдар ай!*
*Байга бата берелик,*
*Байдын көөнү жай болсун,*
*Чайнаганы май болсун!*
*Байбиченин ичкени*
*Кызыл памил чай болсун.*
*Кыздарынын кийгени*
*Кызыл күрмө шай болсун.*
*Балдарынын мингени,*
*Кара кашка тай болсун!..*

*Омийин! Не тилесе, Кудай тилегенин берсин! Орозосу кабыл келсин!!!*

**Ооз ачыруу.** Бул — орозо туткандарга кечки тамак берүү. Т. а. ал — кызарып баткан күндүн кызылы тарап, күүгүм кирген учур. Отуз күндүк орозо тутуу — тирүүчүлүктүн, мусулманчылыктын парзы. Ошол тапта орозо кармабай деле чын ыкласында орозо туткандардын оозун ачыруу жөрөлгөсү бар. «Орозодо жылдык жыйган байлыгындын (тамак-ашындын) үчтөн бирин жумша»,— деп айтылат. Демек, мыкты тамак — орозого дымак. Тамактын күчү менен орозо кармалат. Адатта, ооз ачуу учурунда ооз ачыруучулар кезек күтүп калышат. Ооз ачыруучу үй орозочуларга эртең менен эрте кабарлайт. Алар ич ара ирээт кылып коюшат. «Бүгүн кимдикине», «эртең кимдикинде...» билип турушат. Атайын ооз ачыруу үчүн мал союлат, эт, сүрлөр салынат.

Асан чакырышып, намаз шам окулуп, суу ууртaлгандан кийин, орозочулар дасторкон үстүнө жапырт отурушат. Чай ичилип, дене-бой жайылгандан кийин, тамак бышканга чейин шарият сөздөр, санжыра, меселдер козголот. «Пайгамбар барга назир, жокко кайыл», демек, орозодо колуңдан келген сыйды жаса.

Орозо — такыбалык, тазалыктын белгиси. Карыялар менен байбичелер — төрдүн да, орозонун да, салабаттуулуктун да, набаттуулуктун да элеси. Бул жөрөлгөнү мында ары колдоо жана улантуу керек.

# КИЙИМ-КЕЧЕК КИЙҮҮ САЛТЫ

Көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү — элдик кийим-кечектер. Бул — улут маданиятынын мерчемдүү көрүнүштөрүнөн. Кыргыздын кийим-кечектери бир беткей үлгүдө көрүнгөнү менен, ал адамдардын жаш өзгөчөлүктөрүн тандайт. «Адамдын көркү — чүпүрөк». Адатта, адамдын ажары, ички дүйнөсү менен сырткы келбети өз ара айкалышып турмайын, асылдуулук тууралуу сөздүн болушу мүмкүн эмес. Биз өзүбүзчө улуттук мамлекет болуп турган шартта элдик кийим-кечектерди милдеттүү түрдө кийүүбүз эгемендүүлүктүн асыл тилектеринен болуп калуусу тийиш.

Кыргыздын кийим-кечектери үчкө бөлүнөт: баш кийимдер, сырт жана жеңил кийимдер, бут кийимдер...

## Ак калпак — ата сыймыгы

«Улуту жоюлар эл ар-намысын сатып калат» XVII кылымдагы бир немис акынынын айткан сөзү далил чыгып отурат. Мурасын саткан-жериген элде эмне касиет. Бабалар салтын, энелер таберигин чануу мына бизде гана бардыгы башкаларды таң калтырат. Өзүбүзгө-өзүбүз өөн учурайбыз. Манас десек, минген аты Аккула элестейт. Кыргыз десе Ак калпак эске келет. Алыста, кудай жолунда жүргөндө ала тоолук, ак калпактуу деп башталып, анан

*Ак калпакчан, ат минген,*
*Кыргызымды сагындым.*
*Ай тийсе, тоодо жашынган,*
*Жылдызымды сагындым.*
*Ар дайым менден кат күткөн,*
*Бир кызымды сагындым,—*

деп атактуу Мидин алыста-алыста, Финде армиялык милдетти аткарып жүргөндө жазган каттарынан эле улуттук белгибиздин баалуулугу, барктуулугу, татымдуулугу баамдалып турат. Ушул баш кийимибиз бүгүн түрлөнүп, өнүк-

түрүлүп жасалып, таратылып, башта жүргөнүнө сыймыктанабыз.

*Кештелүү калпак, сары шым,*
*Кербендүү тоону ашкандар.*
*Канчоро менен Күлчоро,*
*Калкымдан чыккан бала арстандар.—*

Албетте, бул эпостук сүрөттөөлөр. Кештелүү деген — саймалуу, сары шым — кандагай шым дегенди билдирет. Карылардын нускоолору боюнча баш кийим, төтөн, калпак жерге жатпайт. Бирөөлөр тепсебейт. Бардык кийимдерден өйдө коюлат. Адатта, төрт бүктөлүп уукка кыстырылган. Атайын текчеде турган. «Атаңдын баш кийимин, өйдө алып кой». Же «атаңдын эски калпагын кийип, жыртып кой.» Баш кийимдин салдары калгыча жырта кийип, анан жанжаныбар баспай турган жайга ката турган... Элдик шартта жылаң баштанып жүрүүчү, отуруучу эмес. «Башың кайда, калпагың гана, алдырган баштанбай кийип отургун!» — дечү. Бул — бабалардан келе жаткан тескөөлөр, тарбия-таалим берүүбүздүн негизи.

Ак калпактар түрлөнүп тигилүүдө. Ортодон өткөн отузкырк жылдарга салыштырмалуу, кудай кут кылсын, калпак кийүүчүлөр абдан арбууда. Буга жаныбыз менен ыраазычылыктарды билдирип туруп, биз айтпасак ким айтат. Ушунун тегерегиндеги ой толгоолорду ортого коё кетели.

1-ден, калың калк калыс болсун, элдик үлгүлөр качан өзгөрүлүүчү, баштапкы көрүнүшү качан эле бутташуучу эле. «Элдик» дегенде бабалардан келе жаткан тигил-бул буюмдун, кийимдин ж. б. нагыздыгын түшүнөбүз. «Жоголгон бычактын алтын сабындай», ал улам убакыт өткөн сайын, ушинтип өзгөрүүлөргө учурап, бөйрөктөн шыйрак чыгып, негизги уңгулуу нерселер көз жаздымда калып отурса, жанагы башың кайда, калпагың кана, кийген калпагың калпакпы, же телпекпи? — өңдүү бүшүркөөлөр пайда болот. Демек, «элдик» дегендер ыйыктай туюлат. Элдиктиктен кол жууган журтчулук «мен кыргызмын», «мен элимди сатпайм» — деп айта албайт. Себеп дегенде, далилдеп, аныктап бере турган касиети-арнети калбай, болбой калат. Эмесе, азыркы биз кийип жүргөн калпактарда нукура элдик, мурастык, үлгүлүк сапат барбы? Сан жагынан чоң өзгөрүүлөргө учуроодо.

2-ден, бул баш кийим сооданын чордонуна айланды. Калпак жасап, башкалардан бөтөнчөлөнүп, түрүн өзгөртүп сатууга кумарлар көп. Натыйжада, баракчаларга, жардыктарга, маарекелерге байланыштуу ошолорго шартташ-

кан үгүттөр ак калпактан орун ала баштады. Ага мисал арбын. «Олимпиада-90», «Манас-1000», «Моют Аке-125», «Сагымбай-115» ж. б. у. сыяктуулардын калпактык кийизге түшүшү,— бул калпакта элдик үлгүнү сактообу, же калпакты көрсөтмө курал кылуубу, көрүнгөндүн башынан ушуну окуубу? Мындай обу жоктукка таасирленип, балдарынын, кыздарынын атын, жашын жазып, калпак кийүүлөр пайда болду. Тигилер даана калпакка караганда бул адага серт көрүнөөрү бышык. Айтаар сөзүбүз, калпактын калпактай эле тигилиши, ал калктын калың катмарына дал өзүндөй үлгүдө жетиши акыйкаттык болот.

3-дөн, калпакка сүрөт тартуучулук — өтө жат, эң эле уят көрүнүш. Тээ, алмуздактан бери ал ак болгон жана аппак жүндөн кылдап, борлоп, асемдеп жасалышы аркылуу ак калпак аталган. Ошон үчүн биз жөн эле калпак дебестен, көбүнчө ак калпак деп айтабыз. «Дүнүйө чыккан жеринде каат» — деп, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн ата мекени Нарын бөксөлөрүндөгү уздардын кара ноотудан калпак бычып, ага ак жиптен «жинди сайма көчөттөрүн» түшүрүүлөрү, демек, боёкчу десе, атасынын сакалын уялбай эле боёого барабар. Анан андай жердикке бирдемелердин сүрөттөрүн түшүрүп, аны каадалуу баш кийим катары кийип жүрүүбүз улуттук ар-намыстын тузуна татыбайт, доо кетирет.

Калпактык үлгү — калпактын түпкү жарашыктуу көрүнүшү, калпактын жердиги — колдо уютулган ак кийиз. Аны ата-бабаларга чоң энелер, тай энелер тигип берген. Кылымдарды кыдырган, кыйланы сыдырган баш кийимди баш оогандай чампалай берүү элдик мураска коошпойт.

Калпактык кийиздин төрт талаасын бириктирүүчү кыюусу келет. Бөркү, этеги чогуу болот. Төрт талаасын, этегин ойго келгендей саймалоо — «казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса» дегендик, өтө эле копол учурайт. Калпакты антип саймалоо, кештелөө театрдык, эпостук маанайды берет. Адатта, окуядагы ашыра сүрөттөөлөрдүн болушундай, күндөлүк турмуш-тиричиликте андай калпактарды кийүүбүз жомоктогу окуялардын аброюн эске салат.

Өкмөт башында тургандардан өйдө сайма көчөттөрү баш аламан түшүрүлгөн калпактарды кийүүчүлүк, ошону баштан түшүрбөй жүрүүчүлүк — элде этнографиялык түшүнүктүн тайкылыгы.

Ак калпак — ардактуу баш кийим. Ал жөнөкөй да, шаңдуу да көрүнөт. Уздук тап менен бат тигилет, аны кайкач бармак уздар жаратат. Канында кыргыздын угуту барлар калпакты минтип кор кармоого ниети чаппайт.

4-дөн, калпакты башкалардын башына кийгизүүгө ата салты каршы турат. Ардактуу меймандарга шарты келсе алдына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан. Ал жол, каада жеринен бар. Ак калпак кийгизген деген жок. Кийинки чактары 250 турист келсе, баарына ак калпак кийгизип жүрүшөт. Кыргыз калпагы Евро-Азияны түгөл кыдырды. Барган жерде, келген жерде кийгизүү менен алекпис. Башкалар баш кийимин биз сыяктуу кол жоолук катары кордобойт. Алар мындай чыгаары менен көтөрүп чабышат, же көчүккө басышат. Эң негизгиси кыргыз калпагы башкаларга жарашпайт. Ала-Тоодон аттанып, Батышка барып Ала-Тообузду символдоп турган ардактуу кийимди көрүнгөн эле кол бергендерге баштарына кондура коюунун зарылчылыгы барбы? Кийинки билермандар муну ата салтына айландырып алышты.

Айтыла турган сөз болду. 1997-жылдын 2—10-ноябринде Анкара шаарында болуп өткөн «Түрк элдеринин маданияты» аттуу эл аралык төртүнчү конгрессинде дүйнөнүн 26 мамлекетинен өкүлдөр жолугушту. Мунун ачылышында Түркиянын президенти Сулейман Демирель катышып, сөз сүйлөдү. Коноктор Кипрден келди, Пекинден келди. Бир чактары кеңсеге кирээрде шып ала коюучу, жыйындарда илгичке барып илүүчү, колтукка кыса коюп, сөз сүйлөөчү жаныбыз эми ак калпагым башымдан түшпөдү. Ак калпагым менен зоболом көтөрүлүп жүрдү. Ал аттын туу кылы менен чыраштлган, койдун күзгү жүнүнө козунун жүнү данакер боло уютулган, бордолгон кийиз катуу, башка токтомдуу. Сугу артылып «мага бер?» — дечү болду. «Саткының» — дегендер четтен чыкты. Казан оттон түшсө да кантип сатамын. Кара башымды сатканга барабар эмеспи. Илгери-кийин баасын чыгарып, сатып жүргөндөр да бар экен. Ушундай көп эле сыйлуу орунда болуп калабыз. Биз сымал башка элдерде элеп-желеп этип, баш кийиминин башкаларга шап кийгизе коюуларын, кудай акы, көрбөдүм... Өзүбүз баркына жетпеген баш кийимдин баркына ошолор жетеби?!

5-ден, кыргыз ак калпактары малакайга жана башка түргө айланып баратат. Ар бир тигүүчү-бычуучу, укмуштай эле үлгү жаратуучу, элге-журтка таратуучу болуп чыга келди. Үлгүнү сүрөтчүлөр тартып калды. Калпактын эмне экенин билбегендердин, башына кийип көрбөгөндөрдүн кагаз үлгүлөрү боюнча калпак тигилип, ал ошол кийимдин автору болууда, автордук сыйлыгын алууда. Чындыгында, калпакты уздар бычат, тигет. Бычып-тигүүдө мурунку жол-жоболорду сактоолору тийиш. Албетте, тай талаштыктан

баш кийимдин баркы басынат. Этибарга алынбай, кадыр-баркка татыбай ыргытылып жатышы да ошондон...

Калпак малакай эмес, калпактык кийизди бырчалай берүү уздук өнөкөт эмес. Баш кийимди башкаларга кийгизүүгө салттуулукту сактоо катары тыюу салуу керек.

6-дан, ак калпакты кийүү жыл мезгилин тандайт. Ал жаз, жай, күз айларында башта болот. Кышында калпакчан жүрүү өзү оңтойсуз көрүнөт. Кышта катылып, көктөмдө кийип чыгуу өзү эле нарк. Ат үстүндө бастыруу андан беш бетер шаң. Жыл бою калпакчан жүргөндөр бар. Ар нерсе өз мезгилинде, учурунда. Мына ушундай кырдаалдар аркылуу ар элдин этнографиялык бөтөнчөлүктөрү аныкталат, тактала берет.

7-ден, калпак кийүүдө аймактык өзгөчөлүктөр болгон. Ал ошол жердин абалтан келе жаткан наркына жаткан. Мисалы, Нарын, Көл тарапта калпактын арткы кадысын, м. а. этегин көтөрө, алдыңкы кадысын ылдыйлата кийишкен. Таласта, тескерисинче, алдыңкы кадысы көтөрүңкү көрүнгөн. Чүйдө мандайын ачакей кылышкан. Анын бизге жеткени — Кычан Жакыповдун калпагы. Калпактын эски үлгүсү боюнча алганда алдыңкы этегинен арткы этеги көтөрүңкү түрүлгөн.

Туура, ак калпак Ала-Тообузду элестетет. Ак калпактын агы чечмелей келгенде мындай: тоо кыркалай ак мөңгү жатат. Этектери муз төрлөр, ал жерлерде чөптөр өсөт. Беш түлүктүн жайыттары. Мына, ошон үчүн «ала-тоолук ак калпакчан» деп айтылган.

Негизи ак калпактын эки кулакка тушташ төрт талааны тепетең бөлүп, кыюулаган жеринен шара тилик кылган. Себеп дегенде, чекеден күн өтпөс үчүн алдыңкы этегин, арттан күн тийбес, шамал жүрүп, чаң кылбас үчүн арткы этегин түшүрүүгө шартташкан.

*«Баш кийим бардык элде бар,*
*Байыртан жашап келди алар.*
*Атадан калган балага,*
*Андан да кымбат эмне бар.*
*Ала-Тоо кийген бир элди.*
*«Айтып бер» — десең мен даяр».* (*Байдылда*).

Кайда жүрбөйлү, акын Мидин айткандай, мээ сергитип, медер кылып толкуп кетебиз. Ушундан улам калпак кадысы этектүү, бөркү бийик, шиштегей болуп, «бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны» дегендей шаңдуу, көрктүү көрүнөт.

8-ден, ак калпакты көрүнгөндөр көрүнгөндөй, каалагандай кие берүү анын кадыр-баркын кетирет. Калпактын өзү эле адамдын жаш өзгөчөлүктөрүн аныктаган. Т. а. «Мага мына бул калпак жарашат. Бул мага жарашпайт. Улгайганда муну кийүүбүз уятыраак» — дешкен. «Алмадай башка алмуруттай ак калпак». Албетте, балдар калпагын кийгенде алмадай баш кудум алмуруттай көрүнгөн. Жигиттер сыйда чырашы бар, төрт талаасы төп келген кызыл, жашыл кыюулары түшкөн калпак кийишкен. Орто жаштагылардын ак калпактарынын эки-үч түрү бар. Этеги, кыюулары кара, күрөң кездемелерден тигилген. Барктуу көрүнгөн. Тебетей кийүүдө да анын тышы жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган. Кады тебетейдин кызыл, жашыл, көк тышы жаштарга арналган. Карыялар жайдыр-кыштыр саксак казанбак тебетей кийүү, тышын карадан кылуу салттуулукту, нарктуулукту билдирген. Калпак, тебетей ичинде ичмек топу болгон. Ал кийиз ичин кирден сактаган. Кирдесе ошол ичмек — топу гана жуулган.

**Малакай** — көбүнчө карыяларга мүнөздүү баш кийим. Ичи түктүү болгондуктан башта жылуулукту сактаган. Ошондуктан, карыялар көбүнчө жатаарда кийишкен, малакайчан бастырып да жүрүшкөн.

**Шөкүлө** — *«Ак Мөңгүлүү Ала-Тоо, шөкүлөдөй жаркылдайт» (элдик поэзия).* Муну кыз төркүнүнөн кийип чыгат. Барган жеринен колукту төркүнүнө кайра узатат. Кийинки сиңдилери кийүү салтын улантат. Шөкүлөнүн жердиги ар кандай. Мында да муну орто жаштагылар атайын сахналарга кийип чыгышып, салттуулугун анча сактабоодо. Албетте, жаш келиндерге бир аз жарашат.

**Топу** — *«Желкеден чыгып топусу, жейрен шым бутта калдырап» (Казбек).* Бул — жеңил баш кийимдин бир түрү. Жердиги кара кыжымдан, трайкеден болот. Карыялардын топусу калпак, тебетейдин ичинен кийилип, «ичмек топу» — деп аталат. Ал кийимди кирдетпейт. Топу кирдесе, жууп турат. Жердиги ак сурптан, же болотнайдан тигилген карыялардын тепчиме ак топусу такай төрт бүктөлүп, сыртка чыкса, сыйда жанында ала жүрүп, сөөлөт катары кийилет.

Такыя топу — тестиер кыздардын топусу. Жердиги жашыл, кызыл, көк түстөгү кездемелерден болот. Мунун «бүйүрмө топу», «кайырма топу», «макабат топу» өңдүү түрлөрү бар. Баш кийимди тигүүдө, кийүүдө аймактык бөтөнчөлүктөр билинет.

Тебетей — кыргыз элинин баш кийимдеринин негизги үлгүсү. Анын жасалыш ыкмаларында бөтөнчөлүктөрү бар. Ошону менен бирге аймактын айырмачылыктары да көрүнөт. Тебетей кийүү бардыкка таандык. Ал жаш өзгөчөлүктөрдү да аныктайт. Бөбөктөр, жаш балдар, тестиерлер, уландар кийүүчү кадуусу ичкерээк келет да, тышталган кездемелери аркылуу жаштыкты, күпгүн куракты баамдатып турат. Элүүлөрдү эңиштеп, алтымышты аркалган адамдардын тебетейлери айырмаланат. Карыялар тебетейди бөрк деп да аташкан. Саксагыраак тармал кара көрпөдөн, сүлөөсүн, түлкү өңдүү аң терилеринен кийишкен. Анын тышы кара кездемелерден келип, ал бактуу көрүнгөн. Ал казанбак тебетей болуп саналат. Суусар тебетей, кара көрпө, сыйда түлкү тебетей орто жаштагыларга ылайыкташкан. Ал кара, күрөң кездемелерден тышталган. Жигит, мырза тебетейлердин тышы жашыл, көк болгон. Өшентип, илгеркилер баш кийимдерди барктуу-наркту кийишкен.

Балдарга түлкүнүн бачикисинен, жаш козунун көрпөсүнөн ийленген. Кыз бала секелек кыз (7—9 жаштар), тестиер кыз (10—12 жаштар), беш көкүл кыз (15—17 жаштар) деп үчкө бөлүнөт. Башкача айтканда, секелек кыз топучан кыз, тестиер кыз — такыя үкүлүү топучан кыз, беш көкүл кыз — тебетейчен кыз, аны бийкеч деп атайт, элечекчен кыз — эрге тийген кыз сыяктуу бөлүнүп, кийим кийүү каадалары катуу сакталат. Айрыкча алганда, кыз балдардын баш кийимдеринин мерчемдүүсү тебетей болуп саналат. Баркыт, чий баркыт, тукаба, жибек өңдүү жердиктерден төбөсү шырылып же шырылбай тигилген. Жээгине көбүнчө кундуз, кэдэ суусар, айрым убактарда, шартка жараша жүнү кыска козунун тармал, улктын жылбырска көрпөлөрдөн да колдонулат. Кийин норка тебетейи басымдуулук кылууда. Тебетейдин төбөсү конус тибинде, жээги ичке томпогой, томолок же жазы тегерек болгон. Ошондо беш көкүл кыздар эки жаагына бештен жаак саамай, артына тегиз жайлашкан он өрүм өрдүрүп (кара далы болуп), тигил тебетейлерди кийип алганда көрктүү, сымбаттуу өтө татынакай көрүнгөн. (Ал эми күйөөгө аттанарда ал чачтарды жандырып, артка эки өрүм кылып өрүшкөн. Ал тууралуу «Чач асыроо маданиятында» кененирээк айтылат).

Кийинчерээк салтсыз жоруктар чыкты. Элүүлөрдү эңиштеген ургаачылардын тебетейди кийип жүрүшү, сахналарга чыгышы, арийне, тууралжын, эткээл алардын күйгөн ырларын сызгырылтып турушу көпчүлүккө эң эле эрөөн

көрүнөт. Адатта, турмуштанган соң ал элечек менен алмашат.

Тилекке каршы, сахналарда, көчөлөрдө ортодон өткөндөр, байбиче куррактар тебетейчен жүрүшү: 1-ден, жаш өзгөчөлүктөрдү сактабагандык; 2-ден, толук ургаачыларды ого бетер болук кылып, эткээл кылып көрсөтөт; 3-дөн, чачын кырккан, тегерек тарткан ургаачыларга тебетейге караганда элечек алда канча жарашыктуу келет. Ал чолок-чолток чачтарды жабат. Жүздү суйкайыңкы көрсөтөт. 4-дөн, мындай обу жок жагдай ата-баба салтын, эне адебин сактабагандык болот. Бүгүн ушундан улам элечек жасоо унутулуп баратат.

Баш кийим кийүү салтында адамдын көңүл кирине, маанайына байланышкан жагдайлар да бар. «Тебетейин баса кийип калыптыр». Бул — кападар болуунун, аза күтүүнүн, бирдемени жоктоонун белгиси. «Калпагын кырданта кийип»... Мунун түшүнүгү эле «Анын көңүл кушу көтөрүңкү, иши оңунда, ооматы келип турат» — дегени. Т. а. калпакты, топуну чекеге кийүү, шилиге жылдыруу — көңүлдүн токтугу, бакубаттуулугу. Баш кийимдерди баса кийинип, белди бекем курчанып, эки колду боорго алып отуруу — кейиштүү ишке тушугуусу.

**Кара кийүү** — көбүнчө ургаачыларга тиешелүү жорук. «Ал кара кийип калды», демек, ал үйдө маркумду жоктоо. Арийне, элибиз жашоо-тиричиликте жарык-караңгы жагдайды өзүлөрү эле туюндуруп турушкан.

Баш кийимдердин жердигинин эң мыктысы суусар — өтө баалуу аң териси.

*«Заманында суусар бөрк,*
*Кимдер ыргап кийбеген.*
*Колдо дөөлөт барында,*
*Кимдер жыргап көрбөгөн».* *(«Манас»).*

Албетте, ал мансаптуу мырзалардын башында болгон. «Көк сүлөөсүн бөрк кийген, Көк аладай ат минген» — бул — карыялар кийүүгө шарттуу баш кийим.

**Элечек** — Ала-Тообузду символдоштурган ак калпак сыяктуу элдик ардактуу баш кийим. Ургаачылардын (колуктунун, жаш келинчектердин, келиндердин, зайыптардын, улгайгандардын, байбичелердин) сыймыктана кийүүчү, санжыргалуу сезилүүчү мунун жасалышында ээк алмасы, жыкмасы, куйрулчугу (куйрукчасы), кыргагы, ичке катыболот. Жаш өзгөчөлүгү, аймактык бөтөнчүлүктөрү, шартка карата жердиги жагынан айырмачылыктары билинет. М. а. колунда барлардын салынган элечектерине шуру басты-

рылат, кыргагы күмүштөн тартылат. Кездемеси кенен оролот, баалуу келет. Укмуштай суйкаланып, «Алыбек алына жараша» колу тартыштардын элечектери жөнөкөйүрөөк оролушу менен, «Кедейлик кемтик эмес» — делип, бул баш кийимди кийүү салты сакталат.

Элечек күндөлүк жашоо-турмушта такай салынбайт. Айткандай, көч үстүндө, аш-тойлордо, куда-сөөк тоскондо, алар менен бир ырахаттуу отурууда, айылчылоодо ж. б. у. с. каадалуу жайларга барганда, асемдеп тосуп алуучу чөйрөлөрдө элечек салынуу нарктуу болуп эсептелет. Калган учурлары жоолук салынат (жоолук салынуу тууралуу «Жоолук салынуу салты» аттуу темада өзүнчө айтылат).

Элечек текчеде күзгү кап менен бир бүтүмдү түзүп, жүктүн эпче тарабында (уул-келин жатуучу жайга) этиет сакталат. Ичине толо жумшак нерселерди салып коёт. Ал кебин бузбайт.

Бул баш кийим кийин жантаслим болгондо маркумдун өзүнө бычылат. Эрине да жумшалат. Арабиялыктар, дербиштер, эшен-молдолор талаа-түздөрдө жүргөндө ак селделери өзүнө даяр кепин болоору шексиз. Ошон үчүн элечекти бирөөлөр кийбейт, эч качан башкаларга белекке бербейт. Ыйык, кир кол менен кармагыс баш кийим болуп эсептелет. Чын-чынына келгенде, ак калпакка да так ушундай мамиле кылуубуз керек.

Элечекти эки адам оройт. Казак калкы элечек салынууну байыркы эл Кыргыз Атадан үйрөнүшкөн.

*«Каз элечек бош таштап,*
*Катарлап төө көч баштап,*
*Кан-жайлоо көчкө жарашкан».* (*Жеңижок*).

Байбичелер казанбак элечек салынган. Ошондой эле «сурп элечек» (суп элечек) да мүнөздүү болгон. Суп — пахтадан токулган ак кездеме. «Стамбул элечек» — Стамбулдан (Туркиядан) чыккан кездемелер алынган. Төтөн, орто муундагы аялдар каз элечек салынган. Такыя элечек — жаш келиндердин элечеги. Ал — шуру тартма элечек. Бул баш кийимди кийүүдө баш аламандыктар байкалат.

**Кептакыя.** *«Калем тарткан сыядай,*
*Кашыңды бирпас ырдайын,*
*Кептакыя жарашкан,*
*Башыңды бирпас ырдайын».*

Бул — элечектин ичинен салынган кийим. Моюну талыганда элечегин алып коёт. Жеңил-желпи кеп такыясы менен жүрө берет. Аялдар, байбичелер көчкөндө, аш-тойлор-

до, мааракелерде, айылчылаганда элечегин кийген. Башка убактарда жоолук салынган. Жылуулук үчүн жоолуктун алдында кеп такыя кийген. Кеп такыянын жаактары, куйрулчугу элечектен чыгып турган.

**Жоолук** — аял затынын баш кийими. Мында кыздар жоолукту артка бууган. Келин болгондон тартып, алдына салынган. Кыз менен келин ушундан айырмаланган.

Эмне үчүн жоолук салынабыз? «Ак жоолугуң башыңдан түшпөсүн!». Бул — колукту кайын журтунун босогосун аттаары менен алкаган сөз. Ал ак жоолугуңду кир чалбасын, бир жерден орун ал дегенди да түшүндүрөт.

*«Карачы биздин Ала-Тоо,*
*Кандай кыз экен жашында.*
*Салынган аппак жоолугу,*
*Кир чалбай турат башында».* *(Байдылда).*

Демек, жоолук салынуу мусулманчылыкта ыймандуулукту, адептүүлүктү, уяттуулукту тартуулайт.

2-ден, жаш улгайган сайын ургаачылардын бети-баштары өзгөрүлө баштайт. Арыктайт, эт качат. Жаак-моюнду бырыш басат, чачтар агарат, карылык келет. Мына ушундай өөнчүлүктү жоолук көрсөтпөйт. Элечек кийүүдө да мындай жагдай эске келет.

**Чачкап.** *«Күмүштөн чачкап сооруңда,*
*Күлгөнү турат оюмда»* *(Боогачы).*

Кыз-келиндердин олоң чачтарын жаба турган буюм. Кийинчерээк муну колдонуу мааниси тарыды. Аны кайрадан жаңыртып, кармообуз зарыл. Албетте, зор жасалгасы ка-
Эмне үчүн жоолук салынабыз? «Ак жоолугуң башың-
ган. Азыр ал чач өстүрүүгө жана аны тагынууга кызыгууга да шартташат.

**Сырт жана жеңил кийимдер.**

Сырт кийимдер кездемеден да, таардан да, териден да бычылып-тигилип, аларга: ичик, чепкен, чапан, кементай, кемсел, чыптама, кош этек, шым өңдүүлөр кирет.

**Чепкен** — *«Алдына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан» (эл сөзү).* Бул — баш кийиттердин бири. Муну кыргыздар (карысы, байбичеси, жигиттери, келин-кыздары, балдары) жапырт кийишкен.

Суп чепкен — адими чепкен. *«Суп чепкен кийдиң сурак жок, Сурабай эгем койгон жок» (эл сөзү).* Ал баарынан барктуу болгон. «Тепме чепкен» кийишкен, койдун күзгү жүнүнөн кармалган. «Пиясы чепкен» өтө жеңил, ийрилип согулат. Адамдар дөөлөтүнө, байлыгына карап: «ноотy

чепкен», «бөз чепкен», «баркыт чепкен», «чий баркыт чепкен», «кымкап чепкен», «барча чепкен», «трайке чепкен», «кыжымы (тукаба) чепкен» кийишкен.

Кийинки чактарда жаштардын чепкенинин өңүрүн; жакаларын, жеңдерин саймалоодо. Чепкен кийүүдө да биз жаш өзгөчөлүктөрдү сактап тиктирбей, табылганын кийип, же ылайыктуу үлгүлөрдү тандай албай жатабыз.

**Чапан** — *«Туугандыгын билгизип, тукабадан сарпай кийгизип» (эл сөзү).* Сарпай — чапан. Кыргыздар ичтелип, ичине жүн, кебез салынбай тигилген сырт кийимди чапан деп кийген. «Бачайы чапан», «сатин чапан», «нооту чапан», «мата чапан», «баркут чапан», «трайке чапан» деп, жердигине карата айтылып, жукараак кебезден, жүндөн жалатылып, шырылып, чепкенден кыскараак тигилип, кийүүгө жеңил болгон. Жердиги адамдардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тандалган. Ургаачылардын чапанынын баалуулугу дыги жактан айырмаланган.

**Ичик** — элдик салттуу сырт кийим, ал кездемелерден тышталат, териден ичтелет.

*«Көчкөндө көчү жылдыздай,*
*Көрпө ичиги кундуздай».*

— деп, көрпө ичик — козунун саксагы улгайгандарга ылайыкташат. Кашкулак ичик, бөрү ичик, сүлөөсүн ичик, илбирс ичик (кашкулактын, карышкырдын, илбирстин терилеринен ичтелет) — буларды эркектер, сөөлөттүүлөр кийишет. Жакалары ичине өңдөшөт. Аял ичиктердин тышы тукаба, баркыт, кыжымы менен тышталып, көбүнчө түлкү, суур өңдүү аң терилери, козу-улак өңдүүлөрдүн терилери менен ичтелет. Элибиздин каада-салтында ичик кайда болсо баш, кийит катары бааланат. Чынында, ичик жасоо кыйын. «Ичик тиккендин ичи ооруйт» — деген кеп бар.

*«Түйүрмө жака түлкү ичик,*
*Тигиши мыкты уз экен.*
*Кайырма жака кара ичик,*
*Кайыгы мыкты уз экен»* — деп бааланат.

Ичиктин кара, күрөн, боз өңдө болушу улгайгандарга таандык. Кыз-келиндерге кызыл, көк, жашыл, күлгүн кездемелер менен тышталган кийим жарашык берет. Көбүнчө муну биз анча эске албай жүрөбүз.

**Тон.** *«Ак боз ат минип теңселип,*
*Ак күбө тонду белсенип,*
*Ак сакалы сеңселип»...*

Улуу «Манаста» Кошой бабабыз мына ушундайча сүрөттөлөт. Карыяларыбызга өңдөлгөн тон, көөлбүп, тармал кара көрпө менен көбөөлөнүп («жака келсе жайкалат, көбө келсе көйкөлөт»), өтө жарашык ыйгарат. Өңдөлгөн тон — бордолгон тон. Ал аппак келет. Ышкын түпкө боёлгон тон да жаш өзгөчөлүктөрүн ылгап турат. Аны элдин басымдуу көпчүлүгү кийишет. Кийинчерээк уздар башкалардын таасиринде бүйүрмө тонду арбын тигип, ал жаштарга мүнөздүү болуп эсептелет.

«Тон жылуусун ээси билет», «Тогуз катар торкодон, Токту акемдин түгү өттү» — деген накыл бар. Тонду жаш өзгөчөлүктөрүнө карата тигип кийүүбүз зарыл. Жоого аттанаарда кийүүчү тонду туулга тон, же чарайна тон деп аташат.

**Кементай.** Бул — жердиги жүндөн сырт кийим. Кылдап уютулган кийизден жасалып, орто жаштан беркилерге бап келет. Сөөлөттүүлөргө ого бетер жарашат.

*«Ак олпогу үстүндө,*
*Кийгенине жарашкан.*
*Астындагы Аккула,*
*Мингенине жарашкан».*

Манас баатырдын сырткы келбетин ушундай элестетебиз. Ак олпок — жоодо кийип чыгуучу кементай. Жаштар жака-белдерине, жең учтарына адими кездемелерден көбөөлөтүп, аны кештелеп (саймалап), кийип чыккан. Негедир азыркы уздар мындай аттуу-баштуу кийимди тигүүгө, аны -салттуулукта кийүүгө кызыкпоодо. Албетте, кементай кийүүнү унутпоо керек.

**Кемсел** — тышы кездемеден, кыжымыдан, баркыттан ж. б. ичи жука кездеме менен ичтелген бул сырт кийим ичик, чепкен өңдүүлөрдүн ичинен кийилген. Улгайыңкы тарткандардын кемсели көбүнчө трайкеден, чий баркыттан болгон, жаштардыкы, кыз-келиндердики, жаш жигиттердики кийимдин жердигинин назиктиги аркылуу айырмаланып, алар көк, кызыл, күлгүл түстөрдү тандап алган. Мындан кийин өңүрүнө, этек-жеңдерине көркөм көчөттөр түшүрүлөт.

Эскерте кетүүчү нерсе, азыр меймандарга, урматтууларга, маарекеси барларга чепкен, чапан жаап жүрөбүз. Эмнегедир анда жаш өзгөчөлүктөрү эске алынбайт. Туш келди саймаланган кийимдерди ыроолойбуз. Андай алабарман көрүнүштөр каада-салтка коошпойт.

Кемселге кемер кур аябай жарашат. «Күмүштөн кемер курчанып, күндөй бетин нур чалып» — деп, акак таш чө-

көрүп, «тогуз төбөлөнгөн» курдун тогоосу (калканынын чепкенден чыгып туруусу) адамды ого бетер нурлантып жиберет.

*«Кыздарын кызыл кийгизип,*
*Кызыл кымкап этегин,*
*Кыйгачтап жерге тийгизип...»*

Кыздарга, жаш келиндерге кызыл, жашыл, көк кымкап кемселдер, ага тагылган күмүш топчулар, узун чач, тебетей, такыя элечек эмне деген көрктүүлүктү көрсөтөт.

**Шым.** *«Ашаткысын эринбей,*
*Аярдык менен Каныкей,*
*Жез челекке жаткырып...»* («Манас»).

Илгеркилерге териден ийленип тигилген кандагай негизги үлгү болгон. Тери шым (чалбар) өндөлгөн. Ичи түктүү болот. Карыяларга ылайыкташкан. Жаргак шымды кештелеп (кештелүү шым деп аталат), жаштар кийген. Балбандар балбанга түшөөрдө теке шым (көбүнчө тоо текенин терисинен) кийгизген. «Манаста» («Көкөтайдын ашында») калмактын алпы Жолой менен күрөшүүдө Кошой бабаны:

*«Кийип Кошой алганы,*
*Көбөөлөрү көйкөлүп,*
*Куп жарашып калганы»,*— деп сүрөттөйт.

Шымга сөзсүз ычкыр (ич кур) тагылат. Анын эки учуна папик жасалат. «Манаста» «Ырамандын ырчы уул, ычкыры папик кырк муун»,— деп сүрөттөлөт.

**Ычкыр — (ичкур).** Бул шымда, дамбалда курчалат. Папик — топ чачы. Ал 40 муундан турат. Демек, 40 талы бар папик. «Тебетейи чоктуу уул» — Тебетейде папиктей топ чачысы бар. Ичкур менен тебетейге, калпакка, чачка чолпу ордуна, тегиричке, кылдыроочко ж. б. тагылуучу чу 40—50—60тан турган чыйратылган топ чачыктар кийимдин да, буюмдун да көркүн ачат. Өзүнчө форма болуп көрүнөт.

**Белдемчи.** *«Кызыл-көк көчөт келтирип,*
*Кыпча белге кыналып,*
*Кыз бурак сенин белдемчиң».*

Ургаачылардын белден ылдый тартылуучу бул кийимдин жердиги адамдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата тандалат. Азыр ал таз баркыт, чий баркыт, трайке, нооту, лапкун кездемелерден тигилип жүрөт. Кыз-келиндерге көк, кызыл, жашыл түстөр ойдогудай ылайык келет.

Жаштардын белдемчилери сөзсүз саймаланат жана шуруланат. Жээгине, кундуз бастырылган. Байбичелер тартынуучу белдемчилер жылуулук үчүн, адатта, көбүнчө кебез, кийиз, жүн, жаңы же ара туулган козу-улактын өңдөлгөн терилери менен ичтелген.

Баатырлардын жоо кийимдеринин бири катары алды жактан тартылып, жоокерлер казатка аттанганда, ичти сактоо үчүн да белдемчи тартылган. Анын жердиги металлдан, каткан териден (шириден), катуу шырылган калың кийизден, катталган кең булгаарыдан болгон.

Азыр белдемчилер да жаш өзгөчөлүктөрүн анча ылгабай баратат. Анын жердиги кездемеге өтүп кетти. «Белдемчи таккан белине, пейли жаккан элиңе» — дегендей, аш-тойлордо нарктуулукта аны тартынып жүрүүгө кызыгуулар азайып барууда.

**Чыптаманы** — кыз-келиндерибиз кош этек менен кийген. Бул — жеңсиз кыска кийим. Анын чермей, өпкө тон, кармооч деген башка да аттары бар. Чыптама кынаптала тигилип, денеге көрк кошуп турат. Көгүчкөн төштөнүп, бели кыпчаланып, этеги жамбашты жая кененделип кетет. Көйнөктүн кош этектери көлбүп, кыз-келиндер кылактай басып, ал өзүнчө ак куудай көрүнөт. Өңүрүнө сайма көчөттөрү түшүп, жердигине көк, кызыл, жашыл, күлгүн түстөрү тандалган.

**Кош этек.** *«Кокту, кокту, кокту бел,*
*Коктулай соккон шамал, жел.*
*Короолош жүрүп билбепмин,*
*Кош этек кийген бураң бел».* (*Элдик ыр*).

Бул — кыз-келиндерибиз кие турган көйнөк. Ал көбүнчө ак, сары, көк жибектен тигилип, мурда этек-жеңдери кызыл-тазыл кылып коөздоого айрыкча көңүл коюлган. Кийинки учурда күндөлүк турмушта дайыма улуттук татымда элдик кийим-кечектерди кийүүгө анча маани бербей келебиз. Албетте, улуу салтанаттардан, коомдук майрамдардан, сахналардан гана булардын жылт-жулт эткен үлгүлөрүн көрүп-билип калабыз. Мусулман өлкөлөрүндөгүгө салыштырганда биз бул маданияттан аябай эле окчунбуз.

**Бешмант** — кемселдин бир түрү. Аны «беш бел» деп да айтат. Этеги төгүлүп, бели беш жеринен кыналып, тизеден беш эли узун болот. Кийүүчүнүн жаш өзгөчөлүгүнө карай бутта мөкү, башта кеп такыя, элечек, же кундуз тебетей, мына ушундай кийген кыз-келиндер менен жүрүм-турумдун ортосунда кандайдыр бир катыш жасайт. Көчөгө, айылга

кийилүүчү кийимдер бир жагынан адамдын өзүн улуттук маанайда коңур кармоого, же тескерисинче, шайыр-шаттуу, көңүлүн көтөрүңкү кылууга, сүймөнчүлүктү туудурууга өбөлгө түзөт. Кыз-келиндер узун кош этектүү бешмант кийип баратса, баскан-турганы кадимкидей өзгөрүлүп, кыймыл-аракеттери өзүнөн-өзү назиктеле түшөт.

**Бут кийимдер.** Элдик башка кийим-кечектерге салыштырмалуу алганда кыргыз элинде бут кийимдердин үлгүлөрү таптакыр эле унутта калган. Арийне, анын жекече да, шарттуу да себептери бар. Ал терини иштетүүгө байланышат. Демек, бодонун терилеринен салттуу буюм-тайымдарды кармоо унутулуп, даяр кийим, даяр буюм, даяр идиштерге өтүп кеткенбиз. Кыргыздын бут кийимдерине көк жеке, маасы, өтүк, мөкү, чарык, чокой (кийиз өтүк), кийиз байпак, кепич өңдүүлөр кирген.

«Манаста», «Семетейде», «Сейтекте» жекесан, упике, накари, кырмызы, маасы деген бут кийимдердин аттары арбын айтылат. Булардын ичинен эң баалуусу жана аземдүүсү көк жеке болуп саналат.

**Көк жеке.** *«Кош оймолуу, көк жалдуу,*
*Булгаары өтүк мис таман*
*Өкчөөсү карыш көк жеке,*
*Оймо така ичинде,*
*Алтындан кылган жылаажын,*
*Кош коңгуроо жеке сан,*
*Козголсо үнү шылдырап».* *(«Манас»).*

Бул — эркектердин баалуу, сымбаттуу кийими. Аны чеберлер эл башкаруучуларга атайын арнап ултарышкан.

Ултаруу — биз жогоруда санап кеткен бут кийимдерине узануу-узданууу аракети. Көк жекенин такасы кээде көңдөй жасалып, жылаажын салынып коюлган.

Жасалгалуу өтүктөр, дегеле бут кийимдерди алтын, күмүш чөгөрүп, коолдоо ыкмалары II—VI кылымдарда Борбордук жана Орто Азияда, Жакынкы Чыгыш аймактарында жашаган көчмөндүү элдеринде айрыкча таралганы тарыхтан маалым. «Көк жеке» деп аты калып, өзү унутулган бул өтүк кара малдын терисинен иштетилген. Булгаарыдан жасалып, бүтүндөй кайыш менен тигилген. Көк жекенин үлгүсү менен, албетте, биз тааныш эмеспиз. Муну иликтеп-изилдеп таап, аны ултарууга чеберлерди тартуубуз бүгүнкү, эртеңки, андан кийинки өтөлүү максаттардан болуусу тийиш.

**Өтүк** — бул азыркы сыйда бут кийим. Муну да илгери сөөлөттүүлөр кийишкен. Кийинчерээк бут кийимдердин

ичинен өтүк кенениреэк ултарылып, жапырт кийилген. Орто жаштан беркилер, күлгүн куракктан аркылар улуттук кийимдер менен бир бүтүмдү түзүп кийүүгө ылайыкташкан өтүктү ултаруучу чеберди **«өтүкчү»** дейбиз. Мурун кызыл булгаары өтүктү кычырата кийип, күмүш кемерди кара кемселге курчанып, жоргочон, же жакшы ат менен алчактата бастырганда кооздукка коздук берет.

**Маасы** өкчөсү жок кепич менен кийилүүчү бул бут кийимдин жердиги шабырадан, көндөн болуп, чеберлер адамдын жаш өзгөчөлүктөрүн эске ала ултарган. Кийин бодонун терисин жыдытып, малмага салып, талкууга коюп, андан чыккан кайышты көнгө айландыруучу чеберчиликтери тыптыйпыл жоюлуп кеткени өтө өкүнүчтүү!

Маасынын жердиги заводдон чыккан шабырадан (таманы булгаары) болуп, былбырап, анча бышык эместей. Маасыны жаш-кары (жигиттерден башкасы) жапырт кийген. Мында карыя-байбичелердин, улгайгандардын маасысы кара көндөн болуп, өтө жөнөкөй көрүнгөн. Ал илгери көбүнчө кепич менен кийилген. Келин-кыздардын маасысына сайма көчөттөрү «кыялдана» түшүп, ага азия көлөчү жарашат.

**Кепич** — кол булгаарыдан кармалган бүчүсүз бут кийим. Өтүкчүлөр кепич жеңил болсун үчүн такасынын ичин көңдөй кылып да ултарышкан. Жигиттердин жана келин-кыздардын кепичтерине «наар» түшкөн, «чийме сынпоздогон». Муну ултаруучу чеберлер жок. Бут кийимдерин ултаруу үчүн мыкты жердик катары жылкынын тарамыштары чыйратылат.

## КЫРГЫЗДЫН ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫ

Каада-салт, үрп-адат жана ырым-жырымдардын элибиздин жашоо-тиричилигинде тарбиялык-таалим берүүчүлүк мааниси эң зор. Тирүүчүлүктө адам баласы кадыр тутуучу мындай өрнөктөр — кийинки муундарга рухий байлык. Көбү унутулуп барууда. Ошондуктан, түшүнүктүү болуш үчүн аларды мүмкүн болушунча чечмелей кетүү эп.

**Акты «куу»** дейт. Мында мал-жандын, буюм-тайымдардын өңү-түсү тууралуу кеп болот. Адамда аппак сакалдууну «куу сакал» дейт, аппак мурутчанды «куу мурутчан», байбичелерди «куу чач», аппак чүкөнү же томпойду «куу чүкө» же «куу томпой» дейбиз. Мындай көрүнүштөр айбанга карата да айтылат. Ак тайганды «куу тайган», ак итти «куу дөбөт» дейт. Малга карата да айтылат. Ак атты

«боз ат, көк ат, кызыл ат» дейт. Бул — Чыгыш элдериндеги байыртан келе жаткан ырымдар го. Ак куу «аппак, аппак» — өтө ак» деген түшүнүктү кош кабат айтуу болсо керек.

**«Аркан чыйратып жатканда түбүнөн кесип өтпө».** Бул — элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн узчулугуна байланыштуу ырым. Алсак, «өрмөктү аттаба, кыя өтпө, килем дүкөнүнүн эришин тепсебе, чеберлер кармап жаткан жип, жүн өңдүү жердиктерди тепсебе»,— дешет. «Балаңа шалча согуп, килем токуп бер» — деп, кичине жип-шуу ырымдаса, аны алып, жолдугуна аларга тамак даярдап, ошол узданган жерине келип берет, бата алат. Аркан чыйратып жаткандагы ырым да ошого маанилеш. «Балаңа чылбыр, аркан эшип бер» — дейт. Бул — жасалып жаткан иштин шар жүрүшү үчүн өзүнчө ырым-жырым кармоо. Мисалы, чабылуучу күлүктү токуп атканда маңдайына адам турбайт, же алдынан жанды кыя өткөзбөйт.

**«Арыктагы сууга какырба да, түкүрбө».** Бул — аш куйган аякка, алдыдагы тамакка түкүрүү менен барабар. Себеби, көрөөр күн, ырыскы суудан башталат. Жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жашоочу абалы сууга байланышат. Суу болбосо, турмуш жок. Суу, аба, күн болбосо, жашоо жүрбөйт. Ошон үчүн элибиз: «Аккан сууга түкүрбө»,— дешет, аны ашыңды, аш куйган аягыңды сыйлабоо катары карашат. Суу — ыйык. Аны ичебиз, кечебиз, сугарабыз. Ушундан улам айрым теңиз, момун адамдарды аккан суудан, чыккан чөптөн башкага зыяны жок дейбиз. Ошондуктан кол жууганда суу куйган адамга: «Өмүрлүү бол, суудай сулуу бол, суудай мол бол, суудай тунук, тынымсыз агып тур»,— дешет. Алыс сапардан аман-эсен кайткандардын башынан суу тегеретебиз. Түндөсү суу куюлган идишти ачык койбойт. Отту суу куюп өчүрбөйт. Агын сууну чачып ойнобойт. Жууган колду силкпейт. Ошонун баары сууну теңир катары көрүүбүз.

Мунун дагы бир мааниси мындай: агарып-көгөрүп, баар таап, «ырыс алды ынтымак» болуп, канат-бутагың жайылып өсүп жаткан ордуңа акарат айтпа, ошол иштеген жериңди медер туткун. Болбосо, анын кусуру урат.

**«Ат жалына бут чыгарба».** Кыргыздарда ат жалы өтө ыйык катары каралат. Алыс сапарда ат үстүнөн аңгеме сандыгы чечилген. Аны «Ат жалында казан ас» дейт. Айыл араласаң ат үстүнөн аякка суусун сунушат. Аны аттын ыйык жалына акырын тийгизип, «бисмилланы» айтып, анан ооз тийет, шак жутуп жиберет. Мына ушундай жерде айрымдар кош бөйрөгүн таянып, аттын жалына

буттарын чыгарып туруусу, демек, ал адамдын текеберчилиги, ашкан көпкөндүгү, мансапка, байлыкка чиренүүчүлүгү, улуу-кичүүлөрдү көзүнө илбөөчүлүгү, манчыркап кетүүчүлүгү деп гана жоруйбуз.

**Аял адам малдаш токунуп отурбайт.** «Зайыптарга сын көп болот. Алар чөгөлөп отурбайт» — деген кептерди кулагыбыз кичине чактардан бери чалат. Аялдар үчүн сыңар тизелеп олтуруу эптүү да, маданияттуу да көрүнөт. Узун көйнөк антип отурууга шартталат. Эркектердин арасында малдаш токунуп отуруу аял-эркектин төрдөн орун алуусун анча айырмалай албайт. Үй ээси эркек болгондуктан, аны туурап отуруу ургаачыларга олдоксон сезилет. Аялдардын эркектерче малдаш уруусу теңчилик доордун тушунда, биз эркектерден кембизби? деген чакта чыкты — деп болжолдоого болот.

**«Баш кийимиңди сатпа».** *«Баш кийим бардык элде бар,*
*Байыртан жашап келди алар.*
*Атадан калган балага,*
*Андан да кымбат эмне бар».*
*(Байдылда).*

Бул — ыйык кийим. Баш кийимди сатуу башты алуу менен барабар. Кыргыздын ак калпагы — баш кийимдердин ана башы. Ал — улуттук белги. Ала-Тообузду символдоштурат. Учур-шартка карай калпакты, тебетейди, элечекти, топуну баштан албай кийип жүрүү парзыбыз бар. Демек, баш кийим сатуу — башыңды сатуу. Бирөөлөргө бутташтырып жиберүүгө да түк болбойт. Атайын арналып жасалган аларды жыртылганча кийүү — баш кийимдерди барктообуз. Баш кийим эскирип баратса, бала-бакыра атасыныкы, агасыныкы, таяке, таятасыныкы катары жерге таштабай, жырта кийип коюшкан. Өнөр жай негизинде баш кийимдерди чыгаруу, сатуу, көрүнгөндөргө кийгизип жиберүү өңдүү обу жоктук кийинки жылдары ашынып кетти. Алар ак калпакты мончолорго, сугатка кийип, жылуу деп көчүктөрүнө басып, кор кармап жатканын көргөндө жүрөк-жүлүндү аралап өтөт.

**«Башынан суу тегерет».** Бул — башынын соо келишине карата жасалган ырым. Алтын башынын ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүсү, адатта, алыс жол сапардан аман-эсен, аткөл кайткан адамдын башынан байбичелер үч курдай суу тегеретет. Ошол чыныдагы сууга үч курдай түкүртүп, сууну чачып, чынысын көмкөрүп коёт. «Аткөл, аман-эсен келди, кудайым берди» — деген жадырап-

жайнап тосуп алууну, жай ала түшкөндүктү туюндурат.

**Бешик тууралуу сөз.** «Бешикти кур терметпе», «Бешикти эки адамдап көтөрбөйт», «Бешикке өбөктөбө» өңдүү тескөөлөр жеринен бар. А, чынында, энеси өбөктөп балага эмчек эмизет. Кээде эмизип жатып, куш уйкуну сала кетет. Бешикти энеси өңөрөт, өңөрүүгө бир киши алып берет. Ал эми бөлөнгөн баласы бар бешикти сооротуу же уктатуу үчүн ким болсо да термете алат.

**«Бересенин аласасын кыстаба».** Тирүүчүлүктө аласа-бересе боло берет. «Эр жигиттин малы элде жүрсүн, эриккенде колго тийсин» — деген кеп бар. Жону жукалык кээде адамды тукулжуратат. Аласасын бере албай жүргөндөр үчүн Аксактын амырына кароо керек. Жокчулук жаба токунуп турган шартта кайра-кайра басмырлап доолашуу, албетте, бардарларга анча аброй алып келбейт. «Бул сааганым Сарбагыштын бээси, танда келет ээси» дегендей болот, алды-бердиге адамдык ырайым болуш керек.

**«Бирөөнүн кайгысына кубанба».** Кыргызда: «Таба эмес, тобо кыл» — деген накыл сөз бар. Кээде «ал ошону көрмөк», «мага да кылбаганды кылган, дебегенди деген», «көзүнө адам көрүнбөй калган» өңдүү кектешүүлөр да бар. Анан «кудайдан тапсын» — деп да коюшат. Ошондой ыдык көрсөткөндөрдүн башына кайра кайгы түшүп турганда абалын сурап, көңүл бөлүп, кайгысын бөлүшүп, имериле калыш, мурун ортодон кыя өтпөгөндөй мамиле жасаш — сенин түпкүлүктүү адамдык касиетиң. Ошондуктан, мусулманчылыкта «кекти капырга жараткан» — деп коёт.

**«Босогодо туруп, бой кербе».** Бул — боз үйгө кирүүгө байланыштуу айтылган ырым. «Босого менен тең турба», «босого менен бойлошпо», «босогону баспай кир» өңдүү ырым-жырымдарды улуулар айтып, тескеп турушкан. Босогону кемире басып чыгуу — ичте кектин бардыгы. Эшикти аттай кирген жан дароо орун ала отурат. «Көчүк бас, сенин боюң менен тең кар түшсө, кайда барабыз» — деген сөздү угабыз.

**«Бирөөгө чыныны, тамакты оң колуң менен узат».** Бул идишти сунуудагы адептүүлүк, маданияттуулук, ызаттуулук. Сунуп жатканда алуучу адамдын колун карап, илбериңки, түз сунуу, ал идишти алаары менен оң колду тартып алуу, кайра бошогон идишти бутташтырбай алып, кайра сунуу керек. Оң кол турганда сол кол аркалуу бирөөлөргө бирдемелерди берүү — одооночулук, текеберчилик, билимсиздик.

**«Бышкан, бышып аткан ашты таштаба».** Албетте, таш-

17*

тап кетүү — кесир, ырысын тебүү. Ошол үйдүн дасторконун, от күйгөн очогун, кайнаган казанын, дөөлөттүү карысын сыйлабоо. Тамак бышып калса, ооз тийбей баса беребиз.

Кыргыздар — меймандос элбиз. Кайнап жаткан тамак үстүнөн бирөөлөр чыкса, ырыскылаш катары сүйүнүп, келбери тосуп алат. «Тамак бышып атат», «бышып калды», «жай отур» өңдүү сөздөрдү айтуу парзыбыз бар. Таштап кетсең жол болбойт — деп турабыз. Кээде, конок айттырып коюн сойдуруп, казанын кайнатып коюп күттүрөбүз же келбей коёбуз. Арийне, бул — ошол үйдүн шабайын суутуу, барк албоо, нарк-насилди баалабоо...

**«Даараткана оозун күн чыгышты каратпа».** Бул — заараңды, улуу заараңды Чыгышты карап ушатып каласың деген сөз. Тактап айтканда, адатта, даараткanaга киргенде кирип барып, күн батышты карап отурбайсың. Ошондой эле, айткандай, Кыбыланы карап да даарат ушаталбайсың. Мында тийип турган Күндү ыйык тутуп, ага табынуубуз абзел; баарыдан мурун тиричиликке жарык, жашоо чачкан Күн экенин туюп-билүүбүз зарыл.

**«Жайнамазды, супураны тепсебейт».** Бул — диндик ырым-жырым. Жайнамаз — намаз окуучу буюм. Ошол үчүн ыйык сезилет. Аны жайып, этегин тепсебей туруп, ошонун бетине жыгылат. Окуп бүтөөрү менен аны төрт бүктөп тепсебей турган бийиктикке, адатта, жүк үстүнө коёт. Намаз окуй турган орунун да таза тутат. «Алла-Таалага сыйынганың кабыл болсун, мусулман диндин касиетин таза сактасын» деген үмүттү туюндурат.

Ал эми супура болсо — ун-талкан элей турган буюм. Албетте, дан улук, шариятта курандан данды жогору коёт. «Эгер нан кол жеткис жайда турса, Куранды алдыга коюп чыгып ал»,— деп айтылат. Супура жерде жатпайт. Ун-талкан эленээри менен аны эбинде бүктөп керегенин башына, ашканага, аш ала баканга илгичи аркылуу илип койгон. Супура улагага илинбейт, жерге ташталбайт. Жайнамаз менен супура биринин ыйыктыгын бири толуктап жана аныктап турат.

**«Жарым жолдон кайтпай жүр».** Адам алыс сапарга аттанаарда, ат жалын тартып минээрде: «Бисмилла, ишим илгери болсун»,— дейт. Алыс жолбу, жакын жолбу, баары бир максаттуу ишке аттанып бараткaны белгилүү дечи. Ал жолдон айныса, анын туруксуздугу. Ат терин аясын, сапарды карытпасын, — бул шыдыр жүр, бет алдыдан жалгаасын дегенди билдирет.

**«Жаш адам желбегей жамынбайт».** Чынында, желбегей

жамынуу кары-картаңдарга ылайыктуу сезилет. Себеп дегенде, алар сырт кийимдерин улам кийип, улам чечип отурууга караганда жамынып, кирип-чыгууга, басууга, заара ушатууга, даарат алууга, намазга даярданууга оңтойлуу болот. «Бешиктен бели чыга элек жатып, желбегейчен аркы-терки басат» өңдүү сөздөр айтылган. Улуулардын көзүнчө минтип өзүн көрсөтүү — бир чети жаш адамдын төрөпейилдиги, тең санабоочулугу, манчыркап калгандыгы. Баарынан да, аксакалдарды көзгө илбей калууларынан да кабар берет. Андай жоруктарды көрүп тургандар да өзүнөн-өзү коомай абалда калат. Ата-энелер да: «Балам, желбегей жамынып, көпчүлүккө көрүнбөчү» — деп турууучу.

**Тамакка сынтакпа».** Бар тамак — ырыс-кешик. Бирөөнүн сен үчүн жайган дасторкону — анын ак пейили. Демек, ошол үйдүн берген тамагы — анын дымагы. Чайга, нанга, жармага, айран-сүткө ж. б. ыраазы болбой, казан аспады, кой-тай сойбоду, каадалуу конок кылбады дейбиз. «Пайгамбар барга назир, жокко кайыл». Бар тамагын жаркылдап алдыңа койсо, басмырлап ичкен тамакка караганда аш болумдуу болоору белгилүү. Мында сыпаакерчиликти, бирөөлөрдүн даамын баалоону биринчи орунга коюубуз тийиш.

**«Тамакты дасторконсуз ичпе».** Мында абалы дасторкон жайылат. Ал — ошол үйдүн, үй ээсинин пейили. Бата тамакка эмес, ошол дасторконго тиленет. Муну артында «басып-туруп тамак жебе, көчүк басып ич, баш кийимди тамак ичээрде алба, бирөөнүн дасторконун сыйла» деген накыл жатат. Талаа-түздө, сапар жолдо, албетте, азыкты ичип-жеште дасторкон ордуна сөзсүз алдына бирдеме коёт. Жеп-ичип бүткөндөн кийин бата ошого тиленет.

**«Таң атаарда жолго чыксаң чык, күн батаарда жолго чыкпа».** Адамдардын сапары, адатта, таң заардап, таңкы насипти ичип-жеп, анан «бисмила» — деп аттануудан башталат. Кышта «Таңкы суукка калсаң кал, кечки суукка калба» — деп да айтылат. Белгилүүдүр, эртең менен айланага күн тийет, сууктун илеби кайтат. Кечте суук кайратына келет. Анан түнкү жол арбыбайт. «Жердин эни жазылып кетет»,— дешет. «Түн каткан жалаңкычтай болуп»... дейт. Бирөөнүн үйүнө куучудай иттерди абалатып, жоошуп жаткан тынчтыкты бузуп, түн жарымында түшүү да жакшы жорук эмес. Кыргыздар конок маалын тушташтыра барып түшүүнү жактырышкан.

**«Таңкы насипти таштаба».** Кыргызда: «Эртең менен жолуң болсо, кечке дейре таскагыңды жазба» — дей турган. Ал эми таңда туруудан, жуунудан кийинки эртең мененки

иш насипти ичүүдөн башталат. Бул — ырыскыңды, шыбагаңды көрүп кет дегендик. Ичип-жешке табитиң тартпаса, «бисмилла» — деп ооз тий, «оомийин» деп бата кыл. Ал ырыс-кешик сени күтүп тургандай сезилет. Бир жакка жөнөөрдө «Ата-а, үйдөн наар албай кетти эле, эми жолу болоор бекен?» өңдүү сөздөр пайда болот. Ошон үчүн таңкы насип сага жолдоштой туюлат. Ошондой эле эртең менен жаман ооз сүйлөбө, ал кечке чейинки иш-аракеттерге таасир тийгизет. «Иштин башы ишенби» — дегендей, ал күнү аткарыла турган ой-максаттар көңүлдүү, шайдоот болушу ыктымал.

**«Тулганы теппе».** Бул — кызыл отту жалындата жагып, казанды асып тамак-ашты бышыруучу буюмду тээп, текеберчилик кылуу, отко, ошол үйдүн казан-ашына шек келтирүү. Очокту бузуу менен барабар. Мындайча айтканда, ырысын-кешигин тебүү. Тулганы теппе, бутуң ооруйт, казан-аштын, идиш-аяктын убалына каласың деп турушкан.

**«Туткучту баспа».** Туткуч — тутуп бирдемелерди кармоочу кийиз буюм. Ал аркылуу тулгага, очокко казан асылат. Чайнек коюлат, кайнаган чай алынат. Демек, тамак жасалат, бышкан тамак ал аркылуу кармалып чыгарылат, түпкүчкө коюлат. Туткучтан кол күйбөйт. Ошону менен ысыктыкты кармайсың. Ордуна коёру менен туткуч өйдө илинет. Бул — аны баспа дегени. Илгери «бутуң ооруйт» — дечү. Тамак-аш бышкан идиштер аркылуу туткуч ыйыктай сезилет. Түпкүч тууралуу да так эле ошондой түшүнүккө ээ болобуз.

**«Түштү жаманга жоруба, жакшылыкка жору».** Адатта, адамдын түшүнө эмнелер кирбейт. «Түштүн башы чарадай, моюну кылдай» — дешет. Күндүзү эмне ойлосоң, ошого да байланышат. «Түшү оңолмоюн, иши оңолбойт». «Түшүң түлкүнүн богу, туба, туба»,— деп коюлаары ошондон. Түш бир чети үмүт. Жакшы түштү кеп билги адамдарга жорутат. Ырым-жырымдын шартында ал оңго бура жоруп коёт. Мында да адептүүлүк, маданияттуулук билинет. Негизи, түштүн көрүнүшү уктоого, тынчтыкка, кадыр-көңүлгө, ооруп жатканга, абдан кыйналганга, жайсыз салынган төшөккө байланышат. Ошондо көңүлдү жубата турган түш жоруубуз зарыл.

**«Капталдан качырып сөз катпа».** Элибиз адеби жок жигитти жүгөнү жок атка окшоштурган. Сөз сүйлөө — өтө өнөр. Аны уга билүү, ал андан бетер жөндөмдүүлүк. Аңгеме учугу кайда сапталып баратат, угуучу айтуучуга алдыртан шык тартуулап отурган. Куйма кулак ар бир сөздү кулактын учу менен жибербейт. Улуулар сүйлөп жатканда

ортодон үн катуу, качыра сөз айтуу — тиги айтуучунун сөз тизмегин бузуу. Экинчиден, сөзгө конок бербөө өзүнүн адебине доо кетирүү. Андай көпчүлүктүн назарына түшкөн аңгемеге ал кызыгабы, кызыкпайбы, буга карабастан ошол отурушту сыйлоосу парз.

**«Колуңду артыңа алба».** Адатта, адам колду артына алат. Аркы-терки басып калат. Кээде андай көрүнүштү бекерчиликке жоруйбуз. «Колун артына алып эле басып калыптыр»,— дейбиз. Бирок улуулардын көзүнчө антип туруу одоно көрүнөт. Мында теңсинбөө билинет. Колду алдыга алып, көкүрөккө кысып туруу — мусулман элдеринде кичипейилдиктин белгиси.

**«Эки колуңду башка жаздап жатпа».** Бул — текеберчилик, мансапкордук, башкаларды көзүнө илбөөчүлүк. Карап чыккандарга мартабалуу көрүнүшү, өзүн-өзү кыйын саноосу. Анча-мынча дөөлөткө дөгүрсүнүү.

**«Эки бөйрөгүңдү таянба».** Таянуу эри өлгөн аялдын, же бирдемеси өлгөн эркектин кошогун, өкүрүгүн элестетет. А, чынында, мансапкордукту, манчыркоочулукту туюндурат. Улуулардын көзүнчө ошол адамдын куу чирендигин айкындайт. Бул мисалы, өзбек элинде анча одоночулукту билдирбейт. Ушундан уламбы, аларга канатташ элдерде, төтөн, эркек аттуулар, айрыкча жаштар, адатта, отуруп-турганда колду муштумдатып, бир колун бөйрөгүнө таяп турушаарын көп көрөбүз.

**«Күлгө даарат ушатпа».** Мында сөз тезек-көңдүн күлү тууралуу болуп жатат. Күл төгүлүүчү жер дөңсөөгө айланат. Ал — кызыл оттун таштандысы. «От менен ойнобо», «отко сийбе», «отту суу сээп өчүрбө» сыяктуу ырымдардай эле күлгө даарат ушатуу, бала-бакыралардын чамбыл ала күлдү челип ойноп отурушу — эрөөн-төрөөн. Муну илгери тескеп, «сезгенип калышка» жоруй турган. Ошондуктан, аны обочороок жайга төгүп, күл өзүнчө додолонуп турат. Үйдүн тегерегинде дубал түптөрүнө атайын күл төгүшөт. Демек, кээ бирөөлөр даарат ушатпасын, тегерек-чет таза турсун — деген ой.

**«Күйгөн отко түкүрбө».** Бул оттун ыйыктыгын билдирет. Аба, суу, от адамдын жаны, жашоосу менен барабар. Ар бир адамдын өз коломтосу ыйык. Көпчүлүк элдер отко сыйынат. Коломтоң өчпөсүн — деп турат. Мисалы, Союздун учурунда Москва шаарында бир заводдо жаштарга комсомолдук той өткөрүп, аларды жатакана, ашкана жана башкалар менен камсыз кылып, бейкапар иштөөгө-жашоого шарт түзүлөт. Абалы, ынтымактуу башталган үй-бүлөлүк жашоо бара-бара ыдырайт. Тарап кетишет. Себеп дегенде,

ар адамдын жекече муктаждыктары бар. Очогу, күйгөн оту аркылуу турмуштук канааттандыруулар, өздүк максаттануулар пайда болот. Отту теппе, отко суу куюп өчүрбө, отту бут менен ичкелештирбе өңдүү накылдар улуулар тарабынан айтылып келген.

**«Көрүстөндөрдөн өтөөрдө келме келтир, куран окуп кой».**

*«Назар таштап, таазим эткин жолоочум,*
*Сендей болгом, сен да мендей болосуң».* *(Накыл).*

Албетте, анда арбактар жатат. Маркумдарды сыйлоо керек. Алардын бул жалган жана жарык дүйнөдөгү эл үчүн жасаган эмгеги тирүүчүлүктөгү вазийпасы көпчүлүктүн эсинде турат. Ошол ойго келет. «Бул жерде баланча жатат, түкүнчөнүн сөөгү ушул жайга коюлган» — деп касиеттүүлөрдүн күмбөздөрү, коргондору тууралуу айтылып келген. Тирүүчүлүктөгү ата-энелер, ага-туугандар ушунун тушунан өткөндө кайрадан ойго кылт этет. Арбактарды урматтоодо тушунан аяр бастыр, машинеңди акырынраак айда, кези келсе, түшүп куран багышта, бата кылып өт. «Келээр жерибиз ушул» — деген чындыкты моюнга парз кармообуз керек. Бейитти, көрүстөндү колуң менен көрсөтпө... жана башка сөздөрдү айта жүрүүбүз тийиш.

**«Мал короого даарат ушатпа».** Мында төрт түлүктүн ар кандай түрлөрү болот. Мал жүргөн жерге улуу заарага отуруу, даарат ушатуу, заара кылуу — адалдыктан тануу, наадандык кылуу болот. Мындан малга оору пайда болот. Эмчектери чочуйт, сезгенет. Ошондуктан, малкананы таза тутуу зарыл. Анда көң уютасын, ал эми көң болсо — айылдык турмуштун негизги отуну. Зооветеринариялык тазалыкты кыргыздар жеринен талаптагыдай тутуп келишкен.

**Миздүүнүн мизин каратып койбойт.** Бул — көбүнчө бычакка карата айтылат. Бычак кырынан жатуусу тийиш. Анын чалкасынан мизи асманды караса, үй ээсинин, же бычак (маки) ээсинин дайыны жок эле бырчылдата мал союусуна, бычагы өтө курчтугуна жорушат. Ошондуктан, мындай жаткан бычакты көрсө, адатта, анын мизин антип каратпай, оңдоп коёт. Балта, керки, кетмен, чөп чалгы, кайчы өңдүүлөр тууралуу да мына ушундай өзүнчө түшүнүктөрү болсо керек.

**«Мойнуңа куруңду салба».** Кыргыздардын элдик адатында бир күнөөгө батса, мойнуна курун илип, ошол улукка, же күнөөдөн жабыр тарткан адамга барган. Алдына чөгөлөгөн, кечирим сураган. Бул — чоң күнөөгө кириптер болуу. Мал башын тартуулоого дейре барган. «Мойнуңа

курунду илбе» — деген мына ошондой абалда калба». Ал жакшы жорук эмес» — дегенди эске салат.

**«Нан менен бычак» аарчыба.** Бул — мусулманчылыкта кесир. Дүйнөдө эң улук — нан (токоч). Ал — аш-тамактын башаты. Дасторкон жайылганда дүйүм тамактардан мурун, «бисмилла» деп, нанды ооз тийебиз. Бала-бакырага, келди-кеттилерге «нан ооз тийгин» дейбиз. Албетте, анын ыйыктыгы ушундан билинет. Ошон үчүн бычак менен нан тууралат. Кесме кесилет. Акыры аны менен майлуу бычакты аарчуу — кийин чыккандай сезилет. Бул башка диндеги өкүлдөрдүн таасири болсо керек. Бизде болсо: Нанды көмкөрөсүнөн койбо», «нанды тепетен үз», «нандын күкүмүн терип же», «нан — ырысың, насибиң» — деп айтылат. Себеби, туз буюрган жерге барасың, даам татасың. Дандырдан нан түшсө ысырыктап кой. Ооба, мындай ырымдоо — бир чети накыл.

**«Насиптин алдын башкага бербе».** Тамак-аш жасаган адам — ошол үйдүн очогун туткан адам. Анын тузун татытат, бышканын, быша элегин байкайт. Бышты деп чыгарат. Анын даамдуулугун дагы билүү үчүн ооз тийет. Абалы төрдө отурган байбичеге даам таттырат. Айрым келин-кесектер ырым кармап, оорусу жугат, талмасы жугат — деп, тамактын алдын өзүнөн мурун кайын энесине сунат. Кээде төрдөгү мейманга сорпо сунат. Ал да байкайт. «Конок бышты десе, ала бакандагы эт бышат». Кыскасы, насиптин алдын башка бирөөгө бербөө — бул насипти өзүң ооз тий, насип ээси — ошол үй, тамак-ашты жасаган жан. Ошонун жоопкерчилиги жогору турарын түй дегени. Кыргыздар сабадагы кымызды ооз тийбей, башкаларга сунбайт. Анын кандай ачыганын өзү билет. Деле жарманы, кымызды, бозону минтип ооз тийип коюу абалкы адаттай сакталып келүүдө.

**Наристе тууралуу сөз.** Кыргызда наристеге байланыштуу бир топ ырым-жырымдар айтылат. Мисалы, «Балага жаңы кийим кийгизээриң менен өөп кой», «Атың аксаса, баланын заарасы менен бутун жууп кой», «Баланын кир суусун караңгыда сыртка төкпөйт», «Наристенин кийимин түнкүсүн сыртка калтырба», «Баланы таманынан өппө», «Жалгыз уктаганда башына нан, бычак кой» сымалы ырым-жырымдарда, 1-ден, анын бул турмушта тазалыгын, сүттөн актыгын билдирүү, 2-ден, шайтан-шабырлардан алыс болуусуна, чочубай уктоосуна кам көрүү, 3-дөн, анын периштелигине ак дилден мамиле жасоо, 4-дөн, аларга бир илдет жугузуп албоодон сактануу бар.

**«Отту тепне, шамалды сокпо».** От ыйыктардын ыйыкта-

рынан. Ал адамзаттын жашоо-тиричилигиндеги табынуучу касиетке эгедер. Кудай тааланын эл-журтка берген шыбагаларынан. Көпчүлүк элдер отко, сууга, абага сыйынат. Муну тебүү, тээп сөгүнүү, тээп өчүрүү — алла тааланын амирине шек келтирүү. Шамал абага кирет. Табияттын буйругу менен шамал согот, жел жүрөт. Табият каарына алса, бороон-чапкын болот. Шамалдын күчүнө эч бир жан тоскоолдук кыла да, чыдап тура да албайт. Эр болсоң күйүп аткан отту тээп, шамалды сызгырылтып сөгүп көрчү, жаратылыш жаатынан жазага тартыласың.

**«Өлгөн жерге барганда оорулууну сураба».** Арийне, өлүк чыгып жаткан жер — коогалуу учур. Каза жутуп, кайгырып турган орунда бирөөлөрдүн ооруп жатканын угуп, өлүккө барып алып, аны көрүүгө кирүү, абалын суроо — өтө оңтойсуздук. Жаны кыйналып жаткан пендеге ал оор тийет. Анын кийинки ахыбалына доо кетирип алабыз. «Мурун келип эмне сурабады экен?..» — дейсиз. Жаманчылык алдыга элестеп туруп алат. Мындай жерге келгендер башка мүшкүл жерлерге кайрылбайт. Ошол орундан мындай жорук мына ушуну менен чыгып кетсин — деген ойдо шарт аттанып кет.

**«Узак сапарга чыгаарда ачууланба».** Адатта, алыска аттанаарда эр-азамат эл-журттан бата алып жол тартат. Ал үчүн мал курмандыкка чалынат. Кыбыланы карап, кары-жаш катар туруп, анын аттанаар сапарын тилейт. Ал маңдайын жарып, батаны кабыл алат да, шарт бастырып кетет. Мында эли-журту ак тилектери менен алкап калат. Так ушундай маанайда ал алыс жолдон келет,— деген ырым көкүрөктө уялайт. «Кап, үйдөн ачууланып аттанды эле, деги сапары жакшы карыса экен» — сымалы күдүк ойлор болбоосу тийиш. Эл-журту кандай жөнөтсө, ошондой маанайда тосуп алууга куштар болуп турушат.

**«Үйдө туруп ышкырба».** Кыргыздар ышкырыкты анча сүйбөйт. Басса-турса ышкырынган бала-бакыраны адепсиз, тарбиясы тайыз катары көрүшкөн. «Көргөн-өскөнү жаман» — дешкен. Ал эми үйдө отуруп ышкырынса ого бетер олдоксон угулат. Дайыны жок ышкырынса, «Тишиңе таш тийгир» деген каргышка чейин айтылган. «Айдаганы беш эчки, ышкырганы таш жарат» А, чынында, ыксыз ышкырууну көпкөндүктүн белгиси катары карашат.

**«Шымыңды башка жаздаба, өтүгүңдү төргө илбе».** Адатта, мусулмандар жатууга чечинүүсү буттан башталат. Аны аякка таштайт. Шымды чечип, жууркан алдына таштайт. Төшөккө кирип, көйнөктү чечет да, жаздыктын башына коёт. Шымды башка чыгаруу, көйнөктү аякка таш-

тоо, өтүктү төргө чечүү, төбөңө илип коюу — бул ар бир кийимди чечүүнүн адептүүлүгүн, шарттуулугун, маданияттуулугун жоготуу. Кыргыздар антпей, аны ата салты, эне адеби катары көрүп келишкен. Албетте, мындай жагдайларды улууларыбыз кичүүлөрүбүзгө айта жүрүүлөрүбүз тийиш.

**Шыпыргы тууралуу сөз.** «Шыпырынды жерге отурбайт», «Шыпыргыны тике койбойт», «Шыпыргы менен бирөөнү чаппайт» — дейт. Негизи шыпыргыны жерге таштап коёт. Мында шыпыргы менен бирөөнү (өзгөчө эрин) чабуу аялдар үчүн өтө чоң күнөө болуп эсептелет. Бул — бирөөнүн болбосо да бирөөнүн каргышына калуу деген сөз. Карысын, күйөөсүн шыпыргы менен чапкан зайыптардын кийинки тагдыры тууралуу эл арасында кеп-сөздөр бар. Арийне, үй ээси — эркек, анын эркектик касиеттерин ургаачылар сезе жүрүүлөрү тийиш.

**Чайдын чамасын булганч жайга төкпөйт.** Ал — тамакаштын калдыгы. Чаманы көпчүлүк жерлерде атайын жыйнайт. Аны жандар баспай турган жайга, таза жерге көөмп коёт. Көпчүлүк жерлерде жүзүмдүн түбүнө төгөт, баарыдан мыктысы, чайдын нымдуу чамасы менен килемди жана башка түктүү, түксүз буюм-тайымдардын үстүнө сээп, шыпырып тазалоо оңтойлуу болуп саналат.

**«Чачыңды тепсендиге таштаба».** Чач алынаары менен анын ар талын калтырбай шыпырып алат. Аны акыр-чикирге ыргытып жиберүүчү эмес. Кичинекейлердин чачын алганда өзүнө тердирип: «Ме, мөмөлүү дарактын түбүнө көөмп кел» — деп туруучу. Бул — чачы бат өссүн, коюу өссүн, кичинекей кыздардын чачы узун өссүн, өрүмү жоон, мыкты болсун деген тилек. Чач калың, кайраттуу чыксын өңдүү тилекти да ичине камтыйт.

**«Эркек адамдын үстүнөн жана кийиминен аттабайт».** Шарыяттын улуу жолунда эркек — үй ээси. Демек, ал — үй-бүлөнүн пири. Аны бала-бакыра урматтайт. Анын сөзү, иши эки болбойт. Эрди-зайып эриш-аркак жашап жаткан чакта эрди сыйлоо өмүрдөшү аялдан башталат. Ушундан улам калган үй-бүлө өзүнөн-өзү оң тарапка бурулат. Үй ээси эркектин алдынан кыя өтпөйт, башынан аттабайт, секирбейт. Кийимин өйдө коёт. Бул башкалар үчүн үлгү болуп кала берет.

**«Малды теппе,** томаяк болуп каласың».

Кыргыздардын негизги турмуш-тиричиликтери — беш түлүктөрдү асырап, андан алынган азык-түлүктөрдү пайдалануу. Малдын эти, сүтү, андан чыккан түрдүү даамдар — дасторкон көркү. Жүнү, териси, мүйүзү, сөөгү кол

өнөрчүлүк буюм-тайымдарына шартташат. Кыгы — жер семирткич; тезеги, көңү — отун.

«Мал боор эт менен тең». Демек, «Малды теппе, томаяк болуп каласың» деген — бул тепсең кедей, жарды болосуң, үрүп чыгаар ити жок турасың дегенди туюнтат. Мингичинди арык-торук, жоор минсең, саанын арык-торук кармалса, саандагы музоо, кулун, козу-улак мантыкпай турса, ошондо аялдарың «жез тырмак», өзүлөрүңөр томаяксыңар, мал жукпас, ырыс кыркаар, ырысыңарды тээп жатасыңар... өңдүү наалаттар айтылат.

Мисалы, кой-эчкини таяк менен айдайт. Буга байланыштуу «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» — деген макал бар. Жылкыны укурук менен айдайт. — «Азоолорун үйрөтүп, укуругун сүйрөтүп» — дейт. Төөнү шапалак, камчы менен айдайт.— «Жыланач төөнү бучкакка чапкандай» — деген ж. б. лакап айтылат.

**Желени кыя өтпөө.** Желе байланган айыл жолдон чыкса, атайын ага түшүп аттануу адеби бар. Аны кыя бастырып кетүү наркта жок. Ал үй андыктан ага дасторкон жайып нан, чай койбойт. Буга милдеттүү да эмес. Кымыз сунат. Эгер чаначы бар болсо, кымыз куюп, канжыгасына байлайт. Чай коюп, дасторкон жайылгандан соң кымыз куюу жалпак отургандарга, жата конокторго шарттуу көрүнөт.

**Куйма кулак кайсы? Акма кулак кайсы?** Булар эки башка маани берет. Илгери кагаз, кат сабаты жок чактарда санжыра арбын айтылуучу. Демек, ал оозеки тарых деп аталат. Санжырачылар жер чечегин безеп, өзү көрүп, бирөөлөр кулагына шыбырап тургандай, өткөн тарыхтан кызыктуу окуяларды баштап бергенде, кызыккандар отурган орунунан түк жазуучу эмес. Жаза кетпей угуп, кайра-кайра угууга куштарланып, алар да бирөөлөргө ошондой түрдө аңгемелеп, аны дагы бирөөлөр саймерденденп, айтор, тарых бүгүнкүгө дейре так жеткен. Демек, ошол санжырачылар, кунт коюп отургандар — куйма кулактар.

Акма кулактар — окуяны угууга кызыгуусу жоктор, ойпикирин башкаларга буруучулар. Кызыктуу, керектүү, данектүү, даректүү сөздү кармап калбоочулар.

**Босогону кулачтаба (Эшикти кулачтаба).** Мында эшик босого тууралуу сөз болуп жатат. Эшиктен кирген бала-бакыра босогону аттап кирүүгө тийиш. Адатта, алар кирип келе жатып, көбүнчө боз үйдүн босогосуна тура калып, эки колу менен таяк босогону (боз үйдүн эшиги: үстүңкү босогодон, эки таяк босогодон, астыңкы босогодон, каалгадан турат) кулачтап туруп калат. Ошондо: «Босогону бас-

па, кулачтаба, түз кир»,— дейбиз. Бирөөнүн үйүнө антпей түз кирип отуруу адеп. Ал абалтан калган ырым болсо керек.

**Ортодон өтпөө.** Күтүлбөгөн жерден улуулар менен учурашкан учурлар көп болот. Абалы, адаттагыдай, эң улуусуна кол беришет. Анан калгандарына салам айтуу ызаат. Жуп жөнөөрдө кичүүлөр улуулардын ортосунан өтүүсү адеп эмес. Ортону бөлбөй, алардын артынан бастырып кетүү шарт. Жөө кезде да ушул эреже сакталышы тийиш.

**«Конуш чала албай каласың».** Жандыктын иче-кардын арткан келин-кесектер көтөн чучуктун учун отко бышырып жеш адаты бар эле. Мындан «отко салган чучуктай чыйылдатып» деген сөз айтылат. Аны бирөөлөргө бербей «бала киши муну жебейт, конуш чалалбай каласыңар» — дешчү. Демек, оюн-чынынан көөнүн тындыруу болсо керек.

**Үрп-адаттар жана ырым-жырымдар.** Биринин түшүнүгүн бири толуктайт. Булардын түпкү максаты ыйманга, адеп-ахлакка, үлгүгө, нускага барып такалат.

Муундарга элдик нукта тарбиялоо-таалим берүүдө улуулардын жолун ыйык тутуу, аны андан ары улоо жөрөлгөлөрү улуттук белгилердин изден тайбоочу башаты болуп саналат. Эбактан бери аркаланып келе жаткан андай оң сапаттарга ээ кылуучу касиеттери менен кыргыз эли элдик педагогиканын негизин түзүп келген. Ата-эне, ага-ини, эже-синди, тууган-урук жерге-жээк үчүн акыл-насаат айтып, ич ара тескөөлөрсүз күндөлүк турмуш-тиричиликтин бир татым тузу кемийт, кызыксыз туюлат. Ар ким андай ырым-жырымсыз, үрп-адатсыз, каада-салтсыз жашоолору 1-ден, жүрүш-туруш эрежелеринде баш аламандыкты пайда кылат. 2-ден, улуттук татымдык өзгөчөлөнгөн белгилерибизден ажыратат. 3-дөн, оң таасир берүүчү сапаттар унутулат. 4-дөн, элдин кусурун, сөөлөттөрүн качырат.

Ошондуктан, бабалар баскан кан жолдору, күрөш жолдору, жеңиш жолдору кийинкилерге эстен кеткис эстелик болуп калуулары тийиш.

**Тап тешик — элдик ырым-жырым.** Кайнап жаткан казандын түбү ийне көзүндөй болуп тешилип калса, үндан же талкандан түбүнө салып, «тап тешик» деп кайта-кайта айта турган. Албетте, мындай ар... ттен бир натыйжа чыга турган.

## Ой жоруу ырым-жырымдарынан

**Ыктытканда:** «Сен уурдап биреөлөргө көргөзбөй тамак ичип-жеген турбайсыңбы?» — өңдүү сөздөрдү айтса, ал чочуп кетип, анын ыктытканы басылат»,— деген имиш бар.

**Көзү тартканда.** Айрымдарынын оң көзү тартат. Айрымдардын сол көзү тартат. Кээлери сол көзү тартканда, кээлери оң көзү тартканда сүйүнөт, же күйүнөт. «Көзүм эле тартат» — деп, тарткан көзүнүн алдына чөп жабыштырат. Бул өзүнчө ырым-жырымы болуп саналат.

**Эти тартканда.** Айрымдары муну жаңы кийим кийүүгө жорушат. Далысы тартканда, эринен токмок жейт — деп да айтышат.

**Мурунy кычышканда.** Мында да адамдардын ой-жоруулары бар. Кычышкан мурунун ушалап туруп: «Буюрса, эт жейм го, мурунум эле кычышат» — дейт. «Сенин мурунуң кычышып жатса, эт жейт турбайсыңбы?» — деп, мурду кычышкан адамды ишендирип да коюшат. Эрин тартканда да ушундай жорулат.

**Таманы кычышканда.** Мында жаңы бут кийим киет, же жөө басат. Бул ырымды жорууучу деле анын андай белгилерин оң тарапка жоруй айтат.

**Алаканы кычышканда.** Бул да жакшы ой-тилекке барып такалат. Демек, алаканы кычышкан адам акча-тыйын алат; адими буюм-тайым кармайт; олжого батат өңдүү жагдайларга ырымдалат. Же жакшы адам менен саламдашат. Б. а. оң колу кычышса, ошентип, бирдеме кармайт. Сол колу кычышса, биреөлөр колун берет ж. б.

**Музоо чычкактап калса.** Мунун да өзүнчө ырым-жырымы болгон. Чычкагын басат деген ишенимде анын куйругунун түбүнө кызыл жип, чүпүрөк байлаган. Төгүлгөн сүттү эки ийинге тийгизүү, балага кызамык чыкса, үйдү караңгылатып, шам күйгүзүү, үйдөн жылан сойлосо, ак чачуу, ун чачуу ж. б. да ички ишенимдердин катарына кирет.

**«Кылоо-кылоо торпогум»** — элдик ырым. Уй тууп, уузу саалат. Аны бышырып, адамдар ооз тийген соң, ууздан кашыктап, же сузгулап, чөмүчтөп алып келип, торпоктун башына, жамбашына тамызып:

*«Кылоо-кылоо торпогум,*
*Алдыга бассаң бөрү жейт,*
*Артта калсаң ууру алат,*
*Орто жерден чыкпай жүр»* —

деп ырымдайт. Бул кыргыз элинин мал чарбачылыгына жасаган мамилеси, боор эти менен тең көрүүсү болуп саналат.

**Карышкырдын (бөрүнүн) чүкөсү.** Жаш балдар бөрү жатыш болот. Ал — тери оорусу. Кандайдыр тери көөп быткылданып чыга калат. Ошол чакта байбичелер карышкырдын чүкөсүн эзип, этке ырымдап сүйкөйт. Же терисин жипке байлап, мойнуна тагат.

**Карышкырдын тарамышы.** Биреөлөр биреөлөргө доо алганын баамдап, көрүп-билип турса, ал көз көрүнө таныш койсо, бирдемелерин уурдап алса, уурдаткан ошол эле карышкырдын тарамышын алган адамды «Ушул тарамыштай катып кал, бүрүшүп-тырышып кал» — деп, отко салып күйгүзөт. Ошондо ууру адам тарамыштай тырышып калат деген ишеним бар.

**Карышкырдын жүрөгү.** Баамдоолордо, жырткыч жаныбардын эң жүрөктүүсү ушул бөрү болуп саналат дешет. Ал мал-салга, ал турсун ачка көркоо (көрдү ачып өлүк жеген) адамдарга да кол салат. Тукумунун кунун кууйт имиш.

Демек, карышкыр аткандар, кармагандар, капканга түшүргөндөр анын терисин сыйрып, ичин жарат, өтүн алат, чүкөсүн омурат. Анан жүрөгүн алып (кээде чала-чарпын отко кайсай коюп), тайгандарга, дөбөттөргө, бүркүттөргө таштайт. Алар да ушул бөрүдөй жүрөктүү болсун деген ырым.

**Туз жалатуу, нан тиштетүү.** Бул — күнөөкөр адамдын актыгын же каралыгын билүү. Күнөөкөр келген адам өзүнүн актыгын билдирүү үчүн «Акмын» — деп туз жалайт, тузга сиет, нан тиштейт. Эгер ал күнөөкөр болсо, тайсалдап, бул шартка моюн сунбайт. Анын тазалыгы, тактыгы ушундай ырымдар менен да аныкталат.

**Карылардын батасы жана каргышы.** Кыргыздар карыларды көптү көргөн-билген, заман оодарган, касиети артылган катары көрүшөт. «Карысы бардын — ырысы бар» — деп, ушул үчүн айтат.

**«Эл кайда көчөт».** Кичине кызыл чаар коңуз жайында пайда болот. Ал жөргөлөп, анан учуп кете алат. Аны балдар-кармап алып, алакандарына салып: «Эл кайда көчөт, эл кайда көчөт?» — деп сурашат. Коңуз бир тарапты карай жөргөлөйт. Аны көрүп: «Ии, и, эл ушул тарапты карай көчөт турбайбы?» — деген балдардын ишеними элдин ырымы-жырымына жатат.

**«Күлүк болосуң».** Илгери балдар майдын толук маалында жыңайлак жүрө турган. Ошондо жерде биттей кичине

кызыл неме чуркап жүргөн болот. Ошону кармап, жылаңач таманга сүйкөгөн бала тызылдап чуркап кетет. Мында да күлүк болом го деген ишеним, ой жаралат. Бул да ырым-жырымга кирет.

**«Сөөктүн (жиликтин) чучугун жебе».** Бул — ата-энеңе кайрымсыз болуп каласың дегени. Мында да ырым-жырым бар. Мал чарбачылыгын арка-бел туткан кыргыздарда, алчучуктары өтө таттуу, ширелүү келет. Демек, бул ырым-жырымда балдар чоңдор менен талашпасын, ысап-бычакты сактасын, муну карылар жесин, адеп-ыймандуу болсун сымал таалим-тарбия жатса керек.

**«Уйку жебе (эт), уйкучу болуп каласың».** «Кыз бала кекиртек жебейт, жесең — күйөөгө жылаңач кетесиң», «Кыз бала бөйрөк жебейт», «Кыз бала шыйрак жебейт» — дешкен. Моюн, шыйрак, бөйрөк эркек балдардын устукандары болуп саналат. Бул да эл арасында айтылып келе жаткан ырым экен. «Баштын таңдайын кыз балага берет, себеби, саймачы болот», «Тилинин учун кыз бала жебейт, тилдүү болуп калат». «Жандыктын көзүн бөлүп жеши — көздөшүп жүрөлү дегени...» «Жандыктын башын жаактан ажыратып салбайт». Кулагын балдарга кесип берүү шарт; муздоону отко бышырып ооз тиймейин, канын итке бербейт, же жерге төкпөйт.

Коноктук табакка күң жилик, жетим арка тартпайт. Күң жиликти келин-кесектер жейт, көтөндү жана жумурду да келин-кесектер жейт. («Көтөн деген тамак бар, көөмп коюп өзү жейт. Жумуру деген тамак бар, жууп коюп өзү жейт, мына кызыңдын көзү» — дептир кайын энесине күйөө бала). «Шилини кыздар тарап жесе, чачы узун болот», «Кыз бала балык жебейт, бети чаар болуп калат, «Кыздар көк боор жебейт, көк бет болуп калат» — деген да ишеним бар.

Бирөөнүн тамагын эки жесе таз болот» — деп айтышкан. Чакаган адамга карата: «Май менен сүткө, жаңы сойгон этке» — деп айтышкан.

**Алдыдан кара мышык чыгып, ал туура кесип өтсө** — жол болбой калды, кайра тартуу керек болуп калды — дейбиз. Же ал туура кеткен жолго таш ыргытып коёбуз.

**Алдыдан жылан чыгып, ал туура кесип өтсө** «Өңүндө көрсөң жанч, түшүндө көрсөң кенч» — деп, аны үчкө бөлүп, жолдун эки жагына көөмп койгон. Кийин экологиялык шартка байланыштуу уулуу кара чаар жыландан кымбат баалуу дары-дармек жасалгандыктан корукка алууда. Ак жыландар жакшылыкка жорулат.

**Эрдин тиштеп алганда** жакын адамдардын бирөө ачка

жүргөн экен деп жоруйт. «Ким ачка жүрдү экен?» — деп кобуранат.

**«Наристе бала жол карайт».** Мындай кез баланын эмгектеп, же там-туң басып жүргөн учуруна туш келет. Бирде эмгектеп, бирде баса калып жүрүп, алаасын өйдө көтөрүп, алысты карап калат. Анда «күткөн адамыбыз же жакындарыбыз келет турбайбы» — дегенге жорушат.

**Түндүктөн жөргөмүш желе тартып түшсө** — мында алыс-жакындан конок келээрине жорулат. Чоң жөргөмүш болсо, чоң адам, кичинеси — бала-бакыра келээрине жорулат.

**«Оң бутуңду көтөрүп койчу».** Баса элек, талпынып калган баланы өйдө алып, боюнда бар аялды көрсөтүп: «Кана, жеңең эркек төрөйбү, кыз төрөйбү, эркек төрөсө оң бутуңду көтөрчү, кыз төрөсө сол бутуңду көтөрчү дейт». Мында да баланын көтөргөн бутуна карата ишенимырым бар.

**Идиш-аяк колдон түшсө** — мында да жакшылыкка жорушат. Бирөөлөр шашып келатат — дейт. Колдон бычак түшсө эркек, кашык түшсө — аял келет экен деп жоруйбуз.

**Ок аттоо** — Кандайдыр кокустуктан адамга ок жаңылса (мындайлар жоокерчиликте көп болот), же аялды кара басса, ал адамды таза, моралдык жактан туруктуу зайыптар атташкан. Андайлар табылса, алыс-жакынына карабай, ат токуп барып алдырган. Ошондо ок денеден чыккан, кара баскандар кыйналбай көз жарган — деген ишенимдер айтылып келген.

**Өлүү кыз.** Илгери шарттуу түрдө кызга болочок эри күйөөлөп бара турган. Мына ошондой шартта, непада, колуктусу өлүп калса, анын бүткүл буюм-тайымдарын жыйып, ошол күйөө болуучуга карматкан.

**Ок түйүп берүү.** Турмушта ар кандай көрүнүштөр кездешет. Кайындуу кыз бар. Кайындала элек кыз бар. Кайынсыз кызды алам деп теминүүчү жигиттер кездешет. Андай шартта ага «тиемин» дечү тайманбас, аздаган кыздар да бар. Буга эң катуу жаза бар.

Ал — жоолукка ок түйүп, бири-бирине берүү. Өлөөр шерттин бири мына ушул болуп саналат.

**Ыраазылыкта узатуу.** Аялы өлүп, ашы-жыты берилген соң, күйөөнүн да башын ачуу керек. Ага бата жаңыртып берүүчү балдыздары, же ага тете жакындары болбосо, күйөөгө ат мингизет, тон кийгизет. «Ак жолуң алчылсын!» — деп кайын журту бата беришет. Бул «эми өзүнчө аял ала бергин» — дегенди билдирет.

кызыл неме чуркап жүргөн болот. Ошону кармап, жыланач таманга сүйкөгөн бала тызылдап чуркап кетет. Мында да күлүк болом го деген ишеним, ой жаралат. Бул да ырым-жырымга кирет.

**«Сөөктүн (жиликтин) чучугун жебе».** Бул — ата-энеңе кайрымсыз болуп каласың дегени. Мында да ырым-жырым бар. Мал чарбачылыгын арка-бел туткан кыргыздарда, алчучуктары өтө таттуу, ширелүү келет. Демек, бул ырым-жырымда балдар чоңдор менен талашпасын, ысап-бычакты сактасын, муну карылар жесин, адеп-ыймандуу болсун сымал таалим-тарбия жатса керек.

**«Уйку жебе (эт), уйкучу болуп каласың».** «Кыз бала кекиртек жебейт, жесең — күйөөгө жылаңач кетесиң», «Кыз бала бөйрөк жебейт», «Кыз бала шыйрак жебейт» — дешкен. Моюн, шыйрак, бөйрөк эркек балдардын устукандары болуп саналат. Бул да эл арасында айтылып келе жаткан ырым экен. «Баштын таңдайын кыз балага берет, себеби, саймачы болот», «Тилинин учун кыз бала жебейт, тилдүү болуп калат». «Жандыктын көзүн бөлүп жеши — көздөшүп жүрөлү дегени...» «Жандыктын башын жаактан ажыратып салбайт». Кулагын балдарга кесип берүү шарт; муздоону отко бышырып ооз тиймейин, канын итке бербейт, же жерге төкпөйт.

Коноктук табакка күң жилик, жетим арка тартпайт. Күң жиликти келин-кесектер жейт, көтөндү жана жумурду да келин-кесектер жейт. («Көтөн деген тамак бар, көөмп коюп өзү жейт. Жумуру деген тамак бар, жууп коюп өзү жейт, мына кызыңдын көзү» — дептир кайын энесине күйөө бала). «Шилини кыздар тарап жесе, чачы узун болот», «Кыз бала балык жебейт, бети чаар болуп калат, «Кыздар көк боор жебейт, көк бет болуп калат» — деген да ишеним бар.

Бирөөнүн тамагын эки жесе таз болот» — деп айтышкан. Чакаган адамга карата: «Май менен сүткө, жаңы сойгон этке» — деп айтышкан.

**Алдыдан кара мышык чыгып, ал туура кесип өтсө** — жол болбой калды, кайра тартуу керек болуп калды — дейбиз. Же ал туура кеткен жолго таш ыргытып коёбуз.

**Алдыдан жылан чыгып, ал туура кесип өтсө** «Өңүндө көрсөң жанч, түшүндө көрсөң кенч» — деп, аны үчкө бөлүп, жолдун эки жагына көөмп койгон. Кийин экологиялык шартка байланыштуу уулуу кара чаар жыландан кымбат баалуу дары-дармек жасалгандыктан корукка алууда. Ак жыландар жакшылыкка жорулат.

**Эрдин тиштеп алганда** жакын адамдардын бирөө ачка

жүргөн экен деп жоруйт. «Ким ачка жүрдү экен?» — деп кобуранат.

**«Наристе бала жол карайт».** Мындай кез баланын эмгектеп, же там-туң басып жүргөн учуруна туш келет. Бирде эмгектеп, бирде баса калып жүрүп, алаасын өйдө көтөрүп, алысты карап калат. Анда «күткөн адамыбыз же жакындарыбыз келет турбайбы» — дегенге жорушат.

**Түндүктөн жөргөмүш желе тартып түшсө** — мында алыс-жакындан конок келээрине жорулат. Чоң жөргөмүш болсо, чоң адам, кичинеси — бала-бакыра келээрине жорулат.

**«Оң бутуңду көтөрүп койчу».** Баса элек, талпынып калган баланы өйдө алып, боюнда бар аялды көрсөтүп: «Кана, жеңең эркек төрөйбү, кыз төрөйбү, эркек төрөсө оң бутуңду көтөрчү, кыз төрөсө сол бутуңду көтөрчү дейт». Мында да баланын көтөргөн бутуна карата ишенимырым бар.

**Идиш-аяк колдон түшсө** — мында да жакшылыкка жорушат. Бирөөлөр шашып келатат — дейт. Колдон бычак түшсө эркек, кашык түшсө — аял келет экен деп жоруйбуз.

**Ок аттоо** — Кандайдыр кокустуктан адамга ок жаңылса (мындайлар жоокерчиликте көп болот), же аялды кара басса, ал адамды таза, моралдык жактан туруктуу зайыптар атташкан. Андайлар табылса, алыс-жакынына карабай, ат токуп барып алдырган. Ошондо ок денеден чыккан, кара баскандар кыйналбай көз жарган — деген ишенимдер айтылып келген.

**Өлүү кыз.** Илгери шарттуу түрдө кызга болочок эри күйөөлөп бара турган. Мына ошондой шартта, непада, колуктусу өлүп калса, анын бүткүл буюм-тайымдарын жыйып, ошол күйөө болуучуга карматкан.

**Ок түйүп берүү.** Турмушта ар кандай көрүнүштөр кездешет. Кайындуу кыз бар. Кайындала элек кыз бар. Кайынсыз кызды алам деп теминүүчү жигиттер кездешет. Андай шартта ага «тиемин» дечү тайманбас, аздаган кыздар да бар. Буга эң катуу жаза бар.

Ал — жоолукка ок түйүп, бири-бирине берүү. Өлөөр шерттин бири мына ушул болуп саналат.

**Ыраазылыкта узатуу.** Аялы өлүп, ашы-жыты берилген соң, күйөөнүн да башын ачуу керек. Ага бата жаңыртып берүүчү балдыздары, же ага тете жакындары болбосо, күйөөгө ат мингизет, тон кийгизет. «Ак жолуң алчылсын!» — деп кайын журту бата беришет. Бул «эми өзүнчө аял ала бергин» — дегенди билдирет.

Эри өлүп, кошок кошкон ургаачылар — салттуулукту сактоосу.

Аялы өлүп, аялын кошкондор кездешпейт. Ал — чанданын чанда көрүнүшү.

**Башына чөп сындыруу.** Бул — тамаша ирээтиндеги ырым-жырым. Мисалы, көпкө келбей жүргөн, колунан чыкпай турган адамдардын күтүүсүз келип калышы, бирдеме бере коюшу өңдүү жоруктарын көргөн-билгендери: «Ой, башыңа чөп сындыралычы», «Сен да келет экенсиң ээ», «Сенин колуңан да бирдеме чыгат экен, ээ», «Түш көрдүңбү?», «Түшүңө биз кирдикпи?» ж. б. деп, чын эле кичине чөп сындырып, күлкү, оюн-чыны аралаш башына койгон...

**Ай көрүү** — бул жөрөлгө, ырым-жырымдын бир түрү. Айдын жаңырышын көрөөрү менен ургаачылардын аны алкап, жүгүнүп коюш шарты бар. «Бала-бакыра, эл-журт аман-эсен болуп», аялдардын алдын бала бассын, артын мал бассын», «айдан аман чыгалы» — өңдүү бата-алкоолор айтылат.

**Айдын туулушу** — жан-жаныбарга төлгө. Эгер ай кырданып калса, ал айдын жан-жаныбар үчүн ачыктыгы, жаандын жаашы, ысык-суугу ойдогудай болушу.

**Ай казан сымал асылып калса,** өзүнө тынч, жан-жаныбарга, журтчулукка анча тынчы жоктугу. Күндүн көзү көрүнбөй, жаанчыл, бороон-чапкын болоору. Жаанчыл, жут, суук, тумандуу келет. Албетте, бул — элдин баамдоолорунан өткөн далилсиз чындык.

Жаанды болтурбоо, же жаанды токтотуу үчүн түлөө берүү ушундай шарттардан улам пайда болгон.

**Ай жаңыргандагы** айтымдар:

*«Жесирге — жемиш*
*Жетимге — жеңиш.*
*Жөөгө — улоо,*
*Жалкоого — мээнет,*
*Жалгызга — эрмек,*
*Иштерманга — кут,*
*Сараңга — жут.*
*Ушакчыга — уу,*
*Ак ниетке — туу,*
*Бакылга — тар*
*Бапырга бай ай бол,*
*Оомийин аллоакбар».*
(Белек Солтоноев).

### Балага байланыштуу эмдөөлөр, ырым-жырымдар

**1. Жүрөгү түшкөндө** бала ооруп, куса баштайт. Башындагы эмгеги бөксөрүп калат. Ал — жүрөгү түшүүнүн белгиси. Ошондо кол менен жүрөгүн көтөрөт да, оозун ачты-

рып, сөөмөйдү салып, далыга апаптайт. Кичине күмүш балка менен ар бир мүчөсүнө тийгизип: «Менин колум эмес, Умай эненин колу» — деп, үч маал ушинтет. Ошондон соң баланын ден соолугу калыбына келет.

2. **Көз тийгенде.** Бирөөлөрдүн көзүндө, бирөөлөрдүн сөзүндө болот. Бала башкачараак көрүнө түшсө, башкалардын эле эмес, ата-энелеринин да көзү түшүп, балага кирине кирет. Мында да бала ынтыгып ооруп, тамакка табити тартпай калат. Ошондо оттун күлүн чыныга толтура салып, үстүн жаап алып, таманынан, алаасынан тартып бардык мүчөлөрүнө тийгизет. Муну күнүнө үч курдай ушинтип, улам эмдеген сайын күлдөн чымчып алынып турат. Чынынын даана бөксөргөнү — балага кирине киргени, бирөөнүн көзү тийгени. Же болбоосо ошол көзү тийген адамдын кийиминен кичине кайчылап алып, аны күйгүзүп, балага жыттатса, ал миңдин бири болот.

Баланын бойдон түшүүсү, же баланын төрөлүп токтолбошу тууралуу ырым-жырымдар бар:

1-ден, төрөлгөн баланы карышкырдын жаагынан (оозунан) акырын өткөрүү ырымы бар.

2-ден, кошуналарына берип, «берди» болуп бактырып, кайра «сатып алды» кылып, жолдугун жасап, ырымдайт.

3-дөн, көчүүдө журтка бешиги менен таштап, кайра имерилип келип, эңип кетет.

4-дөн, баланы ичте көтөргөн эне өзүн-өзү аярдап жүрүүсү зарыл. Бирдемелерден «коркпоюн» деп эске алып жүрүүсү тийиш. Ага үй-бүлө шарт түзөт.

5-ден, ал оор жумушка чегилбеши, оор нерсени көтөрбөшү керек.

6-дан, каалаган тамагын тоё жеп турат, ичимдик жагына жолобош керек. Эне-атанын ошол тапта ичимдик ичүүсү түйүлдүккө зыян келтирет.

Баланын тамагы ооруганда кызара түшөт, жөтөлөт, тамагы кырылдайт. Мында кара тузду майда талкалап, сөөмөй аркылуу оозун ачтырып, үч күнчө басат. Мындан кийин без болбойт. Кара туз бул ооруда миңдин бири.

## Табышмактуу ырым-жырымдар

Кыргыздарда ырым-жырымдардын ар кандай шартка байланыштуу аткара турган жагдайлары, адам карманып келүүчү белгилери бар. Мындай элдик ишенимдер ата-бабалардан бери айтылып, улам кийинки муундарга жетип, көпчүлүгү көңүлгө түйүү кудуретинен тайып баруруда. Күн-

дөлүк жашоо-тиричиликте, сапарга аттанууда, алыс жол сапарда жүрүүдө, жоокерчиликте. ж. б. элибиз ич ара түрдүү ырым-жырымдарды сактап, аны бир нерсеге тогоп коюп, ошол ишенимдер аркылуу адам өзү бел байлап коюлары, арийне, көп кездешкен. Мисалы, минип, сапарга аттанаар жылкыга, колундагы жолдошу камчыга, адамдарга, айбанаттарга, айлана-чөйрөгө байланыштуу карманып калган ишенимдер бизде көп болгон. Алыс сапар жол чегип жөнөөрдө атты токуп алсак, жүгөндүн ооздугун салганда, адатта, кээде ат оозун өйдөлөтө көтөрүп, оозун аңырдай ачып калат. Демек, ал — күлгөнү, жолдун болоору, сапар ойдогудай карыры, аман барып-келүү катары жорулат. Камчы — алыс сапарда адамдын кан жолдошу («Колунда жүрүп билинбейт, камчыдан башка жолдош жок» — макал). Атканып жатып камчы колундан түшүп кетсе, илгери «камчымды алып бер» — деп атказып жаткан адамдан өтүнүүчү эмес. Камчыңды өзүң түшүрүп жиберүүң — жамандыктан бир аз кабар бергендей белгиси. Аны аттан түшүп, өзүң алып, атыңа кайра мин. Мунун дагы бир жагы камчыны керегеде кыстарган жерден өзүң алып чык. Ага чейин бирөөлөрдүн колу тийбесин, же көтөрүп алып берсин, анда камдалып жаткан жолго чыгуу кажаты жоктой сезилүүчү. Камчы аркылуу кыргыздар көптү түшүндүрүшкөн. Камчыны бүктөй кармоо аркылуу бирөөлөргө баруусу — анын ичинде кусаматы болуусу. Камчыны сүйрөй кирүүсү — жайдары маанайда келүүсү. Камчыны таяна отуруусу — ички кектин күч алышы. Камчынын керегинин башында дайыма илиниши — эр бүлөнүн кайраттуулугу («Камчысы катуунун — катыны уяттуу» — макал). Босогону кемире кирүү, кемире чыгуу, м. а. басып кирүү, басып чыгуу да ичте кектин болуусу. Памирдик жана афгандык (оогандык) кыргыздарда аттанаар алдында эң биринчи көзүнө кара карга урунса, же кан жолунан түлкү чыкканы жаман жышана болгон. Тескерисинче, карышкыр учураса — жакшы көрүнүш. Жолундан коён чыгып, кан жолду ондон солго кесип өтсө, жакшылыктын белгиси, непада, солдон оңго карай чуркап өтсө, жамандыктын белгиси.

Кыргыздарда башка элдердей эле окшош да, кайчы да, карама-каршы да ырымдар жашап келген. Алаканы ысыса, же кычышса, атчан жолго чыгат, же акча алат, баалуу буюм-тайымды кармайт. Сол кулагы чуулдаса — бирөөлөрдүн жамандап, ушактап жатканын туюу. Оң кулагы чуулдаса, бирөөлөрдүн мактап-жактап жатышы. Кара мышыктын, кара чаар жыландын жолду кесе өтүшү да жакшы

напас эмес. Жол болбой калатты боолголойт. («Түшүндө көрсөң кенч, өңүндө көрсөң жанч» — деп жыланды аттан түшө калып өлтүрүшкөн.) Там-туң баскан бөбөктөр төбөсүн жерге тийгизгени — жол караганы, алыстан күткөн адамдын келе жатканы. Колундан идиш түшүрүп, сындырып коюшуң — кырсык ушуну менен чыгып кетсин дегенибиз. Ал эми чыныны колдон түшүрүп, чайыңды төгүп алышың — бирөөлөрдүн шашып келе жатышына жорулган, кээде аны болочок ишиндин кечендей турганына жорушкан.

Памирдиктер төөнүн мурдун чүйүргөнүн — жамгыр жаай турганына, мышык өз таманы менен тумшугун кашыласа, ушул үйгө кудай конок келээрине, ошол үйгө түнөөрүнө ишеними болгон. Мисалы, ат куйругун чычайта көтөрсө, анда ал ат алыскы сапарга минилет. Ат куйругун эки капталы тарапка туурасынан шыйпандатса — анын ылаңга чалдыкканы. Ат куйругун өйдөтөн төмөн, тикесинен шыйпандатса, мында ат алыс минилгени, тер чачканы...

Адамдар да ишенимдеринин көбүн кайрадан баамынан өткөрүүгө кылдат келээри белгилүү дечи. Күтүүсүз чакап калса: «Майга, сүткө, жаңы сойгон этке» — деп тилейбиз. Азыр «спирт, аракка» дечүлөр бар. Мурууну кычышса «Буюрса эт жеймин» — дейт. Таманы кычышса «жөө басат турбайынбы» — деп коёт. Аялдын далысы тартса, эринен токмок жеши ыктымал, сол көзү тартса — айрым пенделер сүйүнөт, оң көзү тартса, ыйлайм го? — дегени.

Кыргыздардын түш көрүүсүндөгү айрым жоруулар аркылуу өзүнчө канаттануулары пайда болот. Түштүн да мыктысы «Эркек эшек түшөбөйт. Катын камыр түшөбөйт». Бышкан эт ырыс, чийки эт сасык тумоо; аял, үй, кой — душман, сары май — санаа, өзүнүн богуна чылануу — олжо. Аны жоруй билишибиз тийиш. Түштө киргил көрүнсө, жамандыктын белгиси, тунук суу, төө, ат көрүнсө, жакшылыкка жорулат. «Түштүн башы чарадай, моюну кылдай, таң эртен менен эмнеге жорусаң, ошого оойт» — деген да ишеним бар. Жаман жакка бурулуучу түш болсо, «түшүң түлкүнүн тезеги» — дейт. Бул оңго, жакшылыкка буруу болуп саналат.

**Капа болгондо оoздон чыккан күйдүргү сөздөр.** Адатта, кыргыздардын табиятында сөгүү, каргануу-шиленүү, бирөөлөргө акарат айтуу, көңүл калтыруу өлүмдөн да катуу көрүнгөн. «Атаны көрүп, уул өсөт», «Энени көрүп, кыз өсөт», «Аганы көрүп, ини өсөт», «Эжени көрүп, сиңди

дөлүк жашоо-тиричиликте, сапарга аттанууда, алыс жол сапарда жүрүүдө, жоокерчиликте. ж. б. элибиз нч ара түрдүү ырым-жырымдарды сактап, аны бир нерсеге тогоп коюп, ошол ишенимдер аркылуу адам өзү бел байлап коюлары, арийне, көп кездешкен. Мисалы, минип, сапарга аттанаар жылкыга, колундагы жолдошу камчыга, адамдарга, айбанаттарга, айлана-чөйрөгө байланыштуу карманып калган ишенимдер бизде көп болгон. Алыс сапар жол чегип жөнөөрдө атты токуп алсак, жүгөндүн ооздугун салганда, адатта, кээде ат оозун өйдөлөтө көтөрүп, оозун аңырдай ачып калат. Демек, ал — күлгөнү, жолдун болоору, сапар ойдогудай карыры, аман барып-келүү катары жорулат. Камчы — алыс сапарда адамдын кан жолдошу («Колунда жүрүп билинбейт, камчыдан башка жолдош жок» — макал). Аттанып жатып камчы колуңдан түшүп кетсе, илгери «камчымды алып бер» — деп атказып жаткан адамдан өтүнүүчү эмес. Камчыңды өзүң түшүрүп жиберүүң — жамандыктан бир аз кабар бергендей белгиси. Аны аттан түшүп, өзүң алып, атыңа кайра мин. Мунун дагы бир жагы камчыны керегеде кыстарган жерден өзүң алып чык. Ага чейин бирөөлөрдүн колу тийбесин, же көтөрүп алып берсин, анда камдалып жаткан жолго чыгуу кажаты жоктой сезилүүчү. Камчы аркылуу кыргыздар көптү түшүндүрүшкөн. Камчыны бүктөй кармоо аркылуу бирөөлөргө баруусу — анын ичинде кусаматы болуусу. Камчыны сүйрөй кирүүсү — жайдары маанайда келүүсү. Камчыны таяна отуруусу — ички кектин күч алышы. Камчынын керегинин башында дайыма илиниши — эр бүлөнүн кайраттуулугу («Камчысы катуунун — катыны уяттуу» — макал). Босогону кемире кирүү, кемире чыгуу, м. а. басып кирүү, басып чыгуу да ичте кектин болуусу. Памирдик жана афгандык (оогандык) кыргыздарда аттанаар алдында эң биринчи көзүнө кара карга урунса, же кан жолунан түлкү чыкканы жаман жышана болгон. Тескерисинче, карышкыр учураса — жакшы көрүнүш. Жолуңдан коён чыгып, кан жолду оңдон солго кесип өтсө, жакшылыктын белгиси, непада, солдон оңго карай чуркап өтсө, жамандыктын белгиси.

Кыргыздарда башка элдердей эле окшош да, кайчы да, карама-каршы да ырымдар жашап келген. Алаканы ысыса, же кычышса, атчан жолго чыгат, же акча алат, баалуу буюм-тайымды кармайт. Сол кулагы чуулдаса — бирөөлөрдүн жамандап, ушактап жатканын туюу. Оң кулагы чуулдаса, бирөөлөрдүн мактап-жактап жатышы. Кара мышыктын, кара чаар жыландын жолду кесе өтүшү да жакшы

напас эмес. Жол болбой калатты боолголойт. («Түшүндө көрсөң кенч, өңүндө көрсөң жанч» — деп жыланды аттан түшө калып өлтүрүшкөн.) Там-тун баскан бөбөктөр төбөсүн жерге тийгизгени — жол караганы, алыстан күткөн адамдын келе жатканы. Колундан идиш түшүрүп, сындырып коюшуң — кырсык ушуну менен чыгып кетсин дегенибиз. Ал эми чынынны колдон түшүрүп, чайынды төгүп алышың — бирөөлөрдүн шашып келе жатышына жорулган, кээде аны болочок ишиндин кечендей турганына жорушкан.

Памирдиктер төөнүн мурдун чүйүргөнүн — жамгыр жаай турганына, мышык өз таманы менен тумшугун кашыласа, ушул үйгө кудай конок келээрине, ошол үйгө түнөөрүнө ишеними болгон. Мисалы, ат куйругун чычайта көтөрсө, анда ал ат алыскы сапарга минилет. Ат куйругун эки капталы тарапка туурасынан шыйпандатса — анын ыланга чалдыкканы. Ат куйругун өйдөтөн төмөн, тикесинен шыйпандатса, мында ат алыс минилгени, тер чачканы...

Адамдар да ишенимдеринин көбүн кайрадан баамынан өткөрүүгө кылдат келээри белгилүү дечи. Күтүүсүз чакап калса: «Майга, сүткө, жаңы сойгон этке» — деп тилейбиз. Азыр «спирт, аракка» дечүлөр бар. Мурунy кычышса «Буюрса эт жеймин» — дейт. Таманы кычышса «жөө басат турбайынбы» — деп коёт. Аялдын далысы тартса, эринен токмок жеши ыктымал, сол көзү тартса — айрым пенделер сүйүнөт, оң көзү тартса, ыйлайм го? — дегени.

Кыргыздардын түш көрүүсүндөгү айрым жоруулар аркылуу өзүнчө канаттануулары пайда болот. Түштүн да мыктысы «Эркек эшек түшөбөйт. Катын камыр түшөбөйт». Бышкан эт ырыс, чийки эт сасык тумоо; аял, үй, кой — душман, сары май — санаа, өзүнүн богуна чылануу — олжо. Аны жоруй билишибиз тийиш. Түштө киргил көрүнсө, жамандыктын белгиси, тунук суу, төө, ат көрүнсө, жакшылыкка жорулат. «Түштүн башы чарадай, моюну кылдай, таң эртен менен эмнеге жорусаң, ошого оойт» — деген да ишеним бар. Жаман жакка бурулуучу түш болсо, «түшүң түлкүнүн тезеги» — дейт. Бул онго, жакшылыкка буруу болуп саналат.

**Капа болгондо ооздон чыккан күйдүргү сөздөр.** Адатта, кыргыздардын табиятында сөгүү, каргануу-шиленүү, бирөөлөргө акарат айтуу, көңүл калтыруу өлүмдөн да катуу көрүнгөн. «Атаны көрүп, уул өсөт», «Энени көрүп, кыз өсөт», «Аганы көрүп, ини өсөт», «Эжени көрүп, сиңди

өсөт», албетте, мунун баары — адептүүлүккө, сылыктыкка тарбиялоонун, таалим берүүнүн адал жолу, жашоо-тиричиликтин негизи. Мунун да этникалык, социалдык жана тууганчылык жагдайлары бар. Деген менен көр тиричиликтин, күйпүл турмуштун оомалуу-төкмөлүү шарттары кейип-кепчүүлөргө алып келген. Мунун да бир нече түрлөрү билинет. «Томаяк, итке мингир», «жез тырмак» ж. б. у. с. (жалчы, жардыларга айтылган), «Падариңе наалат» (башка элден келгени билинип турат), «атаңдын көрү», «атаңдын оозун урбайын», «атаңа наалат», «ата-жотоң, кубаарың». Кыскасы, мындай каргоолор — ата текке наалат айтуу. Мындан «оозуңду урайын», «оозуңду кытай урсун», «Теңир соккур», «оозуңа топо», «көзүңө топо», (кээде суук нерселерди көрүүдөн улам), «теке сүзгүр» «ат тепкир» «кудай жаман көргүр», «жубарымбек» «бейбак», «бейтаалай», «ырысы жок» өңдүүлөр анча деле көңүл калтыруучу сөздөр эмес. Тескерисинче, «куубаш», «туубас» (баласыздар тууралуу), «оозуңа сийейин», «атаңдын көрүнө отурайын», арийне, мындай каргоолор, тилдөөлөр адамдардын көңүлүнө доо кетирет. Ачуу сөздөр араларды ачып коёт. Уруш-жаңжал чыгарууга дейре алып барат, күйүп-бышууларына айлана-чөйрөдө болгон укмуштай таасирлер да себепкер.

Ал эми азыр мунун колдонулушу кандай? «Көргөн-билгени жаман» атка конуп баратабыз. «Энеңди урайын», «энеңди с..» деген сөздөр ичкен аштай, жуткан абадай жумшалууда. Кайран жарык дүйнөгө алып чыккан энелер кол жоолуктан да жаман кор болууда. Ушинтип, энелерин канжыгаларына байлана жүргөн жаштарыбыздын одоно сөздөрүн укканда: «Энесиз сен кайдан чыктың», энелерге наалат айтпагыла» — деп тим болосуң...

«Ириген ооздон чириген сөз чыгат», — дейт. «Көрүңдө өкүр», «өлүгүңдү көрөйүн», «жети күнгө жетпей кал», «балаңдын күнүн көрбөй кал», «чечек чыккыр», «бейит болгур», «күлапса чыккыр», «моло болгур», «сөөгүңдү жагып калгыр». Мына ушундай каргап-шилөөлөр аял-эркектердин албууттугунан, тажаалдыгынан, абийирсиздигинен кабар берет. Жакшы атанын баласы, жакшы эненин кызы мындай ирик-чирик сөздөрдөн өзүлөрүн алыс кармайт. Сөгүнүп-сагынуу да шартка жараша аябай өзгөрүлүүдө. «Сволочь» (иттин баласы), «идиот» (кешпир), «...твою мать» (энеңди...) «разгильдяй» (салпаяк), «блять» (жалап) ар бир сүйлөмдү айтаарда ушу өңдүү одоно сөздөрдү кайрап туруу азыр айрым адамдардын; ичкендердин, орус тилин

«мыкты» билгендердин, өзүн-өзү кыйын сезгендердин айта жүрүүчү сөгүнүү модаларына айланууда...

Кээде жан кейигенде: «Ушинтип көргөн күнду урайын», «Күнүбүз өтпөй калды», «Жарытылуу күн көрө элекпиз», «Ай өтпөй койду» өңдүү сөздөр бар. Ал ошол пенденин куйпүл турмушунан улам кейиштүү айтылат. Ай, күн — бул дүйнөдө ыйыктардын ыйыгы. Демек, жарыкчылык баарынан кымбат.

**«Жаңы журтка сыйын»**. Кыргыздар Ата журт деп, аны туу катары карайт. Ал Мекенибиз журт-ата конуш. Мунун жөнөкөй түшүндүрмөсү көчмөндүү турмуштагы боз үй тигилүү конуш тууралуу сөз баратат. Ошол отурган жай деп айтылат. Ага көчүп келген күнү майнан жасап, ыз чыгарат. Түлөө да кыла коёт. Б. а. ордубуз кут, бала-бакыра эсенаман болсун, журтубуз майлуу-суттүү болсун ж. б. у. с. сыйынуулар жеринен бар. Жыл сайын бир конушта, бир журтка көчүп келип, жайлоо ыракатын көрүү — ата-баба салты. Өнүп-өскөн жер, өзүбүз үчүн ыйык сезилет.

Көп отуруунун белгиси катары сары журт болуп эскирет. Ал жерден көчүүгө туура келет. Башка журт котором. Ошондо эски журтка бирдеме-сирдемени калтырбай, аны көргөзбөй таза шыпырып кетет. Бул келерки жылда келебиз — дегенди туюндурат. Ургаачылардын илээндиси ошол эски журттан көчкөндө баамдалган.

Башынан айтып келгендей, **«Агын сууга түкүрбө, булактын башына отурба»** сымал ырым-жырымдар — элибиздин адеби. Мына ушундай ыймандуу жолдор аркылуу Кыргыз ата жашап келген, өнүп-өскөн. Тарбиянын элдик ыкмасы уюткуланган.

Булардын ичинен жаратканга жалбарып, жакшылыктын жышааны үчүн түлөө кылуубуз орчундуу мааниге туура келет. Табият каргышына алабы, же мийзамченемби, кургакчылык көбүнчө болуп калат. Тескеринче, күн көнөктөп, көз ачырбай турган учуру да кездешет. **Түлөө берүү** — көбүнчө алла тааладан жаан тилөө, жан-жаныбарлардын тирилиги үчүн ырайымдуулугун алууга жолдугун жасоо. Адатта, топ эл жандыктары менен бир жерге сыйынууга шарттуу орунга барышат. Кыбыланы жапырт мал-баш карап, жаратkандан суранат. Курмандык чалат.

## АДАМ МҮНӨЗДӨРҮ

*«Адамдын төрт түрү бар:*
*Билбегенин билбеген адам,*
*Билбегенин билген адам,*

*Билгенин билбеген адам,*
*Билгенин билген адам».*

*(Элдик санаттан).*

Адамдар ар кандай жаралат. Табият аларга түрдүү мүнөздөрдү тартуулайт. «Уулду туудум, уятын туубадым; кызды туудум, кылыгын туубадым» — деген макал айтылат. «Курсактагы баланын кул болорун ким билет, карындагы баланын кан болоорун ким билет» — бул да турмуштан калпынган көрүнүштөрдөн болуп саналат. «Уяда эмнени көрсөң, учканда ошону аласың» — бул да жашоо-турмуштан калпынып алынган. Кыскасы, адам баласында «Ар киминде бир кыял, ал кыялды ким тыяр» дегендей, эркек-ургаачыларда бирден кыял-жоруктары бар. Андай жекече касиеттерин — киши мүнөздөрүн төмөнкүдөй мүнөздөөнүн таанып-билүүчүлүк мааниси бар.

**Сары эсеп** — адам мүнөзүнүн бир тыкыр түрү. Ал баскан-турганынан «чыгым чыкты» — деп санап турушу аркылуу башкалардан айырмаланат. Жанынан бирдеме кетип калаарын, ал өзүнө зыян экенин алдын-ала билип-туюп карыш жылбайт. Аны эл: «О, кокуй, ал эмгиче эсептеп койду, андан жарытылуу бирдеме чыкпайт»,— деп туруршат. Сары эсеп саран, кызыл кулактарга жакын.

**Тобокелчи** — алды-артын анча ойлонбой, ал үчүн алча жан кыйнабай, өзүн-өзү эркин сезген адамдын мүнөзү. Алар: «Тобокел тууду», «Бара көрөбүз», «Корккон да кудай дейт, коркпогон да кудай дейт» — деп, олжолуу болгонго да, олжосуздукка да кайыл. Барга-жокко бирдей караган адамга мүнөздүү.

**Бүйрө** өзүн тыкан кармап, киреше-чыгашага сарамжалдуу болот. Бапырап-тапырап, берешен болуп кетпейт. Баскан-турганы орундуу, мамиле-катышка өзүнүн жолун билет. Зыңкыйыңкы тартып, кийим-кечени да өз боюна тандап, чектеп киет. Муну адамдык мыкты мүнөздөрдүн бири катары кароого жарайт.

**Сылык** — адамдын оң касиеттеринин бири. Ал чоң-кичинеге, улуу-кичүүгө, мансаптуу менен карапайымдарга бирдей мамиле жасоочу. Анысы абалы сөзүнөн баамдалат. «Сиз» деген — сылык сөз, «сен» деген — сенек сөз дегендей, анын сөзү сыйда, баскан-турганы орундуу көрүнөт. Жүрүш-турушу башкаларга үлгү боло алат. Муну сыпайы адам менен алмаштырууга болот.

**Кыйды** — адамдык терс мүнөздөрдүн бири. Дайыма танып турат. Баскан-турганы арамзалыктан айырмасы болбойт. Алды-артын качырып жүрөт. Митаам менен алмаш-

тырууга жарайт. Экөө биринин мүнөзүн бири кайталап турат. «Суусардын изин баспайт» — дешет андайды.

**Кыянат** — пайдасынан зыяны оодук. Жүрүп турган ишке, он таасирге өзүнүн залакасын тийгизет. Ичтен бүлдүрүп, ийгиликтүү аракеттерди иритет. Ичи тар, жакшылыгы жок, адамдык сапаты терс, карамуртөз, кара өзгөй адамдардын мүнөзү биринин акмакчылыгын бири толуктап алат.

**Сынчы.** Мындай адамдын эки тараптуу мүнөзү эске келет. 1-ден, кара кылды как жарган калыстыгы, ар нерсени тупатуура чечүүсү, жүрөгүндө ала, жүрүмүндө кара жоктугу көз алдыга тартылат. Бул — оң көрүнүшү. 2-ден, кыйынсынма адаты менен бирөөлөргө сын тагып, өзүн-өзү башкалардан өйдө көрүп, өзүнчө кыйын боло бергендери да бар. «Сынчынын сыңар өтүгү майрык» — деп коюшат андай адамдарды.

**Чечен.** Мындай адамдардын да эки топтогу мүнөзү бар. 1-ден, таңдайынан чаң чыгып, жер чечегин безегени, кулактын кычуусун кандырганы, оозунан бал тамганы, куюлуштура сөз берметин тизгени алдыга тартылат. Сөздү элден алып, элге так өзүндөй берген адам. Куйма кулактар алардын айткандарын айткандай көкүрөккө жат кылышат. 2-ден, кур чечендик, кандайдыр айтканы угумдуудай туюлат. Кайра айтуучусу жок, жугумдуулугу аз, маңыз чечендер болот.

**Шыпыр, калпычы** — адамдын терс сапаттарынын бири. Мындай адамдар каратып туруп калп айтып карап турушат, туура эмес айтып басып кетишет. Сөздүн толук маанисинде алганда, алар бир нерсени сөзсүз аткарам деп жалтанбай айтат да, мындай чыга беришет. «Ал ошондой шыпыр болуучу» — деген атка конушат. Калпычы-шыпыр, алдамчы — бир мүнөздөгү жексурлар. Кээде анын шыпыр экенин билип-туюп туруп, сызга отуруп каласың.

**Жылпыш.** Бул — кандайдыр мүнөзү жумшактай сезилип, ич ара байланыша келгенде эле туруксуздугун көрсөтө коюучу адам. Адатта, андайлар бир чети өңдүү-түстүү келет. Кийимдери да алгылыктуу көрүнөт. Эрки бошураак, «алдасам» деген ою ордунан чыкпайт. «О, кудай урган, жылпыштаган неме экен. Убадаң талаага кетээр бекен?! — деп, адам өзү эле коомайланып турат.

**Такымчы.** Бул — бергенин, өткөргөнүн, жасаган соодасын өндүрүү үчүн, жан алакетке түшкөн адамдын мүнөзү. Ал артыңдан-алдыңдан калбайт, алаары колго тиймейин жаны тынбайт. Бул бучкакчыл деген маани берет. 2-ден,

бирдемени аягына чейин түшүп алууда улам такып, улам сурап, улам бышыктап туруучу пенде.

**Мылжың.**— *«Жашыңда калжаң болсоң, карыганда мылжың болосуң» (Макал).* Адамдык мүнөздөрдүн начарларынан. Кеп-сөздүн маанисин түшүнө-билбеген, түшүндүрө айта албаган, ырааттуу ой түйүнү жок, туруксуздугун сырткы турпатынан да, өңү-жүзүнөн да көрсөтүп коё турган адамдын түркүмү.

**Кежир** — адамдык мүнөздөгү терс көрүнүш. Тил албаган башкалардын кеп-сөзүнө ынанбаган, өзүнүн оюнунун баркына, баачасына жетпеген, оң жыгылгын десе, сол жыгылган пенде. Ал — тил алчаактын карама-каршысы, «Кежигиси кыйылган кежир» — деп коёт.

**Какшыкчыл. (Кер какшык)** — бул бирөөнү шылдыңдоо, келеке кылуу, сөз менен чымчылоо максатында акырын жылдыра мактап, кекээр сүйлөгөн, б. а., какшыктап сүйлөгөндү жакшы көргөн адам. Какшык айткандан алар ыракат алып, табасы канат.

**Кырс** — өзүнүн оюндагысындай болбогондорго карата сыртын салып коюу. Бул кичине мансабы барларда арбын жолугат. Кырстык андай адамдарга жанаша да, жараша да түшөт. «Ой кырс неме, аны ал жактырбайт» — дейбиз. Деп, өзүбүз да тарткынчыктап турабыз.

**Орой.** *«Сокур орой, таз кыйык» (макал).* Адамдагы жагымсыз мүнөз. Бетке чаап айтуу, улуу-кичүүгө, үйдө кимдер отургандарга карабай, үнүн бийик чыгаруу. Албетте, андайлык адеп эмес. Оройго адам оңой менен даай албайт. Шагым сынып калабы деп ойлойт.

**Оолукма** — бул туруктуулугу жок адамдарга карата айтылат. Бир сөздө, бир орунда турбаган, бир жерде конуш албаган өзүнүн эрк-акылын эркине багыштаган адам. Андайлар кетем дегенине кетет. Барам дегенине барат. Алжээликменин бир түрү. «Тим кой, ал оолугуп калыптыр, оолукмасы басылсын» — дешет.

**Шылуун.** Бул шайдоот мүнөздөгү адамдардын тобуна кирет. Оң-тескери мүнөзү бирдейлер бар. Алам дегенин алат, жулам дегенин жулат. Бөркүн алып кел десе, башын байланып келүүчүлөр мына ушулардан чыгат. Кыскасы, алар — жегичтер-шылуундар, көбүнчө башкалардын эсебинен өзүнө артык жем арттыруучулар; Байланып кет десе, артынып кетүүчүлөр.

**Куйту** — тескери мүнөздөгү адам. Мындайлар эки адамды бири-бирине чагымдайт. Бийликтегилерге ичтен кошомат кылат. Ошол чагымы аркылуу күн көрөт. Айрымдар ошондой сапаты үчүн өз кызыкчылыгына пайдаланат. Куй-

ту — көшөкөрдөнүү, элдин эң коркунучтуу душманы болуп эсептелинет. Мүлтүлдөк адам ушул топко кирет.

**Көйрөң** — эр мүнөзүнө кирет.

*«Жакшы ат минсең теминип,*
*Эки жагың каранба,*
*Көйрөң атка коносуң*
*Көрүп калган адамга».* *(Токтогул).*

Бул сыланкорозго жакындашат. Анын көйрөңдүгү, баскан-турганынан, минген атынан, кийим-кечелеринен баамдалат. Ошолор аркылуу адамдардан айырмаланып келет. Өзүнүн көйрөңдүгүн, жеңил кыялдыгын өзү билгизүүгө атайын аракет-кыймылда болот.

**Кыз кыял.** *«Кыз кыялдуу кылтыңдап,*
*Жакшы адамдын белгиси,*
*Жакшы ат камчы салдырбайт.*
*Көңүлдү калтырбайт».* *(Токтогул).*

Бул — адамдагы жакшы мүнөз. Эркек-ургаачылардын табиятындагы үлгү болорлук көрүнүш. Орой, тажаал, тайбас, таскак өңдүүлөрдүн тескериси. Көбүнчө улан, жаш жигиттерди кыз кыялга салыштырабыз. Мунун бир чети — уялчаактык. Мындай адамдардан назиктикти, коңурдукту, адептүүлүктү, ыймандуулукту, тазалыкты күтүп турабыз. «Ал — жигиттин гүлү» — деген сымал ой-пикирлер мына ушундай адамдарга карата айтылат.

**Коркок.** Мунун бир мүнөзү суу жүрөк. Бул — табиятындагы көрүнүш. Жалгыз басуудан коркуулар бар. Түн ичинде эшикке чыгуудан коркуулар бар. Бала кезинен бирдемеден чочуп калып корккондор бар. Өлүктөн корккондор болот. Жаш чагынан жүрөгүн майтарып, коркутуп коюлар болот. Коомдук мүлккө кол салуудан, аны өзүнүн менчигиндей жеп-ичүүдөн, бирөөлөргө ушатуудан коркуулар бар. «Ал кудай урган, бирдеме кылуудан коркот», «Жедеп суу жүрөк болуп калган» сыяктуу кептер айтылат.

**Чоркок** — эчтекеге эби жок, жан бактылык мүнөз. Кара жумуш кыла албайт. Оңтойлуу бирдемелерди кармай, оңдой албайт. Чоркок бирдеме жасоого, үйрөнүүгө, окууга, үй-тиричилигине кол кабыш кылууга өзүнүн эби жоктугун, солдоюп тура берип, турмуштан куржалак экенин көрсөтүп коёт. Мындай сапаттар эр-аялда тең болот.

**Сараң** — адамдардагы терс мүнөздөрдөн. Уламыштарда чык татырбас Чынарбай, Карынбай өңдүү сарандар тууpa-

луу айтылат. Колдо бар туруп, ажат ачпоочулук, сокур тыйын үчүн бүгүлүп түшүүчүлүк. «Дүнүйө бир тыйындан куралат» — дечүүлөр. Сарандык мүнөздөр көбүнчө байларда жаралат. Тууган-урук, жээк-жааттарга чык татырбайт. Өз малын аяп минбейт. Арык-торуктарынан, өлгөнүнөн союп жейт. Малын аяп, туз да бербейт. Конок келсе качат, же ооруп калат, өзүнөн чоң чокой кийип, тиричиликтеги бардык ишти шордуу аялы бүтүрөт. Малынын туягын да, тамагын да аяп, башкаларды оокатын кылдырууга жумшабайт. Сасык бай, саран бай, колтукчу бай мына ушулардан чыккан.

**Көк (көк бет).** *«Ат мыктысы боз болот, эр мыктысы көк болот» (макал).* Мунун оң сапаты бир ишти аткарууда, аягына жеткирүүдө кастарын тигип, башын байлап коюучулугу. Бул эр мүнөзү катары бааланат. Бирок ургаачыларга көктүк жарашпайт. Эринин ырысын кыркуу, үйдүн кутун кетирүү катары бааланат: «Көк талды отунум дебе, көкбетти аялым дебе» (макал). Эркектерге деле ашкере көк беттик, ашыра эле көгөрүп калуучулук да анча жарашпайт.

**Кенебес** — адамдардагы шалакылык мүнөздөрдүн бири. Ар нерсени учурунда барк албоо, күндөлүк турмуш-тиричилик үчүн түйшөлбөө, «баары ушундай болот» — өңдүү өзүндө белгисиз сезимге жетелетүү. А, мүмкүн, бул эринчээктикке, аңкоолукка, жан бактыга барып такалат. «Ал кенебестиктин кесепетинен кетирди», «Кенебей жүрүп, ушул акыбалга келди» сымал сөздөр артында айтылат.

**Кеп жебес** — адамдагы терс мүнөз. Бирөөлөрдүн айткандарына кошулбаган, өз оюн түк бербеген адам. Оң сөзгө тескери жооп кайтарган, өзүнөн ондуу акыл чыкпаган пенде. Бул кежир, макоо мүнөздөгүлөр менен тутумдашат. Кеп жебес — кепке-сөзгө конок бербес адам.

**Көрө албас** — ичи тар адамдарга таандык сапат. Бирөөнүн иштерине, жакшылык каалабайт, көргүсү да келбейт. Атайын ал жактан четтеп өтүп турат. Бирөөлөргө терс ой-пикир айтат. Ниети таза эмес экенин өзү эле билдирип коёт. Бул негизи кызганчаак, арампороз, кара өзгөй сымал мүнөздөр менен жакындашат.

**Жалакай** — чабал мүнөз адам. Көзгө токтомдуу, көңүлгө тете аткарганы болбойт. Ар нерсеге тийди-качты, башын баштайт, аягын таштайт. Аны аткарууга алы да, эрки да келбейт. Ач-токко да, ысык-суукка да, бар-жокко да байымы жок. Туруктуу жумушу болбогон, көпчүлүктүн ичинде эптеп күн көргөн жан.

**Элпек** — адамдардагы мыкты касиет. Элпектик, ак

көңүлдүүлүк, пейили тазалык, кары-жаш болобу, жумшаган жакка дароо аттанып кетүүчүлүк, ар ишти өз учурунда, оңтоюна келтире бүткөрүүчүлүк анын адамкерчилик сапаты болуп саналат.

**Момун** — *«Кой оозунан чөп албаган» (Эл сөзү)*. Бул — бирөөлөргө кылча зыяны болбогон, өз оокатын өзү кылган адам. Момундуктун бир аты — жооштук. «Кудай момун» дейбиз. Көптүн арасында куудун-шумдугу жок, коймаарек жүрө берүүчүлөр. Бирок ашкере момундук адамга зыянын тийгизет. Ошондуктан кээде «Жамандын бир аты момун, жооштук» дейбиз.

**Копол** — анын бир сапаты олдоксондук, иш-аракеттери, баскан-турганы сыйда эмес. Аткара турган нерселерин өтө одоно жүргүзөт. Адептүүлүгүн анча үйрөнө албагандар. Тигил-бул жумуштарга шымаланып кете албайт. Коомайлана четтерээк көрүнөт.

**Дөдөй** — адамдын терс сапаттарынан. Түшүнүгүнүн, ой жүгүртүүсүнүн начар көрүнүшү. Түшүндүрө да албайсың. Түшүнүүгө чама-чаркынын жөндөмсүздүгү. Логикалык жактан начарлыгы. Бир сөздү айтып баратып, башкага чалып кетүүчүлүк. Кээде өз оюн-пикирин туура табуучулук.

**Чыйрак** — адамдагы шайдоот сапаттардан. Өзүн жыйнактуу, тыкан алып жүрүүчүлүк. Ар ишке жөндөмдүүлүк, шамдагайлык кылуучулук, өз убагында бүтүрүүчүлүк. Тың, бышык келип, «Чегедек отундай тырсылдап», жашоо-тиричилигинде өзүн куунак алып кармоочулук.

**Илээнди** — жашоо-тиричиликке бош, кош көңүл мамиле кылуучулук. Жайбаракаттыкка өзүн моюн сундуруучулук. Ишти баштап, аны жарым-жартылап, таштап коюучулук. Үй тиричилигинде шалакылык. «Илээнди аял жарытпайт» — деген сөз бар.

Сабырдуу. *«Сабырдын түбү — сары алтын» (эл сөзү)*. Бул — адамдардагы жакшы сапаттардын бири. Ар нерсеге токтоо мамиле кылуучулук. Майда-чүйдө сезимге ооп кетпөөчүлүк. Ойлонуп, төрт тарабын өлчөп, токтоолук менен маселе чечүүчүлүк.

**Ач көздүк** — пендечиликтеги жаман адат. Бирөөлөрдөн алсам-жулсам, ошол менин оокатым болсо дечүүлүк. Азыркы замандын айрым адамдары, мисалы — сүткорлор, алып сатарлар, кызыл кулактар жасап жаткан не бир терс аракеттер буга далил боло алат. Мындайларды эл «көзүнө көр топурак кирсин!» — деп каргашат. Алар эл-журттан бөтөнчө самашат.

**Куу** — терс сапаттардын бири. Куулук-шумдук эгиз ай-

тылат. Кууlануу — биреөлөрдү сызга отургузуу. Аны айбанаттардын митайымы түлкүгө салыштырат. «Куу түлкү» — демек, дароо алдап кетүү. Биреөлөрдүн мүнөзүндөгү бош сапаттардан пайдалануу.

**Жел таман** — көбүнчө аялдарга карата айтылуучу терс сапаттардан. Айылчы. Түтүндү түрө кыдыруу, бир орундан жай таппоо. Ушундан улам ушакчы аталуу, өзүнчө эле бассам-турсам деп жээлигүүчүлүк.

**Тапан** — ар бир сөзгө карата какшык, шылдың, шакаба, мыскыл аралаштыра айткан адам. Мында «кур тапан», «алчы-таасын жеген тапан» «беш-алты абышканы кичирейткен тапан» сымал сөздөр айтылат. Арийне, чоң-кичинени көзгө илбей, дайыны жок сүйлөгөндөр да бар. Андайлардын тапандыгынын татымы болбойт. Айталы, Мидин, Райкандар, Байдылда айткандай:

*«Куйкумдуу кепти курч айткан,*
*Сөөгү жок эттей сулп айткан,*
*Күтпөгөн жерден күлдүрүп,*
*Күлбөстүн тишин ырсайткан»*

адамдар эле. Алар да тапан атка конушкан. Булар даана таланттуу тапандардан болушкан.

**Көр жеме** — эркектердеги эң жаман адаттардын бири. Аялынын, бала-бакыраларынын баскан-турганынан, кылган ишинен өөн табуу, отурса-турса да сын тагуу. Кулакмээсин жеп туруу. Илгери бир зайып эринин ушундай мүнөзүнөн улам «мына кетем», «ана кетем» — деп жүрүп, деле эри тажатып жибергенде: «Айтпачы сөздүн бекерин, аз калды менин келээрим» — деп, чыдай албай кетип калыптыр.

**Чыр.** *«Чыр чыккан жерди көргөндө*
*Чын күлүктөй элирет».* *(Райкан).*

Бул — адамдардагы терс адаттардан. Акты кара дечү, иштин чын-бышыгына жетпей, өзүнүн оюн кара өзгөйлөнүп таңылоочулук. Көпчүлүк орундарда, оюн-зооктордо, алаca-бересeлерде, атайын талаш-тартышуучулукка аттанып түшүүчүлөр. Ушундан улам «Баланча чыр» атка конуучулар.

**Баатыр, эр мүнөздөрү.**

*«Эр кумары не болот?*
*«Эр кумарын сурасаң,*

*Алман жайган кыраан куш,*
*Кара көз сулуу кыз болот».* (*Накыл*).

Бул — адам мүнөздөрүнөн анча айырмаланган баатырлардын жекече сапаттары. «Ат эриндүү келет, эр муруңдуу келет» — дегендей, эрдин бир мааниси баатыр болуп эсептелет. Баатырларды эл-журту жаратат. Алар ошондой адамдары чыккандыгы аркылуу сыймыктанышат. Т. а. элдин улуттук баатырлар, уруу баатырлары, эмгек баатырлары, ар бир аймактын эли-журту үчүн күйөрман баатыр аташкан, баатырга тете адамдары бар. Мына буларды эр мүнөздөрүнөн таба алабыз. Адатта, бул — тирүүчүлүктө адамдык сапаттын ар кылдыгы. Эр жигитке таандык касиеттер эл ичинде түрдүүчө сыпатталышы. «Эр» деген түюнтманын артында көбүнчө сыймыктанууда шарттуу бөтөнчөлүктөр жалпылана айтылат. Ошондой эле жүүнү бош жагдайлары да белгиленет. Эл — улуу сынчы. Алардай төп айтуучу эч бир күч жок. Ошондуктан, адамдар да, айбандар да, жандуу, жансыз жаратылыш да, алардын көз электеринен өтүп турат.

**Даанышман** адамзат пендесинен чыгат. Жаратылыш ага акылды, коосдукту, сулуулукту, келбетти ченебей берген. Төрт тарабы төп келгендер бул ысымга татышат. Пендеде улуттан, ар элден, жерден, уруудан, уруктан, аталардан мындайлар арбын жаралган. Албетте, Кыргыз Атадан чыккан элибиздин даанышмандары ондоп, жүздөп саналат. Баатырлардын, журт билермандарынын, эл мыктыларынын бир аты — даанышмандар. Аларга эл-журту, анан жалпы журтчулук сыймыктанат. Ага санжыра-санаттар жооп берет. Кыргыз элинин оозеки тарыхында буга чейин булардын аттары айтылып, терс каармандар катары баяндалып келген болуучу. Ат-Башылык, нарындык Кайдуулат уулу Чоко менен (баатыр деп да коюшат) Бабакан Оруулу Карач ажы, кочкордук Бай уулу Калыгул олуя, Ормон улуттук баатыр, көлдүк Кыдыр аке, Садыр Аке, оштук Алымбек датка, Курманжан датка, таластык Жанкороз бий сыяктуулар ж. б. у. с. көп инсандар — журт даанышмандары... Андан берки заманда канча даанышмандар жаралды. Алардын айдыңы канчаларга таралды.

**Берешен** — дүнүйө капарлар, жоомарттык жолунда элге мүлкүн үрөгөндөр. Буга дейре мындай адамдар болгон. Санжырада ар уруунун, уруктун, бир атанын балдарынан мындай адамдар чыккан, алар атайын аттанып-түшүп, журт баккан. Ошончолук алган, кайра элге берген. Уккан кулакка караганда кеминдик Жантай уулу Шаб-

дан баатыр берешен аталат. Ага мисалдар көп... Шабдан баатыр Мекеге жөнөмөк болот. Эл-журту менен коштошуп, акыркы жолго аттанып жатканда, Калмырза ырчы жолуна тура калып:

*«Аман барып, амал кел,*
*Асыл Шабдан кеменгер.*
*Жүз боз бээни сойсо да,*
*Жүз жолу Шабдан койсо да,*
*Оң менен солдун ичинен*
*Сендей чыкпайт экинчи эр»,*— дейт.

Ошондо баатыр: «Алып чыккылачы жанагы капчыкты» — дейт. Колуна ала коюп: «Ме, тос колуңду?!». Ырчы шып илип алат. Жан-жөкөрлөрү: «Олдо, баатыр ай?!» — дешип, капчыктагы дилдени карматып жибергенге ичтери ооруп калат. «Эчтеке эмес, эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон» — деп коёт Шабдан баатыр. Ага канчалык олжолор түшкөн. Аны бей-бечараларга таратып турган. Ошондуктан «берешен» деп, алыс-жакындан ага каттап турган.

**Көсөм.** *«Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот» (макал).* Алыс-жакынды, азыркы-келечекти баамдай, аңдай, дааналай, далилдей билүүчү. Адамдагы көрөгөчтүк. Баарына акыл-ою жетиктик. Даанышман, көсөм биринин сапатын бири кайталайт. Толуктап турат. Бул — алдын-ала туюучулук, ошого карата иш кылуучулук, эли-журтуна акыл-кеңеш айтуучулук. Мындай адамдар «туурадан кеп тапкан, туюктан жол тапкан» инсан катары бааланган. Бул эли-журтун ар кандай тоскоолдуктардан тоготпой алып чыгат дегенди туюндурат.

**Барпы (кадырман).** Барпы — кадыр. Кыргызда «кадыры сиңген», «кадыры артык», «журт кадырманы», «кадыр салып», «кадырын сыйлап өңдүү сыпаттоолор бар. Ариет, мындай сыпаттоолорго анын көрт башынын адилеттүүлүгү, кара кылды как жарганы, кичине-чоңго бирдей алынганы, «өзүмдү өзүм, өзгөнү жатым» дебегени чоң себепкер. «Карыны кадырлоо, улууларды урматтоо» ушундай сапаттардан улам калат. Мындай сыйга жетүүбүз керек.

**Күлдүргүч (куудул) —**

*«Куйкум сөзү күйбөгөндү күйдүргөн,*
*Кулк-мүнөзү сүйбөгөндү сүйдүргөн.*
*Кайран Мидин, кайран гана Райкан,*
*Куудул эле күлбөгөндү күлдүргөн». (Байдылда).*

Бул — чыныгы жигиттердин асыл сапаты. Жумгалдык Куйручук, Мидин, көлдүк Жоошбай, нарындык Көкөтай, чүйлүк Шаршен, таластык Райкан сыяктуулардын тама-

шалары күндү батырган, таңды атырган. Т. а. таңдын аткаңы, күндүн батканы билинбеген. Таң-тамашаларды көркүнө чыгаруучу. Боорлорун эзип коюучу. Бул — ашкере шайырдык, күлкүгө карк кылуучулук...

Мидин өтө куудул болгон: «Кээ бирөөлөрдүн алган темасы чегирткенин үнү, жарганаттын жүнү, ушуну изилдеген имиш күнү-түнү». Ал бул аркылуу окумуштуу болуучуларды сындаптыр.

**Ак маңдай жаркын жана жайдар** — эрдин асыл сапаты. «Маңдайы жарык», «ыманы ысык», «жайдары жүз» сымал салыштыруулар буга төп келет. Булар адамды өзүнө тартып, кыз кыял сезилет. Биз мырза десе эле жаштыкты, сөөлөттүүлүктү, дөөлөттүүлүктү, мансаптуулукту эске тутабыз. Чыныгы мырзалар, жалпыга бирдей ыманы ысыктар, «Мына ушулар» «Менин эле өмүрлүк жарым болсо» дечүүгө татыктуулар.

**Дардаң** — жайдарынын карама-каршысы. Эр мүнөзүндө ала көөдөктүккө жакындашат. Бул — ички дараметтерин бүтүндөй сыртка чыгаруучулук, сыр жашырбоочулук. Анын зыянкечтиги болбойт. Адамга жакшылык ыроочулукка даяр. Ал «Дардес», «Дардалактап кетет», «Дардаңбай», сымал сыпаттоолорго эгедер.

**Арамза.** Бул — эр мүнөздөгү терс көрүнүш. Митаамдыктын, кыйдылыктын үлүштөрү бар. Аткарылуучу кыймыл-аракеттеринде кытмырдык кылуучулук. Мунун «өгүз арамза», «желке арамза» өңдүү аталыштары бар.

**Жалкоо.** *«Жалкоого — шылтоо» (макал).* Бул — эр жигиттеги терс көрүнүш. Ал жан бакты адамдарга карата айтылат. Бекерпоздор, «жатып ичээриң бар болсо, жардылык жанга тынч экен» дегендер. Аны эл «кежигеси кыйылгыр» — деп коёт.— Жалкоолуктун сапаты эпкиндүүлүк. Кежир, жөнүк, сыйкы, шалтаң, кайкы:

*«Кайкы болот ал акмак,*
*Кара чака табалбай.*
*Коё берет акырын,*
*Катынын эптеп бага албай.*
*Андай сыйкы адамга*
*Азаматтар байланбайт.*
*Ачык-айрым азамат,*
*Аргымак аттай шайдаңдайт».*

*(Токтогул).*

Сыйкы сыяктуулар эрдин жалкоолук мүнөзүн толуктайт. Булардын касиеттери бир болуп саналат.

**Бузуку.** Бул — адамдагы адамкерчиликтин терс көрү-

нүшү. Адамдардын кыймыл-аракеттеги, жашоо-тиричиликтеги оң жагдайларын солго, эки адамдын ортоосуна айлантуу. Ичтен чагымчылык кылуу. Мында «Араларына бузуку аралады», «Ал жеткен бузуку», «Ал адамга жакшылык кылбайт, дайыма ошентип отурат» — деген сөздөр артында айтылат.

**Жалтаң** — эр жигиттеги жумшактык. Туура сөздү бетке айтуудан айбыгуу. Бирөөгө тике сүйлөөдөн жазгануу. Мындайды айрымдар: «Аны музоо кезинде сүздүргөн», «Жүрөгүн майтарып койгон»,— деп коюшат. Негизи, зыяны болбогон, өз оокат-тиричилигин ойлогон адам катары бааланат.

**Кобур** — татыксыз көп сүйлөгөндөр. Басса-турса өзүнчө бирдемелерди айтып, ага да анча маани бербейт, көңүл бурбайт. Ал эмнени айтып атканы тууралуу өзү да этибарга анча албайт. Кобурдун бир аты — бабыр. «А, кудай урган өтө эле бабырак бирдемелерди кобурап...»,— деп коюшат алар жөнүндө. Уккан-көргөндөрүн элге айтат. Анын кеби анча иликке турбайт.

**Айгак** — бирөөлөрдүн бүткөрүүчү, бүткөрүп койгон жөн-сүз иштеринин бетине чыгуучулук. Ачык айтуу. Ал жөнүндө элге жаюу. «Айтам» деп коркутуу. Айтып коюу, мындайынан ак пейил, эр, терс көрүнүштөргө калыс туруу.

**Сүткор** — жекече баюунун ыгын мыкты билген эр. Сүт — «малдын сүтү», кор — «тойбогон» (малдын сүтүнө тойбогон) деген маанини берет. Адатта, кыргыздарда көк жамырап чөп чыгып, желинде сүт булактап, ал ак жердин чөбү катары бааланган. Айран-сүт көлдөйт. Аны эл ичет, ирегеден ит ичет. Жандын боору агарат, өтмө маанидe айтканда. Сүткорлор — мына ушундан бирди эки, экини төрт, төрттү сегиз, андан он алты, т. а. мал эсеби аркылуу соода-сатык кылуу менен байыган эрлер. Сүткорлор, кызыл кулактар, алып сатарлар — бир мүнөздөгү адамдар. Алар жалпысынан бир түшүнүктү берүүчүлөр. Азыркы коммерсанттар, бизнесмендер — булардын туундулары. Баюу, артыкча жашоо үчүн алдыртан элди алдап, туйтунуу жолун издөөчүлүк. Анын кыныгына кирүүчүлүк. Эрлердеги мерездик, таш боордук, таш жүрөктүк өңдүүлөр эр мүнөзүнүн терс жагдайларын эске салат.

**Ат качырбас боз алыр.** Эл улуу сынчы, улуу калыс, мына моминтип тескеп туруучу:

*Ааламдан да ашмак бар,*
*Адамдан да ашмак бар.*
*Аргымак күлүк ойнотуп,*

*Мингениңе мас болбо;*
*Алтын жака асыл тон;*
*Кийгениңе мас болсо,*
*Акыл бар — деп ар сөзү*
*Билгениңе мас болбо».* (*Накыл*).

Карыялардын алдыртан айткан акыл-ойлору — эр-азаматтар, калк баатырлары үчүн үлгү, тыянак, мыйзамченем. Бул айрым аймактарда «Ат качырбас боз айгыр» деп да айтылат. Илгери «ат жакшысы боз, эр жакшысы көк» дечү. Ушундан улам «ат качырбас» адамкерчилиги артык, чоң-кичинеге бирдей, теңиз, айкөл, бардыкка сүйкүмдүү кишилерге, эл мыктыларына, калк кайрымдууларына карата багышталган. Кыргыз тарыхында Санчы сынчы тууралуу кеп бар. Олуя адам болот. Ошол жарыктык Сарбагыштан чыккан Болот бийге (Анжиян, Аркага дейре акимчилик кылган киши болгон) Таалаке деген зайыпты алып берип жатып: «Мындан абалы жатын чайкаар», анан «Ат качырбас боз айгыр» төрөлөт. Андан Баш койкон төрөлөт. Тукумундан арстандар чыгат. Алар бийлик талашып, бир жерге тура алышпайт. Ар кайсы жерге көчүрүлүп, бийлик ээлери болот»,— дейт. Айткандай, Болоттон Эсенгул төрөлүп, ошол Ат качырбас боз айгыр аталат. Андан Ниязбек туулат. Баш койкон ошонусу болот. Т. а. мындан сегиз бала төрөлүп, «Ниязбектин сегиз бек. Телегейи тегиз бек» Ат-Башы, Нарын Куланак, Көл, Кочкор, Чүй ичин бийлешет...

Баш койкоң — атагы алыс-жакынга бирдей угулуп, бардыкка даана таанымал сынчы ушундай аталган. Сегизбектин кенжеси Ормон кан болуп саналат. Эрге таандык Берен, Барак (жаалуу Барак, Өөк барак), Кунарлуу булбул, эр чечен, жетик сымал мүнөздөр оң мааниде, айрымдары өтө даңазалуу айтылып келүүдө.

Киши баласы үчкө бөлүнөт: адам, кадам, мадам. Биринчиси — адам, алар силер сыяктуу, башына бөөдө өлүм туш келсе да, наркын жоготпойт. Экинчиси — кадам, алар кыска өмүрүн уурулукка сарп кылгандар, ичи тарлык, көрө албастык менен ооругандар, ага-тууганга залалы тийгендер. Үчүнчүсү — мадам, алар — эки жүздүүлөр: көздү көрсө мактайт, көзүң жокто жамандайт. Кишилерди бирибирине чагып, аларды тытыштырып кумардан чыгат. Булар — адам эмес, башы жумуру, буту айры жаныбар кейпин кийгендер.

## ЗАЙЫПТЫК САПАТТАР

*«Биринчи байлык — ден соолук,*
*Экинчи байлык — ак жоолук,*
*Үчүнчү байлык — бар соолук».*

*(Накыл).*

1. Айкөл, пакиза, нур чырайлуулар — булар жалпы жонунан чүрөктөр, т. а. сулуулар деп аталат.

2. Сезимтал, толукчул, тунук, таза, сүйүүсү бар, акылдуу, өз жарынын азап-тозогуна чыдай билгендер.

3. Жамандыкта-жакшылыкка муюбагандар. Ак ниеттүүлөр.

4. Жайдары жүз, шайыр, сөз тапкыч, каада-салттуу, нарктуу, жайыл дасторкон, үйүндө куту төгүлгөндөр.

**Курманжан датканын** акылы, кайраттуулугу, адилеттүүлүгү, кыраакылыгы жөнүндө аңыздар алыска, кыргыз көчмөн айылдарын аралап, Жети-Суудан тартып, Ооганстан, Иран жана Кытай жергесинин чегине чейин жеткен.

Демек, төрт сапат боюнча төптүүлүк бир өзүнө жарашкан. Алсак, алп Манастын жары **Каныкей:**

*«Кара тору, кара каш,*
*Келишимдүү узун чач.*
*Эки бети монтойгон,*
*Эркечтей мойну койкойгон.*
*Кара сурдун сулуусу,*
*Аял заттын нурдуусу,*
*Узун чачтын ыктуусу,*
*Ургаачынын мыктуусу»* — деп сүрөттөлөт.

Ал эми Карача кандын **Кыз Сайкалы** мындайча сүрөттөлөт:

*«Кекиртектин өзүнө,*
*Төбө кармап найзаны,*
*Багелеги саймалуу,*
*Кара жаак булдурсун,*
*Канжыгада байлануу.*
*Көз ирмебей бат сайып,*
*Көздөгөн жерге так сайып,*
*Тоголотту Кежирди,*
*Кекиртекти аралап,*
*Каракушту жаралап,*
*Түшкөн жерден чаң чыгып,*
*Найза тийген ордунан,*

*Оргуштаган кан чыгып*
*Кежир баатыр сулады,*
*«Кор» дей түшүп кан чыгып...*
*Карача кандын жигити,*
*Даяр турган топтошуп,*
*Алып жөнөп калышты,*
*Кыз Сайкалды коштошуп».*

Кежир — калмак, кытайлардын баатыры. Ал ошондо сайышка Майданкөк аттуу бууданды, Кыз Сайкал Буурулду минип чыгышат.

Акундун кызы **Айчүрөк** тууралуу:

*«Кай кылыгын айталы,*
*Шекерди көр, сөзүн көр,*
*Чолпонду көр, көзүн көр.*
*Кара жерге кан тамса,*
*Кардан аппак эти бар.*
*Кар үстүнө кан тамса*
*Канды көр да бетин көр.*
*...Кыздардан башка бөлүнүп,*
*Бадана кийип балкылдап,*
*Байкуш Чүрөк жеңекең*
*Бастырды кан алдынан,*
*Басып чыкты жаркылдап» —*

деп, бейнеси тартылат. Бул саптардын көбү Сагымбайга таандык. **«Ак Мөөр»** — кийинки дастандардын бири. Махабатты даана даңазалоонун үлгүсү болуп саналат. Бул 19-кылымдын экинчи жарымына таандык.

*Күкүк тилдүү, күн жүздүү*
*Күндө көрсөм жылдыздуу,*
*Күн чырайлуу жамалды,*
*Күйгүзүп Жантай чал алды.*
*Күйүтүңө мен калдым,*
*Күйсөм, оо, сендей табамбы?*
*О, Мөкөм адырда оттойт бир жылкы*
*Токойдон үркүп кошкуруп.*
*Доңуз болсун миң жылкы,*
*А тозокко кетсин үй мүлкү,*
*Толмочум сенден айрылып,*
*Тобума болдум шум күлкү.*

(Бул Мөөрдүн жигити Болоттун монологу болуп саналат). Ак Мөөр тууралуу бир топ акындын варианттары

бар. Атактуу ырчы Калык Акы уулунун айтканы көркөмдүк күчкө эгедер.

Кыз мерген тууралуу мындай кеп бар: **«Жаңыл мырза** согуш тебетейин кийип, атын токунуп минип, саадагын байланып, окторун асынып, ары-бери атырылтып, чуу коюп, кара аттан ак көбүк чыгып, тердеген кезде бириңер бөркүңөрдү көккө ыргыткыла,— деп кыздарга айтканда бир кыз тебетейин көккө ыргытып, Жаңыл мырза жерге түшүрбөй атып туруп, тебетейди жүн кылып түшүргөн. Атkан огун жерге түшүрбөстөн улам илип алып, кайта атып турган». («Аялзатка таазим» Бишкек — 1996, 13-бет).

**Курман Даткага** уулу Камчыбектин өлүм жазасына берилип, дарга асылганы жатканда кадыр салып, бошотуп алуу тууралуу кабар барганда: «Жок, боошотуп албайм, бошотуп алам: деп элдин ынтымагын ыдыратпайм» — дейт да, уулуна барып: «Уулум, кош, өлүмгө тике кара!?» — деп баса бергени, арийне, анын улуулугу! Ооба, Курманжан датка, Ак Мөөр ж. б., анан таланты таш жаргандар — Анвар Куттубаева, Сайра Кийизбаева, Бүбүсара Бейшеналиева, Даркүл Күйүкова, Бакен Кыдыкеева, эмгек баатырлары: Зууракан Кайназарова, Керимбүбү Шопокова, Өлмөскан Атабекова, Телегей Сагымбаева, Осипа Темирова ж. б. кыргыз аялзатынын чолпон жылдыздары. Алардын артынан ээрчиткен шакирттери ондоп саналат.

*«Аял, аял, айтаар сөзүм менин миң,*
*Сенсиз секунд жашай албайт көрүндүм.*
*Элжиретип, эркелеген назыңа,*
*Эркек эмес, таш болсом да эримин».*
*Өлүм парз го өкүмүнө көнөрмүн,*
*Келген жаным келбес жайга жөнөрмүн.*
*Ошондо да жыйып соңку күчүмдү,*
*Аял, сени бир жалт карап өлөрмүн».*

*(Байдылда).*

Албетте, зайып затын мындан артык кандай барктоо, баалоо зарыл. Эми атактуу куудул Куйручуктун аялзатына берген баасына токтоло кетели. Элибиздеги чеге адамдарыбыздын бири санжырачы, акын Эркаалы Өскөнаалы уулу куудулдун аялдын он эки мүнөзү жөнүндө айткандарын төмөнкүдөй баяндайт:

**Алтын согончок, жез шыргый.** Аялзатынын эң мыктысы. Көрк келбетин, шыңга боюн жез шыргыйга теңеп, кадырлап-барктап, ызаат кылышкан. Ак уул, кызыл кыздын энеси алтын согончок деп бааланган. Илгери эл эгеси ор-

до үйгө башы ача, асемдүү жез бакан койгон. Аны менен ак ордонун түндүгүн көтөргөн. Мунусунда да купуя маани бар. Жез шыргый үйгө көрк берип турган. Демек, мыкты аял жез шыргыйдай үй көркү, үйүндүн тиреги дешкени да.

**Аркар эмчек, агылгөй тараз.** Бала-бакыралуу болсо дагы келишимдүү тараз бою, келин сыны кетпейт. Керилген сымбатынан жазбайт. Ошондон улам мындай ургаачыны кайберендин ыйыгы аркарга теңеген. Алла таала зайып затына бөлгөн акыл эске да ашыгыраак эгедер болгондон улам акылгөй атанган. Адеби адам баласына жагат. Элге, тууганга мамилеси дайыма адамгерчиликтүү.

**Ак көрпө жайыл.** Жүрүм-туруму айыпсыз, ала жипти аттабайт. Баш кошкон эрин абдан кадырлайт.

Күйөөсүн кукуктүн баласындай багат. Өзү оор басырыктуу, келбеттүү келет. Ата салтын, каада, үрп-адатты жакшы билет. Үйүнө кадыр-барктуу коноктор көп келет. Эри дайыма зайыбы менен акылдашып иш кылат. Ошондуктан эринин иши дайыма алга жылат.

**Ак жоолук делбир.** Ашкере чырайлуу. Жарык маңдайы, жаңырган айдай каштары, узун кирпиктүү бото көздөрү, кырдач мурду, ак жуумал жүзү, кызыл эриндери, койкойгон мойну бирине-бири төп келет. Өрүлгөн узун чачы, кыргый куш мүчөсү сымбатын арттырып турат. Келбетинен кемитке таппайсың. Дайыма жарашыктуу кийинип жүрөт. Үй оокатка тың, бүйрө.

**Жайыл дасторкон.** Колу ачык, пейили кенен, бардар. Ушунусу менен элге жагат. Казаны оттон түшпөйт. Дасторкону дайыма жайылуу, аш-тамагы жайнап турганы турган. Келим-кетими көп. Саймачы, оймочу да. Ушакайыңга кызыкпайт. Абысындары урматташат.

**Жабылуу кара инген.** Көп сүйлөбөйт, кишиге катуу айтпайт. Арбын убактысын үй-тиричилиги менен алпурушуп өткөрөт. Бала-бакыралуу, карапайым келет. Текебер, кесир дегенди билбейт. Элге да, эрге да бирдей мамиледе болот. Эрдин табылгасына көтөрүлбөйт. Бар болсо мактанбайт, жок болсо чүнчүбөйт. Кенен оокатка да, тартышка да бүйрө. Ийнеси баш болгон бактылууга жолугат.

**Баш койкоң.** Кокондоп эл бийлөөгө катышат. Өңдүү-түстүү келет. Тил табышып сүйлөшө билгенге кыйын. Кыял-жоругу, жүрүм-туруму эркек мүнөздүү. Эрин да, үй-бүлөсүн да теске салып башкарат.

**Дүнүкөй тоту.** Табылгынын зайыбы. Илгеркилер чүпүрөк зайып да дешкен. Эски-уску, керексиз чүпүрөк-сапыракты дүнүйө көрөт. Аларды көзү кыйбайт. Ал эми табылгынын зайыбы дегени, эрдин колунан бак-дөөлөт тайыса

жүдөп калат. «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт» деген. Ошол төө мингендин гана зайыбы. Жөө жүргөнгө — жүк!

**Дүр кабак чабдар.** Дайыма кабагы бүркөө, урушка жакын. Дитине бирдеме жакпаса итатайы тутулуп, кайырын чайыр кылат. Эрдин да, бала-бакыранын да сазайын берет. «Кыялыңа өз атаң, тууган энең гана чыдабаса» — деп айтайын десең, ак уул, кызыл кызды төрөп койгон. Уулкызы чоңоюп, энесин кой дегиче, кайран эри карып калат.

**Ай чырайлуу, ача тил.** Алла таала ага чырайды аянбай берген. Бирок, кемиткесин тилинен чыгарып, акылын бас кылган. Колунан түзүк иш да, аш да келбейт. Тилинин заары кара чаар жыландын тили калпый кесип, желимдеп алгандай эле бар. Тууган-туушканга, коңшу-колоңго да тили тиет. Бир эрди өмүрүнчө карып кылат.

**Эчки саң тыйтак.** Түтүндү түрө кыдырган айылчы, узун ушакчы. Эчки сымал эрбең-эрбең, жаны жай албайт. Сырт келбети дагы жагымдуу болбойт, көзүң тойбойт. Эки айылды эриктирбейт, бир айылды бириктирбейт. Этегин үзө басып, түтүн чыккан үйлөрдү аңдыйт.

**Суу мурун сөпөк.** Аты эле айтып турат, болгону ургаачы эле... Ушакчылыгы, айылчылыгы жок. Бирок дайыма жүдөмүш. Үй-жайын, казан аягын ирээттүү, жөндүү билбейт. Өз боюна да жакшы карабайт.

(Куудул Куйручуктун айтканы).

### Элдин аялдарга берген тескери мүнөздөмөлөрү

*Кыш кылат, жайда чилде саратанды,*
*Муз кылат, кайнап турган арашанды.*
*Бейжайы безеленет, тил тийгизсең,*
*Тааныштат, атаң тургай, тайатаңды.*

*(Байдылда).*

1. **«Үтүрөң тентек»** — мындай аял жини кармаганда балдарын сабайт. Көтөрүнүп төркүнүнө кетип калган албуут долу аял. «Алып бергениң ушулбу?» — деп, көйнөккечесин айрып да жиберет.

2. **«Ит ыркырак»** — эри менен ынтымагы жок, ыркырап уруша берүүчү, башкаларды да беттен алган чатак аял.

3. **«Мышык чыркырак»** — бирдеме эле болсо чыркырап ыйлап, көзүнүн жашын көлдөтүп жиберүүчү аял.

*Көзүнүн кычыктарын жаш аралап,*
*Бакырып, баласын бир матап алат.*
*Колуна кокус тийсек сынабыз — деп,*
*Корголоп, коркуп турат, казан-аяк.*

*(Байдылда).*

**Зайыптардын саламдашуусу (учурашуусу).**

Алар да мусулманчылыктын шартында: «Ассалоом алейкум» — деп салам берет. Ага «Валейкума салам» — деген жооп кайтарылат. Жөнөкөй которгондо:

— Саламатсыздарбы?

— Саламатчылык — деген түшүнүктү берет. Албетте, улууларга аялзаты кол бербеши ыктымал. Аялдар аялдар менен жең учунан кармашып:

— Арбаңыз,— десе,

— Бар болуңуз — деп жооп берет. Андан ары:

— Эсен-аман жүрөсүзбү?

— Өзүңүз эсен-амансызбы?

— Бала-чака тынчпы? Уулун, кызын чоңоюп жатабы?

— Өзүңүздүн бала-чака тынчпы? Зайыптардын бир сөз менен саламдашуусунун жалпы үлгүсү мына ушундай. Мында да көрүшүүлөр, өбүшүүлөр болот. «Мал-жан тынчпы?» — деген суроолорду көбүнчө эркектер айтышат. Анткени мал-жанга эркектер эгедер. Андан ары улуулата эл-журт ичиндегилер суралат.

Аялдардын ич ара учурашуунун мыкты вазийпасын түштүк кыргыздар: анжияндыктар, ичкиликтер, алайлыктар, аксылыктар нашаасына чыгарышат. Аларда «сен» дегенге караганда улуу-кичүүсүнө карабай «сизди» арбын колдонушат. Эркектерге «сиз» деп кайрылуусунда аркы бир боордош өзбек, тажик элдеринин зор таасири бар. Аркалык кыргыздарда (Түндүк кыргыздарда) учурашууда башка элдердин ымаласы күчтүү келет. Эркектер-аялдарда баш ийкешүүлөр, колун көтөрүп коюлар бирдей шекилдүү...

**Мусулман аялдын ыйык милдети**

Бир нече жүз жыл мурда араб урууларынын башчысы Асф Ибн Милхамдын аялы Умома кызы Умму Инасты уруу башчыларынын бирине узатып жатканда мындай осуят айтат: «Сүйүктүү кызым!

Эгер кыздар ата-энеси бай болгондугунан турмушка

чыгууга муктаж болбогондой эле, сен эч качан кожоюнга муктаж болбойт элең. Бирок жашоо сен ойлогондой эмес. Эркектер биз үчүн, биз эркектер үчүн жаратылганбыз.

Сүйүктүү кызым!

Өзүң бой жетип чоңойгон үй-бүлөдөн чыгып, эч бир таанышсыз бир үйгө барасың, эч көрүп сүйлөбөгөн, кулкмүнөзүн билбеген бир кишинин өмүр жолдошуна айланасың.

Сен анын кызматчысы болгун, ал сага жардамчы болсун.

Кызым!

Кел эми насыяттар берейин. Ушуларды жакшылап үйрөнүп, жакшы амал кылсаң, өмүр бою ынтымак-ырыс, рахатта жашайсың. Өмүр жолдошуң менен эч качан араңар бузулбайт. Бул дүйнөдө бактылуу жашоо өткөргөн сыяктуу, Акыретте (тиги дүйнөдө) да түбөлүктүү бактылуулукка жетишесиңер.

**1) Канаттуу бол!**

**Өмүр жолдошуң келтирген азык-оокат, кийим-кечектин бардыгын сүйүнүп ыраазычылык менен кабыл кыл. Себеби канаат жүрөккө сүйүү орнотот.**

**2) Айтылган сөздөрдү дайыма дилгирлик менен ук жана дайыма моюн сун.**

**Өмүр жолдошуңа каршылык билдирбе, аны менен ар дайым бир пикир жана бир жүрөктөш болууга аракет кыл. Ушундай аракеттер менен Алла тааланын ыраазычылыгына жетишесиң.**

**3) Өмүр жолдошуң көзү түшүүсү мүмкүн болгон бардык жагына көңүл бур, ушундай болсун: анын көзү эч убакта жаман абалга түшпөсүн.**

**4) Жаман жыт чыгуусу мүмкүнчүлүгү болгон нерселерге жана жерге көңүл бур. Аларды таап тазала. Үйүңдөн ар дайым жыттуу жыпар жыт жыттанып турсун.**

**5) Ушуну жакшы бил: тазалык жана назиктик суу менен.**

**Ар кандай нерсе суу менен таза болот, үйүңдө сууларың таза туруусуна көңүл бур!**

**6) Өмүр жолдошуңдун оокаттануу менен уйку убактысына көңүл бур. Оокатты ар дайым анын каалоосу боюнча даярда. Өз убактында дем алуусу үчүн иштериңди өз убактында бүтүр. Себеби ачка калуу кишини ачууландырат, уйкусуздук болсо капаланууга себеп болот.**

**7) Үйүңдөгү мал-мүлк жана буюмдарды этият сакта, бул нерсе сенин иш билермандыгыңды көрсөтөт.**

**8) Өмүр жолдошуңдун жакындарына жакшы мамиле-**

де бол. Бул сенин жакшы үй ээси экендигиңди билдирет.

9) Өмүр жолдошуңдун сырларын эч убакта бирөөгө айтпа. Эгер сырды эле жайган болсоң, сенден көңүлсүздөнөт. Мапасыз жолго кирип кетиши да мүмкүн.

10) Өмүр жолдошуңду урмат кыл, буйругун аткар. Сөз кайтарба, ага каршы чыкпа. Эгер каршы туруп моюн сунбасаң ачуусу келип көңүлсүздөнүүсүнө, душман сыяктуу аракет кылуусуна себеп болосуң. Өмүр жолдошуң капа болгон убакта, сен кубанычтуу болсоң, анын кайгы-капасына шерик бол. Ал кубанычтуу болсо, сен да ошондой болууга аракет кыл».

(Ислам маданияты», № 4, 1998-ж.)

## Пайгамбар сабаалар:

Ошондой эле күйөөсүнүн аялынын алдындагы, аялдын күйөөсүнүн алдындагы укугун жана вазийпасын даана айтып өткөн:

**«Сиздерде аялдарыңардын акылары бар жана аялдарыңарда сиздердин акыңар бар».**

Пайгамбарыбыз аялдардын укуктары жөнүндө төмөнкү нерселерди эскертип кеткен:

**«Силер өзүңөр жеген тамактан аларга да тамактандырышыңыздар керек;**

**аялдарыңыздарды өзүңүздөр кийингениңиздердей кийинтишиңиздер керек;**

**аялдарыңыздарды жүзүнө урбайсыздар жана катуу сөкпөйсүздөр;**

**аялдарыңыздар менен араздашканда бир гана үйдүн ичинде (төшөктө) алыстайсыңар».**

Себеп дегенде, балдарыңардын көзүнчө алыстасаңар, балдарыңарга жаман үлгү көргөзөсүңөр, элдердин көзүнчө алыстасаңар аялдарыңардын аброюн кетиресиңер. Ошондой эле эркектердин аялында болгон акылары жөнүндө мына буларды эскерткен:

**«Эри белгилеп койгон чектен чыкпайт;**

**Өзүңө махрам болбогон эркектер менен жалгыз олтурбайт, себеби бул нерсе арам кылынган;**

**Эри жаман көргөн адамды үйүнө киргизбейт».**

Ушул сыяктуу үй-бүлөнүн ар биринин укугу жана вазийпасы бар.

Бир адамдын укугун экинчиси бузууга шарият эч жол бербейт. Алла таала пенделердин кудай алдында жасаган күнөөлөрүн кечириши мүмкүн, бирок пенденин пендеге жасаган күнөөсүн ошол жабыр тарткан адам өзү кечме-

йин кечирбейт. Кудай алдында жасаган ишке тобо кылыш үчүн үч төмөнкү шарттын аткарылышы зарыл:

1. Жасаган иштин туура эмес, күнөө экенин билиш.
2. Ошол жасаган ишке бушайман болуш.
3. Экинчи андай ишти кайрадан жасабаганга ниеттениш.

## Кошуналар жөнүндө

**«Кошунасы ачка жатканда өзү ток жаткан адам момун эмес. Тамагыңарга бир аз суу кошуп туруп кошуналар менен бөлүшүп ичкиле.**

**Эгерде балдарыңарга бир нерсе алып келсеңер үйдөн жешсин. Көчөдөн жей турган болсо кошунанын балдарына да алып барып бергиле, кыямат күнүндө сураласыңар.**

**Ким Аллага жана кыямат күнүнө ишенсе коногун сыйласын;**

**Ким Аллага жана кыямат күнүнө ишенсе кошунасын сыйласын;**

**Ким Аллага жана кыямат күнүнө ишенсе же жакшы сөз сүйлөсүн, же унчукпасын».**

Момундардын эң жакшысы — конокту тез сыйлаганы.

Терең изилдеп карап көрсө чынында эле шарият адамга, коомго зыяндуу болгон иштердин баарына эле тыюу салып, жакшы иштерди аткарууга чакырганын байкаса болот. Бир гана биз инсандык кыска акылыбыздын айынанбы, же атайы кастык пикирибиздин себебиненби, же акылдуусунуп текебер көз караш менен карагандыгыбызданбы, айтор бул адамгерчиликтүү закондорду этибарга албай жаткандайбыз. Балээнин баары мындай асыл көргөзмөлөрдү четке кагып коюп, өз билгенибизди жасап, бирөөлөргө да ошол нерселерди үйрөткөнүбүздөн болсо керек.

Иши кылса каалаган адам бул адамкерчилик булагынан адамзаттын тынч, бейкуттукта жашоосуна керектүү эң зарыл көргөзмөлөрдү таба аларына эч шек жок. Ким өзүн бул ааламда сууда сүзгөн балыктай ырахатта жашагысы келсе, кудайдын жана анын пайгамбарынын көргөзмөлөрүнөн өзүнө туура жол издесин деп сунуш кылмакпыз. Ылайым алла-таала бизге туура жашоону насип кылсын!

## МАРКУМДУН ЗЫЙНАТЫ

### Кабар айттыруу

Маркумга топурак салууга кабар айттырат. Кабар жеткирүү — ыйык парз. Адатта, шашылыш жөнөп, өз учурунда барып угузуу жоопкерчилиги жогору турат. Ушунун өзү, топурак салдырууга кылган далалат маркумдун баркынкадырын арттырат.

Мисалы, Семетей өлгөндө:

*«Учкан куш менен жарышып,*
*Аңырдай оозу ачылып,*
*Ак көбүгү чачылып,*
*Окуроо, түйгөн ак тизгин,*
*Кош колунда карышып,*
*Ажыбай кетти кабарга»* — деп «Манаста»

да айтылат.

Кабар айттыруудан ар кандай сөздөр жүрөт: «Мага кабар келген жок», «Мени илик албады, кабар барбады», «Кабар калпыс айтылып калыптыр», тескерисинче, «Кабар айттырсак келбеди», «Бир ууч топурагын аяшты», «Кабарын каттаган адамдан айттырыптыр». Акыйкатта, өлүктүн өз зыйнаты үчүн кабар так, даана келүүчүдөй, жүз көрсөтүп калуучудай болушу керек. Ушундан улам «Ал мага кабар айттырган эмес, мен да кабар айттырган жокмун», «Ал келбесе, мен барат белем»... деген өңдүү ич ара кадимкидей атаандашуулар, соодалашуулар да бар.

Мында, 1-ден, маркумдун жакындарына кабар айттырууда оролун таап, акырын сыпа-сылык угузуу зарыл.

2-ден, айыл үстүнө кабар айттыруу, анда айылда бир эстүү-баштууларына гана билдирет. Алар шартына жараша топтолуп алып барышат.

3-дөн, айыл аксакалдарына атайын кабар беришет.

**Угузуу.** Бул — жамандык кабарды өзүнүн жөрөлгөсү менен бир топ адамдар топтошуп, билдирбей келип айтуу. Адатта, айрым көз караштардан да, түштөн да, айыл ичинин жүрүш-турушунан да жүрөк сезген учурлары бар.

Угузуу элибиздин эчактан келе жаткан салттуу көрүнүштөрүнөн аталгандыктан, мунун да алтылыктуу жагдайларын эл ойлоп тапкан. Комуздун муңдуу күүсү аркылуу да туюндурган. Ыр менен угузуу анын аброюн ого бетер көтөргөн. Мындайда угузууну да аттуу-баштуу адамдарга тапшырган. Ал кеп төркүнүн тогоп келип айткан.

Ырчыга ырчы угузуу, ыр аркылуу билдирүү салтка-

нарkка айланган. Улуу Токтогул акын Сибирден кайтып келгенде уулу өлүп калганын угузуу жаш ырчы Коргоолго ыйгарылат. Адегенде эле айта койбой, эки тарапты оңду-солду айлантып, ыр менен учурашып, Токомдун көңүлүн жубатып туруп, анан:

*«Күлгүңдү кийип кирдеткен,*
*Күлүктү минип тердеткен.*
*Күкүгүң жалгыз Топчубай,*
*Токо, күн тийбес сапар жол кеткен.*
*Буулумду кийип кирдеткен,*
*Буурулду минип тердеткен.*
*Муңайба жаман адамча*
*Булбулуң жалгыз Топчубай,*
*Токо, мусапыр сапар жол кеткен»,*— деп угузган.

Аягын акыл-насаат, кайрат айтуу аркылуу бүтүрөт. Анын даражасына карап, ошондой инсанды таап угузулган.

**Жоктоо.** Бул — урматтуу адамынын көзү өткөндө анын мыкты сапаттарын, атуулдук ордун ыр же кошок түрүндө эскерүү. Адатта, аттан түшпөй, көпкө ал тууралуу арманын айтуу. Жеңижок (Өтө) ырчы өлгөндөн кийин Током келип:

*«Ат үстүндө үзөңгүлөш,*
*Аттан түшсө тизелеш,*
*Отурганда табакташ,*
*Ырдашаарда сабакташ»* — деп жоктойт.

Жоктоо — мурунку сын-сыпаттарынын баарын сүрөттөп берүү. Казактын ардактуу акыны Кенен:

*«Жакында жаман кеп уктум,*
*Жан этимди жеп уктум,*
*Кара тоодой караны,*
*Калык өлдү — деп уктум»* — деген.

Арийне, жакшылардын көзү өтсө, минтип жан тердеп келип, карайлап жоктоо — ата салты. Анын мааниси, чоожайы терең...

**Кайрат айтуу.** Бул — башына күн түшүп, аза күтүп, казасы кара жутуп турган адамдын көңүлүн жубатуу. Салыштырмалуу санжыралуу сөз-кеп, накыл, насаат аркылуу ага дем берүү. Бир келип-кетүүчү жарык жана жалган дүйнөдөгү болмуштарды ырааттуу, ишенимдүү айтуу менен тигиге күч-кубат берүү... Парбардигерге тобо келтирүү. «Кайрат кыл, кайраттуу, эстүү жан элең», (Ажалы жетип өлбөсө, адамзат жерге батабы» (Токтогул). «Өл-

гөндүн артынан кошо өлбөйт» сымал жылуу сөздөр андай адамды жубаткан. Мурунку күндөлүк тиричиликти улантууга түрткү болгон. Күйпүл турмушка аралашкандан кийин бара-бара кайгы-муң сууйт. Мындай адамгерчилик, боорукердик жагдайларыбыз элибиздин ынтымагын ырастайт. Азыр да кайрат айтуучулук, муңайымдуулук жөрөлгөлөрүбүз бар. Кирди-чыкты анын кайгы-капасын тең бөлүшүүгө ниетибизди беребиз. Ага көбүнчө «бөтөлкө баатыр» аралжы болот. Жүз граммдашуу менен анын көңүлүн таап коёбуз. Кээде: «Кайрат айтууга жарабады» — деген таарыныч да пайда болот. Илгери кайратты айыл эстүүлөрү, сөз билгилери, кадырлуулары, катыш куда-сөөктөрү кеп оролун келтире, ийине жеткире айткан.

Аза күтүү. *«Жаш кылгырат кирпигимди ирмесем,*
*Аза күтөм, эгер түшкө кирбесең.*
*Мен шар суумун кулагыңды тундурган,*
*Кантмек элем какшаганды билбесең».*
*(Мидин).*

Өлүктөгү аза,— бул оор жоготууга адамзаттын, айбанаттын катуу кайгырууга учуроосу. Мында кыйбас адамынан ажыроодогу ички дүйнөсүнө бүлүк салган учуру. Ушунун кесепетинен бушайман болуп, бүк түшүп калуусу. Тамакка ж. б. табити тартпоосу, бечара абалына келүүсү. Эч жан менен сүйлөшпөй, белди бекем курчанып, тебетейди баса кийип, өзүнчө оор абалга чалынуусу. Баамдоолордо, ит да, төө да, ат да ушундай учурга тушугат имиш. Ээси өлсө, иттин каңгып кетүүсүн, ботосу өлсө, төөнүн боздоп туруусун аза күтүүгө, катуу кайгырууга жорушкан...

Мындай абалдан чыгуунун жандырмагы кайрат айтуу, акыл айтуу, аны айланчыктап камкордук көрүү, ой-санаасын тең бөлүшүү болуп саналат.

## Маркумду коюуга катышуу

Маркумду коюуга катышуу, аны менен коштошууга атайын баруу — тирүүчүлүктүн парзы. Бул сооп тилөө, көңүлүн алуу. Эркектер өкүрүп барып түшөт. Ургаачылар үйгө кирээри менен атайын үн чыгарат. Маркумду кошот. Кошок — өлүк сыйы.

Мында, 1-ден, таза жуунуп, жакшынакай кийинип барууу шарттуу.

2-ден, мүмкүн катар жаназага турууга даярданып баруусу тийиш.

3-дөн, арак-шарап ичпей, акарат сөз сүйлөбөй баруусу абзел.

4-дөн, маркумдун жакшы сапаттарын, элге жаккан жактарын эскере берүүсү тийиш.

## Маркумдун түбөлүктүү жайы

Бул — маркумдун түбөлүктүү жата турган үйү. Ага карата көрүлгөн бардык зыйнаттардын ичинен баа жеткис камкордуктардын башкысы — көрдү терең, кенен казып, ак кепиндеп, аруу жууп, көөмп коюу. Буга мусулман пендеси ынтызар. Адам жан таслим берээри менен анын көрүн (мүрзөсүн) казуучулар дайындалат. Ал — соопчулуктун жеткен жери.

Көр казуучулар куралдарын алып, көрүстөнгө барышат. Абалы, жалпы арбактарга атап куран окушат, анан ылайыктуу жерди тандашат. Буга өлүк ээси сөзсүз катышат. Жакындарынын жанынан орун берүү парзы бар. Анын төрт чарчы чарасын болжолдоо, метрдей (бир кездей) казып, анан күн батыш тараптан тегерек тарта казанак оюлат да, ошол боюнча өңүп, ичи үңкүрчөлөнөт. Маркумду эки адам алып кирип, ичин кенен тегеренгендей болот.

Мүрзөнү терең каздыруу — өлүк ээсинин талабы. Анын айтканындай казуу — мүрзөчүлөрдүн милдети. Бардык аракеттердин максаты соопчулукка барып такалат. «Сооп табуу», «Сообуна калуу», «Соопчулук бул — мусулманчылыктын сапаты. Ушуга байланыштуу анжияндык кыргыздардын көпчүлүк жерлеринде, айрым мусулман өлкөлөрүндө мүрзөнү топтошуп, шарт коюшуп, бекер казышат. Албетте, маркумдун түбөлүктүү жайы болгондуктан ага акы төлөө, оор шартта көр казууда маңдай терди баалоо керек. Бул эң эле оор түйшүк экенин унутпай, төтөн, аркалык кыргыздар мындан этекелерин аяшпайт, гөр казгандарды ыраазы кылышат. Ал тууралуу ар кандай сөздөр айтылат.

Чоң бай-манап бийлердин, баатырлардын ж. б. атактуулардын жайын казууда айырмалар болгон. Алар үчүн жер үй даярдалган. Маркумдун жата турган жайынын бийиктиги түндүк бакандын боюндай болгон. Ортодо отуруп, түндүк баканды тегереткенде дубалына тийген. Дубалын эчки, топоздун кылтагын кошуп шыбаган. Карылардын айтымында, Ат-Башыны жердеген, сарбагышты элдеген, уруу билерманы баатыр Чоко Кайдуу уулу жан таслим болгондо жогорудагыдай түбөлүк үйүн бүтүрүү үчүн сөөгүн бир нече күн эки суунун аралында сактаган. Кара ашына,

чоң ашына татымалды Кашкардан тартышкан. Баатырдын түбөлүк жайын көрүүгө Ат-Башы ичиндеги моңолдор, черик, сарбагыш элинин билермандары барышкан, кирип көрүп чыгышкан. Даярдалган көргө ыраазы болушкан. Аларды ээрчип барган бир куудул да кирип көрүп, кайра чыкпай коёт.

— Чык! — деп кыйкырышат сырттан эл.

— Чыкпайм! — дейт көр ичинен.

— Эмне үчүн чыкпайсың? — дешсе,

— Өлгөндө мындай үй табылбайт мага, мен ушунда эле жатам, көөмп койгула,— дейт.

Куудулду эптеп чыгарып, жолдугуна алдына ат тарткан, үстүнө чепкен жапкан экен. Албетте, маркумдардын зыйнатынын чеги болбойт.

Көрдүн экинчи түрү — жарма көр. Мында талаа-түздөрдө, жоокерчиликте, шашылыш шарттарда, көрдүн чарасын тереңирээк казып, батыш жаккы ыптасын сөөк баткандай оюп, ошого коё турган. Кийинки чактары көпчүлүк техниканын жардамы менен, төтөн, шаардыктар так ушундай көр казууну адатка айлантууда. А, чынында, кол менен казуу маркумдун сообуна калуу, сооп табуу болуп саналат.

## Маркумга ыраазычылык берүү

Бул — маркумду түбөлүк жатуучу жайына алып чыгаарда, жаназа окуурда анын аласа-бересесин тактоосу жана ага элдин ыраазычылыгын алуусу. Анын жакыны бетме-бет карап: «Аласасы болсо, менден алгыла, бересеси болсо, мага бергиле?» — деп, үч курдай айтат. Ошондо маркумдун аласа-бересеси такталат.

Адатта (айрым жерлерде ар башка болушу ыктымал), алып чыгаары менен «баланча кандай адам эле?» — деген суроо үч курдай берилет. «Жакшы адам эле», «Момун адам эле», «Элдик адам эле», «Жоомарт адам эле» сымал жооптор угулат.

Кыргыз Ата өлүктү жаман деп айтпаган. Аны урматтап коюу — тирүүлөрдүн вазийпасы. Кээде гана «жер жамандап барбасын» — деп, кичине акарат айтуулар боло коёт. Ал пендечилик эмеспи.

**Үн чыгаруу.** Бул — дүйнөдөн кайткан адамдын үйүнө кыргыздардын өкүрүп аттан түшүү зыйнаты. Бала-бакыраларынын эртели-кеч маркумду эскерип жоктоо, кошок кошуп туруу салты. Өлүк үчүн өлүк чыккан үйгө назар таштоо вазийпасы, жүз көрсөтүү. Дасторкон көтөрүп, ку-

рай окутуп келүүдө аялдардын да үйдөгүлөрү менен кошулуп жоктоолору. Айрым учурларда мындан өлүк коюлгандан кийинки мезгилдерде «Өкүрбөй келип түштү», «Оо, о деп үн катып койбойт, андан бирдеме болобу?» өңдүү таарынычтар да пайда болгон. Албетте, тирүү пенделер мындай уяткарып коюлардан сырткары болуулары тийиш.

## Маркумга топурак салуу

Маркумга топурак салуу үчүн көрүстөнгө багыт алууда бул жарык жана жалган дүйнөдөн көчүп бараткан адамдын соопчулугу башкы максат болот. Албетте, ара жолдо бараткан анын кыял-жоруктары, жекече сапаттары, иштери ж. б. жолдошторунун эсине түшөт. Өлүк ээси ошончо адамдардын келишине, топурак салышына жетине албайт. Маркумду жайына коюп, ички жол-жоболорун жасаган соң, ар бир адам колуна топурак кочуштап, оозуна алып барып «сообу тийсин» деп багыштайт да, сунган күрөккө салышат.

Ошол бир ууч топурак үчүн пенделер алыс-жакындан атайын барышат. Ал маркумдун тегерек-четине чачылат. Баары топурак салгандан кийин, казанак оозу бекитилет. Топурак салууда:

1-ден, ошентип, ар кимдин эндей топурагы төгүлөт.

2-ден, бирөөлөрдүн «мен үчүн топурак салып кой» — деген аманаттары аткарылат.

3-дөн, маркумдун жаткан жайына далил ташы чачылат.

4-дөн, эгер ал молдо болсо, өзүнүн керээзи менен куран китеби башына коюлат.

5-ден, маркумга милдеттүү топуракты салгандан соң, баргандар көрүстөн аралап, башкаларга бата тилеп кетпөө керек. Бардык дит ошол маркумдун тегерегинде болуу зарыл.

## Маркумга мал союу

Маркумду урматтоонун эң башкы зыйнаты — ага атап мал союу. Ал кыргыз-казактарда катуу салтка айланган. Эгер шарияттын кан жолун катуу тутуучу жерлерде, тескерисинче, ошол өлүк чыккан үйдө үч күн эчтекенин жыты искелбей томсоруп, аза күткөндөй болуп турушу шарт. Маркумдун күйөрмандарына, жакындарына тамак-ашты башка үйлөрдөн даярдап берип турат. Кара кийинип (айрым аймактарда, анжияндык кыргыздарда көк кийинип) каза жутуп жаткандар үчүн чыныгы аза күтүү мына ушундай болуп саналат. Тоо-ташты аркалаган кыргыздарда (арка-

лык кыргыздарда) өлүк канча күн жатса, ошончо күн конокторун коноктой берүү ырасмиси денелерине жедеп орноп бүткөн. Бул алымдуу жөрөлгөгө айланып калган.

Маркум жан таслим болгон күнү анын коногуна деп, бир кой соёт. Ал ошол күнгө өлүккө катышкан өз жергежээктерине, кирди-чыктыларга тартылат.

Кыргыздарда жылкы союну алымдуу карайт. Көпчүлүк мусулман өлкөлөрдө мындан жаа бою качышат. Алар Камбар-Ата тукумун адамдын жан жолдошу катары баалашат. Жоого барса, бир барган, жоону чалса, бир чалган, кан майданда казатка минилген малды соймок түгүл, казы-картасына тоймок түгүл, карап койбойт. Ыйык тутушат. Бизде тигил дүйнөдө «бурак кылып минет» — деген ишеним айтылат. «Жылкы таппай, уй сойду», «бодо табууга чамасы келбей, жандык сойду» — деп айрымдары айып табат. Кээ бир аймактарда, мисалы, Чүйдө мурун уй союшту сооптой көрүшчү, бир гана бодо союшчу. Азыр алардан да мурункудай бардар өңдөнүп, жылкы, бир эмес экини союшкандар чыкты...

Малды арбын союу берилген кабарга, келүүчүлөргө карата, ал адамдын атак-даңкына жараша да болот. «Өлүк бардын байлыгын чачат, жоктун этегин ачат» — дегендей, бардарлар мындай учурда башкалардан бөлөкчөрөөк көрүнүшү үчүн колдон келгендерин төгөт.

Тарыхый маалыматтарга караганда Жантай уулу Шабдан баатыр 1912-жылы 6-апрелде Чоң-Кеминде Тар-Суу айлында каза табат. Ар тарапка кабар берилип, Алматы, Каракол, Бишкек, Ат-Башы, Нарын тараптан миң чамалуу адам агылып келет. Жаназасына 7 миң киши турат. Ошончо үчүн жүздөгөн жылкы, миңдеген кой союлганы өзүнөн-өзү белгилүүдүр.

Маркумга малды арбын союу кошумчанын түшүшүнө да байланышкан. Кыргыздар куда-сөөктүү, дос-тамырлуу, бардар, ражалуу эл келет. Алар мал жетелеп, акча-тыйын, дүнүйө менен келип түшүшөт. «Өлүктүн өз ырыскысы бар» дешип, аны чыгымдоодон кайра тартышпайт. Арийне, мындайда мансаптууларга кошоматка кой союучулар да өтө арбын кездешет эмеспи.

Бүгүнкү күндө кең Нарын бөксөлөрүндө, Көл калаасында 10—12 жылкыны бир союп, маркумдун өлүгүн, кара ашын тойго айлантып жиберүүчүлөр мына ошондой кырдаалдан улам болуп отурат. Шартына жараша ража (кошумча) топтоо аркылуу маркумду узатуу мүмкүнчүлүгү болот. Кыргыздар, төтөн, элеттиктер «аксактын амирине карашат», т. а. ортодон мал чыгарышат. Чай-чамегин кам-

йашат. Бей-бечараларды, ошентип, томсортпой, элдик ынтымак аркылуу эбинекелтирип коюшат. Мындайда ар-намыс, боорукердик сезим күкүрттөй кайнай түшөт. «Ал жармач турат, жаш бала-бакыралуу, жалгыз уюн сойдурабызбы, балдары сүт ичип турсун?» — өңдүү жүйөлүү пикирлерден улам ага жардам көрсөтүү аракеттери болот. «Сен жакынысың, колуңда бар, сен бирди сой»,— дечүлөр да бар. Кыргыздын салты боюнча, албетте, өзүлөрү эле алдуулары бирден чыгарууга шымаланып турушат.

Адам өлгөндө мал союуда атаандашуулар, ички текердешүүлөр да шакардай кайнайт. «Баланча өлдү эле бар туруп, мынчаны эле сойду», «Түкүнчө өлдү эле, барыжогуна карабай туруп, мынчаны сойду», «Кемпирге деле бешти союп жатышат»... «Азуусун айга жанып, аким болуп, уулу турат. Сен мынчаны сой» — дечүүлөр да чыгат.

Атактуулар, журт мыктылары каза тапканда өлүктүк чыгымды жалпы элге чачкан. Урук, уруу билермандары аны чогултушкан, же конок алышкан. Топурак салууга туш-тараптан келүүчүлөр милдеттүү конок болушкан. Алсак, ошол эле Жантай уулу Шабдан баатыр өлгөндө, аны жерге койгондо эл-журттан жыйналган 350 жылкы, 2500 сом (анда бир соолук эки сом), 9 сынпоз ат жабдык, үч аттык сыйда араба, 20 ичик, 20 кымкап, 80 бейкасам чапан жана 450 сомдук кездемеси дооран үчүн молдолорго, элге таратылган. 9-апрелде өлүгү коюлуп, келгендер 10—11-апрелге тараганга чейин коноктолгон.

### Маркумдарды урматтоо

*«Таазим этип, токтой өткүн, жолоочум.*

*Сендей болгом, сен да мендей болосуң» (накыл).* Бул — абалтан берки салт. Эстеликтер, коргондор, күмбөздөр бара-бара тарыхый мурастарга, керээздерге айланат. Алар ыйык тутулат. Чыгыш элдеринин расмисинде коргондор, күмбөздөр, түбөлүктүү эстелик катары падышаларга, хандарга, болуш-бийлерге, бай-манаптарга б. а. баатырларга, эл билермандарына, журт мыктыларына гана жалпы элдин демилгелери, чачылган чыгымдары менен салынган.

Ошол көрүстөндөр маркумдардын түбөлүктүү жайы катары тирүүлөр тарабынан таазим этүүгө, куран окуй өтүүгө ылаажы болгон. Көрүстөнду, күмбөздү, коргонду эш тутуп, маанектей барып жатуу тирүүлөрдүн салты болгон. Көрүстөнду, күмбөздү, коргонду карап даарат албоо, заара ушатпоо, «жер жамандап барбасын» — деп, көзү өткөндөр тууралуу акарат сөздөрдү айтпоо тирүүлөрдүн вазийпасы, адеби, ыйманы болуп саналат.

## Сөөк жуудуруу (Сөөк жууга кирүү)

Бул — маркумду көргө коёрдун алдында денесин тазартуу. Албетте, өлүктү урматтоо ырасмиси илгертен эле кыргыз элинде бар. Сөөк жууга абалы куда-сөөктөрү, дос-тамырлары, анан анын теңтуштары кирген. Маркумду «Ак кепиндеп, аруу жууп» акыретке узатуу милдети турат. Алардын кандай жуурун, кай тараптан баштаарын, ымам же молдоке айтып, жол-жоболорун көрсөтүп, көзөмөлдөйт. Жуугандарга маркумдун кийимдери ылайыкташа бөлүнүп берилет. Албетте, эң эле адими кийимдери куда-сөөктөрүнө, кыз-кыркындарына, кыйбас дос-тамырларына берилет. Мында ичик, чепкен, кементай, зер асем нускалары, кийинкилерине калтыруучу табариктери ж. б. анын баш кийимдери, барктуу буюмдары болуп саналат.

Адатта, өлүккө баруучулар өз шартына ылайык кийим-кечек алып барып илишет. Кийинки чактары мына ошолорду жаңылыгына карап, сөөк-туугандарга бөлүштүрүүчү болду. Бул туура эмес.

Улуу шарияттын жолунда соопчулук өзү 1-орунда турат. Маркумдун кийип жүргөн кийим-кечектери өтөт. Аны эски-жаңысына карабай бөлүштүрүп берүү — парз. Анан өзүнүн өлүмтүгүнө сактаган буюмдары да болот. «Пайгамбар барга назир, жокко кайыл» — деп, куран окуп, айрымдарын жууп кийип жүрүүсү зарыл. Жуучуга бериш үчүн айрымдар жаңы кийимдерин үстүнө ырым үчүн бир салып, катып коюшкан.

Аягында айтаар сөз, ич ара наараздыктар, таарынычтар болбоочудай аларды ыраазы кылат. Акыйкатта, биринчи милдет түбөлүк жатуучу үйүн казуу, анан маркумду аруу жууп, ак кепиндеп коюу башкы сооптордон болуп саналат.

**Маркумга топурак салууга барганда.** Мусурманчылыкта атайын кабар айтылган соң, ал жакынбы, алыспы, туугандык жайы кандай, ага карабай барып топурак салуу парзы жогору турат. Ошол жерден башка тарапка бурулбай, кайра кайтуу салты сакталган. Т. а. өлүк өлгөн жерден ооруларды барып көргөнгө, ал-ахыбалын суроого, «баланчага топурак салганы келдим эле» — деп, ооруп жатканга айтууга болбойт. Ага ал сөз катуу тиет.

Мындай шартта башка жерлерге барып, мейман-конок болуу да олдоксон көрүнөт. Ошондуктан түшкөн жерине

кайра шарт аттанып, артын карабай түз кетүү адеби, ыйманы Кыргыз Атада мыкты сакталган.

**Маркумдун доораны — жаназасы.** Бул — маркумдун артындагы ар кандай вазийпаларды молдолордун аткаруусу. Анын күнөөлөрүн, адалдыктарын-арамдыктарын өз моюнуна алып, куран-далил ташын түшүрүүлөрү. М. а. маркумдун түбөлүк жайында тынч жатуусу үчүн ага тирүүлөрдүн көрсөткөн зыйнаты. Демек, бир түрү, жаназа окуур алдында шарт боюнча жаназа-дооранга катышкан, маркумдун милдетин алган молдого акча, кездеме коёт. Минген атына өз ээрин токуп, канжыгасына жайнамазын, самоорун, аркан-кабын байлап, өлүк жаткан табыпка баштантып туруусу, жаназа окуганга аны мингизүүсү. Маркумдун карызы, ошол молдо аркылуу өлүк ээси өлүктүн милдетинен кутулуусу. Доорайын түшүргөн молдо мындай ыйык соол кылуу үчүн жан алакетке түшө күндүр-түндүр ылайыктуу сүрөөлөрдү ыраатка келтирип, «Сомолдияр», «Касыйда» окуп чыгуусу.

**Жыртыш айыруу** — маркумга карата көрсөтүлүүчү зыйнаттардын бири. Жыртыш-кездемени жыртып (айрып берүү). Бирдемени жырта коюу менен сообуна калуу. Элүүлөрдөн ашкандан кийин жан таслим болгондорго төрт чарчы кездеме айрып, маркумга келүүчүлөргө таратуусу, алуучу жыртышты үйүндө ага атап, куран окуп же окутуп туруп, бир керегине жаратуусу. Албетте, ар ким алына жараша муну эндүү, энсиз айырабы, чыт, сатин, же тукаба, баркыт, атлас, шайы айырабы, ал өлүк ээсинин мартабасына карата болгон. Кийинчерээк чыны, чайнек берүүчүлөр чыккан, маркумду эстеп, чай кайнатып ичип жүрсүн дегени. Азыр бет аарчы берип жүрүшөт. Мындай жосундарды жасабоо, мунун анча маани-жайы жоктугу, тим эле чыгым тартуу экендиги тууралуу адилеттүү ой-пикирлер бар.

**Мүчө берүү** — бул да маркумга көрсөтүлгөн зыйнаттардын бири. Мурун байлар, бийлер, манап-билермандар, улуктар буга карата мал, дүнүйө, кийим-кечек таратканы айтылат. Кийин келип, маркумга топурак салуучуларга урук кагып, же айылга бөлүп, акча берүүчүлөр чыкты. Алар ал олжону ич ара бөлүшүп алышат. Бекер акчанын күйүтү күчтүү болуп, аны аракка салышат. Маркумдун чөйрөсүнөн үйлөрүнө күүлдөп барышат. Арийне, бул маркумду сыйлоого жатпаган, өлүк ээсинин чыгымдар гана кылуучу, элдердин ой-пикирлерин бузуучу, бекер олжого туйтунуучу жорук экени белгилүү болду.

**Маркумдун үчүлүгү жана жетилиги.** Адатта, мар-

кумдун зыйнатына байланыштуу көп эле ырым-жырымдар бар. Баамдоолордо, мындай көрүнүштөр башка диндерде да кездешет. Маркум жерге түшүп, «кара ашы» берилип, кураны окулаары менен кечинде союлган малдын баштарын ж. б. эттеринен салып, үчүлүгү берилди болот. Ага эл аз чакырылат. Кошуна-колондору гана кирет. Атап куран дубасы жасалат. Ал эми «жетилиги» ага караганда жоопкерчилиги бир аз артыгыраак көрүнөт. Эл арбыныраак чакырылат. Кары-картаңдар эске алынат.

**Аза-бата кылуу.** ***«Аза арыбайт, бата карыбайт».***
***(Эл сөзү).***

Бул — маркумга сый-урмат көрсөтүүнүн бир жагдайы. Жакындары, куда-сөөктөрү, кайын-журттары, дос-тамырлары, алды-берди барлары, маркумдун ээсине өзүнчө жай айтууга, кайрылып, атайын куран окутууга, алакан жаюуга, бата кылууга кыргыздардын мурун мал жетелеп баруусу, шартка карата кийин акча-тыйын сунуусу, кездеме-кече коюусу. Алып барган байлык аркылуу маркумдун арбагын сыйлоосу. Арийне, бул илгери сөзсүз аткарылып келинген. Мындан да ич ара сөз чыккан. «Бээ жетелеп келди», «өгүз айдап барды», «аза-батага алакан жайган жок», кийин «куран окутуп келбеди», «беш токочун аяды», «арбакты сыйлабады» өңдүү таарынычтар пайда болот. Тескерисинче да айтылат. Ыраазычылыгын билдирет.

Демек, «аза-бата кылуу» аттуу түшүнүгү бара-бара жоюлуп баратат.

**Маркумдун жылдыгын белгилөө.** Чынында, бул үрп-адат кийин чыкты. Маркумдун жантаслим болгон күнүн — жылдыгын белгилөө. Бала-бакыралары алыс-жакындан келишип, атайын чогулушат. Аны эскерип куран окутууга дасторкон жайылат, мал союлат. Чакырылгандар ж. б. этине тоёт. Аттанып кетишет.

Мындай жосун бардардыктан келип чыкты. Маркумдун чоң ашын берүү менен анын милдетинен тирүүлөр кутулат. Орозо айтта гана мал мууздап, ага арнап, кан чыгарууга, куран окууга ылаажы бар.

**Жай айтуу.** Бул — жашоо-тиричиликтеги жамандык-жакшылыкта санаалаштардын ич ара катышы. Барлардын, илик-жармалардын бири-бирине өткөрө турган мамилеси. Иш жүзүндө, сөз жүзүндө көңүлүн жубатуулары, бирдемелерди ыроо кылуулары. Таарынып, ичинде түйүп калбоого кылган далалаттары. Кыргыз Атада: «Берип бешөө болбойт, алып алтоо болбойт» — дейт. «Кичинеден көңүл алат,

болоор-болбостон көңүл калат». Анча эле алды-бердиде эмес, ак ниетте бири-бирин урматтоо жай айтуудан, жакын жүрүүдөн билинет. Демек, бул — кошумча кошуунун чакан түрү.

Мунун башкача жолу пайда болууда. Ал — көңүл айтуу. Маркумдун жакындарына барып, «арты кайрылуу болсунду» айтып, арак-шарап берүүсү. Бул «суу жуткуруу» болуп эсептелет. Өлүк үстүнө анын жакындарына, өлүк ээсине үстөккө-босток ичире берип, маркум өз учурунда коюлбай, өзүлөрү топурак салбай калган учурлар да болгон. Куран окутуп баруда куран окулаары менен бөтөлкө бузуп, тойлоп кетүүлөр да бар. Арийне, мындай көрүнүш — жай айтуунун терс жактары.

**«Суп кийгенге сурак жок».** *«Суп кийгенге сурак жок,*
*Сурабай эгем койгон жок».*

*(Накыл).*

1-Суп чепкен — сырт кийим, ал төөнүн жүнүнөн ичке ийрилип, оңду-солду чыйратып, өрмөкчүлөр тандайлаштырып согот. Муну ардактуу журт аксакалдары, эл башчылары, молдолору кие турган. Муну кийүүчүлөрдүн үмүтү — тигил дүйнөгө барганда кыл көпүрөдөн шар өтүү.

2. Диндик ишенимде ак кепин, ак даки, суп кездеме, мусулманды ошого ороп коёт.

*«Ак куранды жаздантып,*
*Ак тактанын үстүнө.*
*Кыбыланы баштантып,*
*Суп кийгенге сурак жок,*
*Суптан салдым төшөктү».*

*(Оозеки адабияттан).*

Демек, сөөктү коёру менен кырк кадам басып, кайрадан куран окугандан кийин, «аңкүр-маңкүрлөр» көргө кирип, ага сурак кылбайт — деген ишенимди айтып отурабыз.

**Коргон салуу.**

*«Көп жыл болду, көрүүгө шарт болбоду.*
*Көптөн бери, көңүлдөгү ойдогу.*
*Сагынып мын. сагынып мын аябай,*
*Салам сага Сарногойдун коргону».*

*(Байдылда).*

Адатта, коргон салуу деген түшүнүктүн кош мааниси бар.

1-ден, бул — адамдын мекен тутуп, ата конушу катары

башынан байырдаган жайы. Ал турагы катары да туюлат. Ат-Башыдагы Кошой-Коргон, Таш-Рабат буга айкын далил боло алат. Булар бара-бара кербен сарайына айланып кеткени баамдалат.

2-ден, бул — маркумдарга салынган төрт бурчтуу короо. Мунун бурчтарына чыгыш элдеринин архитекторлоруна таандык байсалуу форма (түр) келтирилген. Маркумдун мүрзөсү ичинен орун алган. Коргонго жеке өзү эле эмес, жакындары да коюлган. Ал анын атак-даңкына, сөөлөтүнө карата бир нече чарчы кез аянтты ээлеген. Алсак, XIX кылымдын 30—40-жылдарында салынган Эсенгул феодалдын уулу, Ормон хандын атасы Ниязбектин коргону жарым гектар жерди ээлеп, бийиктиги эки жарым кез (метр) болгон. Бышкан кирпичтен салдырган. Ошол салынган коргонго атайын ат чабыш үчүн казак-кыргыздардын бүткүл бай-манаптары чакырылып, алар бир нече күн коноктолгон. Албетте, мындайда жалпы чыгым калың элдин моюнуна жүктөлгөн.

Азыр да ар ким алына жараша түбөлүк белги катары карыларга коргон салууда. Аны чакан, төө кыш же бышкан кыш аркылуу көтөрүүдө. Анын ичиндеги мүрзөгө көбүнчө маркумдун өзү жатат.

**Күмбөз салуу.** Бул — коргондой эле Чыгыш элдеринин салтында атактуу адамдарга, кандарга, бектерге, баатырларга, чечендерге, бай-манаптарга (болуш-бийлерге), ажыларга, даткаларга, акындарга, манасчыларга, комузчуларга, т. а. дубанга таанымал адамдарга карата эли-журтунун демилгеси менен көтөрүлгөн белги. Мусулманчылыкта маркумдун эстелиги. Аны урматтоо, кадырлоо, өз аймагынын билерманы, акылга шериги, баатыры ж. б. сыймыктуу адамы экенин башка эл-журтка даңазалоо, м. а. уруу мыктыларынан экенин далилдөө.

Адатта, чыгыштын шартында күмбөз салууда ошол адамдын деңгээли билинген. Кимдерге ылайыктуу экенин эл өзү чечкен. Орто даражалууларга күмбөз салынбаган. Айрымдардын керээзи боюнча моло тургузулган, таш тегеректеп койгон. Билинип турушу үчүн белгилер да коюшкан.

Күмбөздүн сырткы көрүнүш сыпатын калыбында тургузуучу усталар дин тараган тараптан келген. Көбүнчө кашкар, өзбек сарттары чакыртылган. Күмбөз топурактан, атайын бышырылган кыштан көтөрүлгөн. («Манаста» Каныкей канча миң эркечтин майы менен бышырылган кыштан Манас баатырдын күмбөзү тургузулганы тууралуу көркөм сүрөттөлөт.) Анда жыгач, темир болбойт, сүрөт

тартылбаган. Төбөсү куполдонуп (казан көмкөрүк, жарым айланадай тасырайып), дубалдын төрт бурчу түрлөнүп, башынан тууган ай көрүнүп, анын канчалык деңгээлде тургузулганы устанын чеберчилигин айгинелеп турган. Маркум жаткан жай күмбөздүн ичинде болгон.

Айрым чыгаан аттуу-баштуулардын сөөгүн душмандары кордоп кетпеси үчүн анын жата турган жайын көздөн далдаа кылуу жагдайы да болгон. (Мисалы, Манастын сөөгүн ушул максатта Каныкей Эчкилүүнүн-Тоосуна дайынсыз каткан имиш. Ал эми күмбөзү Таластагы Кароол-Дөбөсүнүн түбүндө жай алган.

1-ден, күмбөздү шариятта кайрадан өзгөртүүгө, жаңылоого болбойт. Ал баштапкы түрүн сакташ керек. Куранда анын убакыт өткөн сайын топурагынын аба-ырайынын ар кандай өзгөрүлмөлүү шарттарына учурап, учуп, эзилип, азып-тозуп турушу сооп болуп саналган.

Кийинчерээк негедир бирин көрүп бири улуу адамдардын күмбөздөрүн өзгөртүүгө, кайрадан калыбына келтирүүгө атаандашуу аракеттери бар. Ушундай демилгелер аркылуу Талас тарапта, Түндүк Кыргызстанда көп күмбөздөр бүгүнкү жердиктин негизинде кайрадан оңдолуп чыкты. Аны биз эстеликтерди реставрациялоо катары түшүндүк. Андайларга Көлдүн башындагы бугу элинин арык, белек тукумун бийлеген, тейлеген Кыдыр акенин, Ысык-Көлдүн күнгөйлүк саяк элинин билерманы Садыр акенин, Тоңдун ала-көз-кабасынын манабы Баатыркандын, жумгалдык куудул Куйручуктун, ат-башылык моңолдор элинен чыккан улуу ырчы Боогачынын, бугунун улуу баатыры Балбайдын күмбөздөрү түп тамырынан жаңыртылды.

2-ден, күмбөздүн жашоо доору бар. Ал болгонундай турушу жөндүү. Анын мурунку көрүнүшү тарыхый кийинки муундар үчүн бүдөмүк болуп калат.

Т. а. маркумдун мураска айланган андай жайын кайрадан өзгөртүүбүз, күтүүсүз жаңыртуубуз шарият жолун, жалпы эле жаткан арбактарга доо кетирүү болуп калат...

«Топурактан жаралган Адам ата, Обо эне кайрадан топуракка айланат» — деген шарияттын мыйзамы такыба тутулат.

60-жылдарынан баштап эл оңолду, турмуш текши болду. Маркум болгондорго атап, малды арбын союп, ар кимдер бардардыкты көрсөтүп, дайынсыз чыгымдоолор көбөйө баштады. Дооронго көптөгөн эгин, төрт түлүк, өздүк буюмдары коюлду. Дүүлүгүүлөрдүн кесепетинен айрым жерлерде жакындары, үй-бүлөлөрү сызга отуруп калышты. Ошон-

до басма сөздөр аркылуу кеп кызуу жүрдү. Малды көп сойбоо, дооранына көптү койбоо тууралуу.

«Андан көрө маркумга эстелик салбайбы, түбөлүк эстеп жүрбөйбү» — өңдүү осуятка өттү. Ошондон баштап, «Кимди-ким көрдү Быржыбайды там басты» — дегендей болуп, жапа-тырмак көрүстөн үстүнө эми атайын эле күмбөз салууда эркек-ургаачыны ылгабай калды. Эмгеги элге сиңгендерге караганда колунда барлар ата-энелерине укмуштай күмбөздөрдү тургузуп коюшту.

Белгилүү, атактуу адамдардын койгон эстеликтери шоона эшпей калды. Көрүстөндө үгүт-насыяттын күчү менен ургаачыларга темир боз үйлөр, темир, кыш коргондор пайда болду. Мында да эл байкуш ич ара дагы каржала түштү.

Демек, маркумдарды эстөө, элестөө керек, алардын арбагын сыйлап, ар дайым атап куран окутуп, жаза, айта жүрүңүз. А бирок кур намыска алданып, тирүүчүлүктө анча эле кыйналуубуз шарият жүзүндө жагымдуу жагдай эмес.

## Маркумдун бейит башына баруу

Адатта, маркумдун 40 ашы берилгенден кийинки милдет — анын жайында бейит башына баруу парзы. Буга көбүнчө күмбөз тургузуу, коргон салгандан соң даярдык көрүлөт. Андыктан мал атап, көрүстөн үстүндө мууздайт, же этин бышырып алат. Боорсок жасалат, татымал төгүлөт. Кымыз көрөңгөлөтөт. Көрүстөн үстүндө самоор кайнатылат. Дасторкон жайылып, арбакка арнап, куран окулат. Чай, кымыз ичилет. Эт ж. б. тамактар желет. Кайрадан арбактарга куран окулат. Маркумдун мүрзөсүнүн топурагын сылап, жакшылап, отурган орундарын тазалап, кайра кайтышат. Бул маркумдун бейит башына барды болуп эсептелет. Мындай арбактарга арналган зыйнаттар Нарын бөксөлөрүндө, Көл кылааларында мына ушундай деңгээлде өтөт. Айрым аймактар минтпей, 40 ашы бүтөөрү менен бейитке кешик алпарып, куран окуп гана коюшат.

## Аш берүү

Аш берүүнүн чоң сөөлөттүүлүгү аркалык кыргыздарда ашып түшкөн. Анжияндык кыргыздар анын ордуна той берүүдө элдик салтты, наркты, таң-тамашаларды алдыга чыгарышат.

Тарыхтан мындай аш берүүнүн укмуштай көрүнүштөрү

жолугат. Алп «Манаста» Көкөтөйдүн ашынан тартып, кийинки муундарга дейре анын даңазалары артылып келген. Мунун күчү Союздун учурунда тайган. Антип аш берүү салтына тыптыйпыл тыюу салынган. Себеби, 1-ден, дин мамлекеттен бөлүнүп, эл атеизм жагына ооп, партиялык саясат, лениндик идея алдыда турган. Негизги мыйзамда «Динге ишенүүгө да болот, ишенбөөгө да болот» — деген аныктама айтылган. Бул адамдарды эки ача ойдо калтырган. Карылар ишенген, жаштар жаңы жол аркылуу кеткен. Анчалык атак-даңк менен эмес, ич ара аш берүү, куран окуу болуп келген. Ал аракет ар кимдин алына жараша болгон.

2-ден, дубан элге дайындап, ошончо боз үй тигип, элге чыгым чачып, даңазалуу аш берүүгө, т. а. май аш, чоң аш кылууга шарт да болбогон. Теңчилик, уруят ага жол бербеген.

3-дөн, мурункудай ар бир урук өзүнүн ураанын кенен таштоого, ушундай жагдай менен атактууларын, мыктыларын даңазалоого, албетте, эч мүмкүнчүлүк болбойт да эле.

4-дөн, аш берүүгө караганда той берүүгө, б. а. белгилүүлөрдүн, төтөн, акын-жазуучулардын, артисттердин, ж. б. чыгармачыл адамдардын төрөлгөн күндөрүн, өкмөттүк дата белгилөөгө бөтөнчө көңүл бөлүнгөн. Буларга элден чогултпай өкмөт атайын акча караган. Сыйда өткөрүлгөн. Маракеге карата даңазалоо иштери жеткиликтүү жүргүзүлгөн...

Илгери аш берүү анын атак-даңкын чыгара өткөрүүгө урук, уруу жапа тырмак аттанган. Буга өкүмчүлүк жашоо өзү эле моюн сундурган. Аш берүүдө эл-журт чабылып келген. Анын союшу өзүнчө, коюлуучу байгелери өзүнчө чогултулуп, чыгымдары өтө көп боло турган.

*«Алдыга баштап төө саят,*
*Калыңдан килем жаптырып,*
*Шурудан буйла тактырып,*
*Ойроттон тандап он сулуу,*
*Кызды тандап да саят».*
*(«Манас»).*

Демек, аш берүүдө кара башыл адам сайылган. Буга мисал: кеминдик Атаке уулу Таштанбектин ашы 1834-жылы берилет. Аталаш тууганы хан Жантай карамагындагы элин чогултат. Ар бир уруктан төрттөн адам чыгартып (азык-моңолдор — 4, өзүк — 4, жантай — 4, таздар — 4, молой-чечей — 4) 20 адамды алып, андан сырткары кемеге башында жүргөн 13 адамды ашка союлуучу малга ко-

шуп, байгеге саят. Минтип, асыл адамды мал катары саюу аштын даңазасын аябай арттырган. Ошондо 65 адам байгеге кетет. Алар барган жеринде кул аталат. Байгеге сайылып келгендердин аты өчпөйт. Ата теги жок катары эсептелген. Арийне, эл — уютку, ошол барган жеринде эл менен элдеш, жер менен жердеш болуп, сиңип кетишкен.

Аштын атак-даңкы боз үй тигилүүдөн, малды бырчылдата союудан билинген. Мисалы, көл башындагы белек уруусунан 1889-жылы эгин-тегин жыйналганда Түптүн суусунун боюнда Кең-Суунун талаасында Алыбай уулу Солтонкулдун ашында 1000 боз үй тигилген. 1900-жылы күзүндө атактуу манап сарбагыш уруусунан Дүр манап атасы Сооронбай Кудаяр уулуна аш бергенде 2000 үй тигилип, 35 миң адам келген. Ысык-Көлдүн Тоңун жердеген саяк Баатыркандын агасы Байбекке 2009 үй тигилип аш берген. 15 миң адам келген. Жантай уулу Шабдан баатырдын ашы Кичи-Кеминдин өзүндө берилип, атайын конок алууга 1500 үй, ашканага 1000 үй тигилет. 10 миң кой, 2 миң жылкы союлат...

Аштын даңазасы байгелерди чоң сайганы, айрыкча атчабышта мараны алыс коюшу аркылуу артылган. 1886-жылдын күзүндө солто манабы Байтик Канай уулунун ашын бергенде баш байгеси 1000 төө, 1000 кой болуп, өзүнүн аты Керкашка (саяпкери Шергазы) жарым чакырым алыс келет.

Бугу уруусунан Муратаалынын ашында баш байгеге 1000 жылкы сайып, саяк уруусунан Кенжебайдын Арчаторусу чыгып, жүзүн өзү алып калган. 900 жылкыны соогатка тараткан.

Мара демекчи, Чоко баатырдын чоң атасы Рыскулбектин ашын бергенде чапкан аттын сүрөөсү Кочкордогу 40 чоронун күмбөзү болуп, атты Кескен-Ташты бастырып, Топурак-Белди ашырып, Көтмалды, Коңур-Өлөңдү өтүп Ала-Баштан коё берген. Болжолу аттар 100 чакырым жерге чуркаган. Төрөгелди баатырдын баласы Чоткаракын ашында күлүктөр Соң-Көлдү айлана 80 чакырым аралыкка чуркашкан.

Аштын атак-даңкын эл чыгарган. Анткени ошончо чыгымдарды жумурият жону көтөргөн. Алар билермандардын айткандарын, дегендерин эки кылуучу эмес. Ал тартип катуу сакталган. «Көп түкүрсө көл болот» — дешип, эл-журт жер майышкан салыктарды аткарууга чыдашкан.

Аш берүүдөгү ата-бабалардан бери ар-намыс, уруулук атаандашуулар, текердешүүлөр жогорку чекке жеткен.

«Үй уйдан калса, кулагын кессин...» «Ногойдон Нойкут кем бекен, Чубактан Манас эр бекен». Арийне, бул кыргыз Атанын каны менен бүткөн. Берилген аштарды биринен-бири угат. Биринен-бири көрөт. Ич ара тыңчыларды шайлап, алдыртан кеп-кеңешин куруп, андан ашып түшүүлөр, арнамыска жетүүлөр болуп келгени талашсыз чындык.

**Арбакты сыйлоо.** Бул — маркумга тирүүлөрдүн көрсөткөн сыйда вазийпасы. Анын аброюн көтөрүүсү. Бала-бакыраларына көрсөткөн мамилелери. Ага таандык жакшылыгын аябоо. Арбагын урматтоо, арбайын согуу. Кез-кез эскере жүрүүсү, ылайыктуу ишине жароо. «Ыраматылыктын арбагы ыраазы болсун», «Арбагында колдой жатсын», «Куран окуп коёлу», албетте, мындай адамгерчилик маркумдун жакынына-алысына карабай жасалат. Тирүүчүлүктө анын кадырын көзү өткөндө урматтоо — биздин келе жаткан алгылыктуу салтыбыз. Ага анын бала-бакыралары, жакындары да ыраазы болушат. Азыркы өткөзүлүп жаткан маркумдардын маарекелери, аш-тойлорунун зыяпаты так ошого барып такалат.

### Качан куран окууга болот?

Тирүүлөрдүн маркумга акыркы көрсөткөн зыйнаты чоң ашын берүү болуп саналат. Бул ашы-жыты берилди, өлүк карызынан кутулдук дегенди түшүндүрөт. Мурун жок жосундар кийин чыгып отурат. Жыл сайын адам жан таслим болгон күнү мал союу, аны тойго, бардар дасторконго айлантуу тирүүлөр үчүн анча аброй алып келбеши ыктымал. Мында бирөөлөр, ошентип, мал союп, байлыгын билдирет. Айрымдар анте албай, томсоруп отурат. Демек, жарык-жалган дүйнөгө бирдей келген адамзат экиге бөлүнүп, бар-жокко айланып отурат. Бул шарияттын улуу жолуна жатпайт. Эгер маркумду чын эле эстей жүрүүбүз тийиш болсо, жакшы тамактан кийин куран окуп коюу, түшкө кирсе да куран окуп коюу, аты өчүп калбоо үчүн кийинки муундарына анын атын коюу, көңүлгө кылт этип кетсе, куран окуп коюу, баарынан да орозо айтта курмандык чалуу ж. б. у. с. себептер менен эскерүү шариятка куп жарашат.

## ПИР ДҮЙНӨСҮ

Абалы, баланын пири Умай эне дейбиз. «Пир» аттуу түшүнүк «анын колдоочусу», «теңири», м. а. «пайгамбар сабаасы» — сымалдар менен алмаштырылган. Демек, Умай эне баштап так ошондой касиетке эгедер. Непада бала

ооруса, «Умай эне өзү сыйлайт» — деген ишеним, ой тар-туулар пайда болгон. Ымыркай ар кандай ооруларга ту-шугат. Кээде анын эти көгөрүп калса, «аа, а, Умай эне өзү уруп кеткен тура!» Ушул сөздүн негизи «эчтеке болбойт, Умай эне өзү турбайбы?» деген ишенимге, ойго барып та-калат. Эмчи-домчулар азыркыга дейре ымыркайды эмдөө-дө, абалы ушул Умай эненин атын аташат. Ошого сы-йынышат. «Умай эненин атынан эмдеп атабыз» — деп турушат. Албетте, ата-бабадан келе жаткан асыл жөрөлгө болуп саналат.

Ошентип, балдардын-наристелердин пири Умай эне улук сезилет. Пир тууралуу кеп козголсо, биз билгенден бир топторун санай алабыз. Мисалы: жигиттин пири Кырк чилтен (Шаймерден деп да айтылат), сүйүүнүн пири Зу-лайка, Жусуп. Мында эки жаштын махабатын айгинелеп турат. Секелек, Сары кыз, Асан шайыр акындын пири де-шет. Табыптын пири Улукмандын теги белгилүү. Ал «Ибн-Зада», деп да аталат. Тажик элинин атактуу дарыгери экени тарыхта, философияда, медицинада даана айтылып келген. «Улукман акем сакайтсын» — дары-дармек ичүүдө ушинтип айтылган. Теректин пири — Байтерек, аны кээде чынар терек деп коюшат. Чечектин пири — Карасан Ата дейбиз. Ушул жерден «Ата» деген сөздү оозанган соң, короодогу төрт түлүк мал эске түшөт. Ошондо төө малы — төө Ойсул-Ата тукумуна кирет. Койдун пири Чолпон-Ата, эчкинин пири — Шыйпаң ата, кийиктин пири — Кайберен жандык катары эсептелет. Уйдуку — Зеңги-Баба деп коёт. Иттин пири — Кумайык, куштун пири — Буудайык — бу-лар жеринен эгиз айтылат. Суунун пири — Сулайман де-шет. Ал кайсы Сулайман? Ал мүмкүн пайгамбар Сулай-ман? — боолголой албайбыз. Чүкөнүн да пири бар. Ал Кара Чеке деп аталат. «Чүкөнү чекеңе толгойунбу?» — де-ген сөз. Бул чүкөнү мыкты аткандарга айтылат. Чилдени-ки — Кырдач — ал жай чилдеби, кыш чилдеби? Сөздүн төркүнү азыркы муундарга анча түшүнүктүү эмес. Бермет данын күрөгөн дыйкандарды мындайда деле «Баба дый-кан» дейбиз. Экинчиден, жалпы эле дыйканчылыкты «Боз кептер» — деп коёт.

Устанын пири — Дөөтү. Дөөтү пайгамбар кызыл чок темирди колу менен кармаганы, өзүнүн шекирттерине ушундай кармап узанууга үйрөтүүгө аракеттенип уламыш-тарда арбын айтылат.

Там, дубалдын да пири бар. Там орусча «дом», ал ки-йин чыкты. Аны кыргыздар «жер үй же ысык үй» дешет. Мунун пири Ыбрайым Хилулга деп айтылат экен.

Соодагерчиликтин пири — Имам Масаи, бакыттын Пири — Кыдыр, Илияс, мында Кыдыр Алаки салам, кээде Кызыр алаки салам эске түшөт. «Ал Кыдыр алеки саламга, б. а. Кызыр алаки саламга жолугуптур. Куудай сакалы бар карыя экен. Колунан кармаса, «тырмаксыз» колу кебездей жумшак. Ошого жолугуп, же изин басып, таалайы ачылыптыр» — өңдүү болумуштар айтылып, зор ишеним туудуруп келүүдө.

Жырткычтын пири — Баян жабыр. Арийне, биз айткан, балким айтылбай калган пирлер бардыр. Адамдын пири — Кудай, Асман теңири, Алла таала; жан-жаныбарлардын жалпы пири — Кудайдын кудрети менен жаратылыш жаралып, алардын ар биринин эгеми бардыгын мусулман пенде катары таанып-билүүбүз, аны парз тутуубуз абзел. Ушундан улам «Ээси бир десе, эгеми эки дейт» — деген сөз айтылат. Айрым адабияттарда уйдун пири — «Ай мүйүз», үн атасы — «Камбаркан», суу атасы «Сулайман», жел атасы «Жел кайып», жердин пири «Жер эне», күндүн пири — «Күн Теңир», чычкан пири — «Чие Ата» деп аталат.

Пир тутуу — санжыралуу көрүнүш. Мындан мурунку заманда муну диндин эрежесине чыланган катары каралган. Аны эскерүүнүн өзү кыйынга турган. Деген менен исламдын касиети аркылуу пайгамбардын осуятын кылымдардан сактоо ич ара болуп келген. Арийне, бирдемелерди ыйык көрүүнүн артында адеп, ыйман, ардактоо, кадырлоо, тобо келтирүүчү күчү болот.

Төрт түлүктү арбын күтүп, боор эт менен тең малды сыпаттоочу көрүнүштөр да тарбия-таалим берет. Ойсул-Ата тукумунун күлүгү желмаян, Камбар Ата тукумунун күлүгү Тулпар, Зенги-Баба тукумунуку Шүдүңгүт деп атоонун өзү — кийинкилер үчүн сабак. Аларды кырып-жоюп жибербөөгө көрүлгөн ички тутум болуп саналат. Тилекке каршы, буларга өчүбүз бардай мамилелер да болду.

**Кыдыр алейки салам.** Негизи Кызыр алейки салам деп айтылат. Бизче Кыдыр алейки салам. Ал сөздүн тыбыштык өзгөрүшү. Адамдардын тиричилигине ар дайым назар таштоочу, ичтен жардам берүүчү пайгамбар — деген имиште келишкен. Карыялардын айтымында Кыдыр (Кызыр) курган жерлерде, анын түгөйү Илияс пайгамбар сууда кырсыкка учурагандарга жардам берген дегени мусулман элине каптап келүүдө. Биздин Кыдыр алейки салам — Кыдырга салам берүүсү. Анын оң колунун баш бармагынын сөөгү болбогон. Талаа-түздө ага кайып-каскактап жолугуп калсаң, ал ак сакал болуп көрүнөт. Салам айтып, алик ал-

ганда, ошол жерин коё бербей жалынып-жалбарып, бакыт-таалай, мал-мүлк сурооң керек. Ал бата берет. Сенин бакты-таалайың ачылат. Мал жандуу болосуң, төрт тарабың кыбыла, жыргап жатып каласың... Ушундан улам «Кыдыр алейки салам колдосун, жолуңду биреөлөр торобосун», «Кыдыр даарысын, Бак карасын», «Жети кишинин бири Кыдыр», «Жолдошуң Кыдыр, жолуң шыдыр болсун» — деп бата берилет. Ушул үмүттө кыргызда Кыдыр атуулар көп. Ошол Кыдыр өмүрүндө ар түрдүүчө үч курдай кезигет имиш. Кыдыр — анын аты, Алей — ошол кишиге жолук деген маани берет. Салам — ошондо турмушуң бейкутта, тынчтыкта, жыргалда болот дегендик.

Бул негизи диндик түшүнүктөн келип, күндөлүк жашоо ишенимине айланып кеткени көрүнүп, билинип турат.

**Зайып затынын пири.** Кыргыздардын да астейдил сыйынуучу Алласынын бири — Умай энс. Ал элибиздин байлыкты келтирүүчүсү, дыйканчылыкта түшүмдүүлүктүн, малчылыкта төлдүүлүктүн жаратуучусу.

Дыйкандар бермет данды күрөгөн, жер жайнаган төл болгон жылдары «Умай эненин төшүнөн сүт агып жатат» — дешкен адамдар. Курсактагы баланын эркек, кыз болоорун Умай эне белгилеп берет имиш. Кимде ким Умай энеге тайынса, уулду болот имиш.

Демек, ар кандай балээден сактоо Умай эненин эми аркылуу жүзөгө ашат имиш. «Бул менин колум эмес, Умай эненин колу!» — деп, учуктала, эмделе турган. Сүттөн аппак бөбөктүн бетинин ар дайым тазалыгы — Умай эненин жууп койгондугу. Бөбөктүн үйдө жалгыз укташы — Умай эне карап жатканы. Натыйжада, Умай эне — түрк элдеринин мифологиясы, албетте, Теңирибизге, Жер-Суубузга табынышкан касиет Умай энеге да таандык көрүнүш болуп саналат.

**Жигит пири — Шаймерден (Шахимерген).** Кыргыздар жоокерчиликте көп болгон. «Манастын уулу эр Семең, Шай колдогон эр немең» («Семетей») Шай, Шаймерден — бир түшүнүк. «Шай» — колдоочу дегени. «Жигиттин пири Шахимерген же Шай колдосун» — сымал айтыла берет. Бул — урушта баатырлардын сыйлаган пири. Ал Мухамбет пайгамбардын күйөө баласы азирет Аалыга барып такалат. Динди жалпы элге таратуучулардын жандуулары: Абубакир, Омор, Осмон, Аалы деп айтылат. Албетте, алардын ичинен Аалынын баркы кыргыздарга дейре абдан артылат. Анткени Мухамбет пайгамбарыбыздын күйөө баласы болуп отурбайбы.

**Дөөтү пайгамбар колдосун.** *«Усталарга пир болгон,*
*Мурунку өткөн Дөөтү бар.*
*(Оозеки адабият).*

Дөөтү — усталардын пири. Усталар узанаарда: «Дөөтү пайгамбарым колдосун» — дейт. Байыркы эл Кыргыз Ата устакерчиликти өтө сүйүп, колдорунан тамган курал-жарактарына, зер жасалгаларына, ат жабдыктарына алыс-жакындан кардар түшкөн. Кымбат баага сатып алыша турган. Андай асем нускалар тарых, этнографиялык музейлерден орун таап, али да аларга суктанабыз. Кандайдыр уста узанып отурганда, белгисиз бирөө кошо узанып, ага жардам бергендей туюлган. Ушундан улам кыргыздар Дөөтүгө сыйынууга өтүшкөн. Дөөтүнүн төмөндөгүдөй жоруктарына назар таштайлы. Мында пир колдоо — жалпы туюнтма. «Шаймерден колдоо», «Умай эне», «Дөөтү колдоо», жер титирөөдө «Ибрагим Хилулга колдоо» — булардын ыйыктыгын, бийиктигин баалоо. Анда тобо келтирүүбүз, кийинки муундарга үйрөтө жүрүүбүз зарыл.

**Ойсул-Ата.** *«Ойсул-Ата жаныбар,*
*Жандан артык кереги.*
*Алабата, ак тикен,*
*Тилин сайбай жегени».* *(Эл ыры).*

Бул — мусулман алакалардын түшүнүгү боюнча төөнүн пири. Мындайча айтканда, төө малынын колдоочу ээси. (Проф. Х. Карасаевдин баяндоосунда, Ойсул-Атанын төркүнү диндик жомоктогу Султан Венс деген олуяга барып такалат. Ал көп учурларда Венс Гарани деп аталат да, кедей адам болот. Төө асыроо аркылуу жан багуучу экен...

**Зеңги-Баба — Үзөңгү-Баба** — уйдун пири, ээси, кудайы. Ушундан улам уйдун өзүн да «Зеңги-Баба» — деп, каймана мааниде айтып келебиз. Өзбектерде Зеңги-Ата дейт. Бизде деле, анжияндыктарда уйдун пири — Зеңги-Ата (беш төрт-түлүккө үндөш) деп айтуучу аймактар бар. Карыялардын айтымдарында Зеңги-Баба — «Олуя» — деген наамды алган адам дешет. Ал Ташкентте туулган имиш... Кыргыздар Зеңги-Атанын айтылыш жагдайын өзгөртүп, Зеңги-Баба, Үзөңгү-Баба деп коюшат.

### Ыйыктар деп эмнелер эсептелет?

Бул — тиричиликте кол тийбес айбанаттар, канаттуулар. **Үй жаныбарына айланган мышык жети кесептин** бири экенин билебиз. Муну да ыйык көрөбүз. Канаттуулар-

дан үкү, торгой, көк карга да айтылып жүрөт. Ак кууну атууга болбойт.

*«Билсең торгой канаттуунун ыйыгы,*
*Билсең торгой шайыр куштун уругу.*
*Чекит болуп, учуп чыгып ободо,*
*Ырдап берет сен унуткан ырыңды».*
*(Байдылда).*

Демек, боз куштардын ичинен торгой ыйык деп эсептелет. Үкү үчкө бөлүнөт: сасык үкү (үпү), бабырган, байылуу. Жапалак — өзүнчө, аны «телик куш» дейт. Ал жерге жалпайып жатып алат. Шыбак, кызыл от өңдүү чөптөрдүн түбүндө уялайт. Бир кадам калганча туруп, учуп кетпейт. Булардын ичинен байылуу «ыйык» деп айтышат. Ал тууралуу мындай уламыш бар:

Он сегиз миң ааламды сураган Ыйса пайгамбар: «Бул жарыкчылыкта өлүк көппү, же тирик көппү? Түз көппү, дөң көппү?» — деген жардык коёт. Буга эч бир канаттуу жооп бере албаптыр. Байылуу бул жардыкка келбей калыптыр. — «Ошол билет эле» — дешет. Ыйса пайгамбар бүркүттү алып келүүгө чаптырат. Бүркүт байылууну алып келатканда, салаасынан түшүп калат. Анан кыргыйды жөнөтөт. Кыргый баатыр чап кармап алып келет. Ыйса пайгамбар:

— Ааламда тирик көппү, же өлүк көппү? — деп сурайт.

— Өлүк көп.— Байылуу жооп берет.

— Эмнеликтен өлүк көп болот?

— Күн чыкканга чейин уктап жаткандарды мен өлүккө эсептейм.

— Себеби эмнеде?

— Аларда үмүт жок.

— Туура,— дейт пайгамбар. Кайра сурайт:

— Түз көппү же дөң көппү?

— Дөң көп.— Байылуу жооп берет.

— Эмнеликтен?

— Чычкандар түрткөн топуракты да мен дөңгө эсептейм.

— Мунуң да туура чыкты,— дейт. Ыйса пайгамбар анан муну жарыялайт: «Байылуу үкүнүн ыйыгы, буга тийбегиле!».

## Адамдагы айрым жагымсыз сапаттар

Бул жарык дүйнөгө адам баласы төрөлүп, эс тарта баштаганы жашоонун күндөлүк тартибине моюн сунууга, оң тарапка бурулууга милдеттүү болуп эсептелет. Адамга

**Дөөтү пайгамбар колдосун.** *«Усталарга пир болгон,*
*Мурунку өткөн Дөөтү бар.*
*(Оозеки адабият).*

Дөөтү — усталардын пири. Усталар узанаарда: «Дөөтү пайгамбарым колдосун» — дейт. Байыркы эл Кыргыз Ата устакерчиликти өтө сүйүп, колдорунан тамган курал-жарактарына, зер жасалгаларына, ат жабдыктарына алыс-жакындан кардар түшкөн. Кымбат баага сатып алыша турган. Андай асем нускалар тарых, этнографиялык музейлерден орун таап, али да аларга суктанабыз. Кандайдыр уста узанып отурганда, белгисиз бирөө кошо узанып, ага жардам бергендей туюлган. Ушундан улам кыргыздар Дөөтүгө сыйынууга өтүшкөн. Дөөтүнүн төмөндөгүдөй жоруктарына назар таштайлы. Мында пир колдоо — жалпы туюнтма. «Шаймерден колдоо», «Умай эне», «Дөөтү колдоо», жер титирөөдө «Ибрагим Хилулга колдоо» — булардын ыйыктыгын, бийиктигин баалоо. Анда тобо келтирүүбүз, кийинки муундарга үйрөтө жүрүүбүз зарыл.

**Ойсул-Ата.** *«Ойсул-Ата жаныбар,*
*Жандан артык кереги.*
*Алабата, ак тикен,*
*Тилин сайбай жегени».* *(Эл ыры).*

Бул — мусулман алакалардын түшүнүгү боюнча төөнүн пири. Мындайча айтканда, төө малынын колдоочу ээси. (Проф. Х. Карасаевдин баяндоосунда, Ойсул-Атанын төркүнү диндик жомоктогу Султан Венс деген олуяга барып такалат. Ал көп учурларда Венс Гарани деп аталат да, кедей адам болот. Төө асыроо аркылуу жан багуучу экен...

**Зеңги-Баба — Үзөңгү-Баба** — уйдун пири, ээси, кудайы. Ушундан улам уйдун өзүн да «Зеңги-Баба» — деп, каймана мааниде айтып келебиз. Өзбектерде Зеңги-Ата дейт. Бизде деле, анжияндыктарда уйдун пири — Зеңги-Ата (беш төрт-түлүккө үндөш) деп айтуучу аймактар бар. Карылардын айтымдарында Зеңги-Баба — «Олуя» — деген наамды алган адам дешет. Ал Ташкентте туулган имиш... Кыргыздар Зеңги-Атанын айтылыш жагдайын өзгөртүп, Зеңги-Баба, Үзөңгү-Баба деп коюшат.

**Ыйыктар деп эмнелер эсептелет?**

Бул — тиричиликте кол тийбес айбанаттар, канаттуулар. **Үй жаныбарына айланган мышык жети кесептин** бири экенин билебиз. Муну да ыйык көрөбүз. Канаттуулар-

дан үкү, торгой, көк карга да айтылып жүрөт. Ак кууну атууга болбойт.

*«Билсең торгой канаттуунун ыйыгы,*
*Билсең торгой шайыр куштун үрүгү.*
*Чекит болуп, учуп чыгып ободо,*
*Ырдап берет сен унуткан ырыңды».*
*(Байдылда).*

Демек, боз куштардын ичинен торгой ыйык деп эсептелет. Үкү үчкө бөлүнөт: сасык үкү (үпү), бабырган, байылуу. Жапалак — өзүнчө, аны «телик куш» дейт. Ал жерге жалпайып жатып алат. Шыбак, кызыл от өндүү чөптөрдүн түбүндө уялайт. Бир кадам калганча туруп, учуп кетпейт. Булардын ичинен байылуу «ыйык» деп айтышат. Ал тууралуу мындай уламыш бар:

Он сегиз миң ааламды сураган Ыйса пайгамбар: «Бул жарыкчылыкта өлүк көппү, же тирик көппү? Түз көппү, дөң көппү?» — деген жардык коёт. Буга эч бир канаттуу жооп бере албаптыр. Байылуу бул жардыкка келбей калыптыр. — «Ошол билет эле» — дешет. Ыйса пайгамбар бүркүттү алып келүүгө чаптырат. Бүркүт байылууну алып келатканда, салаасынан түшүп калат. Анан кыргыйды жөнөтөт. Кыргый баатыр чап кармап алып келет. Ыйса пайгамбар:

— Ааламда тирик көппү, же өлүк көппү? — деп сурайт.

— Өлүк көп.— Байылуу жооп берет.

— Эмнеликтен өлүк көп болот?

— Күн чыкканга чейин уктап жаткандарды мен өлүккө эсептейм.

— Себеби эмнеде?

— Аларда үмүт жок.

— Туура,— дейт пайгамбар. Кайра сурайт:

— Түз көппү же дөң көппү?

— Дөң көп.— Байылуу жооп берет.

— Эмнеликтен?

— Чычкандар түрткөн топуракты да мен дөңгө эсептейм.

— Мунуң да туура чыкты,— дейт. Ыйса пайгамбар анан муну жарыялайт: «Байылуу үкүнүн ыйыгы, буга тийбегиле!».

### Адамдагы айрым жагымсыз сапаттар

Бул жарык дүйнөгө адам баласы төрөлүп, эс тарта баштаганы жашоонун күндөлүк тартибине моюн сунууга, оң тарапка бурулууга милдеттүү болуп эсептелет. Адамга

адам — сынчы, тарбия-таалим берүүчү, өзүнүн башынан өткөндөрүн үйрөтүүчү, нускоочусу. Ошон үчүн атаны көрүп уул, энени көрүп кыз, аганы көрүп ини, эжени көрүп синди өсүп келгени — жеринен көрөңгөлүү адат. Ал көргөнү-билгени адептүүлүктү, ыймандуулукту туюнтат. Эгер бала-бакыра билбестиктен бирдемелерди жасап койсо, аны көрүп-билип тургандар терс көрүнүштөрүн эскертсе, илгери эрөөнү-төрөөнү болбогон. Кайра билбегенин билгизгени, туйбаганын туйгузганы үчүн ыракматын кабаттап айтуучу. Китепте жазылбаган, мыйзамда өлчөнбөгөн андай эрежелерди журтчулук элдик салт, адат катары түбөлүктүү сактап келген. Ошондойлордун айрымдары азыр баамдалышы ыктымал. Бирок, байкап, үндөктөп, үйрөтүп, тескеп туруу зарыл.

**Мурунду чукуу.** Айрымдар мурундагы маңкасын чубалтып чыгарат да, бирдемелерине аарчыйт. Аны көрүп калган адам аябай жийиркенет. Тойгон тамагын кусууга дейре барат. Демек, көпчүлүктүн көзүнчө мурунду сөөмөй аркылуу чукуу — өтө уят. Муну муундарга айта жүрүү зарыл. «Мурдум эле кычышат, эт жейм го?» — деген кеп бар.

**Кулакты чукуу.** Адатта, кулак ичи кычышат. Аны ширеңкенин талынын башына кебез ороп, кулакты чукуп, уюп калган кирин алат. Муну өзүнчө отурганда тазалап туруубуз керек. Эл көзүнчө чукуу, тазалооо өз айыбын өзү олдоксон көрсөтүүгө барабар.

**Оозду ачып эстөө.** Көпчүлүк отурганда кээде күтүүсүз оозду чоң ачып калган учурлар болот. Бул «эстөө» деп айтылат. Жакын отурган адамдарга жуулбаган ооз жыттанышы ыктымал. Чарчоонун, шалдыроонун белгисин билдирген мындай шартта айрым абийирдүүлөр өз оозун өзү күтүүсүздөн баса коет. Кээде аны «Аңырдай оозуңду ачып!» — деп, туура эмес көрүшөт.

**Чүчкүрүү.** Күтүүсүздөн элди карап чүчкүрүү да — чоң уят. Ал аркылуу мурун ичиндеги чимкирик элге чачырап кетүүсү мүмкүн. Башты буруп, башка тарапка карап чүчкүрүүбүз тийиш. Ошондо «Акчүч!» — дейбиз. Чүчкүрүү ак тилекти билдирет. Бала-бакыралар чүчкүрсө, жакшылыкка жоруйбуз. Кээде чүчкүргөн адам чүчкүргөнүн одоночулук көрүп, отургандардан кечирим сурайт. Негизи чүчкүрүү жакшылыкка жорулган.

**Бышкыруу.** *«Мурдуңа карап бышкыр» (макал).* Уяттуу жерде бирөөлөр бышкырып жиберсе, адамдар: «Ал эмнеге антти? А, мүмкүн, бирөөбүздүн айыбыбыз көрүндүбү?» — деген ойго чейин барышат. Алар бири-бирин карап калышат. Бышкырган адамды адепсиз катары карашып, «Эмне

эле жылкыдан бетер бышкырасың!» — өңдүү кыязда болушат.

**Ышкыруу.** *«Жылкычы, жылкыга карап ышкыр»* (*макал*). *«Айдаганың беш эчки, ышкырыгың таш жарат»* (*макал*). Талаа-түздөрдө, мал-сал айдап жүргөндө ышкыруу, бирөөлөрдү ышкырып чакыруу анчалык эрөөн-төрөөн эмес. Көпчүлүк жерлерде бирөөлөр аңгеме учугун саптап жатканда, айрымдар ышкырып турат. Албетте, ал одоно угулат, көрүнөт. Ал көпчүлүктүн сөзүнө кулак салбоо, көңүл бөлбөө, адеби жоктук болуп саналат. Андайды: «Тишиңе таш тийгир, ышкырбай отур!» — деп, жалпы эл жактырбайт. Жалпы эл жактырбаган нерсе жакшы эмес.

**Чимкирүү.** «Албетте, чимкирбей киңилдеп, мурунунду шор тартып жүр» — деп эч ким айтпайт. Эл алдында мурунду өйдө көтөрүп, чимкирикти ыргыта таштоо өтө өөн болгон. Айыла кеткенде: «Оо, кудай урган, ары карап чимкирбейсиңби, элдин көзүнчө чимкирбей» — дей турган. Ошондой эле мурундун эки таноосунан чимкирикти баш бактатып, шор тартып туруу — андан бетер уят көрүнүш. Элдин көзүнчө бет аарчы менен үн чыгарып чимкирик чыгаруу да анча абийирдүүлүккө жатпайт.

**Түкүрүү.** Адам какырбай да, түкүрбөй да коё албайт. Айрымдар муну адатка айлантышат. Басса-турса чыйт түкүрөт. Ооздогу шилекейди чийдей кылып алыс сызыкта түптүз кылып коюлар, өнөр көрүүлөр бар. Көпчүлүктө адамдын өзүн кармоо адеби бар. «Ой, какырынбай, түкүрүнбөй отурчу» — дейт. Какырыгын, түкүрүгүн, чимкиригин көрүнгөн жерге таштоочулук, аны көпчүлүк көрүү — өтө одоночулук. Жуунуп, таранып жатканда чыгаруу керек. Какырык-түкүрүктү көмүскө, буруу жерге таштоо адептүүлүк, сыйдалык болот.

**Сагыз чайноо.** Илгери сагыз карагайдын чыйырынан жасалган. Аны чайноодо жыпар жыт уруп турган. Кыз-келиндердин сагызды элдин көзүнчө алчаңдатып чайноосу аябай уят көрүнгөн. Анда тишти тазалоодо чайыр сагыздын мааниси өтө чоң болгон. Андан тышкары жыпар мондокту чайнап, көкүрөккө бүркүп койгондо ооз да, тиш да, бүткөн бой да жагымдуу жыттана турган. «Жыты жыпар жыттанып» — деген сөз бар.

**Тиш чукуу.** Тамак-ашты жегенден соң тиштин араларын тазалап, аны талаптагыдай күтүп жүрүү үчүн арчадан жукартып, атайын тиш чукуур жасап, жандарына ала жүрүүчү. Шарият боюнча тишке тыгылган этти жутпай түкүрүүчү. Тишти эл көзүнчө чукуп отуруу жаштар, төтөн, кыз-келиндер үчүн кулакты чукуудай, мурунду чу-

куудай анча адеп эмес. Канткени менен отуруп тишти тазалоо абийирдүүдөй сезилет.

**Кекирүү.** Албетте, адам баласы кекирбей, жел чыгарбай тура албайт. Мында да элди көзгө илүүбүз, сырт жакты карап сыпаа жел чыгаруубуз, кекиришибиз абзел, жыты элге урбагандай болуусу тийиш. Адатта, кекирип жаткан бала-бакыраны «Аш бол!» — деп коёт. Бозо, ачкыл жарма, кымыз өндүү угуттуу, ачыткылуу, көрөңгөлүү тамактар кекиртүүгө шарт түзөт. Кеп улуу-кичүүлөрдүн алдында адепти сактоо, уят болбоо тууралуу бара жатат.

**Шыбырашуу.** *«Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт» (макал).* Мунун да ар кандай жагдайы бар. Одоно-роок сөздү көпчүлүк алдына чыгаруу, албетте, кополдук. Адамдар ар кандай ойлойт. Бирөөнү кайра-кайра карап шыбырашуу андан бетер кополдук. Ал бирөөлөрдүн айыбын чукуп жаткандай, аны келеке кылып аткандай сезилет. Ич ара күлүп калуу да ошондой ойго алып келет. Улуу-кичүүлөрдүн арасында отурганда шыбыр-күбүрдү этияттап жүргүзүүчү. Андайда ар ким өзүнө алуучу ниеттер пайда болбоого керек.

**Жалжактап күлүү.** *«Күлкү — өмүрдүн мүлкү» (макал).* Орундуу айтылган, күлкү чыгарган куунак сөздөргө күлүү, арийне, ырахат! Улуу-кичүүлөрдүн ортосунда отуруп, бирөөлөр жалпыга жагымдуу сөз айтып атканда кайра-кайра жалжактап күлүүчүлөрдү, маңыз сөз сүйлөөчүлөрдү, көпчүлүктү көзгө илбөөлөрдү жактырчу эмес. Андайларды «ажыкыз» деген атка кондурган. «Оо, о, кудай урган, жалжактайт эле жалжактайт!» — деп, анын адебине баа берип коюшчу.

**Сөөмөйдү кесөө.** Адамкерчиликте сөөмөйдү көзгө такоо, муштумду түйүү, бирөөгө сурдануу, ызырынуу, албетте, өтө бейбаштык. Деле сөөмөйдү соройтуп, бирөөлөргө карата сүйлөө, өзгөчө ургаачыларга андан бетер одоночолук. Адатта, колду жаңсоо бар. Анда алаканды жая жайбараксаттыкта кеп салуу жөнөкөйлүктү туюндурат.

**Көз кысуу.** Мунун ар кандай кырдаалы бар. Улуу-кичүүлөрдүн ортосунда бирөөлөр менен улам көз кысышып отуруу башкаларга одоно көрүнөт. Ал эмнеге көз кысышат — деген оңтойсуз ойлор келип чыгат. Көз кысып, көпчүлүктүн ичинен бирөөлөрдү алдыртан чакырып кетсе болот. Ал аркы-беркини сүйлөшүп отургандарга анча одоно туюлбайт. Бирөөлөрдү атып чакырууда да адептүүлүк сакталган.

**Кеп-сөзгө кыпчылуу.** Кыргыздарда сөз сүйлөөдөн, аны

уга билүүнү жогору койгон. Кепке конок берүү — жеринен келе жаткан адеп. Туурадан качырып, ортодон сөзгө кыпчылууну жүгөнү жок атка окшоштурган. Т. а. бир нукта кызыктуу аңгемеге киргендерди антип алаксытууну куюшканга кыпчылган жылкынын тезегине салыштырган. Бирөөлөр өз оюн айтып бүтмөйүн учкан чымындын үнүн уккандай тынчтык сакталган. Эшиктен кирээр замат тык отуруп калуу, капталдан чыга калып, суроо сунбоо абалтан келе жаткан нарк болуп саналат.

**Бирөөнү тууроо.** Мындай көрүнүш жалпысынан алганда одоно көрүнүш. Пендечиликте ар жандын оң-тетири тарабы болот. Кемтик-сөлтүк жактары сезилет. Ошонун баскандын-турганын келекелеп тууроо — аны кемсинтүү. Арийне, адамдардын ар кандайы жолугат. Бирөөнүн көзүн, бирөөнүн бутун, бирөөнүн үнүн, бирөөнүн жалпы эле кебетекешпирин антүү — аны басынтуу, тыңсынуу, анын баркын төмөндөтүү. Тууроонун экинчи түрү бар. Бирөөлөрдүн кыял-жоругу, басканы-турганы ага алымдуу-жагымдуу көрүнүшү ыктымал. Так ошондой болууга аракеттенет. Тууроого түрткү адамдын жекече сапаты кандай? Экөө мүнөздөшпү? Негизи, ички бай дүйнөн, табигый идиреги өзүндө болмоюн, бирөөлөрдү тууроо, идеал тутуу анчалык жакшы сапат эмес. Ал эми бирөөгө таасирленүү башка. Мындай жөнтөк ишке таасирленүү, таалимин алуу адамды оңго бурат. Минтүүгө себепкер адамдын жекече касиети бааланат. Илимде, адабиятта, өнөрдө үлгүлүү болоор андай кырдаалдар көп болуп келген. «Кимдин таасири тийген?» — деген суроого арбын жооптор табылат. Өзүнүн табигый кереметтери аркылуу артынан эчендерди ээрчиткен атагы таш жарып, узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына таанылган инсандар Кыргыз Ата тукумунда болуп келген, болуп жатат. Мисалы, таасиринин күчү менен Жеңижоктун, Токтогулдун акындык мектеби, Боогачынын обончулук мектеби, Кара Молдонун комузчулук мектеби, Муратбек Рыскуловдун актердук мектеби ж. б.лардын таалим-тарбиялары кийинкилер үчүн унутулгус нуска болуп кала бермекчи.

**Тырмануу-кашынуу.** Эт кирдесе, кычыткы, котур болсо адам тырманууга, кашынууга туура келет. Деген менен антүүнүн да орду бар. Катыратып тырмануу, бирдемелерге такап кашынуу эл көзүнө одоно көрүнөрү белгилүү. Антүүгө туура келсе, көзгө далдаа орундарга баруу керек. Көпчүлүктү сыйлоодо көзгө илүүдө адептүүлүктү тап жылдырбоо зарыл. «Котур тайлактан бетер кашынып»... «Эл көзүнчө тырманып» өңдүү жактырбоолор болгон.

**Алдыга бутту сунуу.** Мында карылар жаштардын алдына буттарын сунуп, жайбаракат отуруунун эрөөн-төрөөнү болбойт. Тескерисинче, жаш адам карылардын алдына буттарын сунуп отуруу — уят. Канткени менен алардын жашын, улуулугун сыйлабоочулук. Ата-эне тарбиясын көрбөгөндүк. Карылар баамчыл келет. Андай учурда кичүүлөрдү уяткарып, ата-энелерине наалат айттырып коёт. Антип бут сунуу — текеберчилик, ата-энелерди көзгө илбөөчүлүк. Айрымдар чыдабай кетип: «Бутуңду тартып отур», «Жаш адам антип отурбайт» — деп коюшу ыктымал.

**Адамды аттап өтүү.** Жаткан жеринде кары болобу, жаш болобу, адамдын башынан, төшүнөн, деле денесинен аттап өтүүчү эмес: «Башыңызды өйдө көтөрүңүзчү, өтүп кетейин», «Бутуңузду тартыңызчы, ары өтөйүн». Адатта, адам эмес, анын төшөнчүсүнөн аттап өтүүгө даай албаган. Андай болбогондо төшөнчүнү өйдө түрүп, ары өтө турган. «Манаста» кан Кошой калмактын алпы Жолойду көкөлөтө көтөрүп, жерге урганы тууралуу айтылат. Көтөрүп таштап, башынан аттап кеткени чоң мөрөйдө душманынан кыргыздар ар-намысты алганы болуп саналган. Волбосо, адамдарды аттап өтүү эч адептүүлүк эмес.

**Тамакка, дасторконго мурун кол салуу.** Тамак алдыга келгенде, алдын-ала бата кылып, улуулата кол сунуу — мусулмандыктын ыйык салты, адептүүлүктүн наркы. Улуулар турганда аларды мындай коюп, дасторкондогу даамдарга эч ким кол сунуучу эмес. Мында 1-куда-сөөктөр, 2-ирээтте — меймандар, 3-ирээтте — айыл аксакалдары, 4-ирээтте — ошол үйдүн же бир атанын улуулары кол сунуп, буюрган ырыскысын таткан. Ага карабай чычкылыгы кыстагандарды адепсиз, тарбиясыз, көргөн-өскөнү жаман, «Шодокондун бүркүтүндөй жутунган» деп баалашкан.

**Тиштеп жеш.** Бул этке карата айтылат. Бычаксыз эт жеш, албетте, өөн учураган. Бычакты оңтойлуу кармап, сыйда кесип, шарттуу сугунуп, аста-секин чайнап, кулк эттирбей жутуу адеп. Эт жеп жатканда ооздон майын чубуртуу, шашып-бушуп жеш адептүүлүккө жатпайт.

**Ачуулуулук.** *«Ачуу душман, акыл дос» (макал).*

Ачуу — жин, терс кыял, ачуулуу — жеке адамдык мүнөз. Ачуулуулук — тескери сапаттардын бири. Терс сезимге күтүүсүздөн жеңдирип жиберүүчүлүк. Жашоо-тиричиликте адам турмушу сыдыргыга салгандай, ойдогудай оң тараптуу, бир жактуу боло бербейт. Капа, кайгы, бир иштерге туталануу, кейип-кепчүүнүн акыры ачууга жеңдирүү, өзүн токтото албай кетүүчүлүк да бар. Кыргызда: «Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен токтот» — дейт.

Кара мүртөздүк да — адамдын терс сапаттарынын бири. Ниети жамандыкка чалып туруу. Айлана-чөйрөгө жакшылыгы жок, оң таасирлерге моюн сунбоочулук. Адамдардагы жакшы жолго түшпөө. Ичи тардык, ит кыялдык. Табияты менен кошо кетүүчү касиет.

**Тажаалдык** — адамдагы, айрыкча, аялдардагы терс сапаттардан. Сөз көтөрө, өзүнүн ачуулугун жаап-жашыра албоо, ачыкка чыгарып жиберүүчүлүк. Ачуусу аркылуу дайыны жок ээленип кетүүчүлүк. Муну албуут деп да коёт.

Булардын карама-каршысы — сабырдуулук. Адамдагы оң сапат. Кыргыздар — «Сабырдын түбү сары алтын» — дейт. Мында эркти акыл-ой башкарат. Сезимге жеңдирип коюунун арты эмнеге алып келээрин дароо сезе коюучулук. Оор басырык, токтоолук — адамдардын бири-бирине мамиле кылуусун дагы, маселе чечүүсүндөгү, ар кандай иштерди аткаруусундагы мыкты сапат.

**Азгырык. (Азыткы).** Азгыр — бирөөгө буйрук берүү. Азгырык — адамдагы терс мүнөз. Адамды кан жолдон тайдыруучулук. Балдарда окуу, ата-энеге тил алуу ордуна бири-бирин оюнга алдыруучулук, тамеки тартуу, бара-бара ичкиликке үндөө ж. б. у. с. касиеттерге баруучулук. Кумар ойноо — терс көрүнүш. Кыргыз Ата тукумуна жат. Бул серт адат. Башкалар аркылуу пайда болгон. Ага карта оюндар, «даттикен» (чүкө оюндары) ж. б. акча, мал-мүлк, жер-суу сайып, бири-бирин тоноочу, кээри кеткен оюндар кирет. Акыры чылым, наша тартуу, ичимдик ичүү сымал адаттар да буга үндөшөт.

*«Ак-Чий аймагы менен,*
*Кулбайрам эки көнөчөк каймагы менен,*
*Аалыбай алты жүз кою менен,*
*Күлчоро эки карыш бою менен.*
*Тегирмен калаасы менен,*
*Кара уста катын-баласы менен».*

Бир кумаркеч акыркы оюнунда жерге-жээгин тобокелге койгон экен — деген айыл арасында аңыз айтылат. «Ага жолобогула, ал азыткы, шайтанды да жолдон адаштырат» — дешет.

Кумардын, азгырыктын карама-каршысы, тетириси — өз жолунан тайбоочулук, оң таасир берүүчүлүк, адам болуучу, алдыдагы ойлогон ойго, тилеген максатка умтулуучулук. Коомдун талабын сезүүчүлүк, анын эң керектүү асыл жараны аталуучулук, эл-жер үчүн темирдей тартиптир кармоочулук.

**Кудайдан ыйбаа кылбоо.** «Кудайым бар», «Кудайым

төбөдө карап турат», «Кудайды каптсбиз», «Теңир жалгасын», «Теңирим, алла таала сактай көр», «Кудайым жар болот», «Кудайга койдук», «Кудайдын каарына калып»... Демек, мындай аныктамалардын далили — кудай баарына бирдей дегендик. Баш ийүүбүз тийиш. Бизге жардам берет. Сактансаң — сактайт. Мунун адилеттүү жолу — ыйман, адепти тутуу. Мусулманчылыкта алланын жолунан тайбоо. Ыйман — жүрүш-туруш, шарият жолун тутуучулук. Диндин кан жолунда анын касиетин, ариетин сыйлоочулук. Адеп-ахлак — тарбия-таалим берүүнүн башаты.

Мунун карама-каршысы — динден таюу, журттан безип кетүүчүлүк, селсаяк болуучулук. Бул кудайдын каарына калуучулук. Биз сүйүнөбүз, мында «кудайым берди» — дейбиз. Капа болсок, кырсыкка малынсак, «кудайым сактай көр» — дейбиз. Элдик каада-салтты, дөөлөттөрүбүздү, мурастарыбызды дал өзүндөй сактоо, жактоо, аны жашоо-тиричиликке изден тайбай колдонуу — ыйман жана адеп. Кудай, Теңир, Эгем, Алла таала — бирөө. Ыйман, адеп, биринин сапатын, кереметин бири толуктап, жашоодо жогорку чекке жетүүчү күчкө эгедер. «Ээси бир кылса, Эгем (кудайым) эки кылат» — деген накыл айтылат. Кудайдан ыйбаа кылуу — аны сыйлоо жолу.

**Зордук-зомбулук, кысым көрсөтүү** — адамдардын жашоо-тиричилигиндеги терс көрүнүш. Бирөөгө күч көрсөтүүчүлүк. Көтөн зордук — колдон келет кылып, бирөөнүн бирдемесин тим эле тартып алуучулук. Бул бийлик башындагы улуктарда, бай-манаптарда, болуш-бийлерде карапайымдардын убал-сообунан коркпоочулук. Ушундай абалдан улам эл тентиген, тербиген, абакка ак жеринен түшкөн. Кысым көрсөтүү — көрө албастык, бийликке, байлыкка чиренүүчүлүк. Бечара журтту кызыл камчыда кармоочулук. Анын карама-каршысы — эпке келүүчүлүк, адамдар бири-бири менен оң мамиледе болуучулук. Боорукердик — асыл сапат. Ошондой сезимде болуучулук. Мындай шартта эл мыктылары, журт жакшылары иргелет. Ал өзүнүн аймагы үчүн күйүп-бышат.

Зордук-зомбулукка чыдай албай кыргыз эли Кытайга качкан. Кызыл кыргын, сары сүргүн болгон. Азап-тозокко малынып, кытай жеринде да жергиликтүү зомбулукта турган. Кайра азып-тозуп, ач-жылаңач эл-жерине кайткан. Мындай жан кейиткен көрүнүштөр, азаптуу абалдар Аалы Токомбаевдин «Кандуу жылдар» ыр түрүндөгү романында, Жусуп Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасында, Касымаалы Баялиновдун «Ажар» повестинде ж.б. тарыхый даректерде, поэзияда, прозада таасын баяндалат.

Тайкылык — бул, баарыдан мурда, адамдын акыл-эсинин жармачтыгы. Турмуштук жөндөмдүүлүгүнүн алсыздыгы. Ар ишке сапатсыз мамиле жасоочулук. Үстүртөн кароочулук. Кыймыл-аракетинде одоночулук билинет. Бирдемени баштап баратып аягына жеткире чыкпоочулук. Аларды «кайсар» деп да коёт. Туруксуз элемент катары бааланат.

**Терендик** — тайкылыктын карама-каршысы. Бул — ар максатка тетик мамиледе болуучулук. Алды-артын так баамдоочулук. Даанышмандарга, кеменгерлерге, билермандарга, журт башчыларга, кол башчыларга таандык касиет. Өзүн сергек сезүүчүлүк. Билим, аң-сезим, адамдагы жекече сапат — ушул багыттагы жалпы тармактык түшүнүк. Тетик — бир адамдагы жекече касиет, сапат. Тетиктик — оң маанидеги, жалпы сапатка эгедерлик. Терендик — билими-илими, айлана-чөйрөгө көз карашы бай-бакубаттык. Булар — мыктынын мыктысы.

**Шылдыңкорлук.** Мында шылдың — биреөгө уят болуучулук, биреөнү уят кылуу. Шылдыңкор — адамдагы терс сапаттардан, шылдыңкорлук — ошол терс сапаттардын жалпы, жыйнактуу бир түшүнүгү. Мазак да, мыскыл да — бир маанилеш.

Мазактоо — бул мыскылдоо, анан мазакчылык, мыскылдык — синоним сапаттар. Акын Мидикемди Аалы:

*«Оозунан ыргып чыкчу эле,*
*Шакаба, мыскыл, тамаша.*
*Сөз менен сүрөт тартчу эле,*
*Кас менен доско жараша»,*— деген.

Албетте, кимдерге карата айтылгандыгы белгилүү. Бул жарык жана жалган дүйнөгө адамзат ыңаалап келди. Өзүнө туштук күнүн көрүүдө, суусун ичүүдө. Өзүн-өзү алып жүрүүнү, кандай алып жүрүүнү, айлана-чөйрөгө сын көз менен кароону билүүбүз парз.

**Чыр-чатак, жаңжал, урушчаактык.**

*«Чыр чыккан жерди көргөндө,*
*Чын күлүктөй элирет».*
*(Райкан).*

Булар — адамдагы терс сапаттар. Биринин акмакчылыктарын бири кайталайт. Жогорудагы айткандардай адамзаттын пендечилигинде коркунучтуу адаттардан. Ал чыр-чатак кылат, жаңжал (жаңжал — чатак, жаңжалчыл — урушчаак) чыгарат.

*«Чындыкты айтса сүйбөгөн,*
*Чыр-чатаксыз жүрбөгөн.*
*Чындап келсе кыргызга,*
*Чыпалагы да күйбөгөн.*
*Чымындай жаны чыркырап,*
*Чырлар да өтөт дүйнөдөн.*

*(Байдылда).*

Мындайлар ыркты бузуучулук, уруштун сөзүн сүйлөөчүлүк. Бир келип-кеткен пендечиликте адамдын жүрөк каны коюу, мандайдагы ырыс-кешикке нысаптуу, кеп-сөзгө көтөрүмдүү, ар ишке чыдамдуу, айлана-чөйрөдө өзүн бардардай, бакубат алып жүрүү — абзелдик.

*«Оозуң оозбу, уюгубу, уруштун,*
*Кез-кез эле келип турат урушкуң.*
*Биз баш коштук, бала күттүк, үй күттүк,*
*Баары биздик үйүбүздө ырыстын.*
*Каарың менен каптап өтүп үшүттүң,*
*Гүл мүнөздүү күлкүң менен жылыткын».*

*(Байдылда).*

**Жеңил оокат, арам дүнүйө, байлык тууралуу**

*«Ак мөңгү басып жатуучу,*
*Ашуу көп, курбум, ашуучу.*
*Тумшукка коёт терс жүрсөк,*
*Турмуштун келсе ачуусу.*
*Казына, байлык мага жат,*
*Караңгы жактан катылчу.*
*Кагаз жейт эле — дебесең,*
*Калк мүлкүн жебейт жазуучу».*

*(Байдылда).*

Албетте, бул — адамзат пендесиндеги терс көрүнүш. Таман акы, маңдай тери аркылуу табылган байлык, тамак менен жең ичинен жеңил жол аркылуу табылган көр дүнүйө бирдей нап бербейт. «Байлык — колдун кири» — дейт. Демек, ал опаа эмес. «Арам тамак аш болбойт» — дейбиз. Азыр кабат-кабат там салып атат, жалтылдатып машина минип, мыскылчы акын Мидикем айткандай:

*«Көкүлүнүн асты бөксө болсо да,*
*Көкүрөгү бийик,*
*Мурду булутка тийип,*

*Көйрөң келет алар,*
*Күн бүркөктө күрөң көз айнек кийип» —*

делип жүргөндөрдүн тамы адал там эмес, арам там, адал машина эмес, арам машина экени эл көзүнө кашкайып билинип калды. Байлыктын атасы — жер, энеси — эмгек. Демек, ак эмгек муратка жеткирет. Арам эмгек акыры уятка жеткирет. Током:

*«Эмгегиң менен элге жак,*
*Кор болбой асыл жанды бак.*
*Эрдин күчү зом темир.*
*Эритүүгө эр керек,*
*Эч оокатың болбосо,*
*Эгин айдоо жер керек»* — деген.

Адамдын ички жан азыгы баарыдан артык. Андай жандар, арийне, жеңил оокатка, арам дүнүйөгө, куу турмушка алданбайт.

## Турмуштук терс көнүмүш адаттар

**Уруучулук.** Кыргыздар урууларга бөлүнөт. Бул бир аз элдиктин белгиси, аймагынын чакандыгы, ич ара катыштарынын, барды-келдилеринин мыктылыгы болуп саналат. Албетте, улут, эл, уруу, урук, анан аталарга бөлүнүү жеринен келе жаткан салт делингендиктен, мунун байланыштык жол-жоболору, жөрөлгөлөрү тутулуп келинген. Салт мындан ары да санжыралуу колдонула берилүүсү тийиш.

Кыргыздарда чоң урууларга сарбагыш, бугу, саяк, моңолдор, саруу, кушчу, баргы, мундуз өңдүүлөр аталып жүрөт. Алардын арасында баш маанек майда уруулар бар.

Тарыхта уруу чабыштары болгон. Кылжырдан тараган бугу-сарбагыштардын уруштары кийинки чакта кыргыз таржымалдарында ташка тамга баскандай айтылып калды. «Эки дөө кармашса, ортосунда кара чымын кырылат» — болуп бугу-сарбагыштардын текөөрдөшүүсүндө майда эл кыдыктардын ченебей кордук көргөнү тууралуу ошол чактагы экспедицияга келген орус тыңчы-чалгынчыларынын күндөлүктөрүндө ачык айтылат.

Увун сөздүн кыскасы, мурун — союздун учурунда баш көтөргөндөрдү улутчул, уруучул атаса, эми уруунун атын чыгарууга далбас ургандар кылтыя баштады.

Ага күбө катары депутаттыкты шайлоодо, кызматка көтөрүүдө ай-маарекелердин болуп жатышы, күмбөздөрүн,

коргондорун жаңыртуулары, кочөлөргө, мекеме-мектептерге, айылдарга ат коюулары көпчүлүктүн уруучулук, уруктук канында дүрбөөдө. Мисалы, эл оозуна алынган Көл башындагы Балбай баатырдын, саяк Садыр акенин арык тукуму Кыдыр акенин, Тоңдогу алакөз, кабанын болушу Баатыркандын, ат-башылык атактуу ырчы Боогачынын, таластык кушчу Жангороз бийдин, калк куудулу Куйручуктун күмбөз, коргондору кайрадан жаңыртылды. Акын Арстанбекке белги коюлду. Олуя Калыгулдун жаткан жайы да жаңыртылды.

Арийне, өлүк-тириктин өз зыйнаты, сыйы болот. Төрөгелдинин күмбөзү түп-тамырынан бери өзгөрдү. Солто Байтик баатырдын күмбөзү оңдолду. Анын 175 жылдыгы ургаалдуу өттү. Мындай көрүнүштөрдү ар бир уруу өзүнүн ичинен суурулуп чыккан адамдардын урматтоолору деп түшүнөбүз. Анткени менен өлүк-тириктин өз ырыскысы, бактысы болот. Чын чынына келгенде артында кимдер бардыгы, билерманы, колдоочулары чечет. Мурунку оргуп чыккандарды азыркы шылуундары ошентип сүрөөнгө алып жатканы да билинет. «Жалпы саяк бириккиле!» — Мындай жээлигүү түптүү элге доо кетирип алаарын айткан адам анча аңдабай калганы белгилүү. «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» болбой:

*«Кара кылды как жарып,*
*Калысын сүйлөйт эр киши.*
*Уучтан ашпас кыргызды,*
*Урууга келбейт бөлгүсү».*
*«Азамат чыкса акылдуу.*
*Ал жалпы кыргыз элдики.*
*Калк ичин бөлгөн майдалап,*
*Бир гана караңгылыктын белгиси...»* —

деп нускоочу акын Байдылда айткандай, элдик адам — элдин бактысы, эл таалайы катары бааланат.

Айрымдар санжыра айтууга каршы чыгууда. Мында калыстык чечет. Кыргызда: «Урууң, уругуң кайсы бурадар?» — дейт. Көрсө, туугандыкты, жердештикти айтса, айтпаса эле иш бузулучудай сезилбөө тийиш. Жок, ал тукум куучулук сыпайкерчилик үчүн да керек. Эр жигиттин «ата журту», «кайын журту», «тайын журту», т. а. үч журту бар — дейт карылар. Бул нуска катары айтылат.

2-ден, уруу, уруктарга бөлүп айтуу одоночулук эмес, ал аймактын бөтөнчөлүктөрүн айра тааный билүүгө да керек. Ошол эле Байдылда айткандай:

*«Бугудан чыккан Балбай — дей,*
*Сарбагыш экен Шабдан деп.*
*Азыркы жүргөн чоңдордун,*
*Ата-теги кайдан — деп,*
*Эмне үчүн биздин уруудан.*
*Жакшылар чыкпай калган — деп» —*

жүрүштүн өзү одоночулук, кополдук... Кыскасы, мыктылар «Жаманды өзүм дебейт, жакшыны жатым дебейт». «Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» — дейт.

Уруктун, уруулардын ураанын чакыруучулар — журт бузарлар катары эсептелет. Эл ичине батуучу эмес.

Кайра достошуу, ынтымактуу куда-сөөк күтүүлөр аркылуу өз ара аттаныш-түшүүлөр, аш-тойлордо, жамандык-жакшылыктарда алыс-жакынына карабай кабар айтуулар, асемдеп чакыруулар, кайра асемдеп аткаруулар, бата жаңыртуулар болуп келген. Бул кыргыздын каада-салттарын шаңдандырып жиберүүчү. Мындай шаң-шарапаттын бу күнгө жеткен жөрөлгөлөрүн жокко чыгара албайбыз. «Саяктар менин кудам», «түп таякелерим сарбагыш», «моңолдор биздин жээн», «кызыбызды Көл башындагы кыдыктарга бергенбиз»... Мунун эмнеси жаман?! Айтор, муну айтуу менен кылыбыз кыйшайбайт, уруу-уруулардын ынтымагы ширелишет. Узун сөздүн кыскасы, кыргыздар ушундай асыл санжыраларын арка-бел тутуп, саны чакан, сапаты улуу эл келип, байыртан бакыбат жашап келген.

**Доо коюу.** Бул — доого жыгуунун башкача түрү. Мында сөз кумар (утуш) тууралуу болот. Адамдардын белгилүү өлчөмдө акча кошуп, кумар ойноого катышуулары. Кумарчыга шериктеш болуп ойноп, ал утса утушат. Уттурса уттурушат. Ушул акча доо коюу деп аталат. Азыр карта ойноо, (мисалы, 21), «төрт чүкө өкчөө», «бөдөнө уруштуруу», «короз тебиштирүү», «кочкор сүзүштүрүү» өңдүү түрлөрү бар. «Төрт чүкө өкчөө» көбүнчө уйгурлардыкы, аны «дат тикен» дейт. «Бөдөнө уруштуруу», «короз тебиштирүү» өзбек элине таандык. Кыргыздардын андай каадалуу кумар оюндары болбогон. Кумар ойноочуларды баба-салтында катуу жазалаган.

Кумар — бирдеме сайып ойноо. Кумарчылар бирин-бири утат. «Утам» деп кайра ойношот. Уттурганы улам ойнойт. Утканы аны коё бербейт, дагы ойноого азгырат, утуп отурган олжосун алып кетмек болот, уттурганы аны кетирбейт. Дагы ойноого биротоло аттаныш түшөт. Ич ара чатак ырбайт, бычак малуулар пайда болот. Ушинтип, бирин-бири сызга отургузат.

Арийне, Кыргыз Ата тукумуна мындай оюн-зооктордон өзүн алыс кармоосу, муундарыбыз буга алданбоолору тийиш. Ата-баба салтына-наркына доо кетирет.

Каада-салт, үрп-адат доорго жараша, заманына карата жаңыланып отурат. Бирок, утурумдук шартта айрымдары мезгил сынына туруштук бере албай, жылмышып түшүп калат. Кээлери илээшип, бир топко дейре шарданда жүрө берет. Ал да кийинки муундар үчүн каада-салтка айланып калат. Азыр уйкулук, базарлык, мода куу сымалдар уйгактай жабышып, ушул күнгө дейре жашап, мындан ары өөрчүп бараткандай туюлат.

Уйкулук ичкиликтен улам пайда болгон. Албетте, бул кийин чыкканы билинип турат. Оюн-чындан жаралган, жарыкка жапырт таралган, «уктап калба?» — деген сөздөн алынган, м. а. бул — өтө эле зыяндуу, кунары жакшы эмес адат. Шылтоогоо-шыноо — бирдеме доолашып ичүү. Бирок, бир жакка бараарда винобу, ар акпы, бөтөлкө бузат. Уктабай барып кел? — деп аны ичишет. Ушундан ары акырын аракечтик уланып кетиши ыктымал. Масчылык мына ушундай шартта ого бетер жаңдана түшөт. Уйкулуктун жообу «шаарга аттануучуну жөнөтүү, узатуу» деген мааниге эгедер. Уйкулуктун жандырмагы — базарлык. Обончу, акын Жумамүдүн Шералиев айткандай:

*Менин досум Чекмурат,*
*Арак жактан кеп кылат.*
*Больницадан чыксаң да,*
*«Базарлык бер» — деп турат.*

Азыр ушундай учурлар өөрчүдү. «Базарлык алып келет» — деп, кол караган жолдоштору кайрадан базардык ичип, мастык жолго барышат. Мында да бөтөлкөнүн шору! Ошентип, «уйкулук менен базардык» аракеч, «асылкечтердин» жүйөлөшүү аркылуу бирдеме өндүрүп ичүүчү өз ара «ынтымагын» Кыргыз Ата каадалуу салт катары мындан ары улап, урматтап кетүүнүн анча зарылчылыгы жок. Ал эми илгертен эле базардык соода-сатыкка байланышкан. Мал айдап, Анжиян — Аркага, Кашкар — Турпан тарапка барышкан. Пулдап келишкен. Биякта калган элге, бала-бакырага атайын арнап алган белек-бечкектери, буюмкечелери «базардык» деп аталган. Муну азыр бир гана ичкиликке тогоо, арийне, элдик каада-салтты иритүү!

Ооба, мода-сода — башка элдердин таасири, таалим-тарбиясы. Кыргыз Ата кулундары, тукумдары башка өзгөчө өзгөрүүлөргө, тууроолорго тушуктурууга муктаж эмес. Бирок, аны журтчулук алга жылыш, маданиятка умтулуш

катары түшүнүүдө. Натыйжада, мода кууш — кийим-кечени дайыма өзгөртүп туруш. Бүткөн бойдогу зер жасалгаларды жаңыртыш. Көргөн-каткан нерселерден куру кол калбаш. Үй эмеректерин жаңыртыш. Бул, 1-ден, улуттук адаттарыбыз тайыды, мурунку дөөлөттөрдү жоготуубуз. Биздин өлкөгө келгендер башка улуттардан кыргыздарды айра тааный албоочулук. Жүйөөлүү айтканда, заман шарты менен калың элге, коюу чаңга аралашып кетүүчүлүк. Элдир-селдир ак калпагыбыз гана болбосо, Кыргыз Ата тукумунун салттуу жөрөлгөлөрү бааланбай да, баамдалбай да баратышы.

2-ден, мода кууш адамдардын аң-сезимине сөзсүз доо кетирбей койбоочулук. Сырткы кебете-кешпири, бөтөнчө, жаштардын ички дүйнөсүнө бүлүк салуучулук.

3-дөн, мода кууш мурастык, табариктик, керээздик сөөлөттөрдү түшүндүрүүдө, туюнууда, аңдап-билүүдө бүгүнкү муундарды куру жалак калтыруучулук. Эгер Кыргыз Акең ушундай абалда бара турган болсо, эгемендүүлүктүн айкын жолунда өз үнүн, улутун, элдүүлүгүн, маданиятын, бийик дебейли, эптеп да тута албоочулук. Мактанаар, кийинки муундар сыймыктанаар касиет, ар-намыстардан ара бөк калышыбыз.

Ошондуктан, улуттук белгилердин бири сырткы кебете-кешпирди оңдоп жүрүү парз.

4-дөн, мода кууш тилге, динге, дилге, өнөргө өзүнүн кедерин келтирүүчүлүк. Ушундайлардан кыргыз тилин, мусулманчылыгын, элдик өнөрүн, адептүүлүгүн жеригендерди арбын көрүп жүрөбүз. Демек, тетөн, жаштар анын ичинде кыз-кыркындар — эркин элдин ата уулдары, эне перзенттери бул боюнча, ойлонуулары, толгонуулары ар-намысына келүүлөрү өтө зарыл.

Ушак айтуу. *«Айткан адам ушакчы эмес, айта келген адам ушакчы» (макал).* Бул — элдик каада-салттагы терс көрүнүш. Бирөөлөрдүн үстүнөн сөз чыгаруу, жактырбоочулукта чындыкты көбүртүп-жабыртууну өзүнө адатка айландыруу. Апыртмалуу жагдайга көбүрөөк көңүл буруучулук. Ушундан улам аны «ушакчы» деп коёт. Желпинип, жел тамандар көп басат. Кеп-сөздү көп угат. Аны айтып келүүдө өзүнүн сөз айтуусунда «жөндөмдүүлүгүн» да билдирет. Арийне, мындай жагымсыз маанайга назар таштабоо керек.

## Арак — дасторкондогу «каадалуу» тамак

Кыргыз Атанын таржымалында тамак ичүү учуру өтө маданияттуулукту талап кылган. Анда үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү өз орунун таап отурган. Даярдалган насипке назар түшүп, чайбы, этпи, кесмеби, жармабы, же башка тамак-аштар болобу, азбы, көппү, ирээти менен ичиле-желе башталган. Азыркы шартка байланыштуу адал дасторкон үстүнөн каадалуу катары бөтөлкө орун алууда. Арийне, каада-салтыбызга таптакыр коошо бербейт. Себеп дегенде, жаш-кары кадимкидей үй-бүлөлүктө ичип отурган тамак-ашын бул, биринчиден, иренжитет. Адамдардын ичтейин кайт кылат. Аракка бардык эле адамдын табити тарта бербейт. 2-ден, ошол адал, ары берекелүү дасторкондо динге моюн сунуп, алланын амирин кармоочулар отурат. Аны көзгө илбөө, демек, назарын сындыруу. 3-дөн, бул балдарга, уландарга бийкеч, беш көкүл кыздарга, тестиерлерге, наристелерге, бөбөктөргө тарбия-таалим бербейт. Дасторконду арак-шарап ичүүчүлөр өзүнө бурат. Акын Байдылда айткандай:

*«Арактык ичпес аз бекен,*
*Аз-аздан ичсе, жакшы экен.*
*Ашатпы тери жыттанып,*
*Ашыра ичкен бакшы экен» —*

болуп, өйдө-төмөн, өөдүк-сөөдүк сөздөр айтылат. Андай шарттар тамактануунун ырыс-ыркын учурат. Бул кайрадан кудай жолуна пааналап жатышкан кыргыз журтчулугунун бактысы эмес, шору, азабы, кендирин кесип деп түшүнөбүз.

**Бөтөлкөсүз куран-окутуу жок.** Маркумдун үйүнө барып, ага атап куран окутуу — соопчулуктун башаты. «Беш токочу жок бекен, алакан жаюуга жарабады» — дечүүлөр четтен чыгат. Бул тирүүчүлүктөгү парзды аткарууга, албетте, мусулман журтчулугу элпек келишет. Кыргыздарга мүнөздүүсү — айрыкча боорсок, май токоч жасоо. Бул атайын маркумга арнап жыт чыгарды кылгандык. Анан мал атап союп, этин бышырат же согум этинен деле кайнатып алат. Татымал, чай-чемеги бар. Эми бөтөлкөгө келгенде канчаны алабыз — деп, ич ара кеңешүүлөр пайда болот. Ошентип, бөтөлкө кошулат. Маркумдун үйүнө барып, соопчулукка алып келген ырыскы дасторконго коюлат. «Бөтөлкөнү ары коё тургула, куран окулсун». Ошол арак ичүүлөрдүн арасынан бирөө алына жараша куран огожолойт. «Эми куран окулду, арактыл алып чыга бергиле, куя берги-

ле» — деп, дасторкон үстү ашып-ташып төгүлүп, кадимки тойго келгендей абалга жетет. Мынданда алагүү чыгасың. «Бөтөлкөсүз кантип куран окутабыз» — дегенди уктук. «Бөтөлкөсүз мен куран окутууга барбайм» — дечүлөр да бар. «Бөтөлкө атайын ичүү үчүн эмес, көңүл үчүн!» — ушинтип, акыл айтуучулар бар. Эмнеси болсо да ислам дини, мусулманбыз дейбиз, бирок кыргыз турмушу ачуу-таттуу аралаш болуп баратат.

**Жаштарга кээде наалышат.** Бирөөнүн баласынын тушоо тоюна барып калдык. Колунун келишинче күтүнгөн үй ээси барпалактап, бар тамагын даярдап, берилип-төгүлүп жатты. Төрдөгү үчөөнүн сакал-муруттары тикендешет, сайгылашат. Калпактары үч бүктөлүп, колдору кычыланып, эми эле кыш куюп, ошондон бери баскан өңдүү үчөө тең арактын сазайын колуна берип жатты. Арак ичпей отурган бирөөгө аябай үстөмөндөп, какшыктап, айласын абдан кетирип, кемсинтип отурушту. «Бейишке эле сен жалгыз чык. Сага эле бердик!» — дешет. Сурамжыласак, бирөө орто мектепте директордукта кыйла жылдары иштептир. Беркиси айылдык кеңеште төрага болгонун, ошондо аракты чаначка куюп ичкенин, дооранды сүргөнүн, өзү кеп салып отурду. Беркиси мурунку мал доктур экен. Карылыкка бараткан немелер үч-төрт алгандан соң мурунку отуруштан айның баштаашты. Жаштарды каптап: Азыркы жаштарда адеп, ыйман жок. Улууларды урматташпайт. Биздин тушта алыстан ийилип, салам берүүчүбүз. Заман бузулду. Ушулар тарытып жатат. Эмкилер тепсеп кетүүчүдөй болуп турушат. «Уулдан уят, кыздан кылык кетти» — дешсе, ооба, туура айтышат — дегенсип айрымдар шылкыйып калышты. Үчөө улам ичкен сайын, кызып, табак алдыга келгенде оолжуп, сунган сорпону төгүп алышты. Экинчиси, «жейм» деп, оозун таппай, мурунуна эт такады. Үчүнчүсү, адаты ошондой дейт. Чакчандап сөгүнүп кирди. Ошондо чай куюп, арак сунуп отурган жигит чыдай албай кетип: «Мына, азыркы биздин карыларыбыз. Ушул кейпиңер менен силер кимдерден сый көрө аласыңар! Кейпиңерден адам эмес, ат үркөт. Улуу болуп, урмат көрүүчү түрүңөр ушулбу!» — деди.

Чиркин ай, азыркы карылар кээде обу жок наалышат. Өзүң өрнөктүү болбой туруп, кичүүнү ызаттай албайсың. Жашыңда калжаң, карыганда мылжың! Ушуну карыялар түшүнүүбүз зарыл.

**Суу жуткуруу.** Бул — маркумдун аза-кайгысын тең бөлүшүү. Өлүккө көз көрсөтүүдө коюнга бөтөлкө ката барып, дароо мындай чыгарып: «Кудайдын буйругу ушун-

дай. Арты кайрымдуу болсун. Арбагында силерди колдой жатсын!..» өндүү ийимдүү сөздөрдү айтып, арак ичирүү. Атүгүл көңүл жубатуунун айынан мас болуп, өлүктү коюу кеп-кеңеши бүтпөй, өлүк ээси топурак салууга шайы жетпей калган чактар болгон. Мында да сарандык менен марттык аралаш жүрөт: «Кара чечекейим каза таап жатса, суу жуткурбай койду», «Алар өлбөс болуптурбу?», «Бир шише арак анын жаңы бекен?!.» Ич ара өпкөлөп таарынуулар-араздашуулар, ортолору ачылып кетүүлөр болот. «Көңүл айттык, суу жуткурдук». Бул болсо «аны кошуп алып, арак ичтик. Ошондон улам кызып келип отурабыз. Ошолор кыйнап ичирип коюшту» сымал адаттагы түшүнүктү берет.

**Тең ичкенди теңирим сүйүптүр.** Адатта, бирдеме ичип, дене жайыла түшкөндө укмуштай кептер козголот эмеспи? Адам боорукер да, алымдуу да, жагымдуу да болуп чыга келет. Кийинчерээк «Тең жегенди теңирим сүйүптүр» — дегенди «Тең ичкенди теңирим сүйүптүр» — деп которо коюшту. Т. а. бозо, кымыз, жарма эмес, ал арак-шарапты ичүүгө барып такалат. Бул отурушта арак-шарапты тең ичүү, түбүнө калтырбай, шыпкап жутуу. Минтип ичкенден соң бирдей кызуу, мас болуу. Ар ким алына карата ичпей, ич ара зордошуу. Бул, албетте, 1-ден, ичип жүргөндөр менен ичпей жүргөндөрдүн ден соолуктарын эске албоочулук. 2-ден, биз ичип отурсак, бул эмне чыкыят, эмнеси болсо да муну да мас кылып коёлу дегендик. 3-дөн, ичүүчүлөрдүн эр көкүрөктүүлүгү билинип турат. Ал отуруштун көзүрү өндөнүп тескеп, ким ичип, ким ичпеди, ыстакан түбүн карап; сары эсепке салып турат. Арийне, бул сыйлообу, же кыйнообу? Кыргыз Ата уулдары мындай жосунсуз жоруктарды эстүүлүктө туюулары тийиш.

**Жолго токтойбуз.** Бул — ара жолдо шам-шум этүү. Негизги максат — ырахаттанып, дагы арак-шарап ичүү. Адатта, мансаптуулар, сөөлөттүүлөр, урматтуулар коноктон келе жатканда жолдо ичүүчү азыктарынын оозун ачуу. Мында басым ичкиликке жасалат. Ушундан улам: «Жолго салгыла», «Жолго токтошот» — деп турушат. Тескерисинче: «Жолго эчтеке салган жокпу?», «Жолдо эмне ичебиз?», «Айткыла, жолго бирдеме салсын?». «Жолдо токтобой кетебизби?» — өндүү күңк-мыңк этүүлөр да сөзсүз болот. А, мүмкүн, ошол жерге дейре узатып келүүчүлөр бар. Ал жол баштыгын ала келет. Өзү оозун ачат, өзү куят, өзү ойдогудай тейлейт. Андан аркы жолдо ичүүчү азыктар аларды алып жүрүүчүлөргө тапшырылат. Кош-пеш айтышуулар менен сапар улантылат. Түпкү максат — үйүнө

мас болуп түшүүсү. Мусулманчылыкта терс адатка айланган мындай көрүнүштөр бүгүн тамырын өтө кенен жайып баратат.

**Бөтөлкө достор.** Бул кийинки чыккан кээри кеткен салттардын катарына кошулат. Арактын шартында айрымдардын пикиринче мунун тилеги мыкты имиш. Кээде ич ара мамилелер ушул ичкилик, тамеки аркылуу ынтымакка келет өңдүү ишенимдердин бардыгы аны ичкенден соң баамдалат. Бул аркылуу жолдош-дос күтүлөт. Дуулдаган убактар болот. Бирин-бири асылкеч тутушат. Анын күүсү менен бөтөлкөлөштөр — бөтөлкө достор отко-сууга түшүүгө даярдай сезишет. Ал — ичкиликтин шарданы. Канчалык бириң үчүн бири күйүп-жанышса да, ичкилик арты өкүнүч келет. Өксүүлөр болот. Анын түбөлүгү түз эмес. Алар бөтөлкө барда гана дос-тамырдай, ал жокто кайдыгердей туюлат.

**Баса аяк.** Илгери жоро ичкенде, шерне жегенде, бозо же кымыз куюлуп, аны баса аяк дешчү. Бирок, эми мурункудай жоро ичүү, шерне жешүү, үлүш (кире) уюштуруу демилгелери басаңдап баратат. Айрымдары унутулду. Азыр тигил-бул мүмкүнчүлүктөргө карата коноктор чакыртылат. Аларга ардактуу дасторкон жайылат. Албетте, мында мерчемдүү орунду ичкиликтер ээлейт. Мейман жок дегенде ала буурул болуп калмайын арак-шарапка кыйноо — азыркы шарт. Ага эч ким бирдеме дебейт. Конок тосуунун алгылыктуу жигери — ушул. Ошондуктан ичипжеп, алдыдагы ыстакандын улам толуп турушу, бири-бирине көз салып, сылыктыкта камкордук кыла билиши, ойдогудай тейлениши — ошол отуруштун дымагы! Баса аяк — бата тилөөнүн алдыдагы топтолтура куюлган арак. Тамактан мурун тартып жибер — деп турабыз. Мунун түбүнөн бир тамчысын калтырбай шыпкоо — үй ээсинин сөөгүн агартуу. Ал — ичте эч бир кусаматынын жоктугун айгинелөө. Ушунда гана үй ээсинин маңдайынан шам жагылып, коногунун ичинин аппак болуп кетиши, баса албай, тили булдуруктап ой-тоону айтууга жетиши — коноктоо аракетинин өзүнүн бийиктигине чыгышы.

**Аттанаар аяк — эшиктен чыгараар аяк.** Бул — баса куйдуруп, ичээр аяктын уландысы. Бата тиленет. Колго суу куюлат. Эми коноктор орундарынан козголушат. Кетүүгө кам урушат. Так ошол учурда тишке тиштөөчү бирдемелери менен эшик алдында жөнөтүүчүлөр күтүп турушат. Арак сунушат. Мына ошол асем эшиктен чыгараар аяк деп аталат. Демек, мында кыйноо менен сыйлоолор аралаш жүрүп, тилеп келген айрымдар дароо тартып жиберет.

«Ичели, достор, ичели, өрттөнүп кетсин ичеги». Тартып жибер — бул дароо ичип жибер, бир тамчысын калтырбай шыпкап ташта — деген образдуу сөздү түшүндүрөт. Мындан кийин коноктор эшикке чыгышат. Машиналарын көздөй кадамдайт. Адаттагыдай, алар үмүткөр болуп... Жөнөтүүчүлөрдү имере карап... Шарт жөнөп кете албайт. Эми дагы арак сунулат. Кызуучулуктун аркасында бир топ буйдалышат. Өтө мастарын машинага көтөрүп салышат. Ичишет. Ичтеги сырлар козголоот. Муну «аттанаар аяк» деп коюшат. Айрым аймактарда «иттен чыгаруу» деп жүрүшөт.

**Майлап берүү.** Бул — ичкиликке байланышкан кийинки адаттардан. Майлоо — арак аралашкан тамак берүү. Араксыз тамак берүү майлоого жатпайт. Тамаксыз жалаң арак ичирүү эсепке кирет. Кийиминди майлоо, орунунду майлоо ж. б. жакындарынын да жакшылыктарын майлоо, чынында, шылтоого-шылтоо кылып, бирдеме ичүүгө шарттарды түзүү. Мунун жандырмагы — «жууп берүү». Мында да арак алып берүү жууп берүүгө эң сонун татыйт.

**Бирдеме дебейсиңби.** Бирдемеси — ичкилик. Арак-шарап алып берүүсү. Бул — кийинчерээк пайда болгон адат. Бекерчиликтен улам бири-биринен жайынча гана доолашып ичүүлөрү. Ичкиликти улай ичүү ошол бирдеме дебейсиңбиден уланып кетет. «Эми сен бирдеме дебейсиңби?». Албетте, андай жагдай касиеттүү кайран уюткулуу элде ичкиликке ооп баратышынан кабар берет.

**Бирдеме деп койчу.** Бул — арак ичүүнүн ачык жолу. Мында дасторкон үстүндө отургандарга сөз берилет. Ал сүйлөөгө тийиш. Сөз төркүнү ошол үй ээсине арналат. Ар ким билишинче алкай сүйлөйт. Анын сөзүн: «Жакшы сүйлөдү, мыкты сүйлөдү, ошон үчүн алып жиберели». Ушундай коштоолор аркылуу арак ичилет. Артынан шам-шум этилет. Муну маданияттуу айтканда «тост көтөртүү» деп да коёт. Чоң дасторконго кептен-кеп козголуп, ири жыйналыштарда жарыш сөздөргө чыккансып, узак сүйлөшөт. Мындайда арак ыстаканын кармаган колдор талыйт. Арийне, ичип, ичи ысып, чечепине тарткан адамдар айтып калгысы келет. «Бирдеме дечи?» — бул кыскача эле айта салчы, жутуп жиберели дегендик. Бул — кадимкидей тост көтөрүүдөн, маанысыз сөздөрдөн тажай түшүүсү.

**Баш жазуу.** *«Биринчи сооп көр казмай, экинчи сооп баш казмай» (жаңы макал).* Бул — мурунку күнү катуу ичип, кийинки күнү эртең менен иче турган арак насиби. Көбүрөөк ичкендер кийинки күнү көбүрөөк ичмейин башы жазылбашы. Баш жазуу — опурталдуу көрүнүш. Кайрадан демеп ичүү аркылуу мурунку күндөгү жорукка такалуу.

Улам «оңолом» «айыгам» деп, адамдар өздөрүн үзө чаап коюусу. Ошондуктан атактуу акын Байдылда:

*«Баш жазып күндө таң азан,*
*Махабат, десем, арашан.*
*Балакет экен жинди суу,*
*Бир жагын байкап карасам.*
*Басынып анын айынан,*
*Баягы болуп баратам».*

Мидинге жазган сатиралык «катында» мына ушундайча сүрөттөйт. «Жинди суу» — арактын өзү, Мидин, Райкандардын туюнтмалары болуп саналат.

Ичкиликке баш уруу мезгили — 30-жылдарга таандык. Ошондой эле атка минээрлер үчүн бул обу жок адатка айланган. Ислам динин сүрүп чыгарууга бул биринчи курч курал болгон. Атеизм өмүр сүрүшүнө өбөлгө түзгөн. Анда муну шыпкай ичүү, мас болуу эрөөн-төрөөн эмес, бардардыкты билдирген. Атактуу манасчы Сагымбай Орозбак уулу «Манас» айтаарда ич ара зыярат кылып, алла таалага сыйынып келмесин кабаттай айтып, анан «Манасын» баштаган. Ошондогу көпкөндөр ага кыйнап да, коркутуп да арак ичирип коюшат. «Мен адам болбой калдым» — деп, оозунан ак көбүк чыгып, кыйналып жатып жан берген — дешет жердештери. Атактуу акындардын китептеринде:

*«Ичели, достор ичели,*
*Тунук суудан бир жутум.*
*Так ушундай тунук болсун турмушуң».*

же:

*«Арак жакшы, арак жакшы,*
*Колдон келсе ич аракты.*
*Мейли түштө ич, мейли кечте ич,*
*Жасап коюп беш бармакты».*

Ушундай ыр түрмөктөр да чыккан. Мунун аягы эми минтип...

**Кур кантип барабыз.** Салтыбызда уяттуу жерлерге аттанарда куру кол баруу олдоксондой көрүнүүчү. Ал катыш-алышка байланышат. Анда мал, акча, кездеме ортодо нарк катары жүрүүчү. Бүгүн «куру кантип барабыз» — деген арак-шарапка оодарылып калды. Т. а. бирөөнү көрүүдө, абалын суроодо, анын бирдемелерине катышууда, аласа-берсселерди бүтүрүүдө ж. б. у. с. мурун барбаган жерлерге «атка жеңил, тайга чак» бөтөлкөсүз жылуу жок.

Бөтөлкө менен мамиле түзөбүз. Сөз төркүнүн ушул аркылуу чыгарабыз, барыш максатына жетүүнү чечебиз. Кур барбай, бирдеме кармай баруунун чоо-жайы мына ушундай!

**Эми ичпегенде качан ичесиң.** Сөз төркүнү белгилүүдүр, төтөн, кудага барганда, уулунун тушоо, сүннөт тоюнда, уул-кызынын үйлөнүү тоюнда, туулган күнүндө арак ичпей коюшу — дасторкон үстүндө өтө өөн учурашы, томсоруп отурушу. Минтиш — беркн жоро-жолдошторгоо таң калыштуулугу. Анткени, башкалар мындай шартта кубанычтары кучак эңиштеп, тартынбай ичип-жеп, жыргап-куунашканда, демек, бул жосун аларга өтө олдоксон катары туюлат.

**Кыйнап коюшту.** Мунун эки жагдайы бар: 1-ден, асылкечтердин мындай жайыл дасторкондо жадырап-жайнап, анан ичпей тоңдоосун тартып томсоруп отурушу, албетте, жакшы жорук эмес. 2-ден, мансаптуулар ичип отурганда алар чыргоолонот. Молдону да, мөгдөгөн карыяларды да ичирет. «Ким болуп калыпсың, сөзсүз ичесиң» — дешет. Ушинтип, кыйнай баштаганда ал ичүүгө мажбур. Ичет, дагы ичет, андан ары элпек тартат да, японддор айткандай: 1-ыстаканды адам ичет, 2-ыстаканды ыстыкан ичет, 3-ыстакан адамды ичет. Ошентип уланып кете берет. «Кыйнап коюшту» — деп, эртеси баштарын мыкчып калат. Айрымдар оорулуу. Аракты көтөрө алышпайт. Тарта, сактана отурат. Бирок, кыйноолордон улам ичет. Ичип, ал жакпаган немеси кайра оорутуп, оорусун козгойт. Мындан «Болбой жатышып, ичирип коюшуп» — деген түшүнүк калат.

Отуруштун тамадасы, кыргызча айтканда, дасторконду алып баруучусу бар дейбиз. Баарын сезип, мындан тап жылдырбайт. Демек, ар биринин тосту алынсын — дейт. Бирөөнүкүн ичип, бирөөнүкүн ичпей койсо, чоң таарыныч ошондо чыгат. Анын да көңүлү гүл — дейбиз, пейили аппак дейбиз. Узун кептин кыскасы, мас болгуча ичип коюш мына ушундан да көрөбүз.

**Бир жолкусун эле көтөрүп койчу...** Минтип стаканды алып келип жалооруп-жалбарып отуруунун да чоң мааниси бар. Абалы эптеп-септеп бирди ичирип жиберишет. Анын жумшактыгы буга чейинки учурларда эле билинген. Сатирик акын Мидин айткандай, андан аркысын арак өзү эле алып жүрүп кетет. Ичкилик ичүүгө тилетет. Тилегенден кийин, «куйбайсыңбы?» деп тормозу токтобой өзү эле сурanып калат.

**Бирди-жарымдап отуруп эле...** Жалпы дасторкондо отургандардын арасында аео сезими барлар да кездешет. «Ага теңелбейли, бирок, таптакыр ичпей койбосун, уят,

кез-кез алып отурсун» — сымал жеңилдиктер берилет дечи, бирок отуз адамдын тостунун жарымын эле аткарса да, ошентип бирди-жарымдап жатып эле бир топту ичип коёт. Буга мени аяп отурушту» деген сөз кошулат. Адегенде тай кызыйт, бара-бара сары таман ат кызыйт. Акыры «Кимди-ким көрдү, Быржыбайды там басты» болуп, канча ичкенин өзү да баамдабай калат.

**Ичкеним создугуп кетти.** Кыргызда той көп, аш көп, маарекелер, туулган күндөр андан көп. Мунун баарында дасторкон үстүндө бардык тамак бир тең, арак-шарап бир тең орун алат. Демек, минтип дасторкондо ардактуу, сыйлуу даам катары орун алгандан соң арак адамдын ичтейине өтүмдүү келет. Күн өтпөй мындай сыйлоолор боло бергендиктен улам, демеп ичип, адам өзүн «үзө чаап» коёт. Ашказан, организм көтөрө албайт. Шишип калат. Тамакка табити тартпайт. Ушундай кыйналуудан соң мындан ары оозуна албоого карганат. Арадан аз убакыт өтөт. Кыйнап коюшуулар кайрадан болот. Болбой жатып, ичирип коюшат. «Баягы, эми ичпегенде качан ичесиң?» сымал каадалар кайрадан башталат да, Кыргыз Ата тукуму арактын кулу, замандын шору болуп кала берүүдө.

**Көңүлүн кыйбай отуруп...**— Мунун эки түрү бар. Атайын чакырган дасторкон ээсин көңүл шерик катары аброюн сыйлоо. Катардан калбоо үчүн, илең-салаң ичип отуруусу. Ошентип жатып, арбытып алуусу. 2-ден, бир дасторкондо отуз адам отурса, албетте, баарына бирден тост берет. Сүйлөп тост көтөртүү парз. Тост бербей коюш — чоң таарыныч, ушундан улам кусаматчылык, ичип отургандардын арасында «бирөөнү аса көрдү, бирөөнү баса көрүүчүлүк» болот.

**Теңин ичем деп отуруп...** Бул — куюлган арактын жарым-жартылай ичип отуруусу. Ага отуруштагылар баары макул болушат. Толук ичеби-ичпейби, ал адамдын өзүнүн эрки... Оо, о, бир топторду теңинен ичип, өзүн-өзү сактап отурат. Чынында, ошол да оңой эмес. Ошентип отуруп, ал шыпкай ичип жатканын өзү да туйбай калат. Себеп дегенде, ичкилик шартында адам күтүүсүз жоруктарга малынат. Эртеси башын мыкчып: «Теңинен ичем деп эле сактанып отурдум эле. Ушундай болуп калбадыбы, иттики!» — деп өкүнгөндөр да өтө көп болуп отурбайбы!

**Мелдешип ичүү...** Алмуздактан бери кыргыздарда мелдешип, эт жешчү дешет. Ичтейи келип тургандарга бирөөлөр андан коюн, тайын аяшпай союп берип, эт жедирчү экен. Ушундай көрүнүштөр кымыз, бозо ичүүдө да болуптур. Мелдешип атайын арак ичүү, арийне, кыргыздарда

азыр бар. Эл арак ичүүгө ооп, аны өнөргө айланта баштаган. Арактый ойдогудай берүү шарты, төтөн, кудада болот. Конок тосуучулар, адатта, басымды аракка таштшат. Мурун конокторго жапырт арак куюу каадасы чыккан-чакта кудага аракты аябай ичүүчүлөр тандалган. Кийин арак ичүүчүлөрдүн саны артылды. «Кудада ичпегенде качан ичебиз» — деп, шымаланып туруучулардан улам, берүүчүлөр-ичүүчүлөр даяр. «Кудага барганда үчөөбүз бир жашикти мелдешип отуруп ичип койдук». «Куда-кудагыйлар менен атаандаша ичип отуруп, козулуу кой уттум». «Кудадан кийин, эс-учумду билбей, үч күн уктаптырмын» — дегенди көзүбүз көрдү, өзүбүздүн эки кулагыбыз тең укту. Бир бөтөлкөнү экиге бөлүп, шак тартып жибергенди билебиз. Бөтөлкөнүн оозунан бир эле жуткандарды да көрүп, билип отурабыз. «Мелдеште бир жашик арак, кой уттум, тай уттум».— Албетте, бул мактануу кыргыздарда таң калып угуучу, таңыркап кароочу, шыпшынуучу, бетти чоюучу көрүнүш эмес. Бул жагдай кыргыздардын жети атасынын арына, намысына доо кетирүүчү адат болбодубу!

## А. АКМАТАЛИЕВДИН ЖАРЫККА ЧЫККАН КИТЕПТЕРИ:

1. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. — Ф.: Кыргызстан, 1975.
2. Элдик оймочулук (Методикалык көрсөткүч). — Ф.: Кыргызстан, 1980.
3. Жасалга өнөр чеберлери (Элдик өнөр жөнүндө очерк). — Ф.: Кыргызстан, 1982.
4. Боз үй. — Ф.: Кыргызстан, 1982.
5. Көркөм кол өнөрчүлүк (Окуу куралы). — Ф.: Мектеп, 1984.
6. Жыгаччылык. — Ф.: Кыргызстан, 1985.
7. Кыргыздын улуттук кийимдери. — Ф.: Кыргызстан, 1988.
8. Саймачылык, элдик кийим-кечелер (Окуу куралы). — Ф., 1990.
9. Ат жабдыктар жана тери буюмдар (Окуу куралы). — Ф., 1990.
10. Өрмөкчүлүк жана токуучулук (Окуу куралы). — Ф., 1990.
11. Жыгаччылык жана элдик аваздык аспаптар (Окуу куралы). — Ф., 1992.
12. Кийизчилик, чий чырмакчылык, түймөчүлүк, эшмечилик, куракчылык (Окуу куралы). — Ф., 1990.
13. Зергерчилик, темирчилик, мүйүзчүлүк (Окуу куралы). — Ф., 1990.
14. Кыргыздын колдонмо-жасалга өнөрү. — Ф., Адабият, 1989.
15. Усталар жана уздар. — Ф., Адабият, 1990.
16. Баба салты, эне адеби. — Б., Баласагын, 1993.
17. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү (Колдонмо). — Б., Кыргызстан, 1996.
18. Кыргыздын уз-усталары (Антология). — Б.: КСЭнин башкы редакциясы, 1997.
19. Кыргыз мүнүшкөрлүгү. — Б., 1999.
20. Кыргыздын нукура тамак-аштары. — Б., 2000.

Мукабанын 1-бетинде **Акматалиева Сүйүмкан Амантур кызы.**
Мукабанын 4-бетинде **Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу.**

## МАЗМУНУ


Автордон . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Аман тур, кыргыз дөөлөтү . . . . . . . . . . . . 4
Кыргыздын гууган-уругу, жерге-жээги . . . . . . . 12
Балага байланыштуу каада-салт, жөрөлгөлөр . . . . . 26
Ата-эне менен баланын ич ара мамилеси . . . . . . 43
Айыл тарбиясы . . . . . . . . . . . . . . 51
Конокту урматтоо . . . . . . . . . . . . . 62
Көчмөндүү турмуштан кабар . . . . . . . . . . 82
Үйлөнүү үлпөтү . . . . . . . . . . . . . . 98
Куда-сөөк күтүү салты . . . . . . . . . . . 118
Күндөлүк каада-салттар . . . . . . . . . . . 146
Кыргыздын касиеттери . . . . . . . . . . . 155
Кыргыздардын сын-сыпаттоолору . . . . . . . . . 179
Кийим-кечек кийүү салты . . . . . . . . . . 241
Кыргыздын ырым-жырымдары . . . . . . . . . . 256
Адам мүнөздөрү . . . . . . . . . . . . . 279
Маркумдун зыйнаты . . . . . . . . . . . . 301
Адамдагы айрым жагымсыз сапаттар . . . . . . . 323
Турмуштук терс көнүмүш адаттар . . . . . . . . 333



**Окуу басылмасы**

**АКМАТАЛИЕВ АМАНТУР СЕЙТААЛЫ уулу**

**Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү**

Редактору *Сабыр Иптар уулу*
Сүрөт редактору *Мидинова З.*
Тех. редактору *Курбанбаева М.*
Корректору *Айткулова С. К.*

Терүүгө 23. 06. 2000 ж. берилди. Басууга 23. 07. 2000 ж. кол коюлду. Форматы $84\times108^{1}/_{32}$, физ. басма табак 21,75, шарттуу басма табак 18,27. Заказ № 13. Нускасы 600. Келишим баада.

«Кыргызполиграфкомбинат» акционердик коому.
«Шам» басмасы
720005 Бишкек, Суванбердиев атындагы көчө, 102.